КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» среиясы*

24-том

# ЗУУРА СООРОНБАЕВА

Академик А.А.АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр: *Элмира Сардарбекова*
*Айгүл Мусаева*

БИШКЕК
«КУТ-БЕР»– 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 63

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А. | Мусаев С.Ж.
Байгазиев С.О. | Садыков Т.
Жайнакова А.Ж. | Токтоналиев К.Т.
Маразыков Т. | Эркебаев А.Э.

С 63 «Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 24-том. **Зуура Сооронбаева** / Түз. Э.Сардарбекова, А.Мусаева. – Б.: «Кут-Бер», 2017. – 640 б.

ISBN 978-9967-12-672-5

Бул китепке Зуура Сооронбаеванын тандалган чыгармалары кирди.
Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**С 4702300100-17** **УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-672-5

© КР УИА, 2017
© «Кут-Бер», 2017

## ЗУУРА СООРОНБАЕВА
*(1924—2012)*

Кыргыздын аялдарынан чыккан жазуучулардын алгачкы муунунун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири прозаик, акын, драматург Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Зуура Сооронбаева 1924-жылы Ысык-Көл областына караштуу Ак-Суу районунун Жолколот айылында туулган. Ал 1940-жылы мектепти аяктаган соң облусттук «Ысык-Көл правдасы» гезитинде секретарь-машинист болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Бул гезит жөнүндө жазуучу «бул гезит – менин университетим» деп көп айткан экен. Себеби, 1943–1979-жылдары «Ысык-Көл правдасы» гезитинде котормочу, кабарчы болуп иштеп жүргөн мезгилинде алгачкы ыры 1947-жылы «Корей кызына» деген ат менен ушул облустук гезитке жарыялоо менен чыгармачылык жолун баштаган. Мындан сырткары «Эки жаш», «Кечээки жоокер» аттуу ырлары да ушул гезит аркылуу коомчулукка тарап, андан жылуу пикирлер жаралган соң гана республикалык гезит-журналдарга, альманахтарга жарыяланат.

Зуура Сооронбаева 1953-жылы СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү болуп, бир жылдан соң, 1954-жылы СССР Жазуучулар Союзунун мүчөсү болот. Чыгармачылыктагы эмгеги бааланып 1992-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек синирген ишмери» жана 1995-жылы «Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу» деген наамдар берилген.

Жазуучунун алгачкы акын катары тааныткан ырлар жыйнагы «Менин айылым» деген аталышта 1960-жылы жарык көргөн. Кийин «Достук» (1966) аттуу экинчи китебин чыгарат. Бул жыйнактарда ар кыл темадагы ырлар жана «Достук», «Асыранды уул» поэмалары орун алган. Бирок, автор ошол кездеги актуалдуу деп эсептелген социалисттик мелдеш, партия, комсомол темаларынын тегерегинен алыстай албагандыгы байкалат. З.Сооронбаеванын өзүнүн эскерүүлөрүнө алгачкы кара сөз түрүндөгү чыгармаларын көтөрүп алып Түгөлбай Сыдыкбековго барган мезгилде жазуучу мындай дейт: «Кызым, сен прозаны эмне кыласың, андан көрө ырларың жазып жүрө бер, себеби аял кишиге проза жазуу оор болот» деп айткан дейт. Демек, жазуучу поэзияга айрым бир чыгармачыл адамдар катары, калемин гана сынап көрүү үчүн кайрылгандыгы болбосо, бул жагынан караганда, ал чыгармачылыгынын башталышында эле прозалык чыгармачылыкка көбүрөөк кызыккандай. Ал жан дүйнөсүндө проза жазууга далалат кылгандыгын байкайбыз.

70-жылдары жазуучунун прозалык чыгармалары китепкөйлөр тарабынан кызуу кабыл алынды. З.Сооронбаева өзүнүн чыгармачылык изденүүсүнүн жемиши экенин күбөлөгөн «Жетимдер» (1970), «Астра гүлү» (1974, 1984), «Андрей» (1974), «Ак чач аял» (1976) повесттерин жарата алды. Андан соң «Тоолор билет» (1985), балдарга арналган «Эс алчы, апа» (1986) жыйнагы, «Ленинграддан келген кат» (1989) аңгемелери, «Эркек колукту» (1987), «Сынган мазар» (1989) пьесалары, «Чоочун киши» (1-китеби, 1988), «Чоочун киши» (2-китеби, 2002), «Арман» (2002) романдары жарык көрдү.

Жазуучуга атак алып келген чыгармаларынын бири «Астра гүлү» повести кийинчэрээк орус тилине «Осенние цветы» (1979) деген аталышта бир катар аңгемелери менен бирге которулуп чыгат. Бул жыйнагы бүгүнкү күндө да Россиянын мамлекеттик китепканасында сакталган-

дыгын айрым интернет булактарынан күбө болдук.

Жазуучунун «Жетимдер» повестинде кыргыз жазуучулары мурда кайрылып келген совет өкмөтүн орнотуу, аларга болгон басмачылардын күрөшү жана ошол тап душмандардын колунан каза болгон Чоконун жетим калган балдарынын тагдыры чагылдырылат. Чыгармада чиеленишкен окуялар биринен сала бири кубалашкандай өтө тез бирок кызыктуу сүрөттөлөт.

Зуура Сооронбаева деген атты уккан адам бул ысым менен бирге сүйүүнү даңазалаган жазуучу катары кабыл алат. Буга бир себеп жазуучунун Шарип аттуу сүйгөн адамына жетпей калуусу жана өмүр бою ошол сүйүүсүн күтүү менен өткөндүгүндө. Андыктан жан дүйнөсүндөгү кусалык, сүйүүнүн бийиктиги, күтүү азабы автордун «Ак чач аял», «Жапайы розалар», повесттери жана атактуу «Чоочун киши», «Арман» аттуу романдарынын сүйүү темасынын үлгүсү болууга шарт түздү десек жаңылышпайбыз. Жазуучунун «Чоочун киши» романынын окурмандардын өтүнүчү менен улантылып, эки китеп болуп чыгуусу, бул анын чыгармаларынын ошол мезгилдин, доордун мыкты прозаларынын катарында болгондугун айгинелейт.

Мындан сырткары Зуура Сооронбаеванын калеминен жаралган «Сынган мазар» пьесасы учурунда коомчулук тарабынан жакшы кабыл алынып, бул пьесасы жазуучуну таланттуу драматург катары да тааныткан. «Сынган мазар» пьесасы казак тилине да которулуп Абай атындагы Жамбыл театрынын чоң залында «Илдет» деген аталышта бир нече ирет коюлган, ошондой эле москвалык көрүүчүлөр тарабынан да сүймөнчүлүккө ээ болуп Москва маданий борборунун жетекчиси С. Жумагулованын атайын чакыруусу жана демилгеси менен «Красная Пресня» маданий борборунун сарайында синхрондук котормо менен аталган пьесасы коюлат.

Колуңуздардагы «Окурмандардын китеп текчеси» сериясындагы бир китепке З.Сооронбаеванын чыгармала-

рынын баарын сыйдыруу мүмкүн эмес. Андыктан окурмандар тарабынан сүймөнчүлүккө ээ болгон жазуучунун «Астра гүлү», «Ак чач аял», «Жетимдер», «Жапайы розалар» повесттери жана «Сатина» – аңгемеси гана киргизилди. Бул жыйнакка жазуучунун «Ак чач аял» повести киргизилип, биз үчүн чоң табылга болду десек болот. Себеби З.Сооронбаеванын аталган повести жазуучуга проза жанрында чоң аброй алып келген. Буга карабастан жазуучунун буга чейинки жарык көргөн 7 томдук чыгармалар топтомуна бул повести кирбей калган. Себеби бул чыгарма улуу муундун айрымдарынын колунда гана болбосо, китепканаларда жокко эсе экендигин байкадык.

«Ак чач аял» повестинин сюжетинде жазуучунун тагдыры менен окшош жактары бар. Чыгармадагы каарман согушка кеткен жолдошунун өлүү-тирүүсүн билбей өмүр бою күтүп, башка турмуш курбай өтөт да кийин кокусунан экөө жолугуп калат. Ал эми гезит-журналдагы айрым маалыматтарга жана жазуучунун өзүнүн эскерүүлөрүнө караганда З.Сооронбаева экинчи турмуш курган менен алгачкы сүйүүсүн күтүп, акыры аны өзү издеп таап, тун сүйүүсү кара чачын бубак баскан, каарыган абышка болгон кезде жолуккан экен.

Биз жогоруда белгилеп кеткендей көптөгөн татыктуу сыйлыктардын ээси З.Сооронбаева өмүрүнүн акыркы жылдарында К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл университетинин ардактуу профессору катары эмгектенет. Жазуучунун 75 жылдык маарекесинин урматына өзү туулуп өскөн айылдын мектебине жана көчөлөрүнүн бирине ысымы берилген.

ССРдин Жогорку Советинин ардак грамотасынын жана башка көптөгөн сыйлыктардын ээси, кыргыз аялдарынын чыккан тунгуч прозаик жана көрүнүктүү жазуучусу, чыгармалары кыргыз адабиятынын Алтын Фондунда татыктуу орунга ээ болгон З.Сооронбаева 2012-жылдын 14-апрелинде, 88 жашында дүйнөдөн кайткан.

## САТИНА

*(Аңгеме)*

– Биз үйлөнүүчү күн улам жакындаган сайын жүрөгүм алып учуп, өзүмчө эле бир кызыктай болуп жүрөм. – Сатинанын үнү телефондон дирилдейт.

– А менчи?! Тим эле сааттын жебеси бир жерге токтоп калгансып убакыт өтпөйт. Сагындым! Телефондон өөп коёюнбу?... Уктуңбу?

– Уктум. – Кыз акырын кыткылыктады. – Даныке, сен бирдемени билесиңби, – деди өзүн токтоо кармаган Сатина күлкүсүн басып. – Ата-энелерибиз бул жөнүндө эч нерсе уга элек. Алардын алдынан өтүп койбосок болбойт го?! Сен кандай дейсиң, ыя?

– Өтпөсөк эмне болот? Айтпай алып барсам кууп чыгышмак беле?

– Кууп чыкпайт дечи. Бирок...

– Ага кабатыр болбой эле кой, барганда сүйлөшөбүз.

– Кечикпей келгин, ээ?

– Сөзсүз. Ай, Сатинаш!... – Ал дагы бирдеме айтайын деди эле байланышты үзүп кетти.

Сатина менен Даныке телефондон сүйлөшкөндөн бери бир жума өттү. Кыз жакында өтүүчү бүтүрүү кечени, алыстан келүүчү Даныкени, анан дагы үйлөнүү тоюн ойлогон сайын кыялга толкуйт. Сатина азыр да алаканы менен жаагын таянып, Даныкени эстеп олтурган.

– Сени тышта бир аял чакырып жатат. – Студент кыз эшикти ачып, кайра жапты.

...Сатина тышка чыгып, жатаканадан обочороок жерде турган аялды көрүп апкаарыды. «Даныкенин энеси», – деп ойлоду ичинен. Кыз бул аялды жакшы билүүчү. Анткени болочок күйөөсү өз энесин сыртынан тааныштырган эле. Беттери албырып, тула бою чыңалып, сүрдөгөндөн буттары түз жерден чалыштайт.

– Саламатсызбы, апа?!

– Шүгүр, кагылайын. Алиги Сатина деген кыз сен эмессиңби?

– Ооба, менмин, апа...

Кыз аялды бир чолуй карап, көзүн тартып кетти. «Эмне жумуштап келди экен?» – деп ойлоду. Даныкеден тынчсызданып турду.

–Тынччылыкпы, апа?

Аялдын кабагы кызга салкын учурады. Экөө ээрчише басып, обочо жерде турган скамейкалардын бирине келип олтурушту. Данықедей уулду төрөп өстүргөн мээрбан аял менен эне-балача сүйлөшүү кыз үчүн кол жеткис бакыттай сезилди. Бирок кыз жүрөгүн тынчсыздандырган эненин салыңкы кабагы болду. Бир демге унчугушпай тымтырс олтурушту. Аял манчаларын кармалап, тынчы кетип олтурган кызга бурула карап минтип сурады:

– Сени менин уулум менен сүйлөшүп жүрөт деп угам. Ошонун чын-төгүнүн билгени келдим эле. Таанып жатасыңбы, Даныкенин энесимин.

Кыз көңүлүндө чындыкты айтууну ойлоду. Анткени жакында Даныке экөөнүн үйлөнүү тою болгону жатпайбы. А балким, мени менен атайын сүйлөшкөнү, кеңешкени келгендир. Ушинтип ойлогон Сатина аялды алдыртан жымыя бир карап алып чечкиндүү, шар жооп берди.

– Даныке менен сүйлөшүп жүргөнүмдү башкадан жашырбаган, сизден жашырат белем. Укканыңыз туура. Чын айтып жатасыз.

– Сага, ал аялы бар экенин айтты беле?

– Эмне?! – Кыз ордунан учуп туруп, аялды алая карады. – Эмне дедиңиз? Кайта айтыңызчы? Мен жакшы укпай калдым.

Аялдын үнү кекээрлүү чыкты:

– Даныкенин колуктусу бар деп жатам сага.

– Жалган. – Кыйкырып жиберди. – Калп айтып жатасыз. Ишенбейм. Даныке башкага калп айтып алдаса да, мага жалган айтпайт. Биз бири-бирибизди үч жылдан бери билишебиз.

– Э кагылайын, ага ишенип, аны туул өстүргөн ак чач энесине ишенбейсиңби? Катын кетирип, катын алат деген оюнчук эмес, кызым. Сен жөнүндө угуп жаштыктыр, мастыктыр деп жүргөмүн. Акыры бир күн эсине келер деп ойлогомун. Азыр да кеч эмес, кызым.

– Жок, жок, жок ишенбейм. Такыр ишенбейм. – Кыз башын мыкчый кармап туна түштү. «Эмне болуп турам? Өңүмбү чын эле. Ой кудай ай, түшүм болуп ойгонуп кетсемчи» кыз ушинтип ойлоду. өңү самандай саргайып, көздөрү канталап оттой жанат.

Аял колунда кармап олтурган сумкасынын оозун ачып, андан бир сүрөттү алып чыгып Сатинага сунду.

– Бул эмне? – Кыз үрпөйө карады.

– Сүрөт. Мага ишенбей жатпайсыңбы. Даныкенин келинчеги менен балдарын көрсөтөйүн деп ала келдим.

Кыз кагазды алсамбы, албасамбы деп томсоро тиктеп туруп бир оокумда колун жансыз сунду. Сатина колуна сүрөт эмес эле, жылан кармап алгансып ичиркенип кетти. Көргөн көзүнө ишенбей кош кирпиги ирмелбей калды. Сүрөттө Даныкенин энеси менен бир жаш аял катар олтурат. Экөөнүн кучагында бири үч, бири бир жашар чамасындагы эки бала. Даныке болсо алардын артында дагы бир баланы көтөрүп тикесинен турат.

Сатинанын карегi жигиттин кийип турган костюмуна кадалды. Аны Даныке отпускага келгенде Сатина экөө

чогуу барып ательеге заказ беришкен. Өлчөгөндө да, алганда да чогуу барышкан. Кыздын төбөсүнөн ылдый бирөө муздак суу куюп жибергендей, дене бою калтырап, кулагы чуулдап, ага дүнүйө бүтүп, дүнүйө кыйрап, таш талкан чыгып бараткандай сезилди.

– Мен өңдөнгөн энең бардыр, балам. Ушул жаман үч чүрпөлөрүм үчүн Даныкени катын-баласына кайтарып бер, кызым. Батамды берейин, багың ачылсын. Даныкедей ышкындай болгон жигиттер толуп жатпайбы. Багыңа буюрган бирөө тургандыр... Төркүнүң көлдүн башында, барган жериң түштүктүн түбүндөгү катын-балалуу неме болсо, ата-энең деле ылайык көрбөс. Алайкуу дегенди арзан жер деп ойлобо, кызым.

Сатина кайраттуу, эстүү кыз болучу. Өзүн өзү кармап, чыйралайын деди. Өзүн өзү сооротуп, өзүнө өзү кайраттанууга аракет кылып жатты. Алдында мөгөдөй салбырап, чындыктын бетин ачып, неберелеринин бактысын сурап, улуу башын кичик кылып алдына келип олтурган энеге эмне деп айтмак? Аны эмне деп күнөөлөмөк? Ушунча жылдан бери Даныкенин үй-бүлөсү жөнүндө сыр алдырбай жүргөнүнө ичи өрттөнүп, намысынан жарыла албай араң турду.

– Азыркы убакта жердин алыс-жакыны жок деңизчи. Чынымды айтсам Даныкенин үй-бүлөсү барына дагы эле ишене албай турам, апа. Бирок ак чачыңыз, сакалдуу башыңыз менен сизди калп айтып, өз баласын өзү айыпка жыгат деп кантип... Анын акмактыгын эртерээк билген болсом... – Кыздын жашы мөлт дей түштү...

* * *

...Даныке самолёттон түшкөндө шаар аңгырап, кунары качып, көрксүз болуп көрүндү. Сатина Даныкени узатканда кол жоолугун булгалап, самолёт жерден көтөрүлүп, өз сапарын түштүктү көздөй багыт алып, көз-

дөн кайым болгончо маралдай маңкайып, ошол жерде калуучу. Кайрылып келгенде да ушул жерден тосуучу. Анын колундагы ар түрдүү кооз гүлдөрдөн жасалган гүлдестени Данык е алыстан көрүүчү. Уурттары жыйрылып, жылмая берүүчү. Көздөрүнөн учкан кубанычтын учкундары Даныкени жүрөккө атып, көөдөнүн кере энтиктирчү. Жигит бүгүн демейдегиден башкача эки жагын элеңдеп, түнөрө карайт. Кимдир бирөөнү издегенсип басыгы солгун. Ичи уйгу-туйгу. Кабагы бүркөө. Ой көөдөнүн эзет. «Эмне үчүн ал башка күйөөгө чыгып кетти?! Жок, жок, ишенбейм. Кантип эле эчтекеден эчтеке жок эле ошондой болсун. Ал тирүү туруп мындай ишке барбайт эле. Кырсык болуп бирөөлөрдүн торуна түшүп эле калбаса. Жок, андай да болбойт. Сатина мындай зордук-зомбулукка баш ийип олтуруп берүүчү кыздардан эмес да. А балким, теңтуштардын мени кантээр экен деп жасаган калжыңыдыр. Канымдын басымын сынагысы келгендир!» Жигит өзүн өзү сооротот.

Аэропорттон таксиге олтурган. Үйүнүн алдына жеткенде чөнтөгүнөн карабай да, санабай да сууруп чыккан он сомдук кызыл кагазды шоферго берип, чемоданын алып кылчайбай басып кетти. Машинанын ээси, «майдасын ал» деп, Даныкени токтотуу үчүн сигнал берди. Бирок жигит кылчайбай короого кирген бойдон көрүнбөй калды. Ачуусу келген шофер машинадан түшүп, Даныкенин артынан басып, кайсы подъезд, кайсы номерге кирип кеткенин билбей делдейе түштү. Даныке экинчи кабатка көтөрүлүп, өз үйүнүн коңгуроосун басты. Эшик шарт ачылып, энеси менен оро-пара. кездешти. Болдукан менен ооз учунан салкын учурашкан Даныке ичкери кирип кетти. Алда немеден шектенген аял, уулуна даап сөз айталбаган калыбында туруп калды. Эч ким менен чечилип сүйлөшпөгөн жигит, кийим которуп кийди да көчөгө шашылып чыгып кетти. Эненин оюу чалды-куйду түшүп, алапайын таппаган бойдон эрдин кесе тиштеп

көчө жаккы айнекке барып Даныкени акмалай карап турду. А Даныке болсо түз эле Сатина жөнүндө кабарлап «Күйөөгө чыгып кетти» деп телеграмма берген жолдошунукуна барып кирди. Үй ээси жалгыз болучу. Ал курбусунун түрпөтүнөн жүрөгү шуу дей түштү. Эмне деп айтаарын билбей калды. Чала-була учурашкандан кийин уккан-көргөнүн айтып, кичине алаксытайын деди эле Даныке жигитти жеп жиберүүчүдөй, күнөөнү ошол өзү жалгыз жасагандан бетер алая карап, ыктытты:

– Сатинанын эрге тийип кетишин эмне менен далилдейсиң? Жашырбай чыныңды айт. – Даныкенин көзү көз эмес эле тигил жигитке кыпкызыл от болуп көрүндү. Жүрөгүн удургутту.

– Сатина кат жазып мен жокто келип, сага берип кой деп таштап кетиптир.

– Кана каты?

– Азыр. Кичине олтурчу көчүк басып.

– Туруп эле турам. Маган Сатинанын катын берчи.

Даныке кыздын өз колу менен жазып, өз колу менен аманат калтырып кеткен конвертти алды. Чапталуу катты кыжырлана, шашыла тытып, ичиндеги баракты сууруп чыкты: «*Даныке, мен экзаменди толук берип бүттүм. Бирок кечеге да, сенин келишиңе да күтпөдүм. Анткени сени менен экинчи көрүшүүнү каалабадым. Жолдош-жоронун ичине да батпай калдым. «Уят – өлүмдөн катуу» дегендей, сен уялбасаң да, элден мен уялып, көчөгө да, жатаканага да, институтка да сыйбадым. Ак чачы менен неберелеринин бактысын, келининин сүйүүсүн кайтарып берүүмдү сурап апаң мага өзү келиптир. Мен ал кишинин сөзүнө ишенбей коюуга, өтүнүчүн орундатпай сени күтүүгө кубатым жетпеди. Сен эмне үчүн аялың, балдарыңды менден жашырып келдиң? Сен ушундай жигит белең ыя, Даныке. Бири-бирибиздин ишенимибизге татыктуу болушабыз го дечү элем. Бирок, сенин ойлогон оюң мен ойлогондой эмес турбайбы. Котур ташың*

*койнуңда экен. «Жылкы аласы сыртында, адам аласы ичинде» деген ушул да. Бая күнү телефондон сүйлөшкөндө ата-эненин алдынан өтөлү, айталы деген сөзүмө көнбөгөнүңдүн себебин эми түшүнүп олтурам. Кантип гана менин, үй-бүлөңдүн убал-сообунан коркпой, уялбай ак сүйүүңдү жалгыз мага арнап, жаныңды жаныма, жүрөгүңдү жүрөгүмө чаап жүрдүң экенсиң?!! Сага корогон кайран ишеничим, кайран желге учкан махабатым. Сени сүйгөнчөлүк эч кимди сүйбөстүрмүн дечү элем. Билбейм мындан аркы жашоо-турмушумдун кандай болорун. Сүйбөсөм да намыс-күчүмдөн, башка, сен таанибаган бирөөгө турмушка чыгып кетүүгө аргасыз болдум. Үй-бүлө деген үй-бүлө да. Балдарың бар турбайбы. Аялын менен бактылуу жаша. Кош, акыркы саламым менен Сатина».*

...Катты колуна мыжый кармаган Даныке көчөгө жүгүрүп чыкты. Үйүнө учуп жеттиби же басып жеттиби, өзү да билген жок. Энесин ашканадан тапты. Эмне кыларын билбей, ийнинен дем алып, каны ичине тартылып тишин кычыратып турду.

– Кана, эне, айтчы, Сатинага эмне дедиң? – Энесин колдон алды. – Кайсы ак никелүү аялымдын, тирүүлөй жетим калып жаткан отуз уул, кырк кызымдын бактысын кайтарып берүүнү сурадың андан?

Энесинин колун силкилдетти. Кыйкырды.

Аял баласынын айбатынан «сестене түштү. Уулунун түрүнөн жүрөгү оозуна тыгылды. Эмне деп айтаарын билбей аптыга түшүп минтти:

– Боло турган шартты.

– Кайсы боло турган шартты?

– Кызылгүл жөнүндө.

– Кызылгүл эмне болду эле? Дагы эле баякы эски жомокпу?

– Агасы өлсө жесирин...

– Аа, Кызылгүл акыры менин аялым, өмүрлүк жолдошум болот экен да, ээ?! – Даныке жерге бир түкүрдү. -Тфу,

ушундай ишке кантип дитиңер барды? Уулуңдун гүлдөп турган өмүрүн биротоло солутайын деген экенсиң да. Мен мындан ары силер менен эне-бала, бир тууган болуп ушул үйдө турат, же кайрылып келет деп турасыңарбы?

– Байкуш жетимчелеримди башка атанын көзүн кантип каратам деп олтурасың. Жаш катын эрге тийбей карап турабы? Өмүрү кыска шордуу баламдын арбагын сыйлар деген элем сени.

– Арба-а-к! Ар-б-а-ак! Жакшыдан калган керээз! А менин келечегим эмне болот? Угуп кой, эне, эми Сатинадан кийин агамдын жесири эмес кыз албаймын.

– Күнүмдүк кызыкчылыгыңды ойлоп чокко салба, балам, мени. Кызылгүл деген кызылгүлдөй кулпунган эле татынакай жаш келин. Катын менен катындын эмне айырмасы бар экен.

– Эмне-е-е! Акылыңдын жеткен чеги ушул болсо керек. Шумдук. Мынчалык болуп кетет экен деп ойлогон жок элем.

– Сен ойлобосоң биз ойлоп койгонбуз. Кызылгүл үчүн канча чыгымыбыз чыгып, калыңды кандай бергенди унутуп калдыңбы? Ошончо акчаны, ошончо дүнүйөнү берип коюп, бизди таш жалак калса деп турасыңбы, намызсыз. Кой, балам, ата-эненин азары жаман болот. «Ачуу шайтан, акыл дос», – дейт. Ойлон, кагылайын.

– Болду. Ойлонуп бүткөм.

– Жок. Али ойлонуп бүтө элексиң. Баары бир Кызылгүлдү аласың.

– Ал жөнүндө айткан жок белем атам экөөңө. Уктуңар эле го. Бирөөнүн үй-бүлөсү мага үй-бүлө болбойт. Кызылгүлгө ошондой эле эр керек болуп кетсе, тие берсин балдарын таштап.

– Болуптур, ынабадыңбы мага. Азыр атаң келет, сени менен ошондо сүйлөшөм.

– Сүйлөшүп бүттүм. Тойдум мындай турмушка. Мага деген жамандыгың болсо аянба.

Ачуулуу жулунуп бурула берди. Бутуна бирдеме урунду. Карабай туруп, полдо турган чаканы ыргыта тепти. Суу көлдөй түштү...

Даныкенин муундары калчылдап, жүрөгү лакылдап, көңүлү айнып, башы ооруп, мээси кысылып чыкты. Бир жакка кетип калайын деп ойлоп, кайсыл жакка басарын билбей көчөнүн ортосунда турду. Ал атасынын жанына келгенин билген да, байкаган да жок.

– Эмне бул жерде турдуң? Машина уруп кетсе эмне болот? Даныке ошол замат атасын жакадан алды.

– Сатина кана?

– Ким ал?

– Билбей калдыңбы?

Даныкенин колу бошой түштү. Ал кетенчиктеп, атасынан оолактап баратты. Уулунун кебетесин көргөн киши эмне кыларын билбей шашып калды. Көчөнүн четине чыгар чыкпастан эле жерге шалак олтурду.

...Көп убакыт өтпөстөн Даныке ооруп калды. Атасы врачтар күбөлөндүргөн телеграмманы уулу иштеп жаткан колхозго жиберип, кайра келсе укол куйганы келген медсестраны жанына жолотпой кууп чыккан Даныке жөнүндө даттанып, байбичеси алдынан чыкты. Ата уулуна ачуусу келди. Ал бир-эки күнү жакшылап дарыланса эле айгып кетүүчүдөй ойлоду. Эшик ачылганда Даныке үстөмөнүнөн түшүп, кыймылсыз жаткан болучу. Атасы ийинден тартты.

– Ай, Даныке! – Ачуулуу бурк этти.

– Укол куйдурбаганың эмнең, уулум? Же бир кичинекей акыл-эси толо элек бала болбосоң. Эстүү-баштуу адам да ушундай болобу, ыя?

Жигит канталаган айбаттуу көздөрү менен башын көтөрүп, атасын алая карады:

– Эмне дейсиз?

– Сестра кызды укол куйдурбай кууп чыкканың эмнең?

– Оорубасам эмнеге дары кабыл алам?

– Жинди го.

– Туура, мени силер жинди кылдыңар. Жинди кишиге эми баары бир. – Жаздыкка кайра кулады.

Сатинаны эстегенде, өлгөн агасынын күйүтү биригип, кулагын чуулдатып, башын айландырып жиберди. Күйөөсү өлүп жаткандагы Кызылгүлдүн чырылдаган үнү азыр Даныкеге жалган, анткор ыйлап жаткандай болуп сезилди. Ал азыр үч баласына карабай эле Даныке үчүн айланчыктап жүргөндөй туюлду. Өзүнүн мындай абалда каларын мурдатан ойлобогонуна өкүндү. «Эмне үчүн Сатинанын окуусун бүтөрүн күттүм? – Анын оюна эми башка нерселер түштү. Жаман ойлор сагалап турду. Чуркап чыгып поезддин астына калып өлүүнү эстеди. – А атынып өлсөмчү?.. Же уу...» Башы мурдагыдан да катуу ооруй баштады. Бара-бара ою чалды-куйду түшүп, бирин эстесе бирин эстей албай көңүлү бузулуп баратканын сезип, көздөрүн жуумп, эки колу менен башын мычкый кармады...

Канча убакытта эсине келгенин, же катуу уктап кайра ойгонгонун биле албай Даныке көздөрүн коркунучтуу алаңдатып, эки жагын чочулай карайт. Таза, жарык, ээн бөлмөдө жалгыз жатканын сезип, жүрөгү удургуй түштү. Ал ордунан турмакчы болуп, үстүндөгү жабууну акырын жылдырып, башын жаздыктан көтөрмөкчү болуп, ордунан жаңы эле козголо баштаганда тыштан эшикти аяр ачып, ак халат кийген эки кыз шамдай болуп кирип келатышты.

Анын бирөө Даныкеге көзөмөл болуп турган, экинчиси укол куйганы келген медсестра болучу. Жигиттин жанына чукул келип токтогон кыздарды алагар көздөрү менен жалжылдай алмай-термей карап мостоюп туруп минтти:

– Бул ооруканабы?

– Ооба, оорукана, агай, – деди тигилердин бири, Даныкенин жаздыгын оңдомокчу болуп.

– Кандайча? Эмне үчүн ооруканага келдим? Мени оору деп дарылап жаткан врач кайда?

– Бул жерде.

– Чакырып коёюнбу? Азыр. Ал киши сизди ойгонсо мага айтып кой деген эле.

Медсестра оорулуунун эсине келе баштаганын, уйкудан ойгонгонсуп куландан соо кадыресе адамдардай сүйлөп жатканын врачка билдиргени кайра жүгүрдү. Арадан көп убакыт өтпөй Даныкенин үстүнө, маңдайы жаркып Алмазбек кирип келатты. Врач менен оорулуу экөө тиктеше түштү.

– Алмазсыңбы?

– Тааныбай турасыңбы? – Мээримдүү, кубанычтуу жылмайды.

А оорулуу болсо, тунжураган калыбында врачка тигилди.

– Бүгүн кайсы күн?

– Бейшемби.

– Эмне, менин ооруканада жатканым үч күн болуп кеттиби? Качан чыгам?

–Дагы бир аз күнү жатасың го.

–Диагнозум?

–Күйүттүкү.

–Ошол элеби? – Даныке кара күчкө каткырды. Жигитти врач чочулай карады.

–Ошол эле. Бирок азыр чыкпайсың, досум. Жакшылап сакайыш керек.

–Көп болсо чала айыгып, акылымдан адашып калармын. Эх, Алмаз, Алмаз, мага жашоонун кызыкчылыгы бүтүндөй кыйрап жок болгонун билесиңби? Угасыңбы айтып берейин?

Алмаз ордунан турмакчы болгон Даныкени кайра жаткырды.

– Жок, Даныке, бул жөнүндө экөөбүз кийинчерээк сүйлөшөлү. Азырынча сага көп сүйлөөгө да, капаланууга да жарабайт. Эч нерсе ойлонбо. Баары бир сенин кушматың жөнүндө эртедир-кечтир угууга тийишмин. Бирок азыр эмес.

– Эмне кылып дарылап жатасыңар?

– Нервди тынчтандырып, организмди чыңдоо биринчи максатыбыз.

– А-а, ошондойбу? Ырахмат. Бирок, мен ооруканадан чыккандан кийин кайра ооруп калсамчы. Же өмүр бою ооругус кыласыңарбы?

– Колдон келишинче! Бирок өзүңдү өзүң кармай билишиң керек, Даныке. Суранам сенден.

Даныке күлүмсүрөдү.

– Мен сага ошончолук эле кымбатмынбы?

– Эч кимге керексизмин деп ойлодуң беле? Данықенин көзүнө жаш айланды.

– Макул болбойсуңар да. Болбосо биротоло тынчтандырып койсоңор сообума калат элеңер...

Алмаз секирип кетти.

– Эмне деп жатасың? Бала болуп турасыңбы? Даныке эрдин кесе тиштеди...

* * *

Жаңыдан көзү илинип кеткен жигит кимдир бирөөнүн шоокумунан ойгонуп кетти. Маңдайында көз жашын төгүп жиберүүгө даяр турган жеңесин көрүп, жаздыктан башын жулуп алды. Татынакай сүйкүмдүү сулуу жүзү да, өз боюна жарашыктуу жаңы мода менен кийинген кийими да Даныкенин көзүнө шайтандай көрүндү. Анын жанында киши эмес эле азыткы, бузулган бир шуркуя тургансып каны ичине тартылды. Аны көрөйүн деген көзү шилисинде тургандай көрүндү. Жүрөгү удургуп, көңүлү жипкирди.

– Ден соолугуң кандай? Жакшы болуп калдыңбы? Ырысыбыз болсо...

Чачынан сылайын деп, аны көздөй ийилип, колун башын көздөй узатып бараткан Кызылгүлдөн Даныке жыйрыла түшүп, мойнун буруп кетти. Келиндин ча-

расына батпай мөлмүлдөп турган көз жашы жигиттин акырегине тып дей түштү.

Даныке селт эте түшүп, керебеттен учуп турду. Маңдайында турган жеңесин жаактан ары тартып жиберди. Үнүнүн бардыгынча палатаны жаңырта кыйкырды.

– Сен ушундай шерменде экенсиң, ээ. Эмне келдиң мында? Көзүмө көрүнбөй жогол азыр. Уктуңбу? – Сөөмөйүн кезеди силкилдетип.

Аял бозала болуп кетенчиктей берди.

– Кызык, ден соолугуңду сураганы келген киши күнөөлүүбү?

– Сурабай эле кой. Ата-энеме карматкан сөзүң бар үчүн, апам барып Сатинаны кетирип олтурат. Уялбай мага кайсыл бетиң менен тийгени жүрөсүң, ыя? Эрим өлсө кайним бар деп көңүлүң ток да. Ха-ха-ха. – Күлкүсү үйдү солкулдатты. Күлкүсү тып басылды.

Оорулуунун катуу чыккан үнүнөн чочулаган врачтар менен медсестралар бир заматта палатага толуп кетти. Алар калчылдап, ачууга буулуп, тишин кычыратып өңалаттан кетип энтиге дем алып турган Даныкени алдап-соолап кроватына жаткызып, Кызылгүлдү алып чыгып кетишти...

Арадан күндөр өтүп жатты. Бирок Даныкенин ден соолугу бирде жакшы болсо, бирде бузулуп, олку-солку болуп туруп алды. Анын солкулдап турган жигиттик мүчөлү да, бактылуу күндөрү да, ден соолугу да Сатина менен кошо кеткендей, капысынан колдон учкан шумкардай уламдан улам алыстап баратты. Жашап жаткан өмүрү тузу жок боткого окшоп супсак да, көңүлсүз да. Кокустан Кызылгүлдүн койнуна жатып, агасынын төшөгүн тепсээрин ойлосо төбө чачы тик турат. Жийиркенет. Өз сүйгөнүнөн ажырап, бир тууганынан калган инилерине – ата, жеңесине – эр болуп тирүү басып жүргөнчө өлгөндү артык көрөт. Өлүм көз алдынан кетпейт. Анан дагы жасана кийинип алып келген жеңесинин кебетеси

көзүнө көрүнгөн сайын көңүлү бөксөрүп, жек көрүү сезими дене боюн ичиркентет. Өз үй-бүлөсүнөн өзү качып кайдадыр кулак уккус, көз көргүс жакка эч кимге көрүнбөй житип кеткиси келет.

...Даныке ооруканадан чыккан күнү биринчи жолу өз акчасына өзү арак сатып ичти, биринчи жолу мас болду... Өзү иштеген колхозуна келгенде Фрунзеге кетээрден мурда өзү чертёжун сызып, өз колу менен фундаментин курдуруп, дубалдары жарым көтөрүлүп калган эки кабат айылдык оорукананын курулушу аяктайын деп калган. Даныкенин келгенин угуп, ден соолугун сурап, учурашууга келген колхоз жетекчилери бирин бири карашат. Жигиттин кызымтал экенин көргөн раис томсоруп үнсүз. Ичинен бушаймандап, Даныкенин кандайча ашыра ичип алгандыгына түшүнө бербей капа болуп олтурду. «Ооруканадан жаңы чыкса, анан мас боло арак ичсе, эмне деген акмакчылык!» Мурда арак эмес, булар Даныкенин тамеки тартканын көрө элек эмес беле. Эми минтип улуудан уялбай, кичүүдөн ийменбей өөдүк-сөөдүк сүйлөп олтурганына келгендер таң калып кайтышты. Ооба, бул кез жигиттин ой-санаасын Сатинанын күйүтү думуктуруп, ачууну ачуу басып калган кез эле.

Ошентип Даныке жашоонун эч бир кызыкчылыгын билбеген макулуктан бетер максатсыз жашап кала берди...

* * *

«Кайран гана Даныке, эмне деген жигит эле. Ушунча билим, ушунча акыл-эси менен эч жерде иштебей тентип калыптыр» деген сөз шаар аралап, айыл кыдырып, ооздон оозго өтүп жатты. бирөөлөр «байлатма жинди болуп, доктур эч айыктыра албай акыры тажаганда ооруканадан чыгарып жибериптир» десе, экинчилери «жеңесин алып берүү үчүн ата-энеси ысытма берип, өз баласын өздөрү бузуп алыптыр» деп жатышты. Ал эми Сатинанын ка-

барын уккандар «кызга чандырып жиберип, сүйүүнүн азабынан ичкилик ичип тентип кетиптир» деген сөздү чыгарышты. Дегинкисин айтканда төгүн жерден өрт чыкпайт тура. Чынында эле Даныке жөнүндө айтылган ушак-айыңдын бардыгы болбосо да жарым-жартылайы чындык эле.

Ары урунуп, бери урунуп жүрүп күндөрдүн биринде өз колхозунда чабан болуп иштеген аталаш агасыныкына келди. Окей инисин өлгөндөй жакшы көрүүчү. Кабарын угуп, каңырыгы түтөп, кантип, кайдан таап чакырып аларын билбей да жүрүүчү. Ушинтип жүргөн кезде кудай айдагансып минтип өзү келип калды. «Балким, – деп ойлочу Окей, – көз алдымда турса ичкиликти таштап да коёр. Менин айтканымды эки кылуучу эмес эле». Балким, мурунку калыбына келер деген үмүт менен инисин кучак жайып, кубанычтуу тосуп алды. Алдап-соолап, кетем деген жагына кетирбей, барам деген жагына баргызбай койду. Бирок канча аракет кылганы менен Даныке ичкилигин таштаган жок.

Окей жакадан келгенде Даныке өлгөн немедей боз үйдүн төрүндө чалкасынан түшүп, каны ичине тартып, коңурукту кош тартып уктап жаткан. Инисинин абалын көргөн аганын деми сууй түштү.

– Ушул ит бар деп короосу менен койду Алмадай экөөнө ишенип таштап кеткен акмак экенмин. Ал кош бойлуу болсо, ай күнүнө жетип. – Инисин жулкулдатты. – Ай, Даныке, койлор кайда? Жеңең жалгыз өлгөн экен да ушул жаанда.

Даныке көзүн ачты.

– Эмне?

– Койлор кайда?

– Сенин койчуң мен белем. Катының жайып кеткен эртең менен эле. Кайсы убак болду? Өлгөн немедей уктаган экенмин, ээ. – Башын көтөрүп колундагы саатын карады. – Азыр келдиңби? Кандай, айылда эмне жа-

ңылык бар экен? Мурунку башкарманын ордуна катын болду дейби башкарма?

– Жаңылыктан айланат бекенсиң. Кечээ жаңы раис менен райкомдун секретары колхоздун көпчүлүк жыйналышында сага окшогон «ашка жүк, башка жүктөрдү жер котортуп жибериш керек» деди. (Муну Окей калп айтты.)

Даныке агасын бир карап коюп малдаш урунуп отурду.

– Эмесе ошол райкомдун секретары менен жаңы раис катын үчөөң биригип туруп мени барса келбес жакка айдатып жибергиле! Ансыз да жашоодон тоюп жүрөм.

– Куураттың го. Акыл-эстүү эле эл оозуна кирген бала элең, акылыңды арак жеңди сенин. Отуздан ашып, кыркка кеткенче үйлөнбөй колоктоп бой жүрөсүң. Сени менен теңдер эчак шаар-баран болуп, бир эмес, беш-алты баланын атасы. Аракта бир кыз эмес, алтымыш кыздын куну болсо да бүткөндөй болду го.

– Айттым го, аке, Даныке катын да албайт, арακты да таштабайт.

Окей инисинин сөзүн угуп эмне деп айтаарын билбей калды. Бир демге буйдала түшүп, эрдин кесе тиштеп туруп чыгып кетти. Жаан төгүп жатты. Чабан атына кандай мингенин да билген жок. Ал аялына, койлоруна баратты. Бирок бардык дити, бардык ою Даныкенин бузулган турмушу, бактысыз келечегинде болуп келатып өтмө-катарынан өткөн жаанды да, кечтеп бараткан күндү да байкаган жок...

* * *

Маданий борбордо эл көп. Ачык асмандын алдында, көк бетегелүү түздө узунчасынан келген чакан стол коюлуп, анын үстү күрөң кызыл манат менен жабылган. Арт жагында кырка тизип койгон жөлөңгүчтүү жумшак стулдар турат. Сан көздөр китепкананын эшигине кадалат.

Андан чыгуучу жаңы жетекчини күтүшкөн малчылар өз ара күбүр-шыбыр. Бир кезде кимдир бирөөнүн өкүм сүйлөгөн үнү олтургандарды өзүнө каратты.

– Ой, атаңдын кө-р-ү-ү, ургаачы деген ушул ээ. «Катынга салган каран иш» дегендей, аял раис болуп элдин чекесин ысытаар дейсиңби. Каныкей болуп кетсе да элди күттүрбөй келбейби эми. Кыйкырайынбы...

Даныкенин үнү Окей менен Алмадайды селт эттирди. Көпчүлүктөн ыңгайсыздана түшкөн агасы үн чыккан жакка жалт караса, кудай жалгап элдин арт жагында олтурганын көрүп санаасы тына түштү.

Даныкенин көзүнө парторг да, зоотехник да көрүнбөдү. Эки жигиттин ортосунда салабаттуу басып келаткан шыңга бойлуу, кара торусунан келген сүйкүмдүү келинден көзү өтүп баратты. Оозун ачып дем албай калды. Кирпиги ирмелбей, көздөрү алайып ормоё тиктеди. Бутунда лактуу кара туфли. Тизесин жаба тигилген сургулт лапсан юбка-костюм, ичинде тегерек жака ак блузка келиндин ажарын ачып, өңүнө чыгарып тургансыйт. Ал жакындагандан жакындап келатты. Башкарманын башындагы ак берет ага андан бетер жарашып, олтургандардын көзүнө он сегизге жаңы чыккан кыздай көрсөттү.

– Э, катыгүн, институттун босогосун жаңы эле аттап чыккан неме го. Раис экени анык бекен деги?

Элдин сөзү Даныкенин кулагынын сыртынан кетип жатты. Жүрөгү көөдөнүн жарып тышка чыга каччудай туйлап кирди. Денесин бирде ысык, бирде муздак тер каптап, айлана үп болуп муунуп баратты.

Жаңы башкарма столдун жанына жакын келип, малчылар менен саламдашып, аларды бир сыйра сыдыра тиктеп тикесинен турду. Зоотехник анын алдына орундукту жылдырып ондоп койду.

– Ырахмат. – Аял кылчайып өзү олтуруучу стулду бир карап алып көчүк басты.

– Жолдоштор! Биз Сатаркул экөөбүз сиздерди Сатина Көкүмбаевна менен тааныштырганы келип олтурабыз. Жаңы раис шайланды деп уктуңар беле?

– Ооба, ооба, укканбыз, – Көпчүлүк күүлдөй түшүп басылды. Малчылардын ичинен кимдир бирөө ордунан көтөрүлдү:

– Карындаштын мурда кайда иштеп, кайдан келгенин суроого болобу, Асанбек иним?

– Болот, аксакал, Сатина Көкүмбаевна бизге келгенге чейин Ысыккөл областынын чарбаларында агроном, партиялык комитеттин секретары болуп, андан кийин Ошто партиялык жооптуу кызматтарда иштеген. Кесиби боюнча жогорку билимдүү агроном.

– Оо, – деп малчылар дагы бир жолу жандана түшүп басышты. Көпчүлүктүн орто ченинде олтурган чабандардын бирөө башындагы калпагын колуна алып, ордунан козголо берип колун көтөрдү:

– Менин суроом бар, агай?

– Жолдоштор, азыр Сатина Көкүмбаевнага сөз беребиз. Сурооңор болсо, ошондон кийин сурасаңар кандай болор экен?

– Бир эле ооз сөз. – Жигит тамылжый түштү.

– Мейли, мейли, сурасын. – Сатина Асанбекти карабай туруп бүлк этти.

– Айт, эмне дейсиң?

– Кечиресиздер, эженин үй-бүлөсү барбы? Жолдошунун кесиби эмне экен? Ал киши да биздин колхоздо иштейби эми. Ошону сурайын дедим эле.

Сатина кызарып кетти. Кабагы чытыла түшүп, стулдун жабуусун алаканы менен сылады.

Асанбек суроо берген жигитке тиртие, ачуулуу карады:

– Суроо сурайт десе сурайсыңар да. Өзүң да бир макоо неме көрүнөсүң. Үй-бүлөсү жок да киши болучу беле. Ата-энеси, бир туугандары бар. Сатина Көкүмбаевна

турмушка чыга элек такыялуу кыз. Ошондуктан, байкап сүйлөш керек.

Малчылардын ооздору ачылып, Сатинага сан көздөр жебедей кадалды.

– Эмесе, азыркы сөз жаңы раисиңерге берилет. Кандай дейсиздер, сүйлөсүнбү же... – Асанбек олтургандарды сынай карады.

– Сүйлөсүнбү деген эмнеси! Сүйлөсүн ботом. Кыз башы, кыл чачы менен ушунча журтка баш болуп келип олтурса, унчукпай кетсе болобу?

Кыз ордунан салмактуу көтөрүлдү. Көздөрү балбылдап, каштары кериле түштү. Тамагын жасады. Бир демге унчукпай турду.

– Ушул олтургандарыңыздардын арасында улууңар бардыр, кичүүңөр бардыр, туугандар. Мени сиздердин колкозго өкмөт менен партия көп иштерди, көп милдеттерди мойнума жүктөп туруп жиберди. «Келин жаман эмес, келген жери жаман» дегендей, жетекчини көтөрө турган да, көмө турган да сиздерсиздер. Сиздер мени уятка калтырбайт го деген чоң ишенимде олтурам, жолдоштор. Бири-бирибиздин тилибизге да, дилибизге да түшүнүшкөнүбүз жакшы болор. Мен сиздер үчүн, сиздердин чарба үчүн күчүмдүн жетишинче эмгектенип, ишенимиңерди актоого күч-кубатымды аябаймын. Ооба, сиздер мени уятка калтырбайсыздар!

– Уятка калтырбайбыз, айланайын. Иштей турган ишибиз, бага жүргөн малыбыз эмеспи. Өз оокатыбыздан өзүбүз качып, өз оокатыбызга өзүбүз жалкоолук кылмак белек.

– Ыйман жүздүү бала көрүнөсүң. А-та-а чиркин, аягыңдан өөдө жыгач уласак кана...

Эл дуу-дуу. Аларга жаңы башкармасынын сөзү да, өзү да жагып калган сыяктуу. Жалгыз гана Сатинадан бир чети сүрдөп, бир чети өз терисине өзү батпай толкундап олтурган Данык е. Анын көңүлүн көбүрөөк кубанткан бир

үмүт – кыздын күйөөгө чыга электиги болду. Жигиттин ойдон башы айланды. «Күйөөгө чыгып кеттим» – деп жазылган каттын аяк-башына чыга албай убара...

Жаңы башкарманын жайыт үстүнө барарын уккан малчылар жыйналыш бүтөрү менен башаламандап аттарын көздөй дүбдүрүң түшүп жөнөштү. Зоотехник Сатина менен жанаша басып келип, токулуу турган аттардын бирин чечип башкарманын алдына туура тартты. Сатаркулдун бойдок экени эсине түшкөндө Даныкенин ичи уйгу-туйгу болуп, кызгануу сезими көөдөнүн каарып өттү. Кызды колтуктап атка мингизип жатканы ага андан бетер жакканн жок. Атчандар маданий борбордон улам алыстап баратты. Эки көзүн алыска ызалуу кадап жалгыз олтурган Даныке үндөн селт этти.

– Даныке, кагылайын, эмне болду сага? Журтта калган немече баятадан бери жалгыз олтурасың. Кантээр экен деп карап турсам, ордуңдан козголуп да койбодуң. Ойго катуу чөгүп, өзүңдү өзүң унутуп койгонсуп олтурганыңдан коркуп кеттим. Турчу өөдө, баякы балакеттүү баш ооруң кармап калган жокпу?

– Жок, аке, деним таза эле...

Жигит эки жагына көңүлсүз көз чаптырды. Чын эле агасынан башика жан киши калбаптыр мында. Денеси жыйрыла түштү. Жер таяна козголду...

...Сатина бул жерге келип кеткенден баштап, Даныке өзгөрдү. Мурдагыдан да токтоо, мурдагыдан да коймайрек тартып кетти. Ачылбаган кабагы ого бетер ачылбай, түнөргөндөн түнөрөт. Мурдагысындай ичкиликтин да артынан түшпөй калды. Ал ойлогон оюн, санаган санаасын, көөдөнү толгон кайгы-муңду, Сатина үчүн тарткан азаптозогун жыйынтыктай албай убара. Сатина менен беттешерин же беттешпесин билбей дел болуп жүрдү. Бир кезде өзү сүйүп, өзү үчүн күйүп жүргөн өз бактысынан өзү сүрдөнгөнсүйт. Сатинаны көргөндөн бери мурунку күйүтүнөн азыркы күйүтү ашып түштү. Жатса турбай,

турса үйгө байыр алып олтурбай туш келди баса бере турган адатка жолукту. Жүрөктүн тереңинен мүргүгөн бир кусалуу күч аны Сатинаны көздөй жетелейт...

* * *

Башкарманын кең кабинети. Жашыл манаттан жабылган, үстүндө жаркыраган жазуу приборлору, телефондун үч аппараты турган чоң столдун ары жагында чыкыйып тыкан олтурган Сатина бөлмөдө олтургандарга суроолуу карайт. Башкарманын кабинетине жаркыраган сүттөй аппак нурун текши чачып турган лампочкалардан кабинеттин ичине кыпын түшсө көрүнгөндөй. Жаңы короо-сарайларды салуу, эскилерин ремонттоо жөнүндө биринчи сөз болду.

–Ар дайым эле убактылуу бирөөнү жалдап иштетүү кыйын. Өз киши деген өз киши. Бир такшалып калган, атайын билими бар адам табыш керек. Өзүбүздө андай адам жокпу? – Сатина колундагы карандашты алдына койду.

Башкарма мүчөлөрү бирин бири караштты.

– Тигил Окейдин аталаш иниси ылайык эле, билими да бар. Бирок ал ичет иттин баласы. – Зоотехник күрсүндү.

– «Бербей турган сараң жок, сурагандан бузасың» дегендей, жакшылап сүйлөшүп көрбөйсүзбү. Балким, ичкилигин таштатарбыз.

– Таштабай жерге кирсин. Ал бир келесоо болуп илим-билимин да, адамкерчилигин да бүтүн ичкиликке берип бузулуп бүткөн неме. Илгээри Лайли деген кызга ашык болуп Мажнун деген жигит чыккан экен. Бул ошонун экинчи Мажнуну. Араб тилинде Мажнун – жинди деген сөз дейт.

– ?

Кыз сүйлөп жаткан кишинин оозун таңдана тиктеп калды. Даникенин ушул жерлик экенин Сатина билүүчү. Бирок андан көңүлү да, жүрөгү да жылыгыс болуп таш-

тай муздаган кыз анын кайда, эмне кылып жүргөнүн эч кимден сурагысы да, билгиси да келген эмес. Үй-бүлөсү менен Фрунзеде болсо керек деп ойлочу. Данықеден кийин эркек аттуунун баарына ишенбөөчүлүк сезими пайда болуп, өз ар-намысы аны кишендеп салгандай махабат оту экинчи эч кимге жанган эмес. Азыр анын бир кезде Данықенин мөлтүр тунук сүйүүсүнө толгон көөдөнүн башка дүйнө, башка турмуш ээлеп, чарба менен алпурушуп калган кези эле. Мажнун деген сөз көңүлүнөн кетпей турду. Паузадан кийин башын көтөрдү.

– Азыркы айткан мас кишиңер кайда?

– Тоодо, алиги Окей деген чабандыкында жүрөт.

– Анда ошол жигитти мага чакырып бергилечи! Сүйлөшүп көрөйүн.

– Жарайт, Сатина Көкүмбаевна! Эртең эле сүт тарткан балдардан айттырып жиберем. – Бригадир ордунан козголо берип стулдун кырына чыканагын койду.

– Андан эч нерсе чыгара албайсыз го, Сатина Көкүмбаевна! Ал жигитти эчен-эчен менменсинген жигиттер шефке алып көргөн. Ашып кетсе бир ай, же бир жума иштеп, түкүрүп баса берет. – Башкарма мүчөлөрүнүн бири тынчсызданды.

– Көрөбүз сүйлөшүп…

Сатина звоноктун кнопкасын басты. Эшиктен жаш аял баш бакты.

– Шоферду мага чакырып коюңузчу…

Арадан көп убакыт өтпөй башкарманын машинасын айдаган шофер көрүндү.

– Сен кете бер. Эртең менен уктап калбай саат төрттө биздин үйгө кел. Экөөбүз экинчи бригаданын талаасын кыдырабыз.

– Сизди жеткирип койбоюмбу?

– Көпкө күтүп каласың. Басып эле кетем.

Шофер чыгып кетти. Кыз оңдонуп олтурду. Аердегилердин бардыгы Сатинаны тиктешет. Анын сөзүн күтү-

шөт. «Дагы эмне деп айтаар экен» дегендей көз караштар. «Тың экен. Чарбаны былк эттирбей алып кетүүчү түрү бар». Сатина жөнүндө ушинтип ойлоп олтурушту.

– Сатаркул, сен кыркын пунктун колуңа ал. Алыскы жайыттардан койлорду күргүчтөтүп, ары-бери кызыл май кылып айдап жүрбөйлү. Жайлоодогу койлор жайлоодо, бөксөдөгү койлор бөксөдө кыркылмак болбодубу. Кыркмачылардын тизмесин такта. А дегенде ошолордун өздөрү менен сүйлөшүүбүз керек. Кой кыркуучу көчмө агрегаттарды болсо негизинен жабдып бүттүк...

Башкарманын заседаниесинде мындан башка да көп нерселер каралды...

Адамдардын илебинен ысып, үп болуп турган бөлмөдөн абага чыкканда кыздын талыкшып турган денеси сергий түштү. Сатаркул Сатина менен жанаша басты.

– Сизди узатып коёюн, Сатина Көкүмбаевна, руксат этиңиз.

– Ырахмат, убара болбой эле коюңуз.

– Эч кандай убарачылыгы жок, узатып коёюн.

– Кайыр, жакшы калыңыз...

Кыз Сатаркулдан бөлүнүп, бир топ жүргөндөн кийин көчөнүн кайчылашынан күн батышты көздөй бурулду. Анын көңүлүнө улам кылт дей түшүп жаткан Даныке Сатинанын жүрөгүн сайып алып жатты. «Анын туулуп өскөн айылы, мекени» – деп ойлойт. Өткөн күндөр эсине түшөт. Айтор, кыялы чалды-куйду. Артында жетээр-жетпес келаткан адамдын дабышына назар салбай, жолун ойлуу, уланта берди. Кимдир бирөө өзү менен катарлаша түшкөнүн байкап жалт карады.

– Сатинаш?!

Кыздын кулагына качандыр бир кезде сиңип калган тааныш үн жаңырып кетти. Ушул жашка чыкканы Данықеден башка эч бир адам өзүн Сатинаш деп чакырганын уга элек болучу. Жүрөгү алаптап оозуна тыгыла түштү. Экөө тең токтоп калышты. Кыз Даныкенин жа-

нында жансыз-кансыз немедей таштай катып турганын билген жок.

– Кечирип кой, Сатинаш, мен атайын сени менен учурашайын деп келдим.

– Учурашайын деп... – Шилекейин жутту. – Сен кимсиң? – Эриндери дирт этти.

– Тааныбай турасыңбы? Мен Даныке эмесминби.

– Даныке?! – Ийнин куушурду. -Ага окшобойсуз го.

– Ооба, Сатинаш, Даныке сенден кийин өзүнө окшобой калган. Туура айтасың. – Кыздын колун кармамакчы болду. Жолун торой басты. Жигиттин оозунан чыккан арактын жыты бур дей түштү.

– Болуптур, Даныкесизби, башкасызбы, эртең соо кезиңизде сүйлөшөлү. Жолумду торобоңуз караңгыда.

Кыз аялдын үнү чыккан жакка карады.

– Сакинсиңби, балакетиңди алайын. Аман-эсен келатасыңбы деги. Шоферду үйүндө жүрөт деп айтышты. Кечиккениңден санаам тынбай баспадымбы.

– Бекер убара болосуз да. Кээде эрте, кээде кеч келген убактар болот. Экинчи минтип жолумду тосуп зарыкпай жүрчү, энеке.

– Бул бала кайсы бала?

– Ушул жерлик, эне, мени узатып келаткан.

– Оо, алдыңа кетейин, менин Сатинамды сыйласаңар силерди кудай сыйласын. Ушинтип көз кырыңарды сала жүргүлө.

– Ой жарыктык ай, жөнү жок эле жерден таанабаган бирөөлөргө табыштай бергендей башталгыч класста окуп жүргөн кичине кезим беле.

Сатина энесин колтуктап алып, анан Даныкеге карады:

– Ырахмат. Жакшы барыңыз.

Эне артын кылчаңдай карап минтти:

– Э, ботом, жеткирип келген баланы таанабаган дейсиң да. Үйгө кирип тамак ич десең болмок.

Сатина кара күчкө күлүмүш болду:

– Узатып келгендердин бардыгын үйгө чакыра берсем...

Даныке дем албай эне менен кыз кирип кеткен дарбазаны обочо жерден тиктеп жансыз турду. Ал Сатина турган үйдүн жарыгы бүт өчкөндө гана ордунан козголду. Көчөдө аркы-терки каалгый басып караңгы түндү как жарган жалгыз Даныке...

...Бир кезде ортоңку борбордук көчөдөн машинанын үнү угулуп келип, туура көчөдөн жарк деп көздөрү барпырай түшүп бурулуштан чыга келип түз эле башкарманын үйүн көздөй бурулду.

Башына кырдуу ак шляпа, үстүнө плащ кийген Сатина дарбазадан чыгып, алда немеден жыт алган эликтен бетер Даныке жакты бир чолуй карап алып, машинанын ичине кирди. «Түндөгү бойдон көчөгө түнөгөнбү? Же башка кишиби? Жок, ошонун эле өзү» деп ойлоду ичинен. Айтор, бүгүн Сатинанын шалпысы бош, көздөрү киртийиңки. Анда-санда оозуна колун калкалай коюп, жаагын кере эстеп коёт. Жетекчилерди көп тартып желкеси күйгөн Эсенбек кыз башкарманы көзүнүн кыйыгы менен карап коюп өзүнчө ой жоруйт. «Эженин уйкусу чала болуп калган экен...»

А Сатина болсо Даныкенин атын, Даныкенин элесин өзүнөн оолактата убара. Ал түнү бою ошол жөнүндө ойлоп, өткөн күндөрүн эстей берип кирпик ирмебей чакыйып чыккан. Азыр да көзүнө Даныкенин элеси машине менен тең жарышып, жолдун ортосунда бирде күңүрт, бирде даана көрүнө түшүп келатты.

– Экинчи бригадага барабызбы, Сатина Көкүмбаевна?

– Ыя?

– Экинчиге барабызбы деп жатам?

– Ии...

Сатина машинанын терезесинен таңдын аппак атканын көрүп алаксый түштү. Шоодурап баш алууга даяр турган күздүктөр таңкы сыдырымга бой ыргашып, учукыйрына көз жетпеген деңиздей мелмилдейт.

Бир жерге келгенде жолдон чыгып, чыгышты көздөй бир аз жүргөндөн кийин машинаны токтотуп, кабинадан чыкты. Эгинди аралай басып, бир топ жерге чейин барып кайра тартты.

– Буудай сонун экен го, Сатина Көкүмбаевна.

– Текши богок байлаган экен. Түбүнө көлөкө түшкөндүктөн турган окшобойбу. Болбосо, бул талаа тили оозуна батпай чаңкап жаткан экен. Тезирээк сугатты колго албасак, түшүмдөн кемчил болуп калабыз...

Башкарма баякыдай эле кабагы салыңкы калыбында машинага кирди. Жолдо бир топ жерге чейин үнсүз келаткан кыз бир оокумда шоферго мындай деген суроо берди:

– Сен Даныке деген жигитти тааныйсыңбы?

Жигит Сатинага жалт карады:

– Тааныйм, Сатина Көкүмбаевна.

– Ал айылда турабы, же Фрунзедеби?

– Кандай деп айтсам Сизге... – Жигит ойлоно түштү. Бир аз тынчтыктан кийин үн катты. – Бир сөз менен айтканда Даныке акем айылда да, шаарда туруктуу эмес.

Сатина шоферду тиктеп калды:

– А үй-бүлөсүчү?

Жигит кабагын тырыштырып, бир колу менен желкесин кашыды.

– Ал киши аял ала элек, бойдок жигит, Сатина Көкүмбаевна!

Кыз шоферго селт эте түшүп, көздөрүн бардап кадады:

– Кантип? Аялы, балдары бар эмес беле?

– Жок, жок. Сатина Көкүмбаевна, ал киши такыр үйлөнө элек. Балким, сиз башка кимдир бирөөлөр менен бутташтырып жатпаңыз. Же анын сүйлөшүп жүрүп, башка бирөөгө турмушка чыгып кеткен кызын айтып жатасызбы? Бирок ал кыз Даныке акеме тийген эмес да.

Сатина жигитти дагы эле мостоё карап аңкайып, дел боло түштү.

– Күйөөгө чыгып кеткен кызы дейсиңби? Аны сен кайдан билесиң?

– Билбейм, элдин баары ошентип айтат. Сиз билесизби, агасы өлгөндөн кийин, анын жесирин алып беребиз деп ата-энеси аябай кысмакка алган дешет. Кайнисине турмушка чыгууга аял да көңүлдүү экен. Бирок Даныке акем такыр болбой коюптур.

Сатина буулду.

– Эмне дедиң? Жеңесин албай коюптур дейсиңби?

– Ооба, Сатина Көкүмбаевна, албай коюптур. Ал аял ошондон кийин башка күйөөгө тийип кетиптир. – Жигит башын чайкады. – Сүйүү, сүйүү дейбиз. Бирок чын сүйүү деп ушул кишиникин айтыш керек. Мен мындай сүйүүлөр китепте гана болот деп ойлосом, турмушта да болуучу нерсе тура...

Сатина тоюттук кызылча талаасынан кандай чыкканын билбей да калды. Ой-санаасы Данькеде. Өткөн сүйүүсү, өткөн махабаты жылт этип оттуктун алсыз учкунуна окшоп жүрөгүн каптап өттү. Ага өзүндө боор ооруу сезими пайда боло баштаганын сезди. «Оо, менин жазыгы жок алтын Даныкем. Сен менин күнөөмдү, кайрылып кабарыңды албаган көктүгүмдү кечирип кой. Энеңдин сөзүнө ишенбедимби. Өз баласына өз энеси душмандык кылат деп кайдан ойлодум. Көрсө, сени бактысыз кылган энең экөөбүз күнөөлүү турбайбызбы. Кудая тобо, сен ушундай асыл адам экенсиң ээ, Даныке?!» Сатина улам өткөн күндөргө сүңгүп кирип, кимиси күнөөлүү, кимиси күнөөсүз экендигин таразалап ойлогон сайын Даныкеге жеңилип баратты. Анткен менен туңгуч сүйүүсү, наристе махабаты өчүп кайра жанып, өлүп кайра тирилген сыяктуу көңүлү алагды, көңүлү кымкуут...

* * *

Колхоздун конторасынын алды сүттөй жарык. Үстүнө билинер-билинбес майда шахмат изи бар кара күрөң кос-

тюм, ак сорочка кийип, кара галстук тагынган салабаттуу жигит, обочороок жерде кимдир бирөө менен сүйлөшүп тамеки тартып турган.

– Тигил кайсыл жигит? – Механизация паркынын башкы инженери Жылкыайдар жанында турган врачты карады.

– Даныкени айтасыңбы?

– Ошол турган Даныкеби? Оңолуп калган го? – Көргөн көзүнө ишенбегендей карап калды.

– Ой, аны адам сапатынан чыгарып жүргөн эле ичкилик эмес беле. Болбосо, Даныкедей жигит кайда. Мен сүйлөшсөм акыл-эси баякы эле бойдон экен. Ай, ичип алып ит болбосо экен. Ишенбейм.

Булар ушинтип сүйлөшүп жатканда башкарманын кабинетинен көпөлөктүн канатындай болгон майда жашыл гүлдөрү бар ак көйнөк кийип, чачын артына бош коюп, түбүнөн бекем байлап алган кыз жүгүрүп чыкты. Бутунда бийик така ак туфли.

– Саламатпы, Айке?

– Саламатсыздарбы? Сиздер Данике акемди көргөн жоксуздарбы?

– Аны эмне кыласың?

– Раис чакырып жатат.

– Байкабадык. Тоодон келиптирби?

– Келген. Азыр эле ушул жерде турган болучу. – Кыз эки жагын айланта карап турду. Данике жөнүндө сүйлөшүп турган алиги кишилер секретардын сөзүн угуп, жакындай басышты.

– Тигине Данике, тээтигил жерде турбайбы.

– Аа, – деди кыз энтиге түшүп.

Айгүл менен Данике катар басып келатышты. Тургандар Даныкенин көрүнүшүнө, анын өзгөрө түшкөн үстү-башына суктана карашат. «Баса ушундай эле жигит эле да» дегендей көз караштар...

Сатина баякы, мындан бир жума мурда үйүнө жалгыз кетип баратканда көргөн бойдон Даныкени көрө элек

болучу. Орто жолдо Ошко, анан Фрунзеге барып келди. Жигиттин күнөөлүү эмес экенин сезе баштаган кыз сыр билгизбей өзүнчө басмырт. Сүйүүдөн мизи кайтып, Даныкеден сынып, биротоло сууп бүткөн жүрөгү, кайра баштан Даныке деп сызыла түшүп турган кез. Көптөн бери бөксөсү толбой, кем тартып жүргөн дүйнөсү бирде толуп, бирде бөксөрүп кыялы кыйма-чийме. Ичкилик менен санаадан азап чегип, мурдакыдай болбой калгандай туюлуп турду кызга. Мына, Сатина азыр аны күтүп олтурат. Ооба, Даныке анын туңгуч махабаты. Атайы эле бирөө Даныке үчүн алып келгенсип ушул жерде иштеп калганына, көп чарбадан ушул чарбага туш болгонуна таң калат. «Көлдө жүрсөм көрбөгөн, билбеген бойдон жүрө бермек экенмин» деп ойлойт. Кагазга бирдемелерди башаламан чиймелеген болот. Ойго батат. Бир кезде эшик кыйч этти. Сак олтурган кыз башын салмактуу көтөрдү. Көзүнө тыштан кирип келаткан бая күнкү кебетеси кеткен чоочун Даныке эмес, өзүнүн мурунку адашып таппай калган Даныкеси көрүндү. Ооба, анын жашы улгайыңкы тартып, тотугуп калганы менен Даныкенин өзү болучу. Сатинанын өңү кубулуп, жигитти жансыз тиктеп турду.

– Саламатпы, Сатинаш! – Кызды көздөй басып келатты жигит. Мен сен үчүн өлдүм эле. Бирок сен үчүн кайра тирилип келдим.

Сатина ордунан тура берип, ага жоодурай карады. Даныкени көздөй салмактуу басып келип кол узатты. Эмне үчүндүр денеси бошоп ыйлап жиберүүчүдөн бетер жашып кетти. Бир демге кол алышкан калыптарында дымый түшүштү. Сатина күлүмүш этти. Анан колун акырын тартып алды.

– Олтур.

Даныке Сатина жылдырган орундукка көчүк басты. Кыз болсо өз ордуна келип олтурду.

– Үй-бүлөң кайда? Шаардасыңарбы же бул жердесиңерби? Сени мен Фрунзеде деп ойлоптурмун. – Билмексен болуп анткор сурады.

– Кайсы үй-бүлөнү айтып жатасың? Менде үй-бүлө бар беле?

Унчукпай калышты. Даныке Сатинаны армандуу көзү менен жал-жал карап коюп, муңайым олтурду. Бир топ тынчтыктан кийин сөз улады..

– Олда, Сатинаш ай, жеңилдик кылып койдуң ээ ошондо. Ортобузда канчалык бузуку болсо да мени менен бир беттешишиң керек эле да. Күйөөгө чыкпаганыңды бая күнү билдим. Менин оюма үйлөнүү кирбеди. Күнөөнүн сенде эмес экенин ошондо эле түшүнгөм. Экөөбүздүн ортобузга чыккан кара тикен башкалар болбодубу. Энем менен атам ушул убакка чейин өкүнүп жүрүшөт имиш. Бирок кеч ойлонуп, кеч түшүнүп калышпадыбы. Менин күйүтүмдөн картайып, ментинен тайып калышты деп угам. Сен менин үй-бүлөм бар деп күнөөлөп жүрсөң, мен сени күйөөгө чыгып кетти деп...

– Ата-энең менен катташпайсыңбы?

– Үйдөн чыккан бойдон бара элекмин.

Даныке оор улутунуп, графинде турган суудан куюп ичмек болуп ордунан козголду. Аны дароо түшүнгөн Сатина ордунан тура калып, көк кашка мөлтүр суудан стаканга толтура куюп, Даныкеге сунду, Жигит стаканды колуна алды. Бирок манчалары безгек болгон кишиникинен бетер титиреп-калчылдап жатты. Стакандагы суу жигиттин оозуна жеткенче столдун үстүнө төгүлүп-чачылып Даныкенин айласын кетирди. Чала-була ичип стаканды столго коё койду. Баятадан бери бул жагымсыз көрүнүштөн жүрөгү сыздап эмне кыларын билбей дел боло түшкөн Сатинанын өңү куп-куу болуп чыкты.

– Мен ушинтип калгамын, Сатинаш.

– Ден соолугуңду калыбына келтирүү үчүн жүз грамм керек болуп турган экен да.

Жигит чыбырчыктаган маңдай терин кол жоолугу менен сүрттү:

– Жок, жок, андай мезгил да болгон. Кечээ жакында эле. Эки күндөн бери эртең менен гимнастика ойноп, муздак суу менен сүрүнүп жатам.Анткени сени көрдүм, өзүңдү кайра таптым. Кайра калыбыма келишим керек да. Жок дегенде күйөөгө тийип кеттим деп жалган катты жазбай койгонуңда эмне. Табат элем го сени.

Сатинанын жашы көзүнүн чарасына чогула баштады. Унчукпаган калыбында Даныкенин сөзүн кунт коюп угуп олтургандай кебетеси бар. Бир оокумдан кийин гана башын өөдө көтөрүп, Даныкени жалдырай тиктеди. Анын көзүнүн чарасына толуп турган жаш кирпигинин ирмеми менен мөлт дей түштү. Сумкасынан бет аарчысын алып жашын сүрттү:

– Энең өзү келип, балдарынын бактысы үчүн, сени сурап жатса, кантип ишенбей коюуга болот. Каскак болбоюн дедим. Көрсө...Бет аарчысын кайра салып, сумкасын ордуна койду. – Качантан бери ичесиң?

– Эмнени?

– Аракты.

– Сенден кийин иче баштадым... – Кабагы түйүлдү. – Күйүткө күйүп кеткендиктен, эмне кыларымды билбей аракка башымды малып жибериптирмин.

– Эх, Данavailableке, Даныке, кантип эле күйөөгө кетип калды деп ойлодуң экенсиң. Чын сырымды айтсам, сенин күйүтүң мага да турган жок. Адам көтөрөт экен да. Минтип турмушка да чыкпай калдым. – Сатина ордунан туруп терезе парданы оңдоп коюп кайра олтурду.

– Сени көргөндөн бери ичкиликти такыр таштадым. Ичпейм мындан ары.

– Көрөбүз.

– Көрөсүң. Дагы эмне тапшырмаң бар?

– Колхоздо прораб болуп иштегенге кандайсың?

– Прораб? Киши жок бекен? Сатина жылмайды.

– Бөтөлкөнүн ичинде жүрүп, өз айлыңды да билбей калыптырсың го. Иштейсиңби?

– Иштейм. Только сен үчүн. – Ордунан тура калды.

Сатина туруп келип Даныкенин жанына токтоду.

– Иште. – Жигит кыздын колун калтыраган манчалары менен кыса кармады. – Мени уятка калтырба – деди Сатина.

– Ишенип кой, Сатинаш. Мага мурун кандай ишенсең, азыр да... Коркпо, бардыгы жайында болот.

Кол алышты экөө.

– Ишендим. Кете берсең болот. – Кыздын көздөрү жоодурап ууртунан жылмайды. Бешенеси бактылуу балбылдап турду.

Даныке кеткенден кийин Сатина кабинетинен түндүн бир оокумунда чыкты. Ошол жерде кылчаңдап кетпей турган Сатаркул Сатинага жете келди.

– Көпкө иштедиңиз го...

– Башкарма жигитти карап күлүмсүрөп койду. Кыз башкарманын бүгүн көңүлү жай экенин зоотехник дароо байкады.

– Жумуш бар беле менде?

– Узатып коёюн деп...

Сатина өзүн күтүп, ушул тегеректе айланчыктап жүргөн Даныкени көз оту менен издеп жүрөгү түрсүл согот. Башкарма менен Сатаркул жарым көчөдөй узаганда Даныке аларга жете келди.

– Саломалейкум!

Зоотехник бүгүн Даныкени көрө элек болучу.

– Алейкума салам. – Бурула карады. – Караңгыда таанybай жатам.

Сатаркулдун дел боло түшкөн кебетесине кыз каткырып жиберди. Бул күлкү Сатина менен Даныке сүйлөшүп жүргөндөгү махабаттуу, бактылуу күлкүнүн өзү болучу. Сатаркул кыз башкарманын мындай күлкүсү бар экенин кийин-соңку уга элек эле. Ичи элжирей түштү. Бирок ойдо жок жерден тигил бейтааныш жигиттин келип, минтип максатына тоскоол болуп жатканына кыжыры келди.

– Сатаркул, капа болбосоңуз, мени Даныке жеткирип койсун.

– Даныке?! Кайсы Даныке?

– Бул айылда Даныкелер ошончолук эле көппү?

Сатаркул катарына келип токтогон жигитти чолуй бир карап алды:

– Аа, сен биздин Даныкесиңби? Эми тааныбадымбы. Сиздер таанышсыздар го. – Экөөнү алмай-термей карады.

– Ооба, тааныш элек.

– Да. Билген эмес экенмин. Анда кечирип коюңуз, Сатина Көкүмбаевна! – Жигит көргөн көзүнө, уккан кулагына ишенбей, Даныкени тиктей берди. Турган ордунда катты.

Сатинанын бул мамилесинен кийин Даныкенин төбөсү көккө жеткендей, Сатаркулдун алдында зоболосу көтөрүлө түштү. «Менин жоготкон бактым» – деп ойлоду ал көңүлү чалкып.

* * *

...Сатинанын энеси бүгүн да кызынын жолун тосуп жүргөн болуучу. Жанына жигит ээрчиткен кыз энесинин алдынан утурлай басты:

– Кудай ай, үйгө эле олтура бербейсиңби, караңгыда куурабай.

– Бүгүн күндөгүдөн көп кечиктиң го, каралдым.

Жаныңдагы кайсы бала?

– Бая күнү мени узатып келген жигит, энеке. Тааныштырайынбы, сиз менен. – Жигитке бурула карады. – Даныке, энем менен таанышып койчу. Бул менин энем.

Жигит тарткынчыктай түштү. Канча кылган менен эненин сүрү оңойбу. Болгондо да Сатинанын энеси. Балким, кайын эне болуп калар.

– Жүрү кагылайын, атың Даныке тура. Тамак даяр. Үйгө кирип Сакин менен даам татып чык. Бешенеңди жарыкка киргенде көрбөсөм...

Жигит кызды карады. А Сатина болсо, «кире бер» дегендей, каруусунан кармап койду...

## АК ЧАЧ АЯЛ

*(Повесть)*

Таӊ атканча нөшөрлөп жааган жаандан кийин чайыттай ачылган Каркыранын бетегеси белден буралган түз талаасы демейдегиден сулуу, демейдегиден көрктүү болучу. Жаратылыш марттык менен тартуулаган кыргыз жайлоосунун көркүнө көрк кошконсуп, бетинде бир үзүм булуту жок ачык асман кудум жууган хрусталга окшойт.

Капаз сулуулукка суктанып көөдөнүн кере дем алып эки-жагын ач көздүк менен айландыра тиктеп күлүмсүрөп турду. Бир кезде колундагы дүрбүсүн көзүнө кармады. Жайытка айдалып бараткан короо-короо койлор кумурскадай жыбырап бет алдына келди. Уйлар мөөрөп, жылкылар кишенеп айлана шаӊга бөлөнгөнсүйт. Ар кайсы жерде чачыла алыс-алыс тигилген боз үйлөр. Алардын алдында коюлган самоор, казан асылган очоктордон түтүндөр бырыксыйт. Үйлөрдөн обочорок жерде колдоруна таяк алып качма топ ойноп жүргөн чыт курсак балдар. Жигит аларды карап туруп ууртунан жылмайып койду. Капаз дүрбүсүн оӊдоп башка жакка кадады. Үстүндө кызыл байрак желбиреген дардайган эки үй-палатканын танабы тартылды. Мелдеште биринчиликти жеӊип алган биздин колхоздун саан гурту деп ойлоду. Ак халат кийгени кыз-келиндер жүрүшөт. Алар сүттөн бошогон идиштери менен чакаларын жууп күнгө жайып жатышат.

Азыр эле ынак сүткө толгон цистерналуу машиналарды Капаз жолдон кезиктиргенин эстеди. Саан уйларды кайсы жайытка чыгарышты болду экен деп малчылар менен баданы издей баштады...

Жигит өзүнөн анчалык алыс эмес жерде тигилип турган боз үйдүн түрүлүү турган эшигинен чыккан үндөн селт эте, эки-жагын элеңдей карады.

– Оо, жолоочу үйгө кирип кымыз иче кет.

Капаз өзү түшүп келе жаткан жеңил автомашинасын бир карап алып, алиги бейтааныш адамдын чакырыгы чыккан жакка ылдамдай басты. Жигит киргенде орто жашап калган киши төшөк үстүндө чапанын желбегей жамынып, кош жаздыкка чыканактап олтурган болучу. Чоочун жигитти көргөн үй ээси башын салмактуу көтөрдү.

– Кел, кел балам.

– Саламалейкум аксакал.

– Алекима салам. Жогору өт.

Тигил киши арбайган шадылуу колдорун төрдү көздөй жаңсады.

Зоотехниктин көзүнө анын бир жак көзүнүн жогу, анан ошол жаккы бет сөөгүнүн чүкөсү бөксөрүп мурдуна чейин тырыйып, ээгине чейин эңшерилген жарым жаагы дароо чалдыкты. Бул көрүнүш анын Улуу Ата мекендик согушка катышканын, анан андан оор жарадар болуп кайтканын айгинелеп турду. «Ок жолу ичке» деген ушул. Мерчемдүү жерине тийип баш сөөгүн талкалап кетпей, кыйгач кайып өткөн экен деп ойлоду Капаз ичинен. Анын көрүнүшүнө зээни кейиди. Согушта курман болгон өз атасын ойлоп жүрөгү тыз деди. Ал атасын да көргөн эмес. Курсакта калып атасы жокто төрөлгөн.

– Балам, тээтигил жүктүн бурчунда көөкөрдө кымыз бар. Алды сага буюрган экен. Өзүңдү жумшаганыма капа болбо, Бери алып келип мага жакын олтур. Суусунуң канганча тартынбай ич. Кымыз адамдын каны эмеспи. Жөн-жайды андан кийин сурашалы.

Жигит бу кишинин ноокас экенин билди. Биринчи куюлган кымызды үй ээсине сунду.

– Келиңиз ата.

– Ала кел балам. Кымыз ичкендей болсом ушинтип жатамбы. Жүрөгүмө оңчулуктуу тамак баспайт.

Капаз кесеге мелт-калт куюлган кымызды тамагына түйүлө калып эки-үч бөлүп жутту.

– Кымызды эки сабага бөлө куюп күрдөп жатабыз. Жакага да алып кетпей калышты. Ушул жерде малчылардын майрамы болот деп эле дүрбөлөң түшкөн жан. Кантсе да райондон келаткан полдомочусуң го балам.

Капаз кесесин жерге койду.

– Райондон эмес эле колхоздон келдим аксакал.

– Кайсы колхоздон?

– Лexcellentинден.

– И-и, лениндикмин де. Жылда саан уйларыңар бөксө жайлоолорго чыгуучу эле. Ооба, ооба, быйыл Каркырада эмеспи. Силердин малчылар биз менен карым-катнаш жасап турат. Жакшы сөзүң бар экен карагым. Жарыктык Каркырадай касиеттүү жайлоо барбы. Чөбү ширелүү, суусу тунук. Казак менен кыргыздын малына мал кошкон, майына май кошкон баганалуу жер тура. Эки элдин төрт түлүгү чайканды келбеген кенендигин айтасыңбы. Эзелтен казак менен кыргыз кымызды бирге ичишип, шеринени бирге жешип, ат чаап, улак тартышып, кыз берип, кыз алышып, конушту бирге чалышып, жайытты бирге жайлашкан түбү бирге эл экен го. Бул кымызды ошол казак туугандардан келүүчү меймандарга арнап жасатып жатышат.

Капаз үй ээсине тамашалай сүйлөдү.

– Анда бул кымыздан кыргыз ооз тийбейт деңизчи.

– Жо, балам андай эмес, башка кымызчылар да бар. Жетишет го баарына. Өзүң колхоздо эмне кызмат иштейсиң? Өзүңө караганда бир жерден көргөндөй болом. Бирок, кайдан көргөнүмдү эстей албай койдум.

– Көрсөңүз көргөндүрсүз. Колхоздо башкы зоотехник болуп иштеп жатканыма эки жыл болуп калды.

– Түзүк, түзүк. Жакшы кесибиң бар экен балам. Кана кымыздан иче олтур. Бирдемени сурай берет экен деп капа болбо. Өзүң кайсыл жердин кулуну болосуң?

– Чүйлүкмүн.

– Чүйлүк?! Чүйлүк болгондо?

– Кеминден.

– А-а, кеминдикмин де?! Үй-бүлөлүүдүрсүң?

– Жок ата, үйлөнө элекмин.

– Жаш турбайсыңбы? Аман болсоң баарына жетишесиң. Андан көрө эл-журттун тынчтыгын, дениңдин сактыгын тиле. Мындан ары бир түрү суук сокур жылкычы бар эле деп жайлоого келсең кайрыла жүр. Кокустан бул жерден көчүп кетсек Баатыр атамдыкы кайсы жерде десең ким болсо да айтып берет.

Жылкычы дагы бирдеме айтчудай болуп келип унчукпай калды. А Капаз болсо оорулуу кишини эмне үчүн жалгыз таштап кетишкен деп эки жагын айландыра карады. Аты Баатыр экен деп ичинен кайталап койду.

– Баатыр ага, сизден башка эч ким көрүнбөйт го? Балдарыңыз кайда кеткен?

Сокур кишинин жалгыз көзү жылт дей түштү. Мукактана сүйлөдү.

– Э куруп калсын, курсактан чыккан бала жок чырагым. Атым Капаз дедиң беле?

– Ооба, ата, Капаз.

– Армансыз дүйнө болбойт тура Капаз балам. Мал десем мал, үй десем үй бар. Алты бөлмө там салдыргамын. Бирок, ээлеп калар ээси жок. Ажал жетип, күн бүтүп кемпир экөөбүз өлүп кетсек тапканыбыз талаада калып, жыйганыбыз жылас болчудай.

Капаз ыңгайсыздана түштү. Ойдо жок жерден балачакасы жөнүндө сураганына, тигил кишинин жүрөктөгү жарасына тийип алганына өкүндү.

– Кечирип коюңуз, мен байкабай эле...

– Эчтеме эмес. Мындай сөзгө, мындай суроого бышуу кулак болуп бүткөн кишимин.

– Көп жылдан бери жылкы багасызбы?

– Ооба көп болду.

– Байбичеңиз тың го сыягы.

– Мага караганда жаш. Ден соолугу да жакшы. Ошон үчүн жылкы багып, бээ байлап жүрбөйбүзбү. Кемпирим жардамчы табун, өзүм старшиймин. Өпкөмдүн өнөкөт оорусу кармап жыгылгамын. Догдурлар келип дарылагандан бери оңолуп калдым. Анын үстүнө оң бутумда осколка бар. Күн бүркөлсө кошо бүркөлүп жатып калам. Ушинтип жалгызчылык жанга батып, күн көрүмүш болуп басып жүрөм. Эл үчүн иштейин деген далалат. Эл – мазар эмеспи.

– Албетте. Кап, байбичеңнз төрөбөгөн экен да.

– Төрөбөдү. Бул менин төртүнчү аялым. Бири менен согуш ажыратты, бири мени чанып кетти, бирин өзүм чанып кетирдим. Бул дүйнө ушундай оомалуу-төкмөлүү, ойку-кайкысы көп неме тура. Айтып олтурса жүрөк толгон зил. Кымыздан ичсең балам.

– Рахмат, ичип жатам.

– Ата-энең барбы? Эче бир туугансың?

– Атам жок, энем бар. Согуш менин бир башымды эки кылбай, өз энчисин берип кетиптир. А апам болсо мени өстүрүп, экинчи турмушка чыкпай олтуруп калыптыр.

– Баракелди, азамат экен апаң, олтурган кыз орун табат деген ошол. Энеңдин эмгеги текке кетпептир. Атаң да өлбөптүр. Сендей болуп артында туягы калган киши өлмөк беле.

Ал өзүнүн жүрөгү менен жүрөктөш, болгондо да бири-бирине алгачкы махаббатын арнаган жаш колуктусу жөнүндө ойлоду.

«Мен сени өмүр бою күтөм!» – деген бир кубаттуу үн кулагына угулду.– Оо дүнүйө,– деди оозун кымтып, ичинен түтөп.– Анан күткөнү кайсы?!–Жылкычы капысы-

нан катуу үшкүрүп алып ойго батып тунжурап олтурган калыбында минтти:

– Балам, аял затынын баары эле сенин энең окшоп айтканын айткандай, дегенин дегендей аткара бербейт тура. Убаданы бири орундатса, бири орундатпайт. Бүгүн бирин сүйсө, эртең экинчисин сүйө берет.

Капаз тигил кишинин элүүнүн жоон ортосуна барып калса да сүйүү жөнүндө айтып, оозунан көк түтүн бурап олтурганына таңданды. «Адамдын өзү карыса да, жүрөгү карыбайт окшобойбу» – деп ойлоп кытмыр сурады:

– Сүйүү туруктуу болбойбу?

– Болбойт,– деди жылкычы кесе.

Алган жообуна канааттанбагандай, Капаздыи ийнин куушурганын байкай койгон кыраакы жылкычы башын салмактуу көтөрдү:

– Мен аялга ишенбей көңүлүм калган жайым бар уулум. «Өлүп ажырашпасак, тирүү ажырашпайбыз» деп анттышып-шерттешкен ак никелүү колуктумду чочутуп, жүрөгүн майтарып аламбы деп госпиталдан чыккандан кийин түз эле айылга кеттим. Элге келгенден кийин эсимден кетпеген жаркынымдын ал абалын билейин деген максат менен кат жаздым. Согуштун мага берген энчисин да жашырганым жок. Арадан көп убакыт өтпөй жазган катыма жооп алдым.

Жылкычынын жылдызы өчүп өңү түктөйүп чыкты.

– Эмне деп жазыптыр? – деди жигит тынчсызданып.

– Өзү жазбай күйөөсү жазыптыр.

– Күйөөсү? Эмне күйөөгө чыгып кетиптирби?

– Сыягы мен госпиталда жатканда чыкса керек. Беш-алты ай кат келбей калсам өлдү деп ойлогон го...

Капаз шашып кетти.

– Күйөөсүнүн өлүү-тирүүсүн билбей туруп эрге тнйип кеткен келинчегиңиз күнөөлү экен да.

– Мен аны күнөөлөгүм келбейт. Чындыгында бардыгына согуш күнөөлү. Мына карачы, каргашалуу согуш болбосо өзүң жетим, энең жесир калбайт эле да.

– Аныңыз туура деңизчи. Бирок...

– Сени көпкө кармап койдум окшойт балам ой-тоону айтып... Сенин энеңден улам эскирген дартым эсиме түшүп кетти.

– Эч нерсе эмес.

– Кымыздан ичсең балам.

– Ичтим, рахмат сизге. Капа болбосоңуз кайтайын.

– Тамак-аш да ичпей кеттиң. Кемпир келсе казан астырып, түштөнүп кетсең болот эле. Жылкыларды алыс айдап кеткен окшойт, мынчалык кечикчү эмес эле.

Капаз ордунан туруп, үй ээсинин колун кош колдоп кармады.

– Тез сакайып кетиңиз. Колуңуздан бал татыган ууз кымызыңызды ичип, жакшы сөзүңүздү уктум. Даам ичет деген мындан артык болобу. Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш дейт. Шарты келсе келип турармын аксакал.

– Келип турармын дебей эле, келип тур кагылайын...

Капаз чыгып кетти. Тигил киши болсо жигитти ээрчий караган калыбында көз оту менен узатты. Кайдан, кимдикинен көргөнүн эстей албай ою онго бөлүнүп, санаасы алда-кайда чабыттап турду.

Зоотехник машинасына олтуруп узай бергенде Баатырдын үйүн көздөй бир үйүр жылкы айдаган ак кементай кийип, башына чоң карала шалы жоолук салынган аял көрүндү. Жылкылардын каңырты жер дүңгүрөтүп, катуу келатты. Капаз азыр эле өзү кымыз ичкен үй ээсинин аялы экенин жазбай тааныды. «Азамат аял экен. Атка отурганын кара кадаган чегедей болуп. Чындыгында эле жетпеген дүнүйөсү бала экен да бечаралардын...» Жылкычыны кылчаңдай караган Капаз узап кстти...

* * *

Каркыранын койну майрам түрүнө келген. Кырка тизилген автомашиналар менен жеңил машиналар жер

жайнайт. Аттуу, жөөлүү адамдар кымкуут. Каз катар тигилген боз үйлөрдүн төбөсүндө кызыл туулар соккон желге ыргалат. Бул салтанат райондун жалпы малчыларынын майрамдык слету болучу. Жасана кийинген кыз-келиндер, уландар менен карылар, интеллигенттер. Алар өздөрүнчө топ-топ болушуп, жайдары жүз менен көңүлдүү сүйлөп, каткырып күлүшөт. Көчмө дүкөндөр, автолавкалар бир жагында өз соодаларын жүргүзүп жатышса, дагы бир жагында дүйүм даамын жайнаткан ашпозчулар. Бирок, малчылар ага да, буга да карабай тактайдан уруп жаңы жасалган трибунанын жанына чогулуп, жашыл туланды жапырып жайланышып олтура башташты.

Слет ачылды. Жетекчилер малчылардын ийгиликтери жөнүндө биринин артынан бири чыгып сүйлөп жатышты. Арадан көп убакыт өтпөй тизмелер чакырылып алдыңкыларга өкмөттүк жогорку сыйлыктар, баалуу белектер тапшырыла баштады. Эмгек азаматтарын куттуктаган үндөргө кошулуп, чабылган колдор дүркүрөп абага көтөрүлдү.

Бир кезде Кыргызстандын кырк жылдыгы атындагы колхоздун жылкычысы Асанкадыров деген үн уу-дууну басып кетти. Аңгыча кыргызча тигилген келишимдүү көк нооту чапанынын сыртынан кездеме кур менен белин кындай курчанып, суусар бөрктү баса кийген сокур жылкычы элдин ортосунан аркардай болуп чыга келди. Капаз дем ала албай калды. Эки көзү жылкычыдан өттү. «Өмүрү текке кетпеген адам турбайбы» деп ойлоду жигит өзүнөн өзү толкундап. «Бекер кишинин колунан даам татпаган экенмин». Анын кең көкүрөгүндө катар тагылган Кызыл жылдыз, Ленин, анын катарында III даражадагы даңк ордендери, толгон токой медалдар күн нуруна чагылышып тигил кишинин көркүнө көрк кошкондой балбылдап турду. «Баатыр атанын басып өткөн жолу ырдала элек обон, жазыла элек поэзия, аяк-башына көз жетпеген романтикадай» болуп көрүндү Капазга.

Сыйлыкты тапшырып жаткан адамдын сыймыктуу чыккан ар бир сөзүн жаздым кетирбей кулак төшөгөн Капаздын көздөрү ойноктоп бирде райондун жетекчилерине, бирде сокур жылкычыга, бирде кыркар тартып олтурган адамдарга алмак-салмак кадалат.

– Өкмөттүк жогорку сыйлыгыңыз менен Баатыр ага.

Ал тигил кишинин төшүнө дагы бир эң жогорку сыйлык Октябрь революциясы орденин такты. Колун кош колдоп кыса кармады.

– Эмгегиңиз эмгекке, бактыңыз бакка улансын! Ар дайым үй-бүлөңүз менен ден соолукта болуп, узак жылдар бою өмүр сүрүңүз. Дагы-дагы залкар ийгиликтерге жетишиңиз...

Баатыр жылкычы Капаздын көзүнө жомокто айтылуучу алп киши сыяктуу көрүндү. Адамды бактылуу кылган да, сулуу кылган да эмгек экен деп ойлоду. Анын бая күнкү чарчаңкы жалгыз көзү чарасына батпай бактылуу балбылдап, оттой жанат. Азыр анын бет сөөгүнүн чуңкуру да, тырыгы да, жаагынын кеми да Капазга билинбей, бардык адамдан сулуу, бардык адамдан сүрдүү болуп көрүндү. Трибунада Баатыр сүйлөп жатты. Капаз бул карапайым жылкычынын мынчалык чечен экенин ойлогон эмес. Ал адегенде өз чарбасындагы жетишкендиктер, алдыңкы адамдар жөнүндө айтып келип, кетирилип жаткан айрым кемчиликтерге токтолду. Сөзүнүн акырында өзүнө жогорулатылган милдеттенме алды. Жүз бээден жүздөп кулун алып, жылкыларынын башын эч бир чыгашасыз аман асырай тургандыгын айтты.

«Эмне деген асыл адам. Туяксыз өтүп баратам деген гана өкүнүчү болбосо эмне деген бакыт». Капаздын көңүлүнөн ушундай күү кетпей турду. Ал студент кезинде газета, журналдарга чакан аңгеме, очерк, макалалар жаза коюп жүрүүчү. Бирок, кийин чарбага келгенден бери эч нерсс жаза албай калды. Күнү-түнү чапкылап талаа-түздө, ой-тоодо мал, мал деп малдын артынан жүр-

гөн кишиде да убакыт болобу. Ал кандай болсо да мүмкүнчүлүк таап ушул киши менен кең-кесири сүйлөшүп, бир жакшы очерк жазууну кыялында бекемдеп койду...

Слет аяктагандан кийип Капаз карыянын кайда кеткенин таппай адашып калды. Учурашпай калганына бушайман болуп бир демге тургандан кийин өз колхозунун малчылары үчүн тигилген боз үйдү көздөй басты...

Жигит жаңыдан эле Мээри баш болгон үч-төрт чабанды машинасына олтургузуп жөнөгөнү жатканда Кыргызстандын кырк жылдыгы атындагы колхоздун селекционери жанына келип токтоду. Ал Капаздан кичүү жигит болучу.

– Капаз аба, сизди биздин Баатыр ата үйүнөн даам ооз тийип кетсин деп чакырып жатат.

Капаз эмне деп жооп айтаарын билбей ыргылжың боло түштү.

– Кимдер бар? Киши көппү?

– Өңчөй меймандар, казак, кыргыз аралаш. Капаз бир демге ойлонуп туруп, жигитти карады.

– Мен өзүбүздүн колхоздун малчыларына бармак элем. Калп айтып улуу кишиге уят болгум келбейт. Эсине алып чакырганына ыракмат. Шарты келсе башка мезгилде шашпай келип кетээримди айтып, кечирим сурады деп салам айтып кой. Ал кишинин сыйлыгын куттуктоо менин да милдетим эле. Бирок...

Капаз Баатырдыкына кайрыла албаган бойдон, өз малчыларын кыдырып жүрүп, башка жол менен кетип калды.

Ошондон бир аз күн өткөндөн кийип жигит түшкү тамакка үйүнө келсе, коңшу аял алдын тосо чыкты.

– Э кагылайын, сени азыр эле конторго барып сурасам районго кетти дешпеди беле. Кап, түшкө чейин күтө турса келмек турбайсыңбы.

Капаздын көзү бажырая түштү.

– Мээри келдиби, апа?

– Жок, ал кыз келбеди. Кыргызстандын кырк жылдыгы колхозунанмын дейт, ырайы мынчалык суук болорбу курган кишинин. Авария-мавария болуп ушинтип калды бекен кургур.

Жигиттин кулагына аялдын сөзү жагымсыз угулду. Унчукпай калды. Тигил аял кайра сүйлөдү.

– Кымыз алып келиптир. Жылкычымын дейт.

– Билем апа. Көп болдубу кеткени?

– Бир саатча болуп калды го.

– Эмне жумуштап келгенин айткан жокпу?

– Жайлоого барса кайрыла кетсин деди. Анан калса алыс жерден келиптир атчан. Каркыра деген кайда?

– Кап. Бекер убара болгон экен да...– Жигит үйдү көздөй басты...

...Капаз Ысык-Көлгө келгенден бери качанкы бир бала кезинде өткөн окуяны эсине түшүрө берүүчү болду. Оюндан от чыккан ошол жагымсыз күндөр алда качан алыстап, эчак эскирип кетсе да кез-кез эсине кылт дей түшөт. Азыр да Капаз ошол күнкү чатакты эстеп жатты. Көз алдына жолдоштору, жолдош кыздары тартылды. Дем алыш күндөрүнүн биринде эркек-кыз аралаш бир топ окуучу чогулуп алып гербарий жыйнайбыз, ышкын теребиз дешип тамак-аштарын көтөрүнүп тоого чыгып кетишти. Жайнаган ар түркүн гүлдөр биринен бири сонун, биринен бири сулуу болуп көздүн жоосун алат. Бул жерден ышкын табабыз, тигил жерден ышкын табабыз деп олтурушуп кызуу менен алыс узап кеткенин да билбей калышты.

Гүлбарчын менен Капаз айылдан чыкканы башкаларга кошулушпай, өздөрүнчө сүйлөшүп бирге келатышты. Кыздын тор баштыгындагы азыгын Капаз өзүнүн көнөккө окшогон түбү тегерек, узунчасынан келген жашыл баркут сумкасына салып алган. Гүлбарчындын кийгени ак блузка, кара юбка. А Капаздын үстүндө таптаза жуулуп тасмалданган жеңи чолок ак көйнөк, кара чий

баркут шым. Моюндарында оттой жанган кызыл жагоо. Экөө он жылдыкты бүткөндө кайда барып окуурун, кимиси кайсы кесипти сүйө тургандыктарын айтышып, өздөрүнчө талкуулаган болушат. Булардын ынтымагын жактырбаган Ыдырыс экөөнү көзүнүн кыйгачы менен карап коюп четтей басат. Ал Капаз келе электе, Гүлбарчындын жанына келип сеткасын көтөрүп алайын деп өтүнгөндө кыз «Ар жакка барчы, уйгактай жабышпай, сенден жардам сурап жаткан ким бар» деп кагып койгон. Ыдырыс Гүлбарчынды эмне үчүндүр жакшы көрүүчү. Бирок, класста болсун, тышта болсун ал ар дайым Капаз менен бирге отуруп, бирге жүрүүчү. Ушундан уламбы, айтор Ыдырыс жок жерден кыйкым таап Капаз менен көп урушчу. Бул сапар андан чындап өч алууну ойлоп келатты.

Чарчаган кыздар да, балдар да ала буурул болуп тердеп-тепчип келип бир караган-бутасыз короо ордундай жашыл бетегенин үстүнө сумкаларын туш келди коё коюшуп көк кашка тунук булакка боюн таштышты. Боортоктоп, жата калышып, шар аккан сууга башын салышты. Ыдырыс баш болгон үч-төрт бала тамак-аштарын көтөрүп алып өздөрүнчө бөлүнүп кетишти. А кыздар менен башка балдар алып келген азыктарын ортого чогуу салышып, дасторкон жайып жибериишти. Капаз менен Гүлбарчын ичинде болгон жаштар жумурткаларын аарчып, нандарын кесип, айран-сүттөрүн идиштерине куюп тамактана башташты.

Капаз стаканга куюп жаңы эле Гүлбарчын берген уй кымызды жутуп жатып, бет маңдайындагы борчуктун түбүндө өсүп турган эки-үч түп ышкынды көрүп ордунан атып турду.

– Ы-ы-шкы-ы-ы-н, ы-ы-шк-ы-ы-н. Мен ышкын таптым.– Колундагы уй кымызды жарым ичкен бойдон кагаз дасторкондун четине коё коюп жүгүрүп жөнөдү. Ыдырыс да, башка балдар да Капаздын артынан чуркашты.

– Мен келгенде эле көрүп, силерге айтпай турган болчумун. Биринчи мен көрдүм, бул менин ышкыным.– Жаңыдан жетип үзгөнү жаткан Капазды Ыдырыс көкүрөк талаштыра бир койду. Капаз аны кулак түпкө берип калды. Экөө кармаша кетишти.

Бир заматта ышкын талашкан балдар эки жаат болуп мушташып кириште. Узун бойлуу чоюндай кара бала Капаз ордунан тура калганда башы менен сүзүп калды. Капаздын мурдунан кан жая берди.

– И-и, cooп болот. Бирөөнүн ышкынын талашкан кандай болот экен.– Ыдырыс жактагы балдар табалашты.

Бети-башы кызыл канга боёлуп, мурдунан аккан канды колу менен баскан Капаз тигилерден четтей берди.

– Эй, сени уккан жок деп турасыңбы?

– Укпасам айтпайсыңбы?

– Билгиң келеби? – деди Ыдырыс. – Билгиң келсе угуп ал. Согуш убагында Зулай эже бир отпускага келген көлдүк солдаттан боозуп калып сени кыз кезинде тууган имиш... Сен Төлөгөн атанын өз баласымын деп жүрөсүңбү?

Капаз мурдунан аккан канга карабай балдарга мышыктай атылды. Ал эч кимден бул өңдөнгөн жагымсыз сөздү уккан эмес болучу. Бул сөздүн чын-төгүнүн Ыдыраска ачык айттырат же аны өлтүрөт. Баланын оюна башка эч нерсе келген жок.

Капаз жолдошторунун жан тарткан сөзүн угуп эреркеп кетти. Таяк жегенин да, мурдунун канын да унутту. Кызыл ала болгон бойдон атылып келип жерде жаткан бир кууураган чегедекти алып Ыдырысты берип калды, Балдар эки жаат болуп былчылдашып жатышты. Гулбарчын балдардын ортосупа түшө калды.

– Баятадан кантээр экен деп койсо күчөп баратасыңар. Болду, токтоткула урушуңарды. Уяты жоктор. Эртең мектепке барасыңарбы же ушул бойдон жапайы каман болуп тоодо каласыңарбы?

Гүлбарчын эркектей болгон ачык-айрым, алдуу-күчтүү шамдагай кыз болчу. Балдарды туш-туш жакка көмөлөтө койду. Ыдырысты жакадан муунта кармап туруп шапалагы менен жаакка берип-берип калды.

– Кана, дагы айтчы Капазды билсең? Биз сени азыр Төлөгөн атанын алдына, андан кийин мектепке, мугалимдерге сүйрөп барабыз.– Гүлбарчын сөөмөйүн баланын көзүнө такады.– Көзүң жаман сенин чекирейип. Жалган айткандыгың, жаман тилиң үчүн Капаздан кечирим сура азыр.

– Эмнеге кечирим сурайм, сурабайм. Чындык да.

– Келгиле балдар, кечирим сурабаса муну өзүбүз эле соттоп коёбуз, байлагыла, карагайга таңып салалы.

– Капаз жалгыз деп ойлоп жатсаң керек. – Арык чырай кубакай бала Ыдырыска муштумун түйдү. – Өлөсүң.

Бир заматта балдар Ыдырыстын эки колун артына кайрып байлап салышты. Жерде томолонуп жаткан өспүрүм жолдошторунун кетүүгө камынып жатышкандыктарын көрүп ыйламсырады.

– Кечирип койгула, мен Капазга андай сөздү экинчи айтпайм.– Ал өзүнүн жолдоштору жардамга келет экен деп ойлогон. Бирок, алар эмне үчүндүр бул сапар Ыдырыска болушкан жок.

Гүлбарчын классташтарына буйра сүйлөдү:

– Болуптур, колу-бутун чечип койгула. Муну менен эртең мектепке барганда сүйлөшөбүз...

Кечинде Капаз маанайы пас келди. Бутун сүйрөй басып эшик алдына токтоду. Эне уулунун кебетесин бир демге тиктеп туруп алаканын шак койду.

– Э кокуй, кокуй кебете-кешпириң кантет? Балдар менен мушташкан экенсиң ээ, алаткүн. Кимден кордук көрдүң? Ким урду сени?

Эне очокто асылган казанда жаңыдан бышып келаткан сүтүн таштап уулун эси оой тиктеди. Кынанын кыраакы көзү баланын бүткүл денесин тинтин жатты. Эртең менен

эле кийген ак көйнөгүнүн жакасы ылдый ботала болуп чыкпай калган кандын тагы. Чекеси томуюп көгала. Өңү түктөйүп, көзү канталап, эрди калбайып шишик.

Көргөн көзүнө ишенбеген Кынанын эси ооп калды. Капаздын үнү титиреп ызалуу чыкты.

– Эне?!

– Эмне? Эмне дейсиң?

– Зулай эжем мени кыз кезинде бир көлдүк солдаттан тууган тура.

– Жалган! – Кына кыйкырып жиберди.– Кандай кара оозуна кан толгон неме айтып жүрөт жок сөздү.

– Балдар айтты.– Ыйлап жиберди.

– Кайсы балдар?

– Мени менен окуган Ыдырыс. Төлөгөн өз атаң эмес деп сабады.

– Сага эч ким болушкан жокпу?

– Болушту.

Кынанын кулагы тунду. Оозуна сөз кирген таңдайы кургап чыкты. Жаныш менен Байыштын ордуна кармап олтурган Капаздын жагымсыз суроосу жүрөгүн алсыратты. Капазга айбат көрсөтүп жүз үйүрүмүш болду.

– Басыл өпкөлөбөй. Ыдырыс эмне сенин атаңдын бешигин терметиптирби?

– Зулай эжем эрге тийген эмес турбайбы?

– Атадан айланган акмак, эрге тийбей Зулай жерге тийип тууду дейсиңби сени. Көрбөй жүрөсүңбү согушта өлгөн атаң Шабданбектин сүрөттөрүн. О, акылы жок акмак.

Бала жоошуй түштү. Эне-бала ушинтип жатканда тыштан Төлөгөн кирди.

– Ой ок тийгир, сүтүң ташып жатпайбы?

– Эмне дейсиң?

– Дениң сообу? Сүт ташып жатат.

Эне селт этип, калтаңдай басып очоктогу казанды чыгарды. Төлөгөн Капазды тиктеп туруп бырс күлдү.

– Киши болгонуң ушул балам. Он бешке чыкканы эч ким менен жекеме-жеке чыгып күч сынашып көрө элек элең. Кантсе да бүгүн балбанга түшкөнсүң го балдар менен. Кана, бери жарыкка келип мага жүзүңдү көрсөтчү?

Капазды колдон алып терезени көздөй жетелей берди эле, бала атасынын колун силкип жиберди.

– Атаңдын көрү о – ой, уулуң жигит болуп калган го Кана байбиче, колум кокустап калды окшойт. О кокуй, билегим зыр дей түштү.– Капазды эркелете, тамашага чалды.

– Карыганча калжыңың калбайт. Бала менен бала болбой коё турчу. Эч нерсеге түшүнбөйсүң ээ кууураган шордуу. Уулуң баякы Байчубактын баласы Ыдырыстан таяк жеп келиптир.

– И-и, көрүп турам. Эки бала урушат, эртеси кайра табышат. Эмне, Ыдырысты барып союп кел, баламдын өчүн алып бер деген турасыңбы?

– Ооба, ошент. Барып ата-энесинин алдында мууздап кел. Капазды Төлөгөндүн баласы эмессиң дептир, кан кусуп өлгүр...

Баласынын айткан сөзүн төкпөй-чачпай уккан Төлөгөндүн каны ичине тартып, муруттары сербейди. Күтүлбөгөн суук кабарды угуп анын ичине да дүрбөлөң түштү. Аппак никеден туулган ак баласынын беделин сындырып кара кылып олтурган тентекти ата-энесинин алдында экинчи мындай сөздү айткыс кылып келүүнү ойлоду. Ал тышта байлалуу турган тору быштысына секирип минип, камчысын бүктөй кармап Байчубактын үйүн көздөй бет алды...

Ошол күнү кечинде Байчубак менен аялы Ыдырысты ортосуна алып, Төлөгөндүн үйүнө келишти. Ыдырыс Капазды көрөрү менен мойнунан кучактап ыйлап жиберди.

– Мен сенден мурда эле кечирим сурагамын. Азыр да чоң энем менен чоң атамдын алдынан өтүп, сенден дагы кечирим сураганы келдим. Мен ал сөздү калп айткамын. Сени жеңилсин деп эле...

Бала Ыдырысты түртүп жиберди.

– Бар ары. Мен сага жеңилгендей эмне күнөө кылдым эле. Түшүндүм сага. Эми экинчи экөөбүз жолдош болбойбуз...

Классташы экөөнүн ортосунда болгон окуя Капаздын жүрөгүндө сакталып кала берди. Убакыт өтүп жатты. Каникул күндөрүнүн биринде эжесиникине келип жүрүп калды. Зулай жумушка кеткен. Капаз сандыктан бирдеме издеп жатып Шабданбектин бир топ каттарын таап алып, бардыгын бир баштан кайра-кайра окуп, кайра-кайра ары-бери карап бир далайга олтурду да, өзүнүкүндөй кылып ордуна кайта билгизбей салып койду. Эжесинин күйөөсү бар экенине, анан ал Ата мекендик согушта курман болгонуна ошондо гана ишенген. Жаштык жалын, жүрөк толгон кусалык, келечекке болгон канаттуу үмүт менен жазылган бул каттар Капаздын жүрөгүнө чок салган. Ыйлагысы келген...

Төлөгөн каза болгон кезде Зулай дагы эле баякы согуш убагында атасы экөө эмгектенүүчү ДЭУда иштөөчү. Жумуш мурдагыдай оор эмес эле. Бардыгы машина менен иштетиле баштаган кез. Поезд жол небак бүтүп пайдаланууга берилген. Капаз онунчу классты бүтүп жаткан жылы энеси Кына көз жумду.

Зулай жумушунан бошонуп, айылга көчүп келип, алардын түтүнүн өчүрбөй, турмушка чыкпаган бойдон Капаздын тилегин тилеп олтуруп калды. Бирок, жаш аял күйөөдөн калганы менен эмгектен калбады. Колхозго келери менен сүт-товар фермасына саанчы болуп орношту. Ал кезде Капаз Фрунзедеги айыл чарба институтунун зооветеринардык бөлүмүндө окуп жаткан. Бала өз энесинин деми, өлгөн таята-таянесинен калган оокаттын, бирин-эки малдын жугдары менен бардар студенттердей болуп, эчтемеден кемибей, татынакай кийинип, бир эли курсагы ачпай жүрүп окуусун бүттү.

Жигит ушуларды ойлоп жатты. Бир кезде Зулайдын айткан сөздөрүн эстеп кайра баштан өткөн балалык күндөрүн ойлоп кыялга батты. Институттун биринчи курсун бүтүп жайкы каникулда айыл чарба жумушуна жардамдашып жүрүп, үйүнө суранып дем алышка келгенин эстеди. Ал сүт тарткан машинадан түшкөндө асман кулап жерге түшкөнсүп, тоо койнун жылчыксыз кара булут каптап, жаан көнөктүн чоргоосунан куюлгансып шатырап төгүп турган. Капаз эки жагын аялдабай түз эле эжеси Зулай туруучу үй-палаткага жүгүрүп кирди.

Палатка ээн. Чатырдын таарын үстөкө-босток ургулаган жаандын дабышына кошулуп, айланадан уйлардын мөөрөгөнү, адамдардын сүйлөгөн сөздөрү, чакалардын шалдыраганы угулат.

Капаз бир демге ошол дабыштарга кулак түрүп, эжесинин үнүн издеп бир демге селейип турду. Бирок, Зулайдын үнүн алардын арасынан ажырата албады. Бир заматта чыйрыгып чыкты. Жүктүн үстүндө турган эжесинин кара тукаба чапанын жамынды. Капаз жаңы эле, чайнекке суу куюп, үч биликке койгону жатканда коңшу палаткадан тестиер өсүпүрүм чуркап кирди.

– Капаз аба,– өспүрүм уялыңкы мурдун шуу тартты,– Зулай эжем сизди келет деп күтүп жаткан. Азыр саанда. Сизди кокус келип калса эч жакка чыкпасын, суукка урунат деген. Алар азыр келет.

– Күндө күтөбү?

– Ооба, дайым эле ылдый жактагы чоң жолду карай берет…

Капаздын жүрөгү мыжыла түштү. «Байкуш эжем, мени күтө берип зарыккан экен». Оор улутунду. Турмуш деген ушундай оомалуу-төкмөлүү экен да. Акыры көнбөй жүрүп чарбага да, колхозчулардын турмушуна да алынышып кетти.

Жигит үч биликтин жалындап жатканын көрүп, кичирейтип жаңы эле бурай баштаганда тыштан башынан

аягына чейин сыгып алма суу болгон Зулай кирип келатты. Анын эти менен эт болуп чыпташкан чапан-көйнөгү менен башындагы жоолугунун астынан чыккан маңдай чачынан ылдый жаандын суусу агып турду. Зулай суу болгон муздак колу менен уулунун мойнунан орой кучактап чекесинен, көздөрүнөн, бетинен алмак-салмак өпкүлөдү. Эне жытын сагынып келген Капаз да Зулайга ыктай берип алкымынан шуу-шуу жыттады. Ак жуумал жүзү күнгө күйүп, тотуга түшкөн Капаздын көрүнүшү Зулайдын жүрөгүн булкуп алды. Ичинен аяп, ичинен түтөп турду.

– Аябай үшүп кетиптирсиз эже. Жаанда калып куураган турбайсызбы? Мен сизди эмне болуп жатат экен деп санаам тынбай эки күнгө суранып келдим. Ден соолугуңуз жакшыбы? Кызыл жүгүрүккө мыядай аба ырайы бычак да. Бекер эле саанга кирбедиңизби?

– Көнүп калдым балам. Эски дарт айыкпайт тура оңой менен. Баякы согуш убагында кышты кыш дебей, суукту суук деп билбей жанды таштап иштеп жүргөндө тапкан таберигим болду го бул дарт. Жок дегенде сен окууңду бүткөнчө ооруп-сыктабай иштеп турсам экен. Жүрөгүм уруп түн ичинде жакшы уктай албай жүрөм. Мен эмне болсом болоюн, сен таза болчу. Ачык машинага түшүп куураган турбайсыңбы? – Зулай чечинип жатып кобурай берди.

– Кабинага олтуруп келдим, бош экен.

– Кудай жалгап, ырас болгон тура. Шофер да илбериңки жакшы бала. Сенин келгениңди ошол айтты.

– Сизди ударник болуп иштеп жатат,–деди ал мага. Зулай күлдү.

– Ушул жарым жылдыкта гурт боюнча экинчи орунду алдым.

– Кыйын саанчы болгон турбайсызбы?!

– Ден соолук гана кендиримди кесип жатпайбы. Болбосо... Колхоздун жетекчилерине ыракмат. Сыйлыкка

килем жазыптыр. Жүктө турат. Сен колукту алганда тушуңарга тартып аласыңар ырысым.

Капаз уялыңкы жылмайды.

– Эмне күлбөй калгансың? Күлкүңдү сагындым, каралдым.

Капаз эжесинин сөзүнө каткырып күлдү.

– Сиз менин өзүмдү сагынбай эле күлкүмдү сагынат окшойсуз. Сүйлөгөн сөзүмдү, үнүмдү дагыбы?

– Аны айта албай жатпайымбы.

– Кеткенче күлүп да берем, сүйлөп да берем, ырда десеңиз ырдап да берем.

– Ошентсең каралдым. Бирок, кеткенче жүдөйсүң го. Жайлоодо күн ушинтип тез-тез жаап турат экен. Баса, тигил мен иштеген участкага барган жоксуңбу?

– Кайсы?

– Жолчуларга. Мени издеп эч ким келбеди бекен? Балким кат-кабар бардыр?

– Барбадым. Сиз ал жерде болбогондон кийин кимге барам?

Эне-бала унчукпай калышты. Аялдын үнү бир оокумдан кийин каргылданып чыкты.

– Колхозго дагы канча күнү жардам берет экенсиңер?

– Бир ай.

– Эгер убактың болсо кайра келатканда жолчуларга кайрыла кел. Ал жерде мени менен эчен жылы бирге иштеп, турмуштун оор жылдарында жарты буудайды жара чайнашып, ачка айланып, токко толгонушкан бир туугандай адамдар көп. Сени алар өз баласындай тосуп алышат.

– Аны билем дечи. Бирок...

Зулайдын оюнда балким Шабданбектен кат-пат келип калдыбы деген үзүлбөгөн үмүт дагы эле удургуп турду. «А балким өзү келип таппай кеткендир. Оо, шордуу башым. Үйдөн сүтү төгүлсө, тыштан музоосу эмет деген ушул... Балким кат келип калсачы?»

– Ким кат жазып, ким келмек эле? – деди Капаз эжесин жалт карап.

– Үмүтүм али үзүлө элек уулум. Балким Шабдан... Баланын кабагы түйүлдү.

– Коюңузчу, келгендер эчак келип, өлгөндөр өлүп бүттү да. Согуштун аяктаганы качан? ...

Капаз ушуларды көз алдынан чубуртуп качанкы бир көргөн картина сыяктуу биринин артынан бирин эсине түшүрө берди. Анын көңүлүнө Ыдырыстын бир кезде «Ысык-Көлдүк солдаттан туулгансың» деген сөзү түштү. Эжеси эже эмес эле эне болуп чыкканын ойлоду. Зулайдан сураган өз сөзү, өз үнү кулагына угулуп турду.

– Эже, атам (ал Зулайды эже дечү) кимге окшош эле?

Зулайдын өңү уулунун суроосуна тамылжый түшүп, үнү каргылданып, сөздү бөлүп-бөлүп сүйлөдү.

– Атаңдын көзү менен маңдайы сага окшош болучу.

– А боючу?

– Бою да. Сага окшоп тартайган шордуу эле.

– Атама дагы кайсы жерим окшойт? Эл мени сага окшош деп жүрүшпөйбү?

Зулай күлүмсүрөдү.

– Мага да, атаңа да окшошсуң?

– Кантип эле бир кишинин өңү эки кишиге окшоп калсын.

Зулай уулунун сөзүнө дагы күлдү.

– Оозу-мурдуңдун гана мага окшоп калганы болбосо Шабданбек кургур так эле сен түспөлдүү эле. Үнүң менен күлкүң кудум эле атаңдын үнү, атаңдын күлкүсү.

– Ынтымактуу жашоочу белеңер?

Зулай уулуна жооп бербей буула түштү. Аңгыча чагылган чарт этип, күн күркүрөп күлдүр-шалдыр түшүп барып жер солк дей түштү. Сыягы жакын эле жерге чагылган түшкөн болуу керек. Көздөрү алаңдай түшкөн аял жаңыдан эле жыйнай баштаган колундагы дасторконду коё коюп, олтура калды. Эненин көзү Капаздын көзүнө

кадалды. Бул кезде баласынын өңү да бир башкача болуп коркконсуп сестенип турган.

– Эң эле катуу күркүрөдү. Асман жарылып кетеби деп ойлодум.

– Коркпо балам. Бул жерден өткүн өтсө да чагылган чартылдап, күндүн күркүрөгөнү күркүрөгөн...

Жаан катуулай баштады. Зулай идиш-аягын жыйыштырып, Капазга деп сактап жүргөн бир жилик этти үч биликке асты. Андан кийин уулуна арнап каптап жаткан атлас жуурkандын бүтпөй калган көктөөсүн кечки саанга чейин бүтүрө коюуну ойлоп жая баштады.

– Эс албайсызбы? Аны эмне кылганы жатасыз?

– Бир эле жүрүм көктөөсү калган. Азыр эле бүтөм кагылайын. Сен мага карабай тамак бышканча жатып эс ал. Эс тартканча катуу-түлүктү көргөн жок элең. Таянең менен таятаң чырпык башын сындыртпай ак кол кылып өстүрүп койбодубу. Эми акырындык менен көнө баштайсың.

– Анчалык деле чарчабадым. Алгачкы күндөрү буттарым ооруп, колдорум көтөртпөй, булчуңдарым зыркырап жүрдү. Азыр көнүп калдым. Көпчүлүк менен иштеген жумуш көңүлдүү болот экен.

– И-и, анысы бар. Эмгек эр жигитти такшалтат. Балтыр эти катып, булчуңу чыңалат. Арзан менен кымбатты, жакшы менен жамандын айырмасын элден үйрөнөсүң. Эл менен эмгек казына деген сөз бар. Маңдай тер, таман акыдан тапканың таттуу да, берекелүү да болот.

Капаз эжесинин сөзүн кунт коюп угуп олтурду. Зулай сөзүн дагы улады.

– Ак ниет бол балам. Ала жипти аттабай түз жүр. Эми кичине эмессин. Акыл-эс токтотуучу мезгилиң ушул. Кекчил болбой кечиримдүү, көтөрүмдүү бол. Чыдамкайлык менен токтоолук – эгиз. Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адам баарын жеңет. Колунда болсо кезеги келген жерде бужүрөбөй чачып ташта. Боорукерлик, марттык

эр жигиттин эң башкы сапаттарынын бири. Калп айтпай чынчыл, кара кылды как жарган калыс бол. Менин сага айтар акылым ушул. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат...

Зулайдын айткан акыл-насаатына муюп эжесинин билгичтигине, турмуштун көзүн тааныган акылмандыгына ыраазы болду. Эгерде атам согуштан аман-эсен келип бергенде бир эмес эки Зулай болмок экен деп ой толгонуп жатты. Балким атам да ушундай акылман киши чыгар. Бала Шабданбек жөнүндө уккусу келип турду.

– Эже, менин суроомо жооп бербей койдуңуз го?

– Кайсы сурооңо? – деди Зулай ийнесине жип саптап жатып.

– Атам кандай киши эле? Экөөң ынтымактуу жашоочу белеңер?

Зулай уулуна жалт карап алды. Анан уулунун суроосуна дагы эле жооп кайтарбастан алдындагы каптап жаткан жуурканын шыпылдатып көктөп кирди. Капаз Зулайды тиктейт. Бир кезде эненин көзүнөн аккан жаш жууркандын үстүнө таамп кетти. Капаздын жүрөгүн бирдеме сайып алгандай зыр дей түшүп басылды. Ал Зулайдын ыйлап жатканын азыр гана байкады.

– Эже! – Улан аялдын колундагы ийнени алып жууркандын үстүнө таштап койду.– Эмне болду? – Далысынан имере кучактап, маңдай чачын сылап ары киргизди. Капаздын колу энесинин чачына тиер тийбестен денеси дүр деп басылды. Анын чачы кийинки күндөрдө тез агарып кеткен. Тим эле сексенге чыккан кемпирден бетер куудай аппак. Мурда бирин-эки агы бар экенин уулу билүүчү. Бирок, мынчалык эмес болучу. Капаздын колу калтырады. Сыр билгизбей жоолугун оңдоп байлаган болду. «Асыл энем, кыркка чыга элек жатып ак чач болгонуң атамдын азабыбы же турмуштун запкысыбы? Мен эмне үчүн сени билген эмесмин?!» деди ичинен түтөп.

– Кызык эмне ыйлайсың?

Зулай уулуна эркедиби же көптөн берки жүрөгүндөгү муңун чыгарып алгысы келдиби, жаш балача солуктап, өпкө-өпкөсүнө батпай көз жашын көлдөтүп жатты.

– Мен дайым ыйлайм. Аны сен кайдан билмек элең? Бир үйдө жалгыз отурганда санааңа капкайдагылар түшө берет экен. Согушта өлгөн бир туугандарымды, сени өстүрүп эрезеге жеткирип коюп, бир чыны чайыңды ичпей кеткен ата-энемди, сенин атаң Шабданбекти ойлойм. Аны күтүп, аны сагынып жүрүп өмүрүм өтүп бара жатат. Сен менден ынтымактуу жашоочу белеңер деп сурап жатасың. А мен болсом аны менен бар болгону бир гана жума өмүр сүрдүм. Бирок, ал менин өмүрүмө түбөлүк так салып кетти. Сен үчүн гана өлгүм келбейт балам, болбосо...

– Кызык сүйлөйсүз. Ыйлаганда, ойлогондо ордуна келеби? Анан да жүрөгүм дейсиң. Жалгыз бир үйдө жашоо кыйын экенин билип турам. Эмне кыл дейсиз? Же сырттан окууга өтүп алайынбы? Анда мен дайыма сиз менен болом да. Балким ушундай кылсак туура болор. Ойлонуп көрүңүзчү. Баары бир мындай окусаң да тигиндей окусаң да институтту бүтүрөсүң.

Зулай көз жашын сүрттү.

– Жок балам, сырттан окубай эле кой. Терең билим алыш үчүн азыркы окуганың эле оң. Мындан ары такыр ыйлабайм.

– Чын эле атамдын кайсы жерлик экенин билбейсизби?

Зулай башын чайкады...

Капаз ушул жерге келгенде эшикти калдыратып бирөө кирип келатты. Жигит башын көтөрдү.

– Капаз аба, сизди тамак ичсин деп чакырып жатат.– Коңшу үйдүн баласы жигиттии оюн бузуп жиберди...

* * *

Капаз кургакчылыкты эстесе уктап жатса ойгонуучу болду. Анын ою да, көңүлү да колхоз талаасында колхоз малында. Кээде кирпик көзүн какпай чыгат Малдын азыктуулугун арттырып, башын аман сактоо үчүн тоюттун мол запасын түзүү керек. Жакадагы көп жылдык чөптөр менен тамыры тоют болуучу өсүмдүктөр сугаттан бүгүн чыкса, бир жумага жетпей ысык аптапка туруштук бере албай шалбырап солуй түшөт. Ал эми эгин картошка, жашылчалардын баары суу деп чаңкап жатты Колхоздо уюштурулган сугатчылар звенолору төрт сменага бөлүнүшүп күнү-түнү дебей тынымсыз иштеп жатышты.

Бирок, бир жакшы жери жака менен жакынкы бөксө жайыттарда кургакчылык болгону менен алыскы бийик тоолуу жайыттарда жаан көп болду. Капаз жайыттарды бригадалык зоотехниктерди ала жүрүп кайра баштан бөлүштүрүп, колхоз жетекчилери менен бирдикте көп жерлердеги жайыттарды чабыкка даярдап, корукка алышты. Ал үчүн атайын адамдар дайындалды

Анан дагы өткөн жылы күздө Капаз өзү жетекчилик кылып сырттагы Сары-Жаз, Үч-Турук, Чалкак төрлөр менен жайлоолордогу пайдаланылбай бош жаткан айрым чөп чыкпаган боз чаптардан бөлдүрүп, 400 гектарга жакын жерге органикалык семирткичтерди күчтөрүнүн жетишинче мол чачтырып туруп айдатып, эспарцет менен сулунун үрөнүн септирип салган. Сулуга тоо абасы жаканыкына караганда жагымдуулук кылабы же жер семирткичтердин касиетиненби, айтор жаз алды менен дүркүрөп өсүп чыга келген. Сулулар толук баш алганы менен дүмбүл боло элек болучу. Ушул кезде данына карабай чаап-жыйнап алуу керек деген Капаздын сөзүнө башкарма мүчөлөрү толук макул болушкан.

Контордон чыгып машинага жаңыдан олтуруп жаткан зоотехникти колхоздун башкы агроному токтотту.

– Сен эмне, тоодогу сулуну чаптырганы жатасыңбы?

– Ооба, бул жөнүндө башкарма мүчөлөрүнүн бардыгы макул болушту. Эмне экен?

– Башкарма экөөң эмнени билесиң? Силер чаптырам дегениңер менен мен чаптырбаймын. Муну оң кулагың менен да, сол кулагың менен да ук. Толук дүмбүл болсун бышпаса да. Жетилтпей жаш чапканда жетер мурасыбыз кайсы? Бул ишке башкарма экөөң кийлигишпей койсоңор да болот. Силерсиз да түшүнөбүз.

Аңгыча колхоздун конторунун алдына ГАЗ-65 маркасындагы жеңил автомашина келип токтоду. Жаңы эле талааны кыдырып келип машинадан түшүп жаткан колхоз башкармасынын председатели жаакташып жаткан зоотехник менен агрономдун жанына жай басып келди. Капаз кызууланып, ачуулу сүйлөп жаткан.

– Жайлоого сулу менен эспарцеттин үрөнүн себүүгө каршы чыкканыңыз эсиңиздедир,– деди агрономго. – Ошон үчүн чабыгына да кийлигише турган акыңыз жок. Бул иш правленияда чечилген.

– Эмне үчүн менсиз? ... Агрономдун жаак эттери түйүлдү.

– Сиз Фрунзеден азыр келип олтурбайсызбы?

– Эмне талаш? – деди башкарма экөөнө алмай-термей карап.

Агроном озунуп жооп кайтарды.

– Тигил жайлоодогу сулуну чаптырам деп бул...– Буулду.– Чабыкка эрте го жолдош башкарма. Силерге түшүнбөй калдым.

– Эмнеси түшүнүксүз? – деди председатель.– Эмитеден чаап-жыйнап албасак үшүккө алдырып жиберебиз. Түшүнүп жатасызбы ушуга. Бул жерде Капазды күнөөлөй турган эчтеке жок. Көп жашаганыңыз менен жайлоонун сырын билбейт экенсиз аксакал. Сулулардын көпчүлүк жери боюн көтөрө албай жыгыла баштады...

Капаз үндөбөстөн жүрүп кетти. Башкарма конторду көздөй ылдамдай басты. Агроном башкарма менен зоотехникке кыжыры келди:

– Кайдагы бир айтканынан кайтпаган, чарбаны жакшы түшүнбөгөн көк баш балдарды алып келип жооптуу кызматка коюшат. Агроном менен эсептешкиси келбейт булар. Биринин сөзүн бири жакташат...

Ошондон көп убакыт өтпөй тоо чөбүн чабуу боюнча колхоздо партиялык ачык жыйналыш болду. Буга селолук Советтин кызматкерлери, колхоздун жетекчилери, механизаторлор менен колхозчулар катышышты.

Жарыш сөзгө Капаздан кийин партиялык уюмдун секретары чыкты.

– Жолдоштор, Төлөгөнов туура айтат. Мен анын сөзүнө толугу менен кошулам. Быйылкы кургакчылыкты көрүп да, башыбыздан өткөрүп да жатабыз. Жакадагы көп жылдык чөптөр жылдагыдай болбой калды. Канчалык далбас урсак да кээ жерин ыс уруп кетсе, кээ жери күйүп кетти. Түшүмдү милдеттенмедегиден аз алдык. Ошондуктан тоо чөбүнө көңүл бурбасак олтуруп калабыз. Капаз айткан кымыздык, чалкан, аткулак дебей, тикендин бүрүнө чейин жыйнашыбыз керек. Күчтүн жетишинче бир тал чөптү коромжулукка учуратпай кургагын кургактай, чыктуусун чыктуулай даярдап, субай койлорду, бодо менен кой-козулардын көбүн сыртка кыштатканыбыз түзүк болор... Залда отургандардын ичинен бирөө ордунан турду.

– Зоотехниктин ою боюнча ар кайсы бадалдын түбүнөн бир тутамдан чукулап чөп жыйнашыбыз кандай болор экен? Ат кулак, чалкан, кымыздык, коко тикен, кызыл куурай деп толгон токой немени башын айтып кеттиңер. Ушулар да тоютпу?

Тигил кишинин сөзүн экинчи бирөө бөлүп кетти.

– Обол мурун жогорудагы айтылып кеткен сөздөрдү аткаруу колдон келеби, жокпу, ошону ойлош керек.

Алыскы кыштоолорго силос, сенаж көмөбүз деп жатасыңар. Ан үчүн машина, трактор, бульдозер дегендерди жеткириш керек. Антпей эле чалгыга келген жерлердин чөбүн чаап кургак үйсө эмне болот?

Баятадан жетекчилер менен колхозчулардын сөзүн угуп олтурган комплекстүү бригаданын бригадири ордунан тура калып опурула сөөмөйүн силкилдетти:

– Силер туура түшүнгүлө жолдоштор. Жайлоодон жыйналган чөп-чардын баары эле көмүлбөйт. Кургагы кургактай жыйналып таңгакталат. Быйылкы абалды эске алып зоотехниктин демилгесин колдоого туура келет. Мисалы кымыздык, коко тикен, чалкан, аткулакты кургатып үйүп алганда куурай болуп калбайбы. Ошондуктан силостоп, сенаждагандан артыгы жок.

– Туура.– Башкарма кесе сүйлөдү.– Мүмкүн болушунча колдон келгендин баарын жасашыбыз керек. Капаз да бардык мүмкүнчүлүктү экономист менен бирге олтуруп эсептеп чыгып, анан маселе көтөрүп жатат. Чөп чабыкка райондон да, шаардан да жардамга кишилер келет. Өзүбүз да карап турбайбыз жолдоштор. Малчылар тигил жакта тоют топтоого жардам беребиз деп түп көтөрө чуулдап жатышат, А силер болсо жаныңардын тынчын көздөп...

Колхозчулар да, механизаторлор да, интеллигенттер да көтөрүлүп жаткан маселени бир добуштан колдоп кетишти... Жыйналыш аяктары менен Капаз түн катып жайлоого жөнөп кетти. Ал түз эле саанчыларга барып, машинасын калтырып, бадачынын ак көкүл карасын минип андан ары жолун улантты. Конуш чалган адамдан бетер бирде токтоп, бирде бастырып олтуруп, Улар-Төрдөн өтүп Тегерек-Сазга чыкты. Жаңыдан тер чачып кызып алган ак көкүл ооздугун качырата чайнап, кулактарын бирде жапырып, бирде камыштай тикчийтип элөөрүй басат.

Зоотехник келгенде Мээринин койлору жайыттан жаңы айдалып келип, жыгачтан кашаа кылып кармалган ачык короого киргизишип жаткан болучу.

Кыз колундагы табылгы чыбык менен ириктерди короонун оозунан чубатып бирден санап киргизип жаткан. Капаздын келгенин көргөн чабан ууртунан жылмайып коюп өз жумушун уланта берди.

Санак бүттү. Кыз атасына карады.

– Сиздики канча болду?

– Алты жүз элүү. Өзүңдүкүчү?

– Меники да ата.

Койлорду жайлаштырып коюп үйгө чогуу келатышты. Мээри алдыга өтө берип эшикти ачты. Таганокко коюлган чоң көк чайнек шарактап кайнап жатыптыр.

– Чай коё элек экен десем кайнап жаткан тура. Өрт чыгып кетпесин, өчүр айланайын.

Мээри чайнекти жерге алды. Бир заматта дасторкон жайылды. Баалкан чыгданды ачып бир чара толо жапарак бышырылган куймакты көтөрүп келип ортого койду.

– Балдар кайда кеткен? – Капаз эки-жагын карады.

– Алар кечээ окуу китептерин алабыз дешип геологдордун машинасына түшүп жакага кетишти эле, келишкен жок – бүгүн келишеби десем,– Кулаке Капазга карады.– Чайга кара балам.

Алар чай үстүндө жакадагы жаңылыктар жөнүндө сүйлөшүп олтурушту. Андан кийии Кулаке кечээ күнкү Мээринин өткөргөн жыйыны жөнүндө сөз баштады.

– Атаа, кечээ келсең түзүк болмок экен. Мээри койго энеси экөөбүздү таштап малчыларды кыдырып жүрүп өңчөй жаштарды чогултуп жыйналыш өткөрүптүр.

– Жыйналыш?! – Капаз Мээрини карады.

– Жок, жок, жыйналыш эмес эле жаштар өзүбүзчө чогулуп алып кеңештик.

– Эмне жөнүндө? – Жигит кызыга сурады.

– Сизге жардам берели деп.

– Магабы? – Өзүн сөөмөйү менен көрсөттү.– Кайсыл жагынан?

– Ар кимибиз өзүбүздүн жайыттын аймагынан чөп чаап-жыйноо жөнүндө сүйлөштүк. Бардыгы макул болушту.

– Жыргализм болгон го. Бирок, жеке өзүңөр жетише албайсыңар. Баккан малыңар бар. Анын үстүнө жүр-нарыга салып чөп жыйналды деген аты болгондун кереги не. Бир тал чөп, бир тал көк жалбырак калтырбай, тим эле устара менен чач алгандай жыйнашыбыз керек. Ушуну айтыш керек болучу. Бирок, али да кеч эмес.

– Бардыгы сиз ойлогондой болот Капаз Төлөгөнович. Биз жетишебиз деп өз күчүбүзгө өзүбүз ишенебиз. Сиздер бизге бирден чалгы, бирден орок, тырмоо, айры бериңиздер. Чийнени өзүбүз жасап алмак болдук.

Капаз тоо чөбүнөн даярдалуучу тоюткорлорду кеп салып олтурду. Муну уккан Мээри өздөрүнүн «кыйратабыз» деген иши кенедей эле кол кабыш экенин билди.

– Кагылайын ай, чөп-чөп деп жатып бир чыны чайды да ысык ууртабадың. Жумушту анан сүйлөшкүлөчү. Дасторконго карагылачы балдар…

– Ичтим апа, аябай тоюп кеттим.

– Э, карангүн эки чыны чайга киши тоёбу. Сен ичпейсиңби? – Аял эрине карады.

– Тойдум байбиче, дасторконуңду жыйнап Капазга орун салып бер. Кечке жол жүрүп чарчагандыр. Мен койго чыгайын.

– Сиздин кезүүңүзбү?

– Кызым куурап кетти. Кайтарганы кой, окуганы китеп. Мээри да, өзү да чарчап бүттү. Эс алсын

– Анда короону бүгүн мага бериңиз, мен кайтарайын.

– Ата, анда сиз жата бериңиз, короону Капаз агай экөөбүз кайтаралы.

– Капаз экөөбүз?!

– Эмне болот экен?

Ойлоно түшкөн Кулуке кызын бир демге тиктеп туруп мукактана сүйлөдү.

– Бирдеме болот деп жаткан жерим жок. Бирок, меймангa короо кайтартканыбыз...

Мээри ачык-айрым, кепти жалтанбай бетке тике айткан өткүр кыз болучу. Балким ал мындай артыкчылыкты өзү менен бирге окуп, бирге чоңойгон классташ орус улан-кыздарынан алгандыр. Мээри ата-энеси малчы болгондуктан орус селосунда жашоочу таяжесиникинде туруп, ошол жерден окуп 10-классты бүтүргөн. Анан жогорку окуу жайына өтүү үчүн документтерин камдап эртең-бүрсүгүнү жөнөйм деп жатканда күтүлбөгөн кырсык болду. Атасы аттан жыгылып белин мертинтип алды. Күйөөсүнүн ооруканада көпкө жатып дарыланаарын, оорусунун катуу экенин билген Баалкан койду башка кишиге өткөрүп берүүнү чечти. Бирок, Мээри ага макул болбоду. Окуусун убактылуу токтотуп коюп, атасынын ордуна чабан болуп иштөөгө бел байлады. Колхоз жетекчилери кыздын өтүнүчүн макул табышты. Ошентип Мээри күтүлбөгөн жерден бир короо койдун ээси болуп кала берди.

Кулукенин аттан жыгылганы бир жылдан ашса да, али атка минип алыска барууга, оор-түлүк жумушка жарай элек. Бар болгону ушул жайлоого көчүп келгенден бери койлорду жакынкы жайыттарга кезек-кезек жайып келе коёт.

Атасынын көңүлсүрөбөй турганын байкаган кыраакы кыз кесе сүйлөдү.

– Олда атаке ай, короо кайтарганды коё туруп өз жаныңды бакчы. Капаз агай болбосо деле өзүм кайтарат болчумун.

– Мейлиң, өзүң билчи,– деди Кулуке кызынын айтканынан кайтпаган мүнөзүн эстеп...

Көзгө сайса көрүнгүс түн. Асманда жыбыраган жылдыздар болбосо айлана тыптынч. Койлордун жайма-жай кепшегени угулат. Капаз менен кыз короону айлана басып буттарын солгун шилтешет.

– Эмне үчүн итиңерди агытпай ар дайым байлап коёсуңар? – Капаз муну чыны менен сурады.

– Коркуп жатасызбы?

– Жок, эмнеге коркмок элем, Бөрү келсе жанымда мылтыкчан кыз бар да.

– Боорукер окшойсуз го.

– Эмнеге?

– Итке.

Капаз бырс күлдү.

– Мен сенин ушинтип чалып сүйлөгөнүңдү ар дайым уккум келет. Мен аны жөн эле сурап жатам. Анткени, башка чабандар иттердин сак кулак кабагандарынан тандап экиден, үчтөн багышарын бала кезимден билем. Ошондуктан...

– Биз жалгыз эле Жолборсту коё берсек он итке татыр эле. Бирок, башка малды ит менен бакса да койду ит менен баккан болбойт жолдош зоотехник. Мен муну практикадан көрдүм.

– Кайсы практикадан? Койсоңчу болбогон сөздү. Элдин баары эле короо толгон койду ит менен кайтарып жүрбөйбү?

– Ишенбейсизби? Кел мелдешели. Экөө токтоп калды. Капаз күлдү.

– Эмне чын эле силердин Жолборс жөнүндө мелдешебизби? – Капаз тамашага чалды.

– Мисалы, ит менен кой кайтарган зыян деп старший чабан айтып жатса, башкы зоотехник зыян эмес дейт.– Мээри кыткылыктады.– Чынбы?

– Кандай гана иш болбосун, мелдештин жыйынтыгы акырында чыгат. Кана пайда менен зыянды ажырат эми.

– Анда мен айтайын, сиз угуп туруңуз. Атам чабан болуп турган кезде койлорду ар дайым ит ээрчите жүрүп кайтаруучу. Ириктеринин алды чанда элүү беш килограммдан тараза баспаса, көпчүлүгү элүү, элүү экиден этке өткөрүлүүчү. Мен мунун себебин кийин гана түшүндүм.

Окуп жүргөн кезимде таяжемдер согумга деп кой байлай башташты. Күндөрдүн биринде үйдө жалгыз сабак даярдап олтурган болучумун. Бир кезде иттин анда-санда борс-борс үргөнүн угуп, анчалык этибар алган жокмун. Аңгыча болбой кой маарап калды. Короого жүгүрүп чыктым. Учардын үнү сарайдан чыгып жатат. Кирсем байлалуу турган койдун жанында куйругун шыйпаңдатып дөбөт арс-арс үрүп коюп турат. Көзүм дароо койго түштү. Алдыңкы эки бутун улам солбуп коюп, көздөрү чекчейип, бүткүл денеси титиреп туруптур. Дөбөт мени көрөрү менен сарайдан жылып чыкты. Болгону ошол. Койдун алдына жаңылап чөп салып, суу койдум. Бирок, чөп да жебеди, суу да ичпеди. Эртеси койдун алдындагы жем-чөбү тиш тийбей ошол бойдон туруптур. Кечке ордунан козголбой жатты. Иттин дабышы чыкса селт эте түшөт. Байкуш кой эки сутка катары менен чөп кыркпай жатып калды. Акыры таажездем бөөдө арам өлүп калбасын деп үчүнчү күнү союп салды. Мен койдун жүрөгү түшкөнүн ошондо көрдүм. Жүрөгү кабынан чыгып кетиптир. Угуп жатасызбы?

– Угуп жатам. Укмуш, итти карышкыр экен деп ойлогон экен да бечара кой.

– Ушундай кызыкты көргөмүн. Ошондон кийин койду ит менен баккан болбойт экен деп калдым. Койлордун иттин айдагынан күргүштөп үркүшү бөрү деп корккону окшобойбу. Мен болгон окуяны атама айтып келдим. Аңгыча болбой өзү аттан жыгылды. Кайсы күнү чабан болуп атамдын орорун өткөрүп алгандан баштап койлорду ит ээрчите чыгып жайганды койдум. Деги биз итке бай болучубуз. Энемдин каршы чыкканына болбой, экөөнү сураган чабандарга берип, экөөнү байлап салдым. Өткөн жылы койлорум борук болучу. Кыркынга айдап келгенде сынамакка көпчүлүгүн тартып көрдүм. Ар бири кырк сегиз, элүү килограммдан тараза басты.

Баятадан Мээринин сөзүн бөлбөй кунт коюп угуп олтурган Капаз башын салмактуу көтөрдү.

– Койлорду ит менен баккан зыян экен да. Буга чейин мындай сөздү эч кимден уккан эмесмин.

– Кой канчалык семиз болсо жүнү да ошончолук жакшы болот тура. Менин боруктарымдын жүнүнүн токсон тогуз проценти биринчи класста өттү. Ар бир борукка үч кило сегиз жүз граммдан жүн кыркып алсам, быйыл 4,5 кг. Унутпаган чыгарсыз, же андай эмеспи?

– Бардыгы эсимде. Чындыгында эле жакшы болгон. Ошон үчүн өзүңө ишенгендиктен ар бир ирикти алтымыш беш килограммдан этке өткөрөм деп жогорулатылган милдеттенме алган экенсиң да?!

– Эмне, алтымыш бешке жетпейт деп ойлойсузбу?

– Өзүңчү?

– Өзүмдүн көз таразам боюнча ар бири алтымыш алты, алтымыш жети килограммдан айланабы деген үмүтүм бар.

– Балким андан да ашар.– Капаз кызды сынай сурады.

– Какшыктап жатасызбы?

– Эмнеге какшыктамак элем. Чындыгында эле сенинкиндей ирик бир да чабанда жок.

Мээри Капаздын сөзүн угуп толкундап кеттиби, көтөрүлө сүйлөдү.

– Мактанып коёюп Капаш, менин ириктерим тайторпоктой эле бар. Кокустан эле алтымыш бештен ашып кетсе...

– А балким жетимиштен...

– Чын эле жетимиштен...

Экөө тең каткырып жиберишти. Орундарынан туруп кой короону айлана басышты.

– Капаш, китеп ала келем дебедиңиз беле?

– И-и, эсимди кудай алганда машинада калган турбайбы?

– Машинада? Жакшы китептерби?

– Сага жаман китеп алып келмек белем.

– Автору кимдер?

Мээри жигиттин жолун тороп, маңдайына тура калды.

– Айтматов, Гамзатов, Толстой, Драйзер.

– О-х-о-о. Санаа жетсе кол жетпеген чыгармалар го ыя? Кайдан таптыңыз?

– Таппайт деп ойлодуң беле?

– Драйзерди күткөн эмесмин. Чынгыздын жаңы повести жарыкка чыккандыгы жөнүндө газетадан окуп ойлоп жүрдүм эле. Бая күнү энем районго барганда китеп дүкөнүнө түшө элек экен деп келген. Окусам экен батырак. Укмушбу ыя?

– Айтып берейинби?

– Жок, жок, анда кызыгы кетип калат. Айтпай эле коюңуз.

– Рахмат дегенге да жарабайсың?

– Колго тие элек китептергеби? Капаз каткырып жиберди.

– Акыры тиет да.

– Качан келесиз эми?

– Келем, жакында...

– Китептерди кантип алам?

– Каттагандардан берип жиберем.

Экөө кол кармашкан калыбында унчукпай басып келатышты.

– Мээри, кыркындан кийин ириктериң этке төгүлөт. Билесиңби?

– Билем.

– Дагы эмнени билесиң?

– Баарын билем.

– Жалгыздык жандан өттү. Апамды алып келип алайын десем, короо-жайды талаага таштайбызбы деп болбойт.

– Ал киши саанчы ээ?

– Жок иштебейт. Ден соолугуна байланыштуу пенсияга чыкканы жарым жылча болуп калды. Мен сага ал жөнүндө айткан жок белем?

– Уккан эмесмин.

– Билбейм, оорукчан болуп кетти. Өлүп калабы деп корком.

– Да-а, жүрөк оору коркунучтуу.

– Жүрөгү эле дейсиңби, буту-колу, ашказаны... Айтор оорубаган жери жок. Кийинки эки-үч жылдын ичинде укмуштай өзгөрдү. Картайып кетти.

– Ооруканада эмне үчүн жатып дарыланбайт?

– Кызык сүйлөйсүң Мээри. Эгер догдур болбосо, ооруканада жатпаса бул жарыкчылык менен эчак коштошмок. Азыр ал кишиге тынчтык гана керек болуп калды.

– Эне-ата баланын алтын тууру тура.

– Менин атам жок да. Жалгыз энемден башка эч кимим жок.

– Ооба, согуштан кайтпай калды дегенсиң, Эсимде Капаш.

– Байкуш апам, атам экөө жети күнү гана бирге жашаптыр. Мага окшош болучу дейт.

– Дайым эле атам, атам деп муңкана бересиз. Атасын түбөлүккө кармап жүргөн ким бар. Өткөн согушта сизге окшоп далайлар канатынан кайрылбадыбы. Андан көрө энеңиздин тилегин тилеңиз.

– Ооруп жүрүп да жаны жай албайт го байкуштун. Дүкөндөн бир жаңы ийне алса да мага арнап турат. Капазым, Капазым... А Капаз болсо бул жакта эстегени да, күткөнү да жалгыз Мээри. Апасын ойлосо ойлойт, ойлобосо жок.

Жигит оор күрсүндү...

Таң атканча кыз-жигит короону айланып кирпик көзүн какпай басып жүрүштү. Таң сөгүлгөн кезде Мээри Капазды ак көкүлгө колтуктап атказды. Камчысын колуна берип, бир учун коё бербей чоё кармап жоодурай тиктеди.

– Кеттиңизби?

Капаз аттын жалына өбөктөй түшүп Мээринин маңдайынан сүйүп, саамай чачынан жыттады, Кыз бир аз ээрчий түшүп, колундагы камчынын учун коё берди...

* * *

Тоо чөбүн чаап-жыйноо, силостоо ойдогудай болду. Арадан көп убакыт өтпөй силостук траншеяларды казуучу алп машиналарын айдаган механизаторлор жайлоону көздөй бет алышты. Тоо койну шаңга бөлөндү. Механизмдердин үнү адамдардыкына кошулуп абага көтөрүлөт да алыска-алыска тарай түшүп карагай-чердин, көк жашыл туландын ичине сиңип жок болот. Звено менен звенонун, адам менен адамдын, бригада менен бригаданын ортосундагы өз ара социалисттик мелдеш күч алды. Жеңүүчүлөрдүн чатырындагы кызыл байрактар желбиреп көзгө алыстан чалдыгат.

Капаз жөнүндө ар түрдүү сөздөр чыга баштады.

– Жапжаш туруп, кудай ургандай эмгекчил жигит экен. Тоо чөбүнүн өзүнө ыраазы болбой карагай-бутанын бүрүнө чейин жыйнатып кирди. Мунун баарын баштаган ошол зоотехник.

– Жалгыз кишинин колунан эмне келет я? Зоотекиник-мотекиниги жок эле жетекчилердин чогулуп олтуруп чыгарган иши бул. Республикадан ошондой көргөзмө бар деп жатышпайбы. Кайсы чарбага барбагын тоют-тоют деп эле жанын жанга урган адам.

– Республика, область эмес эле Төлөгөновдун чыгарган жаңылыгы бул.

– Жаңылык, демилге, деп эле жылыга ушунтип тоо-таштын арасын каза беребизби мындан ары.

Колунда жаңы ачылган шараптын шишесин карап коюп, москоолунан келген кара жигит тигил акыйнек айтышып жаткандарга кыжына сүйлөдү.

– Элди күттүрбөй тартып жибергилечи колуңардагыны.

Четте отурган жигит ордунан турду.

– Жетишет, ошончо эле ичкиле. Баятадан жакшы эле оозуңарга келгенди оттоп алдыңар. Зоотехник болбосо

аткулакты тоют кылуу кимдин оюна келет эле. Болгула иштейли. Жоготкула алдакыңарды.

Стакандагы шарапты тартып жиберген кара мурут киши оозун колунун сырты менен жанып алды.

– Көрөсүңөр го, мал ачкасынан өлбөй эле ар кошкон жапайы чөптү жеп ууланып кырылат эмеспи. Жакада тоют аз камдалды деп турасыңарбы? Быйыл сугатчылар кудай ургандай иштешти.

Тикесинен турган жанакы жигит кара мурутка алая карады:

– Эмне, жакада тоют көп камдалды деп иш таштоо кылалыбы?

Механизаторлор менен тоют даярдоочу звенонун мүчөлөрү ушунтип кажылдашып олтурганда, үстүнө толтура козу кулак менен аткулак аралаш чөп баскан автомашиналар күрүлдөп-шарылдап капчыгай ылдый жылып келатышты.

– Туралы чын эле. Баландын боосу бек болсун баатыр. Ыракмат. Уулуңун сүйүнчүсүн берүү милдети эми бизде калды. Аны эртең жайлайбыз буюрса.

Олтургандар орундарынан турушту. Чөп туурагыч машиналар ишке киришти. Туурала элек чөптөр да али көп болучу.

– Кудай жалгап бүгүн бизге эч ким келбей калды. Мынчалык чөптүн үйүлүп кеткенин көрүшсө ичип-жегенибизди кекиртегибизден сыгып алышмак.

Аңгыча ары жактан ашпозчу аялдын үнү шаңк этти.

– Бүгүн тамак ичпей иштейли дедиңерби? Силерди күтө берип эзилип да кетти.– Аял эки жагын карап токтоду.– Э катыгүн, эчтеке иштеген эмессиңер го бүгүн? Алаканын шак койду.– Аңды бүгүн эрте эле көммөк киши эмес белеңер. Бул темпиңер менен бүгүн эмес, бүрсүгүнү да бүтө албайсыңар. Мелдеште жеңдирип ийип, козу менен кымыздан каңтарылат турбайсыңарбы? Тишиңерге таш эле тийсечи. Намыссыздар, желекти да алдырасыңар эми.

Силерге берген бүгүнкү тамак арам болот турбайбы. Зоотехник келип калса эмне жооп айтасыңар. Же тоюткорду камдатып алып Капаз Чүйгө көтөрүп кетет беле?! (Колхоз башкармасы менен селолук советтин кызматкерлеринен тартып адистерге чейин жака менен жайлоодогу тоют топтоочу звенолорго бөлүнүп, бирден киши бекитилген. Бул жердеги чөпчүлөргө Капаз өзү дайындалган).

Кызып турган жигиттерге келиндин сөзү октой тийди.

– Көчүрүп кетет деп жаткан ким бар я? Же Төлөгөнов сени орунбасарлыкка калтырып кетти беле? Чөп-чөп деп эле качан болсо чаңкылдап каласың?

– Океей-эй, мына бул тебетей катын эмне деп жатат, я? – Келин кыткылыктады.– Силер да эркекпиз деп жүрөсүңөр ээ?! Бы-ы-ш!

– Зоотехник нары жаш, нары өңдүү-түстү, келбеттүү жигит. Пайдасы тийбесе зыяны тийбейт. Ошон үчүн жагыныш керек да...

– Капаз эмне жагынбай турган жигитпи? Мен эмес эркек башыңар менен аны көргөндө бүгүлүп каласыңар го, өөдө карай албай.

– Ой-о-о-й, тапкан сөзүн ай мунун. Өз кылыгын бизге жалаа жапканы турат уялбай. Аны көрсөң беттериң албырып, көздөрүң коюлуп...

– Дагы айтарыңар барбы? – Келин жигиттерди эликтеп туруп басып кетти...

Чөпчүлөр чын эле траншейди көмө албай калышты. Капаз келген күнү механизаторлор да, шоферлор да, колхозчулар да өткөн күнкү кетирген кемчиликтерин жабыш үчүн жан алакетке түшүп иштеп жатышкан.

Зоотехник эки колун артына алып бирдеме кармап турган.

– Эмне болду? Машина бузулдубу? Же ооруп калдыңарбы?

– Машиналар кадимкидей эле иштеп жатат.– Бирөө күңк этти.

– Анда ооруп калган турбайсыңарбы, ээ?

Эч ким жооп берген жок. Жигит ачууга буулду.

– Башка жумуштун баарын жыйыштырып коюп, силерди күзөтүш керек экен да күнү-түнү дебей. Кандай бир түшүнүгү жок немесиңер? Күндүн ачык ар бир минуту алтындан кымбат болуп жатканын кантип билбейсиңер? Мен бир өзүмдүн менчик оокатым үчүн чапкылап жүргөнсүп... Эл журттун, өкмөт менен партиянын алдында жүзүбүз жарык болсо деймин. Ак тилек асыл максатыбызга балта чапкыңар келип турабы? «Эки күнү ээси бербейт, бир күндөн өгүз өлбөйт» дегендей, жарым эле ай чымыркаңып койсоңор бардыгы жайында болот эле го. Чөп чабыкта силер эмес башка жактан келген канча кишилер терин төгүп жатат. Аларга караганда өз оокатыңар го ыя? Мындай көз боёп иштей турган болсоңор ачыгыңарды айткыла?

– Камчынын алдына алып, коркутуп-үркүтүп иштетүүчү мезгил өтүп кеткен. Эмне, чөп үйүлүп кетти деп соттогону турасыңарбы?

Капаздын жаак эттери ачуудан түйүлдү:

– Дагы сүйлөп коёт. Мына бул эмне? Шараптын шишелери үйүлүп кетиптир го? – Колунда кармап турган куру бутулканы жогору көтөрдү. Каяшаяк айткан алиги жигитти жеп жиберүүчүдөй карады.– Айттым го, иштегиңер келбесе ачыгыңарды айткыла, ордуңарды башкалар менен алмаштырабыз.

Зоотехниктин сөзүнөн уялып турган жигиттер жандана түшүштү.

– Болуптур баатыр, бир жолку күнөөбүздү кечирип кой. Мындан ары айтканыңды айткандай, дегениңди дегендей орундатууга убадабызды берели. Сизди эч качан уятка калтырбайбыз. Кечээ орто жерде капысынан бир жаңылык болуп кетти. Тигил трактористтин аялы эркек төрөптүр...

– А-а, жентек ичкен экенсиңер да.– Капаз жазыла түштү...

Звено мүчөлөрү Капазга берген убадаларын аткарышты. Алар жайлоого келгенден бери мынчалык ала-шала болгон эмес...

* * *

Жайкы күн күркүрөгөн күз менен алмашты. Эгин-тегин жыйналып жер бошой баштады. Жайлоодогу малдар жакадагы кыштоолорго көчүрүлүп келип жатты. Эки жылдан бери кышкысын сыртта кыштоочу Мээринин ириктерин көчүрүп келүү үчүн колхоздон адамдар кеткен.

Капаз жаңы көчүп келген малчылардын, алардын малдарынын ал-жайын, кандай жайгашканын, эмики келүүчүлөрдүн кире турган үйлөрүн, короо-сарайларын, отун-сууларын парторг, бригадалык зоотехник, селекционерлерди алып дагы бир жолу кыдырып чыкты. Көрүлгөн сарамжалдан санаасы тынгандан кийин отордон мурда көчүп келген Мээринин ата-энесиникине барды. Жетекчилер келгенде Кулуке менен Баалкандын көңүлдөрү жай эмес болучу. Кулуке кечээтен бери жол тосуу менен убара болуп, кызынын кечиккенине жүрөгү зилдеп турган.

– Бекер эле тынчсызданып жатасыздар. Мээри ириктер этинен түшүп калбасын деп жай айдап келатат да.

– Ошондой эле болсо экен кагылайындар. Бизден кийин көчкөн чабандардын койлору деле аман-эсен келди. Малы да, башы да аман болсо экен кызыбыздын.

– Эртеңке чейин келип калар, күтөлү,– деди жигит чыгып баратып.

...Зоотехник машинасын гаражда калтырып үйүнө жөө келди. Бөлмөгө кирип өтүгүн чечип ыргытты да жаңы келген газета, журналдарды алып диванга жата кетти. Биринчи эле республикалык газетанын жаңы номерине көз жүгүртүп кирди. Ирик баккан бир чабандын тажрыйбасы жазылган макалага көзү кадала түштү. Ча-

бан жыйырма жылдан бери кой чарбасында эмгектенип келе жатыптыр. Анын ириктерин этке өткөргөн кезде ар бири элүү төрт-элүү беш килограммдан тараза басканы көрсөтүлүптүр. Ошондой эле жайытты пайдалануунун тартиби, кышында тоютту кандай рацион менен берүүсү ийне-жибине чейин чагылыштырылыптыр.

Макаланы окуп бүтүп Мээрини эстеди. «Ит менен койлорду багуунун зыян экендигин өз тажрыйбамдан көрдүм...» деген сөзү кулагына угулуп турду. Капаз бул жөнүндө азыр эле эмес, ошол сөздү уккандан бери ой толгонуп жүргөн. Ушул ишти башка чабандарга да тажрыйба жүргүзүп көрүүнү ойлогон. Тигил газетага чыккан чабандын тажрыйбасы менен Мээринин көрсөткүчүн, алган милдеттенмесин көңүлүндө таразага салып жатты.

Ушуларды ойлоп диванда жаткан жигиттин көзүнө маңдайкы дубалда илинип турган жылан боор өрүлгөн күмүш чегелүү, колго кармай турган сап жагы кара булгары менен капталган табылгы саптуу камчы чалдыкты. Ошол замат ойлоп жаткан оюу быт-чыт болду. Муну Баатыр Капазга арнап өзү өрүп, өзү жасаган.

– Кайран киши, көрбөсөм сагынып калуучу болдум. Сен да менин жолумду тосуп жүргөндүрсүң. Мээри экөөбүз баш кошсок сизди өкүл ата, байбичеңизди өкүл эне кылып алабыз.– Капаз өз оюна өзү ыраазы болгондой мыйыгынан күлүп койду... Ошентип, ой артынан ойлор чубап, өзүнчө кыялданып. жатып көзү илинип кетти. Капаз эшиктин такылдаганынан чочуп ойгонгондо эчак таң атып, жерге жарык түшүп калган болучу. Шаша кийинип, уйпаланган чачын кош алаканы менен артына сылай басып келип, түн бою күйүп турган светти өчүрүп, эшиктин илгичин чыгарды. Каалганын ачылаары менен Мээрини көрүп, кандары дүргүп, эки бетине жаа берди.

– Оо, Мээри! Кел, кел! Кандай бакыт ыя?! – Канатын жайды.

– Мени таң атпай келет деп күтпөгөндүрсүз!

– Чындыгында мынчалык эрте келет экен деп ойлогон эмесмин. Деги кыйналбай жакшы келдиңерби?

– Кыйналсак да бардыгы ойдогудай болду. Биз келсек азыр эле келип кетишти деп айтышты. Сизди эртелеп бир жакка чыгып кетеби деп ойлодум.

– Ойлогонуңдан кагылайын. Сагындым...

Капаз кызды креслого отургузуп, мурдунун учунан өөп койду. А кыз болсо оозумдан өбөт экен деп ээгин көтөрүп көздөрү жайнай түштү. Жигит аны байкаган жок.

Капаздын китепканасынын мынчалык тез байып кеткенин Мээри билген эмес. Ордунан жай козголуп турду да китеп текчесинин жанына келип токтоду.

– Бай экенсиз. Мен көрө элек чыгармалар көп окшойт.– Улам бирин алып кайра коюп жатты.

– Китеп жагынан сен деле жарды эмессиң го.

– Кайдан? Көпчүлүгү жергиликтүү авторлордун чыгармалары.– Блоктун басмадан жаңы чыккан ырлар жыйнагын барактай баштады...

Капаз жуунуп, коңшу үйдөн чоң ак чайнекке демделген чайды көтөрүп кирип столго койду... Кыз-жигит эртең мененки чайды чогуу ичип, үйдөн чыкканда күн аркан бою көтөрүлүп калган...

Жайлоодон көчүп келгенден кийин Мээри ириктеринин ар биринин тирүүлөй салмагын жетимиш бир килограммдан эт үчүн өткөрдү. Мындай жогорку көрсөткүч Мээриге, Мээринин үй-бүлөсүнө гана кубаныч алып келбестен бүтүндөй чарбаны сыймыкка бөлөдү. Ошондон көп убакыт өтпөй эле ата-эненин ыраазычылыгын сурап колхоздун башкармасы баш болгон эки-үч киши Кулукеникине келип түштү...

– Эки бала бири-бирин жактырып калса биз кайда качмак элек,– дешти ата-эне тигилердин сөзүнө жооп берип.– Кызым баруучу күйөөсүнө ала качтырып тополоң түшүрбөй үйдөн узасын.

– Жок, жок, жок, андай болбойт. Ала кача турган иш болсо бизди сиздин алдыңызга жибербейт эле го Капаз…

Келгендер Кулукенин үйүнөн маңдайлары жаркып узады. Болочок кайын эне, кайын атасынын жообун уккан Капаз энесин алып келгени эртеси элине жөнөп кетти. Бул кезде колхоздун күчү менен башкы зоотехник үчүн салынган жаңы үйдүн суу менен жылытылуучу акыркы трубасы буу казанына бириктирилип жаткан. Бир жагынан селонун жаштары Капаздын райондук керек-жарак кооперациясына заказ берген бир үйдүн жабдуу гарнитурун алып келишип, аларды орнотуу менен алек.

Арадан көп убакыт өтпөй Капаз да келип калды. Машинасын дарбазага чукул токтотуп, Зулайды түшүрүп шашып-бушуп эшикти ачты. Бөлмөнүн аңгырап бош турганын көргөн эне-бала селейип калышты. Алардын келгенин көргөн кошуна-колоңдор үйгө толуп кетишти. Башына гүлсүз кара шерст жоолук, кара пальто, анын ичинен кара костюм, кара атлас көйнөк, бутуна замочкалуу кара хром өтүк кийген аялды катын-калач тегеректеп калышты.

– Саламатсызбы байбиче, аман-эсен, арбай-ачпай келдиңерби? – дешти тургандар Зулайга бир баштан учурашып.– Капаздын апасы болсоңор керек. Жарыктык чарчагансыз го. Жүргүлө биздикине киргиле.– Үй ээси аял шашкалактады.– Үйүңөрдү эки күн болду көчүрүп кеткен.

– Кайда көчүрүп кетишти? Кимдер? – Жигит суроолу карады.

– Капаздын жаңы үйү даяр болду деп эле бир топ кызжигит, келин-кесектер келип машинага басып кетишкен.

– Бүтүптүрбү?

– Ошондой го.

Кубанычтан жигиттин маңдайынан тер чыпылдады.

Ушундай элди, ушундай жолдошторду да бөлөк-бөтөн деп киши айтабы. «Эжемден башка эч кимим жок,

жалгызмын деп бекер эле айтып, арман кылып жүргөн турбаймынбы» деп ойлоду ичинен.

Үй ээсин күтүп жаткан жолдоштору машинанын үнүнөн жаңы үйдөн жүгүрүп чыгышты.

– Келишиңиз менен Капаз!

– Жаңы конушуңуз менен Капаз!

– Үйдүн көрүндүгүн алмайынча киргизбейбиз! – Дуулдаган курбу-курдаштар Капазды тегеректеп калышты.

– Ырахмат! Берейин көрүндүк, берейин.– Жигиттин оозунан бул сөздөр апкарып чыкты.

– Көрүндүктү үйгө киргенден кийин деле алууга үлгүрөсүңөр да. Чоң энем үшүп кетпедиби? – деди колхоздун башкы экономисти Петр Рязенцев деген жигиттин аялы Наталья.

– Бизге карабай ал кишини үйгө киргизе бербейсиңерби? – Петр аялына, анан келиндерге кылчайды.

– Капаз берип көрүндүктү, мен бербей каламбы.– Зулай чөнтөгүнө колун салды.

– Жок, жок, тим эле коюңуз, бардыгы тамаша апа. Кана үйгө кириңиз. – Тургандар аялды колтуктап алышты.

– Жок, айланайын кыздарым, ата-бабанын шартын бузмак белек. Мына муну алып койгула. – Он сомдук эки-үч кагазды сунду.

– Болбойт апа, көрүндүктү Капаздан гана алабыз... Жаңы конуш, жакшынакай, нары маданияттуу, нары өз ирети менен коюлган үй ичи, жолдошторунун достук маанайлары эне менен баланы кубанычка бөлөдү. Ооба, эне-бала үйдүн мелмилдеген жылуулугунан тердеп турган жок. Алар адамдардын мээриминен бойлору балкып, дене бойлору ымшып турду...

Капаз келгенден бери Мээрини көрө албады. Көрүп учурашуу үчүн үйүнө да бара албады. Күйөөгө чыгуучу кыздын каадасы боюнча Мээри үйүнөн эки жакка мурункудай ээн-эркин чыкпай калган. Кулукеникинде той камы көрүлүп жатты. Баалкан эне абысын-ажындарын чакырып

бир жагынаи тандырга нан жаптырып, бир жагынан боорсок бышыруу менен алек. Ал эми ата болсо короо-жайын иретке салып, союлуучу малдарын дайындоодо. Мээри үйүндө өзү үчүн көрүлүп жаткан камылга менен иши жоктой бардык жумуштан бош. Анын мурдагы ачык-айрым мүнөзү коймайрек тартып өзгөрүңкү. Кудум алыстан келген меймандан бетер татынакай кийинип үлбүрөгөн кыз наристедей назик да, сулуу да. Ата-эне, бир тууғандары гана эмес, бүтүндөй айылдаштары ага мээримдүү, сүймөнчүк менен сыпаа мамиле кылышат. Көзүн карап өмөчүктөгөн каректерден «Эми сен бизден түбөлүккө бөлүнүп, башка конушка коносуң. Бактылуу болсоң экен жакшы кыз» дегендей бир күчтүү сезим байкалат.

Эртең той деген күнү кыздын ата-энеси Зулайды алдырып алышты. Баалкан кудагыйын көрө электе аны салабаттуу, нары Капазга окшоп өңдүү-түстүү жаш аял болсо керек деп элестеткен. Элүүгө чыкпай туруп чачы куудай болгон илмийген картымак аял Баалкандын санаасын санга бөлдү. Өмүр бою жакшылык бетин көрбөгөн байкуш болсо керек деп болжоду.

Зулайдын аларга көбүрөөк жакканы, анын орундуу сөзү, токтоо мүнөзү болду. Өзү салабаттуу болбосо да акыл-эсинин салабатын баамдаган Баалкан, кудагыйынын жүрөк оорулуу экенин түшүнгөндөн кийин чийки май жегендей болуп калды. «Оозу ашка жетип, жаңыдан уул-келинден убай-урмат көрөрдө өлүп калып шору катпаса экен» деген сыяктуу убайымдуу санаа көңүлүн удургутту.

– Кудагый мен эмне жардам берейин?

– Сиз олтура бериңиз, биз өзүбүз эле жетишебиз. Дары ичем деп жаттыңыз эле, ичтиңизби?

– Ичтим. Кубанычтан да жүрөк оору козголот экен. Мага кубануу да, капа болуу да болбойт. Ысык-Көлгө келгенден бери андан бетер оорум күчөп кетти.

– Абасы бийиктик кылып жатат го кудагый.

– Ошондой болсо керек. – Аялдын көзү жашылданды. Ичинен түтөп Капаздын согушта жок болгон атасын ойлоп турду. Зулайга аны менен өткөн бир жумалык бактылуу күндөр кечээ эле жакында болуп өткөндөй сезилип кетет. Баятадан Капаздан Шабданбектин Ысык-Көлдүк экенин жашырып, ачыгын айтпай келатканын ойлоп турду. Аял мурда эс-акылы кире элек жаш неме ага-тууганын издейм деп урунду болот деп ойлоочу. Чындыгында Шабданбек Зулайга Ысык-Көлдүн кайсы районунан, кайсы колхозунан экенин да данистелеп айтпай кеткен. «Көлдөн бир аз алысыраак турабыз, аман-эсен келсем Балыкчыга чейин машина менен барып, андан ары пароход менен кетебиз» деген сөзүн эстеди. Кантсе да ушул тараптан болсо керек деген ой көңүлүн чалды-куйду түшүрдү.

Ушул кезде тыштан эки келин жарыша чуркап кирди.

– Эне сүйүнчү, күйөө балаңыз келатат.

– Кагылайын, кагылайын. Эми эмне кылайын?

– Каралдым, келдиби? Мен чыгайынчы Баалкан кудагый – Зулай ордунан ылдам турду.

– Шашпаңыз чогуу чыгабыз кудагый. Кагылайын кудай, балдарымдын багын бер. Мына сүйүнчүңөр.– Баалкан чемоданды ачып, эки келинге эки көйнөктүк кездеме алып берди. – Күйөөнү тозгон киши барбы?

– Бар, бар, кантип жок болсун. – Келиндер шашып кайра чыгышты.

Зулай уулун көрүүгө, акыл-насаатын айтып калууга шашылганы менен узай алган жок. Жүрөгү жарылып кетүүчүдөй болуп бүткөн боюн тер аралаш калтырак басты. Аягын солгун таштап демиккен аял короого чыкканда Капазды эчак алып кирип кетишкен болучу…

Ошентип кыз-күйөө ата-эненин төрүндө эки күнү тамаша менен таң атырып, кеч киргизишти. Кызды узатаар мезгил чукулдады. Тамак ичилип бүткөн кезде эки жигит Кулуке менен Баалкандын үстүнө киришти.

– Кана, бай-байбиче балдарыңыздын үстүнө кирип ак батаңарды берип, жөнөөгө уруксаат этиңиздер. Кечикпейли, тигил жакта да элдер күтүп калышты.

Баалкан ыйлап жиберди.

– Ээ айланайындар ушундай да шашылыш болобу?

– Эмне бырыктайсың? Бол балдарды кармабай узаталы.– Кулуке аялына күчөнө сүйлөдү...

Арадан көп убакыт өтпөй Мээри менен Капаз түшкөн колхоздун «Волгасы» борбордук клубду көздөй бет алды. Алардын артынан колхоздун автобусуна жык толгон Мээринин ата-энеси, тууган-туушкандары, жакшы санаалаштары, Капаздын энеси келатты.

Кыз-күйөөнү тозгон үйлөнүү тоюнун жагымдуу музыкасы айлананы шаңга бөлөйт. Капаз менен Мээри машинадан түшкөндө чабылган колдор музыканын ыргагына кошулуп абага көтөрүлөт.

Үйлөнүү кийимин кийип, башына үлпүлдөгөн ак капрон жоолук салынган Мээри менен жалтылдаган кара костюм, анын ичинен сорочкага жараштырып галстук байланган Капаз жолдошторунун узатуусунда бактылуу жылмайып клубга кирип келатышты.

Узун-туурасынан коюлган столдордун үстү жер-жемишке, тамак-ашка толгон. Ирети менен ар кайсы жери коюлган ар түрдүү ичимдиктер, минераль суулары, лимонаддар.

Биринчи эле Мээри менен Капаз өздөрүнө камдалган орундуктардан жай алышты. Кубанычтан терисине батпаган ата-эне, анын катарында жетекчилер менен жаштар.

Биринчи сөз селолук Советтин председателине берилери менен залдагы уу-дуу дымый түштү. Жигит ордунан туруп олтургандарды айландыра бир карап алды да, эки жаштын бактылуу турмушун, узун өмүрүн, эмгектеги ийгиликтерин каалап сөз сүйлөгөндөн кийин, салмактуу басып келип кыз-күйөөнүн жанына токтолду. Ал Капаз менен Мээриге нике кагазын тапшырып, колдорун кыса

кармады. Олтургандар ордуларынан дүр турушту. Камынып турган жаштар шампандын пробкасын асманга атылтып, эки бокалга толтура куюшту. Бир заматта бардык рюмкалар, стакандар мелт-калт боло түштү.

– Алдыңыздардагы шараптарды, жаштардын закондуу баш кошкон ак никеси үчүн алып коюңуздар,– деди селолук Советтин председатели үстүнөн ашып-ташып көбүрүп-жабырып жаткан бокалдарды кыз-күйөөнүн колуна карматып.– Эмесе, турмушуңар ар дайым ушул бокалдардагы шампандай өз керденинен бөксөрбөй мелт-калт болуп турсун!

– Ооба, мелт-калт болуп турсун. Эки жаш бактылуу болсун! – деген үндөр көтөрүлдү...

Бошогон стакандар кайра баштап толтурулду. Экинчи тостту көтөртүү кезеги Капаздын энесине берилди. Зулай ордунан учуп турду. Анан алдындагы стаканды кармалай берип бирдемге ойлонуп турду да, ээгин акырын көтөрүп, тамагын жасады.

– Балдарыма бакыт-таалай каалоодон мурда, ушул олтурган агайын-тууган, жакшы санаалаштарга, Капаздын тели-теңтуштарына чын жүрөктөн ыракмат айтып коюуга уруксат этиңиздер. Мен өмүр бою башымдан эки залкар кубанычты өткөрдүм. Биринчиси Капаздын атасына турмушка чыкканым болсо, экинчиси Капаздын төрөлүшү болду эле. Бүгүн минтип экинчи балам Мээри үчүн дагы бир кубанычка батып отурам. Кандуу согуштун жүрөгүмдө калган эски тагын жууп таштадыңар журт. Мен бактылуумун. Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн каралдым Мээри. – Эне андан ары сөзүн айта албай көз жашын чууртуп жиберди. Уул-келининин жанына басып келип, экөөнүн чекесинен алмай-телмей өптү. Зулай тосту ушинтип көтөрдү. Мээринин атасы да, энеси да ак тилектерин айтып, кыз-күйөөсүнө бакыт-таалай каалады.

Отургандардын ичинен Капаздын жоктогону Баатыр менен анын байбичеси Асылкан болду. Эмне үчүн ке-

лишкен жок, атайы киши жибербедим беле? Көңүлүндө ушунтип бушайман болуп эшик ачылса эле ошолор кирип келүүчүдөй эки көзү тышта...

Клубдагы салтанат узакка созулган жок. Анткени, бул жерде ысык тамак даярдалган эмес. Табактардагы муздатылган канаттуулардын эттери менен башка тамактар чети оюлбаган бойдон калды. Келгендер тараштты. Жаштар түшкөн машина Капаздын үйүн көздөй бет алды.

Ошентип, кубанычтан уйкудан калып, режимди мурдагыдай толук сактай албай, конок күтүп, эл узатышып кызуу менен жүргөн Зулайдын эки буту шишип кетти. Муну көргөн Капаз энесин шашылыш догдурга көрсөткөнү, дары алышканы районго кетти. Баатыр менен Асылкан келгенде Зулай да, Капаз да жок болучу.

Кечинде күйөөсүнө Мээри Кыргызстандын кырк жылдыгы атындагы колхоздон келген меймандар жөнүндө айтып жатканын, анан алар дем алыш күнгө чакырып кеткенин угуп Зулай жаздыктан башын көтөрдү:

– Ал ким эле?

– Сиз, тааныбайсыз эже. Башка бир колхоздун жылкычысы. Мен ал киши менен жайлоодон таанышкамын. Жакшы болуп калсаңыз чогуу барып келели. Жаман адамдар эмес, көрөсүз го барганда.

– Андай кишилер менен кол үзбөй, катышып жүргөн жакшы. Куш канаты менен учуп, куйругу менен жерге конот эмеспи. Келгенден бери элдин элчилигине ыраазы болуп олтурам. Аянышкан жок эч кимиси силерден. Ушунтип алмончок кылып олтурган журттун эмгегин эмне менен актай алар экенсиңер?

– Мен да ошону ойлойм да эже.

– Эже дебей эле эне же апа дебейсиңби? – Мээри күңк этти.

– Эже дегендин эмне жамандыгы бар. Мени өстүрүп эрезеге жеткирген адамдар башка эле да. Эжем ага капа болбойт.

– Капа болбой калайын, – деди Зулай Мээриге карап,– Шабданбек согуштан дайынсыз болгондон кийин мени башка эрге тиет деп ойлоштубу, же түтүнүбүздү өчүрбөй Жаныш менен Байыштын ордун басып калсын дештиби, атам Капазды төрөлөрү менен өз атына жаздырып асырап алышты.

Капаз Зулайдын жанына келип олтурду. Аялдын шишимик тарткан өңүн жылмая карады.

– Шабданбек десе оозуңуз эп дей түшөт ээ, жеке. Арадан отуз жылга жакын убакыт өтсө да атамдын кеткени сизге отуз секундчалык көрүнбөйт окшобойбу. Жакшы киши эле деп жок байыңызды жер-сууга тийгизбей Манастай мактай бересиз. Жакшы киши болсо келбейт беле? Жакшы адам болсо өлбөйт да болучу.

Зулай уулунун тамаша сөзүнө түшүнө бербей, тиктеп калды.

– Эмне дегени турасың балам? Согушта Ата Журт үчүн кимдер канын төкпөдү, кимдер деген өлбөдү. Айтасың да балалыгың менен. Атаң деп жүрүп картайып, атаң деп ыйлап жүрүп ушул абалга келдим. Экинчи согуш бетин адам баласына көрсөтпөсүн.

– Байыңызды келет деп ойлойсузбу дагы эле? – Капаз кандай жооп берер экен деген кыязда ушинтип сурады.

– Жол карап жүрүп күдөрүм үзүлбөдүбү.– Зулай унчукпай калды. Тынымдан кийин уулуна карады.– Мээриге атаңдын сүрөтүн көрсөтсөң боло алып келип, альбомуң китеп салган чемоданда турат.

Экөө үйгө жарыша чуркап кириштиі... Балдарынын колундагы сүрөттөрдү көргөндө Зулай оңдонуп олтурду. Барактын биринчи бетин ачканда эле аскерче кийинген кырдач мурун, бакыракай көз солдаттын үч сүрөтү көзгө чалдыкты.

– Менин атам ушул. Келишимдүү жоокер Ленин, Кызыл Жылдыз жана III даражадагы «Даңк» ордендеринин кавалери.

– Атаң сага окшойт экен Капаз. Апа сиз бул киши менен аз эле күнү бирге турупсуз ээ. Мага Капаз айткан.

– Э-э балам ай, согуш убагында бир жума эмес, бир эле күнү жашап да ажырап калгандар болгон. Эмнесин айтасың...

– Эх, оңбогон согуш! – Мээринин кабагы бүркөлө түштү. Үчөө тең унчукпай калышты. Бир топтон кийин Капаз Зулайга карады.

– Эже, атам жөнүндө айтып берсеңиз. Мээри уга элек да.

– Койчу балам, анын эмнесин угат эле.

– Угам. Мен деле балаңызмын да.

– О, бала болгонуңдан кагылайын. Ошончолук эле каалап турсаң айтып берейин. Атасы жөнүндө Капаз деле ушул убакка чейин толук билбейт. Өлүп кетсем мойнума кетпесин.

Жигит каткырып күлдү.

– Ха-ха-ха. Атам жөнүндө мен билбейминби?

– Эмнени билет экенсиң?

– Тамаша кылып жатасызбы?

– Эмнени тамаша кылайын. Угуп турчу мурда. Сен билгениң менен Мээри билбейт да.

– Анан ошондой дебейсизби?

Зулай башын ийкеп күлүмүш болду. Мээри энеге жакындап олтурду.

– Мен согуш башталганда тогузунчу классты жаңы бүтүргөн кезим болучу. Ата Журтун коргоого эр азаматтар биринин артынан бири кетип жатышты. Биздин үйгө да кандуу согуштун алоолонгон жалыны акырындап тилин соймоңдотуп кирип келди. Калктын башына калайман түштү. Эки агам биринин артынан бири согушка жөнөп кетти. Ата-энем чөгө түштү. Үйдө бир туугандарыңдын жоктугу, согуштун күчөшү окуумду улантууга мүмкүндүк бербеди. Ал кезде биз башка райондо, Чүйгө кире бериштеги жолчулар үчүн салынган баракта туруучубуз.

Атам көп жылдардан бери ДЭУда жол мастери болуп иштөөчү. Арадан көп убакыт өтпөй мен да атам иштеген мекемеге жумушчу болуп орноштум. Иш күндөн күнгө оордой берди. Бардык жумуш кары-картаңга, кыз-келинге түштү. Биз Фрунзе – Рыбачье темир жолун куруп жаттык. «Кирген из көп, чыккан из жок» дегендей кеткендер көп, жарадар болуп кайра келгендер аз.

Эң улуу бир тууганымдан бир жылдык аскер окуу жайына кабыл алынгандыгы жөнүндө кат келди. Кыргызстандан бар болгону эки гана бала бар экен. Абам бир катында ошол жигит менен чогуу түшкөн сүрөтүн жиберип, анан минтип жазыптыр:

*«Кандай Зулай, сак-саламат турасыңбы? Атам менен энемдин дени сак күүлү турушабы? Байыштан кат келип жатабы? Эмне үчүндүр андан бир айдан бери кат ала элекмин. Меп сага өзүм менен бирге окуп, бирге аскердик милдетин өтөп жүргөн жолдошум менен түшкөн сүрөтүмдү жибердим. Силер да чогуу сүрөткө түшүп салып жибергиле. Бул катты аяш абаң экөөбүз дем алыш убагында чогуу олтуруп жазып жатабыз. Ал атама, энеме, салам айтты. Силер жакта эмне жаңылыктар бар? Кимдер келди, кимдер кетти? Баарын жаз. Баса, темир жол кайсы жерге чейин барды? ДЭУда эмне жумуш иштеп жатасың? Ата-энемди капа кылбай жакшы багып тур. Окубай калдым деп өкүнбө. Өзүм барганда окутуп алам».*

Бир тууганымдыи каты көңүлүмдү көккө учурду. Жолдошу экөө түшкөн сүрөттү тойбой карай берем. Жанышка кат жазган сайын досуна да баарыбыз салам айтабыз. Ал жигит жөнүндө кокус Жаныш катка жазбай калса, ата-энемдин тынчы кетет. Экөөнү бөлүп кеткенби, эмне үчүн ал жөнүндө жазган эмес, деп өздөрүнчө бушайман боло бсришет.

Мага үйдөгүлөр бир күнү катты Жанышка өзүнчө, досуна өзүнчө жаздырышты. Анан эки башка конверт

жасап экөөнү эки башка жибертишти. Каттын ичинде согуш бүткөндө Жаныш менен чогуу келип абышка-кемпирдин колунан даам ооз тийип, конок болуп кетүү жөнүндө эскертилген сөздөр да бар болучу.

Ошондон кийин Жаныштын досу деген бейтааныш солдаттан бизге өзүнчө кат келе баштады. Ал көбүнчө менин өзүмө жазат. Каттын аягында үзбөй бат-бат кат жазып турууну менден көп өтүнөт.

Күндөрдүн биринде Жаныш менен досунан дагы кат келди. Анда курсту ийгиликтүү бүтүрүшүп, согушка жөнөп жаткандыктары жөнүндө жазышыптыр. Экөөнүн эки башка фронтко жиберилгенин окуп аябай капа болдук.

Биз Жаныштын досунан мурункудай кат келбейт го деп ойлодук. Бирок, андай болгон жок. Каттар мурункуга караганда көп келе баштады. Күн өткөн сайын ортодогу достук байланыш тыгыздаша берди. Мен андан кат келбей калса тынчым кетүүчү болду. Ал да менин катымды чыдамсыздык менен күтө тургандыгын ар бир катында жазат...

Биздеги бир жаман окуя Жаныш менен Байыштын согушта курман болгондугу жөнүндө жазылган кара кагаз болду. Эки бир тууганымды бир угузушту. Ата-энем эки баласынын күйүтүнөн чөгүп калышты.

Бизге мурда эки-үч кишиден кат келсе, эми бир гана кишиден келип калды. Ал Жаныштын досу Шабданбек болучу. Бейтааныш жоокер биздин оор жоготуубузга кайдигер караганы жок. Ал кан майданда жүрүп кайгыбызга да, ыйыбызга да ортоктош болду. Ата-энеме кайрат айтып, мени сооротуп жакшы санаалаштык бир туугандык саламын жазат. Жаныш үчүн, Жаныштын кадыры үчүн кандай кызмат болсо да дайым даяр экендигин билдирген сөздөрү көңүлдү көтөрбөй койгон жок. Ошентип, экөөбүздүн ортобуздагы жакындык уламдан улам чыңала берди. Сагынуу, күтүү, көрүшүү сезими аны да, мени да өз кучагына алып терметип жатты. Менин

көңүлүмдө Жаныш менен Байыштын ордун түбөлүк баса турган алтын түркүк ошол жигит болот го деген үмүттүү ой ишенимдүү удургуй берүүчү болду.

Бирок, менин тилегим ташка чабылды. Жаныштын досунан келүүчү баягы каттар кан буугандай басылды. Арадан апта эмес айлар өтүп жатты. Атам экөөбүз дагы эле жолдо иштейбиз. Эрте кетип, кеч келебиз. Антпегенде кантебиз, өлгөндүн артынан эч кимибиз өлө алган жокпуз. Тиричилик кылбасак биздин казаныбызга ким аш салып берет эле. Ансыз деле жоон жошулуп, ичке үзүлүп турган кыйынчылык кез. Ал кезде азыркыдай адамдын колун узартуучу техника кайда. Тоо жардыруудан башка бардык жумуш кол күчү менен иштетилүүчү.

Поезд жолу Фрунзеден узап Кыз-Күйөөгө келип калган. Түнкү жардыруудан бүтөлүп таш топурак бөгөп калган шоссе жолду ачуу жумушу ар дайым эртең менен үрүл-бүрүлдө жүргүзүлүүчү.

Атам экөөбүз жол ачуу үчүн таңга маал келдик. Биз келгенде жумушчулар али келе элек экен. Зоодон кулаган топурак аралаш шагылды көргөндө жүрөксүй түштүм.

– Ата, кичине күтө турбайбызбы, кишилер келгенче? – Атам менин тарткынчыктап турганымды байкадыбы же байкаган жокпу, мурункудай эле мостойгон ойлуу калыбында:

– Алар келет деп карап турабызбы балам. «Көз коркок, кол баатыр» болот. Акырын кыймылдай берели. Сен күрөктөп машина өтүүчү жолдун угундагы майда таш-топурактарды аздан-аздан четке ыргыта бер. Мен чоң-чоң таштарды жолдон чыгарайын. Анан жолчулар келгенде кеңитип жибериш оңой.

Атамдын дем кылганын көрүп чыйрала түштүм. Ошол замат жоолугумду алмаштырып башымды бууп, Байыштын эски костюмун чечип, обочо алып барып койдум да, ышкын түпкө боёп жасаган жаргак шымды кийип, эски көк ала гүлдүү чыт көйнөгүмдү шымданып

алып ишке кириштим. Атам мени улам карап коёт. Мен атамды карайм. Экөөбүз бири-бирибизди ичибизден аяп жатканыбызды билип турдум.

– Эс алып алсаңчы. – Атам бир казандай болгон кычыл ташты улам бир жак бетине салып оодарып жолдун четин көздөй тоголотуп баратып мага кылчайды.

– Жок, чарчаган жокмун. – Маңдай теримди жеңимдин учу менен сүрттүм. – Ата, алдагы ташты эки кишилеп көтөрбөсө жалгыз белиңизди мертинтип алып шордоп жүрбөңүз. – Күрөгүмдү ыргытып жиберип жанына чуркап бардым. – Кел экөөбүз эки башынан көтөрөлү.

– Кой, кой кыз бала таш көтөргөн болбойт. Анан калса плитадай төрт чарчы неме экен. Оордугун айтпа, зындын кара ташындай болуп. Мына, ушул жерге эле таштайм. Анан кишилер келгенде алыс ыргытып жиберебиз.

– Ата, кичине эс алалычы. – Мен өзүм эмес атамды эс алсын деп ошенттим. – Эң эле эрте келген экенбиз. Таң эми араң ык салып келатат...

Атам экөөбүз ээрчише басып келип дем алууга олтурдук. Ортобузда тынчтык. Атам жанындагы таштын үстүндө турган Байыштын костюмун колуна алып күбүгөн болду. Анан жакасын мурдуна алып барып шуу-шуу жыттады.

– Атаңдын көрүнүн баласы, жаман чүпүрөкчө да өмүрүң болбоду. Жыты да калбаптыр. – Кайра ордуна койду. Түнөргөн калыбында кончунан мүйүз чакчасын алып чыгып, түбүн такасына уруп-уруп тыгынын алды. Анан алаканына түшкөн анча-мынча асмайдын күкүмүн ээрдине салган болду.

Унчугушпаган калыбыбызда ордубуздан турдук. Биз жолду жаңы эле ачып бүтөлү деп калган кезде Фрунзе жактан үстүнө толтура жүргүнчү салган эки автомашина келип токтоду. Шоферлор кабинадан чыкты. Бирөө согуштан жарадар болуп келгенби, сылтый басат. Алар менен удаа биз менен бирге иштеген атамдын курдашы

келатты. Ал кишинин машинадан түшкөнүн көрүп, шаарга качан барган деп ойлодум. Машинанын ичиндеги адамдарга көз токтотуп бир карап алдым. Жарадар солдаттар менен катын-калач, жаш өспүрүмдөр көрүндү. Алдыга келген шофер атама салам айтты.

– Саломалейкум аксакал.

– Алекима салам.

– Кечээ жардырышкан го?

– Жо, түндө. Машиналар өтө электе бүтөбүзбү дедим эле жетише албай калдык. Кичине күтө тургула балдар.– Атам курдашына карады. «Акылы жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу» экенсиң го. Бул жактагы ишти билип туруп эрте эле келбейсиңби? Бол, ар жактан күрөк ал.

– Күрөк болсо биз да жардамдашып жиберели,– деди шофер жигит.

– Зулай, алып келчи балам күрөктөрдү.– Мен атам жумшаган жакка күрөктөрдү алып келгени жүгүрдүм. Артымдан атамдын тигилер менен сүйлөшүп жаткан үнү угулду.

– Машинадагылар жөн-жай жүргүнчүлөрбү же?...

– Ушул кезде кайдагы жайчылыкча айылчылап жүргөн ыракаттуу адамдар болот карыя? Ленинграддан эвакуацияланып келаткандар менен согуштан кайткан жарадар жоокерлер.

– Ай бечаралар!– Атам тигилерди карап калды. – Убалыңар германга жетсин, Кууратты го өлгөнүн өлтүрүп, таратканын таратып. Кантебиз арты кайырлуу болсо болду...

Мен апкелген күрөктөрдү көрүп бул машинадан да, тигил машинадан да бала-чака, катын-калачтар чубуруп түшүп алып жатышты. Бардыгы жапа тырмак жолду ачууга жарадамга келишти. Көзүмдүн кыйыгы менен бардыгы окшош боз шинел, аскердик боз тумак кийген солдаттарга улам-улам карап коём. Алар да биз жактан көз албай кыймылсыз кузовага жөлөнүп олтурушат. Сыягы али жараттары айыгып, каруу-күчкө кире элек

жоокерлер болсо керек. Көңүлүмдө Жаныш менен Байыш. Өзүмдөн өзүм муунум бошоп, каңырыгым түтөйт. Көз жашымдын кычкыл даамы оозума кирип жатканда гана ыйлап жатканымды сезип, атама көрсөтпөө үчүн анын жанынан оолактап өзүмчө жалгыз иштеп жаттым. Жок дегенде экөөнүн бирөө ушулардай болуп тирүү келбеди… Санаам сандап, кайгы-капа көңүлүмдү курттай жеп жатты. Машинанын моторунун күрүлдөп иштей баштаганынан башымды көтөрүп, күрөгүмө таянып тура калдым.

Жол эчак топурак-таштан тазаланып заңгырай түшүптүр. Жүргүнчүлөр жабалактап машиналарга түшүп жатышыптыр. Атам тигилерди эрчий карап туруп оор күрсүндү.

– Ай айланайындар ай, ачык машинада үшүп келатышкан экен, жардам беребиз деп тердеп чыгышты. Суук тийип ооруп калышпаса болду…

Атам бир таштын үстүнө олтуруп, чөнтөгүнөн эскилиги жеткен бет аарчысы менен көзүнүн кычыгын сүртүп жатканын байкап калдым. Сыягы ал да ыйлап жаткан болуу керек. Тек тигилерге боору оорудубу же менчилеп Жаныш менен Байышты эстедиби, ким билсин.

Машинанын кабинасынан башын чыгарган шофер өздөрү менен чогуу келген биздин жумушчу карыяга карап кыйкыра сүйлөдү:

– Аксакал, мен бир нерсе сурайм деп унутуп калган турбайымбы. Азыркы биз чай ичкен үйдүн ээси эмеспи тигил карыя?

– Ооба, ооба, ошонун өзү. Аты Төлөгөн.

– Төлөгөн ата! – деди тигил шофер, – Аяш уулуңузду ала келип үйүңүзгө түшүрүп койдум. Сүйүнчүмдү камдап коюңуз, кайра өткөндө келе кетем.– Жигит кабинанын эшигин тарс жапты.

Атам эки жагын карабай башын жерге салып олтурган калыбында бир саамга үнсүз тунжурап олтурду да, башын

салмактуу көтөрдү. Анын көзү канталап, жашылданып, тамагы кирилдеп турду.

– Ким келди эле? Эмне дегенин да жакшы укпай калдым. Кайсы аяш уулумду айтып жатат?– Атам жанындагы курдашына карады.

– И-и, баса, бир аскер жигит келген силердикине!

– Аскер жигит?!

– Согуштан жарадар болгон бала экен. Жүрөгүм дүпүлдөй түштү.

– Ата Шабданбек аяш абам болуп жүрбөсүн,– дедим мен апкаарып.

– Кайдан. Ал келе турган болсо кат жазбайт беле.– Атам көңүлсүз жооп берди.

Биз участкадан анчалык алыс эмес жолдун боюндагы жолчулар үчүн салынган баракта туруучубуз. Шашыпбушуп кетмен-күрөктөрдү чогултуп будкага кийирдик.

Жолдо ката атам экөөбүз бири-бирибизге үн катпай ылдамдай басып келаттык. Бир кезде атам:

– Болду-болбоду кеминдик биздин туугандардан болсо керек,– деп өзүнчө кобурап койду.

Биздин дабышыбызды уккан энем үйдөн атып чыкты. Мен алаптап озунуп сурадым.

– Эне, ким келди биздикине?

– Сүйүнчү, аяш абаң келди. Жаныштын досу.

– И-и, кудай Шабданбек байкем келген турбайбы ата.

– Жашкы болуптур байбиче, Жаныштын өзү келбесе да досу келген тура.

Эшик ачылганда узун бойлуу, арык чырай солдат бизди каршы алды. Менин көзүмө Шабданбек эмес эле Жаныш байкемдин өзү келгендей болуп көрүнүп кетти. Бир демге тиктеше түшүп анан мойнунан орой кучактап ыйлап жибердим.

– Жаныш менен чогуу келем дечү эмес белеңиз? Шордоп калдык ушинтип. Соолгон согуш, жазыгы жок бир туугандарымдан ажыратып салды.– Өпкө-өпкөмө батпай солуктап ыйлап жаттым.

– Зулай балакетинди алайын, акыл-эсинди жыйначы. Шабданбек байкең да жарадар болуп, госпиталдан жаңы чыгыптыр, көп капа кылбачы кагылайын...

Энемдин үнү чыкканда соолуга түштүм.

Аяш абам Жаныштын өлүмүнө өзү күнөөлүү кишиден бетер бир топко түнөрүп отургандан кийин, ата-энеме кайрат айткан болду.

– Кайсыл жериңизден жарадар болдуңуз–деп сурадым чай үстүндө Шабданбектин ордендеринен көз албай.

– Акырегимден.

– Кудай чоң сактаптыр. Госпиталда көпкө жатып калдыңбы?– Атам томсорду.

– Сталинграддан ата. Госпиталдан үч айда чыктым. Бир айга отпуска беришти. Анан түз эле сиздерге келдим, учурашайын деп.

– Келгениң жакшы болуптур балам. Биз ушинтип канат-куйругубуздан ажырап томолой болуп калдык.

Атам өксөп жиберди...

Шабданбек келгендин эртеси жумуштан суранып келдим. Тим эле үйүбүзгө береке кирип туна түштүк. Сүйүү деген шүмшүк турмуштун агымына, жашоонун шартына карабай турган көзү жок көр, акылы жок акмак неме болот окшобойбу. Шабданбек келген күндөн баштап ортобузда махабат оту тутана баштады. Ошентип бири-бирибизди жактырышып калсак болобу. Анын баарын айтып олтурууга сөзүм да, кубатым да жетпейт. Ал менин башымды байлап, никеге туруп коюп кетмек болду. Муну орундатыш үчүн ата-энемден уруксат алыш керек болучу. Аларга өзүбүз айтуудан батына албай коңшубузду ортого салдык. Аркы-беркини түшүнгөн эстүү аял эле. Ал биздин бири-бирибизди жактырышып калганыбызды байкап жүрсө да, мынчалык болуп кетет деп ойлобогон экен. Экөөбүздү бир демге алмак-салмак тиктеп туруп минтип сурады:

– Айланып кетейиндер, терең ойлонуштуңарбы? Кийин ким кимиңер оозуңарды карманып калбайсыңарбы?

– Тобокел. Жаштын тилеги ысык тийген күндөй болот деп айтаар эле маркум энем. Мен Зулайга өлөм деп эмес, аман-эсен келем деп үйлөнгөнү жатам. –Атам менен энеме айтыңыз руксат берсин…

Аял биздин айткан аманатыбызды ошол эле күнү ата-энеме кирип ортого салыптыр. Ойдо жок жерде чыккан бул сөзгө ишене бербеген атам:

– Эки баланын аманаты деп айттың кошуна. Ишенбейин десем жөнү бар сыяктуу, ишенейин десем орду жок сыяктуу. Мен Зулайды Шабданбектен артык күйөөгө берет белем. Биздин жоокерлер душмандын мизин кайтарып, алар басып алган жерлерди биринин артынан бирин бошотуп баратат. Согуштун жеңиш менен аяктаарына аз калды. Тилимди алса балдарым, ошол согуштан кийин үйлөнүшсүн деп, жооп бериптир.

Бирок, биз атамдын сөзүн орундуу көрүп турсак да өз максатыбызга, өз тилегибизге жетүүнүн аракетинде болдук. Анткени, экөөбүздүн көңүлүбүздө сөзсүз согуштан кийин көрүшөбүз деген ишеним баарынан күчтүү болучу. Кайра-кайра айттырып туруп алдык.

– Мейли, атам менен энем айткандай эле болсун. Турмушка согуштан кийин эле чыгайын. Жалгыз өтүнүчүм ЗАГСка катталууга руксат этсин деген шартты алдына тарттым.

Атам менен энем ары кетип. бери кетип жатып акыры макул болушту. ЗАГСка туруп келгенибизден кийин анча-мынча кишинин башын кошуп тамак берип, ак батасын айтышты. Ошентип атаңдын отпускасы ары-бери караганча бүтүп калды…

– Келбеди балам. Үйдөн кеткенден кийин аман-эсен өз полкуна кошулган эле. Согушка бир нече жолу кирип да чыкты. Бир чабуулда III даражадагы «Даңк» ордени менен дагы сыйланды. Каттын үстүнө каттары жаап жатты. Дагы бир катында алардын полку башка фронтко которулганын жазыптыр. Украина  фронтуна жөнөгөнү

жатабыз. Токтолгон жерде кат жазам. Менден кат бармайынча кат жазба дептир. Ошол бойдон андан кат да келбеди, мен да кат жазбадым. Кайсы жерге токтолгонун билбеген бойдон кала бердим.

Мындай кезде жамандык менен жакшылык жанаша жашайт экен. Кыялым кымкуут. Бирде Шабданбек согуштан аман-эсен келип көңүлүм көккө учса, бирде кара кагаз келип кан жутам. Ушундай эки анжы ойду ойлой берип жүрөгүмдү эзип уктайм да, кайра эзилип турам. Аны күтөм. Кат келеби деп почтого күнүгө барам. Бирок, эч кабар жок. Күчүмдү көз жашыман чыгарам. Күндөрдүн биринде аман-эсен эркек төрөдүм. Капаздагы чымчыктай болуп кайгылуу күндө жүрүп көз жардым деп атыңды Капаз койдум.

Зулай тунжурап унчукпай калды. Демигип, таноолору кыпчылып чыкты. Көздөрү жашылданып, үнү буулду.

– Эже, эс алыңызчы. Чарчап калдыңыз. Дары ичесизби?– Капаз энесинин баш жагына келип жүйүртө басып маңдайынан сылап, колдорун кармалады.

Мээри жүгүрүп чыгып кашыкка дары тамчылатып кирди. Зулай башын көтөрдү.

– Болду, айтпай эле коюңузчу.– Капаз бошогон кашыкты Мээриге кайра берди.

– Мынча болду аягына чыгайын. Күндөр өтүп, кандуу согуш жеңиш менен аяктады. Душмандын огунан аман калган жоокерлер эл-жерине кайта баштады. Бир күнү жумуштан келсем, үйдө бизди айылга көчүрүп кетебиз деп келген туугандарыбыз олтуруптур. Ата-энемдин кетүүгө макулдугун угуп жүрөгүм кансырай түштү. Кокус Шабданбек келип калса үйдү таппай, экөөбүз түбөлүк адашып калуучудай ойлодум. Анын үстүнө Капазды кантем. Ансыз кантип жашайм, кантип күн көрөм. Ата-энемден алып калсамчы? Жок, жок, анда да болбойт. Байыш менен Жаныштын өлүү-тирүүсүн билгизбей алаксытып олтурган Капаздан ажыратканым, аларды тирүүлөй жерге

көмгөнүм эмеспи. Ары ойлонуп, бери ойлонуп олтуруп, иши кылып аман болсо болду, деген жыйынтыкка келдим.

Атамдарды көчүрүп жиберип, өзүм ДЭУда иштеген бойдон кала бердим. Жалгыз жашоо жарым өлгөн менен барабар болот экен. Үйдү көргүм да келбейт, тургум да келбейт. Айла жок, Шабданбекти күтүшүм керек. Ата-энемди, баламды сагынганымды алаксытыш үчүн көпчүлүк учурда жумушта болом. Мен үчүн үйдө олтуруудан көрө көпчүлүктүн ичинде, жумушта жүргөнүм жеңил сыяктанып кетти. Жолдоштордун шарданы, жумуштун күүсү менен убакыттын кандай өтүп кеткенин да билбей калуучу болдум. Таң атпай туруп участкага кеткен бойдон кызыл күүгүмдө үйгө келем. Дем алыш күндөрүндө да жолдун тигил жерин, бул жерин көрүмүш болуп бир сыйра кыдырып чыгуу менин адатым эле.

Анткени согуш бүтүп, темир жол Рыбачьеге жеткен кезде мени жол мастери кылып дайындашкан. Быстровкадан Кызыл Көпүрөгө чейин мага карачу. Партиянын мүчөлүгүнө да ошол жолдо иштеп жүрүп согуш убагында өткөн болчумун.

Согуш бүткөнү менен жол жумушу бүтпөдү. Бир жерин суу жеп кетсе, бир жерин зоокадан кулаган таштар бүтөп салат. Анын үстүнө жол тар. Жол мастери болуу жооптуу кызмат экенин ошондо билдим. Табигый кырсыктан бузулган жерлерин ошол замат калыбына келтирип, жумушчуларга багыт берүү менен токтоп калуу мен үчүн жетишсиздей сезилчү. Жолчулар менен кошо жүрүп кошо иштөөчүмүн. Убакыт өткөн сайын кире тарткан арабалардын саны азайып, автомашиналар менен жеңил машиналардын жүрүшү көбөйгөндөн көбөйө берди.

Күндөрдүн биринде жолдордун опурталдуу бурулуш жерлерине, өрлөр менен тик ылдый кеткен кысыктарга эки жигит менен белги коюп жүргөн элем. Бир кезде ДЭУнун начальниги түшкөн полуторка биз иштеп жаткан жерге келип токтоду.

– Зулай, сүйүнчү – деди баарыбыз менен саламдашып ал-жайды сурагандан кийин,– сени Кыргыз ССРинин автотранспорт жана шоссе жолдор министерствосу көп жылдык жигердүү эмгегиңди эске алып люлкалуу мотоцикл менен сыйлаптыр. Газетадан окуган жок белең? – Начальник чөнтөгүнөн республикалык газетанын жаңы санын алып мага сунду.

– Жок, окубадым, – дедим күтүүсүз жерден чыккан жаңылыкка жүрөгүм дүпүлдөп.

– Окубасаң оку. Жакшы болду, мындан ары жөө жүрбөйсүң. Иштөөңө да жеңил болот. Алдын ала куттуктап коюуга руксат эт. – Колумду кыса кармады. Жанымда турган жигиттер да биринин артынан бири жолдоштук тилектештиктерин билдирип жатышты.

– Сенин сыйлыгыңды угуп курбу-курдаштарыңдын баары кубанып жатышат.

– Рахмат, жакшы санаалаштарга. Сизге да Петр Иванович! Бирок, айдаганды билбейм да.

– Эчтеке эмес. Ага кабатыр болбой эле кой. Жакында атайын курска жиберебиз сени. Анан мотоцикл эмес автомашинаны айдаганга жарап келесиң. Мындан ары иш көбөйөт Зулай. Жол кеңейтиле баштайт. Бул жөнүндө партиялык жыйналышта маселе көтөргөн өзүң элең. Эми өзүң башында болосуң.

Бардыгы Петр Иванович айткандай болду. Арадан көп убакыт өтпөй мотоцикл да келди. Аны мага ДЭУнун коллективи салтанаттуу түрдө тапшырышты. Үч айлык курска барып шофер деген күбөлүк алып келдим.

Мурда жөө жүрүп иштесем, эми алдымда ачык асмандай болуп жалтыраган көгүлтүр мотоцикл. Ошол жазда жол бир башынан кеңейтилип, айрым жерлерине таш төшөлүп, кумдуу шагылдар төгүлүп жумуш кызый баштады. Өз участкамдын кооптуу жерлерине дубал тосмо орнотуу жөнүндөгү өтүнүчүм оңунан чыкты. Бул ишти коллектив «Зулайдын жеңиши» деп дуулдап жатышты.

Эмгектен тапкан анча-мынча кубанычтан көңүлүм көтөрүлө түштү. Ишке болгон кызыгуум мурдагыдан көбөйдү. Эл орунга олтура үйгө келип, жаңы эле мотоциклден түшүп жатсам, коңшу үйдүн аялы сыртта бир нерселер менен убараланып жатыптыр. Мени көрө коюп жаныма басып келди.

– Сүйүнчү Зулай! Сени күтө берип чарчадык. Машина алгандан бери үй бетин көрбөй баратасың.

– Иш көп жеңе. Айтыңызчы мени эмне менен сүйүнткөнү турасыз?

– Шабданбек келди! Биздикинде! Сүйүнгөнүмдөн бакырып жибериптирмин.

– Кагылайын жеңеке, чын элеби?

– Сен бекер эле убара болуп анын жолун тосуп жүрүптүрсүң?

Сөзгө келбей алардын үйүн көздөй жүгүрдүм, Жолдо баратып өзүмчө сүйлөп келаттым.

– Мен билгем, сенин тирүү келериңди. Кагылайын кудай, менин да кубанар күнүм бар экен ээ.– Эшикке чукул калдым.– Шаб-дан-бе-е-е-к! Шаб-д-а-а-н!– кыйкырган бойдон коңшунун эшигин шарт ачып, үйгө октой атып кирдим.

Көзүмө Капаздан башка эч ким көрүнбөдү. Анын көздөрү коркунучтуу алайып, мени таңдана тиктеп турду. Мен аны кучактай калдым.

– Атаң кана?

– Үйдө.

– Шабданбек үйгө бардыбы?

– Кайсы Шабданбек?! – Уулумдун кабагы түйүлүп, мени суроолуу тиктеп турду.

Артымдан удаа кирген коңшум шаңкылдап күлдү. Мен ордумдан секирип туруп ага ачуулу бурк эттим.

– Жеңе, бул эмне деген шылдыңыңыз? Же менден ала албай жүргөн өчүңүз бар беле? – Кайра отура калып ботодой боздоп ыйлап жибердим. – Душмандын шылдың кылганы аз келгенсип... Өпкөлөдүм.

– Ой Зулай, сен анык жинди турбайсыңбы? Шабданбек деп мен Капазды айткам. Карасаң тим эле атасынын өзү. Сенин мынчалык болоруңду кайдан билдим катыгүн. Кой ыйлаба. Күйөөң өлбөптүр кагылайын. – Ал мени ээгимден эркелетти. – Капазыңминтип сени издеп келгенге жарап... (Бул аял баякы Шабданбек экөөбүз үйлөнөрдө атам менен энеме арачы түшкөн аял эле).

– Мен сиздин минтип тамаша кыларыңызды кайдан билдим. Чын эле Шабданбек келип калган экен деп...– Көз жашымды сүрттүм.

– Курган кыз, Шабданбек деп жүрүп катып бүттүң го санаадан. Ушул турмушуң, ушул бактың да оңой эмес билсең. Минтип ишиңди өкмөт баалаcа, айылда ата-энең Капаздын деми менен шаар болуп олтурат. Дагы сага эмне керек?...

«Шабданбек өлсө» деген сөз жүрөгүмө жаанын огундай кадалды, Кызык, бул аял эмнени айтып олтурат. Же андан элчилеп өлдү деген кара кагаз келбесе. Сыягы бирдеменин шек-шыбасын билсе керек. Өз дартым, өз күйүтүм мурдагыдан ашынып, ичим эңшерилип, жүрөгүм сыздап турду...

Дел болгон немедей баламды боорума сыга кучактаган бойдон олтура бериптирмин. Үйгө кантип, качан келгенимди да билбейм.

– Эже, коё берчи, кабыргам, колдорум ооруп кетти.

Эсиме келе түштүм.

– Эмне болду? Бир жериңди оорутуп койдумбу? Каралдым, ырысым,– Ой боорум менен өпкүлөп, ой боорум менен жалынып жаттым.

– Атам менен энем кандай? Оорубай жүрүшөбү?

– Сени чай, кант алып берсин деди. Атам ооруп жатат. Эгер колу бошосо сени келип кетсин дешти...

– Ким менен келдиң? – дедим. Капаз мурчуя жооп берди.

– Баякы өзүң үйдөн кууп чыккан Усуп деген бар го, атасы почточу болуп иштеген. Энем ошого кошуп жиберген. Жинди экен. Жолдо келатып эжеңди мага берсең сага ата да, жезде да болот элем. Зулайга айт, Усуп абам жакшы жигит де. Макулбу? Жолдо катар сени эле айтып келди.

Капаз каткырып күлдү.

– Эми ойлосом эжемди Усуп аябай жакшы көрүүчү экен. Үйлөнөм деп канча аракет кылды. Билгендей айткан экен ошондо Шабданбек келбейт деп.

– Капырай десең, капырдын оозунда барбы, тилинде барбы, куураган Шабданбек ың-жыңсыз болду. Мен ошол Усуптан эмгиче күнөм санайм.

– Кандайча? – Капаз Зулайды карады.

– Шабданбектен келген каттарды атайы эле бербей жүрдүбү деп.

– Мейли катты бербесе бербесин, кат жазган киши тирүү болсо өзү келбейт беле.

– Анысы да бар,– деди Зулай ойлуу.

– Анан эмне болду ыя апа, Капаз менен айылга чогуу кеттиңизби?

– Аа, Капаз менен дейсиңби? Ооба, ооба. Эртеси эрте туруп Капазды мотоциклдин люлкасына олтургузуп алып участканы бир сыйра кыдырып чыктым. Атамдын оору экенин айтып, жолчуларга тапшырма берип коюп Кеминди көздөй жол тарттым. Жолдо катар уулум мен айдап келаткан мотоциклге кубанып кудуңдай берди.

– Эже, айдаганды үйрөтөсүзбү мага?

– Үйрөтөм.

– Сизге башы бойдон бердиби?

– Ооба,

– Атамды ушуга салып догдурга алып келсе болобу?

– Болот каралдым.

– Мен артына учкашып алам, атам ушул жерге олтурсун ээ...

Үйгө келгенде атамдын буту баспай шал болуп калганын көрүп эмне кыларымды билбей калдым. Ооруканага алып баралы десек асман айга секирип болбой койду. Врачтар үйдөн келип көрүп жатышты. Бардык аракетибиз текке кетти. Атам төшөктөн турбай калды. Көрсө кайгыдан кан бузулса, ушундай ооруга чалдыгат турбайбы. Эки жылдан кийин атам биз менен түбөлүккө кош айтышты...

Бир жагынан иш, бир жагынан атамдын өлүмү, бир туугандарым менен Шабданбектин күйүтү, Капаз менен энемдии бир үйдө жалгыз калышы мага оңойго турган жок. Төшөк салып чечинип ыракаттанып жатпай калдым, Жумуштан чарчап келип, бирдеме шамшум этимиш болом да, кийимимди чечпеген бойдон бүкүлүү жыгылам. Ичим өрттөй жанат. Кээде көмкөрөмдөн түшүп, жер тамдын сызы өткөнчө боортоктоп жатып, өзөгүмдүн өрттөнгөнү басаңдай түшкөндө бир аз эс ала түшөм да, кайра барып ордума кулайм. Эртең менен көздөрүмдүн алды каканактап, бүткөн боюм салмактанып, жүрөгүм оорсунуп турам...

Күз жаанчыл болду. Эки жума жааган катуу жаандан туш-туштан кыян жүрүп, Чүй суусу киргилденип, жайдын толугунан бетер өзөн толо ашып-ташып үйдөй таштарды чамгарактай агызып жатты. Жолдордун бузулганы көбөйдү. Бир жерин оңдогончо болбой экинчи жерин алдырып жиберебиз. Өзүм баштаган жолчулар жаанды жаан билбей жолду калыбына келтирүүнүн үстүндө иштеп жаттык...

Күйүттөнбү, жумуштанбы, айтор бара-бара ооруп жумушка чыга албай калган күндөрүм көбөйүп баратты. Кундуздай кара чачымды ак аралай баштады...

– Айылга эле атаңыздыкына көчүп кетип калсаңыз болмок экен. Балким анда мынчалык оорукчал болбой калат белеңиз.– Мээринин эрди кыймылдап, ыйлаганы араң турду.

– Көчүп барбадым балам. Балким Шабданбек келип калабы деп ошол жерден козголбой, бир жерде он жети жыл кызмат кылдым. Көңүлүмдө Шабданбек өлбөй-житпей эле бир жерде жүргөндөй болуп туюлуучу мага. Эми ойлосом жинди экенмин. Мен өңдөнгөн келиндер кат келип турган эрлерин күтпөй эрге тийип кеткен мезгилдер да болду.

– Эмне үчүн ошенткен жоксуз?– Капаз көзүнүн кыйыгы менен Зулайды карады.– Усуп окшогон солкулдаган нечендер бар эле го.

– Эрге тийсем жакшы болот беле?– Кытмыр күлдү.– Айтып жатпайымбы, атаңды күттүм, сага карадым. Башканы каалабадым. Көңүл деген ошондой болот тура балам. Көңүлүмдүн баары Ысык-Көлдү көздөй аркы-терки өтүп жаткан машинада болор эле. Көлдүкпүз дегендер көзүмө бир туугандай жакын көрүнүүчү. Өткөн-кеткен жүргүнчүлөрдөн Шабданбек жөнүндө сурайм. Тааныйсыңарбы дейм? Бирок, аны тааныйбыз, билебиз деген бир да киши болбоду.

– Эмне үчүн көлдүктөрдөн?– Капаздын көздөрү чекчейип, томсоро түштү.

– Мен сенден чындыкты жашырып келгемин балам.

– Жалган айткамын дейсизби? Анан кайсы жерлик эле?

– Ысык-Көлдүк болучу.

– Ысык-Көлдүк! Мына кызык. Анда баякыда Ыдырыстын айтканы туура экен да. Эмне үчүн чындыкты менден ушул убакка чейин жашырып келдиңиз?– Капаз ордунан туруп, столдун үстүндө жаткан сигаретти алып чеге баштады.

– Эмне үйгө тартып жатасың?– Мээри күйөөсүн карады. Капаз ошол замат жаңы күйгүзгөн сигаретин терезенин ачык форточкасынан ыргытып жиберди. Анткени, Зулайдын үстүндө тамеки тартуу болбосун өзү жакшы билүүчү.

– Маркум таятаң айттырбай койгон. Бул жөнүндө мени кечир кагылайын. Капазым тигил тоонун, бул тоонун башын санабай тынч өссүн деген.

– А атам өлгөндөн бери канча убакыт өттү?–Капаздын өңү өчүп турду.– Ысык-Көлдүн кайсы район, кайсы колхозунан экенин билесизби?

– Жок, билбейм балам. Ошону данистелеп сурабай калыптырмын. Мен байкуш Шабданбек келгенде чогуу барам деп ойлогон окшобоюмбу. Минтип кара көзүм кашайып ажырап каларымды кайдан билдим. Бирок, ал бир атадан жалгызмын деген эле.

– Да-а, ошондой деңизчи. Чүйлүк эмес эле көлдүк турбаймынбы. Атамдын кайсы жерлик экенин эртең эле таап берем. Керек болсо кайсы жерден окко учуп, кайсы жерге коюлганына чейин издеп Украина менен Берлиндин ортосун аңтарып чыгам...

– Качанкы сөөгү сөпөт, устуканы упат болгон немени ким айтып берет эле сага. Мени тозокко салбай тынч иштечи, балам...

– Коркпой эле кой, өкмөт айтып берет эже.

– Андай болсо жөнү бир башка. Бирок, көзүм өткөнчө ары-бери сүрдүгүп чарпылба.

– Чарпылба деген эмне сөз? Ысык-Көлдүн боорунда иштеп туруп, атамдын туулуп-өскөн жерин билбесем, менин жигиттигим кайсы? Жатындашы болбосо да аталашы бардыр. Бир туугандарымды тапсам жаманбы?

– Шабданбектин өз көзү болбогондон кийин эми мага баары бир. Мен Шабданбектин артынан эчак өлүп жок болгон катындын биримин...

Капаздын тынч көңүлүнө бүлүк түштү...

* * *

Капаз машинадан түшүп жатканда Зулайга «Кокор-боксилазадан» укол куюп жаткан медсестра үйдөн чыкты.

– Саламатпы Капаз?

– Саламатчылык, саламатчылык. Өзүң кандайсың?

– Беш.

– Сонун экен. Тилектешмин. Айтчы, эжеме дары жардам берүүчүдөйбү?

– Эмне үчүн бербейт. Мурдакыга караганда көп эле жакшы болуп калды. Коркпо Капаз, бардыгы жакшы болот. Бирок, апаң санаачыл киши көрүнөт. Мен келсем Мээриге бирдемелерди айтып ыйлап олтуруптур. Сыягы сенин атаң согушта жок болгон окшобойбу. Эмне кереги бар ордуна келбеген качаңкы бир ишти эске салып жүрөктү бузуунун?

– Эжем атам деп жүрүп куураган киши да. Эгер ушул оорудан жакшы болуп кетсе медиктерге берер белегим, айтар алкышым чоң, өтө чоң болот эле...

– Койчу, врачтар акылашмак беле. Медиктердин милдети да.

– Ошентсе да. Биз конокко барганы жаттык эле, чогуу барып келбейсиңби?

– Ыракмат. Бара турган оорулар бар. Медсестрадан апасы жөнүндө жакшы сөз угуп Капаздын санаасы тына түштү. Үйгө кабагы жаркып кирди.

– Эже, Баатыр атамдыкына барабызбы?

– Билбейм балам. Сени менен алышып-чалышып жүргөн жакшы кишини эстесем баргым келет. Ден соолугумду эстесем баргым келбейт. Машинада жүрүү кандай болор экен?

– Жол жакшы, машинадан кыйнала койбоссуз. Сизсиз барсак алар да комсонуп калар.

– Мейли барса барайын.

* * *

Капаздар келгенде Асылкан боорсогун жаңы бышырып жаткан. Сыягы меймандарын мынчалык эрте келет деп ойлобосо керек. Аял машинанын дабышын угуп короодон жүгүрүп чыкты.

– Келгиле, алдыңа кетейиндер. Ырас болбодубу? – Ал биринчи эле Капаздын бетинен өптү. – Куш бооң кут болсун балам. Бул киши апаңбы?

– Ооба, ооба, апам Асылкан эне. Зулай менен кол алышты.

– Ден соолугуңар жакшыбы? Бая күнү абышка экөөбүз барсак доктурга кетиптирсиздер.

– Биз жокто келген турбайсыңарбы. Өкүнүп калдык. Менин оорум көнүмүш оору. Эски оорулуу киши чикерттүү болот тура.

– Жакшы болуп кетсеңиз болду. Үйгө киргиле. Меймандар ичкерки үйгө өтүп каттап салгап төшөктөрдүн үстүнөн орун алды.

– Баатыр атам кайда кеткен?

– Азыр эле силердин астыңарда колхоздун чабарманы келип конторго чакырып кетти. Башкарма качан көчөсүңөр деп сураганы жатабы же башка жумушу барбы, тез келсин дептир.

Асылкан Зулайдын башына кызыл дукаба менен тышталган кош жаздыкты алып чыгып койду.

– Жатып эс алыңызчы апа? Оорукчал киши курусун, жолдо кыйналып калдыңыз го. Капа болбой биртике балдарыңыз менен кобурашып олтуруп туруңуз. Мен нанга чыгайын.

– Барыңыз, барыңыз!– Зулай күлүмсүрөдү аялды ээрчий карап. Асылкан чыгып кеткенден кийин уулуна карады.

– Апа дегени эмнеси? Же мен ушунчалык эле кары көрүнөмбү? Өзү канчада болду экен бул аял?

– Ар ким өзүн жашмын деп ойлойт да эже. Сиз менен эле теңчамал болуш керек. Турмуштун азап-тозогун тартпаса, сиз өңдөнүп оорубаса, ичкенн кымыз, жүргөнү тоонун таза абасы болсо жаш болот да. Анын үстүнө чырымталдуу киши тура.

Зулай туна түшүп кайра күлдү.

– Мейли, апа десе апа дей берсин. Чындыгында эле Зулай менен Асылкандын ортосунда асман менен жердей айырма жаткан болучу. Али Асылкандын чачын ак аралап бетине бырыш түшө элек. Капаз энесин боору ооруган, кейиштүү көзү менен жалооруй тиктеди. Анын бет алдында бети-башын кыйма-чийме бырыш баскан, көздөрүнүн алды бүлтүйүп шишиңки тарткан, улгайып калган тартайган ак чач аял олтурган эле.

Капаз ичинен улутунуп алды. «Байкуш эжемдин жаштыгын да, ден соолугун да, бактысын да уурдаган согуш болду»– деп ойлоду.

А Мээри болсо өз ичинен түтөп, карылыгына кайыл болуп кайын энесинин узун өмүрүн тилеп толгонуп жатты.

– Эже мен булардын чай-пайы кайнаганча колхоздун конторуна барып келе коёюн. Балким Баатыр ата менен чогуу келермин. Эртерээк кеткендей бололу.

– Ошент, эртерек кетели.

Зулай менен Мээри эки жагын айланта карашат. Жерге салынган ала кийиз, шырдактан башка бул үйдө көзгө урунаар эчтеке көрүнбөйт. Тамдын боорлору жылаңачтанган бойдон жайдак турат. Кыркалата кагылган мыктар. Тартылган буюмдарын алып койгону байкалат. Малчылардын турмушу деп ойлоду экөө тең көңүлдөрүндө.

Арадан көп убакыт өтпөй Асылкан булоолонтуп самоорун көтөрүп кирди. Дастарконун жайып, жаңы бышкан ысык боорсокту төгүп, андай-мындайын жайнатып жиберди. Мээри ордунан туруп самоордун жанына келип олтурду.

– Сиз олтура бериңиз, мен куюп берейин. Жаңыдан эле колдоруна бирден чыны чай тийгенде эшиктин алдына жеңил машина келип токтоду. Үй ээси эшиктен эле аялына сүйлөнүп келатты.

– Капаздар келди деп балдарды чуркатып жибербейби.

– Кайсы баланы чуркатайын? Булар деле жаңы келишти. – Асылкан байынын сөзүн жоопсуз калтырган жок.

– Кандай байбиче, сак-саламатсызбы? – Ал Зулай менен кол алышты. – Жакшы болуп калдыңызбы?

Баатырдын түрүнөн аялдын жүрөгү оозуна тыгыла түштү.

– Жакшы, жакшы. Түзүк элемин. Жогору өтүңүз. – Зулай ордунан козголду.

– Жок, жок отура бериңиз. Сиз коноксуз да. Мен мындай эле олтурам байбиче.

Баатыр али да болсо оту өчө элек ойноктогон жалгыз көзү менен Зулайды улам карап коёт. Эмне үчүндүр аялдын жүзү көзүнө жылуу учурайт. Же балким баласына окшоштуруп көзүмө ошондой көрүнүп жатабы деп күдүктөнөт ичинен. Эмнеси болсо да үй ээси мейман аялды аяп, боору ооруп олтурду. «Бечара, ден соолугу жедеп бузулуп бүткөн неме экен ыргайдай болуп». Ал эми Зулай болсо Баатырдын жүзүн адеп учурашканда эле бир жолу батынып караган бойдон карабады. Мени сонуркап карап жатат деп ойлойт экен деп жазганды. Зулайдын жүрөгү которула түшүп кайра-кайра зырп деп сайып алып жатты. Көңүлү өзүнөн өзү бузулуп, олтурду. Ал согушта курман болгон Шабданбекти ойлойт. «Таалайым тайкы экен. Ушул кишиге окшоп келип берсе эмне?!» Анан өзүнүн бир туугандары Жаныш менен Байышты эстеп кетти. «Көзү ачык кеткен байкуштарым» деп койду ичинен. Сансыз санаага батып олтурган Зулай ортодо эмне сөз болуп жатканын уккан да, байкаган да жок. Качан гана Капаздын каткырыгы чыкканда селт этти. Анын кулагына өзү сагынган Шабданбектин күлкүсү угулду. Дагы күлө түшсө экен деп ойлоду. Бирок, Капаз экинчи антип күлбөдү. Жигит энесинин тамылжый түшкөнүн дароо байкады. Өзүнүн күлкүсү энеге кандай таасир берерин жакшы түшүнөт. Зулай Капаз бала кезинде «Катуу күлчү, каткырып койчу» деп сурана берчү. Сүйлөтүп

сөзүн угууну каалоочу. Бирок, Капаз кээде «Кечке эле эмнени сүйлөйм. Күлкүм келбесе эле күлө беремби» деп укпай да коюучу, Кийин ойлосо өзүнүн үнүн да, күлкүсүн да Шабданбекке окшотуп ошентчү тура.

Баатыр согуштан бир аз киркиреп сүйлөп калган.

– Байбиче, чайдан ичип олтурсаңыз. Же кымыз ичпейт экенсиз.

Ушунтип Капаз экөөбүз кайып-каскагынан эле таанышып, ата-баладай болуп кеттик. Кары кары менен жаш жаш менен достошчу эле. Бирок, Капазым экөөбүз жашка карашпадык. Аман болсун эстүү, эмгекчил балаңыз бар экен. Айтор колунанбы, жолунанбы, Капаз келгенден бери Ленин колхозунун иши оңолуп сала берди. Азыр район эмес областта биринчилерден болуп калды булардын чарбасы.

Зулайдын маңдайы жаркып турду.

– Жаш эмеспи, иштесин ошентип. «Жаман деген бир ат бар жууса кеткис, жакшы деген бир ат бар кууса жеткис» дейт эмеспи аксакал. Ылайым ошондой болсун. Сизге да ыракмат. Жалгызыма ээк-тээк болуп, илик-жарма кылып жүргөнүңүзгө жетине албай олтурам.

Капаз тамашага аралаштыра Баатырга карады.

– Эжем көп сүйлөгөндү жактырбаган киши эле, сиз менен чечилип сүйлөшө баштады. Кубанып олтурам. Маркум менин атам согушка кетип жатканда менсиз көп сүйлөп, көп күлбө. Кокус келбей калсам, өмүр бою кара кийип, камыгып жүрүп өт,– деп убадасын алып кеткен дешет. Алган жарынын аманатын эжем кыйшаюусуз аткарып келе жатат.

Баатыр Капаздын тамаша аарлаштыра сүйлөгөн сөзүнө күлгөн да жок. Аны сүрөгөн да жок. Думуккан немедей демин ичине алып, оор улутунду да.чөнтөгүнөн бет аарчысын алып жалгыз көзүн сүртүп койду.

– Убаданын баары эле орундала бербейт чырагым. Атаңды эстеп унутпай жүргөн энең азамат экен. Тур-

муштун тайгак кечүү, тар жолу көп, опурталдуу неме. Муну жеңген киши гана жеңет. Убаданы аткарган киши аткарат. Адамдын арзан, кымбатын билген киши гана билет. Согуш далай кишини ыйлатты, сыздатты. Биринен бирин ажыратты. Тутанган сүйүүлөр от болуп күйгөн бойдон жүрөктөрдүн түпкүрүндө түбөлүккө сакталып түтөп калды. Адам жүкчүл болот тура. Көтөрөт экен баарын.

– Түшүнөм, сиз эки дүйнөнү тең тааныган кишисиз. Ошон үчүн эжемдин эмгегин баалап жатасыз. Ыракмат. Мен көптөн бери Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктериңизди өз оозуңуздан уга албай жүрөм.

Карыя ойго тунду. Анын жалгыз көзү канталап чыкты. Тишин кычыратып, оор күрсүнүп алды.

– Бардыгы менден ошону уккусу келишет. Бирок, мен өткөн каргашалуу күндү эстегим да, айткым да келбейт. Анткени мен өмүрүмдүн бактысын акыркы жарадар болуп көркүмдөн ажыраган күнү колумдан чыгарып жибердим. Ордендер, медалдар менен сыйландым, Бирок, чынымды айтсам, ушул сыйлыктар да мени соорото алган жок. Андан көрө жакшынакай олтуруп тамак ичели. Согуш жөнүндө угуп эле жүрбөйсүңөрбү. Сонуркай турган эчтемеси жок. Кокус өзүм жөнүндө угам десең, кийин айтып берейин. Ушуга макулсуңбу?

– Мейли, мейли, күтөйүн. Сунушуңузга макулмун Баатыр ата.

– Менин башымдан өткөндөрдү угуп олтурсаң, өзүнчө эле бир тарых.

Зулай Баатырдын жүрөк өйүткөн күйүтү баласыз өтүп бараткандыгы болсо керек деп болжоду. Ал эми Капаз болсо таптакыр башка ойдо калды. Согушта жүрүп кимдир бирөө менен таанышса керек. Анысы өлгөн, же болбосо Баатырдын өңү бузулганын көрүп таштап кеткен...

Булар ушунтип олтурганда колхоздун башкармасы менен аялы келип калышты. Үйдүн ичи мурдагыдан коюлуп, көркүнө чыгып, бажырай түштү.

Кесеге кымыздар кайра баштан жаңыртылып куюлду. Башкарма колундагы чынины тынбай туруп тартып жиберди.

– Бах, кымыз эмес бекен а! Асылкан жеңем кымыз жасоого устат киши. Кээ бирөөлөр эрте күздө эле чөптүн өзөгү катты, кымыздын адамга жагымы болбой калды дешсе, дагы бирөөлөрү кымызды суук тиштеп калыптыр, адамды оору кылат деп коюшат. Көрсө алар табы менен жасаганды билишпей ошентип шылтоолошот тура. Кана, чынынды айтчы Капаз, силердин айылда азыр кымыз ичкен киши барбы?

– Туура, жок.

Олтургандар сөздү кезек менен сүйлөшүп олтурушту. Быйыл колхоз тоют планын орундата албай калгандыгы жөнүндө башкарма өкүнүү менен эске түшүрдү.

– Зоотехнигибиз жарабады. Ден соолугу да начар бала экен. Жалгыз өзүм жетише албай калдым. Эки жылдан бери силердин чарба гүлдөп кетти. Быйыл өзгөчө азаматтык кылдыңар. Силерди чөп сатат деп угуп, эртең барганы жатам.

– Барыңыз. Куузика, тоюттук кызылча, чөп, саман сатабыз.

– Өзүңөрчү?– деди Баатыр Капазды карап.

– Мал башына эсептеп чыгып, ал эмес запаска алып калгандан кийин, бир нече жүздөгөн тонна чөп, саман менен тоюттук өсүмдүктөр ашып калды. Эмне кылабыз сатпаганда.

Булар ушунтип чарбачылык иштер менен аңгемелешип киришти. Аңгыча Асылкан чарага сорпо куюп кирди.

– Эт бышып калган көрүнөт. Сөөктөрү шылынып баратыптыр,

Меймандар сорпо ичип, колго суу куюлду. Тыштан чоң чарага толтура эт жасап кирген Баатыр олтургандарды карады.

– Бир эле табак жасадым. Чогуу эле имерилип олтурасыңар го.

– Көп киши белек жарыктык. Өзүңүздөр да биз менен чогуу олтуруңуздар. – Капаз өзүнүн жогору жагынан орун бошотту.

– Жок, жок, олтура бергиле. Биз кошуна-колоң, балачака менен өзүбүзчө табак жасап алдык.

– Антпей келиңиздер. – Меймандар бир ooздон чакырып туруп алышты.

Асылкан ыракмат айтып болбой койду. Баатыр меймандар менен чогуу олтуруп калды.

– Асылкан! Бычак алып келбейсиңби? Менин кездигим кайда? – Баатыр барк этти.

– ?...

– Ой эмне болду, кана маки? – Кайра кыйкырды. Асылкан бычак алып кирди.

– Аның бек жерде калыптыр. Бул деле курч. Эт туураганга сонун жарайт абышка,

Баатыр аялынын колундагы сунуп турган макини жулуп алып, Капаздын алдына койду. Аялын жалгыз көзү менен алая карады.

– Менин сураган кездигимди таап бер деп жатам?!.. Асылкан бир силкинип алып кайра чыкты. Бир топтон кийин мүйүз саптуу ар кайсы жерине күмүш чегелеген толтолуу кездикти алып кирди.

– И-и, бая эле ушинтпейсиңби?

– Баатыр ата, – деди башкарма, – Бул макиңизди өзүңүз жакшы көргөн меймандар келген кезде гана аласыз. Ыйык көтөргөн буюмуңуз болсо керек?

– Э-э-й, иним ай, ар кимдин сүйгөн буюму болот да. Менин сырымды бул, мунун сырын мен билем. Тили болсо айтаар эле. Бирок, жансыз да.– Үй ээси колундагы болот кездиги менен табактагы этти устукандай баштады. Башты алып Капаздын алдындагы тарелкага салды. Калган мүчөлөрдү да бөлүштүрүп ар кимдин алдына койду.

– Кана балдар, этке карагыла. Алыңыз байбиче. – Баатыр колундагы макини Зулайга сунду. – Муну алып, алдагы бычакты мага бериңиз. Мокок болсо керек. Жаш эт эмеспи, жагып калар, тартынбай жеңиз.

Аял колундагы макини көрөрү менен селт эте түштү. Анын бүткөн бою ток тийгендей бир дүр этип алып, жүрөгү оозуна тыгылды. Эт желип жатты. А Зулай болсо маки менен алек. Суркуну качкан кан-сөлсүз жүзү ого бетер кан ичине тартып, көздөрү алайып эриндери бири-бирине эп келишпей өзүнөн-өзү кыймылдап, денесин майда калтырак басты. Аял айланасында олтурган адамдарды унутуп ээн талаада жалгыз олтургандан бетер куушурулуп, бүжүрөп колундагы кездикти айландырат. «Тобо эмне деген табышмактуу көрүнүш? Же жалган таанык болуп жатамбы? Жок, жок, Ошонун өзү. Бул баякы Шабданбекке берген атамдын макиси да. Же өлөр алдында керез кылып ушул кишиге берди бекен? Кызык. Же өлгөндөн кийин өзү алдыбы? Эмнеси болсо да Шабданбекти тааныган адам экен. Эмне деп сурайм? Бул макини кайдан алдыңыз десемби? Мен мына бул жердеги бошоп калган күмүш чегесин түшүрүп салбадым беле. Анан атам анын ордуна мына бул жез бөрктүү башка мыкты уруп койгон болучу»...

– Эже этиңизди жебейсизби? Муздап калды. Зулай Капаздын сөзүн уккан жок. Анын ой-санаасы чабыттап, бул кезде алыста жүргөн болучу. Көздөрүнө ысык жаш чогула баштады.

– Байбиче, этке карасаңыз боло? – деди Баатыр, баятадан эч нерсени байкабай олтурган калыбында.

Аял үндөн селт этти. Ал тигил кишини алая караганда көздөрүнө чогулуп турган мөлтүр жаш кирпигинин ирмеми менен төгүлүп, бети ылдый куюлду.

Энесинин көз жашын көргөн жигиттин жүрөгү атып кетти.

– Эчтеке жеген жоксуз, ооз да тийбедиңиз?– Капаз энесине «Ооруп турасызбы» деп айтуунун ордуна ушунтип кайрылды.

– Коё турчу балам, алдыга келген тамак кайра казанга түшмөк беле? Жейбиз да. Бирок, мен бул жерде эсим ооп, жарым өлүп олтурам...

Олтургандардын баары үрөйү учуп, Зулайды чочулай караშты. Эт желбей калды.

– Мээри, эжемдин дарысын ала келдиң беле?

– Жок, кереги жок дарынын. Оорубай эле таптазамын...

– Анан эмне болду? – Капаз колун аарчыды.

– Апа жатып эс аласызбы? Же абага чыгалыбы? – Чуулдабай коё тургулачы балдарым. Мен аяш атаңардан бир ооз сөз сурайын деп турам. Руксатпы Баатыр.

– Сураңыз, байбиче, сураңыз. – Баатыр үрпөйүп аялдын оорусу кармап калдыбы деп коркуп турган.

– Айтыңызчы, сиз мына бул макини кайдан алдыңыз эле?

Жылкычы олтурган ордунда Зулайды аңкая карап селейе түштү. Көөдөнү бүтөлгөнсүп, дем алалбай калды. Үнү зорго чыкты:

– Эч кимден албай эле өзүмдүкү, байбиче?

– Жалган! – Зулай кыйкырып жиберди. – Эмне үчүн калп айтасыз? – Аял титиреп кетти. Беттери чүрүшүп, үнү ачууга буулду. Зулайдын мынчалык ачуусу келип кабаарып, катуу сүйлөгөнүн укпаган Капаз эмне кыларын билбей тумчукту. Баатырды беттен алуучудай болуп Зулай ордунан учуп турду. А Баатыр болсо жалгыз көзү жалжылдап, аялдан көз албай катты да калды.

– Кагылайын эл-журт, мына бул маки, фашисттердин огунан ажал таап келбей калган, Капаздын атасы Шабданбектики болучу. Түшүнүп жатасыңбы кулунум, бул макини өмүрү кыска сенин атаң отпускага келип согушка кайта кетип жатканда таятаң белекке берген

болучу. Анан муну бул киши менин өзүмдүкү деп, жашырып чынын айтпай жатпайбы,

– Кайсы макини айтасыз? Бериңизчи мага?

Капаз эжесинин колунан макини кандай алганын билбей калды. Аны бир демге карап туруп, Баатырга бурулду.

– Баатыр ата, чыныңызды айтыңызчы, эжем жалган таанык болуп жаткан жокпу?

Баатыр теңселип кетти. Анын кулагы чуулдап өңү менен түшүн ажырата албай уйку-соонун ортосунда башы эңги-деңги. Бир кезде эки колун сунуп, алаканын жайып титиреп сүйлөдү:

– Сен Зулайсыңбы?

– Ооба, мен Зулаймын. Аялымдын аты Зулай деп Шабданбек айтса керек сизге. Курусун ошол. Мени балапан кезимде чокко салып кетпедиби? Мына бул атасыз жүрүп эр жеткен, ошол шоруң каткан Шабданбектин жалгыз уулу!...

– Ооба, менин атам Ысык-Көлдүк экен, Баатыр ата. – Коё турчу балам. Сенин атаңды билет турбайбы бул киши. Өзүм сүйлөшөйүнчү. Айтып берер жашырбай. Макини көрүп Шабданбек эсиме түшүп, жүрөгүм жарылганы араң турат Баатыр. Кокустан Зулайды көрүп калсаң айтып кой деп тапшырган керез-мурасы жок беле, я, жакшы адам. О-о-й, бири кем дүйнө ай, сиз өңдөнүп эле жарым жандуу болуп келип берсе эмне...

Баатыр эмне кыларын, эмне деп айтаарын билбей калды. Андан кечирим сурасамбы деп ойлоду ал. Жок, жок, эмнеге кечирим сурамак элем. Зулайдын мен үчүн күйгөнү, мени күткөнү чын болсо өлүү-тирүүмдү билбей туруп башымды аттап башка эрге тийеби. Балким ал эри менен келише албай кайра ажырашып кеткендир. А Капазчы? Кимдин баласы? Аныкыбы же меникиби? «Энем эрге тийбей атамдан кийин олтуруп калыптыр» деген сөзү көңүлүндө ойноп өттү.

Бир демге тунжурап өң даалаттан кетип турган Баатыр:

– Антташкан антты, Шабданбек буздубекен, же Зулай сен өзүң буздуң бекенсиң?

– Мага мындай жагымсыз суроону берип жаткан өзүңүз кимсиз?

– Мен Шабданбекмин.

– Шабданбек? Кудая тобо, сен тирүү экенсиң ээ?

– Өлдү дедиң беле?

– Жок, жок. Такыр антип ойлогон эмесмин.

– Антип ойлобосоң башымды аттап эрге тийбейт элең го.

– Эмне эр?

– Усупчу? Менин жазган катыма өзүң жооп берүүнү каалабай Усупка жаздыргансың. Ал балалуу болгонуңарды, ынтымактуу жашап жатканыңарды, экинчи кат жазып убара болбоомду өтүнүп жазган кол жазмасы менде азыр да сакталуу. Ишенбесең окуп көрсөң болот.

– Жо-жо-ок. Мен эч кимге турмушка чыккан эмесмин. Мунун баары жалган жалаа, көздөгөн максатына жетүүнүн аракетин көздөгөн бирөөнүн ушагы.

– Ушакпы?

Күтүлбөгөн окуяга башы эңги-деңги болуп, не сүйүнөрүн, не күйүнөрүн билбей, бүткөн бою бирде ысып, бирде муздап турган Капаз жылкычыга карады.

– Баатыр ата, иштин ак-карасына жетпей туруп катуу кетпеңиз. Анын деле сиз үчүн тарткан азап-тозогу жеңил деп турасызбы? Энем эрге тиймек турсун өз жүрөгүнүн азабын өзү тартып жүрүп ушул абалга келген киши.

– Ошондой дечи. Тобо, көргөн көзүмө, уккан кулагыма ишенбей турам. Ушундай да түш болот экен ээ. Андай болсо мени кечир Зулай.– Аялдын бутун кучактай жыгылды. Зулай бутун тартып алды. Баатыр жаш балача өпкө кагып аялдын этегинен өптү.– Кечир мени.

– Сен Баатыр эмес эле Шабданбекмин дечи. Мен сени өлдү деп кара кийгениме көп болбоду беле? Ушак-

ка ишенип... Мени унутсаң да Жаныштын арбагын кантип унуттуң, кокуй Шабданбек? Анын ата-энесин эстеген жоксуңбу?– Зулайдын көз жашы мөндүрдөй төгүлүп, көкүрөгүн жууп турду. Ал жаштуу көзү менен Капазга карады.– Эмне карап турасың балам, тургуз атаңды?!

Дени өлгөн Капаз Шабданбекти каруудан алып сүйөдү.

– Туруңуз өөдө?!

– Балам, кулунум.– Баатыр Капазды кайра-кайра кучактап, кайра-кайра өпкүлөп жатты. Шабданбек Капаздан бөлүнүп Зулайга кучак жайды.

– Курманың болоюн Зулай, кара көзүм кашайып сени тааныбай калганымды карачы. Өзгөрүп кеткен турбайсыңбы?

– Ооба, Шабданбек, мен абдан өзгөрдүм. Сен да өзгөрүптүрсүң, атың да өзгөрүптүр.

– Ошондой болду, түрүмдү согуш өзгөртсө, атымды эл өзгөрттү. Баатыр деп жүрүшүп эле Баатыр атка конуп кеттим.

– Оо, шордуу башым...– Аял чекесин Баатырдын ийнине койгон бойдон өпкө какты.

– Убалыбыз согушка, анан Усупка жетсин.– Баатыр Зулайдын маңдайынан жыттады.

Бир кезде Зулайдын денеси бошоп шалактай түшкөнүн байкаган Шабданбек кучактай калды.

– Эмне болду эжеке?– Капаз энесин Шабданбектин кучагынан сууруп алды. Көтөрүп барып Мээри койгон жаздыкка чалкасынан жаткырды. Аялдын оозу-мурду көгөрүп кеткенин көрүп Баатыр бакырып жиберди.

– Зукен, айланайын Зукен! Эмне болуп жатасын кокуй? Оо жараткан, ушундай да түш болобу катыгүн... Капаз Шабданбекти алая карады,

– Кокуй күн киши турбайсызбы. Эмне кыйкырасыз, ары барыңызчы, эс алсын эжем. Мындай болорун билбей

калбадымбы. Болбой жатып алып келбедик беле. Байкуш эжем. Тахминанын[1] өзү турбайбы...

Капаздан кагуу жеген Шабданбек Зулайга экинчи даай албай, алардан обочо жерде селейип катып турду.

Зулай врач келгенде дагы эле эсине келе албай сулк жаткан. Ал качан гана укол куйгандан кийин көзүн болор-болбос ачып, көөдөнүн кере дем алды.

– Эс алдыңызбы эжеке?! Аял башын алсыз ийкеди.

Шабданбек эшикке атып чыкты. Арадан көп убакыт өтпөй кайдан-жайдан таап келгени белгисиз бир кара улакты жетелеп кирип эшик алдына тура калды.

– Кагылайындар, жанга жан, Зулайга өпкө чаап жиберейин деп турам...

Энесинин алдында олтурган Капаз ордунан тура калды.

– Убара болбоңуз Баатыр ата, кереги жок эчтекенин.

Колхоздун башкармасы жигитти нукуду.

– Кой, катуу айтпа. Тим кой каалаганын жасай берсин. Бечара киши, эмне кыларын билбей өзүн жоготуп койду...

Жаналакетке түшкөн Шабданбек бир заматта улакты мууздап, ичин жарып жиберип, өпкөсүн сууруп чыкты. Зулайды жаткан жеринде башын көтөртүп турушту. Баатыр колундагы өпкөнүн канын чубуртуп аялды көздөй басты...

Үйдүн ичи тымтырс боло түштү. Олтургандар Зулай менен Шабданбектен көз албай алмак-салмак тиктейт.

Врач кетээрде Зулайга дагы бир жолу укол куйду.

– Ушуну менен жакшы болуп калар. Эртең кокустан көндүм оорусу деп ооруканага алып барбай коюп жүрбөгүлө. Жатып дарыланбаса болбойт. Унутуп калбаңыз жигит?..

– Жарайт. Кантип унутайын. Балким түн катып алып барам...

---

[1] Тахмина— «Үрүстөм-Дастанындагы» Үрүстөмдүн жары.

– Эртеңден кечикпесе болду. Азыр коркунучтуу мезгил өтүп кетти. Чочубай эле коюңуздар. Жакшы болуп калды...

Врачтын сөзүн угуп Капаздын санаасы тына түштү. Азыр эле кетип калалы дейт, бирок энесин аяйт. Эс ала түшсүн деп ойлойт. Алдында жалгыз көзү жашылданып, өң-даалаттан кетип олтурган Баатырды Капаз комсуна тиктейт. Көңүлүндө жек көрүү сезими улам күчтүү удургуп, санаасы санга бөлүнөт. «Өлбөй-житпей тирүү туруп, бирөөнүн жалган жазган катына ишенип сүйгөн жарына жапа көрсөткөн да адам болот экен ээ, деп ойлойт. Дагы уялбай балам деп коёт. Жок, жок сени менен кайнаса каным кошулбайт. Анткени, сен менин жазыгы жок энемдин ак тилегине түкүрүп, өзүң деп соккон таза жүрөгүнө кандуу чеңгелиңди салдың. Бул күнөөңдү балаң эч качан кечирбейт...»

Капаздын оюн башкарманын сөзү бузду.

– Энең жакшы болуп калды. Кабагыңды ачып, дасторконго кара жигит. Мен бир нерсеге түшүнбөй турам. Балким ушул олтургандардын баары туюкка капталып, окуянын аяк-башына акылы жетпей олтурган чыгаар. Ойдо жок жерден Баатыр атаң болуп чыкты Капаз. Түпжайын уксак болобу?

Жигит күңк этти.

– Менден эмнесин сурайсыз? Айтсын тигил киши... Баатыр бир оокумга чейин башын жерге салып үнсүз олтурду. Ойго батты. Сөздү эмнеден баштарын билбей турду. Ээгин көтөрүп эки жагын карады.

– Алган жарымдан ажырайын деген эмес элем журт. Артымда туяк калганын да билген эмесмин.

Отпускадан баргандан кийин өз бөлүгүмдү Сталинград фронтунан таптым. Арадан көп убакыт өтпөй биздин полк Украина фронтун көздөй бет алды. Биз душманды Днепрдин ары жагындагы плацдармда, Одессанын жанында, андан кийин генерал Чуйковдун командалыгы

астында Белоруссия фронтунда талкаладык. Душмандар жөн эле чегинип берген жок. Алар да бардык күчүн жыйнап каршылык көрсөтүп жатты. Биз душмандын чабуулун кайтарып Буг дарыясын кечип өтүп, Висла дарыясын көздөй бет алдык. Мен ошол жерден катуу жарадар болдум.

Шабданбек бир демге токтоп калды. Зулай жаздыктан башын көтөрдү.

– Госпиталдан чыккандан кийин эмне үчүн бизге кайрылбай түз өтүп кеттиң? Оо, шордуу мен, сени менен бактысыз күнү баш кошуп, кайра минтип бактысыз күнү жолугушуп олтурганымды кара. Мындан көрө сени согушта курман болду деген бойдон, карамды чечпей көз жумсам бейишке чыкпайт белем.– Зулай өксөгөн бойдон жаздыкка кайра кулады.

– Мага туура түшүнчү Зулай. Мен сага гүлдөп турган кезиңде баш кошподум беле. Кокустан ушул түрүм, ушул кебетем менен барсам кабыл албайт го деп гана ойлодум. Кийин элге келген соң акыркы катыма жана айткандай Усуп деген жигиттен кат алдым. Мындан башка эч себеп жок Зукен. Менин кудайдан эмики тилегим бирөө гана. Ал сенин өмүрүң менен ден соолугуң: «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деп ушун үчүн айтышат тура. Ниетим ак экен өзүң менен көрүштүм. Минтип, куу баштыктан кутулуп баламды таптым...

Шабданбек обочодо селейип тикесинен турган Асылканга карады.

– Байбиче, Зулай экөөбүздүн сүрөттөрүбүздү алып чыкчы, Капаз көрсүн, эл-журт көрсүн...

Аял сөз айтпай бурула берди. Арадан көп убакыт өтпөй майда сүрөттөргө кошуп бойго жеткен кыз менен аскер кийим менен түшкөн жаш жигиттин чоңойтулуп, рамага салынган портретин алып келип Шабданбектин колуна берди. Олтургандардын көздөрү жайнап кетти. Баятадан үн катпай Шабданбектен көз албай, анын Кү-

нөөсү менен күнөөсүздүгүн таразага салып салмактап олтурган Капаз жандана түштү. Зулай жаздыктан башын көтөрүп, төшөктүн үстүнө туруп олтурду.

Баатыр сүрөттөрдү чогуусу менен Капазга сунду.

– Мына балам, булар болсо мен солдатта жүргөндө апаңдын жиберген сүрөттөрү, муну болсо экөөбүз үйлөнөрдүн мурунку күнү Токмоктон түшкөнбүз. Портрет ушундан чоңойтулган эле. А мына бул менин жанымдагы жигит сенин таякең Жаныш. Аскердик курста окуп жүргөндө түшкөн болучубуз.

Капаз Шабданбектин колунан алган сүрөттөрдү тиктеп туруп атасынын өз үйүндөгү сүрөтү эсине түштү. Ошонун өзү деп ойлоду ичинен. Жигит дагы бир жолу көз токтотуп карап алды. Сүрөттөгү көздөрү жайнаган келишимдүү солдатка Шабданбектин эч жерин окшото албай турду. Ал эми апаң деп жаткан бул татынакай жаш кыздын ордунда чачы куудай болуп, кан-сөлү качкан, жаак эттери шылынып, чекесинен бетинин отуна чейин кыйма-чийме бырыш баскан, эти-жөнү кетип чүрүшкөн карыган аял олтурган болчу. Сүрөт колдон колго өтүп жатты. Зулай болсо мойнун созуп, тигил кишилердин колундагы сүрөттөрдөн көз албай, алыстан жалдырай тиктейт.

Башкарма Шабданбекке бирдеме айтчудай болуп оозун эптеп баратып токтоп калды. Ооба, Баатыр ыйлап жаткан эле. Анын жалгыз көзүнөн аккан жаш жарты мурдунун учу ылдый жорголоп келип алдына таамп жатты.

– Ой жарыктык десе, кечке эле ыйлай бересизби? Жаш баладай жашык окшойсуз. Сизде эмне күнөө, баарын кылган согуш да. Эгер сиздин ордуңузда мен болсом, балким мен да ушундай кылмакмыи. Бала-чакалуу болуп, орун-очок алышып калган эрди-катын болсо да жөнү башка эле. Анда балдарым бар дейт элеңиз, ошолорго таянмаксыз. Ал эми бир жума өмүр сүргөн, чайкала

элек жумурткадай болгон жаш кыздын жүрөгүнө кирип чыккан жоксуз да. Ушул түрүңүз менен кабыл албай коюшу да ыктымал болучу. А балким кабыл алат эле. Ким билсин. Ал эми негизги күнөө жалган кат жазган жигитте болгон экен.– Башкарма жигит Баатырдын далысына алаканын койду.

Зулайдын үнү буулугуп чыкты;

– Жок андай эмес иним. Мен Шабдайбекти эч качан жер караtmak эмесмин, Анткени, ал жамандыгынан өңүн бузуп алган жок да. Кантип түшүнбөйүн ушуну.

– Госпиталдан чыгып үйгө түз келбеген күнөөмдү мойнума албадымбы. Буга өзүм күнөөлүмүн. Ал эми Усуп дегендин каты мына.– Баатыр катты Зулайга сунду...

Зулай катты окуп бүтүп, Капазга берди.

– Ошол жүзү каранын колу. Ушундай да адамдар болот экен ээ... Мен тышка чыгайынчы. Аба жетпей думугуп баратам да...

Шабданбек калтаңдай түштү. Ал Зулайга Капаздан мурда жетти. Аялды ордунан көтөрүп тургузду. Бооруна кысып кош алаканына салып тышты көздөй далбас урду.

Аял жыйрыла берди.

– Коё берчи, Шабданбек, өзүм чыгам... Зулайдын артынан бардыгы тышка чыгышты. Шабданбек калтырап, Зулай олтурган стулдун жанында жүйүртө басып, колдорун кармалады.

– Сага милдеттүү экенмин. Акыркы кызматым ушул болсун, ооруңду мага берип, менин ден соолугумду сен ал. Менден көрбөгөн ыракатты, менден көрбөгөн жылуулукту Капаздан көр.

Капаздын үнү ызалуу, армандуу чыкты:

– Жок, Баатыр ата, бирөөнүн өмүрү бирөөгө өмүр, бирөөнүн ден соолугу бирөөгө ден соолук болмок беле. Күнүңүздү көрө бериңиз. Капа болбоңуз, биз кетели.

Жигиттин сөзүнө эч ким каршы чыга албады. Казандагы кайнап жаткан улактын эти ошол бойдон калды.

Машинаны от алдырып, орундукка төшөктү калыңдап салып Зулайды алып киришти.

Шабданбектин өңү өчүп, муруту сербейип, алдындагы жээр жемин алдырган макулукча оозуна сөз кирбей кала берди. Ал Зулай түшүп бараткан машинадан көз албай санаасы санга бөлүнүп тоңуп турду...

* * *

Шабданбек ооруканага келгенде Зулайдын үстүнө уул-келининен башканы киргизбей жаткан болучу.

– Деги ден соолугу жакшыбы? Кантип көрбөй кетем эми. Кап. Же жакын жер болсочу...

– Жүрөгү да начар, каны да аз экен деп врачтардын сүйлөшүп жатканын уктум. Сыягы уулунун канын алып куйганы жатышат окшойт,

– Башка кишинин канын куюуга болбойт бекен?

– Аны врачтар билбесе.,,

– Врачты көрүүгө болобу кызым?

– Обход жүрүп жатат аксакал. Аялдын баласы бул жерде, керек болсо чакырып коём.

– Мейли жок дегенде Капазга кезигейин.

Аял кайра тартты. Шабданбек баласынын кандай кабыл аларын ойлоп, кыялы кымкуут болуп турду. «Келгенимди каалабас бекен. Кандай кылам эми!»

Капаз чыкканда Шабданбек эшиктин алдындагы скамейкада башын жерге салып, ойго батып олтурган болучу.

– Саламатсызбы? – Жигит түнөргөн калыбында капалуу үн катты. Тигил киши селт этип чочуган немедей, башын ылдам көтөрдү.

– А-а, Капазсыңбы кагылайын. Зулай жакшыбы деги, ошону айтчы. Мени жанакы аял киргизбей койду үстүнө...

– Кирбей эле коюңуз...

– Кирбей эле... – Шабданбектин кабагы түйүлө түштү.

– Ооба, кирбей эле коюңуз.

– Кан куйганы жатабы?

– Ооба, жүрөктү кан толук камсыз кыла албай жаткан имиш.

– Кан эле болсо оңой оокат тура. Мен берейин канымды.

– Жо, убара болбоңуз ал кишиге өз каным да жетет.

– Антпе балам. Врачтарга айт, менин да канымды алышсын...

Биринчи жолку канды Капаз берди. Ал эми экинчи канды Шабданбектен алып куйганын Зулай билген эмес. Аял жанында олтурган уулуна жалооруй карады.

– Кан алган жаман болот дечү эле. Мени ажалдан алып калам деп өзүң оорукчан болуп калып жүрбө. Удаасы менен эки жолу каныңды бердиң. Жок дегенде кийинкисин тим эле койсоң болмок...

– Жок эжеке, кан бергенден кам санабай эле кой, эчтеке болбойт. Мен сизге бир эле жолу кан бердим.

– Мага эки жолу кан куюшпадыбы?

– Экинчисин Баатыр ата берди.

– Баатыр ата!? Шабданбек келди беле? – Зулайдын чарчаңкы алсыз көзү тириле түштү,

– Келген.

– Мм. Канын берди дечи. – Аял унчукпай калды. Бир топ тунжуроодон кийин уулуна карады.– Көрүүгө кирген эмес экен да.

– Мен киргизбедим.

– Сенби? – Зулай баласын жалдырай тиктеди...

...Эненин жанында Мээри калган. Келин энесин тургузуп, төшөнчүсүн оңдоп, жаздыгын көптүрүп жумшактап туруп кайра койду. Оорулууну тынчтандырып жаткызды.

– Түндүн бир оокуму болуп калды, жатып эс ал балам. Керели кечке тикең менен тик туруп, мени менен алышып жатып суй жыгылдың.

– Жок апаке, чарчаган жокмун. Капаз экөөбүздүн эмгегибиз колубузга тийип, сиз сакайып кетсеңиз, биздин эс алганыбыз ошол да.

– Рахмат балам, жатып укта кагылайын.

Мээри керебеттин үстүнө чечинбей бүкүлүү жаткан бойдон көзү илинип кетти. Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин терезеден үстүнө кыйгач тийип турган шооладан көз албай карап жаткан калыбында Зулай акырын үн чыгарды.

– Э, Мээри, уктадыңбы балам? Келин ойгонуп кетти.

– Жок апа уктаган жокмун.

– Сен уктуңбу Шабданбектер көчүп кетишиптирби?

– Жок, көчпөй калышыптыр. Жылкысын башка кишиге убактылуу өткөрүп беришкен имиш.

– Мен аны такыр келген жок деп ойлосом келген тура. Мага кан берген күнү сен бар белең? Капаз менин үстүмө эмне үчүн киргизбей койду?

– И-и, бар болучумун. Ал киши кеткенден кийин айтсам уулуңуз сөзүмдү жактырбады. Араң турган жүрөгү аны көрсө дагы ооруп калат дейт.

– Анда Капаздын каалабаганын билип, ошол бойдон келбей калган экен да байкуш.

– Жок апа, антпей эле күн аттатпай келип сиздин ден соолугуңузду тыштан сурап кетип жатат.

– Ии, ошондой дечи...

Зулай ошо бойдон унчукпай калды. Мээри да сөз жаңырткан жок,

Эртеси Мээри шашке ченде палатага шашып кирди.

– Апа, сизди көрөм деп Баатыр ата дагы келиптир. Капаз жок да, кирсинби?

Аял башын ылдам ийкеди.

– Мейли кирем десе кирсин.

Аялдын жүрөк оорусу дарылаганга да, кан куйганга да болбой күчөп кеткен. Ал үчүн кандуу согуш жаңы эле аяктагандай санаасы санга бөлүнөт. Көңүлү чөгүп,

ойлогону да, эстегени да, күткөнү да Шабданбек болуп жаткан.

– Кандай Зулай, ден соолугуң түзүкпү? – Үстүнө ак халат жамынган Шабданбек оорулуунун маңдайына келип токтоду. Аялдын одеялдын сыртында жаткан колун кармап, маңдайынан сылап, эңкейип чекесинен өптү. – Кагылайын ырысым, өчпөс жылдызым. – Жоолугу жок жылаңбаш жаткан аялдын аппак чачынан шуу-шуу жыттады.

– Жакшы-жаманымды көрүп турбайсыңбы.– Зулай көзүн жашылдантты. – Олтур.

Шабданбек Зулайдын керебетинин жанында турган стулду жылдырып жакындатып коюп көчүк басты.

– Сыртка көчпөдүңөрбү?

– Көчпөдүк байбиче. Кетип калсам ара кончулук жерден сени кантип келип көрүп турам. Санаам да тына турган эмес.

Экөө тең унчугушпай калышты. Бир топ тынчтыктан кийип Зулай күлүмсүрөгөн болду.

– Капаз келип калса жакшы болот эле. Жумушу чыгып калган окшойт. Балаң келгенче кетпе. Ырас келбедиңби?

Шабданбектин жалгыз көзү жалжылдап Зулайды тигиле карады. Аялдын азыр эле каны ичине тартып, жууган чүпүрөктөй болуп турган иреңи бир заматта ажарына чыгып, эки бети албырып, көздөрү чарасына батпай бажырайып баратты. Тигил киши Зулайдын оюна толук түшүнбөсө да, өзүн күтүп жатканын дароо билди.

Оорулуу жаздыктан башын көтөрүп эки жагын карады. Шабданбек тура калды.

– Эмне, айтчы мага?

– Кичине туруп олтурайынчы.

– Акырын, шашпа. – Зулайды оңдоп олтургузду. – Ылдый эмеспи? Кичине артка жылдырайынбы?

– Жок, мен өзүм....

Эки колу менен эки жагын таканчыктады эле, Шабданбек аны кош алаканына салып тап-так көтөрүп өөдөлөтүп олтургузду.

Шабданбек келгенден бери тышка чыккан бойдон Мээри палатага кире элек болучу. Бир кезде эшик аяр ачылып, тыштан Капаз менен келинчеги кирип келатты.

– О-х-о-о. Баатыр атам да мында тура. Кандай эжеке жакшы болуп калдыңызбы?– Келип Зулайдын көкүрөгүнөн жыттады.

– Жакшы алдыңа кетейин. Ырас келбедиңби?

– Келбейт дедиңиз беле жарыктык. Сизден башка менин эмнем бар эле? Малчыларды кыдырып чыкканча ушул болду.

– Мен да ошону ойлодум эле, жумушу чыгып калдыбы деп…

Капаздын көзүнө энеси кечээкиден бүгүн түзүк өңдөнүп көрүндү. Кубанганынан эмне деп айтаарын билбей күлүңдөп турду. Зулайдын мойнунан орой кучактап чачынан, анан эки эмчегинин ортосунан дагы бир жыттады. Бир аз сүйлөшүп олтургандан кийин аял уулуна карады.

– Балам, менин сага айтаар сөзүм бар, угасыңбы? Шабданбек сага да.

– Угайын эжеке!

– Эмесе мындай балам, капа болбой кулак сал. Бир уядан жалгызсың. Алдыңда ага, артыңда ини болбоду. Менин көзүм өтүп кетсе ачыңа айланып, тогуңа толгоноор кимиң бар?

– Эмне деген турасыз?

– Эмне демек элем, болор ишти айтып жатам. Айланып жүрүп акыры өлдү деген атаңды тирүү таптык. Шабданбектен кол үзбө, каны бирге атаң да. Бул мени, мен муну чанып ажырашкан эмеспиз. Бардыгына түшүндүң го өзүң. Шабданбек сен да мөгдүрөбө. Мага ыраазы бол. Жалгыз балаң Капазды күтүп ал. Мен экөөңдү беттештирип туруп ушуну айтайын деген болучумун. Калганын

ата-бала өзүңөр билгиле. Өлөр алдындагы өтүнүчүм ушул экөөңдөн...

– Суук сөздү айтпаңызчы эжекебай? – Капаз керебеттин алдына чөгөөлөй калып, энесинин колдорун кармалады. – Айткан сөздөрүңүздүн бардыгы мен үчүн закон. Эмне десеңиз бардыгын аткарам. Көп ойлонуп көңүлүңүздү бузбаңызчы...

– Ыракмат балам.Эки. дүйнөдө ыраазымын. Сага да Шабданбек, сен да мага ыраазы бол...

– Керек болсо мен кетейин сенин алдыңа. Жаман сөздү айтпачы, жакшысың го мурункудан. – Шабданбек каргылданды.

– Туура мен жакшы болуп калдым. Экөөңдөн санаам тынды. Жыйырма жети жылдан бери этим этиңе, бетим бетиңе тие элек. Сагындым сени. Жаныма жакын келип акыркы жолу өөп койчу бетимден. Уйкум келип бүткүл денем бошоп турат. Тынч уктап калайын мемиреп...

Зулайдын сөзүнөн иймене түшкөн Капаз ордунан туруп кетенчиктей берди. Шабданбектин үнү таптакыр буулуп, оозуна сөз кирбей калды. Тек гана аялдын беттеринен аймалап туш келди өпкүлөп жатты. А Зулай болсо бир демге күлүмсүрөп унчукпай турду да, эки колун акырын Шабданбектин ийнине алып барып койду да анан октон агып эчак жок болгон сокур көзү менен таза көзүнөн алмак-салмак өптү.

– Болду эми, ыраазымын тагдырыма. Көпкө олтурдум окшойт, чарчап кеттим. Жаткыргылачы мени...

Капаз менен Шабданбек экөө эки жагынан чыгып Зулайды этиеттеп жаткырышты. Баатыр Зулайдын бутунун муздагы колуна тийгенде жүрөгү атып кетти... Аялдын таноосу кыпчылып, оозу көгөрүп баратты.

Шабданбектин кулагы чуулдап, мээси кысылып, жалгыз көзү эчтеке көрбөй, үйдүн ичин караңгылык басты. Анын оозуна «Доктор! Доктор! Докторду чакыргыла! Жардам берсин? Жардам! Жардам!» дегенден башка

эчтеке кирбеди. Капаз энесинин адам болбой калганып ошондо гана билди. Врачтар киргенде Зулай оозун балыкча бир ачып алып, ошол замат тынчып калды...

Энесинин үстүндө өпкө кагып жаткан Капазды эки-үч киши араң тургузду. Анын көзүнө Шабданбек көрүндү. Жигит боюн ошону көздөй таштады.

– Ата!

– Кулунум. Жалгызым. Жакшыдан калган керээзим...

## АСТРА ГҮЛҮ
**(*Повесть*)**

Жайдын толуп турган кезинде Фрунзеге барып калдым. Көздөп келген жумушум бүтүп, үйгө кайтуучу мезгилим да келди. Жолдошторумдун «эртеңки дем алышты мындан өткөрүп кет» деген өтүнүчтөрүнө карабай, жолго чыгууга камындым.

Фрунзенин автовокзалы. Эл көп. Машина-машинага тийбейт. Ичи жүргүнчүлөргө толгон автобустар менен жеңил машиналар биринин артынан бири зымыроодо

– Бул такси кайда барат?

– Өзүңүз кайда барасыз?

– Пржевальскиге. Кечигип калдыңыз, орун жок.

– Аттиң – дедим да, дагы бир машинага бардым. Баякы эле жооп, орун жок. Убакыт өтүп жатты.

– Эже, сиз Пржевальскиге барасызбы? – деди бирөө.

– Ооба.

– Жүрүңүз, тиги машинада бир орун бар.

Сүйүнүп кеттим. Чемоданымды көтөрүп, машинанын жанына келдим. Алиги жолдошторун узатып жүргөн жигит машинанын эшигин ача берип, мага жылмайды. Ичинде отурган жүргүнчүлөргө көзүм түштү. Жүрөгүм шуу этип, кайра кетенчиктеп барып токтодум.

– Олтуруңуз!

– Ракмат, мен башка машина менен кетейин (калп айтууга туура келди), биз эки кишибиз, силерде болсо...

– Ай, катын, – деди машинада олтургандардан кимдир бирөө, тили күрмөөгө келбей, – оштонбой олтурбайсыңбы?

– Арманда каласың, биз менен кет. Жолдо катар гүлдөтөбүз сени, – экинчиси булдуруктады. Алардын сөзүн укмаксанга салып кете бердим.

– Токто! – күрөөсүнөн бери кара-көк тартып кызарган жигит машинадан чыгып, артымдан жете келди. Жүрөгүм оозума тыгылды.

– Сизге эмне керек?

– Сен керексиң! Машинага кеткен чыгымыңды биз төлөп берели.

– Эмне үчүн?

– Сенин кадырың үчүн.

– Коё бериңиз.

– Акмак кыла турган кишини тапкан экенсиң. Азыр эле түшөм деп коюп, кайра айныганың эмнең, ыя?..

Атам таанybaган мындай зөөкүрдөн качып кутулуудан башка айла жок эле. Акыры көпчүлүктүн ичине кирип кетүүгө туура келди.

– Пржевальскиге бир орун бар, каалоочулар барбы? – Шофердун үнү заңк этти...

Учу-кыйырсыз тасмадай созулуп жаткан шоссе жолдо жеңил машина сызып бара жатты. Тынчтыкты шофердун анда-санда берген сигналы бузбаса, жылуу абанын эпкини акырын шуулдап, бир калыпта артта калууда.

Олтурган жүргүнчүлөр бири-биринен жай сурашат.

– Мен Сизди сыртыңыздан тааныйм, жаңылбасам Закен эже эмессизби?

– Ооба. Закенмин. өзүңүз кайсы жерден болосуз? – Мен ага кайдыгер бурулдум.

– «Жылдыз» колхозунан.

– Ооба, жердеш турбайбызбы. Бул жакка качан келдиңиз эле?

– Өткөн дем алышта.

– Жөн-жай элеби?

– Жолдошум Фрунзеде ооруканада, ошого келгем.

– Мен тааныймынбы? Кимдин келинчеги болосуз?

– Балким, таанырсыз, колхоздун башкы агроному...

– А, тааныйм-тааныйм. Ооба, баса, жарааты катуу деп уктум эле, жакшы болуп калдыбы?

– Ракмат, эжеке, жакшы.

– Ошондой эле болсун. Абалын угуп чочулаганбыз. Сакайып кетсин бечара. Көгөрө турган жигит. Ал быйыл Ленин ордени менен сыйланбадыбы? Чарбада белдүү кызматкер, иштемчил. Азамат, колхозго ушундай тынчы жок кишилер керек... – деп сөзүмдү токтотуп, анын жүзүнөн бирдеме издеп жаткансып кадала тиктеп турдум.

Ооба, мен бул келинди көптөн бери көрүүгө ынтызар элем. Бир жолу ушулардын колхозуна барып калганымды эстедим. Башкы агроном экөөбүз жүгөрү плантациясынан баштап, эгин, беде, апийим аянттарын кыдырып жүрдүк.

Жүгөрүнү көргөндө бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп, эмне дээримди билбей апкаарып калдым. Калаган камыштай бийик чыккан «талаа ханышасын» аралап, атчан киши кирип кетсе көрүнгүс.

– Бул менин аялымдын участкасы. Начарырак жеринен чыктык. Арылап бастырсак мындан сонун. Тигил участка болсо Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамды жаңы алган Айнагүл эженики. Ал жыл сайын жүгөрүдөн мол түшүм өстүрөт. Топуракты иштетүү жагынан чабуулду катуу коюп жатабыз. Эгиндин жаздык айдоосун кескин кыскартып күздүк менен тоңдурмага көчтүк.

Башкы агроном менен бирге баратып, анын аялы жөнүндө уккан сөздөрдү эстедим. Кантип сурасам? Балким, аны менен ажырашып кеткендир. Өтө салкын турушат

дешчү эмес беле. Ушул өңдөнгөн жигитти чанып жүргөн аялды көрүп койсо жаман болбос эле. Балким, чыны менен эле укмуш аялдыр. Эгер агроном түшкү чайга үйүнө чакырса жан-дилим менен бармакмын. Бирок андай болгон жок. Талаа станына барып түштөнүүгө туура келди.

– Эче балаңар бар, иним?

– Бирөө, экинчиси курсакта. Келинчегим декретке жаңы чыкты. Кийин жентек жегенге келиңиз бизге...

...Ошондогу жигиттин жылдыздуу жүзү көз алдымдан тартылып өттү. «Эки адам көрүшөт, эки тоо көрүшпөйт» дегендей, тагдырдын марттыгын көр. Бир кезде мен көрсөм деп дегдеген ошол келиндин минтип жанымда олтурганын кара.

Ичимден сыр билгизбей сынай тиктейм. Мен уккан аялы болду бекен? Эгер ал болсо күйөөсүнөн өтө деле ашып кеткен өзгөчөлүгү көрүнбөйт. Күнгө тотуккан кара тору жүзү сүйкүмдүү. Көзү бажырайып оттуу. Менин көңүлүмдү көбүрөөк өзүнө бурган берметтей аппак тиштери болду. Кулсө да, сүйлөсө да тептегиз болуп келинге бир башкача сулуулук берип турат.

...Башы булутка жетсе да адам баласынын өзүнчө түйшүгү, өзүнө туштук өкүнүчү болбой койбойт эмеспи. Келин канчалык өзүн жайдары көрсөтөйүн дегени менен, капысынан кайра-кайра улутунуп, оор дем алып коюшу менин көңүлүмдү тынчсыздандыра баштады. Кандайдыр көздөгөн максаты ордунан чыкпай, кимдендир ыза көрүп, катуу сокку жеген кебетеси бар.

Гүлкан көзүн жашылданта бир оокумда мага бурулду:

– Айтыңызчы эже, армансыз адам жаралат болду бекен?

– Эмне үчүн болбосун.

– Балким, жер жүзүндө бактысыз жаралган жалгыз мен болуп жүрбөйүн? – Мостоё түштүм.

– Эмне үчүн антесиң? – Күйөөң теңтуш, турмушуңар жакшы.

– Турмушу жакшы болуп, дүйнөгө түркүк болуп, миң жашаган ким бар. Же адамды бактылуу кылган дүнүйө менен дөөлөтпү? Жок, жок, такыр андай эмес. Мен буга эч качан кошула албайм. Адамды бактылуу кылган – адам, сүйүү. Же жалган айтып жатамбы?

Келиндин өпкөсүн көптүргөн көңүлдөгү сырын ким менен бөлүшүп, ким менен сырдашарын билбей ынтызарланып келатканын байкадым. Адам кээде ичиндеги терең капасын теңтушуна же аны баалай билген кимдир бирөөгө айтып, эркин баарлашып алса, үстүндөгү жүгү жеңилдене түшкөнсүп, ичи ачылып калат эмеспи. Билгизбей сурадым.

– Эмне үчүн мынчалык наарazысың? Силер жөнүндө башкача пикирде элем. Кокус жаңылып жатып жүрбө?

Келин селт этти. Мостойгон калыбында сөз катты.

– Жаңылып жатып жүрбө дейсизби? Эмне үчүн минтип сурадыңыз?

– Бактысыз деп кандай кишини айтарын өзүң түшүнөсүңбү? (Мен Гүлканды түз эле сен деп сүйлөөгө өттүм.) Жаман көрсөң жаман көр, бул айтканың жакшы эмес, Гүлкан.

– Түшүнөм эжеке, кичине эмесмин да.

Келиндин өңү адегенде бозоруп барып, кайра албыра түштү.

– Кайын энең силер менен чогуу турабы?

– Анан кайда барат? Кызык сурадыңыз.

– Дегинкисин айтам да. Жашырган менен болобу, кийинки жаштардын көпчүлүгү кайын энени каалашпайт. Өздөрүнчө турууну эңсейт. Энелердин ак пейилине түшүнбөй, чуу көтөрүп жүргөн келиндер азбы? Карыны бактысыздыктын башы деп билген жеңил ойлуулардын эченин көргөм.

Гүлкан чебелене түштү.

– Эгер кайын энем болбогондо, балким… – бир демге унчукпай калып, кайра мындай деди: – Мен ал кишини

өз энемден артык көрсөм көрөм, кем көрбөйм. Акылдуу, мээрбан аял.

– Күйөөң ичкиликти жакшы көрөбү?

– Эркек эмес, биз деле иче коюп жүрбөйбүзбү. Шарты келген жерде ичет.

– Аны сурап жатканым, кээде үй-бүлөнүн ыркын кетирип, ынтымакты бузган көпчүлүк учурларда ичкиликтен да болот. Бактылуу эрди-катынды бактысыз кылган да ошол жинди суу.

– Айттым го эже, ал андайлардан эмес, ичкичил кишилерди өлгөндөй жек көрөт.

Гүлкан экөөбүз тең бир топко унчукпай калдык. Өзүмдөн өзүм бушайман болуп, оюм алда кайда чабыттап, жанымда олтурган ушул келиндин бүдөмүк, чоочун турмушуна улам арылап сүңгүп бара жаттым. «Ишке жөндөмдүү, эл-журтка алымдуу болгону менен аялга калганда карамүртөс неме болсо керек. А балким, кылдан кыйкым таппаган кызыл камчыдыр, ким билсин. Кокус ошондойлордон болсо, колуктусунун көкөйүнө көк талкандай тийген кара боор бул жигитти кантип жакшы деп мактоого болот...»

– Эже! Эмне мынчалык ойго батып кеттиңиз?

– И, сенин күйөөң жөнүнө ойлоп кеттим, Гүкен. Эстүү жигитпи дечү элем. Бирок...

– Жолдошумдун адамгерчилиги жөнүндө кабатыр болбоңуз. Балким, бактысыз болушума өзүм же башкалар күнөөлүүдүр.

Гүлкан шадылуу ичке манжаларын кырсылдаткан калыбында алдын тиктеди.

– Түшүнбөдүм. Деги бири-бириңерди сүйүп үйлөнүштүңөр беле?

– Кеп ошондо болуп жатпайбы. Таңыркай түштүм.

– Кызык. Мындай ишти силерден күткөн эмес элем.

– Көрүнгөн кишиге өз баркын өзү кетирип өөдө-ылдый сүйлөй берет экен деп ойлобоңуз. Эгер менин абалыма

түшүнгөн болсоңуз, байкуш Гүлкандын айтары да, күйөрү да эп экен дээр элеңиз. А балким, өз башыңыздан өтпөгөндүктөн ошентип жатсаңыз керек.

Гүлкан жөнүндө уккан ушак сөздөрдүн түйүнү кайдан келип чыккандыгын өз оозунан уга тургандыгыма эми көзүм жетти.

– Айтчы, Гүкен, сенин гүлдөп турган бактылуу өмүрүңө кош колдоп кандай кара ниет таш ыргытты экен. Ачык сүйлөчү?! – Каным сыртына тээп, жүрөгүм сыздап турганын билдим.

– Угасызбы?

– Угамын. Өзүм сурап жатпайымбы. – Гүлканга ыктай олтурдум.

– Болуптур, эже, мынча болду башынан айтып берейин... Жоолугун оңдоп байланып, оң колун машинанын арткы жаздыгына узата сунуп коюп сөзгө кирди.

* * *

Мен эки бир туугандын ортосунда, эки энени тең эмген тел карабоз тайдай эрке чоңойдум. Атам менен энем кың эткен баланын үнүнө зар болуп жүрүп, мени көрүшүптүр. Атамдын иниси Сагалы да баласыз киши. Ошентип, эки үйдүн ортосунда көзгө басар жалгыз кыз болгондугумдан айылдагы өзүм теңдүү кыздардан өзгөчө кийинип-ичинип бойго жеттим. Атам колхоздо чабан болуп иштөөчү. Абам болсо кой-товар фермасынын башчысы, орто билимдүү адам. Айылдагы бир топ адамдардан маданияттуу да, оокаттуу да туруучубуз. Атамдын бир жакшы сапаты өмүрүндө калп айтып, кара өзгөй сүйлөбөгөн, эмгек десе эт-бетинен кеткен ак ниеттүү адам. Ошонусуна жараша айтканынан кайтпаган, өз билгенин өзгөгө бербеген, убадага бекем, намыскөй.

«Жакыбалы орундатам деп оозунан чыкса бүттү, анда кам санабагыла. Кокустан болбойт десе болбогону, экинчи

аны кайталап кереги жок», – деп айылдагылар кандайдыр бир иштер боюнча сөз болуп калганда эки жооптун бирин угуп тим болушчу. Атамдын мындай бир мүнөздүүлүгү мага да жагуучу. Ошондуктан, атамдын көңүлүнө жакпай турган иштерди иштебөөгө, ал кишини капа кылып, көңүлүн чөктүрбөөгө көп аракет кылуучумун.

Мен эс тартып бойго жете баштаган сайын жуучулар да көбөйө берди. Бирок биздин үйдөгүлөр алардын биринин сөзүн да илик алган жок. Атам мени окутууга абдан ынтызар эле.

Эч нерседен капарсыз, наристедей эркелеп, бой тартканымды билбей жүргөн кезде, онунчу классты бүтө турган мезгил да келип жетти. Жетилүү аттестатын колума алып, Фрунзедеги кыз-келиндер институтуна келип кирдим.

Күн артынан күндөр, апта артынан айлар жипке тизген мончоктой биринин үстүнө бири кошулууда. Мени жалгыз гана тынчсыздандырган алыста калган ата-энем болбосо, жашоо да, окуу да көңүлдүү. Балага ата менен энесинин да өзгөчө жакын көрүнгөнү болот окшобойбу. Энемди бир ойлосом, атамды эки ойлойм. Мойнунан орой кучактап, адатымча сакалынан жыттагылап, беттеринен өпкүм келет. Тизесине башымды коюп, чалкамдан жатып алып кыңылдап ырдап, тайраңдап өткөргөн күндөрүмдү сагынам. Атам да мени сагынып жүргөндүр. Эртең менен дайыма мени чекемден ооп ойготоор эле. Оо, байкуш атам, оорукчал да болуп кетти. Өлбөй жүрүп менин убайымды көрөр бекен. Эч кимдин атасы менин атама окшобогондой, менин атам көп атадан мээримдүү да, акылдуу да сезилет өзүмө. Ата-энемди узагыраак көрбөй калсам, ушунчалык сагынып кетем дейсиз, алар менин эсимден да, түшүмдөн да кетпейт. Ошентип, аз болсо да убактым боло калса үйдү көздөй шашылам. Ой, чиркин ай, ата-энемди көрүп, аман-соосун билип келгеним өмүрүмдүн багы, көңүлүмдүн сыймыгы.

Анда мен «сүйүү» деген дарттан алысмын. Сыягы кээ бирөөнүн сезими бул жагынан эрте ойгонсо, экинчи бирөөнүкү кеч ойгонсо керек. Жолдош кыздарымдын сүйүп калган жигиттерин айтып, кээде кубанып, кээде ооздорунан көк түтүн бурап кайгырып олтургандарын көргөндө, бир бөтөн шаарды тээ алыстан карагандай болом. Алардын турмушка көз карашы, өз өмүрлөрүнүн келечекке багыт алышы менден айырмаланып тургандай сезилет. Ал эми менин максатым болсо жалгыз гана окуу.

Айылдан катты көп алам. Күндөрдүн биринде Ажар деген теңтушум мага төрт-беш баракты толтуруп кат жазыптыр. Өзүнүн колхоздо кандай иштеп жаткандыгын, ден соолугунун чыңдыгын кыскача жазып келип, мындай деп кошумчалаптыр:

«Сапардын окуусун бүтүп келгенин уккандырсың. Биздин колхоздо агроном болуп иштеп жатат. Керилген сонун жигит болуптур. Узун бойлуу, ак жуумал. Балбылдаган акылдуу кара көздөрү адамды өзүнө магниттей тартат. Мындай сүйкүмдүү сулуу жигитти мурда көрбөгөндүгүмдөнбү, же көрсөм да, көңүл бөлгөн эмесминби, айтор, Сапар менин көзүмө жомокто айтылуучу асмандан түшкөн перинин баласы сыяктуу сезилет. Ачыгын айтсам сүйүп калган өңдөнөм. Сенден эмнесин жашырайын, кеңешиңди айтып кат жаз. Сен билесиңби Гүке, бул жактагы келин-кыздардын эки сөзүнүн бири эле Сапар жөнүндө болуп жатат.

Кимибиз бактылуу болорубузду ким билсин. Айтчы, өзүң жигит таптыңбы? Кең Фрунзеден үч жылдан бери эч кимим жок дегениңе ким ишенсин. Ичиңдин бектиги темир сандыктай эле бар ээ. Антип, менден кызганбай, курдашыңдан жашырбай жигитиңди тааныштырып кат жаз. Мындан ары өзүм жөнүндө болгон жаңылыктарды билдирип кат жазып турам. Сен дагы, макулбу? Кош. Ажар».

Бул катты окуп Салкын жеңем эсиме түштү. Байкушум, бактысы бар экен. Бирөөнөн толбой калган кенемтени, экинчисинен толтурат деген ушул. Күйөөсү согушка жөнөгөнү жатканда төрөгөн дешет. Ошон үчүн атын Сапар деп коюшуптур. Кууруган гана согуш, башы бүтүн, боору эсен эч ким калган жок го сенин кандуу чеңгелиңден. Салкын жеңем жакшы көргөн жарынан калган жалгыз уулун караан тутуп, белине таңуу кылып, ошон үчүн өз түтүнүн өчүрбөй, турмуштун ачуу-таттуусун башынан көп өткөрдү. Күйөөсүнөн ал жыйырма жашында калыптыр. Кайран жыйырма жаш, кайран келберсиген кез...

Сапарды көрбөгөнүмө бир топ жыл болуп кетти. Мен алтынчы класссты бүткөн кезде, ал онунчу класссты бүтсө керек эле. Анан аны Ташкенттеги айыл чарба институтуна кетти деп айтышты. Жайкы каникулга келип калганда биздики Сапарды чакырып дайыма тамак беришчү. Жол каражатына кайрылышчу... Атам анын атасын оозунан түшүрчү эмес.

...Мен Сапарды энеси менен шаардан келатканда көрдүм. Арабанын үстүндө алы-жаны калбай энесине бирдемелерди көңүлдүү сүйлөп келе жатыптыр. А Салкын жеңем болсо бактыга батып, дүнүйөсү түгөл болуп, баласынан башканы биротоло унутуп койгондой албырат. Менин көзүмө сулуу да, жаш да болуп кеткендей көрүндү. Сапар мени көрө коюп амандашты. Анан мени артына бурулуп ээрчий караган калыбында, энесине бирдеме дегендей болду. «Жакып абамдын кызыбы? Бой тартып калган тура», – деп айтты бекен деп ойлодум. Анан эмне болду эле? Же ошол бойдон көрбөй калдымбы? Туура. Андан кийин көрө элек экенмин.

Кийинки жылдарда айылга шашылып келип, шашылып кетип жүрдү. Жайкы каникул убагында практикадабы же өз каалоосу боюнчабы, айтор, Өзбекстандын чарбаларынын биринде иштеп жүрүптүр деп айтышты.

Эмнеси болсо да жакшы кеп болуптур. Аман болсун, ал да бирөөнүн көзгө басар жалгызы. Ыймандуу немеге үйлөнүп, Салкын жеңеме кайрымдуу болсо болду. Эгер Ажардын ою ордунан чыкса жаман болбос эле. Эстүү кыз.

Ажардан экинчи кат келди. Тим эле оозунан көк түтүн буркурайт. Анын Сапарга ашык болуп калганы жазган сөзүнөн гана эмес, ар бир тамгасынан байкалып турат.

«Айтчы Гүлкан, мен эми эмне кылам? Сапарды өзү бирдеме деп сунуш киргизип, сөз баштайбы деп күтүп жүрүп чыдамым кетип баратат. Ал мага жөнөкөй жолдоштор катарында гана жылуу-жумшак мамиле кылат. Ашык сөз айтып такыр унчукпайт. А мен болсом анын ыйык махаббатына чалдыгып, дүркүрөп күйүп баратам. Мага түшүнүп жатасыңбы, Гүлкан? Дагы, кечке жумушта мас немедей аны ойлоп жүргөнүм аз келгенсип, түнкүсүн уктабай, азап тартып чыкканымчы. Эгер ушунумду энесине айттырсам кандай болор эле? Бирок кыз башым, кыл чачым менен балаңа айт, мени келин кылып алууга жардамдаш дешим өлүмгө барабар го дейм. Иш дегенде жанын таштаган жигит болуптур. Азыр ал күнү-түнү чапкылап талаада, айдоо аянттарына жер семирткичтерди чыгаруу менен алек. Комбайн менен тракторлордун ремонту бүттү деп жатышат. Кечээ күнү комсомолдук жаштардын чогулушу болду. Жаштардын иштеген иштери боюнча Сапар жарыш сөзгө чыкты. Анын сөзүн колхоздун жаштары ушунчалык ынтаа коюп угушту. Келеркиде бардык дан эгиндеринен, тоюттук чөптөрдөн, ал эмес картошкадан да мол түшүм өстүрүп алуу боюнча комсомолецтер менен жаштар өздөрүнө милдеттенме алышты. Жыйналыш бүткөндө чогуу чыктык. Мен ага кылчаңдасам, эч кимге кошулбай жалгыз басып кетти. Артынан жүрүп олтуруп, алардын эшигинин алдынан бурулдум. Ал мага назар салып да койгон жок. Артын бир кылчайып карап алды да үйүнө кирип кетти. Баса, сени эмне үчүн экенин билбейм, эки-үч жолу сурады.

Кат жазсаң салам айтып кой деди. Анан сенин адресиңди сурайт, мен берген жокмун. Азырынча мендеги болгон жаңылык ушул.

*Кат жаз. Ажар».*

Курдашымдын үчүнчү катын алганда төбө чачым тик турду. Ажар адатынча эсен-соолукту сурабастан туруп эле, сөзүн баякы эле Сапар жөнүндө баштаптыр.

«Гүлкан! Мен сага абдан таарындым. Бул жөнүндө кандай десең андай де, сыягы мага жакшы жолдош эмес экенсиң. Сага ишенип бардык сырымды жашырбай жазып жүрсөм, сен менин ак тилегиме каршы чабуул коюп жүргөн турбайсыңбы. Эмне үчүн Сапарды сүйөрүңдү биринчи катта жазбадың, же менин тамашама батып, шылдыңдагың келеби? А балким, тамырымды кармап, сырымды тарткың келгендир. Антпесең, деле Сапар сага үйлөнөт тура. Бактылуу бол!

*Ажар».*

Мен канчалык актанып кат жазганым менен, Ажар мага кат жазганын койду. Ошентип, экөөбүздүн ортобуздагы жолдоштук мамиле ортосунан чарт үзүлгөн жиптей бөлүндү да калды.

Бул учурда мен үчүнчү курста окуп жаткан кезим болуучу. Биринчи семестрди аяктап, үйгө келдим. Биздин үйдөгүлөр менин көзүмө мурдагыдан да жайдары, мурдагыдан да чектен чыга мээримдүү болуп кеткен сыяктуу көрүндү. Мындай аша чаап өнтөлөө мага өгөй учурады. Ойго баттым. Ушундай мамиленин далдаасында бир кара чаар жылан ийрилип жатканын көөмөйүмдө байкагандай болдум.

Адаттагыдай эле мага учурашууга келип-кетип жаткан кошуна-колоң, тели-теңтуштар көп. Олтургандардын арасынан Салкын жеңемдин көзү көзүмө башкача урунду. Жүрөгүм болк дей түштү. Көзүмдү андан ала качтым.

– Алдыңа кетейин, Гүлкан, дагы канча жыл окуйсуң?

– Үстүбүздөгү жыл менен үч жыл.

– И-и, аз калган экен. Дениң сакпы, кагылайын?

– Түзүк (Сурагым келбесе да). Өзүңүз жакшы жүрөсүзбү, жеңе?

– Жаман эмес, алдыңа кетейин, Сапашың окуусун бүтүп келип ушул жерде иштеп жатат. Көрөсүң го өзүң, каадалуу эле жигит болуп калыптыр. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» дегендей, эмгегим талаага кетпептир.

Олтурган аялдар сөзгө аралашты.

– Э ботом, Сапаке келинчек албаймын дейби? Аны менен тең балдар акар-чакар, болуп калышты. Атаганат, бир ак жоолук алып келип берсе жаныңа караан болот эле ээ.

– Өмүрү тозбосо болор энелер. Көбү бүтүп азы калды, өзү да ойлоп жүргөн чыгар.

– Багыңа ыймандуу неме кезиксе экен. Айылда чыбыгы кыргыйдай көп эле кыздар бар. Аларды жактырбайт бекен?

Мен эшикке чыгып кеттим. Келгенден бери эсимде Ажар. Шааркан жеңемден сурасам, «ошол Ажарынды койчу, кагылайын кичине кыз. Ботом, Сапарды сүйөм деп чыгарбаган ыры, сүйлөбөгөн сөзү жок. Эртели-кеч саксактап, ушул тегеректен кетпейт. Кыз болбой куруп калсын. Эси жок неме тура. Тү, кантип ошентип эркектердин аркасынан өзү уялбай ээрчийт ыя. Сен эми андай бузулган кыз менен жолдош болгонуңду кой, кагылайын кичине кыз. Жаманатты болосуң, кудай урсун жаманатты болосуң...» Бирок мен жеңемдин сөзүнө ишенгеним жок. Ажардын таламын талашып, актоого аракет кылдым. Чындыгында эле Ажар эл айткандай чийинден чыгып кетүүдөн алыс экенин билем да.

Мен мурда Сапар менен бет алышып сүйлөшүп көргөн жан эмесмин. Келгенимден бери ар түрдүү жумуштарды шылтоолоп Сагалы абамдыкына да, биздикине

да көп келүүчү болду. Мен аны көрүп, Ажардын сүйө тургандыгынын жөнү бар экен деп ойлодум. Ырас эле кыздардын жүрөгүнө чок сала турган келишимдүү сулуу жигит болуптур.

Бир күнү клубда жаштардын кечеси болорун угуп, кыздар менен барып калдым. «Жаштарды адептүүлүккө кантип тарбиялоо керек» деген лекциядан кийин бий болду. Сапар ордунан туруп четте турган мени көздөй басты. Ал мени бийге чакырды. Мен аны менен бийге биринчи жолу түштүм. Сапар адамды ушунчалык жеңил алып жүрөт экен дейсиз, тим эле укмуш. Музыка бүткөндөн кийин скамейкалардын бирине келип олтурдук. Ошол замат алдыбыздан Ажар өтүп кетти. Мен анын атайын ошенткенин дароо билдим. Ушуну эртең бетиме кармап жүрбөсүн, деп ойлоп, анын артынан барсамбы дегенчелик кылып ордумдан турдум. Сапар кошо козголду. Музыка ойноп жаткандар бизди эле күтүп тургансып, кайра баштан вальсты баштап кирди. Сапар мени жадырай карап алды да, кайра баштан колумдан кармай, далымдан имере кучактады. Музыканын ыргагына көшүп баратып, жүрөгүм алда немеден чочугансып улам-улам селт дей түшүп басыла калып жатты. Анан калса Сапардын жүрөгү көөдөнүнүн сыртында жүргөнсүп, менин эмчек тушумду кайра-кайра ургулап баратты. Эркектердин жүрөгү ушундай катуу урат окшобойбу деген ойдо калдым. Мен канчалык өзүмдү андан оолак кармайын деленге болбой, Сапар мени өзүнө имере тартып жеңил айланып жүрдү. Анын кирпик ирмебей, бактыга бата магдырап, мени кадала тиктеп бараткан оттуу көздөрүнөн көзүмдү ала качып, четте турган жаштарды жүрөксүй карадым. Ажар бизди жутуп жиберчүдөй кадала карап туруптур. Кабагы карыш түшүп, өңү бир укмуш болуп өзгөрүп кетиптир. Кимдир бирөө аны бийге чакырып жатканын байкадым. Ажар аны менен туйтундаша түшүп, түртүп жиберди...

Клубдан ойлуу кайттым. Эмне үчүн Ажар Сапарды сүйөт, Сапар Ажарды эмне үчүн сүйбөйт? Кызык. Сапар анын эмнесин жактырбайт болду экен? А балким, башка жакта сүйлөшүп жүргөн кызы бардыр.

– Укмуштай күлүк экенсиздер, Гүкен. – Сапар энтиге мени жандай басты. – Узатып койсок капа болбойсуздарбы?

– Эмнеге капа болушат. Кызды жигит узатпаганда, кыз жигитти узатмак беле. – Комсомолдук баштапкы уюмдун секретары тийише сүйлөдү.

– Кыздар менен сүйлөшүүнү апийимдин үрөнүн септиргендей ойлобо, дос.

– Гүкен! – Сапардын үнү ыргактуу чыкты. Башымды акырын өөдө көтөрдүм. Жолдошторум бизден узап барышканын көрдүм. Сапар сөзүн улантты.

– Мен бир жолу Фрунзеге барып, сизди таппай кеттим. Кыздар айткандыр.

– Унутуп калышса керек, укканым жок.

– Уксаңыз да укмаксан, билсеңиз да билмексен болосуз да.

– Билгим да келбейт.

– Эмне үчүн?

– Ал менин жумушум.

– Таарынасызбы?

– Себеп?

Шааркан жеңем эчтеке айткан жокпу?

– Жок. Эмне айтмак эле?

– Укканда билерсиз. Айтса бүгүнкү кече көңүлүңүзгө жактыбы? – Ал мага эңиле карады.

– Сизгечи?

– Мага жакканда да кандай жакты дейсиз, Гүке, мурдагы кечелер бир тең, бул бир тең болду. Байкадыңызбы, ото кызыктуу өттү ээ...

Ушинтип олтуруп үйгө чукул келип калдык.

– Кана, Гүкен, анда коштоштук, же үйгө киргизип коёюнбу?

– Ракмат, өзүм эле.

– Болуптур анда, жакшы жатып жай туруңуз. Жакшы түш көрүп жатыңыз. – Ой, силер кимсиңер, – деди короодон Сагалы абам жөтөлүп.

– Биз эле, Саке!

– О-о, Сапашым тура, айланып кетейин десе. Ырас болбодубу, Гүкенди тосуп келсемби деп чыктым эле. Үйгө киргиле, энең да мында.

Чогуу келгенибизди көргөн атам менен энем, Салкын жеңем баш болуп көргөн көздөрүнө ишенбегендей шашып калышты. Шааркан жеңем болсо төрдө жаткан көлдөлөңдөр жукалык кылуучудан бетер, анын үстүнө төрт бүктөп дагы төшөк салды. Ошентип Сапарды биздин үйдөгүлөр көптөн бери көрбөгөн тун уулун көргөндөй тосуп алышты.

– Силер менен чогуу келген башка бирөө да бар беле? – Шааркан жеңем мага карады.

– Үйлөрүнө кетишкен.

– Кеткен-кетпегенин кайдан билейин, көң алайын деп барсам, бирөө туруптур. Кудая тобо, жүрөгүм түшүп калды окшойт. – Жеңем жүрөк тушун басып, күлкү аралаш үшкүрүп алды. – Сен кимсиң десем, сөз айтпай ары басып кетти. Ажарбы деп калдым.

– Ажар! – Салкын жеңем чочуп кетти. – Кайсы Ажар?

– Мусанын кызы.

– Үйгө кир десең боло, балким, Гүлканда жумушу бардыр. – Энем күңк этти. Астыртан Сапарга көз кырымды чаптырдым. Эмне үчүндүр анын өңү купкуу болуп кетиптир.

Таң атканча жаным жай таппай, чабак уруп чыктым. Канчалык уктоого аракет кылсам да санаам санга бүлүнүп, көз алдымда Ажар менен Сапар. Ал мени менен эмне үчүн учурашкан жок?

Биздин короого кирип кимди күттү? Ооба, ал бизди акмалап келсе керек. Балким Сапар ага сөз карматып

коюп, кайра туруксуздук кылып жүргөндүр. Болбосо кантип ушундай болсун. Байкуш Ажар, менден эмнеге оолактайт. Сапарды мени бузду деп жек көрөбү?

Көзүм илинип кетиптир. Ажар көңдүн ары жагында жашынып туруптур. «Сен эмне турасың жети түндө» дейм, ага жакындап. «Жолобо жаныма, – дейт Ажар өңүн буруп, – көрөйүн деген көзүм жок сени. Эмне үчүн Сапарды катасың?»

– Өлүп кетейин, ал бая эле кеткен.

– Үйүңө кирип, таап алсам эмне кыласың?

– Кара, бардыгын кара, ал жок.

– Карайм, карай албайт деп турасыңбы. Сапар меники, сага бербейм. – Ал элтеңдей түшүп, үйдү көздөй жүгүрдү. – Са-а-п-а-а-р! Са-а-па-ар!

Ажар үнүнүн бардыгынча жер-сууну бузуп баратты. Жинди болгон немедей бирде каткырып күлсө, бирде өкүрүп ыйлайт. Үйгө атылып кирди. «Са-па-ар! Кайдасың жаным. Мен сени эч кимге бербейм, билесиңби ошону. Са-па-а-а-р! О-о, Са-а-п-а-ш! Келчи жаныма!» Ажардын артынан чуркап келатып отунга чалынып жыгылдым. Чочуп ойгонуп кеттим. Көзүмдү ачсам түшүм экен. Жүрөгүм оозума тыгылып, тамагым кургап калыптыр. Шумдук, ушундай да түш болот экен ээ?!

Түнү бою жаман уктап, жагымсыз түш көрүп чыккандыктанбы, айтор, бүткөн боюм салмактанып оор. Пальтомду жамынып тышка чыктым. Айлана жымжырт. Чыгыш жактан таң агарып, жылдыздар суюлуп билинер-билинбес жымыңдашат. Тоо тараптан соккон муздак аяз денени ичиркентип, коюн-колтукка кирет. Сапардын үйү тараптан аттын ооздугу шылдырайт. Көзүмө Ажар ушул тегеректе жүргөндөй болуп кетти. Мен короону айлана бергенимде Сапар биздин үйдүн алдынан өтө түшүп, туура жолго салды да, түз эле гаражды көздөй бет алды.

Эртең мененки чайдан кийин, кийинип алып Ажардын үйүн көздөй бастым. Чоң көчөгө түшкөнүмдө жа-

нымдан кош ат чеккен арабачан бирөө жандай салып өтүп кетти. Ажарды өтө берип таанып калдым.

– Ажар? Сенсиңби?

Ал турган калыбында божуну чирене тартып «ты-р-р» деп чалкалай түштү. Араба тоң жолдо сүрдүгүп барып токтоду. Башында тумак, куду офицерлердикиндей боюна кынай тигилген кара тон, анын ичинен комбинезон кийип, багалегин өтүккө шымданып алыптыр. Тим эле укмуш, шыңга боюна жарашып, чепте турган жоокерге окшойт.

– Кайда баратасың?

– Жумушка. – Ал колундагы туюк кара мээлейди чечкен калыбында кармалап, көңүлсүз жооп берди.

– Кат жазбай калдың? Үйгө келсем учурашканга жарабайсың. Сага кезигейин деп атайын келаттым эле. Эмнеге мынчалык мени күнөөлөп жүргөнүңдү билгим келет. Сыр жашырышмайдан болбосун.

Анын ойноктогон амалкөй көздөрү менин ички дүнүйөмдү текшерип жаткандай көзүмдөн өтүп, шилиме кадалды.

– Саандасыңбы?

– Талаада иштеп жатам. Кааласаң олтур, сейилдетип келейин. Сөз болсо жолдо сүйлөшөлү.

Арабанын алдыраак жагындагы туура коюлган тактайга Ажар экөөбүз жанаша олтурдук. Бирок бири-бирибизге үн катпай жүрүп олтуруп айылдан чыктык. Арабадагы тору, ээсинин иштей турган жумушун билгенден бетер алды жакта, тээ айдоо аянтынын баш жагында тоо болуп үйүлүп жаткан кыкты көздөй ылдамдай басып баратты.

– Ажар! – Сөздү мен биринчи баштадым. – Эмне үчүн кат жазбай калдың?

– Экөөбүз кат жазыша тургандай болдук беле?

– Жарабаган сөздүн кереги эмне.

– Акчыланбай эле кой. Ал сени сүйөт, сен аны сүйөсүң.

– Ким айтып жүрөт ошону (Ажар менин бул сөзүмө кекерлүү күлдү). Ишенип кой, Ажек, ойдо жок иш. Мага ишенбесең өзүң бил. Болгон сөз эмес.

– Шамал болбой чөптүн башы кыймылдабайт. Элдин баары айтып жүрөт. Кечээ калп айтпасам, экөөңдү өз көзүм менен көрдүм го.

– Кудай урбадыбы, бирге бийлеп койсо эле күнөөлүү болуп калабы? Мен жөнүндө кимдер айтып жүрөт ошону? Сапар дагыбы?

– Бул темада ал экөөбүз сүйлөшкөн жокпуз. – Ажар чечилип сүйлөй баштады. – Эгерде уккан сөзүм жалган болсо мени кечирип кой. Менин ушул абалымды, менин ордумда болсоң түшүнөр элең. Саандан бошоп талаа жумушуна өткөнүмө да ошол себепкер болду. Мен аны дайыма көрүп тургум келет. Жүгөрү аянтына кык төгүп жатабыз. Эки-үч күндө бул жумуш аяктайт.

– Кыгыңды коё турчу, ал сага эмдигиче түшүнбөйбү?

– Айталбайм. Ажар бурулуп колунун учу менен көз жашын сыдырып жаткандай болду. – Энеси өзүм каалаган кызды албасаң, балалыктан кечем деген имиш. Ал энесин ушунчалык сыйлайт, ошон үчүн Салкындын сөзүн орундатыш керек. А энеси болсо сени жакшы көрөт.

– Балким, ошондой чыгар. Ал үчүн мен күнөөлүү эмесмин да. Бирок Сапардын жүрөгүнүн сен үчүн кандай экенин билбей туруп, энесин бекер эле күнөөлөп, ой жооруп жатасың го дейм.

– Ушинтип эртедир-кечтир айтарыңды билгем.

– Бул менин жүрөктөн чыккан жолдоштук сырым, ага эч качан турмушка чыкпайм.

– Чын айтып жатасыңбы, сүйгөн жигитиң барбы? Оо, куттуктайм, сонун болгон тура. Келе колуңду. – Мен Ажарга таң калдым. Экөөбүз кол алыштык. Ал мени кучактай калып бетимден өпкүлөп жиберди. Кубанычтан күлкүсү көздөрүнөн да, ууртторынан да төгүлө албай

жаркып турду. – Ыракмат сага, Гүкен! Бул адамгерчилигиңди эч качан унутпасмын!..

Кызык. Мен ага макул болбой койсом эле, Сапар Ажардын өзүнөн башкага үйлөнбөстүгүнө көзү жеткендей болгон, анын балалык кыялы күлкүмдү келтирди. А балким, Сапардын башка жакта сүйлөшүп жүргөн кызы болсо эмне болот. Байкуш Ажар ай. Мен Ажарды ушинтип тиктедим, ушинтип аядым.

Ажардан бөлүнгөндөн кийин жолдо катар бирде Ажарды, бирде өзүмдү ойлоп келе жаттым. Ата-эне, ага-жеңе, жада калса Сапар менен Салкындын мага жасаган мамилелери, көз караштары биринен сала бири көз алдымдан тизмектешип өтүп жатты. Акыры Сапардын түндөгү сөзүнө келип токтодум. «Шааркан жеңем эч нерсе айткан жокпу?» дегени кызык. Эмне айтмак болду экен мага. Бир заматта кайра чыйрала түштүм. Бет алдымдан кандай бороон соксо да, моюн бербөөчүдөй болуп кайраттанып кеттим. Анткени атам бар да. Ал ар дайым мен тарапта. Ушинтип келатып үйгө кандай жеткенимди да билбей калыптырмын.

* * *

Агаң тоого барып конуп калыптыр, кичине кыз. Сага биздикине төшөк салып койдум, – деген сөздү угуп сүйүнүп кеттим. Бүгүн Шааркан жеңем менен сөзсүз ачык сүйлөшө алам деп ойлодум.

Коридорго коюлган самоордон чыккан ысык буу асманга атылып, муздак аба менен аралашып, эшиктин алды жакшы көрүнбөйт. Ашкана жактан кандайдыр жакшы тамактын жыты каңылжарды өрдөйт.

– Киши жок дебедиңиз беле?

– Сен киши эмессиңби? Агаң жокто баштаң кылып жатам Көптөн бери ээн-эркин сүйлөшпөй, бири-бирибизди сагынышкандай деле болдук го. Өзүбүзчө бир эркин олтуралычы, – деди.

– Андай болсо мейли.

Жеңем куду кадырлуу конок күткөнсүп столдун үстүн түрдүү тамак-ашка толтуруп коюптур. Анын айланасында каттай салынган төшөктөрдүн жаңылары жатат.

– Кайран жеңем, жарайсыз. – Мен тайраңдап жата кеттим. Өзүмчө ырдадым.

– Бойго жеткениңди билесиңби?

– Эмне болду?– Чалкамдан жаткан калыбымда башымды көтөрө берип, жеңемди күлө карадым.

– Балалык кыялыңдан секет кетейин, сени жигиттер бойго жеткен кыз дешет ээ. Айтчы, кичине кыз, Фрунзеде жигит-мигитиң барбы?

– Жок болсо жардамдашайын дедиңиз беле?

– Кантет эми. Тим эле сурап жатпайымбы? Ыгы келсе билип койсом ашык кетмек беле. – Шааркан кичинекей стулчадан түшүп, жаныма жакындай келип олтурду. – Ушинтип туйлап жүрүп, мага айтпай качып кетсең өтүм табактай, өпкөм казандай эле болоор.

Керебеттин үстүнөн Шааркан жеңем алып берген жашыл атлас тыштуу чоң куш жаздыкты боорума кыса кучактап көмкөрөмдөн жаткан калыбымда оң колумду анын тизесине койдум.

– Күн мурун күйүкпөй эле коюңуз, жеңекеси. Жигит таап калсам сизге биринчи көрсөтөм.

– Азыр жигитим жок дегени турасың го. – Колумдун сыртын алаканы менен жаба басып көзүмдөн көзүн албай, сырдуу күлүмсүрөп турду.

– Өлүп кетейин жок. Болсо сизден жашырмак белем…

– Ишенем.

– Жеңе! – Мен ордумдан тура калып, ага ыктай олтурдум.

– Ии.

– Сүйүү деген укмуш окшойт ээ.

– Башыңдан өткөргөн жайың барбы?

– Мен эмес. Башка бирөө. Жардамдашсаңыз айтам.

– Кудай ала койсун. Ким жөнүндө айтып жатасың, секет.

– Ажар!

– Ажар! – Жеңем чочуп кетти. – Дагы кимди сүйүп калыптыр?

– Сапарды!

– Сапарды?! – Делдее түштү. – Ушуну айтарыңды билгем. Сапар аны сүйбөсөчү? – Кыжыры кайнай сүйлөдү.

– Аны кайдан билесиз?

– Сапардан мурда энеси менен сүйлөшүү керек.

– Кыскасы телиш керек дечи.

– Ажар жакшы кыз да.

– Ой, садагасы, баланын сөзүн сүйлөйт экенсиң да. Сүйүү жакшы-жаманына карамак беле. Сапардын сүйгөнү башка.

– Ким?

– Ачык айтайынбы? Алдагы төрдө олтурган эрке кыз.

– Жеңем шаңкылдап катуу күлдү.

– Тамаша, тамаша, жеңе. Бир Сапар эмес, миң Сапар болсо да мага кереги жок. Биринчиден сүйбөйм, экинчиден Ажарга убада берип койдум.

– Сапарга алып берем деппи? – Ал үй жаңыртып кайрадан каткыра баштады. Боору эзилгенче күлүп, көзүнүн жашын жоолугунун учу менен сүртүп жансыз шалкайып турган колумду кармады. – Агаң убада берип коюптур, аны кантесиң?

– Жалган. Мени менен макулдашпай туруп, андай кылууга мүмкүн эмес. – Безге сайгандай секирдим. Колумду жулуп алдым.

– Ажар өңдүү айылдын көзгө басар кыздары Сапардын караанына мас болуп, айласын таппай жүргөнүн угуп жатасың. Жакшы жигитти жатка чыгарып ийбейли. Жакшылап ойлон, көлөкөм.

– Камкордугуңузга ракмат, жеңе. Бирок мен Сапарга эч качан турмушка чыкпайм!

– Анда баарыбызды сыйлабаганың. Эки колуңду төбөңө алып, басып кетем десен өзүң бил. Алыска кетсең карыган байкуштардын күнү эмне болот. Бул жерде атаң эле эмес, агаңдын да чабар камчысы, сүйлөр сөзү, жөлөр жөлөгү, багар уулу Сапар болорун ойлойсуңбу?

– Атам менен энем карыганда багуусуз калат экенбиз деп сөөгүмдү сыздатпасын. Сапарыңыз менен кайнаса каным кошулбайт, айтып коюңуз, убара болбосун. – Ордумдан турдум.

– Кайда барасың?

– Кетем.

Жеңем канатын жая делбиреп астымды тосту.

Мурда Ажар жөнүндө ойлоп, анын келечек тагдыры жөнүндө тынчсыздансам, эми өзүмдүн минтип жарга камалган улактай болуп турганымды кара. Жеңем өпкө-жүрөгүн чабууда. Эшик билинер-билинбес чертилди. Шааркан ордунан атып турду. Эшик ачылып, ары жактан кимдир бирөө көрүндү. Кебетеси Сапарга окшоп кеткендей болду. Жүрөгүм катуу дүпүлдөдү. Тышта Ажар акмалап тургандай ыңгайсыздана түштүм. Анан эшик шарт ачылып, Сапар кирип келатканын көрдүм.

– Жогору өт, кагылайын.

– Азыр, жеңе. – Ал үшүгөн колун ушалаган калыбында, кимдендир жазгангандай, же сүрдөнгөндөй бир демге токтой калды.

– Үшүп кеткенсиң го, Сапаш. Кеч келдиң да, садага? – Шааркан жагалдана сүйлөдү.

– Районго барып кармалып калдым.

– Кичине кыз экөөбүз көпкө күтүп калдык.

– Гүкен кечирип койсун, шарт ошондой болуп калды. – Сапар тармал кара чачын бир-эки жолу кичинекей көк тарагы менен артын көздөй тарап түзөнгөн болду. Анан мени көздөй жадырай басып кол алышты. Жеңем бизди сүйлөшсүн дегенсип оозгу үйгө чыгып кетти.

– Ден соолук жакшыбы, Гүкен?! Жакшы эс алып жатасызбы?

– Колумду кармаган калыбында көзү көзүмө чагылышты (Сүйсөң да, сүйбөсөң да Сапар өңдүү жигит менен биринчи жолу мындай шартта бет алышуу, кыздар үчүн кандай сүрдүү).

– Түзүк. – Колумду акырын тартып алдым. Менин сөзүм ага угулбай калдыбы же атайын эле ошенттиби, кайта сурады.

– Кандай дедиңиз? Жакшы укпай калдым.

– Жакшы.

– Кана, Гүкен, олтуруңуз. – Ал мага колу менен төрдү көрсөттү.

Сапар экөөбүз анда-санда гана жөн салды аркы-беркини сүйлөшүп олтурдук. Анын албырган жүзүнөн жүрөктөгү сырын кандайча кылып ачыкка чыгаруунун айласын таппай, толкуп тургандыгын байкадым. Жеңем бир кезде тыштан тамагын булоолонтуп көтөрүп кирди.

– Ии, эмне унчугушпай олтурасыңар?

– Сүйлөшүп эле олтурабыз, туурабы, Гүкен? Баса качан кайтасыз?

– Эртең.

– Узатат турбайбызбы?

– Ракмат, өзүм эле...

Жаңыдан эңкейип, колундагы бычак, кашык, айрыларын дасторконго коюп, тарелканын бирин Сапарды көздөй жылдырып жаткан Шааркан жандана түштү.

– Эмнеге өзүм эле. Узатабыз. Шаарга чейин чогуу барабыз.

Ортодогу тамактан менин алдымдагы бош тарелкага бөлүштүрүп салып жаткан Сапарга, ракмат айталбай туттуга туштум.

– Сиз адвокаттын ролун мыкты аткарат экенсиз.

– Керек болсо соттун ролун да аткарып коюуга жарайм, кызыке. Кудай санаган санаага, тилеген тилекке жеткирсе Сапаш экөөңөрдүн тоюңарда Шааркандын ким экенин көрөт эмессиңби.

– Эмне деп жатасыз?

– Болор ишти айтып жатам, кызыкебай (Сапар күлүп ылдый карады). Катыгүн ай, эшикти калдыратып дагы бирөө келатат. Илген эмес турбайымбы. – Көрө элек кишиге кыжыр кайнаган Шааркан бурк этти. – Булар ушинтип эми.

Бригадир келгенде колубузду чала-була сүртүп, ордубуздан турдук.

– Жогору өтүңүз. – Сапар орун көрсөттү.

– Сени издеп бир топ жерге бардым. Конторго барсам, райондон жаңы гана келип, үйүнө кетти дешти. Үйгө барсам Салкын жеңем жалгыз олтурат. Жолдон Усуп кезигип, ушунда кирип баратканын көрдүм дегенинен келип калдым. Жаман көрбө Сапар, кечирип кой, Гүкен айланайын. Башкарма менен парторг да тоого малчыларга кетиптир.

– Тынччылыкпы? – Сапар бригадирге суроолуу тигилди.

– Сырттагы малга жыйырма машина чөп жөнөтсүн деп айтканын тактайын дедим. Мурда он деп сүйлөшпөдүк беле? Кайра жыйырма болуп калганы кандай?

– Азыр биринчилей машиналардын көпчүлүгү бош эсептүү, экинчилей жазгы утурум кандай-андай болот, ким билсин. Ошондуктан жиберилген чөптөр чыпчыргасы коробой борбордук баз менен жол боюндагы базга тең бөлүп түшүрүлсүн. Түшүнүктүүбү, аба?

– Анда теңин бош чөптөн басалы.

Тыштан кирген Шааркан меймандарынын дагы эле тикесинен туруп сүйлөшүп жаткандарын көрүп кейиди.

– Капырай, олтурсаңар боло. Тамак да муздап калмак болду.

– Азыр, жеңе. – Сапар эки жагын карап, шашкалактап калды. Олтуруңуз, Гүке. Кана, олтуруңуз, аба. Таңгакталган чөптөрдү соңгу жылга калтырсак дейсиз го. – Кашыкка сузган тамагын оозуна алып баратып Са-

пар токтой калды. – Жок, аба, андай сарандыкка жол бергим келбейт. – Сапар бригадирге эркелей сүйлөдү.

– Макулсузбу? Кана, бери карап коюңузчу.

Аңгыча тыштан кимдир бирөөлөрдүн: – О-о-о эл, жу-ур-т! Өрт, өрт! – деген кыйкырык-чуусу көчөнү азан-казан түшүрдү.

Капарсыз олтургандардын бардыгы эшикти көздөй өздөрүн таштады. Ары жактан катуу келаткан кимдир бирөө атынын оозун күч менен тартып ыйламсырады.

– Айланайындар, өрт! Уй сарайга жакын үйүлгөн чөпкө кимдир бирөө от коюп жибериптир. Болгула тезирээк. Жок дегенде малды сактап калалы.

Айылдын туш-тушунан жүгүргөн көпчүлүктүн каңырты түнкү тынчтыкты бузду. Сапар мага жалт бурулду.

– Кечиресиз, Гүкен, эркин олтуруп сүйлөшө албагандыгыма өкүнөм. Кандай абалда жүргөндүгүмдү эсиңизге алыңыз. Келечек тагдырым сиздин колуңузда. Кош, жаным. – Колумду кыса кармады. Мен оозума бир сөз келбеген абалымда турган ордумда таштай каттым.

Ошонун эртеси жолго чыктым. Түндөгү өрттүн аркасынан жүрүп Сапардын келе албай калганын Шааркан жеңем алы-жаны калбай айтып жатты. Энем мени четке бөлүп чыкты.

– Секет кетейин секелегим, адам болуп бой жеткениң ушул. Жамандыгың болбосо жаштыгың жок. Кетер алдында сенден сурай турган сөзүм, бизди жер каратпа, «Кийиз сатсаң өз айылыңа сат, бир этегин жамына жат» дегендей, келечегиңди кең ойло, каралдым.

– Эмне айтмакчысыз?

– Эмне айтат элем, – энемдин деми буула түшкөндөй болду. Кандайдыр көптөн бери жүрөгүн өйүп, айталбай жүргөн купуя сыры ачыкка чыга албай жаткандай, эки бети албыра түштү. – Сапаш... Сапар сага пар, балам.

Сапар жөнүндө бул, энемдин мага биринчи жолу оозунан чыккан сөзү эле. Башым бир паста тумандап,

үстүмдөн кандайдыр бир оор жүк басып тургандай, апкаарый түштүм.

Бирөө жеңимден тартты.

– Машина жөнөгөнү жатат, бол тез.

Энем ыйлап жиберди. Эки бетимден алмак-салмак өптү. Энемдин жүзүнө тике карабадым, мурдакыдай кучактап элжиребедим. Үн катпастан тек гана кучагынан бошонуп машинага кирдим.

Энем сырымды билет. Менин мелтиреп унчукпаганым, ал менин энеме таарынганым, наалыганым, айткан сөзүн кабыл албаганым, жактырбаганым. Айтканымдан кайтпаган мындай бир мүнөздүүлүгүмдү билген энем, «атасын тарткан көк бет» деп, кээде ачууланып калганы эсимде. Айтарын айтып коюп, балким, ыңгайсыз абалда калгандыр, өкүнгөндүр, деп ойлодум энем жөнүндө жолдо.

Фрунзеге жетерим менен үйдөн удаасы менен эки-үч кат алдым. Анын бирин энем өзү жазыптыр. Ал сабаттуу болучу. Сапар жөнүндө атамдын айткандарын баяндаптыр. Бирок мен бир да катка жооп жазганым жок. А Сапардын катын болсо ортосунан тең бөлүп туруп балбылдап күйүп жаткан печти көздөй ыргыттым.

Менин көңүлүмдү өзүнө бурган энемдин төртүнчү каты болду. «Балам Гүлкан! – деп баштаптыр сөзүн. – Дени-кардын, соо, жакшы жүрөсүңбү, кулунум. Сенден кат келбегенден бери атаң аябай капа. Эсиңдеби, баякы жылы Шамыраттын кызынын окуясы. Аны колхоздун бухгалтери Мырзакмат деген жигитке ата-энеси сүйлөшүп, беребиз деп той өткөрүп жаткан түнү, коңшулаш колхоздо тракторист болуп иштеген бирөөгө качып кеткени. Ошонун эртеси атаң көчөдөн бастырып баратса, Шамырат эшигинин алдында чыгып туруптур. Оозу жөн турбаган шойкомдуу атаң, «Тоюңар кут болсун баатыр, «аштан алакчылаганча аттан жөө ташта» дегендей, кызыңардын чач тоюнан ооз тийгизбегениңер эмнеңер» дептир. Ансыз да сынганынан ичине бычак салалбай араң

турган Шамырат эч сөз айтпай үйүнө кирип кетет. Анан ал: «Кызыңа алың жетпегенден кийин кишисиңби. Сенин тарбиялаган бузуку кызың сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылды. Эми албарстыңдын аркасынан сен да жогол», – деп аялын басып жыгылыптыр.

Арадан ушунча жыл өтсө да унутпаган окшойт. Бая күнү атаңды көрүп: «Жаке, буюрса жакында сиздин көчөдө да той болот деп уктум. Ата-энеси нарктуу кишинин кызы да нарктуу. Мен чакырбасам да сен чакырарсың тоюңа», – дептир. Сыягы сен жөнүндө кулагы чалганбы деп калдым. Бул бир де. Экинчиден, сөздү сенин кыйбас теңтушуң Ажар жөнүндө айтканы олтурам, балам. Кечээ күнү Шааркан экөө талаада иштеп жүрүп, ит жебеген бокту жеп урушуптур. Ал бейбак түз эле жеңеңе кол салганы жүрөт дейт! «Эгер Гүлканды Сапарга бере албасаңар абысының экөөң атаңарга тийгиле. Бузуку кызыңарды майлап-сүттөп өткөрө албай жатканыңарды билем», – дептир. Аның абдан тайбас болуптур. Деги адам угар сөздөрдү айтсачы. Жеңең үйгө ыйлап келди...»

Үйдөгүлөрдүн мындай чабуулу мага арзанга түшкөн жок. Чындап эле ойлонууга туура келди. Ажардын аларга кылган мамилесине таң калдым. Балким, мага ишенгендиктен ошентип жатса керек деген ойдо болдум.

Ата-эненин абийирин сакташ үчүн Ажарга берген убадамдан кайтып, өзүмдү өзүм зордоп болсо да Сапарга турмушка чыгууга макулдугумду беришим керек. Анда эмне болот? Өзүмө өзүм суроо берем. Эрге тийип эптеп-септеп күн көрүп, жан багыш үчүнбү? Аттиң, жок дегенде Ажарда болгон махаббаттын кичинекей эле бир учкуну менде болсочу. Сапардын бүткүл тулку көз алдыма тартылды. Анын көп сүйлөөнү жактырбаган токтоо мүнөзүнүн, оңой менен адамга чечиле бербеген сабырдуулугунун тээ ары жагында, кандайдыр мага жат, мага чоочун, жылчыгы жок караңгы бактысыздык уюп жаткандай сезилди.

Андан алган сансыз каттарды ойлодум.

«Мен сенин өзүңдү эле сүйбөй, бүтүн үй-бүлөңдү сүйөм. Атаңды өз атамдай ардактагым келет. Ата мээримин көрбөй өскөндүктөнбү, айтор, ал киши мен үчүн жаш өмүрүмдүн жарыгы, бак-таалайымдын ачкычы сыяктуу сезилет. Атамдын (Сапар кат жазганда эле эмес, атамды башынан эле ата дей турган) мага кылган жылуу мамилесин, акылман сөздөрүн укканда жарык дүйнөгө энеден жаңы төрөлгөндөй болом. Ата деген кандай киши болду экен деп жүрсөм, ушундай киши турбайбы дейм. Балким, менин атамдын мүнөзү да, айткан сөздөрү да, өз баласына болгон мээрими да ушундай болсо керек деген ойго кетем. Анан ар дайым сенин атаңды өз атамдай сүйүп эркелегим да, кубангым да келет. Өз атама бербей калган балалык карызымды сенин атаң үчүн иштеп, ал үчүн болгон ар кандай кыйынчылыктарды мойнум менен көтөрүп, ак эмгегим менен актасам экен дейм. Ата менен баланы бактылуу кылууда сенин кошо турган салымыңдын салмагы Ала-Тоодой.

Ата-энеңди сүйгөндүгүмдү мындай кой, сен өскөн тамдын ысыктыгы, сен баскан көчөнүн сүйкүмүн толук айтууга сөзүм да, кудуретим да жетпейт, алтыным...»

«Байкуш Сапар, – дейм өзүм менен өзүм сүйлөшүп. – Мени сүйгөндөй эмне үчүн Ажарды сүйбөдүң экен. Мага болгон сенин ыйык махаббатың, туңгуч сүйүүң агын сууга түшпөгөн камчынын үшкүнүндөй. Сууну канчалык чаппа, канчалык кечпе, анда камчынын тагы да, бутуңдун изи да калбайт. Мага болгон сенин сүйүүң ошол дайранын агымы менен бирге кеткен камчынын үшкүнү менен бирдей».

Кечээ эле жакында жан тынымынан кетип, артымдан сүрө түшүп жүргөн Аскарбек менен Сагындыкчы. Булар эмне, кыз сүйүүгө татыгы жок жигиттер беле. Адамдын тубаса мереси болот деп энем айтуучу эле. Балким, ошол мерес адамдардын бири мен болуп жүрбөйүн. Институтка

келгенден бери Салиман деген кыз экөөбүз бир комнатада жашайбыз. Ал өң жагынан сулуу болбогону менен ачык-айрым, жароокер, эстүү кыз эле.

Күндөрдүн биринде күтүлбөгөн жерден ооруп калдым. Бир пастын ортосунда ичекардым аралашкансып удургуй түшүп, көңүлүм айнып кетти. Анан кроваттын үстүндө түйүнчөктөй болуп, аркы-терки оонап, жанымды коёрго жер таппай ыйлап жаттым. Чекемден тер куюла баштады. «Тез жардам» машинасы келип, эки-үч киши мени көтөрүп салганынан башка такыр эч нерсе билбейм.

Арадан канча убакыт өткөнү эсимде жок, бир кезде көзүмдү ачсам башка үйдө жатам. Айланамда ак кийимчен адамдар жүргөнсүйт. Түш көрүп жатамынбы же көзүмө баякы жылкы чоң атам айтып берген жин-шайтандар көрүнүп жатабы деп көзүмдү кайра жуумп, ичимден күбүрөй баштадым.

– Гүлкан! – деген үн кандайдыр алыстан угулгандай болду. Көзүмдү болор-болбос ачтым.

– Мен кайда жатам? – деп сурадым зорго.

– Ооруканадасың, – деди бирөө. Кыймылдайын дедим. Башымды көтөрүүгө аракет кылдым. Бирок ырп этерге дарманым жок. Үстүмө таш бастырып койгонсуп эң эле оор.

– Бүгүн чыдасаң, эртең жакшы болуп каласың. Коркунучтуу мезгил өтүп кетти.

Тилим оозума батпай, каным катып суусаганымды билдим.

– Суу бериңизчи?

– Суу ичүүгө болбойт. Оозумдун тегерегин нымдуу чүпүрөк менен суулап койду.

– Операция болдумбу?

– Ооба. Сага көп сүйлөөгө жарабайт. Тынчтан. Жүрөгүм оозума тыгылды. «Операция» деп күңгүрөндүм. Анан мен жатаканада ичимдин катуу ооруганын, тез жардам машинасы келгенин эстедим.

Түн ортосу ооп калган ченде акыл-эсиме толук келдим. Ичиме койгон муздак грелканы байкадым. Санымa сайылган ийне аркылуу бийик асылган системадан мелтмелт этип физиологиялык эритменин куюлуп жатканын көрдүм. «Капырай, – дедим ичимден, эмне кылып бырчалашты экен. Мынчалык тез эле операция боло турган эмне оорум бар эле. Өмүрүмдө ич оорум жок эле го».

Аңгыча эшик аяр ачылып, ак халат кийген жаш жигит көрүндү.

Мен уктамыш болуп калдым.

– Абалы кандай?

Улгайып калган медсестра жигиттин бул суроосуна көңүлдүү жооп кайтарды.

– Эң жакшы. Көңүлү сергек. Эмгегиңиз текке кеткен жок, Сулайман Бакирович. Бул ийгилигиңиз менен куттуктаса болот.

– Ошондой эле болсун. Бирок ашыра мактап жибердиңиз, Мария Ивановна. Куттуктоого али эрте. Сындан өтүүчү мезгилдер али алдыда.

– Жок, – деди айтканынан кайтпаган тиги аял. – Мындай оор операцияны тартынбай жасоого канчалык эрк керек экенин билесизби. Институттун босогосун аттап чыкканыңызга аз гана убакыт болбодубу. Ошого карабай ушунчалык жөндөмдүүлүккө ээ болгонуңуз ийгиликке жатпайбы!? Келечекте мыкты хирург болоруңузга ишенем.

Ичимден «Сулайман Бакирович» деп, Мария Ивановнанын сөзүн кайталадым. Жүрөгүм толкуп, ичим жылыгандай болду. Менин өмүрүмдү ушул жигит сактап калган экен деп ойлодум. Одеялдын четин акырын көтөрүп, билегимди кармап, тамырымдын согушун байкап жаткандай болду.

– Уктап жатабы?

– Ойгоо болучу, кайта уктап кетти окшойт.

– Эс алсын. Сиз бүгүн түнү жанында болуңуз. Мен да келип-кетип турам.

Кимдир бирөө:

– Сулайман Бакирович! Катуу оорулуу бир кишини алып келишти. Темиров башка оорулууну кабыл алып жатат. Тезирээк, балким шашылыш операция жасоого туура келет, – деп эшикти кайра жапты.

– Эх, медиктер, – деди Мария Ивановна көөдөнүн толтура дем алып, – кичине эс алууга да убактыңар жок. Ажал менен кармашканыңар кармашкан. Жеңиш силер тарапта.

Мен жаш кезимден эле педагог менен медицина кызматкерлерин ушунчалык кадырлоочумун, сыйлоочумун. Бирок мезгил жеткенде медицинаны эмес, педагогдук кесипти өзүмө тандап алдым. Азыр мага врачтардын кесиби менин кесибимден алда канча жогору тургандай болуп кетти.

– Мария Ивановна! – дедим медсестрага тигилип, – азыркы жигит ушул жерде иштейби?

– Медициналык институтту өткөн жылы чоң ийгиликтер менен бүтүп келген. Колу жеңил, өз ишине берилген, жөндөмдүү жигит болуптур. Сени операция жасаган ошол.

– Ичимде эмне бар экен?

– Эмнени айтасың, кызым, бир ажалдан калдың. Ичеги түйүлгөн абдан коркунучтуу. Өз убагында билгичтик, чебердик менен операция болбосо, адам мүрт өлүп кетүүгө мүмкүн.

– Өлүмдөн калган экенмин да.

– Анан мен эмнени айтып жатам.

– Ал дайым ушул жерде болобу?

– Ооба. Специализациясы аяктаганча.

– Анан?

– Анан мурдагы иштеп жаткан жерине кайра кетет.

– Өз алдынча иштейби?

– Ооба, өз алдынча. Мурда таанычу эмес белең?

– Жок. Көргөн адамым эмес.

– Эстүү жигит. Мен аны жакшы тааныйм. Институтта окуп жүргөндө биздин ооруканада практикада көп болгон.

Мен Сулайманды «жанакы келген оорулууга кокус операция жасап калса келбей калабы» деп тынчсыздана баштадым. Мария Ивановнадан бул жөнүндө кайталап суроодон айбыктым.

Катуу уктап калган экенмин. Ойгонсом таң аппак атып калыптыр. Жанымда Мария Ивановнадан башка эч ким жок. Аркы коңшу кроваттан анда-санда онтогон үн чыгат. Бир кезде менин катарымда жаткан аял башын жаздыктан бир аз көтөрүп окшуюн деди эле, Мария Ивановна колундагы китебин коё коюп, секирип турду. Көрсө ага да менден кийин операция болгон экен.

– Няня, – азыр эле уктап жаткан жаш аял башын көтөрө, – Няня!

– Кулагым сизде. – Тыштан кирген аял жанына чуркап келди.

– Эмне укпайсың? Башкы врачка айтып, акеңди таанытып коёюнбу? Уктап жатсаң керек.

– Айтыңызчы, эмне керек?

– Ах албарсты, кыйкыра берип үнүм бүттү. Судна алып кел. – Уйпаланып көзүнө түшкөн кыска чачын артка силкип, корс этти.

– Азыр, келинчек.

Тигинин орду жок оройлонгондугуна ыңгайсыздана түштүм. Ооруканадан эртеден кечке кетпей, оорулуулардын жанынан имерилип чыкпаган бул нянялардын алтын берсе аздык кыла турган түйшүктүү кызматына баа бербеген, бул аялдын мүнөзү жүрөгүмдү ийнедей сайгылап жатты.

Мария Ивановна жаныма келди.

– Мына эми жакшы болуп калдың, айттым беле Сулайман Бакирович сен уктап жатканда эки жолу келип кетти. Уйкучу кыз окшойсуң.

– Эми келбейби?

Мария Ивановна күлүмсүрөдү.

– Келет, жаным. Сен кеткенче ушул жерде болот.

– Менден мурда башкаларга да операция жасады беле?

– Жасаган. Бирок жеңил операцияларды. Эмне, көңүлүңө жагабы? Ал үйлөнө элек. Жактырууга татыктуу.

Жабыктагы жашыруун сырым жарыкка чыгып калгансып кызарып кеттим.

– Уялбай эле кой, тамаша кылып жатам. Кирипчыккан медсестралардын, ары-бери баскан кишилердин дабышы көбөйө баштады. Оорукана уйкудан ойгонду.

Бөлмөгө халатчан үч киши кирди. Бирөө улгайып калган, узун бойлуу, көз айнек тартынган ак чач адам, тигил экөө болсо биринен бири өтүп, зыңкыйган жаш жигиттер экен, өңү кара тору, экинчисинин кой көздөрү жайнаган, ак жуумал. Мен бул жерде өзүмө операция жасаганы кайсынысы экенин ажырата албай шашып калдым. Түндө көргөнүмдө бетине ак тайпыдан маска тартынып жүргөндүктөнбү, же эс-мас жаткандыгымданбы, эсиме эч нерсе түшүрө албадым. Бөлмөдөгү обход менден башталды.

– Кандай, Гүкен, ден соолук жакшыбы? – Ак жуумал жигиттин көзү көзүмө кадалды. Мендеги толкундануу менен апкааруу тең жарышты. «Ушул жигит» дедим ичимден. «Атымды кайдан билип алды экен?»

– Ракмат, жакшымын, Сулайман Бакирович. – Чачымдын түбүнө чейин кызара түшкөнүмдү байкадым.

– Кечиндеги операция болгон ушул кыз эмеспи? – Ак чач киши жигитке кайрылды.

– Ооба, доктор.

– Азаматсың. Чоң сапарды айнектей болгон кыздан баштадың. Алдыдагы ийгиликтериңди каалайм. Эгерде диагнозду туура коё албаганыңда, операцияны сага бербейт элек.

Ал көзүнөн жаңы эле чыгарып алган айнегин жүзаарчысы менен сүрүп тазалаган болду да, кайрадан кийип

жаткан калыбында менин жүзүмө тигилди. Жүрөгүмдүн элеп-желеп болуп, чектен чыга түрсүлдөшүн этият тыңшап, чочулап да, тынчсызданып да жаткансыды.

– Температурасы кандай?

– Нормалдуу...

– Канынын басымычы?

– Нормалдуу...

Обход бүттү. Мен Сулайман деп көңүлүмдө ойлогон алиги жигит, тигилердин артында баратып бир учу кроваттан ооп калган одеялды оңдой берип, мага көз учкунун жалт эттирип чыгып кетти.

Түшкө жакын бир медсестра көгүлтүр айнектен жасалган вазага салынган астра гүлүнүн ак, чымкый кызыл, мала кызыл, көпкөк, көгүлтүр, жашыл, кызгылтым түстөрүнөн жасалган гүл дестени жанымдагы тумбочканын үстүнө алып келип койду.

– Муну сизге Сулайман Бакирович жиберди, сулуу.

Күтүлбөгөн жерден келген мындай сыйга эмне деп айтаарымды билбей калдым. Тыштан жаңы кирген няня гүлгө суктана карады.

– Кантсе да жигитиңиз жиберсе керек.

– Эмне үчүн жигитим?

– Бул гүл өзүнүн сулуулугун жоготпой көпкө жашайт жана ылгый бир сорттуулугу менен айырмаланып тургатанын кара. Ар кыл сорттогу гүлдөрдүн аралашмасынан жасалган болсо, анда гүлдөрдүн өмүрү кыска болот. Тез солуйт да, өзүнүн ирецин да, өмүрүн да бат жоготот. Бир түрдүү гүлдөн жасалган десте узак өмүр сүрөт. Демек мааниси бар экен? Ошон үчүн сүйгөн жигитиңиз жиберди бекен дедим эле да.

Жылмаюу менен жооп бердим.

Ооруканага келгенден бери, турмушумда эч качан болуп көрбөгөн жашыруун оору пайда болду. Минут санап ага болгон эңсөөм да, кумарлануум да артып бараткансыйт. Көргөн сайын көргүм келет. Ал жөнүндө ар дайым

жакшы сөздөрдү угууну каалайм. Келбей калса тынчым кетип, кимдир бирөөлөрдөн кызгангандай болом. Кээде өз оюмдан өзүм корком. «Капырай, чын эле бул менин сүйүүмбү дейм. Эгер анын сүйгөн кызы болсочу?» Анан Ажардын абалын күтүлбөгөн жерден ойлоп, жүрөгүм тыз дей түштү. Өзүмдү өзүм канчалык алаксытканым менен толук жыйынтыкка келе албадым. Өз жүрөгүм өзүмө баш ийбей кулундай туйлайт. Эрмегим баягы Сулайман берип жиберген астра гүлдөрү. Мен кеткиче соолбосо экен деп өз ичимден төлгө кылам. Суусун тез-тез алмаштыруу менен алекмин. Күн өткөн сайын кулпунуп, улам чанагынан ачыла баштаган гүлдөрдү көргөн сайын Сулаймандын өзүнө окшотом. Анын ысык илеби ушул гүлдүн ичинен чыгып, мени жүрөккө уруп тургансыйт.

...Бүгүн биринчи жолу ордумдан туруп басууга аракет кылдым. Бутумду сунган бойдон кроваттын четине жакындай олтурдум. Анан оң бутумду жерди көздөй жылдырып, кроваттын кырынан акырын түшүрүп бараттым. Сулайман кирип келди. Бутумду кайра тартып алалбай калдым. Кескен жерим ачышып, катуу ооруп кетти. Кабагымды чытып, эрдимди тиштедим. Эки колум менен эки жагымды таканчыктап, кыймылсыз олтуруп калдым. Сулайман күлүп жиберди.

– Азыр Гүкендин тушоосун кесебиз. Кана, кана, сол бутту оң бутту көздөй жылдырып барып, акырындык менен жерге түшүрүңүз. – Ал белимден имере кучактап, ордумдан тургузуп баратты. Ичим тырышып калгансып түзөлүүгө мүмкүндүк бербей жатты.

– Таяк болсо жакшы болмок экен, – дедим бутумду зорго шилтеп.

– Жандуу кишиден, кантип эле жансыз таяк жакшы болсун, – деди Сулайман мени алга жетелей берип.

– Шарт ушундай болсун, «тай» деген сайын бир шилтемейден. Жарайбы? – Башымды ийкедим. Сулаймандын көздөрү көзүмдөн өтүп, кумарлуу жалжылдап кетти.

– Кана, баштадык «тай-тай, тай-тай».

Палатадагы оорулуулардын бардыгы бизге карап күлүп жатышты. Комнатанын ичинде бир аз жүргөндөн кийин кайра кроватыма «тай-тайлаган» калыбында жетелеп келип олтургузду.

– Биринчи машыгуу жетишет. Кана олтуруңуз. – Алмага жардамдашмак болду.

– Өзүм, – дедим Сулайманды коё берип, бирок кыйналып кеттим, кайра анын каруусунан кармай калдым.

– Бечел, – деди Сулайман мени эркелете колдон алып. Ушундай болорун билгем.

Кечки тамактан кийин үйдүн ичинде бир аз аркы-терки баскан болдум да, кайра жатып китеп окууга өттүм. Кызык, эми эле уйкудан кабарсыз сергек элем. Китебим колумдан жылмышып жаздыгыма түшүптүр да өзүм өлгөн немедей катуу уйкуга кетиптирмин. Бир уктасам оңой менен ойгонбой турган адатымды билем. Бирок эмне үчүндүр мезгилсиз ойгонуп кеткенимди өзүм да түшүнбөйм. Балким, Сулаймандын түрсүл соккон жүрөгүнүн дабышын, өмүрүмдүн сакчылыгында сергек турган менин жүрөгүм сезип булкуп ойготтубу, көзүм ачылып кетти. Жанымда жайма-жай жадырап тиктеп олтурган Сулайманды аласала көргөнүмдө чочуп кеттим. Мен жаткан палатадан эки аял сакайып үйлөрүнө бүгүн чыгып кетишкен. Ары карап коңурукту кор тартып жаткан Батма чоң энеден башка жанымда киши жок.

– Чи-и-и-ш, акырын, – деди Сулайман үнүн угулар-угулбас чыгарып, – эрте уктаган экенсиңер. Түнкү обходго дагы бир саат бар. Мен Сизди «тай-тай» кылайын деп келсе…

– Кечигип калдыңыз, тай-тайлатпай эле өзүм басууга жарап калдым.

– Эртең көрөбүз.

– Көрүңүз.

– Гүкен, мындан ары таанышып жүрөлү, жарайбы?

– Жарайт, Сулайман Бакирович. – Көңүлүмдө сүйүнүп кеттим.

– Ооруканадан чыкканда жатакананызга чейин узатып коёюнбу?

– Ракмат, жолдошторум келет.

– Келсе эмне экен, чогуу тааныш болобуз. Анан экөөбүз тез-тез көрүшүп турабыз го деп ойлойм. Каршы чыкпайсызбы?

Күлүп койдум.

– Биз тааныш гана эмес, жакын курдаш болуп калбадыкпы? Кайсыл жерден болосуз?

– Ысык-Көлдөн.

– Чынбы?

– Калп айтмак белем.

– Көлдүн кызымын деңизчи. Эң сонун! Көлдүк болбосом да көлдү кандай сүйөрүмдү билесизби. Азыр эле эмес, Ысык-Көл жөнүндө китептен биринчи жолу окугандан бери. Оо, андан бери канча убакыт өттү дейсиз. Анда мен кичине элем. Баса, сизди көрүп жүрөгүм бирдемени сезип жаткан экен. Сиз кеткенде жалгызсырайм го, Гүке.

– Ооруканадан чыкпаса дейсизби?

– Ошентип ойлоого кантип дитим барсын. Айла кеткенден айтып жаткан сөз да. Көрбөсөм коңултактап, сизди эстей берүүчү болдум. Арты ийгиликтүү болсо экен (Сапарга Караганда Сулайман ачык-айрым жигит экен деп ойлодум). – Обходдон кийин келип кетерин айтып, маңдайымдан сылап, эки жагымды кымтылап коюп чыгып кетти.

Эртеси түшкө жакын няня мага апельсин оролгон кагазды сунуп:

– Муну сизге Сулайман Бакирович жиберди, – деди.

– Ракмат. Өзү мындабы?

– Чакырып коёюнбу?

– Жок, жок, жайынча эле сурадым...

Ушул кыска мөөнөттүн ичинде Сулайман экөөбүз кандай алынышып бараткаыбызды билбей да калдым. Эзелтен берки эски тааныштардан бетер көрүшпөй калсак сагынышып турганыбызды кантейин. Эмне үчүн?

Кечээ кечтен бери Сулайманды көрө элекмин. Анын мага мурда күнү алып келип берген Майн Риддин «Башы жок чабандес» деген китебин кечээ эле окуп бүткөнүмө карабай, улам алып барактап коём.

Эртең ооруканадан чыгам. Бирок Сулайман бул чөйрөдө көрүнбөйт. Жок дегенде акыркы жолу болсо да бир көрүп, коштошуп кетсем жакшы болбойт беле. Аны менен коштошпой кетүүнү ойлосом кабагым бүркөлүп, жүрөгүм уйгу-туйгу боло түшөт. Өзүмдөн өзүм эчтекеден эчтеке жок эле ыйлагым келет. Капырай шумдук, ушундай да болот экен ээ. Бир оорудан айыгып, экинчи ооруну алып бараткаымды кара. Менин багыма Мария Ивановна да көрүнбөйт. Китебин берүүнү шылтоолоп, кайда кеткенин сурайт элем.

Узунду кечке саатымдын жебесин кайра-кайра кароо менен алек болдум. Пай-пай, мындай мезгилде убактынын өтпөй калганы ай. Балким ал түндө келип калар дейм өзүмдү өзүм жооткотуп. Тыштан палатага кирип келаткан эркек кишинин дабышы чыкса эле Сулайман болду бекен деген үмүт бийлеп, жүрөгүм дикилдей түшөт. Кеч да кирди, жылдыз да толду. Бирок канчалык зарыгып күтсөм да Сулайман келбеди.

Эртеси ак жолтой оорукана менен коштошууга туура келди. Кымбат буюмум ооруканада, белгисиз бирөөнүн колунда унут калган немедей, кыйылып туруп машинага отурдум. Көздөрүм ысык жашка чайылды. Ичим от болуп күйдү. Жашоого болгон кызыкчылыгым салкындай түштү. Жолдошторум да көзүмө жагымсыз болуп кетти. Айтор, өзүмчө эле эч кимге окшобогон бир жан болдум да калдым.

Бир күнү сабактан чыгып жатаканага кыздар менен келатсам биздин жатакананын алдында «Волга» автома-

шинасы туруптур. Мен анын номерин көрүп эле, биздин колхоздун машинасы экенин дароо тааныдым. Үстү-башын таза чүпүрөк менен жалтырата сүртүп жаткан шофёр мени көрүп, колундагысын ыргытып жиберип алдымдан утурлай басты. Уркалый экөөбүз орто мектепти бирге бүткөнбүз.

– О-х-о-о, Гүкен, саламатсыңбы. Жакшы болуп кеттиңби? – Кош колдой кармап колумду кысып-кысып алды. – Бетиңден өөп койсом түзүк болот эле. Бирок ээн көрүп калса…

– Тамашаны койчу, качан келдиң? Сени кечээ кечинде эле эстеген элем. Ал эмес кыздарга да айткамын. Дегеле кайрылчу эмес элең. Башыңа чөп сындырып коёюнбу? Ким менен келдиң?

– Сүйүнчүсүн бересинби?

– Ким, айтсаң?

– Кабар берген жок беле?

– Ким?

– Ой, койчу, Гүкен, анткорлонбой. Мен эмне билбейт дейсиңби?

– Бул сөзүңө түшүнбөдүм, Уркалый.

– Сөзгө түшүнбөгөнүң менен адамды тандоону билесиң. Ошон үчүн сага «беш». Мен ага, тууган болуп калгандыгым үчүн гана сыймыктанып жүрөм. А сен аны сүйүп калгандыгың үчүн бактылуусуң.

– Эмне?! Кимди айтып жатасың? – Сустая түштүм.

– Болду эми. Тигине, келатышат алар. Уркалыйдын көзү күлүңдөп турганы менен, ал ошол замат токтоо боло түштү.

Карасам, Сапар, Айнагүл эже, Жапаралы үчөө келатышыптыр. Жапаралы эл оозуна кирген эстүү жигит эле.

Ал ушул жерде иштейт. Мединститутту мындан эки жыл илгери бүткөн. Биз менен чектеш коңшу колхоздон.

Эмне кыларымды билбей калдым. Жүрөгүм дүпүлдөп, эки бетим ысып чыкты. Турган ордумда кыймылсыз

селейдим. Каткыра көчө жаңырта күлүшүп, Жапаралы экөө бирдемелерди кызуу сүйлөп келе жатышат. Мени көрүп Айнагүл эжем тигилерден бөлүнүп ылдамдай басты.

Менин оюмда Жапаралы Сапарга Сулайман жөнүндө айтып келаткандай ойлоп кеттим. Кайра селт эте түшүп, колумдагы бир тал роза гүлүнүн жалбырагынан үзүп алып, оозума салып колум менен сабагынан тегеретип ойной баштадым. «Эмнени айтмак эле? Обол мурун булар тааныш болду бекен десең. Сулайманды таанырын кантип билем». Менин жүрөгүм Сулайманды эстеген сайын, териме батпай чатырай бердим. Ойго батып турган калыбымда Сапардын басып келатканын телмире тиктедим. «Ай, кудай ай. Бул эмнеге мында келатат экен?»

Айнагүл эже мени кучактап бетимден өптү.

– Жакшы болуп кеттиңби, секет кетейин? Жигиттер жете келишти.

– О-о, кандай Гүке! Ден соолук хорошо? – Кол алыштык. – Жапаралы Сапарга шыбырай күлдү:

– Ой, сен эмне үчүн бул эжемчилеп кучактап өппөдүң, Гүлканды?!

Сапар анын сөзүн укмаксан болуп күлүмсүрөдү.

– Өңүңдөн таза азып калган экенсиң? Эми жакшысыңбы? Ооруган жериң жокпу?

– Ракмат. Түзүк элемин. Качан келдиңер? – Мен Айнагүл эжени карап сүйлөдүм. – Жөн-жай элеби? Айыл аман-эсенби?

– Бүгүн келдик. Саат канчада жеттик, Сапаш?

– Он экиде. Анан түз эле бул жакка, сени менен учурашканы бурулдук. Телефестивалга биздин райондон он беш киши келди (Мага Сапардын сен деп сүйлөгөнү жаңылыктай туюлду. Тим эле өзүнө энчилеп алгандай кебетеси бар). Сенин ден соолугуңду, бир келип сурабасак, күнөөлөрсүң да кийин. – Сапар менин колумдагы роза гүлүн суроо-сопкутсуз алып, жыттай баштады.

– Эстеп келгениңерге чоң ракмат. Кана үйгө кириңиздер.

Меймандар биздин чайга ракмат айтып, койдурбай койду. Жолдошторум менен чогуу ресторанга тамакка чакырышты. Ооруп турам деп кыйыктанганыма болбой, Айнагүл эже кадырын салып жатып, курдашым экөөбүздү алып чыгышты.

Сапар Уркалыйды жиберип, филармонияга концертке билет алдырды. Тамактан чыккандан кийин бизди андан ары концертке алып кетишти. Машинанын ичинде баратып мен аялдамада эки кыз менен сүйлөшүп турган Сулайманга окшош бир жигитти көрдүм. Өңү окшогону менен бою жапалдаш сыяктуу болуп кетти. Жалган тааныш болгон ошол сүйкүмдүү жигитти кылчая карап, дагы бир жолу жакшылап, даана көрүп алайын дегенимче болбой, биз тараптан бараткан троллейбус аны калкалап калды. Биз да узап кеттик. Ичим туз куйгандай ачышып, көңүлүм чөгө баштады. Өңүмдүн кубарып кеткенин Сапар дароо байкады.

– Эмне болду, Гүке? Бир жериң ооруп турабы?

– Билбейм, азыр эле ичим ооруп калды, – дедим калп айтып, эси-дартым Сулайманда болуп жаткан абалдан чыга албай мукактанып. Филармонияга жетип, машина токтогондо, Сапар мени колтуктап түшүрмөк болду. Бирок, мен козголгон жокмун. – Сапаш, Айнагүл эжем экөөңүздөр капа болбосоңуздар Уркалый мени жеткирип койсун. Ичим катуу ооруп чыкты. Кыйналып турам.

Айнагүл эжем мага наараазы боло түштү.

– Капырай, жакшы болуп каларсың. Сен кетсең биз да кетебиз. Ошол да кеп бекен.

Сапардын өңүнөн тынчсызданып турганын билдим.

– Эже кечирип коюңуз. Гүлкан ооруканадан жаңы чыкпадыбы? Кокустан ооруп калса жакшы болбос. Кетсе кетсин. Үйгө барып эс алсын. Силер көргүлө концертти. Мен Гүлканды жеткирип келейин.

Салиман тигилер менен калды. Сапар жаныма келип олтурду.

– Кайра ушул көчө менен кетели, – дедим Уркалыйга. Баягы аялдаманын тушуна да жетип калдык. Бирок Сулайманга окшогон жанакы жигит ордунда жок болуп чыкты. Ал кетип калыптыр. Эх, акылсыз мен, – дедим ичимен, – чындыгында эле кыздардын акылы жок болобу? Ажар да, мен Сулайманга ашык болгон сыяктуу эле Сапарга ашык. Бирок Сапар аны сүйбөйт. А Сулайманчы? «Мындан ары тез-тез көрүшүп турабыз го дейм», – деп Сулайман бет маңдайымда кашкайып тура калды!

Бир заматта өзүмдүн жеңилип кеткенимди билип, ыңгайсыздана түштүм. Кап, концертти көрүп, Салиман менен эле чогуу келбей деп ойлодум. Бекер муну да убара кылдым. Сапарды жалт карадым. Ал экөөбүз бири-бирибизге ыкташа олтурганыбызды эми гана байкадым. Көзүбүз чагылыша түштү. Карегимди тартып алдым. Аны ушунчалык аяп, боорум ооруп кетти.

– Гүке, ичиң кантип калды? Деги кичине жакшыбы? – Сапар колун машинанын арткы жөлөнгүчүнөн түшүрүп, аркама сойлотту. Мен алдыга жылып олтурдум.

– Колуңузду тартыңызчы?

– Жолтоо болуп жатамбы? Мына.

– Экөөбүз качан сүйлөшөлү?

– Эмнени?

– Түшүнөсүң да.

– Азыр башыма эч нерсе келбей турат, жайыма тынч коюңузчу, Сапаш.

– Качан кезигишебиз, мен эртең кайсы убакта келейин?

– Мына жатакананa да келип калдык. Машинаны жиберип коюп, калып калайынбы?

– Жок, эркектердин жатаканага кирүүсүнө тыюу салынат. Чогуу эле кете бериңиз.

– Анан качан?

– Кош болуңуз, Сапаш.

Мен Сапарга тыңгылыктуу жооп айтпаган бойдон кирип кеттим. Бир топтон кийин машинанын мотору иштеп күрүлдөй баштаганын уктум. Сыягы, мени кайра чыгат деп ойлошсо керек.

Салиман келгенде Сапардын концертке барбаганын уктум...

Убакыт өтүп жатты. Жайкы семестрдин башталарына саналуу гана күндөр калды. Ошого байланыштуу студенттердин арасында экзаменге даярдануу кызуу жүрүп жатты. Кайда гана болбосун бетинен китеп түшүрбөй окуп жаткан кыздар менен уландар. А менчи? Мен болсом «көлөкөгө тон бычкан» адамдан бетер, белгисиз бирөө менен алекмин. Эмне үчүндүр кинотеатрга барууну эңсейм. Андан да болбогон бир нерселерди шылтоолоп базарларга же магазиндерге барганымчы. Автобус же троллейбустарга олтуруп калганымда элдин арасын элеңдеп карай берем. Андан мен кимдир бирөөнү, болгондо да эң жакын кишимди издегендей болом. Бирок Сулайман үчүн болгон мындай эңсөөм, кыялдануум, издөөм кумдун үстүнө түшкөн белгисиз из сыяктуу калып жатты. Канчалык тырышып окубайын, көз алдымда Сулайман. Анан окуп жаткан баракты кайра жабам да, терең кыялга батам. Мурдагыдан да ойлуу, мурдагыдан да басмырт болуп кеткенимди байкаган Салиман көп тынчсызданып жүрдү.

– Эч жериң оорубайбы?

– Жок.

– Анан эмне болуп баратасың?

– Өзүм да билбейм.

– Жүрөгүңө чок салган бирөө болуп жүрбөсүн?

– Сага айтат элем го.

– Жашырып жүрбө?

– Жардамдашат белең?

– Жардамдашмак түгүл жүрөгүн сууруп албаймбы.

Салиман канчалык чекмелегени менен сыр алдырганым жок. Ал Сапарды баякыда көргөндөн бери, ошондон шек санап, ачыгын биле албай жүрөт. Сөзүнүн төркүнүнө караганда Сапар ага абдан жагып калыптыр. Сөздөн сөз чыгып олтуруп, сураганынан айылда сүйлөшүп жүргөн кызы бар деп жооп бергемин. Бирок ал менин бул сөзүмө толук ынанганын же ынанбаганын али биле элекмин.

Бүгүн биринчи экзамен. Жыл бою алган билимдин жыйынтыгы. Көпчүлүк кыздардын жүздөрү жаркып, көңүлдөрү ачык. «Сен канчага тапшырдың? – Бешке. – Сенчи? – Төрткө». Бирин бири куттукташкан үндөр. «Гүлкан! Бешиң менен. Ракмат. Өзүңдү да». Алгачкы ийгилигим жаман болгон жок. Салиман экөөбүз институттан көңүлдүү кайттык. Жатаканага кире бергенде швейцар аял жолумду тосту.

– Бүгүн өзгөчө жайдары болуп, кулпунуп кетиптирсиң, кызым. Кантсе да беш алсаң керек. Ыраспы?

– Таптыңыз.

– Келе колуңду, куттуу болсун. – Аял колумду кысты. – Бүгүн сени сурап кайра-кайра звонит этип, бир жигит тынчымды алды. Ашык болгон бозойлордун бирөө го деп калдым. Силерде биринчи экзамен экенин айтсам, билемин дейт. Анан качан келүүчү эле деп такыды. Куттуктаганы жүрсө керек.

– Жакшы кабар айтканыңызга ракмат, – деп тамашага чалдым.

– Университеттен болуп жүрбөсүн. А балким, политехническийдин балдары бекен? Кайдан экенин айткан жокпу? – Салиман артына бурулду. Аял ийинин куушуруп койду.

Менин оюмду «Сулайман болуп жүрбөсүн» деген үмүт бийледи. Комнатага киргенде китептердин арасынан Майн Риддин баякы китеби көзүмө биринчи урунду. Китепти колума алып ичин көңүлсүз барактап кайра жаптым. Андан кийин мурда күнү өзүм сатып алган астра гүлүнүн

дестесине суктана карадым. Ал баякыда Сулайман берген гүл дестеге эң эле окшош болучу. Эгер Сулайман көрсө өзүмдүн берген белегим экен деп ойлошу да ыктымал эле. Ажар эсиме кылт этти. Анан Сапарды ойлоп кеттим. «Бирөөгө кечерге кечүү табылбаса, бирөөгө ичерге суу табылбайт», – деген сөздүн төгүнү жок экен да. Китепти боорума кыскан калыбымда кроватка жата кеттим. Эшик тыкылдады. Айланага көз чаптырсам Салиман жок болуп чыкты. Эшик кайра урулду. Мен Салиман экен деп ойлодум. Ал кээде ошентип тамашалай берүүчү.

Бир мезгилде Салимандын эшикти ачып, кимдир бирөөгө сый көрсөткөнсүп:

– Кириңиз, Гүлкан үйдө, – деген үнү кулагыма шак дей түштү. – Дос, туруңуз, конок келди.

Күтүлбөгөн жерден Сулайманды көрүп, делдирей түштүм. Ордумдан кандай турганымды билбейм. Мен кимди көрүп турам. Чын эле Сулайманбы? Ооба, ошонун өзү.

– Гүкен, саламатсызбы? Биринчи экзаменди ийгиликтүү тапшыргандыгыңыз менен куттуктайм! – Астра гүлүнүн дестеси менен кошо колун сунду. Ошондо гана катуу уктап, мезгилсиз ойгонгон баладай аны көздөй умтулдум.

– Ракмат, Сулайман Бакирович! – Анын көзү көзүмдөн тайып, колумда турган китепке түштү. Кеч болуп калды, ката албай калдым. «Эми араң окуп жатасыңбы?» дегендей, көзүмө жоодурай карап, суроолуу тигилди. Ээгимден эркелетип, көтөрүп койду.

– Кечигип калгандыгым үчүн кечирим сурайм. Менден мурун да озунгандар болгон го. – Столдун үстүндөгү гүлдестеге шектене карады.

– Чай ичилип бүттү. Салиман столдун үстүн жыйнаштыра баштады. Сулайман «Россия» панорамасында жакшы кино болуп жаткандыгын айтып, мага карады.

– Көрө элек болсоңор барып келсек кандай болор эле?

– Эгер Салиман каршы болбосо.

– Мен силерге кошулам. – Ал каткан сырыңды баары бир билдим дегендей, мага кыйгач карап, Сулайманды көзү менен көрсөтө кашын серпип жымың этти.

Буга чейин Фрунзенин мынчалык сулуулугун байкабаган сыяктуу, айланага суктануу менен делөөрүй карайм. Бүгүн көзүмө көчө өзгөчө көрктүү, адамдар да башкача, суудай агылып жаткан машиналардын үндөрү да кулакка жагымдуу. Бирок мен өзүм мындай өзгөчөлүктөрдөн бийик, өтө бийик тургансып бараттым. Бул чөйрөдө Сулаймандан артык, өзүмдөн башка киши жок сыяктуу жүрөгүм алеп-желеп.

Сулайман каруумдан кысып койду. Бүткөн боюм ток тийгендей ысыды.

– Койкоңдоп эң эле келишимдүү басат экенсиң Гүкен. Карачы, ишенбесең Салимандан деле сура.

– Ооба, сиз тим эле...

– Жок, жок, калп айтсам эмне дейсиз. Киши өз артыкчылыгын да, кемчилигин да түшүнбөйт эмеспи. Эгер сиз өз артыкчылыгыңызды, жылдыздуулугуңузду, келбеттүүлүгүңүздү билген болсоңуз, менин сөзүмө баа берген болор элеңиз. Деги өзүңүздүн ким экендигиңизди биле жүргөнүңүз артыкбаштык кылбас эле. Туурабы Салиман?

Кинодон чыгып жатаканага жакындаганда Салиман Сулайман менен коштошуп алып алдыга кетти.

Сулайман Салиманды ээрчий карай туруп:

– Курдашың туйтуюп, эң эле кунарсыз кыз экен, карасаң. Кыздардын баары эле эмне үчүн өзүңө окшоп гүлдөп турбайт, Гүкен? Бах, кандай жакшысың сен.

– Чырайды чылап ичмек беле? «Сулуу тозот, бак озот» деген сөздү билбейсизби? Балким, ал келбетсиз болгону менен акылдуудур.

– Жолдошуңду сындап койгонум оор тийип калды окшойт ээ. Кечирип кой, мен тим эле айта салдым. Ортодогу сөз да. Чын сырымды айтсам сага эч кимди теңебейм. Сага эч ким да тең келе албайт. Сиз ооруканада

жатканда коштошпой кеткениме абдан өкүндүм. Үйдөн шашылыш телеграмма келип, кайрылууга мүмкүндүк болбой калды. Жердин алыстыгы да курусун. Жетерин жетип алып, кайра кетмегим кыямат болду. Ошол тушта аба ырайы бузулуп, каршыккансып самолёт учпай төрт айламды түгөттү. Андан кийин адистик боюнча зачетко даярдык көрүүгө туура келди. Башка институттагылар өткөн сабактар боюнча бир гана экзамен берип, дипломдук иш жактайт эмеспи. Медициналык институтту бүтүрүүчүлөр дипломдук иш жактабаганы менен, жактагандан оор. Окуу жайын бүтүргөн келечектин медиктери ошол замат эле өзү менен бирге дипломду колуна кармап чыкпайт. Качан гана белгилүү мөөнөткө чейин бир жерде иштеп келип, ооруканалардын биринде специализациядан өтүп туруп, зачетту ийгиликтүү бергенден кийин гана дипломду алууга жетишет. Кыскасын айтканда, жасаган операция, дарылаган оорулуулардын тарыхын ийне-жибине чейин түшүндүрүп, ал оорунун эмнеден пайда болушунун себептерин таап далилдөө менен, экзаменди экинчи жолу практика жүзүндө өткөрүүгө туура келет. Биздин түйшүктү түшүндүңүзбү, Гүкен?! Буюрса, жакында дипломду алам. Кубанчыма кайдыгер карабай, ортоктош болорсуз дейм. Иш ортосунан убакыт таап, атайын издеп келип таппай кеткенимди жана сизге айттым. Бирок эртедир-кечтир кезигип, ушинтип эркин баарлашарыма ишенген элем.

Мен Сулайманды кандай эстесем ал да менден артык эстеп жүрүптүр, унутпаптыр. Бири-бирине көңүл түшүү, бири-бирин жактыруу, бири-бирин сүйүү кандай укмуш ээ.

Биз ушундан кийин кичинекей эле убакыт боло калса кезигишип туруучу болдук. Алгачкы жолугушууларыбызда Сулаймандын мени башкача сыйлап, өзгөчө бир мээримдүүлүк менен эркелеткени болбосо ортобузда ашык сөз айтылуучу эмес. Ал эми экөөбүздүн бүгүнкү жолугушуубуз таптакыр башкача болду. Акыркы

экзаменден чыгып келатсам Сулайман көчөнүн аркы бетинде күтүп туруптур. Колумду кысып, чекемден өөп куттуктады. Кызарып кеттим. Бирок катуу айтып ийин жандырууга жүрөгүм даабады.

– Бүгүн Салиманды ээрчитпейли, киного да барбайлы. Бул сунушумду кандай кабыл аласың, Гүлкан?

– Мейли.

– Шаардын сыртына чыгып, аба жутуп келсек каршы эмессизби?

– Жарайт.

Обол мурун тамактаналы, сен эртең мененки боюнчасың да.

Ырас эле мен өзөгүм үзө тартып араң эле тургам. Эртең менен да сабакка алаксып жатып эч нерсе ичкен эмесмин. Азыр Сулайманды көрүп бардыгы эсимден чыгып кетиптир. Качан гана ал тамак ичүүнү сунуш кылганда курсагымдын кабышып турганын билдим.

Тамактан кийин Сулайман жөө жүрүү адамга пайдалуу дегенинен, эч кандай машинага олтурбай жүрүп олтурдук. Алдыбызда жашыл талаа созулуп жатты. Тоо тараптан соккон жылуу абанын эпкини беттен сылайт. Кол кармашкан калыбыбызда улам арылап бараттык. Алды жакта сыйда өскөн кара жыгачтардын арасынан чымчыктардын чыркылдаганы, торгойлордун мукам сайраганы делебени козгойт. Жаратылыштын кооздугуна магдырап, чексиз бактылуулуктун кучагында толкундап бараткансыган Сулайман мага бурулду.

– Гүкен! Сиз бирдемени билесизби? – Жоодурай тиктеп эки колун ийниме койду.

– Эмнени?

– Эмнени дейсизби? Менин сүйгөнүмдү!

Бутумдун учу менен көк шиберди кайра-кайра шилеп, жер тиктедим. Бул менин Сулаймандан көптөн бери күтүп жүргөн кол жеткис жашыруун бактым эле. Ээгимди акырын көтөрүп, башымды ийкедим.

– Мени тике карачы. Кана? Көзүңдөн секет кетейин балбылдаган. Мен сенин жанында туруп да, кумарым канбай сагынып турам. Ишенесиңби ушунума. Жаным, тийип турган күнүм, гүлүм, чолпонум. Сени мага туш кылган таалайыма миң мертебе ыраазымын. Сенсиз мага көргөн күн да, сүргөн өмүр да супсак. – Сулайман шадылуу аппак колдору менен мени сыга кучактап өзүнө тартты.

Көздөр көздөргө жайнап, каректер каректерге чөктү. Эрди эрдиме кадалды. Барган сайын бүткөн боюмду жигиттин ысык илеби басып, жүрөгүм торго түшкөн чабактай туйлап жатты. Бул менин кыз болуп бойго жеткени жигиттин өбүүсүн биринчи татышым эле.

– Кандай ыракатка бөлөнгөн керемет, – деп ойлодум, ичимден. Анан ал мени кучактап турган калыбын жазбай, жадырай түшүп толкунданып сүйлөдү:

– Бүгүн эле үйгө алып кетейинби?

– Үйгө? Эмне үчүн? – Мукактана түштүм.

– Мага колукту болгуң келбейби?

– Эрте го, Суке. Мен окуумду бүтөйүн.

– Эмне, окууга жолтоо болот деп турасыңбы? Эч качан.

– Түшүнөм. Бирок мынчалык шашылуунун эмне кереги бар? Бүткөнчө кыйналам го. Субай-салтаң жүрүп окуу менен үй-бүлөлүү, күйөөлүү болуп окуунун айырмасын көрүп жүрөм.

– Эч качан кыйналбайсың. Кайра өзүңө жеңил болот. Мен ошого түшүнбөгөн жинди белем. Бардык шартыңды түзүп берем. Апам үстүбүздө болот. Мен иштейм. Сен мага жалжылдабай, жүрөгүмө түшүнчү, жаным. Ата-энеге да, жолдошторго да башынан берген убадам бар. Диплом алган күнү үйлөнүү тоюн өткөрмөкмүн. Ак тилегиме каршы чыкпа, Гүкен. Болбосо чырылдатып туруп машинага басып кетем. Ошого макулсуңбу? (ал тамашага сала сүйлөдү) Кана, мир!

– Мир. – кол алыштык...

Мен ошентип үйгө кетпей калдым. Салиман баш болгон группалаш окуган жолдош кыздарым биздин тойго чейин үйлөрүнө барып келүүгө кетишти.

* * *

Биз Сулаймандын квартирасына жеткенде орто жашап калган, чынынын сыныгындай, сөөгү таза бир аял көрүндү.

– Апа! Келиниңизди көрүндүк бербей эле көрүп аласызбы? – Катарлаш келаткан Сулаймандын жолдошу Маркаш аялдын алдын тосту. Четте турган балжуурандай аппак, татынакай тестээр кыздын ботонукундай жайнаган кирпиктүү көздөрү күзгүгө чагылышкан күндүн нурунан бетер, бир Сулайманга, бир мага жалтылдайт, кыткылыктап күлөт.

– Берейин алдыңа кетейин, кантип баламдан аянайын. – Эне бетимден аймалап өпкүлөп жатты.

Ыңгайсыз абалда калдым. Астыртан Сулайманга көз чаптырдым. «Апасынын мында экенин айтпай ээрчитип келгенин кара», – дедим ичимден.

– Апаке! Сизди Гүлканга айтпай алып келдим. Болбосо келбейт эле.

– Гүлкан болгонуңдан секет кетейин, уялбай эле кой. Курсагың ачкандыр, олтуруп тамак иччиаралдым. Сен да бирөөнүн көзүңдү карап, көңүлүңдү сылаган жалгызы окшойсуң. – Дасторконун жайып, тамак-ашын калтактап коюп жатты. Өзүнчө эле кимдир бирөөгө жалынып жүрөт.

Эне аттуунун баары эле ушундай мээримдүү болушса керек. Карасаң үстүмө үйрүлүп түшүп, өз энемден бетер эбедейи эзилип турганын. Байкуш энелердин келини кем акыл чыгып, кендири кесилбесе, балага жазыктуусу жок го.

Маркаш үйлөнүү тоюна арналган чакыруу билетти чыгарып келиптир. Сулайман экөөбүздүн сүрөтүбүздү эки жагына коюп, асты жагына биздин институт менен

баягы мен жаткан оорукананын сүрөтү түшүрүлүптүр. Сулаймандын энеси бир топко жадырап тиктеп турду да, анан экөөбүздү эки өөп алды.

– Бактылуу болгула, тилеген тилегиңерге, самаган оюңарга жеткиле. Оо, эгиз козудай окшошкон жамандарым эй...

Сулайман мени узатып чыкканда саат ондон өтүп калган. Ал мени жатакананын алдына чейин жеткирип коюп кайра тартты. Эртең түшкү саат бирде Сулаймандын квартирасынан жолугушмак болдук. Бая күнү Сулайман экөөбүз убадалашкандын эртеси ата-энемден руксат сурап кат жазганбыз. Эмне үчүндүр катка жооп келбей калды. Ага карабай биздин үйдөгүлөрдү үйлөнүү тоюна чакырып, телеграмма жибергенбиз. Тойдон кызык тамаша эми болду. Жатаканага бир бутум кирип, бир бутум кире электе швейцар аял атамдын катуу ооруп жаткандыгы жөнүндөгү телеграмманы колума карматты. Түштөн бери таякемдер келип, мени издеп таппай жүргөндөрүн да айтты. Бир заматтын ортосунда оюм быт-чыт болуп, асман кулап астыма түшкөндөй болду. Атам өлгөн экен деп ойлодум. Болбосо мындай коркунучтуу суук телеграмманы кантип жалган беришсин. Кат жазбай жаткандарынын себеби да ошол болсо керек.

Бир тууган таякем ушул жерде иштөөчү. Бир мезгилде машина алып таженеңем экөө келип калышты. Иш терс жагына айланды. Мен Сулайман менен жооптошпой жөнөп кеттим...

Өз колхозубуздун чегине жеткенде шофёр машинасына суу куйганы токтотту. Талаа көркүнө чыгып, тим эле укмуш болуп кетиптир. Көк жашыл тарткан тилкелер кудум Ысык-Көлдүн жайкы толкунундай акырын чайпалат. Айланага суктануу менен көз чаптырып, көөдөн кере дем алам. Жүрөгүм капысынан аткып алды. Бизден анчалык алыс эмес жерде Сапар окшогон бирөө жанында турган кишиге колун катуу шилтеп, бак-бак сүйлөп жатат.

– Көзүң жокпу, борозду эмне үчүн кыйшык салдың. Уктап кетсең керек. Далай картошканын түбүнө жеткен турбайсыңбы?

Мындай борозду биринчи жолу салып жатканын айтып тигиниси актангансып жатты.

– Тууралап айдасам деле болбой эмнегедир кыйшайып кетет. Анын үстүнө түндүн иши түн экен да. Айдын жарыгы деген менен...

Сапар тракторго секирип чыкты. Мотор күрүлдөй баштады. Айлана шаңга бөлөндү. Тракторист болсо турган ордунда катты да калды. Сапар бизден улам алыстап баратты. Плантациянын башына чыгып кайра тартканда тигил жигит адымдай басып трактордун астын тосо жөнөдү.

– Сапар экен, – деди жанымда шапкесин колуна кармап, жылаңбаштанып, костюмун желбегей жамынып турган таякем көзүн бат-бат ирмеп. – Жаш да, чарчаганды билбейт. Болбосо талаага түнөгөнсүп ушул убакта ким деген жүрсүн?

Машинага кайра олтурдук. Кыштактын түндүгү түрүлдү. Көчөдө жүргөн адамдардын саны көбөйө баштады. Биздин үй жактан дымыр эткен жан көрүнбөйт. Эшиктин алдында байланган ат, тигилген боз үй бар бекен деп элеңдеп карайм. Дарбазага жакын келип токтодук. Машинадан учуп түшүп, үйдү көздөй жүгүрдүм. Атам төшөктүн үстүндө чапанын желбегей жамынып олтурган экен. Көздөрү ары кирип, беттеринин албырган нуру жоголуп, бир кыйла арыктап калыптыр.

– Атакебай, аман-эсен көрдүмбү сени?! – Бакырып барып басып жыгылдым. Сүйүнгөнүмдөн эмне дээримди билбей суйдаң сыйда сакалынан кайра-кайра жыттап да, бети-башынан туш келди өпкүлөп да жаттым. А атам болсо адатынча эти кетип сөөгү калган тарамыштуу арбайган арык колдору менен чачымдан сылап, чекемден кор жыттады:

– Секет кетейин королум, келип калдыңбы. Мени эмне кылат элең, ичээримди ичип, жээримди жедим. Эми өмүр жашымды жараткан сага берсе экен. Өзүң жакшы болуп кеттиңби? Ооруган жериң жокпу? Кана көрсөтчү, догдур кайсы жериңди сойду. Энең баарын айтты. Дөгдүрүнө да ыракмат өкмөттүн.

Атам ушул сөздү айтканда жүрөгүмдү бирөө чымчып алгандай тыз дей түштү. Эсиме Сулайман келди. Көзүм чайыттай ачылды. Эртеңки медициналык институтта өтүүчү комсомолдук үйлөнүү тою көөдөнүмдү жарып жиберчүүдөй, акылымды чакчелекей түшүрдү. Ой десең, андан кийинки салтанат үйдө өтмөк эмес беле. Жараткан ай, кандай шумдук болуп кетти.

Менин бул жакка минтип келгенимди Сулайман билбейт. Түшкө чейин чакыруу билеттерин таратып бүтөт. Ал анан саат бирде мени күтөт. Анан эмне болот? «Жок», – дедим өзүм менен өзүм кеңешип, «кайта тез кетишим керек. Мындан башка ылажы жок. Атама каралап энем баралбаса, жеңемди кошуп берер, Сагалы абам барар...»

Убакыт өткөн сайын тынчым кете баштады.

Ашканада эртең мененки тамактын камын көрүп жаткан Шааркан жеңемдин жанына бардым.

– Атам жакшы эле турбайбы. Эмне үчүн минттиңер? Мен силерди күтпөдүм беле. – Шолоктоп ыйлап жибердим.

Жеңем мээрин чача сүйлөдү. Көзүмдүн жашын колу менен сүрттү.

– Секет кетейин кичине кыз, кечирип кой бизди. Бара албай калдык. Айткан жерде балээ жок дейт, акемди кудай сактасын. Кыскасын айтканда, ал күйөөңө барууну мындагылар каалаган жок. Сапаш!..

– Сапарды айтып жатасызбы?! Ошондой деңизчи? Ага менден башка тапкан кызыңар болсо бере бербейсиңерби? Билесизби, тигинде бизди канча киши күтүп жатат?

– Мындагы күткөндөр киши эмеспи? Ата-эне кош көрбөгөн жерге кандай барасың, секет?

– Сөзүм бүтүп, убадам өтүп калса эмне үчүн барбайм?! Мен Сулайманды гана сүйөм, андан башка кишинин мага кереги жок. Айтыңызчы, чыныңыз менен мага сиз да душман болоюн дедиңизби?

– Душман дегени эмнеси? Мен сага ар дайым бактыталай тилеп жүрбөйүмбү! Анан калса сүйүү дегенде оозуңар эп дей түшөт экен.

– Койчу жеңе, тилеген бактыңыз бул болсо, тилебеген шоруңуз кандай болду экен а. Жеңе кызга жакын дейт, жакындыгыңыз кайсы? Тфу, уятыңар жок экен! Кайсы заманда жашап жатканыңарды билесиңерби?

Жеңем кекээрлүү күлүмсүрөдү. Мен ордумдан ачуулуу турдум.

– Эмне күлөсүз?

– Күлдүрбөйсүңбү?

– Күлө бериңиз, мен кеттим.

Кайгыга күйүп бараттым. Эмне кыларымды билбей, жалындап турдум. Көчөгө далбастап чуркап чыктым. Жеңем артымдан жетип мени колдон алды. Колун силкип жибердим.

– Коё бериңиз.

– Жүрү үйгө, ушунтип турганыбызды ары-бери өткөндөр көрсө уят.

– Уятты билесиңерби?

– Кара күчкө каткырып күлдүм.

– Эгер чыныңар менен күч колдоно турган болсоңор, тирүү калат экен деп ойлонбой эле койгула. Мен Сапарга барбайм, уктуңбу, эч качан...

Шааркан мага жалбарып, жабыша баштады. Мен аны көкүрөктөн ары түртүп жибердим. Кызарып-татаргаи жеңем силкине басып үйгө кирип кетти. Бир кезде энем үйдөн ачуу бүркүп чыкты.

– Эмне деп башыбызды айландырып жатасың. Токтот сөзүңдү! Качантан бери өзүңдү өзүң биле баштагансың, ыя? – Үйдү көздөй дегдектетип жетелеп кирди.

– Уятсыз! Бетиң бетпи, же чокойбу? (Бетимден үзүп алды...). Эл оор уйкуга киргенде үйдөн качып чыктым. Түз эле шаарга кетүүчү шоссе жолду көздөй кулач урдум. Артымды кылчак-кылчак карап, алымдын барынча жүгүрүп келатам, жүгүрүп келатам. Бир кезде бир чуңкурду жаздым басып алып оңкомдон кеттим. Жүрөгүм үзүлүп кеткендей көзүм караңгылай түштү. Бутумду оорутуп алыптырмын, санымды сүйрөп эгин талаасынан зорго чыктым. Жогору тараптан алыста-алыста бүлбүлдөгөн машинанын жарыгы көрүндү. Бул машина алса сөзсүз кутулдум дедим, душмандын чек арасынан чыккансып.

Машина менден өтө берип токтоду. Шофёр мени көрүп үрпөйө түштү:

– Жигит десем кыз белең, караңгыда башыңа эмне күч келди, бийкеч.

– Жайынча эле, кечтен бери машина чыкпай ушул убакка калдым. Жакшылык кылып автовокзалга түшүрүп коёр бекенсиз?

Шофёр башын чайкады.

– Таң атканча талаада түнөмөк белең. Жүрү, биздикине барып жатып ал. Эртең менен каалаган жагыңа кете бересиң.

– Мээримиңизге ракмат. Жакшылыгыңызды өмүр бою унутпайын, автовокзалга жеткирип коюңуз, – деп жалдырадым.

Мен барганда машиналардын жүрүшү эчак токтоп, демейде жүргүнчүлөргө жык толгон чакан аянт жымжырт. Вокзалга кеч келип үйлөрүнө кете албай калгандарбы, же эртең эрте кетүүчү жүргүнчүлөрбү, айтор эки-үч адам баштарына чемодандарын жазданып уктап жатышат. А мен болсом самандай саргайып кирпик көзүн какпай таңдын атышын, күндүн чыгышын күтүүдөмүн. Мага эрмек болгон түпсүз терең санаа. Сулаймандын жолдошторунун арасында өөдө карай албай, супсуну сууп, башын мыкчый кармап олтурганы

көз алдыма келди. Анан маңдайыма Сапардын сөлөкөтү тура калгандай болду. «Акылсыз Гүлкан, мени чансаң да, ата-энеңдин абалына карасаң боло. Мындай болоруңду билгенде өзүмдү сага кор кылбайт элем!..» Башым айланып, кулагым чуулдады. Чын эле алдейлеп баккан ата-энемден кол жууп каламбы?!

Азыр эле караңгылыктын кучагында тунжурап жаткан шаар жандана баштады. Рейске чыгуучу жеңил такси машиналары менен автобустар биринин артынан бири келип токтоп жатты.

Колунда пулу жок адам мунжу менен барабар экен го. Акыры үстүмдөгү кымбат баалуу кофточкамды жол акысы үчүн акчага баалап шофёрге берүүгө туура келди.

Машинада мени менен үч киши болду. Дагы бир киши табылганча күтүш керек. Сааттын жебеси жетиден өтүп баратат... Көзүң жамандыкты көрбөсүн, энем менен жеңем түз эле мен олтурган машинаны көздөй келатышат.

– Мынча болду бизди өлтүрүп кет! – деп бакырды энем өңгүрөп. – Жүрөгүмдү күйгүзүп, көңүлүмдү муздаттың. Сыйың менен кайра тарт. Душманга таба, тууганга күлкү кылба, Гүлкан! Энемдин жер-сууну бузган үнүнөн улам бизди сонуркап караган эл тегерегибизге толуп кетти.

Жанып турган жакшы үмүтүм бир паста шамал айдаган булуттай жок болду да калды. Энемдин коштоосунда автовокзалдан чыгып бараттым. Өөдө-ылдый чыккан элдин сөзү кулагымдын сыртынан кетип жатты.

– Кемпирдин каары катуу келиптир. Бечара кыз кайсыл жагынан айыптуу болду экен. Үйүнөн качканына караганда бир окуя бар го.

– Ушуга түшүнбөй турасыңбы, – деди бирөө, – дейди өсүп, көктөйүндө соолуп бүткөн да. Анан калса чыбыгы кыргыйдай болуп татынакайлыгын кантесиң.

– Татынабаса өлүп кетсин. өнөрдүн баары ушундай өңү жылмалардан чыгат. Менин кызым ушундай болсо тирүүлөй уу берип өлтүрүп коёт элем.

– Жулкунганына караганда кептин баары кемпирде сыяктанат. Балким кыз байкушта күнөө жоктур. Кебетесин деле көрбөйсүңөрбү, тарбиялуу эле бала. Мына бул как баш...

Энемдин өңү купкуу болуп кетти.

– Уктуңбу элдин сөзүн. Мындан көрө өлгөн артык.

– Энелик жүрөгүңүз кайда кеткен?

– Жүрөктөн айлан, эне дебе. Тигинден аркы жети атам тааныбаган, жердин жети түбүнөн келген бирөөгө баарыбызды садага чапкың бар ээ?

– Сапарды жүрөгүм каалабайт, баары бир ага барбайм!

– Сенин жүрөгүң менен үйгө барганда сүйлөшөм. Экөөбүз эне-бала болобуз, же биротоло топурагыбызды түйүшүп беребиз.

Энем айтканын аткарды. Үйгө барганда, жолдо келатканда айткан шартын алдыма тартты. Канчалык кайрат кылып, далбас урганым менен колумдан эч нерсе келбестигине көзүм жетти. Менин сөзүмдү сүйлөйт деп караан туткан атам да айнып калыптыр. Бир кезде таягын колуна алып, чапанынын сыртынан бейкасам узун курун белине кындай курчанып, ак топусун кыйшайта кийген атам, калчылдай басып менин жаныма келди.

– Э секет кетейин Гүлкан, энеңди эмне мынча беймаза кылып жатасың?

Мен атамдын бутун кучактай жыгылдым.

– Сакалыңдан айланайын атаке, ракым этиңиз, аяңыз мени. Жалгыз кызыңарды ушинтип сыздатмак белеңер?! – Ыйлап жаттым.

– Өөдө болчу, балам! – Атам эңкейип башымды жөлөп, колумдан тартып тургузду. – Атаңдын бир ооз сөзүн угасыңбы, Гүлкан!

– Угайын, ата!

– Көргө бутум салаңдап өлүү менен тирүүнүн ортосунда турам. Көзүмдүн тирүүсүндө конушуңа кондуруп, кор болбой турган жериңе табыштап, аз болсо да куба-

нычыңды көрүп калайын. Атаңды көрүндө тынч жатсын десең, тилимди ал, Сапарды чанганың атаңды көрүндө душманга сатканың. Мен билген иш болсо сөз ушундай болсун. Болбосо ыйлап туруп тескери батамды берем, көшөгөң көгөрбөй калат, кулунум...

– Мындан көрө, көгөрбөсө көгөрбөй калсын! Тойдум мындай бактысыз турмуштан (Атама жакындап бастым). Өлүп берип жаныңарды тындырсам сонун гана болгону турат. Бирок мен жалгыз кызын жазыксыз сыздаткан атам Жакыбалы үчүн, энем Күмүш үчүн эмес, сүйгөн жарым Сулайман үчүн өлгүм келбейт. Аны көргүм келет, бирге жашагым келет. Сапарыңды болсо көрөйүн деген көзүм, угайын деген кулагым жок. Уктуңбу, ата! Мени Сапарга барып, аны менен үй-бүлө болот экен деп эч качан ойлобогун. Түшүнүктүүбү, ата?!

Атамдын муруту сербейип, өңү кумсара баштады. Таяк кармаган колу калчылдап, буттары титиреп турду. Энем каруусунан алып төрдү көздөй жетелей берди. Атам мүдүрүлүп барып жыгылып кетти.

– Жалгыз кызымдан уккан сөзүм бул болсо, жаттан көрөр жакшылыгым кайсы?! О-о жараткан, жаман бүлөгө кор кылбай аманатыңды тарт.

Атам ушул сөздү күбүрөдү да, деми буулуп, маңдайынан тер чыпылдады. Ал бир топ тынчтыктан кийин гана аз-аздан эсине келе баштады. Анан колу-башын ушалап олтурган энеме көзүн жашылдантып:

– Кызың кайда?

– Ар жакта олтурат.

– Чакыр.

– Мына мен, айта бериңиз.

– Атаңа айтар жообуң барбы? Бул менин сенден сураган биринчи да, акыркы да сөзүм, Гүлкан?

– Ак менен караны ажырата билген эстүү киши да өз баласынын өзөгүнө өрт коёбу. Сиз да ушундай кара ниет экенсиз ээ, ата?!

– Көп күттүрбө балам, кандай жооп айтасың?

– Хайыр, болбодуңуз ата, каалаганыңыз Сапар болсо барайын. Бирок баары бир аны менен турбайм, акыры кетем. Ушуга макулсузбу?

– Кетем дейсиңби?! – Атам мыскыл күлдү.

...Өпкө-өпкөмө батпай солкулдап ыйлап жаттым. Айла канча, күчүмдү көз жашыма чыгардым. Жакшылыктан үмүтүм биротоло үзүлдү. Сулайманга болгон наристе сүйүүм, капаска түшкөн алсыз торгойдой үмүтсүз чулдурап жатты... Үйдөгүлөр мени качып кетет деп чочулаштыбы, мурдагы планын ошол замат өзгөртүштү. Алар Шааркан жеңемди Сапарга жиберип, бүгүндөн калбай ЗАГСка турушсун деп айттырышыптыр. Мени шаардан кайра алып келишкендиги жөнүндө, булар жан кишиге билдиришкени жок. Саат он ченде мени тажеңем менен Шааркан, Сагалы абамдын үйүнө баштап киришти. Биз киргенде Сапар үйдө аркы-терки басып туруптур.

– Саламатпы, Гүлкан! – Мени көздөй өзүн таштады. Кыпкызыл болуп шишимик тартып чаалыккан көзүмө делөөрүй карады. Эмнеге мындай (ал чочулап сүйлөдү), ооруп турасыңбы?

Көзүм көзүнө октой кадалды.

– Жеңе, эгер Гүлкан мени каалабаса бекер дүрбөп жүрбөйлү?

Сапардын бул сөзүн угуп жандана түштүм. «Намыссыз, мен сени эч качан сүйбөйм, сүйгөнүм башка, билесиңби ошону», – деп айта жаздап барып токтодум. Атамдын сакалы ылдый кулаган көз жашы көз алдыма келди. «Мени сыйлап, аталыкка санасаң айтканымды аткар. Сапарга бар, балам. Болбосо ыйлап туруп, тескери батамды берем, көшөгөң көгөрбөй калат» деген сөзү кулагыма кайталап угулгандай болду.

Шааркан шаңкылдап сүйлөдү.

– Кичине кыз менен телефон аркылуу сүйлөшкөндө бардыгы ачык айтылган. Сен үчүн, сени сүйгөн үчүн

келди да мында. Койчу айланайын Сапар, ой жоруган сөздү айтпай. Бул сөзүң мага жакпады күйөө. Кыздын кабагынын шишип калганына ошентип жатсаң керек. Э ботом, кайсы кызды көрдүң эле, атасынын төрүнөн ыйлабай чыккан. – Жеңемдин каратып туруп калп айтканына айран-таң калдым. Турмушта ушундай кишилер да болот экен ээ…

Мен бул иштин жай маанисине кийин-кийин түшүндүм. Сулайман экөөбүз ата-энеден руксат сурап жазган баякы каражолтой кат ушул иштин башталышына түрткү болуптур. Катты адегенде энем атама окуп берет. Сулаймандын «Бадахшандык» экендиги жөнүндө жазылган сөз булардын жүлүнүнө кадалган октой болот!

– Кыргызстандан киши табылбай, Тажикстандан тааптырбы, – дептир атам мурутун сербейтип. – Ишибиздин оңолуп, кызыбыздын кыйын чыкканы ошол.

Анан Сагалы менен Шааркага буйра сүйлөйт.

– Кучкачтай болгон бир кызга алыңар жетпей калдыбы. Эч кимге билдирбей, мени өлдү деп дилгирем жибергиле. Касыйга кабар кылгыла, дилгирем барары менен Гүлканды бул жакка алып жөнөсүн. Жалгыз баламдын сөөгүн Нургапта калтыра турган алым жок…

Биздин үйдөгүлөр менен Сапардын энесинин сөзү башынан эле бир болучу. Алар Салкынды чакырып алып, болгон ишти ачык айтышат. Адегенде бүркөлүп олтурган аял, менин келеримди укканда күлүп жиберет. Атамдын колунан тура калып өбөт.

– Сапарды маа койгула Жаке, ансыз деле Гүлканды жакшы көрөрүн билем. Гүлканым колума буйруп тийсе, өз жаныма жакшы болор эле. Канча айткан менен колдо өскөн өз бала да. О-о жараткан, маанайымды пас кыла көрбө…

Булар Сапарга билгизбей туруп, ишти чукулунан баштоого убада кылышат. Негизги шылтоо атамдын ден соолугуна байланыштуу жүргүзүлүптүр.

Шааркан эшикке чыгып, үйүн көздөй түшкү тамакка өтүп бараткан Сапарды көрүп, астын тосо басат.

– Сапаштын бетинен өөп, салам айтып кой деген бирөөнүн аманаты бар эле.

Сапардын көзү Шааркандан өтө жалжылдайт.

– Саламат болсун, жеңе, ким экен, айтсаңыз?

– И, кечинде кыз менен сүйлөштүк. Кайта-кайта эле сени сурайт.

Сапар Шааркандын сөзүнө ишенип калат. Гүлкан мени сүйөт экен да, болбосо өөп кой деп жеңесине айтат беле. Кайдан жүрүп сени ушунчалык жакшы көрүп калдым экен».

Сөздүн күчү оңой эмес окшобойбу. Ошентип, Сапардын мен деп соккон дилгирлүү жүрөгүн ого бетер асманга учуруп, жаш көңүлүн жайлантышат.

Жер-сууга батпай толкундап турган Сапарды атам кечинде жанына чакырып алып, ден соолугунун күндөн-күнгө начарлап бараткан бетине кармап мындай дептир:

«Бир топ күндөн бери ар кайсыны, өткөн кеткенди көп ойлоп санаачыл да болуп кеттим. Маркум Жусупбек жигиттин гүлү эле. Гүлдөп турган кезинде жок болуп кетти. Мен андан улуу болгонум менен асылкечтен артык элек. Бир тууган бул жакта калсын, ата-баладай ынтымактуу болучубуз. Эртең согушка жөнөймүн деп жатканда, ары сенин жентегиң деп элден бата алганы, ары ага-тууган менен коштошкону айыл-апаны чакырып тамак берип калды. Тамактан кийин эшек дарбыса кошо дарбыйт болуп, эл менен чогуу тополоң түшүп, кепичимди кийип жатсам «Жаке, жеңем экөөң кайда шашып жатасыңар. Кетээрсиңер, олтуруп тургула. Айтар аманатым, кеңешер кебим бар» деди. Ата-а, айтса-айтпаса төгүнбү, деп өзүмдүн шашмалыгыма уяла түштүм. Эл кеткенден кийин кобурашып эт бышымга олтурдук. Сенин төрөлгөнүңө ошондо үч-төрт күн эле болсо керек.

Кызыл эт балапандай кылып, сени Жусупбек жылаңач этине салып, бооруна басып олтурду. «Уулум менен жыт алышып кетейин деп жатам, Жаке», – деп жаркылдап күлдү. Кайрылып келип эл-журтту көрөмүнбү, көрбөйүмбү, ким билет. Сапарым атасыз өсүп калмак болду. Сакин болсо турмуштун ысык-суугун көрө элек, али жаш. Ушул эки жетимге көз кырыңызды сала жүрүңүз. Өлбөй тирүү келсем жакшылыгыңызды билермин, өлүп калсам айла жок. Сапашыма өлөк-жөлөк боло жүрүңүз» деген эле кайраным.

Жусупбек айткандай өзүңө өлөк-жөлөк болмок турсун, биротоло ата болгону олтурам минтип. Энең бардыгын айтты, бардыгына түшүндүм, Сапаш. Менин сөзүмдү да уккандырсың өзүң. Гүлкан эртең келсе эртең, бүгүн келсе бүгүн убакытты бекер созбой кол кармаштырайын деп турам. Бул тилегимди кандай дейсиң балам, оюңду айтчы?

Атамдын аталык мээримине чексиз ыраазы болгон Сапар, ойдо жок жерден чыккан мындай сөзгө, тура калып эки колун бооруна алып, башын ийип өзүнүн макулдугун билдиргендей болот.

– Болуптур, Сапаке, камыңды көрө бер, – дейт атам, анын чекесинен өөп...

Бул жөнүндө мен кийин уктум дебедимби.

...Айланада эмнелер болуп жаткандыгына түшүнбөдүм. Мени үйдөн алып чыкканда Сапардыкына алып барышат деп гана ойлодум. Бирок андай болгону жок. Түз эле селолук Советтин конторасын көздөй бет алдык. Сапар экөөбүз бир топ кишинин узатуусунда үн катпай жүрүп олтурдук. Сельсоветте олтургандар биздин келерибизди билишет окшойт. Орундарынан тура калышып, мээримдүү тосуп алышты. Никелешүү башталды.

Гүлканды сүйөсүңбү, Сапар?

– Сүйөм. Эгер сүйбөгөн болсом никелешүүгө келбейт элем да.

– Сенчи, Гүке?

– Кызык сүйлөйсүң да, кыздан сурабай эле жазуучуңду жаза бербейсиңби. Заабадай болгон абаларынын алдында, сүйөм деп кантип айтат. – Жеңемдин сөзү өкүм чыкты.

Жумушум бүттүм. Сапар законду́у күйөөм болду.

– Сапар, – дедим селолук Советтин конторасынан чыгып баратып, – болору болду, мөрөй сеники. Бирок менин бир өтүнүчүмдү аткарарсың?

Жүзүмө жалдырай эңиле карап алып, колтугумдан алды.

– Эмне деп айтарымды да билбей турам. Ушундай да бактылуу мезгил болот экен ээ. Бүгүндөн баштап, ар дайым сенин эркиңдемин. Кандай тапшырма бербегиниң, Сапарың дайым даяр.

– Ата-энеге таянып жүрүп акыры максатыңа жеттиң. Биздин бүгүн Фрунзеде үйлөнүү тоюбуз өтмөк. Кыянаттык кылдың, кара ниет экенсиң!

– Антип айтпа, Гүкөн. Балким тамаша кылып жаткан чыгарсың. Бирок мындай жагымсыз сөздү ойносоң да, экинчи кулагыма угузба. Сүйгөндүгүм үчүн күнөөлөсөң өзүң бил. Кечирим сурайм.

– Кечирбейм го, Сапар!

– Кечиресиң, алтыным, кечирбегенде кайда барат элең. Айтайын деген сөзүңдү айтчы?

– Шаарга телеграфка барып келели.

– Ошол элеби?

– Ошол эле.

Гүлкан экөөбүз шаарга барып келели деген Сапардын өтүнүчүнө ата-энем көнбөй жатып, акыры жеңемди кошуп беришти. Телеграфка келгенде калтыраган алсыз колум менен мындай деген кыскача телеграмманы жаздым:

«Фрунзе шаары, Сахалин көчөсү...

Бакиров Сулайманга

Гүлкан күтүлбөгөн жерден кечээ каза болуп, бүгүн жайына коюлду.

*Сапар*».

– Ме, муну жибер, – жазылган телеграмманы колуна карматтым. Сапар чок басып алгандай секирди.

– Ушул да кеппи. Деги эмне деп жазгансың? – Сапар теңселе түштү. – Башкача берүүгө болбойбу? Эч нерсеге түшүнбөйм...

– Кара ниеттикти жасаганды билген киши, андан аркысын да жасайт. Өзүм руксат бергенден кийин жибере бер. Болбосо өзүм жиберем.

Өңү өчкөн Сапар телеграмманы жиберүүгө аргасыз болду...

Биздин үйлөнүү тоюбуз бир жумага чейин эки үйдүн ортосунда салтанат курду. Жумуштан кийин чакырылган жаштар биринен сала бири чубашып келип жатты. Келгендердин арасынан издегеним Ажар. Жанараак Шааркан жеңемди чакырып алып, экинчи жолу жиберткен кишим кайра келди. Ажар үйүндө жок экен. Колхоздон биротоло бошонуп, Рыбачьедеги эжесиникине кетиптир.

Эрдимди кесе тиштедим, каңырыгым түтөп, ичимден сыздап турдум. Өзү эле жарыла жаздап araң турган жаралуу жүрөгүм Ажарды эстеген сайын ыйлап да, сыздап да жатты.

– Жөн эле айтылган сөз болуп жүрбөсүн. Ажарды кечээ эле түшкө жакын көчөдөн көрдүм эле, – деди олтургандардын ичинен бирөө.

Колхоздун талаачылык бригадасынын бухгалтери көөдөнүн кере сүйлөдү:

– Расчет ала элек. Бирок колхоздон кетерин кетти. Башкарма арызына кол коюп мага берген.

– Качан?

– Сапар менен Гүлкан «Бакыт үйүнө» кайсы күнү барышты эле, ошонун эртеси...

Анан олтурган жаштар эки-экиден күбүр-шыбыр боло баштышты. Алардын сүйлөшүп жатып, Сапар экөөбүзгө алдыртан алмак-салмак кадалган көздөрү мага жагымсыз да, көрксүз да болучу.

* * *

Санааркап жүрүп жүдөп кеттим. Кууралдай болуп арыктадым. Баягы кыз кезимдеги шайыр күлкүм, жайдары мүнөзүмдүн бирөө да калбады. Бардык оюм Сапар менен ажырашуу, ачык түрмөгө окшогон ушул жагымсыз үйдөн кутулуу...

Фрунзедеги таякемдин мени менен теңтуш кызы бар. Ал экөөбүздүн жолдоштук мамилебиз жакшы болучу. Ага Сулаймандан кабар алып бергин деп жазган катыма жооп келиптир. Сулаймандын аты жазылган бул кат жүрөгүмдөгү дартты жеңилдетмек турсун, кайгыга кайгы, күйүтүмө күйүт кошкондой болду. Ал бардыгын жазыптыр. Мени өлдү деп берилген телеграмма Сулаймандын жалгыз керт башын эмес, бүт үй-бүлөсүнө кара кийгизип, кан жуткузуптур. Биздин үйлөнүү тоюбузга карата Сулаймандын ага-жеңеси, эже-карындаштары, жолдош-жоросу болуп бир топ киши келишиптир. Өлгөндү угуп, ыйлап-сыктап бүткөндөн кийин күйүттөн баш көтөрө албай боздоп-какшап жаткан Сулайманды кантип соороторун билбей олтургандардын айласы кетет. Акыры күйүттүү күйөөнүн өтүнүчүн угуп, бардыгы макул болушат. Алар Сулайманды алып биздикине барып, ата-энеме көңүл айтып, мага бата окуп келишмекчи болот. Биринчи аракет Сулаймандын мен деп соккон армандуу жүрөгүн суутуу экен. Булар ошентип жолго камынып жаткан кезде менин теңтуш кыздарым Сулайманга келген жоболоңдуу телеграмманы көтөрүп алышып институтка барышат. Капысынан келген бул кабар ал жердеги коллективге да дүрбөлөң салыптыр. Алар институтка кабар келбегендигинен кооптонушуп, ошол замат селолук Советтин председателине телефон чалышат. Андан алар менин өз каалоом боюнча сүйгөн жигитиме турмушка чыккандыгым жөнүндө жооп алы-

шат. Буга анчалык ишене бербеген биздин деканыбыз Гүлкандын өзүн телефонго чакырып бергиле деп талап кылыптыр. Алар менин ордума кимдир бирөөнү алып келип сүйлөштүргөн имиш. «Сапар менин орто мектепте окуп жүргөн кезимде сүйлөшүп жүргөн жигитим болучу. Орто жолдо бузукунун тилине кирип, Сапарга таарынып, Сулайманга турмушка чыгууга намыс-күчүмдөн, андан өч алыш үчүн макул болгомун. Бирок Сапар мен ойлогондой, мен уккан сөздөрдүн бирөөнө да окшобой чыкты. Өз сүйгөнүмө кеткендигим үчүн Сулайман капа болбосун, кечирсин мени» дептирмин. Ошондон кийин анын Ысык-Көлгө баруусуна эч ким макул болбоптур, руксат бербептир... Мен каттан ушуну окудум.

– Желмогуздар, бузукулар, каракчылар, – дедим өкүрүп ыйлап. Баарынан да анын Салиманга үйлөнгөнүн угуп өлүп кете жаздадым. Мен Сулайманды эч кимге ыраа көргөнүм жок. Ич тарлык кылдым, күнүлөдүм. Менин Сулайманыма барып, бактылуу болгон теңтушума көралбастык кылдым. Эмнеси болсо да, бактысы тоодой кыз экен. Мен башка күйөөгө барып, Сулайман ошону алат деген кимдин оюнда бар эле. Өлүп ажырашпасак, тирүү ажырашпайбыз дечү эмес белек. Анан эмне болду?!.

Бардыгына мен өзүм күнөөлүүмүн. Жок, жок, мен эмес, ата-энем күнөөлүү, анан Сапар күнөөлүү. Ооба, Сапар болбосо Сулайман экөөбүз кайдан ажырашат элек. Оо, Сапар, сен Сулайман экөөбүздүн ортобузга чыккан тикен болдуң го.

Мен колумдагы катты мыкчый кармаган бойдон талып калыптырмын. Арадан канча убакыт өткөнүн билбейм. Карасам Сапар мени алдына алып олтуруптур.

Менин кебетемди көргөн энем да өкүнгөн сыяктуу.

– Курган балам ай, – дейт оор үшкүрүп, сенин мынчалык болоорунду кайдан билдим. Көп эле кыздар күйөөгө өз ыктыяры менен чыкпаса да тез эле алынышып кетет экен. Асты сага окшогон көк бетти ким көрүптүр.

«Гүлкан начар келин чыгып калды. Сапардын шору бар жигит экен» деген сөздү укканда өлөт экенсиң. Жаман ниетиңден кайра тарт, кулунум. Сапар өңдүү күйөөнү төгөрөктүн төрт бурчун төрт айлансаң да таппайсың. Сен кызыбыз болсоң, Сапар уулубуз болуп учубуз узарат дедик эле. Жок дегенде кайын энеңди сыйласаң боло. Сенин жаман-жакшыңды билгизбей жууп-чайып, мамыр-жумур кылып олтурган ошол. Оо, шордуу арам, жалгыз баласынын колуктусунан сый көрбөйт деген эмне жакшылык болсун. Атаң тигинтип орто жолдо жатат. Сапаш келгенде энеңерди ээрчитип алып биздикине барып тамак ичип келгиле. Догдур үйгө чыгарып бергенден кийин анын мал болбогону ошол. – Энем ыйлап кетти.

«Сулайман болгондо атам өлбөйт эле» деп ойлодум.

Ушул эшикти келин болуп аттап киргени Сапар менен чогуу басып көчөгө чыга элекмин. Ал бир жакка барып келели десе эле, ошол замат же менин ичим, же тишим, же башым ооруп калган болот. Ошентип эч жакка барбай калабыз. Кетирген кемчиликтеримди көрүп турса да «мурдуңа муз тоң» дебейт. Көрсө көрмөксөн, билсе билмексен. Айтор Сапардын мүнөзү менен ички сырын билүү өтө кыйын эле. Анын мага кылган мамилесин көрүп туруп терең ойго кетем. «Бул бир болсо ашкан акылдуу жана көтөрүмдүү, же барып турган арсыз, ысык менен суукту бирдей деп түшүнгөн акмак» деймн.

Сапар мурда ар дайым жадырап-жайнап күлүп жүргөнүн байкар элем, Өмүрүндө кабагын бүркөп, бирөө менен жаман-жакшы айтышып жеңилбейт го деп ойлочумун. Бирок кийинки учурларда мунун жарашыктуу жайдары мүнөзү чөгүңкү, шалпысы бош. Оозуна ачкыл албаган Сапар кээде ичип келүүчү болду. Ал балким, өз дарты өз ичинде болуп, өз махабатынын азабын өзү тартып жүргөн чыгар, ким билсин.

Сапар иштеген ишине байланыштуу көп убактысын талаа-түздө өткөрөт. Үйгө кээде абдан кеч кайтат. Би-

рок мен үчүн анын эрте келгени менен кеч келгенинин айырмасы жок эле.

Энем айткандай «кирпигиме кир жугузбай» жууп-чайыган кайын энем. Кеч жатып, эрте турат. Үрүл-бүрүлдөн туруп уюн саап, анан аны бадага кошуп, сүтүн тартат, айран уютат. Мен турганча үй ичин жыйнап, короо-жайын сарамжалдап коюп, самоор коюуга шашат. А мен болсо жалган түштө да жалынтып-жалбартып жатып араң турам. Менин кеч турганымды эрөөн көрмөк турсун, өзөгүңө кан уюду деп капааттанат.

Түшкү тамак да биздин үйдө саатка карап бышырылат. Мен ички үйдө китеп окуп олтурат элем. Кошуна аялдын үнү кулагыма шак дей түштү.

– Байкуш Салкын, шоруң көп ургаачы экенсиң. Эртеден кечке элеңдеп жумушуң бүтпөйт сенин. Келиндүү болуп учуң узарат десек, түйшүгүң көбөйдү го курган неме. О-о, баласы да куруп калсынчы, эненин кадырын билгенче качан. Сыягы, Сапардын камчысы бош болсо керек. Ошон үчүн келиниң...

Кайын энем калтаарый түшкөндөй болду.

– Эмне дегени турасың. Балдарымдын оокатын жасабаганда атамдын башыныкын жасаймынбы? Гүлканым жаныма күйүмдүү. Бекер жаманаттылаганың жакшы эмес. Бул өңдүү кыздар күйөөгө чыкпай алчаңдап окуусун окуп, атасынын төрүндө жүрөт. Уктап уйкусу кансын. Оокат керек болгондо экөөбүздөн сурабай эле жулунуп өзү турат. Мындан ары мындай жагымсыз сөзүңдү кулагыма угузба кошуна. Иччү чайыңды сыйың менен жөн ич. Гүлканым укса капа болот.

Аял тайсалдап калды.

– Жөн эле, жамандык ойлобой айта салдым эле, кечирип кой.

Ал чыгып кеткенден кийин кайын энем үстүмө кирди.

– Астыңа кетейин жаман күңүм, кайпактап жүрүп түшкү тамакты да кеч бышырып калдым. Жүрү балам,

тамак ичели. Сапашка күткөнүбүз менен эзилип кетчүдей. Курсагың ачты го.

Кайын энеме биринчи жолу боорум ооруганын билдим.

«Байкуш эне, сенде эмне жазык. Бүлөм бүлө болуп, шаар бараан болуп кетсе дегенден башка эмне жамандыгың бар». Тамак ичип жатып азып кеткен эненин мээримдүү көзү көзүмө кадалды. Жүрөгүм ысып, көңүлүм жибий түштү. Аны менен эне-балача сүйлөшүп, көңүлүн көтөргүм келип кетти. Бирок эмнени сүйлөп, сөздү эмнеден баштоо керек.

– Энеке, айтыңызчы, атам айыгар бекен? – Мен ага «энеке» деген сөздү биринчи жолу айттым.

Кайын энемдин Сапардыкына окшоп кирпиктүү, бакыракай сурмалуу кара көздөрү балбылдап кетти.

– Кудай сактасын, балам! Жакшы болуп калар. Тамагыңды суутпай иччи, каралдым. Куданын аман турганы бизге да аттай арка, тоодой бел эмес беле. Айла жок, атаганат, дагы бир беш-алты жыл туруп берсе жакшы болбойт беле. – Жашып барып чыйрала түштү. – Байкуш Сапарды атадан кудай айткан эмес белем!

Күн кечтеп калды. Эшикке токсон чыгып, токсон кирдим. Эртең мененки энемдин сөзүнөн кийин атамды ойлоп тынчсыздана баштадым. Сапарды күтпөй эле кайын энем экөөбүз баруудан үйдөгүлөрдөн жазгандым. «Сапар келсе артыбыздан барар, экөөбүз бара берeличи, Гүлкан» деген кайын энемдин сөзүнө болбой койдум. Анткени Сапар менен чогуу барганым мен үчүн эмес, ата-энем үчүн жакшы эле да. Атамдын көңүлү көтөрүлүп калсын деп ойлодум. Алар Сапарды менден да жакшы көрүшө тургандыгын жакшы түшүнөм.

Мурдуман күтүлбөгөн жерден өлүмдүн кайгылуу жыты келгенсип көңүлүм тынчсыздана баштады. Атамдын мага кылган кара ниеттиги, жалбыракка түшкөн күзгү кыроодон бетер уламдан-улам жүрөгүмдөн эрип

бараткансыйт. Чиркин ай, балага ата ошон үчүн ыйык, ошон үчүн кымбат беле. Чуркап барып көкүрөгүнөн кайра-кайра жыттап, кайра-кайра өпкүм келди. Ата мээримин көксөп, ага болгон балалык кумарлануумдун чектен чыга ашынып тургандыгын билдим. Короо жактагы терезенин пардасын ачып, бир демге тышты колум менен калкалап карап турдум да кайра жаптым. Эч кимдин караанды да, дабышы да билинбейт.

– Эмне эле кайра-кайра карап жатасың, балам?

– Сапарды көрүнөбү десем жок. Капырай эне, уулуңуз мынча эмнеге кечикти, – дедим алыстан чыккан кандайдыр аттын дабышына кулак түрүп. Менин ушул берген суроом, Сапарды күтүп тынчсыздануум ага канчалык таасир бергенин билбейм. Айтор, анын көптөн бери убайымда жүргөн муңайыңкы жүзүн бир заматта кубанычтын толкуну басып кеткендей болду. Муун-жүүнү бошоп, алтымыш эки тамыры эрип бараткандай үнү каргылдана чыкты.

– Сапар дейсиңби, каралдым? Сапар деп айткан оозуңдан тегеренип кетсин энең! Ал, тамак иччү тегерек столдун үстүндө идиш-аяктарды чала жыйыштырган калыбында, суу жоолук кармаган колун столдун үстүнө койду. – Келе турган убагы деле болуп калды го. Агроном дегени да азаптуу жумуш турбайбы. Курган баламдын же кышта жаны тынсачы, же жазда жаны тынсачы. Төтөн күркүрөгөн күздө күчөйт тура иши. Апийими да бир жактан кычап кирди. Жана бригадир келип: «Кол жетишпей жатат, жардам бербесеңиз болбой турган», – дейт. «Келим-кетимди көрүп турасың, келин болсо жаш, быйылча жумушка чык дебей коё тур»,– дедим. Кыңырылып туруп бастырып кетти. Апийимдин быйылкыдай сүт бергенин колхоз колхоз болгону көргөн жок элек, деп мактап жатышат. Айла жок. Атаганат, баладай багып, кулагынан чоюп өзүм өстүргөн участканын түшүмүн жыйнап берсем жаман болбос эле. Сапашымдын күнү-

түнү чапкылап жүрүп кылган эмгегин талаага кетирбей кол кабыш кылсам кана?..

– Атамдын абалын көрөлү. Жакшы болуп, бери карай турган болсо, элге жаман көрүнүп кереги жок. Мен сизге жардам берем эне.

– А жардамыңдан тегеренейин. Сени көк муштум кылып, үрүл-бүрүлдөн тургузуп, шүүдүрүмгө чылантып иштетпей калайын. Барсам өзүм барармын, балам. Барбасаң да барам деп, көңүл улап койгонуңа төбөм көккө тийди.

Эмнеси болсо да Сапардын энеси жөнүндө көп ойлонуп калдым. Чындыгында эле кайын энем кадырлоого татыктуу жакшы ургаачы да.

Тыштан аттын дүбүртү чыгып, шылдыраган суулуктун үнү угулду. Эшикке кандай атылып чыкканымды билбейм.

– Сапаш, сен бүгүн мынча эмнеге кечиктиң? – Бул менин Сапарды күтүүдөгү биринчи суроом эле.

Көздөрү жайнап, жүзү албырып кетти. Чылбыры чубалып колунан түштү. Кучак жая мени көздөй умтулду. Жаш балача мени жерден таптак көтөрүп алды.

– Мени чын эле күттүңбү, жаным? – Көздөрүмдөн алмак-салмак өпкүлөдү. Көзүмө Сулайман элестеп кетти. Сапардын ушул жолку сөзү да, үнү да Сулаймандыкына окшош эле.

Мен ага ыктала бердим.

– Атама барып келелик. Энем экөөбүз сени абдан күттүк.

Бул кеч Сапардын биринчи бактылуу болгон күнү эле.

Ошондон кийин тез эле атамдын оорусу катуулай баштады. Жашылданган көздөрү өлүңкү, өңү купкуу болуп, эриндери кеберсип, бут серппей мемирөөдө. Таң сүрүп калган ченде көзүн ачып, айланасын дыкаттык менен бир сыйра карап алды да:

– Бул олтурган ким? – деди Сапарга тигилип.

– Мен, ата, Сапармын.

– Сапарсыңбы? Ата деген оозуңдан айланайын. Гүлкан кайда?

– Мен мында, ата.

– Атаң астыңарга кетер бекен экөөңдүн. Мен силерди убара кылдым ээ. Күн чыга элекпи?

– Таң сүрүп калды.

– Гүлкан!

– Ии.

– Сапар экөөң ынтымактуу болгула, балам. Салкынды сыйла, кулунум. Өлгүм келген жок эле, бирок ажал алкымдан алды. Экөөңдүн кубанычыңардын келечегин көрбөй кеттим. Баланын баласы балдан таттуу дечү эле, ошол арман. – Атамдын үнү каргылданды, ыйлайын деп ыйлай албай койду. – Жетимиш жылдык өмүрүм бактын түбүндө асмай тартым көлөкөлөп олтурганчалык көрүнбөй кетти го. Дүнүйө жыйып, мал таптым. Колума эмне кармап баратам! Бир чымындай жаныма аралжы боло турган ошол дүнүйөбү. Атасынын көрү, жарыкчылыкта бир келип кеткен мейман экенбиз. Ыйлашпай сыйлашып өткүлө. Эл үчүн иштеп, ак эмгектен баар тапкыла, балдар. Арам ашты оозунарга салбагыла. Бир үйдө байкуш кемпир жалгыз калды. Ошол энеңди... Сапар... Гүлкан энеңди... Энеңди балдарым! Атам энемдин колун өзүнө тартты. – Жакшылыгыңдан башка жамандыгыңды көрбөдүм, байбиче. Көңүлүңдү оорутуп, катуу айткан сөзүм болсо кечирип кой. Мен сага ыраазымын. – Энемдин колун кыса кармап, анан акырын оозуна алпарды да, аймалап өөп, кумарлана жыттап жаткандай болду. – Байкушум, жаныңды бак.

– Мен да сага ыраазымын, Жакып. Эгер мени сыйлап, мени сүйө турган болсоң, мында көпкө калтырба. Алың жетсе ала жат! Сенден калып көргөн күндүн, сүргөн өмүрдүн кереги жок. Сен жер астында куурап жатсаң, менин жер үстүндө дуулаганым курусун. – Энем өпкө өпкөсүнө батпай солуктап ыйлап жатты.

Атам баарыбыз менен бир сыйра коштошуп чыкты. Сапар экөөбүздү алмак-салмак чакырып алып маңдайыбыздан ылбыраган жансыз муздак эрди менен кайра-кайра өптү. – Акыркы коштошконубуз ушулбу, балдарым? Атакөйү жамандар, карыган жаман атаңарды өлөт деп ыйлап жатасыңарбы? Ый кара жерге кирсин, кайраттуу болгула. – Энемди кайра чакырды. Энеңер жаныма келсинчи. Эми силер менден обочорook...

Энемдин жанакы айткан сөзү жагымсыз угулду. «Мени сүйө турган болсоң» дегени кызык. Кудая тобо, бала-чакасынын көзүнчө энемдин жазганбай айткан сөзүн кара! Буга чейин мен буларды сүйүүдөн кабарсыз, жөн гана бири-бирин сыйлашып келаткан катардагы эрди-катындардын бири деп ойлочумун. Көрсө, сүйүүнүн да адамдын адамкерчилигине жараша өмүр бою өчпөй, картайганча канында сакталып калуучу касиети күчтүү ушундай жагы бар турбайбы.

Бирок мен күлгүндөй жаз кезимде мындай ыйык энчиден жайдак калган жаралуу көгүчкөнмүн. Оо, айланайын ата, ардактуу эне, өзүңөр даамын таткан бул бактыдан мени кантип куру калтырдыңар экен?..

Атам жан таслим кылгандан баштап, үн баспай ыйлаган Сапар эртеси сөөгүн жайына коюп келгенге чейин боорун жерден алган жок. Өлүккө киргендер тыштан Сапарды көрүп ыйлашса, ичтен энем менен мени көрүп көздөрүн шыпырып жатышты. Келген кишилер өлүккө ыйлабастан, анын бала-чакасынын көз жашын, көкүрөк дартын көрүп, анан бошойт тура.

Сапар тез эле шапайып, өңүнөн азып кетти. – Капырай, кайын атасына катуу күйдү. Күйөө болсо ушундай болсун, – деген сөздөр дүрүлдөйт.

Атамдын жетилигин белгилеген күндүн эртеси энем мага руксат берди.

– Гүлкан үйгө барсын, Салкын кудагый. Өзүң жумушта болсоң, жакшы эле олтурду. Жакыбалыны ыйлагандан

тапсак, эмгиче табат элек. Эки үйдүн ортосу карыш жок, келип-кетип турар.

Мени үйгө алып баргандан бери Сапар менен кайын энем мурдагыдан бетер өмөчүктөп, үстүмө үйрүлүп түшөт.

...Бүгүн күндөгүдөн кеч ойгондум. Үйдө дымыр эткен жан жок. Тышкы үйгө чыксам электр плитасында коюлган чоң чайнек алы-жаны калбай бакашака түшүп кайнап жатыптыр. Жаңы саалган сүттү муздак сууга салып койгонун байкадым. Тегерек столдун үстүндө бизге арналган тамак-ашын даярдап, үстүн ак суу жоолук менен жаап коюптур. Сүткө көптүрүлгөн акталган таруунун жанында колго бышырылган бир чай чыны каймак турат. Бул менин бала кезимден жакшы көргөн тамагым боло турган. Сапар эки көтөрмөнү колуна кармай киргендиктен, эки үйдүн уюн бадага кошуп келгенин билдим. Ал мени көрө сала эркелете сүйлөдү:

– Келчи, эркем, аттанар алдында жакшылап туруп бетиңден сүйүп, бек кучактап алайын.

Боюма жуутпай көкүрөккө түрттүм.

– Тамагыңды ичип, жумушуңа жөнөбөйсүңбү. Деги менин ал-абалымды түшүнөсүңбү. Сага тамаша керек.

– Түшүнөм. Бирок өлгөндүн артынан өлгөндү көрдүң беле. Сени тамаша кылып табалагандай душманың эмесмин го... Абалыңды көрүп турам. Түшүнөм. Сага кыйын болуп, мага жеңил дейсиңби. Деги мени жакшы көрсөң мокочонун баласындай эле көрөсүң ээ. Атам өлгөнчө мен өлсөм жакшы болмок. Анда сенин багың ачылат эле. Багыңды байлаган мен болуп турам.

– Өзүңдү бактылуумун деп турасыңбы?

– Бактылуумун!

– Бактысызсың.

– Эмне үчүн?

– Мени сүйгөндүгүң үчүн.

– Антип айтпа, Гүлкан. Мен сени сүйгөндүгүм үчүн өзүмдү өзүм эч качан күнөөлөбөйм. Көп кыздардын

ичинен сени тандап сүйгөн жүрөгүмө, анан сага өмүрүм өткөнчө карызмын. Ушуну түшүнөсүңбү?

– Мага баары бир.

– Антпе. Сенин кабагыңдын ачылганын көрбөй эшиктен чыгат экен деп ойлобо.

Сапар мени бооруна сыга кучактап, көзүмө тигилди.

– Айт, сүйөм де.

– Коё бер.

– Бир... эки... айт, сүйөсүңбү?

– Кабыргам сынды. Өпкө боорум куушурулуп баратат, өлтүрөсүңбү. – Дагы мурдагыдан катуураак кысты.

– Сүйөм де.

– Сүйөм байке, жан соога. – Ый аралаш күлүп жибердим.

Эй, байкуш Сапар деймин ичимден, анын тулкусун ээрчий карап, «Сурап ичкен суу ичкен, тартып өпкөн жел өпкөн», эмне үчүн сен мынчалык махаббатыңдын кулу болдуң?!

* * *

Апийимдин кеч жетилүүчү сортуна бычак салган күнү кайын энем талаадан өңү түктөйүп, ар кайсы жерим деп онтолоп келди. Таң атканча эти от менен жалын болуп чабалактап чыкты. «Жаны тынбай жүрүп, зорук болуп кеткен го», – деп ойлодум.

Кайын энем жаткан бөлмөгө кирсем Сапар энесинин төшөгүн оңдоп, кайра жаткызып жатыптыр. Мени көрүп кайын энем кейиди.

– Гүлкан, сен да келдиңби, балам. Тынч эле уктай берсеңерчи куурабай. Ансыз деле көзүңөрдүн чарасы толуп, кана уктай элексиңер экөөң тең. Сасык тумоодон кудай алат дейсиңерби мени. Окшошкон ырыстарым, кирип уктагылачы. Сапаш, сен менден коркпочу, балам, эртең эле жакшы болуп калам.

Сапар кайра кирип жаздыкка башы тиери менен уйкуга кетти. Узунду кечке мээ кайнаткан аптапта ат үстүндө жүрүп чарчаса керек. Берки столдо Сапар окуган бир топ газета, журналдардын жаңы сандары баш аламан жатат. Кайын энемдин жанына кийинки жолу чыкканым бойдон уктаганым жок. Көшүп баратып кайра ойгоном. Көзүмдү чоң-чоң ачып, кирпиктеримди бат-бат ирмеп уйкумду бөлгөн болом. Бечара энемдин эмгегин текке кетирбейин деген ой мени апийим талаасына жетелеп тургансыды. Үйдүн ичи сүттөй жарык. Айдын шооласы батыш тараптан терезеге кыйгач тийип, түнкү сапарын аяктап бараткансыйт. Үстүмдөн арта салынган Сапардын салмактуу колун акырын түшүрдүм да, ордумдан туруп дубалда илинип турган сааттын жебесине тигилдим. Кайын энем дайым ушул убакта кетүүчү. Саат төрт болуп калыптыр. Кийинип, кечинде камдап койгон калагымды белимдеги курга илдим. Анан апийимге кеткенимди айтайын деп энемдин жанына кирдим. Тынч алып уктап кетиптир. Мурду менен бат-бат алган демин тыңшап бир аз баш жагында, кроваттын жанында жүүртө басып олтуруп кайра турдум. Бир барак кагаз алып кат жаздым да, энемдин жаздыгынын үстүнө койдум. Бутумдун учу менен дабышымды чыгарбай басып олтуруп, эшиктин алдына келип токтоп калдым. Лампаны өчүрүп койсом бекен деп ойлодум. Жарык болуп турганда жакшы уктай албайм дечү эмес беле. Көзүм кайын энемдин мээримдүү жүзүнө дагы урунду. Куш жүнүнөн жасалган шейшептүү калың матрацтын үстүндөгү кучак жеткис ак жаздыктын ичине чөккөн анын денесин, үстүнө жабылган чүмкөмө шейшептүү атлас жууркан алда кимден жашыргансыйт. Уяда жаткан балапанды көргөндөй жүрөгүм элжирей түштү. Ушул жуурканды каптап, шейшеп кийгизип үстүнө биринчи жолу жапканымды эстедим. «Ракмат, өркөнүң өссүн балам, жакшы төшөккө жаткандан качат белем, оор шейшепти жууйм деп өзүңдү убара болот деп

аяп жатам» деген. Кайын энем ушундан кийин «Сапарга бүлө болуп туруп калды го» деген ишеничте эле. Аны дагы бир жолу көңүлүм толо бир карап алдым да «светти» өчүрүп чыгып кеттим.

Тышка чыкканымда чайкамага салгандай чаңкайган көпкөк асман мөлмүлдөп, жылдыздар суйдаң тартып, чыгыш тарап агарып, таң белгисин бергенсийт. Ар кайсы короодон үн алыша кыйкырган короздордун созолонгон үндөрү угулат. Көчөнүн туш-тушунан адамдардын кобурсобуру, топулдаган буттардын дабышы чыгат. Айылдын орто ченинен мотордун күрүлдөгөн үнү менен аралаш анда-санда берилген автомашинанын сигналы, таңкы соккон сыдырым желге туруштук бере албагандай алда-кайда закымдап учуп кайдадыр сиңип жок болуп жаткансыйт.

Машинанын айланасына топтошуп турган элдин четине жакындай келип, обочо токтодум. Гараж жактан дагы бир машинанын жарыгы көрүндү.

– Түшкүлө, кийинки келгендер тигил машинага олтурушсун, – шофер кабинага кирди.

Кырмачылардын арасынан Шааркканды күлкүсүнөн тааныдым. Машинага түшкөнү жаңы гана кузовго колу жеткен жеңемдин көзүн бастым.

– Күзгүбү, таракпы?

– Жеңем мени дароо тааныды.

– Күзгү, кызыкебай. – Колумду тартып алдым. Аялдар жандана түштү.

– Гүлкансыңбы, балакетиңди алайын?

– Салкын жакшы болуп калыптырбы?

– Энеңдин ордуна келгенсиң го. Ошент садага, – деген сыяктуу чаржайыт берилген суроолор дүрүлдөп кетти.

– Апийим кырганды унутуп калган жоксуңбу, кичине кыз? – Шааркан жеңем тынчсызданды. – Же сенин апийимиңди кырып бүтүп, анан меникин кыралыбы?

– Кантип эле унутуп калайын. Ракмат. Өзүм эле кырам.

– Бармактай кезинде эле апийимди кырып-тилгенди жакшы билет дешчү эле. Унутпаган чыгар. – Жеңемдин жанында олтурган аял мага ишенимдүү карады.

– Кайын энесине кайрымдуу келин болду деп угуп жакшы көрүп жүрөбүз сени. Атанын баласы эмессиңби. Туура кыласың кызым. Салкын да жаман аял эмес. Кадырына жете бил. Ошол сенин күйөөң деп эчен-эчен менменсиген жигиттердин башын аттаган. Салкын эмне, ушул бойдон эле эненин ичинен түшкөн дейсиңби. Кезинде ал да көрмаралдай керилген өңдүү-түстү сулуу келин эле. Маркум Жусупбек Салкынды атынан айтпай Сакин, Сакин деп эле эркелетип тура турган. Атасын тартса Сапар да аялга жаман боло койбос. Иши кылып бактылуу бала экенсиң, жакшы күйөө, жакшы кайын энеге туш болдуң.

– Анын эмнеси жакшы. Ошол Салкынды жаман көрүп калган жайым бар. Баягы жылы колхоздо саанчы болуп жүргөндө, өмүрүмдө бир жолу сүт сурап барсам өткөрүп ийдим деп, бир чыны сүткө жараган эмес. Ошондогу шагымдын сынганы ай. Колхозду байытчудай болгон байкуш, өмүр бою уй саайм деп ойлоду го.

Кайын энем жөнүндө күтүлбөгөн жагымсыз сөздү угуп көңүлүм чөгө түштү.

– Бир кашык сүт үчүн ушуну айтып жатасызбы? Элдин баары менин кайын энемдей телегейди тең санаса, бул колхоздо коммунизм эчак эле курулат болучу.

– Темирендеп кошо айтышканын жарыбагырдын. Бул кебетең менен Салкындын жазасын бергенге жарайт экенсиң.

– Энемдин бизден башка, биздин энемден башка эчтекебиз жок. Сиз көп... – Аялдын улуулугун сыйлабасам, энем үчүн анын катыгын берип коюуга даяр элем. Ичим күйүп калды. Шааркан жеңем капталымдан нукуп алгандыктан унчукпай калдым.

Аялдар аны туш-туштан жаалап кетишти.

Машинада олтурган жаштар жалпы ырдаганга өтүштү. Жакшы ырдалган ыр, жагымдуу күлкү көңүл кирин бир заматта жууп таштады. Апийим талаасынын жанына барып машина токтоду. Шааркан жеңем мени менен чогуу басып энемдин тилген жерин көрсөтүп коюп, өз солун көздөй бет алды.

Айлананын абасын бузуп, адамдын башын айландырган жагымсыз жыт мурунду жарат. Апийимдин бооруна сагыздай болуп узунчасынан жумуру тартып чыпалактай калың турган сүттүү баштар мени күтүп тургансып делебени козгоп, таңкы желге боюн термешет. Иштин алгачкы башталышында калакты кармоого анчалык эбим келбей, колдорум коошпой жатканын сездим. «Элдин эң артында калып уят болот экенмин» деген өкүнүч көңүлүмдү тынчытпады. Бир жактан апийимдин баштары таза кырылбай жатканын көрүп андан бетер камыга баштадым. Бирөө келип көрсө: «Сырьёну коромжулукка учуратып жатыптырсың», – деп наразы болорун эстеп, булганыч, чала кырылган баштарды кайра-кайра кырам. «...Мурда кандай кыруучу элем?» Эсиме аз-station түшүрө баштадым. Барган сайын апийимдин боору таза алына баштады. Азыр эле бушайман болуп камыкканым бир заматта абага көтөрүлгөн буудан бетер көздөн кайым болду. Бара-бара тоңу жаңы эрип бараткан жаш чырпыктай, апийимдин тарактарына манжаларым тийген сайын биринен сала бири чимирилип артта калып жатканын байкап көңүлүм эргигенден эргий берди.

– Укмуштай кырмачы турбайсыңбы, Гүлкан! – жанаша солдогу аял мага күлүңдөп карады. – Айласы жоктон жиберди го сени. Болбосо апийимдин ичине эмес, четине жолотпойт эле. Жакшы болуп кетсин байкуш. Өлбөй жүрүп силердин убайыңарды көрсүн. Кечээ кечке үйүңө кет десек болбой, ушул жерде жанын оозуна тиштеп жүрүп иштеди.

Мени байкаган айланадагылар көргөн көздөрүнө ишенбеген сыяктуу аңкайып карашат.

Шаша басып апийимди кабыл алуучу талаа станына келдим. Эл көп. Кырмачылар биринен сала бири жыйналган сырьёсун өткөрүп жатышты. Кезек мага да келди. Идишимди таразага койдум. Сапар гирдин ташын жылдырып, эки жагын карабаган калыбында.

– Бул кимдики? Идиши менен бир кило сегиз жүз, – деди. Тургандардын бардыгы дуу күлүп жиберишти.

– Тааныбайбыз. Жаңы кырмачы экен.

Сапар башын ылдам көтөрдү.

– Гү-кен! Сеникиби!? – Ыраазы болгондой бажырая тигилди. – Менин Гүкеним, мыкты кырмачы экен го. – Бир заматта эки бети тамылжып, маңдайынан майда тер чыбырчыктады. Ал менин мурда апийим тилип жүргөнүмдү билбегендигиненби же ушул ишке өз көңүлүм менен келип иштегендигимден ошенттиби, айтор кубанычы койнуна батпай турганын байкадым.

Үйгө көңүлдүү келдим. Кайын энем тумчуланган кебетесинде мени эшик алдынан тосуп алды.

– Астыңа кетейин ай, куурадың го. Апийимге кетериңди билгенде жибербейт элем. Шүүдүрүм өтүп ооруп калбагай элең.

– Жаш киши да оорумак беле, өзүңүз жакшы болуп калдыңызбы? Эмне үчүн турдуңуз?

– Жакшы болуп калдым. – Бирок энемдин өңүндө дагы эле кыйналгандыктын белгиси бар болучу.

– Коюңуз, тилимди алып тынч жатыңызчы. Дары ичтиңизби?

– Кантип гана ошончо жерди кырып бүттүң экенсиң, балам. Же бирөө жардамдаштыбы?

– Жок энекебай, өзүм эле. Билесизби, мен укмуштуудай кырмачы экенмин. – Биз үйгө кирдик. – Элдин баары мага таң калып жатышат. Ал эми Сапар болсо... күлүп жиберди. Ал ушунчалык сүйүндү дейсиз.

Энемдин чечекейи чеч болуп, айтарга сөз таппайт.

Ушул күндөн баштап, энем менен Сапардын каршы чыкканынан болбой жумушка чыга баштадым.

Таза аба, көпчүлүктүн арасы кандай сонун. Ыр менен чоор, оюн менен күлкү ошол эмгек талаасынан башталат тура. Көңүлүм көтөрүлүп, сергек тартып кеттим.

Кайын энем экөөбүздүн ортобуздагы эне-балалык сүйүү күн өткөн сайын отко салган болоттой чыңалууда. Мен ал кишиге кантип жакын болуп кеткенимди өзүм да билбей калдым. Ооба, анын ак пейили менен баласындай урматтап аш менен урганын таш менен ургум келген жок. Акыры эне-бала гана эмес, моюнча өскөн асылкеч теңтуштардай болуп кеттик.

Энемдин көңүлү ооруп, жүрөгү күйбөсө экен дейм. Анын ар дайым бойго жеткен кыздан бетер татынакай жарашыктуу, таза кийинип, жадырап-жайнап жүрүүсүн каалайм. Өзү курдуу абысын-ажын, тели-теңтуштарынын арасында жаркырап, кумдун ичинде жаткан алтындын кетигиндей болуп бөлүнүп турса экен деп далалат кылам. Кайын энем менен алынышып кеткенден бери Сапарга да мүнөзүм өзгөрдү. Ага мурдагыдай орой мамиле, жагымсыз сөздөрдү айтпай калдым. Маңдайына бүткөн жалгыз баласынын жүрөгүн ооруттканым, ал кайын энемдин жүрөгүн ооруттканым, Сапарды кейиткеним ал кайын энемди кейиткеним эмес беле. Ооба десеңиз, уулунан башка ал кишинин эмне каралдысы бар. Байкуш асыл энем ай, ошентип биз үчүн жаралган ортобуздагы алтын данакер болду да калды.

Жумуштан үйгө келгенден кийин да жаным тынбайт. Баякыдай кеч туруп, эрте жатуу менден четтей баштады. Колумдан канча келсе ошончолук энемдин жеңилин жерден, оорун колдон алгым келет. Муну көргөн Сапардын төбөсү көккө жетип, мени мурдагыдан да катуу кадырлай баштады.

Огородубуз жакшы болучу. Ичи толгон апорт. Арасында эки түп жайкы алма, бир түп абрикос бар. Ал эми кара карагат менен малинанын шагы ийилип көздүн жоосун алат. Жер жайнаган жемиши туруп бул арадан кандайдыр бир нерсе жетишпегендей көңүлүм коңултактайт. Эмне үчүн минтем? Эмнебиз жетишпейт?

Бир күнү кечинде жумуштан кайтып келатып Павловдордун эшигинин алдынан өтүп калдым. Үйдүн жуп тушуна жеткенде тушагандай токтодум. Кандай асыл адамдар, тим эле гүл дегенди ушунчалык айдаптыр дейсиз, укмуш. Көчө жакты караган терезелеринин алды жагындагы астра гүлдөрү байчечекейдей жайнап көз жоосун алат.

Ошол замат чуркап кирип, анын тумсак жытын жыттап, боорума кыскым келип кетти. Жүрөктөгү жаткан эски жаранын картын бирөө тырмап алгансып калтырай түштүм. Ошол замат ооруканада жаткан мезгилим эсиме кылт этти. Обходдон чыгып баратып жолдошторунун артында калган Сулайман бир учу кроваттан ооп калган одеялды оңдой берип, көз учкунун мага жалт эттирди. Андан кийин тумбочканын үстүндө турган көгүлтүр айнек вазага салынган астра гүлүнө суктана карап турган нянянын көрдүм...

«– Кантсе да жигитиңиз жиберсе керек».

«– Эмне үчүн жигитим?»

Жигитиң деген сөзгө сыймыктанып кеттим.

Няня жаңы гана астра гүлүнүн өмүрү жөнүндө сүйлөй баштаганда «– Гүлкан!» деген Сапардын үнүнөн бакырып жибериптирмин. Күйөөм ыңгайсыз абалда калды. Бир чети мага таң калды.

– Эмнеге мынча чочудуң? Мен байкабай эле...

Жүрөгүмдүн тушун колум менен басып бир демге Сапарды жалооруган, армандуу көзүм менен тиктеп тура калдым.

– Сага эмне болду? – Атынан секирип түштү. Эмне дээримди билбей мукактана түштүм.

– Жүрү кеттик. – Сапар чылбырын сол колуна алып, мени колтуктады.

– Сапаш! Тигил астра гүлүнөн сурап берчи, – дедим.

– Ошол элеби? Башкасынан эмеспи?

– Башка гүлдүн кереги жок. Мага астра гүлүн... Түшүнүп жатасыңбы?

Сапар «түшүндүм» дегендей башын ийкей берип, тигилердин короосуна кирип кетти. Бир аздан кийин колуна кайчы кармаган ак байбиче күлүңдөп бери басты.

– Сапар, бул сенин келинчегиңби?

– Ооба, Надежда Семеновна, таанышып коюңуз.

– Гүлкан...

Үй ээси чоң десте гүлдү колума карматты.

– Мындан ары келип-кетип жүр, кызым. Гүл керек болсо мына. – Келин болуп башыма жоолук түшкөнү мынчалык кубанган эместирмин, кайта-кайта ракмат айтып, Надежда Семеновна менен коштоштум. Мен мындан кийин Надежда чоң эне менен абдан жакын болуп кеттим. Ошентип, биздин үйгө фарфор вазага салынган Астра гүлүнүн дестеси пайда болду да калды.

Келерки жазда бул гүл өзүбүздүн короодо да болот. Анан мен андан каалагандай гүлдестесин жасап, аны улам жаңы гүлдөр менен алмаштырып турарымды эстейм. Ушундан кийин гана биздин огородубузда жетишпей жаткан Астра гүлү экенин билдим...

Кайсы убакта үйгө кирбейин, көзүмө биринчи эле ошол гүлдесте урунат. Анан Сулаймандын арык чырай сөлөкөтү көз алдыма тартылат. Аны менен бирге өткөргөн Фрунзенин жайкы күндөрү биринин артынан бири экрандагы кинонун тасмасындай көз алдымдан тартылып өтөт. Кайра баштан күтүлбөгөн өкүнүчтүү санаалар самсып, жүрөгүмдү чымчылап ар-намысымды козгойт.

Ата-эненин көз жашын көрүп, алардын чабуулуна каршы тура албай торго түшүп берген алсыздыгыма

өзүмдү өзүм жемелеп кетем... эми ойлосом атам акылдуу киши экен.

Күркүрөгөн күз бүтүп, кыш да келди. Биздин колхоз бардык көрсөткүчтөрү боюнча райондо биринчиликти алды. Институтту сырттан окуп бүтүү үчүн которулгандыгыма эки жыл болот. Быйыл кышкы семестрге барганымда Сулаймандын өз районунан келип, Оштун бир ооруканасында башкы врач болуп иштеп жатканын уктум. Өз жеринин абасы бийиктик кылып жакпай, бул жакка которулуп келиптир дешти. Салиман болсо баякы эле мен окуган институтта окуйт экен. Мен аны сыртынан, жакын эле жерден Сапар менен баратып көрдүм. Бирок кезигишкенибиз жок. Балким ал да мени көрсө да көрмөксөн болду бекен, ким билсин. Сапар экөөбүз театрга «Атабектин кызы» деген спектаклди көрөлү деп барсак, ошол жерден Маркаш жолдош-жоросу менен кезигип калса болобу. Элдин көзүнчө бирдеме деп айтып жиберип, шагымды сындырабы дедим эле, андай болгон жок. Тек гана, кайдыгер өң тааныштардан бетер салкын учурашты да «Жигитиң менен тааныштырбайсыңбы, Гүлкан» деди.

– Бул менин жолдошум, таанышып коюңуз. Маркаш менен Сапар бири-бирин буттарынан тартып баштарына чейин карап келип, тиктеше түшкөндөй болду. Сапар Маркаштын колун катуу кысты. Маркаш билер-билбес күлүмсүрөдү.

– Сапар!

– Маркаш!

– Адегенде Сапар Маркашты Сулайман менен алмаштырып жатканын дароо билдим. Качан Маркаштын атын уккандан кийин гана чыйрыгып турган денеси жибий түшкөндөй болду.

Башка түшсө адам баласы эмнелерге көнбөйт дейсиз. Бара-бара Сапардын салмагы менин салмагымды басты. Өзгөчө балалуу болгондон бери турмушубуз кадыресе ын-

тымактуу үй-бүлөнүн катарында өтө баштаган сыяктуу. Сапар болсо мени биринчи күнү кандай сүйсө, бүгүн да ошондой сүйөрүн түшүнөм. Ал эми менчи? Сырт жагымдан сыр билгизбегеним менен жүрөктөгү жаранын тагы өмүрүм менен бирге жашап, бирге жата турган. Ак никелүү жарымдын жакшы көп жактарын билсем да, муздаган жүрөгүмдү ал каалагандай жылыта албадым. Аны Сулайманды сүйгөндөй сүйүп, бир жолу болсо да ак пейилим менен сүйүндүрүүгө кубатым жетпеди. Сапар мага эзилип туруп «Кучактап койсоң, өөп койсоң, оң карап жатсаң, сүйлөшүп жаталы да» деген сыяктуу өтүнүчтөрүн ар күн, ар түн сайын жалбарып кайталайт. А мен болсом качан гана Сулайманды эстеп, Сулайманды сагынып турган учурумда, Сапарды эсимден чыгарып, аны Сулайман деп өөп, Сулайман деп кучактап, Сулайман деп жүрөгүмдү толкутуп жан жыргаткан мезгилдерим аз эместир.

Кыз-келиндер институтун сырттан окуп бүтүп, ушул жерден он жылдык мектепте иштөөгө дайындалдым.

Коллективге аралашкандан бери дүйнөгө жаңы жаралып келгендей болдум. Күн өткөн сайын көңүлүмдү көтөрүп, тун кызындай туу кылган кайын энем менен булбулдай сайраган жазыксыз эки балам эки жагымдан чыгып энелик мээримимди элжиретип бараткансыйт. Ал эми мектепте болсочу? Ал жер мага өз үй, өлөң төшөгүмдөй сезилет. Кечээ эле жакында өзүм олтурган ушул ак жолтой парталарда бүгүн жоогазындын гүлүндөй болгон инилерим менен сиңдилерим олтурушат. Мен аларды көргөн сайын жүрөгүм толкуп, көңүлүм көтөрүлүп кабагым жаркып, качкан бактым кайра айланып жаныма келип тургандай болом. Мен эми кызыл мугалиммин, балдарды тарбиялай да, окута да билүүм керек, – деймөзүмө өзүм ишеним коюп. «Гүлүм! Сен өзүңө кесипти абдан туура тандагансың. Жаштарды окутуп-тарбиялоого татыктуу педагог болоруңа ишенем. Мүнөзүң жумшак

жана көтөрүмдүүсүң, чыдамкайсың, Жайдарысың, жаным. Биз балалуу болсок, анан аларды өзүң окутуп, өзүң тарбияласаң. Бах дечи, врач менен педагогдун ортосунан чыккан балдар кандай болор эле Гүкөн». Сулаймандын бир убакта айткан ушул сөздөрү мектепке келгенден бери көңүлүмө көп түшүүчү болду. Мага болгон анын алгачкы, тунгуч сүйүүсүн актай албасам да, ушул айткан асыл ишениминин өтөлгөсүнө чыга аламбы деген ой жүрөгүмдү бийлейт. Анан мен качандыр бир мезгилдерде аны менен жолугушууну, бир жолу болсо да көрүүнү эңсейм. «Рахмат, Гүкөн, мага кылган күнөөңдү элге берген эмгегиң менен актадың» – деген бир ооз сөзүн угууга татыктуу болсом дегенде уктап жатсам ойгоном. Ошентип, Сулайман мени алыста жүрүп алга үндөп, бийикке, өтө бийикке кол булгалагандай болот.

* * *

Кырсыкты кайдан дегенге болбойт тура. Күндөрдүн биринде биздин үйдө күтүлбөгөн бир жаман окуя болду.

Колхоз сырттагы пайдаланылбай бош жаткан жерлерди өздөштүрүп, ага арпа менен сулунун, көп жылдык чөптөрдүн чыгышын практикалоо үчүн Көөлүдөн бир нече гектар жердин дыңын буздурган болучу. Бул демилгени көтөргөн Сапар эле. Адегенде башкарма мүчөлөрүнүн бири туура тапса, экинчиси Сапарды мыскылдап күлүшкөн учурлары да болгон.

– Эй, бала, ошондой эле ашып-ташып турган күчүң болсо ушул жерде эле көрсөт элге. Жети ата, жети тукумубуз сыртка чөп айдап көргөн эмес. Ал жерге беде эмес, жанакы сен өзүң айткан арпа менен ак сулу бул жакта турсун, кара сулу өнбөйт. Бекер уят болосуң, элдин эмгеги текке кетет, – дешкен. Айтканынан кайтпаган, эмгек десе эт бетинен кеткен Сапар өз максатынын өтөлгөсүнө чыгуу үчүн бардык аракетин жумшады. Акыры

колхоздун көпчүлүк жыйналышында колхозчулар бул демилгени бир добуштан колдоп кетишти. Ошентип, Сапар өз максатына жетти. Муну уккан малчылар Сапарга ууз баталарын берип жүрүштү. Эми сыртта кыштай турган малдар үчүн чөп-чарды ашуу ашып, таш басып алыстан ташып убара болбойбуз деп кубанышты.

Сапар ушул жайдан баштап сыртчыл болуп кетти. Ал кийинки жолу барганда эспарцеттин үрөнү кошулуп себилген сулудан баштап арпасына чейин тегиз кыр жаап калган болучу. Сапардын колхоздун борбордук базасына барып машинадан түшүп жатканын алыстан көрүп тааныган карыя учуп жетти.

– Салоомалейкум, ата! – Сапар утурлай басты.

– Алейкимасалам. Келип калыптырсың, чырагым.

– Келдим, ата, мына бул чөп-чардын маани-жайын байкайын дедим. Өзүңөр кандай турасыңар, мал-баш аманбы? Күүлүсүзбү?

– Э балам, жайлоодогу киши да жаман туруучу беле.

– Бардыгы жайында. Малыбыз аман, башыбыз эсен. Чөп-чарың болсо минтип көк ыраңын көйкөлтүп алысындап баратат. Малчылардын чоңунан баласына чейин эле корукчу болуп кетти көрүнөт. – Карыя чокчо кара сакалын сылай күлүмсүрөдү.

– Ракмат, ата. Бул кызматыңар үчүн эмне деп алкыш айтарымды да билбей турам. Кыскасы, бардыгыңарга карыздар болуп калдым окшойт.

Көлдөн келген агрономдун кабарын уккан малчылар толуп кетти. Сапар толкунданды. Алар менен жайма-жай олтуруп, ээн-эркин сүйлөшүп жатты. Бирок артында башка машина менен түн катып келе турган санакчылар жөнүндөооз ачкан жок. Колхоздо болгон жаңылыктарды, дыйканчылык боюнча кандай иштер иштелип, эмне жумуштар аткарылып жаткандыгы жөнүндө көп сөздөрдү баяндады. Анан «ЗИС» автомашинасына сылай жүктөлгөн азык-түлүктөргө колун жаңсай:

– Бул колхозчулардын силерге жиберген белеги, жолдош малчылар. Биринчи максатым азык-түлүк жеткирүү болсо, экинчи максатым... – Сапар тамагын жасай, эки жагын карады. Ондогон көздөр көзүнө кадалды.

– Кулагыбыз сенде, биздин колдон келе турган иш болсо тартынбай айта бер, – деген үндөр абага көтөрүлдү.

– Жердин алыстыгына байланыштуу жакадан киши алып келе ала тургандай эмеспиз. Анын үстүнө күч ал жакта да жетишпей жатат. Көпчүлүк малчылар, төрт көзүңөр түгөл, бул жерде турасыңар. «Кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей, бардык аракет силер үчүн. Ошондуктан, айдалган жерлерден мүмкүн болушунча арбын түшүм жыйнап алуу максатында тоюттук звенону алдын ала түзсөк деген максатым бар. Буга кандай алымча-кошумча киргизесиңер?

Олтургандар жандана түштү. Кадырбек карыя ордунан жеңил козголду. Айланасындагы малчыларды бир сыйра карап алды.

– Жер карай турган эч нерсе жок. Кечээки кан күйгөн согушта миңдин ордуна бир киши иштеп жүргөндө кайда элек. Ушул алакандын отундай жерди алтымышыбыз бир жүрүп асырай албай, кудай алды дейсиңби, Сапар балам. Эмне десең биз даярбыз. Айта бер сөзүңдү.

– Звено болгондо канча киши болот? Алар эмне иш кылат? – Четте тамеки тартып олтурган жаш жигит өөдө көтөрүлдү.

– Быйылча айдалган жалпы аянтыбыз жыйырма гектар. Жашыл массаны көп алсак, эспарцеттин түшүмүн арбын жыйнасак, келеркиде алардын аянтын эки-үч эсеге көбөйтөрүбүздү кайталап айтып кереги жок. Ошондуктан мал эмес, чычкандын тишин тийгизбей өсүп жетилгенче көз салуубуз керек. Буга звенонун мүчөлөрүнөн тартып, жалпы малчыларга чейин милдеттендирилет. Звенону канча кишиден түзүү өзүбүздүн ишибиз. Адамдын санына жана алардын шартына жараша чектелет. Кийин тоюттук

чөптөрдү короможулукка учуратпай, өз убагында чаап-жыйнап алуу жумушу да ошол звено мүчөлөрүнүн милдети. Жетишпеген киши күчүн малчылардын эсебинен толуктоону звеновой өзү уюштурат. Буга макулсуздарбы?

Кубаттаган үндөр дүр этти.

– Обол мурун звенолорго жетекчи болуучу адамды тандашыбыз керек.

– Ооба, ооба, ызвынаны шайлаш керек. Малчылар туура айтып жатат. – Кадырбек карыянын бул сөзүн экинчи бирөө бөлүп кетти.

– Какемдин өзүн дайындасак кандай болор экен? Кандидатураны жактаган үндөр, чабылган колдор күлкү аралаш көтөрүлдү. Көпчүлүктүн сунушу кубатталды. Кадырбек карыя тоюттук звенонун звеновою болуп дайындалды.

Бул жерде көзү жок, сыртынан шайланган эки кишини чакырып келүүгө адам жиберилди. Эгерде кимде-ким айдалган жерлердин чөбүн малга тебелетип, көгүн короможулукка учурата турган болсо, анын келтирген зыяны ошол күнөөлүү кишилерден өндүрүлүп алына тургандыгы токтомго киргизилди. Ошентип, бүгүнкү жыйналыштын жыйынтыгы, малчылардын өз демилгеси боюнча кабыл алынган милдеттенме үйдөн үйгө, короодон короого желдей тарады.

...Капысынан жүргүзүлгөн мал санак Аманбекти күтүлбөгөн жерден күйүткө салды. Анын короосунан бакандай болгон отуз эки ирик жетпей калды. Эми ал санакчылардын асты-үстүнө түшүп, күзгө чейин ордун бастыра тургандыгын айтып, кечирим сураону ойлоду. Санакчылар узаардын алдында бир жашар уулун бетине кармап, көтөрө баскан чабан тигилердин алдын тосту.

– Үйгө кирип даам ооз тийип, тигил кара күрпөңдү жеп кетишсин агаларым, деп сурайт уулуңар.

Тигилер бир ооз сөзгө келбей аттанып кете баштаганын көргөн Сапар Аманбекке кайрылат.

– Ушунча баш ириктин жок болуп чыгышын кол жоолук жоготкон менен бирдей көрбө. Малдын ээси эл, колхоз. Бизге кол куушуруп кой сойгонуңда, жетпегеңди жетелеп келип берет деп турасыңбы. Андан көрө кой сойгонду коё туруп, жоготкон малыңды толукта. Жебей кеттик деп сага эч ким таарынбайт. Катуу кетсем кабатыр болбо, Амантай.

– Сапар, сен мага бакшы да, жакшы да болбо. Жебесеңер жеңиңерден сүйрөй турган эч ким жок. Каалабасаңар, жолуңарга түшүп, унчукпай кете бергиле. Менден көп төлөмөрлөр деле жүрөт, аларды көрбөй...

– Түшүнсөң күйгөнүмдөн айттым. Маа десең сен козу эмес, бээ казыла. – Сапар жөнөп кетти...

Санакчылардын түнкү дүбүртүн алыстан уккан Кадырбек карыя адегенде «чек арачылар» бекен деп ойлогон. Анткени бул жер чек арага жакын болгондуктан, чек арачылар менен малчылар кези келгенде келишипкетишип турушат.

Санактын жайын уккан карыя өзүнүн бирин-экин менчик кой-козусун бөлүп алууну өтүндү. Комиссиянын мүчөлөрү ишке киришти. Кадырбектин короосу түгөл чыкты. Санакчылардын дагы башка короолорго бара тургандыгын түшүнгөн чабан, эртең келип түштөнө кеткиле деп өтүндү...

Санак бүттү. Меймандар чогуу-чаран Кадырбектин үйүнө келип түштү. Жаңыдан эле чай алдыга келгенде кызымтал болгон Аманбек камчысын сүйрөй, олтургандардын үстүнө салам айтпай, жулунуп кирди.

– Иттин баласы... (Ал түз эле Сапарды көздөй атылды) Бышып турган ашыма түкүргөн сенсиңби? Керек болсо тигине, өткөрүп ал койду.

– Жинди го, Сапар сага эмне кордук көрсөтүп жиберди, ыя? – Кадырбек ордунан турду.

– Өлтүрөм муну.

– Тапкан экенсиң, оңой жерден өлтүрүүчү кишини. Жетишет, көп былжырабай чык эшикке. – Кадырбек

Аманбектин жеңинен чойду. Кыжыры келген жигит карыянын колун силкип салды.

– Коё турчу, Кадырбек аба! – Ал кайра эле Сапарды демите баштады. – Кой жетпесе кой алат колхоз, же киши алат бекен? Даам татып кеткиле деп сыйласа, бул мени колдон түшкөн мусапыр кылгысы бар. Кадырбек май берип, мен уу берет белем. Шашпа (сөөмөйүн көзөп, силкилдетти), өлүм бир, кезек эки. Карындашымды колхоздон куугунтуктаганың да жетишет. Мен аны эч качан унутпайм. – Аманбек тишин кычыратты.

– Деги эмне демексин? Менин жаным сенин колуңда болсо аянба. – Сапардын көздөрү жалындап кетти. Каны ичине тартып, таноолору кыпчылды. Ак жеринен Ажар үчүн бул өңдүү жагымсыз сөздү укканда каны кайнап турду. «Ажарды сүйбөгөндүгүм үчүн күнөөлөйбү? Кызык». Сапар колхозго жаңы келип иштеген мезгилин эстеди. Бир күнү көчөдөн өтүп баратса Аманбектин Жамал деген кичинекей карындашы көчөгө атып чыкты.

– Сапар аба, сизди кымыз ичсин деп чакырып жатат. – Оюнда эч нерсе жок Сапар бура тартты. Үйдө Ажар жалгыз экен. Киререрин кирип, ыңгайсыз абалда калды.

Кыз чоң кесеге мелтилдете куюлган кымызды Сапарга сунду. Кымыз кыздын колунда майда толкун чыгарып, өзүнөн өзү титиреп турду. Ажардын көзү көзүнө урунду. Сапар көзүн тартып кетти. Эмне үчүндүр көңүлүн иренжиткен жагымсыз абалды сезди. Суусап турганына карабай кымызды кере жутту да, чыныны терезеге койду.

– Неге ичпедиңиз, Сапаш, – деди Ажар ордунан козголбогон калыбында, дубалга сөөнө муңайыңкы телмирип.

– Ракмат, Ажек, азыр эле үйдөн ачкыл ичип алдым эле.

– Анда кайра өткөндө ичe кетиңиз, – деди кыз жалооруй тиктеп. Сапар ордунан турду. Эшиктен Аманбек баш бакты. Сапар алардын үйүнө экинчи келген жок. Болгону ошол.

Анан ал баякы колхоздун бир кемер чөбү өрттөнгөндөн кийинки окуяны ойлоп кетти. Жолдоштук соттун жүрүп жаткан кезиндеги эки алаканы менен бетин басып алып, Ажардын ыйлап жатканы көз алдына тартылды. «Кандай жаза берсеңер өзүңөр билгиле, – деп титиреди ал. – Күнөөмдү толугу менен мойнума алам». Жерди көздөй салаңдаган башын салмактуу көтөрдү. Канталаган убайымдуу көздөрү мөлтүр жашка чайылып турду. Сапарды капысынан жалт карап алып, жүзүн буруп кетти. Анан ал Сапардын чыгып кетишин талап кылды... Сапар чыгып кетти. Ал кийин жолдоштук соттун чечими менен таанышканда: «Ажар аны сыртынан сүйө тургандыгын айткан экен. Гүлкан менен Сапар Сагалыныкында олтурганын көрүп, булардан өч алуу максатында ушуну иштедим дептир Ажардын мындай оор абалын уккан Сапар өзүн күнөөлүүдөй сезди. Бирок канчалык бул кыз жөнүндө ойлоп, канчалык тынчсызданганы менен өзүнөн тырмактын агынчалык болсо да жылт эткен махаббаттын учкунун табалбады...

Аманбектин кыйкырык-чуусу Сапардын оюн бузуп жиберди. Ордунан ыргып турду.

– Сапаш, бул акмак менен теңелбечи. Арак ичпей эле жин ичип келген окшойт ит. – Олтургандар Аманбекти үйдөн сүрүп чыгышты.

Мал санакка барган комиссия мүчөлөрүнүн өткөргөн актысы боюнча Аманбек чабандыктан бошотулуп, анын ордуна башка киши жиберилди. Аманбек айылга көчүп келди.

...Сапарга кантип жамандык издөөнүн айласын таппай жүргөн колхоздун мурдагы башкы агроному Аманбекке жакын болуп кетти.

Үйүнө келген «мейманды» Абдыразак мээримдүү тосту. Ичкиликтен ак көрпө жайыл болуп, ала буурул тартып олтурган эки дос айтууга сөз, кеңешерге кеп таппайт. Абдыразак оюнга шоотуп жүлүнгө тие сүйлөдү.

– Ээ, кайран береним, энөөлүгүңдү эчактан бери билемин. Жер жүзүн өрт каптап жатса да, сүткө тойгон музоодой болуп, камаарабаган жайың бар. Сенин чабандыктан бошонууңа Сапар себепкер дешет го. Чынбы?

– Болсо болор. Ал экөөбүз жакшы эмеспиз. – Аманбек шылкыя түштү.

– Кантип калп айтайын. Башкарманын жыйналышында жалгыз ошол каршы чыгып туруп алыптыр. Болбосо отуз эки кой чепуха да. Эптеп күзгө илинип алсаң, бир эле иригиң бери болгондо эки койдун туягын тургузат эле. Алыш-коруш кылып, бирин бирине чабыштырып жиберсең бардыгы жайында болмок да калмак. Бул жерде сенин ишиңе кийлигише турган Сапардын кенедей да жөнү жок болучу. Же бир ветврач, же зоотехник болбосо. Мен агроном болуп турганда малчылардын жанына ким бастырып барыптыр, койлорду короосу менен көчкү алып жатса да жумушум жок эле.

– Мен аны көрөйүн деген көзүм жок. Эчен жерден жайлап сала жаздап астапырылда келтирдим. – Алдындагы алты кыр стаканга жайпай куюлган аракты тартып жиберди. – Бах, дүйнөдө ушул арактай таттуу тамак болду бекен ыя, Абдыш. Тамак болбосоң коё кал ай. – Башын силкип алып, куурулган жумурткадан сузам деп суза албай убараланып жатты.

Сапардын өмүрүнө кандай жол менен өрт коюунун амалын ойлоп жүргөн зөөкүр Абдыразактын асмандан издегени жерден табылгандай болду. Анын жаман оюнда Сапар кызматын атайын кастык менен тартып алгандай ойлоочу. Ошондуктан, аны өлгүдөй жаман көрүүчү. Өзүнүн ишсиздиги, ичкиччилдиги, оомачыл, кара ниеттиги жөнүндө ойлоп да коюучу эмес.

Кийинки жуткан «жинди суу» Аманбектин ар-намысын арбытып, көптөн бери көөдөнүнө батпай жүргөн армандуу сырын топтой тээп ыргытты...

Аманбек сөзүн баш-аягы жок айтып, бышактап ыйлап жатты.

Тигилердин үстүнө жаңы кирген Абдыразактын аялы төрдө олтурган аяшынын сөзүн угуп чочуп кетти.

– Эмне деп дөөрүп жатасың, Аманбек? Өз абийириңди өзүң булгаган кандай уятсыз немесиң. Сапарды дайны жок жаманаттылаба. Бир чети айылдашы, бир чети карындашы. Сыйласа сыйлап жүргөндүр. Сен айтып жаткан алдагы сөзүңдүн баары жалган. Сотто так мен өзүм катышкам. Күнөөнүн баары Ажардын өзүндө!

Абдыразак алдында турган чыныны ала коюп тап берди:

– Бас жаагыңды! Качан болсо эле Сапардын таламын талашып чыйылдай бересиң. Деги анын жаман жагын көрөр күнүң болобу? Сап-а-а-р, Са-па-а-р! Сенин Сапарың экөөңдү...

– Сапардай болсоң мен сенден айланат белем.

– Эмесе, ошого барып тийип ал! – Уктуңбу?

– Жетишет. Оозуңа келгенди оттой бербегин, уят кокуй.

– Жогол, дейм.

– Жогол дебесең да жоголом. Мындан аркыңа чыдай албайм. Сендей айбан менен күн көргөнчө жалгыз жүргөнүм артык. Сапар менен башкарманын, зоотехник, фермалардын, парторг, бригадирлердин үстүнөн үстөкөбосток арыз жазып жатып эмне таптың ыя? Ара жолдо акмак болгондон башка...

Өкүрүп-бакырып аялын үйдөн сүрүп чыкты. Калган аракты көңтөрө беришти. Бирде ый аралаш бышактаган үндөр чыкса, бирде өөдө-ылдый чыккан сөздөр менен кошо баш-аягы жок ырдаган үндөр угулуп жатты.

Эки дос көптөн кийин темтеңдей басып үйдөн чыгышты. Эч кимге сыр чыгарбас үчүн кайра-кайра кол алышып, кайра-кайра өбүшүп жатышты.

Арадан бир күн өттү. Сапар жумуштан жаңы келип, атын мамыга байлап, үйүн көздөй басты. Мезгил каш

карарып, түн пардасы тартылып калган убак болучу. Кош оозду колуна коомай кармап дарбазадан баш баккан Аманбек колиткага урунуп алды. Сапар жалт карады. Аманбектин мында өмүрүндө келбегенин билген жигит токтой калды.

– Аманбексиңби? Жол болсун, баатыр. Караңгыда кайдан?

Аманбек жаңыдан көтөрүлүп бараткан колун шалак түшүрдү. Калтырап кетти.

– Үйгө кир.

– Кирбейм. Мен жөн эле... – Мукактана түштү.

– И-и, анчалык эмне болду? Эшиктин алдына келип алып, кайра кирбейм дегениң кызык экен. Тамак ичип кет. Уга чыкчудай мылтык көтөрүп алыптырсың. – Сапар Аманбекти колтуктап үйүн көздөй басты...

Айылдан качан чуу чыгат деп кулак түргөн Абдыразак чарчаганда үйүнө кирди. Бул кезде Аманбек Сапардын үйүндө булоолонуп тамак ичип олтурган кези болучу.

Эртеси Абдыразак жолдошунун намысына тийип, жанын ачынта сүйлөдү.

– Суу жүрөктүгүңдү билгем. Сапарды көргөндө жөргөлөп калдым дечи.

– Киши өлтүрүү оңой эмес көрүнөт. Чын эле өзүмдү жоготуп коюптурмун.

– Эгер сенин ордуңда мен болсом туулдум, өлдүм демекмин.

– Мейли, бир күн болсо да жашай турсун.

– Оп, бали. Бая эле ушундай дебейсиңби?..

...Арактан тоё ичип алган Аманбек кош оозду таштап, чып этмени октоду. Аягы сай таппай эки-үч күндөн бери шойкомдонуп жүргөн уулунун кебетесин көргөн атасы:

– Мылтыкты эмнеге эле алмак-салмак октоп калгансың? Азыр жайына кой, бирдин ичинен чыкканы жүрөт окшойсуң, – деп ачууланды. Аманбек атасын алая карап, суук түрүн салып, жооп айтпай жулунуп чыгып кетти.

Эспарцеттин биринчи чабыгы жаңы башталган. Автомашиналар жол бууйт. Силостук траншеяларга тууралган жашыл массаны бири төгүп жатса, экинчиси кетип жатат. Быйыл эспарцеттин түшүмү жер көтөргү. Гектарына канча центнерден айланып жатканын жаңы эле учетчик менен бирдикте өлчөп бүткөн Сапар тракторист менен бирдемелер жөнүндө кыйкырып сүйлөшкөн калыбында, комбайндын жанында басып келатат. Бункерден түшүп жаткан тууралган көк чөп жагымдуу жытын алда кайда буруксутуп, машинанын кузовасын жаба берүүдө.

Капысынан атылган мылтыктын үнү үрөйдү учуруп, жүрөктөрдү болк эттирди.

– Кокуй, Сапарды атып салды! – деген аянычтуу добуш айлананы дүрбөлөңгө түшүрдү. – Жүрөк тушун кош колдоп баскан Сапар жерди көздөй эңиштеп баратты.

– Кайсыл ит болсо да жеди! Машина! – деп кыйкырды ал кардыккан үнү менен. Иш токтоду. Механизаторлор менен шоферлор айланага кым-куут болуп, толуп кетти.

– Тезирээк, түз эле шаарга! – деди Сапар акыркы командасын берип жаткан командирге окшоп. Жылжып аккан кара кочкул жылуу кан бир заматта гимнастеркасынын сыртынан билер-билинбес сарыгып барып, анан жайыла баштады.

Сапардын башын жөлөп олтурган штурвалчы жолдошторуна олунду.

– Ой, бай болгурлар, араң жаткан баланы тебелейсиңерби? Көзүңөргө ак түшсүн, жаман жорук баштап эминеге ыйлап жатасыңар. Деги үнүңөрдү баскылачы. Аба жетпей калды. Желди тоспой арыраак тургула.

– Элди тыйып, акыл айтып коёт. Өзүң эмнеге ыйлап жатасың? Айланып кетейин эр жалгызым ай, ушундай күндү көрмөк экенсиң ээ?!

– Бир кишиге жамандыгы болсочу. Башындан балээ кетпеген ит, сени атканча баласын атсачы.

Көздү ачып, жумганча «ЗИЛ» автомашинасына жаңы чабылган эспарцетти толтуруп жибериשти. Сапарды тынчтандырып жаткырышты. Айланасында өңчөй механизаторлор менен шоферлор, колхозчулар. Батпай калгандары экинчи, үчүнчү машинага секирип түшүп жатышты.

– Силер кайда барасыңар, – деди эс-мас болуп жаткан Сапар көзүн ача берип. – Бир киши өлөт деп, бут колхоздун ишин кайраңдатпагыла. Угуп жатасыңарбы мени. Чөп...

– Чөптү кудай албайт. Сени жиберип коюп кантип санаабыз чыдайт.

– Мени кыйнабагылачы, кана түшүп калгыла.

Машина жолго чыкты. Аңды-дөңдү карабай 80-90 менен учуп келе жаткан зор машинаны көргөндөрдүн үрөйү учуп, жолдон чыга берип жатышты...

* * *

Күтүлбөгөн жерден оор жарадар болуп келген Сапардын абалын көргөн врачтар шашып калышты...

Операция столунун айланасында турган врачтардын жүздөрү сүрдүү да, суз да.

– Жамила, кислород. – Врачтын үнү өкүм чыкты. Сапардын кең көкүрөгү бир заматта адаттан тышкары бирде көтөрүлүп, бирде ылдый түшүп дем ала баштады.

– Жамила, эфир! – Кислород эфир менен алмаштырылды. Сапар мемирегенден мемиреп, уйкуга кетип баратты.

Врачтар ишке кириשти. Хирургиялык аспаптар шамдагайлык менен биринин артынан бири алмашып жатты. Врач мезгил-мезгили менен кыска суроо берет.

– Пульс!

– Нормалдуу жолдош доктор!

– Кандын басымы?

– Төмөндөп баратат.

Сапардын ал-абалына кылдаттык менен байкоо жүргүзүп турган врачтар менен медсестралардын арасында бир заматта тынчсыздануу пайда болду. Операцияда жаткан жарадардын терең дем алуусу бат-бат дем алуу менен алмашылып баратты. Столдун баш жагында турган врач аптыга сүйлөдү.

– Көздүн кареги жайылып баратат. Дем алуусу бузула баштады.

Операция жасап жаткан врач шашып калды. Ал өзүнүн ишинен алагды болбой кылдат кыймылдап жаткан калыбын өзгөртпөй беркилерге сөз ыргытты.

– Кандай болуп кетти?! Операция али бүтө элек! Кандын басымычы? – Экинчи жолу суроо берди.

– 80-60 миллиметрртутностолба, – деп калтыраган күч менен жооп берди медсестра.

– Мм. Анда иш чатак. Ичине толгон канды тазалап, жабыр тарткан кан тамырларды калыбына келтирүүгө толук үлгүрө албай калдым. Окту алууга андан да кеч болуп калды. Боор менен өпкөнүн ортосундагы баштыкчасын таарый берип, кыр аркага такалыптыр.

Жанында турган медсестранын улам сүрткөнүнө карабастан, врачтын маңдайынан тер мончоктоп жатты.

Эфир кислород менен алмаштырылды. Операция бүттү. Оорукананын алды жагы машинадан жол бууйт. Кайдан-жайдан угуп келгени белгисиз, эл көп.

Операциянын толук аяктабай бүткөнүн уккан кишилердин жылдыздары жерге түштү. Алар, ичтеги окту алса эле Сапар ордунан туруп, тез эле сакайып кетүүчүдөй ойлошту. Ал эми жабыр тарткан кан тамырларынын алабалы жөнүндө эстеринде эч нерсе жок эле. Операциянын толук жыйынтыгын уккандан кийин гана жаш жигиттин келечек өмүрүнө кооптонуу туулгандыгын бардыгы тегиз билишти... Сапарды Фрунзеге жөнөтүүдөн башка айла калбаган сыяктуу.

Райкомдун секретары Фрунзеге шашылыш телефон чалып, ошол эле замат санитардык авиациянын начальниги менен байланышууга жетишти. «Айыгаар оорунун дарысы өзү табылат» дегендей, мындан беш эле минут мурда шаардык оорукананын биринде жаткан башынан операция болуучу катуу оорулууга невропотолог Асанбаев самолет алып кеткендигин угуп, секретарь Сапарды кошо ала кетүүгө мүмкүндүк алды.

* * *

Талаадан сокур ичеги болуп, ооруканага алып кетти деген сөздү укканда Салкын анчалык этибар алган жок. Сокур ичегини кесип таштоо догдурлар үчүн, колго кирген сары тикенди алган менен бирдей деп жүрүшпөйбү. Эчтеке болбос, догдурлар бар эмеспи деп ойлоду.

– Эне, башкарма абам машина жибериптир, балаңызга барып келейин, – деди эшиктен кирген Гүлкан кайын энесине.

– Мен эле барайын, балам. Тамак-ашыңды алып эртең эле барарсың. Силердикине алыстан меймандар келет деп жатты эле. Энеңди жалгыз таштап кеткениң болбос.

– Уулуңуз капа болбосо.

– Ии, ботом, жөнү жок эмнеге капа болмок эле. Сапашым анчалык ырайымсыз эмес го, балам...

Салкын оорукананын алдында топтошкон элди, каз катар турган машиналарды көргөндө жүрөгү атып кетти.

Райкомдун биринчи секретары эненин алдын утурлай басты.

– Ээ, айланайын Болот балам, бир шумдук бар го. Сапашың аманбы, деги.

– Оо, жарыктык десе, мынчалык неге үрпөңдөйсүз. Чочубай эле коюңуз, жолдо келатып сокур ичегиси жарылып кетиптир. Тез айыктырыш үчүн Фрунзенин ооруканасына жөнөтөлү деп кеңештик. Республиканын иши республика да.

– Кагылайын ай, жарылганы эмнеси. Узун жаны аман болсо болду го. Баламды өз көзүм менен көрөйүнчү. Келинчегин да келтирбей койбодум беле, кокуй. – Эне андан ары сөзүн өзүнчө сүйлөп, кобурап эс-мас болуп келатты.

– Кулунум, ырысым, жакшыдан калган белегим, тирегим…

Салкын киргенде Сапарды самолетко салууга камынып жатышкан. Өң-наалатсыз насылкада кыймылсыз сулк жаткан уулун көргөндө эненин бүткүл денесин калтырак басты, бети менен кете жаздап барып токтоду. Көңүлү караңгылап, акылынан тая түштү.

– Сап-а-р, ка-ра-лдым! – Салкын уулун бакырып барып басып жыгылды.

– Э-не-ке-бай! – деди Сапар Салкынды үстүнөн тургузуп бараткан көпчүлүктү онтой карап. – Билдиңизби, алыштыбы?

– Эмнени алыштыбы дейт, кагылайындар. – Салкын улам бирөөнө жалжылдады. Артынан бирөө шыбырагандай болду «Алды», – деп айтыңыз. Эне эч нерсеге түшүнгөн жок. А Сапар болсо ичиндеги ок жөнүндө сурап жаткан болучу.

– Ооба, алышты, балакетиңди алайын каралдым. Коркпой эле кой. Анча-мынча ооруга көтөрүмүң жок белем. Сокур ичеги менен көп эле киши ооруп жүрбөйбү, балам.

Сапар энесинин эч нерсе уга элегин түшүндү. Анан билинер-билинбес күлүмсүрөп койду…

Арадан көп убакыт өтпөй Сапарды салган самолет асманга көтөрүлдү.

Бул мезгилде оор жарадарды алып келе тургандыгын уккан республикалык хирургиялык бөлүмдүн медиктери операцияга даярдык көрүп жатышты. Үйүнөн жаңы эле чакырылып келинген жаш жигит шыпылдай басып кабинетке кирди.

– Алло! Алло! Санавиациябы? Аа, саламатсызбы? Пржевальскийге жиберилген самолеттун келгенин билейин

дедим эле... Ракмат! – Трубканы шак илди да, ордунан учуп турду. Жигит эшиктин алдына жаңы жеткенде телефон кайра шыңгырады.

– Алло! Ооба, мен угуп жатам. «Тез жардам» машинасы короого кирди дейсизби? Жакшы. Рентгенологиялык кароодон өткөндөн кийин түз эле операция столуна.

...Башкы сестра оорунун тарыхын толтуруп жатты.

– Бүттүм, жолдош доктор! Таанышып чыксаңыз болот. Рентгенттик сүрөт мына.

– Канынын группасы чыктыбы?

– Чыкты, чыкты! Биринчи группа экен! – Врач оорунун тарыхына дыкаттык менен көз чаптырды. Бир демге кирпиги ирмелбей, деми чыкпай, көздөрү бакырая түштү. Жаңы гана чаккан ширенкенин талы оозундагы тамекиге жетээр-жетпес барып, жалындай түшүп жалп өчтү. «Сапар Жусупбеков! Мм! – Колундагы кагаздардын бир баракчасы учуп жерге түштү. Өңү өзгөрүп кетти. Анан көңүлүн жанына келген медсестра бузду.

– Бардыгы даяр болду, жолдош доктор!

Ал сестрага бирдеме дегендей болду. Эч нерсеге түшүнбөгөн кыз кайталап сурады.

– Райкомдун секретары менен колхоздун башкармасы дебедимби!

– Энеси да кирем деп ыйлап жатат! Руксат сурагандар көп.

– Операциядан кийин деп айткыла. Баарына түшүндүрүлгөн. Жигит дагы бир жолу колун каруусуна чейин щеткалап жатып самындап, бир нече жолу көбүртө жууп, таза чайкап, анан желдеткичке колун тосуп кургатты. Андан кийин акыркы жолу колун спирт менен тегиз жууп, манжаларын чычайта көтөргөн бойдон, медсестранын жанына келип токтоду. Кыз колундагы масканы врачтын бетине байлады. Башындагы калпакчасын кийгизди. Операцияга толук даяр врач колун сырайта көтөрүп, бет маңдайындагы бөлмөгө бет алды. Врач

операция столуна жаңы жаткырган Сапардын жанына барып токтоду.

– Кандай, Сапар Жусупбекович! Жакшысызбы?

– Көрүп турбайсызбы, жолдош доктор! Жакшы болсом ушунтип жатат белем.

– Сабыр кылыңыз, бардыгы жайында болот. Бирок операцияны наркозсуз жасайбыз.

– Көтөрө алар бекенмин. Мурда да бычак жеп калдым. Врачтын көзү Сапардан өттү. А Сапар болсо мага берериң өмүрбү же өлүмбү дегендей ага алагар көзүн жалжылдатып жалооруй тигилди.

Врач оор дем алды. Анан Сапардын мурда кесилген жерине кареги кадала түштү. Эрдин тиштеп, башын тез буруп кетти.

– Коркпоңуз. Операциянын ийгиликтүү аяктаарына ишенип коюңуз.

– Оозуңа май, айланайын, иним. Колуңдан келген жакшылыгыңды аяна көрбө. Бул кызматың үчүн... Ага кирген башкарманын сурмасыз, кичинекей тегерек көзүнүн кычыгына жаш толо түштү.

– Жакыныңызбы?

– Белдүү кызматкерим. Адамкерчилиги артык, эстүү жигит. «Жакшыда жадоо жок» дегендей, өз баламдан кем көрбөйм. Анын үстүнө астында ага, артында ини жок. Атасы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон.

– Терең ойго чөмүлүп, башкарманын сөзүн угуп турган врач оор күрсүнүп алды.

– Андай болбогон күндө да Сапардын өмүрү үчүн күрөшүү биздин милдетибиз. Бардыгы Сиз ойлогондой болор, аксакал...

* * *

Кайын энемди узатып коюп, балдарды кийиндирип алып көчөгө чыктым. Энемдин элтеңдеп биздикин көздөй чуркап келатканын көрүп токтой калдым.

– Айтчы, батыраак, эмне шумдук болуп кетти? Сапашты сойгону алып кетишти дегениң кандай? – Энем ыйлап жиберди. – Кагылайын кулунум ай, эртең менен үйдөн таптаза аттанбады беле.

– Жашыңыз кирпигиңиздин учунда илинип эле араң турат. Талаадан приступ болуптур. Сокур ичеги дейт. Мен барайын десем энем болбой койду.

– Деги ошондой эле болсун. Баса, артынан башкарма, сельсовет, парторг баштап көп киши кетти, оорусу катуу окшойт деген сөздү угуп жаным чыгып кетпедиби.

Биз үйгө кирип, жайма-жай олтуруп калдык. Конок камын көрүш керек болучу. Бир маалда кошунанын тестиер болуп калган уулу кирди.

– Чоң эне, тигинде көп милиция келди. Сапар абамды аткан кишини машинага колун байлап салып, түрмөгө алып кеткени жатышат. Силер эмне үчүн барбайсыңар, энем менен атам ошол жакка кетишти.

– Э кокуй, Гүлкан, кара көзүбүз кашайган го? Бул жубарымбек эмне деп тамтаңдап жатат. Кокуй ай, ушундай бир шумдуктун бар экенин сездим эле да!..

Деним өлө түштү. Энем галошун кийбей, маасычан эшикти көздөй жыгылып-туруп чыгып баратты. Элдир-селдир эс кирип калган Ынтымак жамандыкты сезгендей чаңырып ыйлап жиберди. Агасынын үнүнөн чочулаган Жылдызбек ээгин эмшеңдетип эки жагын карайт. Энем экөөбүз жуп жеткенибизде машина жүрүп кетти. Ал жерде турган эл бизди көрүп чайпала түштү. Бардыгынын өңдөрү суз, көздөрү убайымдуу. Сапарга катуу кейип, санааркап тургандары ар кимисинин жүзүнөн байкалып тургансыйт.

– Бул итти атпай эле, кескилеп өлтүрсө сооп болот эле!

– Айланайындар ай, балам аман бекен? – Энем тургандарга жалдырады.

– Балаңыз аман, байбиче. Жанакы итти ушул жерден тирүүлөй керип салалы десек бербей коюшпадыбы.

– Ансыз деле мүргүп араң турат. Милициялар келгенче эле чөп чапкан балдар көк челек кылып салышыптыр.

– Чала болот! Балаадан жаралган балаага кол салсачы, чочко!

– Айткылачы эл, ким атыптыр, эмне үчүн? – Энемдин көзү канталап кетти.

– Аманбек атыптыр.

– Аманбек! Туз урган айбан, түндө эле биздикинен тамак ичип кетпеди беле.

Энем экөөбүз эки баланы алып, түн катып шаарды көздөй бет алдык… Сапарды таппадык. Эчак эле Фрунзеге алып кеткенин угуп, супсунубуз сууп кайра тарттык. Үйгө жакындаганыбызда бизди көргөн кошуна-колоң айланабызга толуп кетти. Бири бирди айтса, экинчиси бирди айтат. Ар кимдин оозун тиктеген калыбымда таштай каттым.

«Жараты оор, мал болор-болбосу арсар» деген сөздөр башымды тумандатып, көңүлүмдү караңгылаткансып, колу-бутум шалдырай баштады. Канча кылса эки баланын атасы. Сулайманга болгон сүйүүм, кусалануум көңүлүмдөн жаңы гана оолактай баштаган кезде мындай окуянын болушу арзанга турган жок. Турмушка жаңы көз ачып келаткан Сапардын гүлгүндөй жаш өмүрүнүн мезгилсиз кыйылгандыгын ойлоп, анын бардык жакшы сапаттарын, мага кылган мамилелерин чаржайыт эсиме түшүрүп жаттым. Аны өлүмгө ыраа көргөнүм жок. Сапар көп адамдын бир адамынан эмес да. – Каңырыгым түтөдү. – О-о, ак пейил, жазыгы жок, жалгызым. – Кайын энем эсиме түшкөндө ысык темир жүрөгүмдү каарып алгандай болду. Сапардын күйүтүн кантип көтөрө алар экенсиң, байкуш энем. Сенин күйүткө толгон көз жашыңды, көкүрөк дартыңды көрбөсөм экен. Алдымда олтурган Жылдызбек салаа-салаа болуп агып жаткан көз жашымды бытырайган кичинекей колдору менен чукулап ойноп жатты.

– Сыз жерге олтурбачы, Гүлкан балам, – деген кимдир бирөөнүн сөзүн угуп, ордумдан таштай салмактанып зорго козголдум.

Жолго чыгууга анча-мынча даярдык көрүп, бүкүлүү бойдон балдардын жанына кыйшайдым. Уйку менен тамак, күлкү – үчөөндө ар жок деген чын окшойт. Санаам сандал, жүрөгүм өрттөнүп жатып көзүм илинип кетиптир. Телефондун үстөкө-босток шыңгыраган үнүнөн чочуп ойгондум. Күн чыгып калыптыр. Фрунзеден экен.

– Гүлкан! Секет кетейин ак жолтоюм, сүйүнчү, Сапашың жакшы. Кудагыйга айтып кой, коркпосун. Санаасы тынбай жаткандыр байкуштун. Мен дагы көңүлүм тынчып, Сапашымды көргөндөн кийин телефон чалдырып жатам. Азырынча бул жакка келебиз деп дүрбөбөгүлө, балам. Күн ысык, балдарың менен куруп каласың. Сапаштын жанында бир-эки күн туруп жолго чыгам. Мен барганча коркпой-үркпөй, балдарыңды ыйлатпай, оокатыңды кылып тур. Ынтымакты энесине бер, – деди. Анткени Ынтымакты өз энем багып алайын деп айтканынан Сапар экөөбүз, аны бергибиз келбей, Жылдызбекти ыйгарганбыз. Муну угуп кайын энем капа болгон. Баладан баланын кандай айырмасы бар. Каалап, алам деп айткан баласын бергиле. Бир үйдө жалгыз олтурганына жаныңар кейибейби энеңердин, – деп урушкан... Эми дагы ошол жөнүндө айтып жатат.

...Кайын энем келе турган күнү өзүм барып тосуп алдым. Самолеттон кабагы ачык, көңүлү куунак түштү. Сүйүнгөнүнөн сөздүн баш-аягын таппай, көңүлдөгү кубанычын чаржайыт сүйлөп жатты.

– Операцияны ким деген жасады?

– Кыргыз дөгдүр. Сапашыңдай эле жаш жигит экен. Ыйлайт дедиби, мени киргизбей койду. Ботом, дөгдүрдүн баары эле өзүбүздүн балдар болуп кеткен тура. Кыргыздын өсүп-өнгөнү ушул. Сыймыктанып калдым. Сапашымдын ичиндеги окту камырдан кыл сууругандай гана алып сал-

ды го бечара. Адамга жакшылык кылганынан көгөрөр. Адамкерчиликтүү, кичипейил бала экен. Сапар чыкканда машина жиберем, келбей койбо, – деди го башкарма. Кетеримде атайын үстүнө кирип колунан өөп, Сапаш чыкканда чогуу биздикине барып келгин балам, деп жакшы эле жалынып-жалбардым. Ай, келбейт го. Иши чачынан көп экен. Эмнеси болсо да өмүрлүү болсун, ак жолтой болду…

Мен Сапарга жөнөгөнүмдө өз энем кошо кетти. Күйөөмдүн баягы жылы мен жаткан хирургиялык бөлүмүндө жатканын укканымдан кийин Сулайманды кайра баштан эсиме түшүрө баштадым. Сапар менен Сулайман алмак-салмак көз алдыма тартылат. Жолдо катар бирде Сулайманды, бирде Сапарды ойлоп бараттым. Кайдагы бир ой жүрөгүмө кылт дей түштү. А балким, Сулайман ушул жерде иштесечи? «Өз жериме караганда Фрунзенин абасы мага абдан жагат экен» деген сөзү кулагыма угулду. Жүрөгүм булкуп алды. Өз оюмдан өзүм чочуп, өз пикиримден өзүм чегингендей боло түштүм. «Жок, – дедим өзүмө-өзүм ишеним коюп, – ал бул ооруканада иштебейт. Мургап менен чектеш Кыргызстандын түштүк районунун биринде иштеп жатыптыр деп укпадым беле. Аны мен эми эч качан көрбөйм, Сулайман мени жек көрөт. Ооба, сөзсүз, жек көрөт!» Өткөндөгү бирге жүргөн бактылуу минуталарым көз алдымдан берметтей тизилип өтүп кетти. Өзүмдү өзүм өлдү деп берген телеграмманы алгандагы Сулаймандын оор абалы, мөндүрдөй төгүлгөн көз жашы, көкүрөк дарты… Кийин телефон чалып, менин дайнымды билгенден кийин өңүнүн бирде албырып, бирде кубарып туруп: «Ал өз эрки менен кеткен жок. Кудай урсун, ишенип койгула мага, Гүлкан мындай ишке эч качан бармак эмес. О-о, шордуу жаным, ушундай да бактысыз жигит болорсуңбу?» – деп өкүрүп-өксөгөнү. «Артынан барам, барбай койбойм. Душмандын колуна мен аны бир түнөтпөйм. Телефондо Гүлкандын өзү менен сүйлөштүк деп ишенип турасыңарбы. Жок, жок,

ал Гүлкан эмес. Мен түшүнөм...» – деп эшикти көздөй жинди болгон немедей атылганы, аны тууган-туушкан, жолдош-жоролору коё бербегенин укканымды эстедим.

Менин жердешим Жапаралы менен эчен жолу кезигишип, эчен жолу бирге болгон учурларында бир жолу болсо да Гүлканды көрсөм экен дебегени, эч качан эскерип сүйлөбөгөнү менин кусалуу дилимди артка түрткөндөй болгон.

Сапарга кирүүгө уруксат алганы ординатордук кабинетке киргенибизде жаш аял кимдир бирөө менен телефон аркылуу сүйлөшүп жаткан экен.

– Жусупбеков дейсизби? Тынчсызданбасаңыз да болот, Сулайман Бакирович. Жакшы, жакшы, уктап жаңы гана ойгонду, – дешти.

Медсестра телефондун трубкасын рычагга жай илип, мага карады. А мен болсом акыл-эсимен ажыраган, тили эч нерсеге келбеген дудук адамдан бетер оозу-башым өзүнөн өзү кыбырап, жансыз сөлөкөттөй турдум. Көзүм жашка толуп төгүлүгө даяр турганын да билбедим.

– Кулагым сизде? – деди менин көрүнүшүмөн тынчсыздана түшкөн кыз.

– Айтыңызчы, Бакиров ушул жерде иштейби? Ал түштүктө иштөөчү эмес беле?

– Сулайман Бакировичтин бул жерге келгени качан. Аны оорукана өзү кийлигишип жатып сурап алышкан. Жакыныңыз болобу? Бир демге эрдимди кесе тиштеп туруп, башымды чайкадым.

Муун-жүүнүм бошоп, жүрөгүм алып уча баштады. Бир заматтын ортосунда бүткөн боюмду муздак тер басты. Чиркин ай, турмуш деген кандай татаал, кандай буйткалуу. Бир кездерде жүрөгүмдү жаралап, бир күн көрбөй калсам көзүмдөн учкан Сулаймандын атын угуп, арстандан корккон коёндой боло түшкөнүмдү карачы. Шылтоого шыйкоо табылса бакырып ийүүгө даяр элем. Тамагым кысылып, үнүм буулуп турду...

Сапардын үстүнө киргенде өпкө-өпкөмө батпай ыйлап жаттым. Байкуш Сапар менин ар менен корго, арман менен муңга, сүйүү менен күйүүгө жык толгон көз жашымды өзүнө алды көрүнөт, жаздыктан башын көтөрө берип, колумду кыса кармап: «Ыйлабачы, Гүлүм, жакшы болуп калдым. Врачтарга ракмат, өлүмдөн алып калышты. Мени операция жасаган жигит мыкты хирург экен. Балким, ал болбогондо тирүү калышымды кудай билет эле. Алкыштан башка айтарым жок».

Жаштуу көзүм Сапардын чарасы бөксөрүп кыйналган бажыракай сурмалуу көзүнө тигилди. Бир заматта анын көрүнүшү мага ушунчалык аянычтуу болуп кетти. Иши кылып, алтын жаныңдын аман калганына каниет деп ойлоп жаттым. Анын врач жөнүндө жүрөктөн чыккан мээримдүү сөзү бүткөн боюмду чыйрыктырып, калтыратып баратты.

Жаныма келген медсестра каруумдан тартты. – Врач келатат, мүмкүн болсо уруксат этиңиздер, убактыңар бүттү.

Шашып калдым. Көзүмө Сулайман кирип келаткандай элестеп кетти. Аны менен бет алышууну каалабай турганымды сездим. Сапардын көңүлү чөгөт болбосун дедимби, анын түндөй кара уюлгуган тармал чачын колум менен жумшак сылап, чекесинен өптүм.

– Биз тышка чыгып туралы, Сапаш?..

Сапар балдарын эңкейип улам бирин алмак-салмак өөп да, жыттап да жатты. Ынтымак Сапарды колдон тартты:

– Жүйү папа, кетебиш үйгө, – уулум атасын таштап кеткиси келбей ыйламсырады.

Энем менен балдарга кылчактай эшикти көздөй бастым.

– Гүкө, таякемдердикине барып эс алгыла. Эртең келерсиңер, – деди Сапар артымдан. Палатадан жаңы гана чыгып, узунунан кеткен кең коридорду ортолоп келгенимде, оң тарабымдагы эшик шарт ачылды. Ким-

дир бирөөнүн тааныш көзү көзүмө чоктой кадалды. Бири-бирин арбашып жаткан макулуктан бетер турган ордубузда каттык.

Жүрөгүм көөдөнүмдү жарып чыгуучудай дик-дик урду.

– Гүлкан! – деди ал мени көздөй жүткүнүп. – Сенсиңби?

– Сулайман, кечир мени... – Биринчи эле ушул сөз оозума кириптир. Бет ылдый мөлтүлдөп агып жаткан көз жашымдын кычкыл даамы оозума кирип жатты. Үйдүн дубалдары бир жагына кыйшайып бараткансыды. Өмүрүмдө мындай оорунун экинчи кайталанышы эле. Анан ал мени жерден таптак көтөрүп бооруна баскан бойдон кандайдыр сендиректей басып кетип бараткансыды.

Энем менен балдарым мени издеп жүрүшүптүр. Аларды баштап бир сестра менин үстүмө алып кирди.

– Капырай балам, таптаза туруп эмне болуп кетти. Энемди көргөндө Сулайман ордунан ыргып турду.

– Гүке! Бул киши сенин апаңбы? – Ал утурлай басты. – Саламатсызбы, апаке! Чочубаңыз, жүрөгү бир аз начар экен. Кичине приступ болуп өттү. – Апам менен кол алышты. Андан соң Ынтымак менен Жылдызбекке далбастап кучак жайды. Ылаачындан корккон жөжөдөн бетер экөө бирдей мага ыкталышты.

– Окшошкон макоолор, эмнеге качасыңар? Кана, өптүрүп койгула. Бул – аба! – Балдарымды эркелетип, мандайынан жыттадым.

Энем алда немеден шек алгандай мостоё түштү. Сулаймандын жаш чалган көзүнө аянычтуу тигилип турганын байкадым.

– Балдарың барбы, балам?

– Жок, апаке, балалуу боло элекмин.

Энем жер тиктеди. Сулаймандын бул жообу жүрөгүмдү сайып алды.

Сулайман Жылдызбекти экинчи ирет бооруна кысып, кайта-кайта жаагынан сүйө, мага берип ордунан турду.

Оорулууларга барышым керек, Гүке! Капа болбосоңор бир аз күтүүгө туура келет. Анан өзүм узатып коём.

– Балдардын курсагы ачты го, Гүлкан! – Энем кетсек дегендей кылды.

– Азыр апаке, тез эле келем.

– Сапаштын дөгдүрү сенсиңби, балам?

– Ооба, менмин. – Сулайман токтой калды.

– Ымтырагансыйт эле, ымтырагансыйт. Түбөлүгү түзбү, кагылайын?

– Сизге эркелеп жатса керек, апа, болбосо көңүлү ачык, ден соолугу жакшы. Аз күндө жаныңызда болот.

Сулайман чыгып кеткенден кийин энем дароо өзгөрүлө түштү. Мага ыраазы болбогондой карады.

– Мунуң баякы өлүп-тирилип, сүйүп-күйүп жүргөн жигитиң го. Анчалык азабын тартып куурагандай Сапардан деле артыкчылыгы көрүнбөйт го. Тобо, бир заматта кайдан табышып калдыңар. Чолпондой болгон күйөөң тигинтип орто жолдо жатса, оюңда эчтеке жок кыналышып жанында олтурасың. Сени жыгылып калды дегенди угуп, курган балам керебеттен учуп кете жаздады. Бизди таштап кандай чыгып кеткениңди да байкабай калыптырмын. Ай балам, ай балам, эр болсо Сапарчалык эле болор. Көлдүгүнөн көтөрүмдүүлүгүнөн көгөрүп жүрүп бүлө кылды го сени. Тилимди алсаң, тигиниңди кошоматтатпай эле өзүбүз кетели. Сапар угуп калса эмне бетибиз калат. Карыганда калжаңдап, кызына жеңе болуп жүрүптүр деп көңүлүнө кетип жүрбөсүн.

Мурда эле ата-энеден үшүккө чалдыккан жүрөгүм эми биротоло муздак суугa жулуп ыргыткандай көңүлүм иренжий түштү. Катуу айтып жибере жаздап барып, өзүмдү өзүм араң токтоттум. Энемди телмире тиктедим.

– Ушунчалык таш боор болбосоңуз кантет. Эркимдин боштугунан, ата-энелик баркыңарды сыйлап, жалгыздыгыңарды кыйбай, айтканыңарды аткардым. Мөрөй силердики болбодубу. Эми мага энелик мээримиңизди

бир жолу төгүп койсоңуз эмне болот. Сулайман менен мындан чыккандан кийин аз убакыт бирге болууга айкөлдүк кылыңыз...

Энем жумшара түштү. Мага сыр алдырбаганы менен анын оюнда Сулайманды жактырып турганын билип турдум. Мына, Сулайман да келип калды.

– Кана, кеттикпи, – деди халатын чечип жатып, – силерди көпкө күттүрүп койгон жокмунбу? – Энемдин астында уктап жаткан Жылдызбекке умтулду.

Кеч кирип калыптыр. Сулайман бизди жеткирүү үчүн атайын чакырткanбы, айтор, оорукананын алдында машина күтүп туруптур. Сулайман экөөбүз Жылдызбекти алып, машинанын артына отурдук. Энем болсо баласы менен алдынан орун алды. Сулаймандын оюна алда немелер түшкөндөй, ысыктан албырып, чачынын арасы чыбырчыктап, терден чыпташып турган Жылдызбектин жумшак көкүлүн үйлөп желдетти да, анан артын көздөй сылап, кашкалуу жазы маңдайынан жыттап койду. Анын мага кадала түшкөн көз карашынын тереңинен: «Ушундай дүйнөдө жок бактыны мага бербей, кантип башкага бердиң. Карачы, Гүке, билбеген бирөө көрсө ушул жигиттин балдары, ушул жигиттин үй-бүлөсү экен деп ойлошор эле бизди. Мен көксөгөн, мен жетпеген, мен сагынган картина» – деген жазууну окудум. Дагы эле көзүмдөн көзүн албай тиктеп туруп, мостоюңку улутунду.

– Курсагыңар ачкандыр, тамактаналы?

Башымды ийкедим. Иши кылып Сулайман менен көбүрөөк бирге болууну каалап турдум...

Тамактанып чыккандан кийин энем менен балдарды таякемдикине түшүрүп коюп, Сулайман экөөбүз кайра тарттык.

«XXII партсъезд көчөсүнө келгенде борбордук почтодон имерилип, Дзержинский бульвары менен вокзал тарапты көздөй бет алдык. Сулайман эки колун артына алган калыбында үнсүз. Анда-санда гана башын өөдө

көтөрүп, бийик үйлөрдүн үстү жагына, жылдыздуу ачык асманга көз чаптырып, эртенки күндүн аба ырайына байкоо жүргүзүп жаткан метеорологдон бетер айланага суз телмирет. Унчугушпай жүрүп олтуруп, үчүнчү көчөнү ортолоп калганыбызда:

– Күйөөң түзүк жигит көрүнөт, элге алымдуу экен. Аны мен кайдан көрдүм десем, сүрөтү менен «Айыл чарба» журналынан окуган экенмин. Сенин жолдошуң экенин ооруканага келгенде «оорунун тарыхын окуп, ошол экен деп билдим. Фамилиясын Жапаралы айткан эле. – Ал дагы бир демге унчукпай калды. – Сапар сени катуу сүйсө керек. Же жалган айтамбы (Башымды ийкедим)? Эмнеси болсо да сүйгөнүнө баш кошкон бактылуу жигит экен.

– Жок, Сукен, ал бактысыз.

– Эмне үчүн? – Ал мага жай карады.

– Алган жары ардактап сүйбөгөндөн кийин, жалгыз бир кишинин сүйгөнү жел учурган камгактай деп ойлойм. Болбосо Сапар, Сапар дегендей эле артык жигит, көрдүң го өзүң. Бирок эмне үчүндүр сенчелик көрбөйм, Сулайман.

Сулайман артына алган колун түшүрүп, колтугумдан бош алды.

– Адам келечекте эмне болорун билбейт тура. Кээде турмуш адамды селге кеткен чамындыдай белгисиз тарапка ылактырып салуучу күчтүү нерсе экен го. Дагы алдыда бизди эмнелер күтүп турганын ким билсин. Билесиңби, иш боюнча өз ордумду тапканым менен, керт башыма келгенде мен да сенин түгөйүңмүн. Салиманды мага эч ким таңуулабаганы менен, мен аны сүйүп үйлөнгөнүм жок. Сенден алган сокку ойдо жок жерден ушуга алып келди. Анын жүрөгүн сен үчүн эмгиче оорутам. Гүлканым болгондо сени карап өтмөк эмесмин дейм. Салиман деп чакырыштын ордуна: «Гүлкан, Гүлүм, Гүкен», – деп бутташтырган убагым аз дейсиңби. Калп болсо да анын

көңүлүн көтөрүп коюучу учурлар туура келип калганда, сени эстеп туруп кучактап, маңдайынан сүйүп койгонум ал үчүн бакыт экенин билип турам. Биринчи түнү, биринчи күнү ага кандай салкын мамиле кылган болсом, азыркыга чейин ошол мүнөзүмдүн катуулугун жумшарта албадым.

Сулайман ушул жерге келгенде душманымдан аз болсо да өз өчүмдү алгансып, күнүлүү жүрөгүм бир аз бөксөргөндөй боло түштү. «Оо, жараткан, – дедим ичимден, – бул да мен окшогон армандуу байкуш беле. Эмне үчүн тагдыр бизди күкүк менен сейнептей арабызды алыс бөлүп таштады». Терең ойго батып тунжурай түшкөнүмө Сулайман тынчсызданды.

– Чарчадыңбы? Бир аз олтуруп эс алалычы. Көп бастык окшойт.

– Чарчаганым деле жок.

Түз жолдон бурулуп, скамейкалардын бирин көздөй бет алдык.

– Эмне үчүн сүйлөбөйсүң? – Көзүбүз көзүбүзгө кадалды.

– Көп өзгөрүп кетиптирсиң, Сулайман. – Ал мага мурдагыдан келбеттүү да, сүрдүү да, сулуу да болуп көрүндү.

– Сырт кебетем өзгөргөнү менен, жүрөгүм дагы эле сен деп согот.

– Сен мага таарындыңбы? – дедим мен.

– Телеграмманы алып, чын эле өлгөн экен дебедимби, жаным. Ысык-Көлгө кеткениңди эртеси швейцар аялдан укканмын. Ал атасы катуу оору экен деген. Жолдо баратып аварияга учураган экен деп өбөктөй түшпөдүмбү. Эмне үчүн ушундай суук телеграмманы жибердиң. Же мени биротоло күйүткө күйүп өлсүн дедиңби?

– Өлгөнүм жалганбы? Тирүү болсом сени менен бирге болбойт белем.

– Сапарга кандай кеткениңди кийин толук уктум. Ашык күнөөлөй албайм, сени. Бирок бир арманым элдин

сөзүн укпай, артыңдан барганымда, балким, кайра алып келет белем. Же айыл үстүлүк кылып кетишет беле, ким билсин. Айтор, ошол кезде аз эле жерден жинди болбой калдым. Адамдын турмушунда эки залкар кубаныч болот дейт. Бирок ал экөөнөн тең бактысызмын. А сен болсоң бул экөөнүн бирине жетпегениң менен экинчисине жеттиң.

– Кантип?

– Билбейсиңби ушуну? Туңгуч сүйгөн жарга баш кошуу – бул бир де, анан ал жарыңдан биринчи балалуу болуу – бул эки де. Же калп айтып жатамбы. Сүйгөнүнө баш кошкон ушундай бактылуу үй-бүлөнү көргөнүмдө кандай суктанарымды өзүм гана билем. – Сулаймандын үнү дирилдеп чыкты.

– Түшүнөм. Эгер сени менен баш кошуп, анан биз балалуу болсок ушинтип муңканат белем, Суке. Ынтымакты төрөгөндө жерип да жүрдүм. Канткен менен бала энеге кымбат тура. Бара-бара байкушумду жакшы көрүп кеттим. Адегенде алдырып салайын деп докторго барсам болбой коюшту. Кеч кайрылыптырмын.

– Аның акылсыздык болмок. Биринчи баланы аборт кылууга болбойт, алтыным! Балким, ооруукчал же такыр төрөбөс болуп калат элең. Төрөп алганың жакшы болуптур, жылдыздуу балдарың бар экен. Аман болсун. Мен кубанбасам да, сен кубанып жүрчү, жаным.

– Менин саатым алдыда окшойт, убактың канча болду, Суке?

– О-хо, эки.

– Анда туура экен. Бат эле ушунча убакыт болуп кеттиби?

Айланага биринчи жолу көз чаптырдым. Дымыр эткен жан жок. Бет маңдайыбызда күйүп турган лампочкалар сүттөй жарык нурун жалгыз биз үчүн төккөнсүп жымыңдашат. Жогору тараптан соккон салкын абанын толкуну жалбырактарды акырын сеңселтип, анын жагымдуу

жытын бизге желпип жаткансыйт. Сулайман көөдөнүн кере рахаттана дем алат.

– Сүйүү да ушул таза аба сыяктуу адамдын жашоосуна зарыл керектүү каражатпы дейм. Сүйгөнүнө баш кошкон адам көпкө чейин картайбаса керек. Аша чаап жатпасам, мени бир топ ментимен тайытып кеттиң. Кантейин.

Эрдимди кесе тиштедим. Сулайман сөзүн кайта улантты. – Балдарыңды алып, апам менен биздикине барып кет. Салиман сени жакшы күтөрүнө ишенем.

Башымды чайкадым. Эңилип колумдагы саатка кайра үңүлдүм.

– Кетели деп турасыңбы, жаным. – Сулаймандын эрди дирт дей түштү! – Бир түнкү уйку эмес, сен үчүн канча түндү кирпик көзүн какпай узатканымды билбейсиңби?

Көзүм бет маңдайыбызда жылдызча кылып айдалган тааныш гүлгө урунду. Балким, астра гүлү болуп жүрбөсүн? Ордумдан жеңил козголдум. Сулайман колумдан алды.

– Кайда барасың?

– Эч жакка барбайм. Тетигил кайсыл гүл. Астра эмеспи?

Сулайман колумду кармаган бойдон кошо басты.

– Туура тааныптырсың, астра.

– Бирди үзүп алайынбы?

– Өзүң бил. Бир кезде астра жакшы көргөн гүлдөрүмдүн бири эле. Мен азыр аны жаман көрөм.

– Мен аны сүйөм. Аны мен сени кандай көрсөм ошондой көрөм. Биздин үйдө астра гүлүнүн дестеси дайыма болуп турат.

– Кара жолтой дебейсиңби?

– Гүлдө эмне күнөө, бирди үзүп алайынбы?

– Мен үзүп берейин.

Сулайман беш тал гүлдү үзүп берди.

– Эмне үчүн бешти үздүң? Мага бирөө эле керек болучу.

– Сен жалгыз эмессиң да, жаным. Бул экөө уулдарың, үчүнчүсү Сапар, төртүнчүсү өзүң. А бул ашып калган түгөйү жок бешинчиси мен.

Жүрөгүм сыздап кетти. Оозума сөз кирбей калды. Көздөрүм ысык жашка толуп, кирпигимдин ирмеми менен кошо төгүлчүдөй мөлмүлдөп араң турду.

– Баса, Гүке, Сапар мени конокко чакырды.

– Сапаштын энеси айткан. Кайын энем да ченде жок эстүү киши. Сени жактырып барды.

– Менин энемден да жакшыбы! Байкуш апакем, сени алиге чейин унутпайт.

– Унутпайт дечи... Ал кишини мен да унуткан жокмун. Энелерде эмне айып. – Көзүмдүн жашы булактап кетти.

Сулайман бетин бетиме такады.

– Ыйлап жатасыңбы?

– Жок...

– Сага капа болууга жарабайт. Минте берсең ден соолугуңду талкалап аласың. Анда эмне болот?

– Айтчы, Суке, биздикине барасыңбы?

– Сен билчи, барайынбы? Кийин Сапар көңүлүнө албайбы?

– Ал андай жеңил-желпи, ичи тар, эси жок жигиттерден эмес. Чын пейили менен кадыр салып чакырса, сөзсүз, баргын. Барбай койбо. Мен сени күтөм!!

– А сен эмне үчүн мен чакырсам барбайсың? Жалгыз баргың келбесе, Сапар чыкканда экөөңдү чакырсам барасыңбы? Жок дегенде жакшы жолдош катарында келишип-кетишип жүрөлү. Минтүүгө эмне үчүн болбосун. Ойлонуп көрчү. Анда мен сени күндө болбосо да анда-санда көрүп турар элем. Туурабы?

– Байкап көрөйүн. Эгер Сапар каршы чыкпаса. Саат үч болуптур, кетелиби, Суке?

– Болуптур, сүйгөнүм. Кетели десең кетебиз да. Жок дегенде көңүлүмдү көтөрүп, бир өптүрүп койбос белең?!

– Бир тууган болуп жүрөлүчү, Суке!

Сулайман ойлоно түштү.

– Жүйөөлүү сөз. Кол үзүшпөйбүз ээ.

– Эч качан.

– Келе колуңду. – Колубузду кармашып, бир демге токтой калдык.

– Суке! Сапашымды жакшы кара, жарайбы?

– Сөзсүз, жаным...

Шаар караңгылыктын кучагынан суурула баштады. Айлана жанданып бараткансыды. Мен үйгө келгенде, энем көчөгө чыгып менин жолумду тосуп жүрүптүр. Сапар медсестра аркылуу эки-үч жолу звонить эттирип, менин ден соолугума тынчсызданганын айтты.

Энем ыйламсырады.

– Түндөтөн бери Сапар экөөңөрдүн турмушуңарды ойлоно берип кирпик көзүм какпай таңды аттырдым. Сага да, Сапашка да, анан жанагы дөгдүр балага да бактысыздыкты алып келген менминби чын эле? Олдо айланайын кулундарым ай, эмне үчүн жүрөгүңөрдү оорутуп, сөөгүңөрдү сыздаттым экен. Жерге кирейинчи... Убалыңар...

– Кеч ойлонуп калдыңыз, энеке!

Энем шолоктоп ыйлады. Астра гүлү колумда титиреп турду.

* * *

Гүлкандын аңгемесин ушунчалык кунт коюп уккандыктанбы, биз олтурган машина автовокзалга бурула берип токтогондо гана эки жагыма элеңдеп карап, сапарыбыздын аяктаганын билдим.

Келиндин жүрөгүн чексиз жаралаган махаббаттын жалбырттаган өжөр учкуну менин тынч көңүлүмдү бир эсе толкутуп, бир эсе чөгөрүп кеткендей болду...

– Мүмкүн, булар бирөөлөргө сабак болор деп ойлоймун. Эмесе, Гүлкан, кош бол.

# ЖЕТИМДЕР

## I БӨЛҮМ

*Урматтуу окуучу!*

Мен Сиздерге колумдан канча келсе, ошончолук чыныгы турмуштун көркөм элесин, адамдардын жакшынакай образдарын, сан тетиктүү жүрөк күүлөрүн, алардын ички дүйнөсүн тартуулагым келет.

Оюмда ойлоп жүргөн чыгармачылык пландарымдын эң башкы темасы да адамдар. Ооба, сиздер менин бүтпөгөн романтикамсыздар, кымбаттуу замандаштар. Алдыңыздарга сунуш кылып олтурган бул чыгармамдын башкы каармандары да өзүм сүйүп, өзүм кадырлаган жакшы адамдар – сиздер жөнүндө болмокчу.

Жетимдер деген бул повесттен атасызга ата, энесизге эне болгон боорукер, мээримдүү адамдардын үнүн угасыздар. Бирок мендеги күйүт ошол өзүм сүйүп, өзүм кадырлаган жакшы адамдардын жакшы сапаттарын, ички дүйнөсүн сиздерге жеткире алдым бекен?!

* * *

Атасын келеттен капарсыз олтурган балдар аттын каңыртын алыстан угуп, ызы-чуу түшүп кыйкырып коё беришти. «Ушул келаткан атам, энеке!», «Кудай, кудай атакем!», «Атам келатат!» Нурлан оттун боюна жайылган кийиз өтүгүн кийгенче, Ракат жылаңайлак, жылаңбаш эшикти көздөй атылды. Үлпүлдөгөн кара чырактын жарыгына салып, жамап олтурган жамаачысы Шайымкүлдүн колунан ыргып кетти. Өңү өчүп, муундары калтырай

баштады. Шайымкүл эмне кыларын билбей делдирей түштү. Өчүп бараткан отту ичкерештирем деп коломтодо капталы менен отто турган сары чайнектеги сууну алып барып казанга куюп жиберди «Мен жинди болуп турамбы?» – деди өзүнүн туура эмес иш жасап жатканын байкай коюп. – Бүгүн келер күнү эмес эле, кандайча келип калды. – Кечээки өзүн ур-берге алып камаган басмачылар эсине түштү. Алар азыр да Чокону аңдып ушул тегеректе жүргөнсүп кетти. Көзүнөн чаар чымын учкан Шайымкүл отту оңдоштура албай калтактап жатты.

Ракатты көтөргөн Чоко теректей болгон узун бою менен эшик жабуунун бир жагын өзү менен кошо ала кирди.

Балдардын салынган төшөктөрүн бир жагына оолаштырып, күйөөсүнө орун камдаганы жаткан аялын Чоко билектен алып өзүнө тартты.

– Кандай?

– Эмнеге келдиң?

– Келбесин дедиң беле? Эмнеге антип сурадың?

Шайымкүл мукактана түштү.

– Жайык мындан чыктыбы? – деп сурады Чоко.

– Жок. Ал кайда жүрөт?

– Азыр эле ушул жерден көрдүм. Бекболот карыяныкына кирип кеттиби деп калдым. Мен мындан чыктыбы дедим эле.

– Сандалып эки күндүн биринде эле, ушул айылга келип калуучу болду.

– Келе берсин. Кандай, өзүң жакшысыңбы деги?

Шайымкүл ызалуу, коркок көздөрү менен Чокону жалдырап тиктеди.

– Кайдагы жакшыны сурайсың? Жаман. Бардыгы жаман. Бирок жаман болгондо кудай алат беле мени. Коё бер эми, чай коёюн.

Жигит шалдая түштү. Шайымкүлдөн көзүн албай таңдана тиктеди.

– Баса, Жезбилек кайда кеткен? Алдымдан, ат чабым жердей таанып чуркачы эле, көрүнбөйт го?

– Атып кетиптир.

– Атып кетиптир? Ким атып кетет?

– Билбейм! – Шайымкүл күңк этти.

– Атаке, басмачылар атып кетти. Кечээ эле.

Эне уулун алая карады.

– Болду. Басмачылар экенин көрдүң беле?

Нурлан унчукпай калды.

Чоко тура калып, жаңы эле керегеге илген беш атарын алды.

– Жакшы жөрөлгө эмес. Атайын аткан экен да. Кап, иттин сырттаны эле. – Чоко ойлоно түштү. Ортодо чоң каланган тезек созолонуп текши күйө баштады. Бардыгы ошол отту тиктешет. Каректерден да жалындардын соймоңдогону көрүнөт. Аял үч бурчтуктуу тулганы бир жак капталына жыгып, анын үстүңкү бутуна жедеп отко ышталып бүткөн сары чайнекти илмек болду.

– Чай ичпейм, мен үчүн убара болбо. Бери чыгарда эле тамактанып аттандым. – Чоко чөнтөгүнөн бир тоголок кантты алып, балдарына тиши менен болуп таратты. Бир кесегин Шайымкүлгө сунду.

– Эмне эле сен мени көргүң келбей туйтуңдап калгансың. Олтурчу мындай, жаныма. Эл ичинде эмне кеп, эмне сөз бар? Чалгынга баратабыз. Учураша кетейин деп, бура тарттым.

– Жолдошторуң барбы?

Мени жалгыз жүрөт экен деп чочулабай эле кой. Жолдошторум тигил жакта калышты. Алар мени күтүп жатышат. – Чоко балдардын төшөгүн баса, малдаш урунуп олтурат. Күйөөсүнөн бир аз обочороок, сыңар тизелеп, оттун жалынын телмире тиктеген Шайымкүл дагы эле үнсүз.

Жигиттин көзүнө кечээ эле бурала басып койкоюп, кызылы кызыл, агы ак тартып жадырап туруучу тегерек

толмоч жүзү шалпайып, жаак эттери шимиле түшкөн келинчегинин кебетеси нары кичирейип, нары картая түшкөндөй болуп көрүндү.

– Ооруп жүрөсүңбү?

– ?..

– Айттым го сага, бул жерге конуп-түнөгөнү келген жокмун. Азыр эле кайра аттанам. Каалабай да калыптырсың мени. Убакытты бекер созбо. Мага даярдаган эмне кеп-сөзүң бар. Ошону угайын деп келдим. Оо, байкушум десе, кокус арманда ыйлап калып жүрбөгүн, ыя?

– Арманда калбасын десең тез аттан.

– Анчалык эмне болуп кетти. Билгениң болсо айтпайсыңбы?

– Сени басмачылар колго түшүрөбүз деп аңдып жүрүшөт.

– Билем.

...Чоко Шайымкүлдөн Тынтай корбашынын кабарын укту. Анын жигит-жаланДары кечээ түн жамынып келип, андан Чоконун качан келээрин сурап, анан аны колго түшүрүп берүүнү талап кылыптыр. Эгер ал кара ниеттиктен кайтып, жаңылдым-жаздым деп, Тынтайдын алдына келсе өткөн күнөөсү кечирим болор имиш. Кокустан бул тапшырма орундалбай турган болсо Шайымкүлдүн өзүн баш кылып, балдарын койчо мууздап өч ала тургандыктарын билдирген. Шайымкүл муну Чокого көз жашын көлдөтүп олтуруп айтты. «Басмачылар сени да, бизди да өлтүрөт» – деди аял. «Өзүм өлсөм мейли эле балдарымды кантем. Кандай балакеттүү ишке башыңды чатып алганыңды да билбейм. Али да кеч эмес, ойлонуп көргүн. Өз элиңдин канын төгүп, аларды орустарга кармап бергендигиң үчүн сени эч ким алкабайт...»

Чоко мындан бир ай илгери Жаныбек, Бакачы, Жанбо сыяктуу басмачылардын тополоңун тоз кылып, күлүн көккө сапырган. Узун сакал Тынтай корбашынын атын атып, өзүн жарадар кылып, атактуу Телебай баатырды

колго түшүрүп кеткен. Чоко ошондон бери Тынтайдын кайда житип кеткенин иликтеп, билалбай жүргөн.

Баятан аялынын сөзүн унчукпай тыңшап олтурган Чоко башын көтөрө берип, алая карады. Шайымкүлгө анын жайнаган өткүр көздөрүнөн от күйүп тургандай көрүндү.

– Сүйлөп бүттүңбү, же дагы айтарың барбы?

– Мени аябасаң да балдарыңды аясаң боло, – деди каны ичине тартып кумсарган Шайымкүл.

– Сенин оюңча Тынтайдын алдында кол куушуруп, аягын кучактап кечирим сураса дейсиң го. Алар менен кайнаса каным кошулбай калганын билүүчү элең го өзүң. Же бизди жасаган кудай ошолор беле. Менин Тынтайда ата-бабамдан берки кетпес кегим, өткөн өчүм бар. Алардын түбүнө жетмейинче Чоконун жаны тынат экен деп ойлобо. Бийлигин пир кылган мезгил өтүп кеткен.

– Ушинтип канкор атка коноюн дедиң беле. Жаңы өкмөтүңдү жыргатат-жыргатат эле дейсиң, тапкан жыргалың ушулбу? Карачы, балдарыңдын үстүн. Кайдагы бир жок жомокторду айтып, башымды айландырып бүттүң. Ач-жылаңач болсом да балдарым менен ызы-чуусуз тынч жашагым келет. – Аял басылбай ыйлап жатты. А балдар болсо уйку аралаган чарчаңкы коркок көздөрү менен ата-энесине алмак-салмак жалжылдап, Чоконун тизесин баса олтурат.

– Эмнеге эле мынчалык ыйлайсың? Ажалыңа Чоконун себепкер болоруна көзүң жетсе бар, азыр кармап бер мени…

– Кантип эле сени душманга кармап берейин дейин. Алар сенден мурда бизди өлтүрүшөт. Ишенсең ушуга.

– Эмне кыл дейсиң?

Шайымкүл кайра баштан өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап кирди.

– Ыйлап коркутам деп турасыңбы мени.

– Эл сени динден чыкты деп жатышат. Ушул жакшы сөзбү?

– Мага баары бир. Нурлан карачы, балам, ат үркүп жатабы. – Нурландын чыкканынан киргени бат болду.

– Жөн эле жер чапчылап жатыптыр.

Чоко ордунан турду. Аялынын маңдайынан сылап, ээгинен көтөрүп койду.

– Мен кеттим, байбиче. Чыдамкай, кайраттуу бол. Аз күнү чыдасаң бардыгы жайында болот. Көп мүңкүрөбө минтип. Кайыр, жакшы калгыла.

Жарданып турган балдарын өптү. Шайымкүл күйөөсүнүн кетээрин билип турса да ордунан козголбоду. Нурлан атасын ээрчий басты: «Ата! Кайра качан келесиң?!» Атын чылбырдан кармап, үзөңгүгө жаңыдан бут салганы бараткан Чоко токтоло калды.

– Секет кетейин, атаң ушинтип эле кырсыктан тышкары болсо бир күнү тукуясыз келип калат. – Өзүнө жабыша түшкөн уулун жерден таптак көтөрүп алып бооруна сыга кучактап, эки бетинен алмак-салмак өптү. – Эстүү бол, балам. Энеңе айт, Нуке, душмандын сөзүнө алданбасын, макулбу? – Нурлан чекесин атасынын көкүрөгүнө жөлөп өпкөлөп жиберди. – Макул, ата. Өзүң да сак бол. Биз сенден коркобуз. – Бала булкулдады. Чокого уулунун ушул бир ооз сөзү канатына канат байлагандай шердене түштү. «Эси бар экен»,– деп ойлоду.

Шайымкүл аттын дүбүртүн узата тыңшап туруп, ордунан секирип турду. Жабыктын тешигинен шыкаалап туруп тоңо түштү. «Кетти. Тынтай бийдин сөзүн эмес, атын уга турган түрү жок. Укпаса кантейин. Укпаса да аман болсунчу, ырысым. Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун. Сен мага таарынбай кет, мен да сага таарынбайын». Келиндин жүрөгү тызылдайт. Чоконун көздөрүнөн өппөй калганын эстеп ичи эңшерилди. Мурда келгенде балдарды калтырып коюп, Чокону узата басчу. Чоко аттын үстүнөн эңиле түшүп Шайымкүлдү дагы бир жолу өпчү. Колуктусунун болтогой келген ки-

чинекей эриндери күйөөсүнүн балбылдаган коймолжун бажыракай көздөрүнө алмак-салмак кадалчу. Шайымкүл караңгы түндөн, Чоконун кеткен жагынан карегин албай тиктеп ушуну эстеди. «Каралдым, бүгүнкү күнөөмдү кечирип кой. Сени мен жамандыкка кыйбай калайын». Көз жашын сүртүп бурулду. Эки кыз кучакташып энесинин төшөгүндө уктап жатат. Эне Тынччылыктын бешигин көтөрүп барып, жанына койду. Нурландын бош жаткан ордун көрүп жүрөгү зырп этти. – «Эмгиче тышта эмине кылып жүрөт үшүбөй», – деп күбүрдү.

– Нуке! Нурлан!

– Азыр.

..............................

– Нурлан дейм!

– Азыр, энеке!

– Э ботом, сенин азырың качан бүтөт. Үшүп кетпедиңби?

– Э-не-ке, бери чыкчы батыраак.

Шайымкүл атылган мылтыктын үнүн угуп, селее түштү.

– Эмне болуп кетти, э кокуй Нурлан. – Төшөгүн аттап-буттап эшикти көздөй жөнөдү.

– Атышып жатат, энеке. Кантсе да басмачылар. Асманга бирөө үч жолу атты. Атам жолдошторун чакырып жатат го ээ, эне. – Бала коркконунан үрөйү учуп, калтырап турду.

– Кокуй, кокуй, жолдоштору жомуран калсын. Жолун тосуп жаткан экен ээ басмачылар. Атаң жалгыз бараткaнда түбүнө жетишмек болду го, катыгүн кудай. Үйгө кайдан гана келдиң экен, таалайы тайкы шордуум. – Атышып жаткан тарапты көздөй эки-үч саржанча атылып барып токтоду.

– А-та-а! А-та-к-е-е! – Нурлан үнүнүн бардыгынча кыйкырып жиберди. Энеси кармаганча болбой бет алды чуркады.

– О-о, а-та-а, ата-ке-бай!

Шайымкүл шашып калды. Аркасынан чуркап, Нурланга жетем деп ойлоду. Эне буту үзүлгөнчө жүгүрүп баратты.

– Ну-р-ла-а-а-н, ток-то-о. Экөөбүздүн колубуздан эч нерсе келбейт. Басмачылар атып салат сени. То-к-то-о. Атаң экөөң мени тозокко салбагыла. Кагылайын, Нурланым.

Нурлан энесин укпай атасы тарапты көздөй жебедей сызып баратты.

– Ат-а-а, ата-к-е-е!

Бала секиден эңкее бергенде туура тушунан чылбырын сүйрөп, топтон кошкуруп үркүп чыккан атты көрүп токтой калды.

– Атамдын кара аргымагына окшойт да бул салт ат, – деп ойлоду тупатуура өздөрүнүн үйүн көздөй учуп бараткан атты оозун ача тиктеп. Нурлан жамандыктан жыт алгансып, дем алалбай калды. Жүрөгү лакылдап, эки бутунан жан кеткенсип, тизелери титиреп турду. Караңгы түндү как жарып атылган октор жиптей саргыч изин калтырып, Нурландын төбөсүнөн зуулдап өтүп жатты. Бала калтырап тоң жердин үстүнө боюн таштады. – Ата, атаке бай, деп жансерек солкулдады. Атышуулар али басылбай, кайдадыр алыска сурулуп, күчтүүлөрү күчсүздөрүн жерине жеткире кууп бараткансыды.

– Нур-ла-ан, Нурла-а-ан, токто-о кагылайын, атаң кетип калды, таппайсың балам, – деп үнүнүн бардыгынча жер-сууну бузуп, чачы жайылып артында келаткан энесинин караанын көргөн бала боорун жерден көтөрө албай өпкөлөп жатты. – Ат-а-а, ата-ке-бай!

Нурландын кулагына ызы-чуу түшүп, эне-баланын артынан куба келаткан Бекболоттун үй-бүлөсүнүн, кошуна-колоңдордун үндөрү угулду. Чоко бул кезде кызыл канга боёлуп жолдошторунун ортосунда эс-мас жаткан болучу…

* * *

Ээсин жуткан кара жолтой кара үй Чоконун жесири менен жетим калган кызыл чиедей балдарына паана боло албачудай алар менен кошо кара кийип, кан жуткансып үтүрөйөт.

Биттейинде биригип, турмуштун ачуу-таттуусун бир татып, андан агартып уул, кызартып кыз төрөгөн Шайымкүл бүгүн жалгыз. Ал Чокону таарынтып чыгарган бойдон көрбөй калды. Өз арманы өзүндө болгон аялдын өзөгү өрттөнүп, жүрөгү сыздап, көз жашын көлдөтөт. Мени тирүүлөй азап тарттырбай ала жат: «Чоко» – деп күйөөсүнүн арбагына күндө үч убак жалынат. Андан кечирим сурайт. Шайымкүл күйөөсүнүн тирүүсүндө ач-жылаңач болсо да дүнүйө капар жүрүүчү эмес беле. «Атабыз аман турса ачкан курсак тоюнуп, жыртылган кийим бүтөлөр», – деп өзүн өзү сооротуучу эне, бүгүн такыр башка. «Чоко болсо бир жанын карап кетти. Тирүү калган биздин күнүбүз кантип кечет кокуй...»

Күн өткөн сайын Чоконун азын-оолак камдап берген как-согу түгөнүп, ун-талканы азайып баратты. Чоң ичип, чоң жеп көнгөн балдар ченге түштү. Көзүн караган оокаттын кайдан берекеси болсун. Канчалык аяп, канчалык үнөмдөмүш болгону менен казан-аягы кагырай баштады. Балдар жеп көнгөн тамагын сурашып, Шайымкүлдүн шайын оодарат. «Токоч жегибиз келет. Эмне үчүн эт бышырып бербейсиң», – дешет. Алар жок-барды ажыратып дегеле билбөөчүдөй.

Эне мелтирейт. Балдарынын сөзүн укпай, кереӊ болгон адамдан бетер, эки бутун сунган калыбында үнсүз. Алты айлык Тынччылык Шайымкүлдүн эки кабат болуп шалбыраган эмчегин соро берип, таңдайын жибите турган эч нерсе чыкпаганына ачуусу келгенсип, бүйлөсү менен үрпүн кырча тиштейт. Анан алсыз үнүн кыңылдатып көкүрөгүн тырмалайт...

Жаңы жасалган ысык жарманы шорулдата ууртап, шашып-бушуп ичип жаткан балдарын бир топко тиктеп туруп, Шайымкүл ыйлап жиберди. «Оолда өлүмгө жетпеген, Чоко ай. Сен өлгөнче мен өлсөм эмне». Ыйдан жүрөгү үшүгөн Нурлан менен Ракат энесине жабышышты.

– Ый-ла-ба-а, ыйла-ба дейм, энеке.

– Энекебайым, ыйлабачы эми. Басылчы. – Балдар аялдын көз жашын алакандары менен сүртүп, мойнунан кучакташты.

Эне күлүмсүрөмүш болду.

– Ыйлабайм, балдарым. Мен тим эле атаңарды эстеп жатпайымбы. – Эне эки колтугуна жабыша түшкөн уулкызын имере кучактап, баштарынан сылап эркелетти. – Сен чоңоюп калбадыңбы, Нуке. Бөбөктөрүңө көз болуп тур. Бүгүн Тынччылыктын ичинен кан аралаш ириң өтүп калыптыр. Кокус оюнга алаксып ыйлатып койбогула. Мен силерге бирдеме сурап келейин. Жарайбы, балдарым.

Балдар так секирип, колдорун чапкылап жиберишти.

– Кудай, кудай! Энем токоч алып келет. Көп алып келесиңби?

– Ким билет. – Шайымкүл эмне дээрин билбей калды. – Табылса таштайт дейсиңерби.

– Табылат эле. Курут, сүзмө, эт, токоч. Ушулардын баарын макулбу, энеке. – Ракат энесинин мойнунан орой кучактады.

– Оп балакетиңди алайын жаман секелегим, оозуңарда бардыр...

...Турмушу жеткилең, эл арасы тынч болсо калдайтып кара кийип, Чокону күндө үч маал жоктоп, аза күтүп, жыл маалына чейин үйдөн чыкпай ары карап олтуруучу Шайымкүл минтип куу кекиртектин айынан айыл кыдырып, тамак издеп чыкты.

«Балдарымдын оозунун салусу болуп, колума бирдеме илинээр бекен», – деп ойлогон үмүттүү эне, куру алакан

кайтарын эстесе көңүлү караңгылап, жылдызы өчө түшөт. Аял үйүнөн жаңы гана узай бергенде коңшу үйдүн кемпиринин үнү Шайымкүлдү токтотту. Тигил кемпир оң колундагы таягына салмагын салып, өбөктөй берип, сол колун булгалап жатат. Барбай басып кетүүгө болбойт. Келин жолунан калганына өкүнгөндөй бараткан жагын бир карап алып, кайра басты. Бул эки үй эзелтен бери ирегеси бөлүнбөгөн, кадыр көңүлү калбаган ынтымактуу коңшулар эле. Келини төркүнүнө аштык үмүтөтүп кеткенине туура жарым ай болот. Жалгыз баласы келинчеги кеткендин эртеси ыктыярдуу отрядга кошулуп кеткен бойдон келе элек. Кемпир-чал келин-уулунун жолун карай берип, көз майлары түгөндү. Катык кылып, аркандап саап ичип олтурган улактуу эчкисин улагада байлап олтуруп, уурдатып жиберишти. Көчпөй-конбой олтуруп ушундай кырсык болду. Кечээ эле Чоконун балдары ичсин, Чоконун балдары жесин деп колунда барын алардын оозуна кармап, өнтөлөөчү боорукер эненин үйү бүгүн кагырап турган кез. Тигил кишинин Шайымкүлдү токтоткон себеби да ошол эле.

– Атан алсырап жатат. Балдары кургур да кечигип жатып алышты. Талканыңдын артышы болсо берип тур, балам. Кеткендер келип калса ажеп эмес.

Шайымкүлдүн жүрөгү дир дей түштү. Тамагына бирдеме тыгыла калгансып, оозуна сөз кирбей калды. Ал Байкал энени санаалуу тиктеген калыбында мостоюңку күлүмсүрөдү. Азыр анын өзүнөн өзө тез-тез бүлкүлдөп жаткан бакалоору болбосо, Шайымкүл катырып койгон кеп кишинин сөлөкөтүнө окшоп турду. «Эмне кылыш керек?» Беш баш кишинин караганы бир желпим талкан. Буларга теңин бөлүп берсе, ар жакта эмнеси калат. Бербей эле койсочу? Жок, жок. Шайымкүл антип пейилин буза албайт. Ушул карылардан бир ууч талканды аяганда айлык азык, жылдык үнөм болмок беле. Азыр Шайым Байкал байбичеге көрсөтүп туруп бөлүп берет.

– Жок болсо кыйналбачы, балам. Сени көрбөй турат дейсиңби? Айла кеткенден...

– Жүрүңүз, атамдан кантип аяйын. Баш аман болсо тамак табылар. Ажалыбыз ачкачылыктан болсо чогуу көрөрбүз.

Аял үйүнө кирип, ала бакандын эң жогорку ачасына илинген боз тулупту колуна алды. Көзүнө келе түшкөн жашты Байкалга байкатпаган Шайымкүл, тишинин агын чыгара күлүмүш болуп, кочушундагы талканды кемпирдин жоолугунун учуна салды...

Аял жолдо карата кемпир-чалдын өткөн турмушун, аш-тамагы кенен, жайыл дасторкон кишилер экенин ойлоп, каңырыгын түтөтүп келатып, жолду кандай басып өткөнүн да билбей калды.

Шайымкүлдүн көзүнө Аккоргондо батырап жаткан калың айыл бир жакка көчүп кеткендей көрүндү. Алыс-алыс чачыла конгон бирин-серин үйлөр. Ушул сенделе баскан алсыз келин бул жердеги үйлөрдү беш колундай билүүчү. Эчен жолу келин чий чырмашып, жүн сабашып, кийиз басышып билектерин кызартып, алакандарын далай кабарткан.

Бетинде бармак басым темгили жок алты канат ак өргөө келиндин көзүнө ээн талаада жалгыз калган бейитке окшоп көрүндү. Бир кезде эшигинен эл кетпей, мамысынан ат кетпей күндө жыйын, күндө той өңдүү котолоп жатуучу салтанаттуу бул үй бүгүн жымжырт. Кубалашып ойногон балдар да, божурашып тигил дөбөдө олтуруучу чалдар да көрүнбөйт. Ал эмес эртеден кечке жантынымын албай бири бээ саап, бири суу алып, бири казан асып чуркап жүрүүчү кудайы момун кул менен күңдөр да жерге сиңип, абага учуп кеткендей.

Шайымкүл «касиеттүү» болуштун үйүнө кирсемби, кирбесемби дегендей эки анжы болуп, кежигеси кер тартып туруп зорго аяк шилтеди. Үйдө байбиче менен токолу, Мырзакмат деген булардын ортончу уулу үчөө

гана бар экен. Килемден келиштирип жасалган эки чоң куржунду шыкай толтурушуп, оозун килиттеп жатышыптыр. Жайылган дасторкондо бышкан эт, казанга жабылган бир патнос нан турат. Коломтодогу ысык корго көмүлгөн кашкар чайнек алы-жаны калбай шакылдап кайнап жатат.

Шайымкүлдүн көзү дасторкондогу тамак-ашка сугулду. Шилекейи чубуруп, башы калчылдап, курсагынын ачып турганын эми гана сезди.

Кирген аялдын саламын жактырбаган байбиче чаары чыккан жаман көзү менен акшыя бир карап алып, жүзүн буруп кетти.

– Жакшысыңарбы, энеке! – ал жүйүртө басып коломтонун боюна олтура берип, этегин кымырып, үй ээлерине алмак-салмак карап жалжылдады.

Байбиче мойнун тез буруп, мурдун чүйрө минтти:

– Эмне, жаман деп уктуң беле? Көрүп турбайсыңбы жаман-жакшыбызды. Жакшысыңарбы, деп коёт, жакшынын балакетин алгыр.

– Мен жамандык менен айткан жокмун, жарыктык. Кечирип коюңуз анда. – Бир топ тынымдап кийин, тигил аялды карап:

«Энеке!» – деди калчылдаган добуш менен алардан ырайым күткөн кейипте.

– Эмне?!

– Ырайым кылыңыз. Ачкалыктан алсырап турушат. Нан-паныңыздын арткан-үрткөнү болсо берер деп келдим. Жакшылыгыңызды өлгөнчө унутпайын. Сообубуз тийсин.

– Эриң кайда? – Аял билсе да билмексен болуп сурады.

– Уккан жок белеңиз, кышында басмачылар өлтүрүп кеткен. – Келин ыйлап жиберди.

– Көзүңө ак түшсүн. Ылайым ушинтип тентип-тербип, көрүнгөндүн эшигин сагалап, алакан жайып, ак уруп калар күнүңөр кайда. Силердей арам тамактардан

келүүчү соопту кудайдан көрдүм. Сенин балдарыңа бергенди эшиктеги итке берсем, ошонун сообу тиет. Ма десе тукум курут болуп кырылып кетсин ачкалыктан.

– Эне-ке-бай! – Шайымкүлдүн үрөйү уча түштү.

– Эненин балакетин алган, сүйрөлгөн канчык, чык эшикке. Так силерге окшогондордун кесири тийип, элдин уюткусу бузулду. Ылайым жакшылык бетин көрбөй калгыла. Көзүңөрдөн жаш, көкүрөгүңөрдөн дарт кетпей калсын ушинтип. Чоконун өлгөнүн угуп, көксөм ошондо бир ууду эле, эми сени көрүп көксөм экинчи ууп олтурат. Жер жүзүндөгү Чоко өңдүүлөрдүн бардыгы бүт өрттөнүп өлөр күнү кайда. Телебайды баш кылып өңчөй берендерди кармап берген сенин ошол динден чыккан жаман эриң имиш. Өлөрдө да жөн өлбөй бир топ кишинин башын жутуп өлүптүр ал. Көрүндө өкүргөн доңуз, тозоктун көсөөсү болор.

Шайымкүл чыйрала түштү.

– Аша чаппаңыз! Ансыз да өз көйнөгүм өзүмө оор болуп турат. Ким кимге жамандык кылганын бир кудай өзү текшерип тургандыр. Бербесеңиз бербей эле коюңуз. Жаман айтып, жанымды кейитпеңиз.

Келин оттун жээгинде жаткан без, эттин калдыктарына колун сунду. Эмне үчүн ошентти экен тигилердин кебетесин көрүп туруп. Же жейин, же балдарына ала кетейин дедиби. Аңгыча Мырзакмат ордунан обдула түшүп, көсөө менен тап берди:

– Итче шимшилеген албарсты. Жогол оттун тегерегин жойлобой. Алар Шайымкүлдү ошентип үйдөн кууп чыгышты.

Чоконун «Бул айылга барганыңды кыскарткын. Алардан сагажакшылык артпайт» деген сөздөрүн ойлоп келатып, кечүүгө кире бериштеги малдын туягынан ала дөңгүл тартып, бөксөрүп калган чуңкурду жаздым басып алып, бети менен кете жаздап барып токтоду. Кечмелик-

тен бир аз оолактай берип, көгү жаңы чыгып келаткан нымдуу жээкке жүйүртө басып, колун сууга узатты. Ачасы чыккан арык манжаларынан суу сымаптай куюлуп, кочушуна токтобой жерди көздөй шорголойт. Ал жашка жуулган жүзүн чайкап, муздак суудан кылт этти.

Аял булактын акактай тунук кирсиз таза агымына, түрмөктөшүп бирин бири куушуп бараткан майда толкунуна сустая телмирди. Каны катып, кайгыга батып, ачкалыктан алы куруп бараткан армандуу келиндин муңдуу жүрөгүн ушул Алтынбулактын жылаажындай шылдыр үнү канына кан, кубатына кубат кошуп жаткансып көңүлүнө жагымдуу туюлат. Ал бирде ырдап, бирде ыйлап жаткансыйт. «Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген, күчтүү болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн». Пай-пай-пай. Ырас эле суудай таза, жердей баатыр болсок ээ. Оо, жер-суу, тоо-ташыңдан айланайын жараткан. Сенде туулуп, сенде өсүп, сууңду тең ичип, тузуңду тең татып келатса да адамдардын бактысы ар башка беле. Ак падышаны тактысынан Чоко ыргыта сайгансып, өлгөн немени да көрүндө тынч жаткырбайт экен го булар. Маркум күйөөсүнүн, – жаңы өкмөт баш-аягын жыйнап бүткөндө жыргалды көрүп ал, – деп айткан сөзүн эстеди аял. – Орустан коркпо, Шайымкүл. Орус эмес эле ырыс экен бул эл, – деп балдарын тизесине кондуруп алып бөпөлөгөнү көз алдына тартылды. – Жаңы падышанын кулачы узун, түбөлүктүү. Буюрса балдарым бактылуу болор. Бул өкмөт мектеп ачып, бардык балдарды бекер окутат, түшүнүп жатасыңбы, Шайым. Биз ушундай бактылуу эне-ата болобуз дейсиң. Орустарча чатырлап үй салганды үйрөнөбүз. Ата-бабабыз көрбөгөндү көрүп, ичпегенди ичип жыргайбыз. Элдин баары ошону айтып дүүлдөп жатат. Мен партияга өтмөк болдум. Бизге баарын түшүндүрдү. Ага элдин баарын эле ала бербейт экен. – Шайымкүл ишенбегендей колун шилтеп койду.

«Андай чоң уюмга кантип эле сени ала койсун». Чоко аялына колун сунат. – Келе, колуңду. – Жигиттин үнү ишенимдүү чыгат. – Кантип эле калп айтайын. Чыны чын. Бирок ошол партия деген наамды көздүн карегиндей сакташ керек. Партия эмнени айтса, ошону кашык каның калганча орундап, ак ниеттүүлүк менен иштеш керек. Ал үчүн көпчүлүктүн алдында, партияга өтүп жатканда ант берем. Жаңы өкмөт үчүн бардык күч-кубатымды жумшай турганымды айтам. Мени партиянын катарына алгыла деп өтүнөм... Анан дагы эмне болду эле? Ө-ө-х, тилегине жетпеген өмүрү кыска шордуум ай. Сен тирүү болгондо мынчалык кор болбойт элем го. Эмелеки өзү уккан жагымсыз сөздөрдү эстеп, жүрөгү кайра баштан шуу дей түштү. Анан дагы балдарынын жол карап турганын ойлоп кантээрин билбей кетти. Ачкалыктан башы айланып, кулагы чуулдап, көздөрү чыбырала болуп, өзөгү үзө тартты.

Аркы өйүздөн суу алганы келаткан Айымжан болбогондо, Шайымкүл бул жерде дагы канча убакытка олтурарын ким билет эле.

...Курдашы Шайымкүлдү үйүнөн узатып чыкканда түш ооюн деп калган. Колундагы бөрсөйгөн кичинекей боз баштыкка кубана караган аял тигил келиндин колун кыса кармай берип, көзүнө жаш алды.

– Мени кечир, Айке! Акыркы оокатыңарды тең болуп бердиңер. Теңир жалгасын силерди. Мындан ары экөөбүз көрүшөбүзбү, көрүшпөйбүзбү, ким билет.

– Кызык, эмне үчүн көрүшпөйбүз?

Шайымкүл курбусуна өз оюн айтты. Чүй боорунда анын төркүнү бар болучу. Алар менен катышпаганына бир топ жыл болуп кеткен. Ким бар, ким жогун да билүүчү эмес. Ошентсе да үмүт деген чиркин кыйын тура. Казанына аш салып берер карачечекей күйөрү болбосо да, ата-энесин көргөн ага-инини бел кылган. Чүйдү эстесе марып-жарып кетүүчүдөй көңүлү көккө серпилет.

Айымжан эрдин кымтыган калыбында, колундагы бир тал куурайды, тырс-тырс сындырды. Ал Шайымкүлдүн чарчаңкы тарткан отсуз кара көздөрүнө кадалып турду. Келиндин көз карашынан кыраакы Шайымкүл өзү жөнүндө кандай акыл берерин билбей дал болуп турганын билди. «Оо шоруң арылбаган куу тумшук, балдарыңды ач бел, куу жондо кырып албасаң эле болду. Ушул абалың менен ат жеткис жерге кантип гана жете алар экенсиң», – деп жаткандай сезилди. Ооба, Айымжан чындыгында эле ушинтип ойлоп жаткан эле.

Ортодогу тынчтыкты Шайымкүл бузду. «Журт тынчыган кезде кайта айланып келермин. Балдарды бөтөн эл, бөтөн жерге түбөлүк калтырбай калайын. Атасынын арбагы мында калып жатпайбы».

Айымжан курдашынын абалын көрүп туруп кейиди. Байкуш Шайымкүл эрден убай көрүп, жылуу сууга колун малар кезде жесир калып шору катты. Балдарын уядан учуруп, адам катарына кошкончо дагы далайды көрөр шордуу. Ушинтип талаада калуучу үй-бүлө эмес эле. Чоконун балдары Айымжандын көз алдынан тартылып өттү. Не деген алтын аял эле. Анан калса бири-бирине союп каптагандай окшош, ыманы ысык балдары бар. Тим эле Чоко менен Шайымкүлдү бириктирип жууруп жасагандай. Келин Шайымкүлдүн алыска кетээрин ойлогон сайын ичи эңшерилип, жүрөгү сыздады. Курдашынын карааны үзүлгөнчө артынан карап турду.

Шайымкүл жер которууну Чоко өлгөндөн кийин ойлогон. Бирок бармактай кезинде келип, өсүп-өнгөн жерди, эл-журтту таштап кетүү ал үчүн оор эле. Кетпейин десе турмуштун кысымы алка жакадан алып, муунтуп баратат.

Жол бою эненин жүрөгүн эзген ушул жоболоңдуу жер которуу менен жолун тозуп бозала болуп турган балдары болду. Ой, чиркин десен, жан багыш кыйын, кандай татаал. Шайыркүл онтоп жиберди. – Кудай ай, минтип

куру алакан келатканым менен алардын иши эмне. Тамак деген талаада чачылып жаткандай, аларды мен атайы албай койгондой көрүшөт ээ, эси жоктор.

Шайымкүлдүн алдынан эң биринчи Рахат, анын артынан Нурлан жарыша чуркашты. Токуш болсо кичине жерге там-туң басып келип бети менен жыгылды.

– Энеке, эмне алып келдиң?

– Эмне алып келмек элем, эчтеке жок, балдарым.

– Сураган жоксуңбу?

– Сурадым.

– Сурасаң деле бербей коюштубу?

– Бербей коюшту, кагылайын.

– Бул баштыктагы эмне? – Ракат энесинин колунан талашты.

– Токоч эмес го?

– Буудай. Азыр баарыңа бадырак кууруп берем.

– Бадырак! Бадырак! Энекем бадырак кууруп берет, бизге. Ракат оромпай тээп, улактай секирди.

– Энеке, Сүйүнчү! Сарбан байкем келди. – Нурлан энесинин маңдайына келип тура калып, арты менен кетенчиктеп басты. – Сайкал чоң энем Шайымкүл келгенде сүйүнчүлөгүн деген болучу.

– И-и, кудай, жакшы болгон тура. Деги дени-карды соо, аман-эсен бекен? Эмнеге кечигип жүрүптүр?

– Билбейм? Бат эле келбейсиңби, атамдын достору да келип кетип калышты.

– Кайсы достору?

– Тааныбайм. Сарбан байкем менен чогуу келишти.

– Кетип калса кантейин, балдарым. Күндө келбеген атаңдын досторунун бүгүн келип каларын кайдан билдим. Бөбөгүң ыйлаган жокпу?

– Баягы бойдон ойгонбой уктап жатат, энеке.

– Көргөн жоксуңарбы? Өлүп калган жок бекен, куу тумшук.

– Өлгөн жок. Ишенбесең Ракаттан деле сура.

– Оозуңа май. Өлбөсүн балакетинди алайын.

Шайымкүл балдары менен ушинтип кожурашып жетелешип келатты.

– Жанакы кишилердин айтканын качан айтасың?

– Жашабагыр, айткан жатам го, эмне шаштырасың.

Шайымкүл балдарынын сөзүн көңүл кош тыңшады.

– Тамагыңар барбы, – деп биринчи эле ошону сураштты. Мен кичине талканыбыз калды дедим. Бирөө чыгданды ачып көрүп башын чайкап, жолдошторуна бирдеме деди. Орус киши мага мына бул теңгени берди. Атамдын кыргыз досу: «Жоготпой энең келгенде бергин», – деди. Алар Сарбан байкемден тамак берип жиберебиз деп айтышты, энеке.

– Нурлан ай, бет аарчыны чечпегиле, кокус жоготосуңар деген ээ. Үчөөбүздү тең өөп, эркелетишти. Эң сонун кишилер экен. Уктап жаткан Тынччылыкты бетин ачып көрүшүп, бирдеме деп болдурап сүйлөшүштү. Анан атамдын кыргыз досу «Бөбөгүңөр жакшы уктап жатыптыр. Энеңер келгенче такыр тийбегиле» деп кайра жаап койду. Анан сага салам айтып кой, капа болбосун дешти.

Шайымкүл сүйүнгөнүнөн ыйлап жиберди.

– Аттары ким экен, айткан жокпу? Сыдык деген эмеспи?

– Ооба, ооба, ошол энеке, кыргыз кишинин аты Сыдык. Берки орус досунун атын да айткан, унутуп калдым.

Нурлан ошол кишилердин атын жерге түшүрүп жибергенсип, бутунун башын тиктеп, эстей албай жатты.

– Кызыл деген киши, энеке! Мен унуткан жокмун, – Ракат Шайымкүлдү карап жарк этти.

– Унутпаган эсиңден секет кетсин энең.

– Оо, ошол Сыдык деген жигит келген экен да. Орус досунун аты «Никалан» беле, кап тилимдин учунда эле турат. Маркум Чоко ушул экөөнүн атын оозунан түшүрүүчү эмес эле. Алар Чокону койгондо да келишкен, унутуп калгансыңар го, балдарым.

– Ооба, мен атам өлгөндө келген десем, Ракат алар эмес дейт. Чын эле, эне, такыр таанылбай башкача болуп калышыптыр. Анда баштарына тумак, үстүлөрүнө тон кийип жүрүшкөн. Азыр болсо…

Аял уулу берген кичинекей түйүнчөктү бир аз кармалап туруп, анан чече баштады. Он чакты күмүш тыйын. Анан чоң-чоң эки-үч кагаз акча.

– Канча экенин айткан жокпу? – Эненин жүзү тамылжып чыкты.

– Жок, энекебай, аны айткан жок. Убакыт болсо дагы келип кетебиз дешти. Мени окууга киргизебиз дейт. Окууда кант, момпосуй да көп имиш. Ак шейшептүү жууркан, жакшы, жакшы кийимдер, анан дагы тамак, токоч…

Ракат Нурландын сөзүн талаша сүйлөдү.

– Алар мени да алып кетебиз дейт. Мен сени таштап эч жакка кетпейм. Нурлан эле барсын. Кызымды жибербеймин дегин, макулбу, энеке!

«Окуусу менен куруп калсын. Силерден ажыраган күнү мен өлбөйүмбү. Көзүмдүн тирүүсүндө балдарымды чилче таратып тентитпей калайын. Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө болорбуз», – деп ойлоду Шайымкүл.

– Мен окуймунбу, эне?!

– Койчу айланайын, Нурлан! Замана бир жаңсыл болсунчу обол мурда. Кайдагы бир жок немеге делөөрүп калгансың, балам. Атаңдан өлүп ажырадым. Эми силерден тирүүлөй кантип айрылам. Сен кетсең мен өлүп калам. Атаңды өлтүргөн кишилер мени да өлтүрүп кетет.

Нурлан шылкыя түштү. «Атам окутам дечу эле го?..»

Шайымкүл балдары менен кажы-кужу болуп, Токушту көтөрүп үйгө кирди.

Жайкы саратанда уузга тойгон кулундай бут серппей уктап жаткан уулунун жүзүн ача берип, Шайымкүл бакырып жиберди. Баланы ала коюп бооруна кысты. Анан аны ары-бери кыймылдатып: «Тынччылык, ай, Тынччы-

лык», – деп чакыра баштады. Тынччылык энесин уккан да жок, ойгонгон да жок.

Шайымкүлдүн үнүнөн чочулаган Сайкал байбиче жамандыктан жыт алган картаң эликче, оор күрсүнүп алып, алардын үйүн көздөй калжая басып жөнөдү. Байбиче уулун аман-эсен көргөнгө огеле кубаттанып, карыш казы байлаган сыяктуу тыңый түшкөн кебетеси бар.

– Оо, шоруң курган келин, кайрат кыл эми. Көргөндү көтөрбөскө чараң барбы. Эми тигил мончоктой үч балаңдын өмүрүн тиле. Чаранадагы бала эмес, чарк токтолгон жигиттер эмне болуп жатат. Ыйлагандан, күйгөндөн тирилтсең Чокону тирилтет элең го.

Эми эле оттуктун учкунуна окшоп жылт эткен кубанычын күтүлбөгөн жерден өлгөн Тынччылыктын күйүтү басып кетти. Жарык дүйнөгө жаңы гана жашоо үчүн көз ачып, адам болуп жаралып келген кичинекей ушул көпөлөгүн эне не төрөгөнү, не төрөбөгөнү билинбей бир заматта айрылды да калды. Адамдан жүкчүл эмне бар дейсиз. Шайымкүл өлүмдү да, жокчулукту да, жалгыздыкты да көтөрдү. Өзөгү өрттөнүп, өмүрү дагы бир эли бөксөрө түшкөн аял, ырас эле, кудай эми тигилердин жамандыгын көрсөтпөсө экен, – деп ойлоду. Өзөлөнүп ыйлай берсе, ажал ага каршыгып Нурлан менен Ракатты баш кылып, Токуш үчөөн жетелеп кетүүчүдөй болду. «Ыйлабайм, такыр ыйлабайм, тилиңизди алайын, айтканыңызды угайын, эне... Курган көпөлөгүм ыраазы болор бекен мага. Жок дегенде бөтөгөсүн толтуруп эмчек сүтүн эмизе албадым. Бул дүйнөгө ыйлап келип, ыйлап кетти ал. Оо, өмүрү кыска таалайсыз балам!»

– Шайымкүл кайра баштан солкулдап, көз жашы жылп-жылп этип этегин көздөй томолонуп жатты. Аял өзүнө өзү ээ боло албай каңырыгы түтөп, кабыргасы кайышты. Кантсин, эне көкүрөк да...

Шайымкүл эртели-кеч Чоконун караанын алыстан, тигил мүрзөнүн үстүндө тургандай элестетүүчү. Элесте-

генде да кандай элес дейсиз, тим эле Шайымкүлдүн көзүнө кадим тирүү кезиндей көрүнүүчү. Анан калса Чоко кара кийип, кан жуткан жубайын, атадан жетелешип эрте жетим калган балдарына көз салып, айланадан алыс кетпей имерчиктеп жүргөндөй сезилет. Бүгүн кыялы кымкуут болгон Шайымкүлдүн көзүнө Чоконун карааны эки киши болуп көрүндү. Ал уулун көтөрүп алыптыр. Шайымкүл буларды кусалуу тиктеп аңкайып турду. Тынччылык энесинен жыт алгансып, бир демге тиктеп туруп күлүп жиберди. Анан буттарын тыбыратып, колдорун жая талпынат. Эне, энеке! – деп кыйкырып жаткансыйт. Чоко уулун көтөрүп алганга корстон болгонсуп күлүмсүрөп турду. Бирок ал кубанычы көпкө созулбай, бир заматта жок болду. Күйөөсүнүн күңгүрөнгөн үнү кулагына угулду. – Эй тобо, эр азамат да ыйлайт экен, ээ. Ырас эле Чоко ыйлап жатат. – Шайым! – дейт Чоко, – мен сени, балдарымды көргөн сайын сай сөөгүм сыздайт. Анан ушинтип ыйлай турган адат таап алдым, жашык болуп кеттим дейт. Кечээ сен үйдө жок болдуң. Балдарыңа тамак издеп кеткениңди билем. Ошол сен жокто келген кишилердин сөзүнөн чыкпа, айткандарын ук. Алар мени менен кан кечишкен катаал күндөрдө достошкон. Менин уйкудагы сезимимди ойготуп, караңгы көзүмдү ачкан ошолор болучу. Акылсыздык кылып, Нурландын жолуна жолтоо болбо. Ракатты да окууга бер. Өзүң эки жакка барам деп бекер чарпылба. Мен сени менен Токушумду көрүстөнгө чыгып, эртели-кеч көрүп турайын. – Чоко сүйлөп бүтүп, кичинекей уулун көтөргөн бойдон делбирей басып көрүстөндү айлана берди. Шайымкүл сүйгөн жары Чоко менен кичинекей уулунун караанын дагы бир жолу көрүүнү эңсеп, жаштуу көзүн алыска, тээ томпоюп жаткан боз топуракка кадады...

Ушул кыялдануудан кийин Шайымкүл Чокону түшүндө да көрдү. Ал кайдандыр бир жактан келген имиш. Шайымкүл менен учурашар-учурашпастан эле, минтип

капааттана сүйлөдү: Эмне үчүн Нурлан менен Ракатты окууга жиберген жоксуң, ыя Шайым. Сени аркы-беркиге түшүнөт го дечү элем. Бекер кылдың. Мен ишимди таштап, атайы сени менен сүйлөшкөнү келдим. Кенедей чоло жок, басмачылар менен күнү-түнү дебей салгылашып жатабыз. – Чоконун сөзүн угуп, Шайымкүл капааттана түшөт: «Капырай, качан болсо эле шашып жүрөсүң. Басмачылар деп жүрүп бизди да эстебей унутуп баратасың!» – деп жаңы эле күйөөсүнө таарынчысын айта баштаганда Нурландын: «А-та-а! Ата-ке-ба-а-й! – деп кыйкырган үнүнөн Шайымкүл чочуп ойгонду. Көзүн ачса чын эле уулу «атакелеп» кыйкырып жатыптыр. Эненин жүрөгү оозуна тыгыла түшүп Нурландын төшөгүн сыйпалады: «Ай Нуке, Нуке, эмне болду, каралдым». – Өх, – деди Нурлан, – атамдын аркасынан чуркап бараткан экенмин, жете албай! Бекер эле ойготуп жибердиң да мени. Тим койсоң, балким, атамды кууп жетип учурашат элем!» – Нурлан жашын жутту.

Шайымкүл баласы экөөнүн түшүнө Чоконун бир мезгилде киргенин ойлоп, көпкө чейин уктабай жатты.

Ушундан кийин Шайымкүл ойлогон ою биротоло ойрон болгондой. Ал Чүйгө да кеткиси келбей, Нурлан менен Ракатты окууга жиберер-жибербесин да билбей санаага чөктү.

* * *

Нурлан окуу дегенде ак эткенде так этет. Бая күнү келип кеткен досторун тосуп, күнүгө жол карайт. Алардын кеткен жагына карегин кадап телмире берет. Баланын кыялында аркы белестен атчандар аргымактарын каргытып карп-курп чыга калуучудай жүрөгү өзүнөн өзү алеп-желеп болот. Демейде үйдүн капшытына жөлөнүп олтура берүүчү Нурлан, бүгүн тигил обочо жердеги кара ташка көчүгүн коюп ойлуу. Шайымкүл үйдө олтуруп,

Нурланды кыйкыра баштады. Ал кыйкырганда да кандай кыйкырды дейсиз. Тим эле анын үнү кара алачыктын сансыз жылчыктарынан атылып барып, Нурландын тигил кулагынан кирип бул кулагын октой көзөп өттү. Бала энесинин үнүнөн серпилип секирип турду. Баятан бери Нурлан Кызыл кишилер айткан шаарда жүргөн болучу. Энесинин чакырыгы анын таттуу кыялына урулган муштай болду.

– Э, кагылайын кулунум, жармаң муздап калмак болду. Ысыгында ууртасаң боло. Алыска кеткен атаңды күткөнсүп, алда кимдин жолун тозосуң. Бул кебетең менен бөбөктөрүңдү багуучу түрүң жок го.

– Жок, энекебай, чоңойсом баарыңды багам. Сага жаңы көйнөк сатып келип берем. Тамак дегенди кап-кап кылып толтуруп салам. Силер тойгончо жеп жыргайсыңар анда. Мен так эле атамдай болом.

Шайымкүл уулунун дымагына элжирей түштү. Баарынан да анын «так эле атамдай болом» деген сөзү көңүлүн көккө учурду.

– Кубарган балакетиңди алайын бакыраң көзүм. Баксаң да, бакпасаң да баякынын баласы дедирип тирүү эле жүрсөң экен. Атаганат, атаңдай адам болсоң кана. – Өнтөлөгөн эне аякка куйган жарманы Нурланга сунду. Анын тузу да жок болучу.

– Өзүң ичпейсиңби?

– Ичтим, балам.

– Качан ичтиң?

– Сен тышта жүргөндө эле тоюп алдым.

Нурлан ботала болуп, ракаттана жарма ичип жаткан карындаштарына, анан энесине карады. Бала жармасынын теңине түшүрө ичип, калганын кайра жылдырды.

– Тойдум.

– Кой, калп айтпа. Эмнеге тойдуң? Өз шыбагаңды түгөтө ич. Сенин түбүңдү иче турган эч ким жок. Же бир жериң ооруп турабы?

– Оорубай эле. Чын айтам, аябай тоюп кеттим. Тим эле мына бул жериме чыгып келди. – Нурлан колу менен кекиртегин кесе көрсөттү.

Ырас эле Шайымкүл жарытып эч нерсе ичкен эмес. Нурландын тойдум деп кежелгени да жалган болучу. Энесинин кеберсиген эринин көргөн сезимдүү баланын наристе жүрөгү кандай сыздап жатканын эне кайдан билди. Бала ордунан туруп, эшикке чыкмак болду. Аял баласынын ичпей койгонуна кейип-кепчип, аякты колуна алып, бир ууртады да ары жакка алып койду. Энесинин ичпей турганына чындап көзү жеткен бала кайра олтурду. Ал калтырган жармасын жалап-жуктап бүт ичти. Качан гана кара аякты таптаза кылып бошоткондон кийин, Шайымкүл Нурланга ыраазы болгондой күлүмсүрөдү:

– Калп эле тойдум дейсиң. Ырас ичип албадыңбы, кулунум.

– Сени ичсин десе.

Аялдын сай сөөгү сыздады. Ой, тобо, эне менен баланын боорун бооруна чаап, жүрөгүн жүрөгүнө мынчалык жакын кылган эмне деген касиеттүү сүйүү. Бирин-бири каркыттап, бирин-бири аяган дүнүйө ай. Эне-баланын ниетиндей күчтүү тартылган магнит али жаралып да, жасалып да бүтө электир. Бири эне деп соксо, бири бала деп соккон бул касиеттүү эки жүрөктү кандай алп басып, кандай күч токтото алат. Оо, айланайын эне менен бала, сүйүүңөр гүлдөп, жашооңор улана берсин. Силер бар жерде эл бар, эл бар жерде жашоо бар.

Шайымкүл балдарынын төшөгүн салып койду. Чоко өлгөндөн бери эрте жатып, кеч туруу балдарга адат болуп калган. Антпегенде кантишет. Мурда болсо атам келет, биз атам келгенче уктабайбыз дешип, алыстан чыккан аттын дүбүртүн жата калып тыңшап, уйкулуу көздөрү умачтай ачылуучу. Азыр болсо булардын келет деп күткөн эч кимиси жок. Бир жумадан бери энесинин эки анжы болгонуна карабай жол тосуудан тажабаган

жалгыз Нурлан. Ал төшөккө жатып алып да көпкө чейин атасынын достору жөнүндө ойлойт. Алыска кулак түрөт. – Кызыл кишилер эч качан калп айтпайт. Адамдарды алдабайт. Алар бак-таалай үчүн башын канжыгалап, канын көөкөрлөп, акыйкат менен чындыкты издеп жүргөн асыл адамдар. Нурлан атасынын айткандарын бүт бойдон жаттап алган сыяктуу эстейт. Аларга ишенет. Ошон үчүн Кызыл кишилердин келерин минут сайын чыдамсыздык менен күтөт. Ооба, алар сөзсүз келет...

Нурлан адамдардын кобур-собурунан ойгонуп кетти. Эчен-эчен тура кала турган болуп барып кайра жатты. Жазганды. Көзүн чала-була ачып-жуумп төшөгүнүн шооласынан көзүн кылтыйтты. Жүрөгү туйлап кетти. Баякыда атасы өлгөндө келген кишилердин дагы бирөө олтурат. Чокону коёр алдындагы кез эсине түштү. Ошондо ушул киши атасын мактап, анын эр жүрөктүгүн айтып сүйлөгөн болучу. Нурландын каңылжаары ачышып, тамагында муунткансыган бирдеме пайда болду. Ыйлагысы келди.

Булар бүгүн уезддик штабка убактылуу кайтып баратып, Чоконун үйүн көздөй тартышкан. Келгендеринин себеби, Нурлан менен Ракатты өздөрү менен ала кетип, балдар үйүнө өткөрүү эле. Балдар жөнүндө сөз козголо баштагандан тартып аял ыйлай баштады. – Экөөнөн бирдей кантип тирүүлөй ажырайм, айланайындар, – деди эне. Анын үстүнө Ракат кыз бала эмеспи. Ошол серейген неме окуганда канча кишинин чекесин ысытат эле. Ургаачы мыкты болуп топко сүйлөгөнүн дегеле уга элекмин. Жаман көрсөңөр жаман көргүлө, Ракатымды бербейм. Бул жерде деле мектеп ачылып, бала окутат экен деп жатышпайбы. Окуса ошондон окуур, окубаса жүрөр. – Шайымкүл кесе сүйлөдү.

Никонор Васильевич менен Сыдык балдардын келечеги жөнүндө, алар балдар үйүнө барганда кандай камкордукка бөлөнөрүн айтышты. Айыл жеринде окуу чукул аранын

ичинде эле текши ачылып кетпесин түшүндүрүштү. Шайымкүл эмне кыларын билбей турду. Эгер тигилердин сөзүн четке кагып, балдарын бербей койсо эмне болот? Анда кокус жаман айтпай жакшы жок, балдары бүт бойдон ачкалыктан мерт болуп калсачы... Ушинтип ары кетип, бери кетип олтуруп, акыры эне тобокелге салды. «Кантейин, кайда жүрсө дени-карды соо, аман болушсун», – деп ойлоду. Балдарын балдар үйүнө берүүгө макулдугун берди. Балдарды тургузуп, кийинте башташты.

Шайымкүл көнгөндөн кийин, жолоочулар аттанууга камынышты. Адегенде энеси менен Нурлан коштошту.

– Энекебай! Кош, ыйлабагын, ээ. Бизди такыр сагынба. – Бала энесинин мойнунан эки колдоп орой кучактады.

Шайымкүл уулун бооруна бекем кысып, кайра-кайра өпкүлөдү.

– Эстүү бол, балам, тентек болбо. Улуулардын тилин ук. Ракатыңа көз сал. Жаныңдан чыгарба. Калаанын көчөлөрү көп болот деп уккамын. Өзүңөрчө бет алды басып кетип жүрүп, адашып шорумду биротоло катыра көрбөгүлө. Каттагандардан кабарыңарды билдирип тургула. Мен эми бул жерден эч жакка кетпеймин, балдарым.

Нурлан энесине эң эле салабаттуу, эс токтоткон адамча сүйлөдү.

– Макул энеке, айтканыңардын бардыгын аткарам. Ал эмне үчүн ыйлабайм-ыйлабайм деп коюп эле, кайра ыйлап жатасың. – Нурлан энесинин жаштуу көзүн өөп-өөп алды. – Кызык, кечке эле ыйлай бересиңби. – Бала энесинин кучагынан бошонуп, Сыдык менен Никонор Васильевичке жакындады.

Эне менен коштошуучу кезек эми Ракатка келди. Кыз энесинин этегине эрмешип, жакасына жармашты.

– Э-не-ке! Мени буларга бербе. Нурлан эле барсын. Мен сени таштап эч жакка барбайм. – Ракат өкүрүп-өксөп, жанына жакын келгендерди тепкилеп, эч кимге бой бербей жатты. – Чоочун кишилерден корком. Алар

менен барбайм. Коё бергиле. Коё бергиле дейм мени. Басмачылар биз жокто келип, сени өлтүрүп кетет. Сен өзүң ошентип айтпадың беле, баякыда.

– Энеңди эч ким өлтүрө албайт. Менин сөзүмдү укчу, алтын кызым. Эми эле убадаңды берип коюп, ушинтип кууратасыңбы, э кокуй. Нурлан сени эртең эле кайра алып келет сагынсаң.

Алдап-соолаганга көнбөгөн кыз энесинен бөлүнбөй Шайымкүлдү суй жыкты. Акыры Ракатты чырылдаткан бойдон күчкө салып өңөртүштү.

– Эки баламды силерге, силерди кудайга тапшырдым, айланайындар. – Эне өксөп ыйлады.

Айсыз караңгыда атчан кишилерди узата баскан Шайымкүл бир Никонор Васильевичке, бир Сыдык Исмаиловго жанаша берип, аттын жалына жабыша калып, балдарын дагы бир сыйрадан акыркы жолу өөп калууга умтулуп жатты. Катар бастырган атчандардын ортосунда эки колу менен эки баласынын колун кармаган бойдон бир топ жерге барды.

Жолоочулар Шайымкүл менен кош айтышып, кол алышты. «Капа болбой калыңыз. Балдардан эч качан кам саноочу болбоңуз, аяш» – дешти, алар Шайымкүлдү ишендирип.

Атчандар аялдан ажырагандан кийин кичине жерге узай түшүп, аттарынын оозун коё беришти. Бир заматта текирең-таскакка түшкөн аттардын дүбүрттөрү уламдан-улам алыстап, адамдардын караандары караңгы түндүн кучагына шимирилип кеткенсип көздөн кайым болду. Шайымкүл балдары кеткен тарапты кадала карап эсмас. Ал жөн гана карап турган жок, ыйлап турду, эт жүрөгү тилинип, эки эмчеги сыздап турду. Ракаттын чырылдаган үнү кулагынан кетпей: «Эне-ке-е, мени алып кал. Чоочун кишилерден корком. Сени биз жокто басмачылар келип олтуруп кетет», – деп дагы эле улакча маарап бараткансыйт...

Аял көз жашын жоолугунун учу менен дагы бир жолу сүртүп алды да, күйөөсү жаткан тарапты карап, өзүнчө сүйлөй баштады. «Арбагыңдан айланайын теңизим, үй-бүлөңдүн мүңкүрөп, балдарыңдын чилче тараганын билип жатасыңбы? Балдарыңды окутам дечү элең байкушум. Аларды ошол сен айткан, сен эңсеген окууга узатып, кымындай болгон кызың экөөбүз калдык. Тынчтылыкты болсо эртелеп өз бооруңа тарттың эле. Эми калган балдарыңды, алыска кеткен Нурлан менен Ракатты колдой жат. Алардын жамандыгын кулагыма угузба да, көзүмө көрсөтпө, Чоко. Эне сенделе басып үйүн көздөй ушинтип ыйлап, ушунтип сүйлөп келатты...

* * *

Шайымкүл менен кош айтышып, эки баланы алып кеткен Сыдык Исмаилов менен Никонор Васильевич жана баягы Чокону коюуда сүйлөдү деген ыктыярдуу отряддын партиялык баштапкы уюмунун секретары үчөө шыдыр жүрүп олтуруп, эртеси чоң шашкеде Балыкчыга кирип барышты. Балдарды өздөрү менен кошо тамактандыргандан кийин аларды кош ат чеккен арабага олтургузушуп, жолдо жей турган азыктарын баштыкка салып колдоруна беришти. Анан арабада олтурган кишилерге табыштап, балдардын ордун оңдоштурушту. Үч командир үчөө тең балдарды аталык мээрим менен өбүшүп, эркелетишти. Үйүнөн чыкканы көзүнө тамчы жаш албаган Нурландын эки көзү жашка толуп турду. Эмне болуп жатканын, дагы кайда бararын түшүнбөгөн Ракат бирде арабада олтурган бейтааныш кишилерге жалжылдап тиктесе, бирде Сыдык менен Никонорго балбылдайт. Балдарды узатып жаткан командирлер арабаны жандай басышып, балдардын колун кармап туруп мындай деди:

– Нуке, бизди өкмөт башка жакка, Каракол деген шаарга чакыртып жатат. Силерди ушул кишилер алып

барып окуй турган үйүңөргө табыштайт. Анда силерге бардыгы жакшы болот. Биз артыңардан кийин барабыз. Уктуңарбы? Кеп-сөзүңөр болсо ушул агаларыңарга тартынбай айткыла. Бардыгын угушат, бардыгын орундатышат. Бизди кандай көрсөңөр, буларды да ошондой көргүлө. Өзүңөр да бул эки агаңарды сыйлагыла, тилин алгыла.

– Биз кайда барабыз, байке? – Нурлан каргылданды.

– Пишпекке.

– Энеме келип турабыз дедим эле... – Бала ыйлап жиберди. – Алар бизди сагынат го. Кайта үйдү кантип табабыз. Мен ыраак жер экенин билген эмесмин.

– Энең менен карындашыңдан кам санаба. Жигит да ыйлайт бекен, ыя? Ушул карыш турган жерди ыраак дейсиң. Керек болсо мындан он эселеген ыраак жерге барып окууга туура келет. Кой айланайын, эси бар сен минтсең, кичинекей карындашың кантет. Кийин окуу тараганда үйүңө биз өзүбүз алып барабыз. Түшүндүңөрбү, Нуке?

Жигит деген сөзгө Нурлан дердее түштү окшойт. Ал өзүн ушул маалда чындап эле өсүп бойго жеткен жигиттей сезип кетти. Көзүнүн жашын сүртүп, күлүңдөмүш болду.

Ата-энесиндей ардактуу, жүрөктөрүнө жакын бул эки кишиден бөлүнүү Нурлан менен Ракатка жеңилге турган жок. Алар өздөрүн элсиз ээн талаа, эрме чөлдө жетелешип жалгыз калгансып сезди. Эки бир тууган үндөшпөгөн калыбында ойлуу тунжурашат. Анда-санда гана бирин бири жаштуу көздөрү менен телмире тиктешип коюп жүрүп келатышты. Аттар жолдун чаңын буртулдата басып, өңгүл-дөңгүл жолдо арабанын дөңгөлөктөрү секирип барып кайра түшөт. Балдар орундарынан ыргып кетүүчүдөй силкине түшүп, бири-бирин кармай калышат. Көтөрүлгөн чаңдын тозоңу олтургандарды тумандай каптап, каш-кирпиктерине бубактай турат.

Эскирип калган Нурландын көңүлү алыска чабыттайт. Окуунун жай-маанисине жеткире түшүнбөсө да окуган

адам жаман болбосун наристе сезиминде боолголойт. Тез эле чоңоюп, эр жеткиси келет. Анан оюнда Никонор Васильевич менен Сыдык Исмаиловдор сыяктуу боорукер, адамкерчиликтүү, шыңкыйган келбеттүү жигит болуп өсүүнү эңсейт. Башына кызыл жылдыз тагынган шапке, үстүнө ошолордукуна окшогон сургулт гимнастерка, эки жагы тышына чыккан булчугуй шым, бутуна кычыраган кара өтүк киет. Белине жылдыздуу темири бар жазы кур курчанып, ага кайыш кынга салган тапанча байланып, жонуна беш атар асынат. Андан кийин өзүнүн сүйүктүү атасын өлтүргөн басмачылардан Чоконун кунун кууйт. Мал жетпеген учкаяк күлүктү текедей түйүлтүп, адам барбаган аска-зоолорду аралайт. Душмандын жашынган жерлерин бийик зоокага чыгып, дүрбү менен карайт. Душмандар дүрбү салып жаткан Чоконун уулу Нурлан экенин таанып сай-сайга, коктудан-коктуга быт-чыт түшүп качып жөнөйт. Нурлан беш атарды мээлейт. Ты-т-ыр, ты-тыр-р. Тыт-ы-ыр-тыр-тыр. Таамай тийген октон басмачылар аттарынын үстүнөн оңкочук атат... Үйүнө барганда атасынын өчүн кандай алганын, душманды эзели баш көтөргүс кылганын айтып берет. Нурлан өзү менен бирге келген орус жолдошторуна Сыдык агасы менен Никонорго окшоп орусча сүйлөйт. Энеси уулуна жалынып-жалбарат. Сайкал чоң эне Нурландын орусча сүйлөгөнүн угуп таң калат. Өзүнүн энеси менен Токушка кошуп Сайкал менен Бекболот чоң атасына да көйнөктөр сатып барат. Тамакты эң эле көп кылып толтуруп салат...

Бул учурда Ракат ботосунан бөлүнгөн боз инген сыяктуу боздоп-какшап калган энесин, кичинекей сиңдиси жөнүндө ойлоп келаткан болучу. Энем ушул кезде эмне кылып жатты экен? Ушул Нурлан экөөбүз көргөн күндү, асманды көрүп жатышабы? Кыз өздөрүнүн азыктары салынган баштыкты ач көздүк менен телмире тиктейт. Ал окууга барбай эле, ушуну алып кайра үйүнө кеткиси келет. Анын жүрөгү жарылып кетүүчүдөй тыбырайт.

Асыл энесинен түбөлүккө адашып, адам таппай турган караңгы туңгуюкка түшүп бараткансып өпкөсү көөп, өзүнөн өзү бакырып ыйлагысы келет. Азыр ага эч нерсенин кереги жок. Көксөгөнү да, ойлогону да жалгыз гана эне...

Эки бала ушунтип эки башка ойго чөмүп, өздөрүнчө убараланып келаткан кезде, кишилердин бирөө аларга бурулду:

– Э-садагалар, эмне эле унчукпай тунжурайсыңар? Атыңды унутуп калбадымбы, ким эле? – Ал Нурланга карай сүйлөдү.

– Нурлан!

– Ооба, баса Нурлан эмес беле. Жакшы атың бар экен. Эчедесиң?

– Энем ондосуң деген.

– А карындашыңчы?

– Сегизде.

– О-х-о-о, экөөң тең чоңоюп калган турбайсыңарбы. Окусаңар адам болосуңар, айланайындар.

– Байке! Балдар үйүндө чоң кишилер да болобу?

– Болбогондо. Анда тарбиячылар бар. Мугалимдер иштейт.

Алар силерге өз баласындай камкордук көрүшөт. Кийим-кечеңерди, тамак-ашыңарды, деги койчу, бардыгын ошолор камсыз кылат.

– Алар бизге эне болобу? – Ракат көзүнүн кыйыгы менен тигилерди карап, кабагын чытыды. – Эне дебейм аларды. Өз энем баарынан жакшы. Мен окууну бат эле окуп, үйүмө кетем.

– Энеңер болбосо да, эне дебесеңер да, алар силерге энедей камкордук кылат. Кеткен убакта кетесиңер. Эмне, түбөлүк эле балдар үйүндө калмак белеңер.

– Бул кийимдерди эмне кылабыз? – Нурлан дагы суроо берди.

– Таштайсыңар.

Ракат жооп берип жаткан кишиге таарынгандай ызалуу карады.

– Мен таштабайм. Үйгө барганда Токушума берем. – Кыз өз үстүн бир сыйра карап алды. Анын үстүндөгү жамачылуу эски кийими кызга кымбат көрүнүп кетти. Ага ардактуу энесинин тийген асыл колу бардык жеринен жаркырап көрүнүп тургансыды. Ал эмес кичинекей сиңдиси Токуштун, өздөрүнөн эчак бөлүнүп, чым жазданып жаткан атасы Чоконун, энеси Шайымкүлдүн жагымдуу ыйык жыты сиңип калгандай көзүнө ушунчалык ысык учурады... Ракат балдар үйүнө барганда үстүндөгү кийимдерин эч кимге бербестен бүт бойдон өзү катып алууну чечти. Кийин үйүнө барганда ала кетмек болду. Ал оюнда ушундай чечимге келди...

Күн төбөгө түшүп келгенсип ысык аптап мээ кайнатат. Мурда кийин мындай катуу ысыкты көрбөгөн балдар калың кийимдин ичинде боргулданып, жаак ылдый терлерди кайра-кайра колдору менен сүртүп коюшат. Ракаттын өрүмгө жаңы келген беш көкүлү кулундун терисинен жасалган тебетейден чычкандын куйругуна окшоп серейип араң чыгат. Эскилөөң трайке бешмантынын жака-бооруна жыш кадалган ар түрдүү топчулар, көк, кызыл шуру менен мончоктор. Кыздын көйнөгү ок эле укмуштай кооз, гүлдүү кызыл чыт жоолуктан тигилген. Шайымкүл муну өзүнүн сый жолугун бузуп жасаган болуучу. Бутуна кийген экөөнүкү тең колго жасалган майрыйган эски кийиз өтүктөр.

Нурланга атасынын эски калпагы чон келгендиктен өөдө кылганга болбой кайра-кайра көзүнө түшөт. Үстүнө кийгени көөнөрүп калган, ышкын түпкө боёлуп бою менен бой болуп чакан тигилген жаргак шым, жаргак көйнөк.

Ысыктан чаалыккан жүргүнчүлөр эки жерден сууга чөмүнүштү. Ракат менен Нурлан тигил чоң кишилерден бөлүнүп жогоруураак барып шапшынымыш болушту. Кайра жөнөгөндө Нурландын тонун астына каттап салып

беришти. Ал эми Ракат болсо таптакыр чечинбей койду. Көңүлү бузулуп өзү эле араң турган кызды, андан ары кысташпастан өз оюна коюшту. Ушундан кийии Ракат менен Нурлан бир аз айтышып калышты.

– Ысып өлөсүң, чапаныңды чеч. Карачы териңди. Тил албасаң байкелер сени жаман кыз экен дешет.

Ракат оозун кыбыратты:

– Чечпейм, жоголуп кетет.

– Эмнеге жоголмок эле? Жинди десе.

Карындашы агасына жаш толгон көзү менен жалжылдай тиктеди:

– Өзүң жинди. Шашпа, үйгө барганда энеме айтам.

– Жашабагыр, энеме айтам деп коёт. Бир жылдан кийин барсаң деле ушуну унутпай жүрө бересиңби?

Ракат эчкирип ыйлап жиберди. Чоң кишилердин жалынган сөзүн укканда анын ыйы ого бетер күчөдү. Түшкү тамакты да ичпей койду. Өпкөсү көөп чыкты. Анын көөдөнүндөгү кичинекей баёо жүрөгү: «Эне! Эне!» – деп серпилип жатты.

Жүргүнчүлөр аттарын улам чалдырып, түн катып жүрүп олтуруп эртеси түшкө жакын Пишпекке кирип барышты. Араба балдар үйүнүн жашыл сыр менен сырдалган бийик, эски дарбазасынын түбүнө келип токтоду. Көчө тарапты караган ачык терезеден жаш аял мойнун созуп, көөдөнүнө чейин тышка чыгара берип бир карап алды да кайра жок болду. Ал балдар үйүнүн директору Козлова Александра Жигайловна болучу. Аял арабадан түшүп жаткан балдардын жанына жетээр жетпестен эле күлүңдөп келатты.

– Келишиңиздер менен. Кантсе да булар бизге келген тоолук балапандар го. – Ал балдарга назарын салды.

– Таптыңыз. Балапандарыңызды кабыл ала берсеңиз болот. Жигиттердин бирөө ички төш чөнтөгүнөн бир барак кагазды алып, аялга сунду. – Муну Сизге Никонор Васильевич менен Сыдык Исмаиловдор беришти.

– Билем-билем. Мен балдарды эки жумадан бери күтүп жатам. Алар мага мурда эле айтышкан.

Арабанын айланасына өспүрүмдөр менен кичинекей балдар толуп кетти. Халат кийген аялдар да биринин артынан бири келе башташты. Директор Нурлан менен Ракатка жакындады. Жаңы кишилерден жатыркап, балдардан корунуп, бири-бирине ыкташып, айланасын чочулай тиктеп турган эки бир тууганды аял алмак-салмак маңдайынан сылады:

– Үрпөйгөн айланайындар. Ушул балдардын баары силердин бир тууганыңар. – Аял тургандарга колун жаңсай, чала-чарпы татарчалап сүйлөдү. – Эми силердин үйүңөр ушул болот. Оо, эртең эле булар менен аралашып кетесиңер. Кой, колуңду оозуңа салба. – Ракаттын жеңинен тартты. – Бардыгы силерге окшоп ар кай жактан келген балдар. Бул жерде турмуш жакшы. – Ал балдарды жетелей басып, эки аялга бурулду. – А дегенде тамактандырып, анан мончого түшүрө тургандыктарын айтты.

Ошентип, Нурлан менен Ракат балдар үйүндө калды. «Жыгачтын көркү жалбырак, адамдын көркү чүпүрөк» дегендей, жуунуп-таранып өз бойлоруна өлчөгөндөй чакан тигилген жаңы кийимдерди кийген кыз менен баланын кебетелери ошол замат эле өзгөрдү. Айтор, экөө бирдей жаңы туулган айдай жаркырап чыга келди. Нурлан менен Ракаттын бири-бирине окшоштугу мындай турсун, күлгөндө чыга түшкөн ууртгарындагы чыпалак басым чуңкурларычы. Алар наристелердин күлсө күлкүсүнө, сүйлөсө сөзүнө жарашып, ажарына ажар кошуп тургансыйт.

Бир күнү балдардын ден соолугун текшерип жаткан врач эшиктин алдынан өтүп бараткан Александра Жигайловнаны өзүнө чакырды. Директор ачык турган эшиктен бөлмөгө кирип баратып труси, майкачан болгон Нурлан менен Ракат көзүнө биринчи урунду. Ошол замат анын оюу алда кайда чабыттап, жүрөгү опкоолжуй түштү.

«Балдар ооруп калыптыр», – деп айтып жибереби деген пикир директордун көңүлүн тынчсыздандырып жиберди. Мостоё түшкөн аял, докторго, бир балдарга алмак-салмак тигилди.

Доктор жай сүйлөдү:

– Мен жөн эле. Нурлан менен Ракатты Сизге көрсөтөйүн дедим. Азыр ден соолуктары түзүк болуп калды. Билесизби, бизде ар түрдүү улуттун көптөгөн балдары бар. Аны менден мурун өзүңүз жакшы билесиз. Ал эми Нурлан менен Ракаттын мүчө түзүлүшү алардын бирөөнө да окшобойт. Караңызчы, буттары эликтикиндей түптүз. Тим эле коштоп койгондой сулуу буттары бар экен. Менимче, булар кыргыз бешикке жаткан балдар эмеспи деп ойлойм. Жатса да энеси балдардын сөөктөрүнүн туура өсүшүнө кыраакылык менен чебер камкордук кылган. Карапайым кыргыз элинде да бала тарбиялоого укмуштай устат, чебер энелер бар экен го. Мындай балдар кийин өсүп бойго жеткенде энесине кандай алкыш айтарын билесизби?!

Директор балдарды суктана тиктеп, айлана басты.

– Туура айтасыз. Мындай балдарды өстүргөн энеге алкыш аздык кылат.

– Александра Жигайловна! – деди врач директорго, – атаганат, ушул татынакай сөөктөрдү сактап, анын мындан ары туура өсүшүнө жардам берүүчү атайын адам болсо эмне. Азыр бизде андай мүмкүнчүлүк кайдан болсун. Ошентсе да...

Эки аял балдарды ары-бери бастырып, анан гимнастикалык бир-эки жеңил көнүгүүлөрдү өткөргөн болушту. Ракат тим эле жаш чырпыктай ийилет. Белинен орой кучактап туруп, чалкалата ийе кармаган директордун колундагы кыз чүлүктөй боло түштү. Анын бүткүл денесиндеги сөөктөрү сөөк эмес эле кемирчектен бүткөндөй...

Нурлан менен Ракат балдар үйүнө келип киргенине жарым жылдан ашык убакыт болду. Ушул арада булар-

дын аркасынан издеп келген Исмаилов менен Никонор Васильевичтен башка адам аттуу болбоду. Окуу жылы капортолоп калган. Билим алууга дилгир Нурлан окуунун биринчи күндөрүнөн тартып эле классташтарына өзүн көрсөтө баштады. Ал эми Ракат болсо кээде эле эптеп орто деген баага илинбесе, көпчүлүк баасы жаман. Ага болгон мугалимдин бардык аракеттери бүтүндөй текке кетип жатты. Кыздын мүнөзүн билип, кыялын табуу мугалимге кыйын болду. Алдап-соолап жакшы айтса да, какус-кукус кылып катуу айтса да ага баары бир. Унчукпай түнөрүп, башын жерге салып турганы турган. Сөз ордуна ый менен жооп берип, мугалимдин төрт айласын түгөтөт.

Күндө бир маал сабактан бош убактысында мугалим кыздын жатаканасына келет. Аны менен өзүнчө бөлмөгө кирип алып сабак даярдоого олтурат.

– Кана, Ракат айланайын, мени карап күлүп койчу. Бол эми көпкө күтүп калдым. Сен кабагыңды ачып күлмөйүнчө сабак баштабайм. Өзүм да кетпейм, сени да кетирбейм. Кечке чейин тиктешип олтура беребиз.

Ракат мостойгон калыбында кабагын чытып туруп, мугалимге суроо берет:

– Түн кирсе деле кетирбейсизби?

– Кетирбейм. Карачы, башка балдардын баары сабактарынан жетишет. Жакшы окушат. Ал эми өзүңдүн агаң Нурланчы. Оо, ал балдар үйү боюнча мыкты. Ушундай жакшы окуган баланын карындашы болуп туруп, начар окуш уят да. Эмгиче эки сөздү кошуп окуй албайсың. Элүүгө жете санаганды билбейсиң. – Мугалим Ракатты окууга башка жол менен үндөп көрмөк болду. – Мындай окусаң каникулда үйүңө кетирбейбиз.

Кыз селт эте түштү. Кыраакы мугалим бул сөз Ракаттын сезимине жеткенин дароо билди.

– Нурланды дагыбы? – деди ал.

– Эмне үчүн Нурланды? Ал отличник да. Эгер үйүне барууну кааласа барат. А балким, пионер лагерине барып

эс алар. Ал эми сени болсо эч жакка кетирбейбиз. Ушул жерде калып, кайра окуйсуң.

Ракат ойлонуп калды. Көздөрүнүн кычыгына толгон жаш көбөйгөндөн көбөйүп баратты.

– Мен энем менен Токушту аябай сагындым да. – Кыздын көз жашы чубуруп кетти. Ал оозуна кирип жаткан жашын жутуп жатканы билинип турду.

Жигиттин жүрөгү мыжыла түштү. Өзүнүн алдында турган кичинекей ыманы ысык окуучусунун кебетеси мурункудан да аянычтуу болуп көрүндү. Эми ал Ракаттын бет маңдайына орунтугун жылдырып барып олтурду. Эңкейип чачынан сылап, маңдайынан сүйдү. Чөнтөгүнөн кол жоолугун алып, кыздын көз жашын аарчыды.

– Энеси менен бөбөгүн сагынса эле ыйлайт бекен. Үйүнөн алыс жүргөн бул жерде жалгыз эле сен эмессиң да, айланайын. Карачы, өзүңө окшогон канча балдар, канча кыздар бар. Бирок алар эч качан сенчилеп ыйлашпайт, сагынышпайт. Жакшы окуп, жакшы киши болууну, билим алууну эңсешет. Билимдүү болсоң өзүң да, энең да, бөбөгүң да жакшы болот. Сен аларды багасың. Жакшы, жакшы көйнөк, чапан алып бересиң. Кант, чай, момпосуй сатып барып берип турасың.

– Нан дагыбы?

– Ананчы. Кап-кап ун алып барып берсең эле болгону. Нанды апаң каалагандай өзү жасап алат.

Ракат күлүп жиберди.

– Мен аларды кайдан алам?

– Акчага сатып аласың. Жакшы окусаң тигил өзүңдүн директор эжейиң Александра Жигайловнадай болосуң. Айлык акча аласың. Анан бир апаң эмес, бир айылдуу кишини бакканга жарайсың. Партия менен өкмөт силерди ошондой киши болсун, эне-атасын баксын деп окутуп жатат. Сен мага түшүнүп жатасыңбы, Ракат.

– Ооба.

Кыздын көңүлү ачылып, бара-бара мугалим менен чечилип сүйлөшө баштады.

– Жакшы окусам үйгө жибересизби?

– Албетте.

– Нурланды лагерге жибербеңиз.

– Эмне үчүн?

– Энеме барабыз да. Биз кетип жатканда энем Нурлан экөөбүздү такыр бөлүнбөгүлө деген... Билесизби, агай, мен кантымды, момпосуюмду жебей, баарын чогултуп энем менен Токушка ала барып берем.

Энеси менен бөбөгүн эстеп, ичкен ашы тамагынан өтпөй, ошолорго ала барып берсем деп, бирин жесе, бирин жебей катып жүргөнүн мугалим дароо баамдады. «Ай, байкуш бала, – деди ичинен сызып мугалим, – энесине куса болуп жүргөн экен. Пендем десе эне менен баланы бири-биринен ажыраткылык кылбасын».

– Кетээринде апаң менен сиңдиңе белекти биз камдап беребиз. Сен аларды үйүңө сактабай эле өзүң жей бергин, жарайбы.

Ракат агайынын сөзүнө биротоло муюп калды. Мугалим бир топ тынымдан кийин минтип кошумчалады сөзүн.

– Сага дагы бир эскерте турган сөз, сабак даярдаганда болсун, окуганда болсун, эч качан энең менен Токушту эстебешиң керек.

– Эмне үчүн? – кыз жигитти олуттуу карап, суроосуна жооп күткөнсүп, көздөрү бакырая түштү.

– Эмне үчүн дейсиңби? Сабакты ойлобой, мугалимдин сүйлөп жатканына назар салбай, өзүм теңдүү жолдошторумдан артта калбайын деп аракет кылбай, үйүңдү, энең менен сиңдиңди эртеси жок, кечи жок эстей берсең окууну билбей жүрө бересиң. Сабак окуп даярданганда, класста олтурганда эч качан башка нерселерди ойлобошуң керек.

– Азыр окуйбузбу? – деди кыз дилгирленип.

– Окугуң келеби?

– Жакшы окусаң үйүңө жиберебиз деп жатпайсызбы.

– Айттым го жиберебиз деп.

Кубанычы койнуна батпаган кыз китептерин столго жая баштады.

– Ракат! Оң колуң канча?

– Беш.

– Сол колуңчу?

– Беш.

– Экөө биригип канча болот?

– Жети.

– Туура эмес. Жакшылап кайра саначы?

– Тогуз.

– Жок, дагы туура эмес айттың. – Мугалим таякчаларды алып чыкты. – Мына бул канча?

Кыз санай баштады.

– Он...

– Азамат...

– Баа коёсузбу?

– Албетте, баа коём.

– Жаман деппи?

– Экөөбүз бүгүн жакшы жетишкендикке ээ болдук. Сен көңүлдөнүп окудуң. «Жакшы» деген баа коём да...

Мугалим Ракатты жетелеп короого чыкканда, балдар чуру-чуу түшүп качма топ ойноп жатышкан болучу.

Нурлан өнөгү берген топту чабууга колундагы таякты жаңыдан эле көтөрүп шилтей бергенде, капыстан чыккан Ракаттын үнүнөн жаздым чаап алды. Ал колундагы таякты ыргытып жиберип, Ракатты көздөй жүгүрдү. Ракат болсо үстөккө-босток: «Нурлан байке-е! Байке-е-е» – деп коңгуроодой назик үнү менен кыйкырып, аны көздөй чуркап келе жаткан болучу. Нурлан карындашын кучактай калды.

– Эмне болуп кетти?

– Мен «жакшы» деген баа алдым.

– Качан?

– Агай сабак даярдатты. Ошондо.

– Калпычы десе, сабак даярдаганда баа коймок беле?

– Чын айтам, ишенбесең агайдан сурачы өзүң.

– Алдап койсо ишенип калган тура.

Баятадан бери буларды байкап обочо турган мугалим Нурлан менен Ракаттын жанына басып келди.

– Сен карындашыңа ишенишиң керек, Нуке. Ракат чын эле «жакшы» деген баа алды. Болгондо да мен аны журналга койдум.

Нурлан албырып чыкты. Көздөрү балбылдап жылдыздай жанды...

Ошентип, ары-бери караганча бул окуу жылы да аяктады. Бирок Нурлан менен Ракат үйлөрүнө кеткен жок. Башка балдар сыяктуу эле балдар үйүндө кала беришти. Каникул аяктап, кайрадан окуу башталды.

* * *

Нурлан менен Ракаттын үйүнөн чыкканына бир жылга жакын убакыт болду. Ай айланып, жыл тегеренип олтуруп, 1926-жылдын аптаптуу саратаны да келди. Жан жыргаткан жакшы кабарлар эл арасында көп айтыла баштады. «Баланча жерде мектеп ачылыптыр. Анда өңчөй кедей-кембагалдардын балдары окуйт экен», – деп бир даары айтса, бир даары жаңы уюшулган артель жөнүндө даңазалап сүйлөшөт. Кедейлерге кенендик бериликтир. Артелге өздөрү кожоюн, өздөрү ээ болот имиш. Мал-жанын бир жерге топтоп, тапкан-ташынганын бир жерге жыйнашат экен. Артелге киргендер андан каалаганынча кийинип-ичинип, жыргап-куунап калышыптыр, – деген сыяктуу сөздөр Шайымкүлдүн делебесин козгой баштады.

Эненин көңүлүн балдардын кусалыгы басты. Уулкызын көрсөм дегенде ак эткенде, так этет. Пишпектеги

жаңы артель уктаса түшүнөн, ойгонсо өңүнөн кетпес болду. Ошол тарапка, балдарыма чөйрөлөп барсам деген ниет энени жетелеп туруп алды...

Үзүк-туурдугу сан-сан болгон боз үйүн чечип, болгон оокатын кошо таңып, Сайкал энеге аманат кылып, салыкка салды. Жаңыдан селбип капталган кичинекей кызыл жуурканга кошуп, эски кара көлдөлөң менен бир куш жаздыкты чогуу таңып жолго даярданды...

Илкий-салкый жөө баскан бул жөө жүргүнчүлөр Көкмойнок тоосун жаңы гана эңкее бергенде күн уясына жашынды. Айлана уламдан улам күүгүм тартып, караңгылык өзүнүн жылчыгы жок кара пардасын жер бетине тегиз тарта баштады.

Эми эле бетинде токумдай булут жок көгүлтүр көлдөй суйкайган жылдыздуу кең асманды сурдантып, кара булут каршы-терши удургуп, чагылгандар чартылдап, заманааны кууруп, үрөйдү учуруп кирди. Адегенде шамал аралаш дыбыраган жамгыр арбыгандан арбып олтуруп катуу жаанга айланды. Шайымкүлдөр корголоогон караган-бута, ыктоо жер эми аларга калканчы боло албай калды. Туш-туштан шаркыраган тилсиз суунун дабышы көбөйгөндөн көбөйүп, кыян жүрүүчүдөй болуп баратты.

Токушту төшөккө ороп, бооруна бекем кыскан Шайымкүлдүн ээги-ээгине тийбейт. Көзүнө чейин суу болгон аялдын шайы бошоп, кабагына кар жаагандай түнөрөт. Ал түнт токойдун чытырманында туруп, мергенчинин жытынан корккон жаралуу маралдан бетер көздөрүн жашылдантат. Кол башындай жүрөгү кой башындай болгонсуп жайма-жай согот. Үч күндөн бери ашуу ашып, таш басып алсыраган аялдын дени өлүңкү. Шайымкүл жарык дүйнөдө тирүү жашап жатканын унуткан немедей эс-мас. Азылууга алдырбас, жарактуудан жалтанбас баатырга окшоп беймара сумсаят.

Ал азыр өлүм менен өмүрдүн ортосундагы айырманы ажырата билбеген макулуктай, эрибеген кара таштай.

Көздөрүнүн асты-үстү ак баржак. Соолуп бараткан булакка окшоп, каректери тереңдеп, караңгынын ичинде жылт-жылт этет. Ал ыйлабайт да, кыймылдабайт да. Өлдү десе тирүүдөй, тирүү десе өлүүдөй, жансыз сөлөкөт.

Күндүн батышы менен жааган жаан таңдын эре-сересинде тып токтоду. Шамал айдаган булуттар камгактай учуп, биринин артынан бири тоо башын көздөй үзүлүп-үзүлүп көчүп баратты.

Шөлбүрөп көзүнөн бери сыгып алма суу болгон энелүү бала илкий басып кайра жолго чыгышты.

Күндөкүгө караганда Шайымкүлдүн шайы бүгүн таптакыр бошоңку. Дал ортосу курушуп, тула бою чыйрыгып, тырмагынын учуна чейин сайгылашат. Алын кетирип кара тер каптайт. Жүрөгүнө эч нерсе чаппайт. Жаны жер тартат. Демейде энеге анчалык залакасын тийгизбей жыгылып-туруп өзү басып келаткан кичинекей Токуш да ташыркаган кулундай болуп аяк шилтей албай калды...

* * *

Эски кебезден эшип жасалган билик күйөр-күймөксөн болуп жансыз бүлбүлдөйт. Уламдан-улам үйдүн ичи ала көлөкө тартып, караңгылык өкүм сүрүүдө. Күйүп бүтүп бараткан балыктын майы кургаган сайын коңурсуган жагымсыз жыт каңылжаарды өр дейт. Эки жашар Токуш мергенчинин тайганынан жыт алган коёндун бөжөгүнөн бетер бакыракай көздөрүн алаңдатып, эки жагын чочулай тиктейт.

Азып-тозуп, арып-ачып келген Шайымкүл ушул жаман үйгө кирген. Эскилиги жеткен бул тамдын төөнүн көзүндөй болгон кичинекей терезелери айнексиз. Кажып бүткөн каалгасы оңчулуктуу жабылбай, адамдын колу тийген сайын кыйч-куйч этип кыжырды келтирет. Үйдүн үстүнө чатырча кылып жабылган эски камыш өз өмү-

рүн жашап бүткөнсүп, эки капшыты кабырылып, ичин көздөй түшүп кеткен.

Адам турат деген аты болбосо төргө жыйган төшөнчү, жерге салынган кийиз жок. Бул үйдүн бар болгон байлыгы эски кара көлдөлөң менен жарытымы жок жаздык, жүнү жука салынып чакан капталган кызыл жууркан. Серейген эне менен бала. Жерге тегиз төшөлгөн алашем кургаган саздын чөбү.

Оң ыптада өлүк-салык болуп жаткан энесинин колтугуна башын каткан Токуш өпкөсүн кагып кыңылдайт:

– Э-не! Э-не-ке-е!

Шайымкүл көзүн алсыз ачып, эти кетип сөөгү калган тарамыштуу арык колдору менен Токуштун колун кармаламыш болду. Оозун кыбыратып, ага аянычтуу карап, тунарыңкы көздөрүн жашылдантты. Анан кайрадан жанын жай алдырбаган баякы ырайымсыз каргашалуу кургак жөтөл башталды. Тык-тык, тык-тык. Эненин чекесинен тер чыпылдайт. Жөтөл күчөгөндөн күчөй берет. Эрди кеберсип, таноолору кыпчылат. Шайымкүл узакка созулган бул жөтөлдү тыймакчы болуп, эрдин кымтып бир демге дем албай туруп, оозун бир ачып алды. Көөдөнүнөн атылган көк буу бур этип, эриндери көгөрүп кетти. Эне сулк жатты. Токуш кайра баштан көз жашын мөлтүлдөттү.

– Э-не! Куйсагым ачы. – Эне жооп бербейт. Кыз ээгин эмшеңдетет. Шайымкүлдү тарткылайт...

Үйдүн ичи көрдөй караңгы. Энесин тырмалап кыңылдаган Токуштан башка тирүү жан жок. Бала сестене баштады. Эки жагын элеңдеп, көздөрүн алаңдатат. Анын наристе жүрөгү титиреп сокту. Ачык терезеден чачы саксайган, көздөрү кыпкызыл, тиштери орсойгон кандайдыр коркунучтуу бир нерселер карап тургандай бүшүркөйт. Алар уламдан-улам тарамыштуу узун колдорун өзүн көздөй сундурушкансыйт. Көздөрүн катуу жуумп, башын энесинин көкүрөгүнө коюп, колун анын муздак эмчегине сойлотот.

Азыр эле көзүнө түрү суук алда немелер көрүнгөнсүп, бир жактан курсагы ачып ыйлап жаткан Токуш солуктап жатып ач уйкуга кетти...

Султанбек менен Зайракан Актеректен келатышып, өз үйүнө бурулушпастан, түз эле Шайымкүлдүкүн көздөй бет алышты. Султанбектин аталаш жалгыз агасынын өлгөнүнө бир жумадан ашкан. Бир боор деген бир боор да. Топурак кимди суутпайт. Ыйлап-сыктап, күйүп-бышып олтуруп, акыры үйлөрүнө кайтышкан.

Эшиктин алдында көзүнөн бери ботала болуп, бети-башын кир колу менен сүртө берип, кир аралаш жаш катып, суркуну качкан Токушту көргөндө эрди-катындын эси эндирей түштү. Султанбек баланы жерден дароо көтөрүп алып, үстү-башын күбүмүш болуп, бети-колун жүз аарчысы менен сүрттү. Зайракан топуракка аралашып жерде жаткан кетик кара чөйчөктү колуна алды. Ичинде каңылтыр болуп аяктын бооруна каткан бирдеменин жугу жүргөнсүйт. Сыягы Шайымкүл кушканадан алып келген канды суута кууруп, артканын кызы жесин деп ушул кара аякка салып койсо керек. Бул анын акыркы табылгасы болучу. Мындан кийин Шайымкүл жаткан жеринен туруп, үйдөн карыш чыгууга жарай алган эмес. Мурда эле эки өпкөсүнөн кагынып, түзүк айыкпаган аялдын оорусу кайтоолдоп кармады. Ал эти от менен жалын болуп эс-учун билбей жыгылды. Адегенде жөтөлгөн сайын көкүрөгүнөн буртулдап типтирүү кан түшүп келип, кайра кан тургай какырык чыкпай, жан терин келтирген кургак жөтөл пайда болду. «Эки-үч күндө эле кайра келебиз. Султанбектин агасы чакыртып жибериптир», – деп бейкапар кеткен коңшусун күтө берип, Шайымкүлдүн чыдамы кеткенин булар кайдан билсин... Ооба, аял жок дегенде Токушумду табыштайын деп ойлогон. Балдар үйүндөгү Ракат менен Нурланды айтсам деген. Бирок...

Султанбек менен Зайракан аялдын өлүп жатканын көрүп, өңдөрү өчө түштү. Шайымкүлдүн баш жагына

олтура калып ыйлап жиберди. «Шордуунун шору каткан турбайбы. Минтип тез эле өлүп кетээрин ким билди. Мурун эле үстүбүзгө киргизип алалы десем, карап туруп ар кимиси жолдон чыгарышпадыбы. Үйдүн ачкычын деле колуна берип кеттим эле. Бирдеме алып жегенден батына алган эмес экен го бул таалайы жок. Олда, жокчулугуң менен куруп калган дүнүйө ай». Зайракан күйүп-бышып жатты. Султанбек Токушту көтөргөн калыбында селейип үнсүз турду...

Энесинен биротоло ажырап, ыбаа карар жакыны жок кичинекей Токуш эми Султанбек менен Зайраканга биротоло бала болуп кала берди. Ал кезде Токуштун балбылдаган кирпиктүү көзүнөн башка адамдын ичин жылыта турган кенедей балалык сүйкүмү жок болучу. Байкуш кыздын төөнүн ширисине окшогон катиңки өңү бир укмуш. Буттары чийдей болуп карганын эле шыйрагы. Чарадай болгон чоң башын алманын сабагына окшогон ичке мойну зорго көтөрүп тургандай. Ушул кичинекей мусапыр Токуш баш маана кылган Зайракандын бир асыл касиети колунан көөрү төгүлгөн уздугу болучу. Эскини эптеп, жаңыны ого бетер жараштырып, келишимдүү кийимдерди тигүүчү. Кол өнөрү менен тырмагын түгөтүп, өз оокатын тың кылган зымпыйган сарамжалдуу ургаачы эле. Ал жөнүндө айылдаштары «Султанбекти Султанбек кылган Зайракан. Жакшы адам бир жеринен кем деген ушул. Асылдыгына жараша аркасынан ээрчиткен перзенти жок байкуш келиндин. Жараткан чөп-чарга, курт-кумурскага, каркылдаган каргага, куркулдаган кузгунга, ит менен кушка берген баласын Зайракан өңдүү перинин кызындай болгон жакшы ургаачыдан неге аяйт», – деп өздөрүнчө кудайга наалат айтышчу.

Султанбектердин кыз багып алганын уккан жакшы санаалаштары «бешик бооңор бек болсун» айтып келип жатышты. Баладан көзү каткан эрди-катын колунда бар

оокатын дасторконго көңтөрө төгүп, Шайымкулгө атап куран окутту.

– Балама батаңарды бергиле. Шайымкулдун арбагына багыштап дуба кылып койгула, айланайындар. Ал бизге ыраазы болсун. «Бирөөнүн тоогун жесең каз байла» дегендей, кара башыл бала эмес, улак алган жерге да жол айтат тура. Түн уйкумду үч бөлүп түндө туруп бул байкуштун бешигин терметип, эмчек сүтүн эмизип убарасын тартпадым, же кир-когун жууп энелик эмгегимди сиңирбедим. Даяр бала алдым деп кантип унчукпай коёюн, – дейт жаңы төрөгөн аялдан бетер маңдайынан тер чыпылдап албырган Зайракан.

Бала болсо да Токуш энесине катуу аза күттү. Ал эч кимге ачылып балалык мээримин жаркытып күлбөйт да, сүйлөбөйт да. Туруп-туруп эле өзүнчө буркулдап ыйлап, буулугуп эчкирет. Кээде алдында келген тамакты ичпей, жагалмайдан коруган бөдөнөчө Зайракан менен Султанбектен чочулап көздөрүн алаңдатып, жалжылдай берет. Алардан оолактап боюн салбайт. Кээде уктап жатып ыйлайт, энесин чакырат.

* * *

Күн өткөн сайын Токуштун жылдызы чыгып, агы ак, кызылы кызыл тартып маралдай кыз болуп чыга келди. «Ит менен бала тойгон жеринде» дегендей, жазыксыз наристе эми Султанбек менен Зайраканга алынып, аларды пааналап, баш ийгендей. Бирок туубаса да тутунган байкуштар энеси эсинен чыкты, ата-энесин билбей калды деген ойдон алыс. Бир заматта жылт койгон Токушту ата-эне алыстан издебейт. «Кокуй, баякы жакка дагы кеткен экен ээ» дешип артынан куба жөнөшөт. Айткандай эле алар кызын Шайымкул көз жумган жаман тамдан көтөрүп чыгышат. Токуш аз күн болсо да энеси экөө жашап турган ошол жаман тамга абдан үйүр. Ал

ар качан анын алдына барып, же ичине кирип ойноп олтурганын көрөсүң. Анан анын бала туруп улутунганычы. Башкасы калса да Токуштун улутунганы өмүрү менен бирге жашап, сөөгү менен бирге жатчудай бир укмуш. «Көйнөгүңдү уй жегир, мынча эмнеге улутунасың. Жаман болот, антпей жүр» дешип, ата-эне кээде жалынып, кээде какус-кукус кылган болушат. Токуш болбойт. Не тамак ичип олтурсун, не ойноп олтурсун, не Зайракан менен Султанбек мойнуна миңгизип көтөрүп жүрсүн, баары бир улутунганы улутунган.

Маркум Шайымкул Зайракан менен Султанбекке Пишпектеги жады ачылган балдар үйүндө тарбияланып жаткан уулу Нурлан менен кызы Ракат жөнүндө кеп айткан эле. «Балдарымды сагынып, куса болуп жүрөм, курдаш», – деп көз жашын эчен ирет мөлт-мөлт төккөн. «Өлбөй тирүү көрөр бекенмин. Эне сүтү кете элек байкуштарым, кантип жүрүшөт болду экен. Кызымды чырылдатып, зордук менен эки камандирге кошуп бердим эле. Сагынычтан сары оору болуп, боздоп жүргөндүр. Алардан кабар берип туруучу адамдар мени эми таппай калды го. Кокус өлүп калсам үч жетим бирин-бири табышпай калар бекен шордоп. Ата менен эненин келечеги бала дешет. Чокону унуткарып турган ушулар эмеспи. Нурланым менен Ракатымды бир көрүп, Токушумду табыштап өлсөм, арманым жок эле. Кудай башка тилегимди бербесе да ушул тилегимди берсе экен...» Аялдын ошондо айткан сөздөрүн эстеп, Зайракандын жүрөгү сөнө түшөт. Өзүн эч нерсеге арзыбаган, эч бир аялга теңкелбеген, максатсыз аялдай керет.

– Шайымкул өлгөн жок, – дейт өзүнчө күңгүрөнүп. – Өлбөс-өчпөс ургаачы. Балалуу киши да өлмөк беле. Ал өлгөн менен анын өмүрүн, баскан жолун артында калган бала-чакасы уланта берет. Ата-эне ошон үчүн артымда тукум калар бекен деп тилек тилейт окшобойбу. «Аккан арыктан суу агат», – деп ошон үчүн айтат тура. Эмнеси

болсо да келечеги бар аял экен. Тигил жакта эки баласын өкмөт аймончок кылып тарбиялап жатса, бул жакта мен анын Токушун алчаңдатып олтурам. Шайымкүлдөн калган тукум эми мага туу болуп олтурат.

Анан Зайракан өлгөн аялдын төш чөнтөгүнөн табылган сүрөттү эстейт. Аны кайра баштан колуна алат. Көпкө тойбой каадаланып тиктей берет. Сүрөттүн артындагы латынча жазылган тамгаларды окуп жаткандай оозун бүлкүлдөтөт. Ырас эле анда: «Атаң Чокодон, уулум Нурланга белек», – деп жазылган болучу. Аны Зайракан бирөөгө окутуп көргөн.

Аял таңданат. «Күйөөсү да өкмөткө жаккан акылман, угуту бар, эр жүрөк жигит болсо керек. Султанбек айткандай маңдайынан шам күйүп турат. Ырыска шерик, жылдыздуу жигит экен. Бечара, балким, өлүп калсам белек болсун, балдарым көрүп жүрсүн деп түштү бекен ушул сүрөттү», – деп тамшана берет Зайракан.

Тилегине жетпей Шайымкүл, эки балам деп зыркырап жүрүп, акыры ара жолдо ачкадан тентип өлдү. Нурлан, Ракат! Кандай сонун уккулуктуу жакшы аттар. Ата-эненин кимдигин ушул аттар шаңдантып жаткансып, Зайракандын жүрөгү өрөпкүй түшөт. – Менин Токушумдун аты да жаман ат эмес. Оо, байкуш жетимчем, «эмгегимди кайтарып тирүү жүрсөң болду. А-а кокуй, эмгегимди деп коём да. Эгер эртеңки күндө бир туугандары келип алып кетсе анда күнүм эмне болот. – Келин онтоп жиберди.

Эшиктен кирген кичинекей секелек кыздын: «Эне!» – деген үнү Зайракандын көзүн ачты. Эне деген асыл сөздү, аял ушул бечара жетимче үйүнө келгенге чейин эч кимдин оозунан уккан эмес болучу. Жанына жакын келген кыялы жакшы, тили таттуу, булбулдай сайраган кызын элжирей тиктеди. Анын эне деген сөзү көңүлүн асманга учурду. Кучактап туруп бооруна бекем кысып-кысып алды. Эки бетинен алмак-салмак өптү. Жыттады.

– Ак жолтой болор бекенсиң, күнөөсүз байкушум. Артыңдан агарган уул, кызарган кыз ээрчитип келсең ээ. – Эне-бала эркелешип бүткөндөн кийин Зайракан кызын сынамак болду. Ал мойнун созо берип, терезе жакка бурулду да: «Ай, Нурлан! Ракат! Алгыла Токушту, көтөргүлө!» – деп шаңк этти. Эненин алдында бейкапар олтурган кыз элеңдей түштү. Зайракандын кучагынан суурулуп чыкты. Ал эшикти көздөй тепеңдеп беш-алты кадам шилтеп барып, токтой калып энесине бурулду. «Ну-и, ияй-я!» – деп кичинекей сөөмөйү менен тышты көрсөтө берип, үнүнүн бардыгынча кыйкырып жөнөдү: «Ну-у, ииякя!»

Эси оогон Зайракан олтурган жеринде катты да калды. Бир кезде Токуштун артынан жүгүрүп чыкса, ал түз эле баякы эски тамды көздөй бөжөңдөп жүгүрүп баратыптыр...

Кийинчерээк Султанбек менен Зайракан Токуштун атын өзгөртүп коюуну кеңешишти. Эне өзү жакшы көрүп тандаган көп аттарды айтты. Бирок Султанбек: «Турмуштун көлдөй чайпалып, замана толкуп турган кезде багып алдык. Ошондуктан, Толкун болсунчу кызыңдын аты», – деди. Зайракан сүйүнүп кетти. Ошондон кийин Токуштун аты Толкун болду да калды.

Эл оозуна элек коюп болобу. «Асыранды баланы айылчы катын билгизет» дегендей, ар кимиси ар түрдүү сөз айтат. Ата менен эне жакшы сөз укса жарптары жазылат. Жамандыкты кулактары чалса куйкалары курушат. Жүрөктөрү сыздайт. Анан бала болот деп бапестеп олтурган эненин ак пейилине ала көлөкө тура калат. Бул эл аман турса, кызымды кынына киргизишет экен», – деп көөмөйүндө сарсанаа болот. Ушундан кийин Зайракан кызын экинчи жолу сынады. Ээн үй. Эне-бала жалгыз. Аял баякысындай дагы кыйкырды: «Нурлан ай, Ракат! Толкунду көтөргүлөчү! Алгыла Толкунду! Бул сапар эненин чакырыгын кыз беймарал кабыл алды. Эч эчтекеден

капарсыз, момураган калыбында чоочун, дегеле өмүрүндө угуп көрбөгөн бирөөлөрдүн атын уккан немедей, эшикти кайдыгер бир карап койду да, Зайракандын колундагы өзүнүн топусуна кадап жаткан үкүнү кошо кармалашып жатты.

Булар ушундан кийин кызга акыл-эс кирип калган кезде эл арасынан бакаnooз чыгып кетеби деп сактанышты. Зайракан менен Султанбек бул жерден жер которуп көчүп кетүүнү кеңеш кылышты. Арадан ай айланбай ошондон кийин тез эле Султанбек өзү иштеген пароходствого барып, бошонуу жөнүндө арыз сунду... Кызматтан бошогондон кийин, өздөрүнө тааныш бир орус поселкасына келип турушту. Эки жылдан кийин алар цыгандардай самсаалашып, ал жерден да кайсы тарапка бара тургандыктарынын дайынын эч кимге айтпай Зайракандын көл башындагы төркүнүнө көчүп кетишти.

Султанбек жаш кезинен орустардын колунда жалданып иштеп жүрүп эр жеткен. Анын артымда ага-тууганым, ата-энем калды деп кылчаңдай турган эч кимиси жок болучу. Кырканы кыдырып, ар кимдин ирегесинде жүрүп, орус жергесинен тапкан табылгасы, алган байлыгы чоң. Темирди темирге, жыгачты жыгачка салып узанган усталыгы. Өлбөс өнөрдүн ээси.

Алар келери менен артелге мүчө болуп өтүштү. Кийин ошол артель «Жады-Айыл» деген колхоз болуп кайра уюшулду. Анда Толкундун торолуп, жетиден сегизге карап калган кези эле. Бактыга жараша Султанбектер турган Жоларык айылында он жылдык мектеп ачылган. Ал кезде аны ШКМ деп аташуучу.

Толкун ошол мектептин босогосун биринчи жолу аттап, биринчи жолу партага барып серейип олтурган кез.

Султанбек атайын таяк жасап, аны убакытты билүү үчүн белги кылып ачык жерге сайып койгон. Таяктын көлөкөсү түшө турган жердин бир жагында бор менен сызылган узун чийин бар. Ошол сызыкка таяктын көлө-

көсү түшкөндө Толкундун мектепке кете турган мезгили болот. «Кокуй, кечигип калба, убактың болуп калыптыр, балам!» – деп таяктын көлөкөсүн көргөн Зайракан шашкалактайт. Ал Толкундун бети-колун жууп, сеңселген кара чачын татынакай кылып тарап, таза кийимдерин кийгизет. Тамак-ашын берип, курсагын тойгузат. Китептерин асма китеп баштыкка салып иреттейт. Анан экөөнүн кимиси бош болсо, ошонусу мектепти көздөй кызын жетелеп жөнөшөт.

Күн сайын Толкунду жеткирүүдөн чарчабаган ата-эне коңгуроо менен класска кошо кирет. Алар мугалимге кайра-кайра табыштайт. Кичинекей немени балдар уруп, ыйлатып койбосун эскертишет. Ата-эненин кимиси эле болбосун кызын өз ордуна олтургузуп, анан китептерин баштыктарынан ажыратып колуна берип, окуу бүткөндө кайра келип ээрчитип кетээрин айтышат. Ок эле ысарга кетип бараткансып маңдайынан өбө, башынан кайра-кайра сылап, жалынып-жалбарышат. Балапанын акмалап, уянын үстүнөн айланып кетпеген камкор ата чымчыкча имерчиктеген Султанбек акыркы сөзүн айтат. «Мен кетейин эми кулунчагым, тентектик кылбай, балдарга тийишпей олтур. Мугалим агаңдын тилин ал. Тартип сактап олтуруп, окууңду жакшы оку!» – дейт. А Толкун болсо балалык мээримин төгүп, башын ийкеп коёт. Убадага турбаган ойноо секелек, атасына эмне деп эркелээрин билбей, ордунан секирип турат: «Ат-а-а!» Кетип бараткан Султанбек токтой калат. «Мына токочум да бар. Энем момпосуй да берген. Түгөнгөндө дагы-дагы алып келип бергин макулбу, атаке?» «Жарайт, балам. Тамак соо кыз экен деп окуучулар шылдың кылып жүрбөсүн, сени». Толкун кыткылыктап, олтурган балдарды айланта карайт. «Кош, кызым, мен кеттим». – «Кете бер, атаке, мен коркпойм, ыйлабайм» – дейт Толкун эчак чыгып кеткен атасынын артынан кыйкырып. Султанбек артын кылчактай карап, мектептен алыстай баштайт.

Кыз ордунан улактай секирип туруп, суроо-сопкуту жок эшикти көздөй жүгүрөт. Зайнидин кичинекей тентек окуучусун токтотууга аракет кылат.

– Толкунтай, кайда барасың айланайын? Азыр тизме чакырам. Анан сабак баштайбыз.

– Сийем.

Балдар чурулдай түшөт.

– Ч-и-и-ш. Бар, барагой Толкун. Бирок тез кел. Толкун атасын таппай калат. «Ат-а-а! Ата-к-е-е!» Ээгин эмшеңдетет. Класстан Зайнидин чыгат.

– Толкун! Атаңды эмне кыласың, кагылайын. Ал азыр эле кетпедиби.

– Сагындым.

Зайнидин каткырып күлөт. Толкунду алдап-соолап класска жетелейт...

Ушул жылдыздуу кичинекей тентек кыз бардык балдардын зейреги. Көкүрөгү каттай. Тентек, эрке болгонуна жараша сабакты жакшы билет. Ошондой артыкчылыгынан улам ал эки классты бир жылда бүтүрдү.

Үй-бүлөдө да Толкун акжолтой кыз болду. Акжолтой болгондо да кандай дейсиз. Аны айтып да, алкап да бүтүрө албастай залкар. Азыр Султанбектин Толкундан башка дагы эки уулу бар. Ата-эне бул балдарды Толкун болбосо көрбөөчүдөй, Зайракан өзүн өмүр бою туубай өтүүчүдөй сезет. Эки баланы биринин артынан бирин көз көрүнөө ушул жетимче кыз жетелеп келип бергенсип, Толкунду жер-сууга тийгизишпейт. Жылтыраган жакшыраак бирдеме болсо Толкунга чапташат, таттуу тамагын катып-утуп Толкундун оозуна кармашат. Эки уулум Толкунумдан калганын кийип, Толкунумдан артканын ичишсин дейт.

Толкун да ата-энеге башкача жакын өстү. Анан калса алардын боорун жалап койгондой бир укмуш. Анын бала туруп тазалыгы, сарамжалдуу, тыкандыгы кадимки эле энеси Зайраканга окшойт.

...Ошентип, күндүн кандай өткөнү билинбей өмүрдү өмүргө улап, жылдар жылга жалгашып жатты.

Толкун да майда жашын жашап, суук көзгө көрүнө баштады. Эл оозуна кирген акылдуу, оор басырык, сулуу кыз болуп, булуттан чыккан айга окшоп жаркырай берди. Кызынын ушундай артыкчылыгынан чочулаган Зайракан, балама ниети жаман, көңүлү кара бирөөлөрдүн «көзү же сөзү болбосун» деген ой менен тумар чийдирип, жети кара ташты дубалап, анын бирин мойнуна, бирин кийиминин колтугуна тигип койду. Толкун окуусун уланта берди...

* * *

Сыдык Исмаилов өзүнүн жакын досу Чоконун үй-бүлөсү жөнүндө эсинен чыгарган жок. Ал кол башындагы басмачылардын атактуу Жантай, Жакшылыктардын чабуулунун мизин кайтарып, уюшкан каракчылар менен салгылашып жаткан акыркы күндөр эле.

Ошол мезгилде Сыдык Чоконун үй-бүлөсү жөнүндө жаман кабар алды. Шайымкүл кичинекей кызы менен Чүй тарапка ооп кеткен бойдон өлүү-тирүүсүн билген киши жок экенин билди. Чыгымдуу Сыдык бул ишти ошол бойдон этибарсыз таштап койгон жок. Ал Нурлан менен Ракат тарбияланып жаткан балдар үйүнүн директоруна мындай деген маанидеги кат жазып жиберди:

«Ардактуу Александра Жигайловна! Ал-абалды суроодон кийин сизден өтүнө турган бир чоң иш болуп калды. Сиздин балдар үйүндө тарбияланып жатышкан Нурлан, Ракат Чокоевалардын энеси кичинекей кызы менен Чүй тарапка кеткен имиш. Эгер аман-соо ошол жакка кеткен болсо, ал балдарына барбай койбойт. Угушума караганда балдар үйүн чөйрөлөп кеткен көрүнөт. Мүмкүн болсо, ушул аялдын дайынын билип, кайда, кандай жашап жаткандыгы жөнүндө мага тез аранын ичинде билдирүүңүздү күтөм.

Саламым менен С. Исмаилов, Каракол кантону. ЧК»

Козлова Исмаиловдун кайгылуу катына экинчи жумадан кийин жооп жазууга олтурду.

«Кымбаттуу Сыдык Исмаилович! – деп баштады ал. – Сиздин жазган катыңыз балдар үйүнүн коллективин чындап эле ойлонууга алып келди. Нурлан, Ракат Чокоевалардын энеси дегеле балдар үйүндө болгон эмес. Сиздин сурооңуз боюнча «Социализм» артелине барып да сураштырдык. Бирок андай аял жок болуп чыкты. Ушул кыска мөөнөттүн ичинде тиешелүү мекемелер менен органдар аркылуу башка жерлерден да издештирип көрдүк. Бирок бардыгы натыйжасыз болду. Демек, балдардын энеси Чүй өрөөнүнө келген эмес. Анткени Чүй бетине жеткен эне, балдарын көрүүгө бизге сөзсүз келүүгө тийиш болучу.

Мен балдарды аяймын. Алар энесин көрүүгө абдан ынтызар. Биздин мамыкка бөлөп, май бергенибизден, эненин териге ороп, суу бергени алар үчүн артык эмеспи. Азыр балдардын экөө тең жакшы окуп жатышат. Мындан аркы окуудагы ийгиликтерге жетишүүсүнө канат байлоочу зор күч – ал эне. Балдар энеси менен көрүшүү керек. Алар энесин сагынып, куса болуп жүрүшөт. Азырынча балдарга эч нерсе айтылганы жок. Сиз да, биз да дагы бир жолу тереңирээк изилдеп көрөлү. Бакка жараша бир жерден болбосо, бир жерден табылып калуусу ыктымал.

*Саламым менен Козлова».*

Балдар үйүнүн директорунан келген кат Сыдыктын үмүттүү жүрөгүнө өрт койду. Ал эки колун желкесине алган калыбында шыпты кирпик ирмебей тиктеп, сулк жатат. Көз алдынан самтыраган ач-жылаңач Чоконун үй-бүлөсү биринин артынан бири кербендей тартылып өтөт. Алыстан-алыстан Шайымкүлгө окшогон аялдын сөөгүн көрөт. Энесинен кийинчерээк өлгөнбү, айтор, аялдын бооруна жабышып, башын көкүрөгүнө койгон, көкүлү маңдайына түшкөн кичинекей кыз жатат.

Сыдык ордунан ыргып турду. Бөлмөдө тамекини үстө-көбосток бурулдатып, аркы-терки баса баштады. Уктай турган мезгили өтүп, уйкусу качып кетти...

Туш-туштан издеп, эки жактан канчалык сурамжылаштырганы менен Шайымкүл эртең мененки шүүдүрүмдүн тамчысынан бетер дайынсыз жоголду да калды.

Ушундан кийин тез эле республикалык газеталардын бирине коммунист Чоконун Совет бийлигин тургузууда көрсөткөн тайманбас эрдигин даңазалаган көлөмдүү макала басылып чыкты. Анда кыргыз элинин карапайым уулунун келечекке шилтеген алгачкы кадамы, Совет өкмөтүнүн саясатына туура түшүнгөндүгү, Владимир Ильич Ленин түзгөн Коммунисттик партиянын ишине берилгендиги жазылган. Чоко жөнөкөй күрөшчү гана болбостон, сөзүнөн бал тамган чечен агитатор да болгон. Ал өзүнүн чукугандай кеп тапкан учкул сөздөрү менен караңгы элди биригүүгө үндөгөн. Ал кездеген максатына ар дайым жетип турган. Чоко басмачылар менен кашык каны калганча салгылашкан. Эзилген элдин эркиндиги менен тең укуктуулугун коргоп жатып, баатырдык менен курман болгон. Макалада Чоконун жетим калган балдары – Нурлан менен Ракаттын балдар үйүнө алынгандыгы айтылган. Ал эми баатыр коммунисттин жесири Шайымкүл менен кичинекей Токуштун дайынсыз жоголгондугу кайгылуу сөздөр менен белгиленген. Шайымкүл кайдадыр бир жерде тирүү болсо өкмөткө кайрылуусу эскертилген. Макаланын акырында мындай деген сөздөр бар: Ардактуу Шайымкүл! Биз эл үчүн, элдин бакты-таалайы үчүн өзүн курмандыкка берген баатыр жолдошубуз Чокону эч качан унутпайбыз. Ал сени, сенин балдарыңдын келечегин коргоп калды. Буга мактанууга да, сыймыктанууга да акың бар. Жолдошторуң сени күтөт, Шайымкүл!

С. Исмаилов, ЧКнын кызматкери».

Шайымкүл үчүн болгон мындай аракеттерден эч натыйжа чыккан жок. Анын не өлүүсү, не тирүүсү билинбей, убакыт учкан куштай кош канатын сабап жатты.

Эмне кылуу керек? Шайымкүл менен Токуш жөнүндө Нурлан менен Ракатка айтуу керекпи же жокпу? Айтор, бул суроо балдар үйүнүн коллективи жана ошондой эле Исмаилов менен Никонор Васильевич баш болгон бир топ кишилерди терең ойго салды.

Никонор Васильевич менен Сыдык Исмаилов экөө кийинки кезигишкенде (Никонор Васильевич ал кезде Кыргызстандын түштүк райондорунда иштеп жаткан болучу) Чоконун балдары жөнүндө дагы сөз болду. Булар Пишпекте өтүүчү кеңешмеге келишкен. Никонор бир топко унчукпай, алдындагы кагазды чиймелеп, ага орок-балканын сүрөтүн түшүрүп жатып, колундагы карандашты столго шарт ыргытты да, ордунан көтөрүлө берип Сыдыкка мындай деди:

– Мен ойлонуп көрдүм. Балдарга энеси менен бөбөгүн өлдү деп ачык айтып угузуудан башка арга жок. Андай-мындай деп калп сөздөрдү айтып ынандырып, балдарды үмүткөрлөнтүп алдоодон эчтеке чыкпайт. Чынын айтып, түңүлтүш керек.

– Мен да ошондой деп ойлогон элем, Никонор Васильевич. Жарайт, айтканыңызды орундатууга убада берем. Баса, айтыңызчы, ал жакта өз иштериңиз кандай?

Никонор тамашага чала сүйлөдү:

– Түштүктүн басмачыларына караганда түндүктүн басмачылары бир аз жоошураак, момун чалыш келет окшойт. Алар биздин айбатыбыздан ийинге киргенче шашты эле. «Акмак арстан айга секирет» дегендей, түштүк жакта күнгө секирген басмачылар да бар экен. Сен бир Жантай менен кармашып жатсаң, мен миңдеген Жантайлар менен салгылашып жатам. Ийгилик жаман эмес. Жакынкы күндөрдө алардын тукуму да курут болот. Өлүм аларды саат сайын, минут сайын күтүүдө.

– Мейли, өлүмдү каалагандар өлө берсин. А бизге болсо жашоо керек, эркиндик керек, тынчтык керек.

– Туура.

– Качан кайтасыз?

– Кеңешме кандай бүтсө, ошондой жолго чыгам. Чоконун уулу менен кызына салам айтып кой. Мени келбеди деп капа болушпасын. Кышында келгенимде барган элем. Директордун кабинетинде олтуруп балдардан чакыртсам, алар атаң келип силерди сурап жатат дептир. Мени көрүп экөө эки жагымдан басып жыгылышса болобу. Орус тилин так сүйлөп калышыптыр. Ракат менден не ажырасын. Партия менен өкмөттөн айланса болот. Жакшы багып жатышкан экен. Санаам тынып калды алардан. Анан калса экөө тең дегеле сүйкүмдүү балдар болушуптур. Атасы маркум да өңдүү, сымбаттуу жигит эмес беле. Эх, шайтан алгырдыкы, баарынан да Шайымкулдун жоголгонун карачы. Ал, сөзсүз, өлдү. Болбосо ушунча ай, ушунча күндөн бери кантип бир кабары болбосун. Сен шашпай эле кайтарсың. Коркунучтуу душмандан көлдө саналуу эле кишилер калды. Жантайдын тамырын кырккаnыңарды мурун эле уккамын.

– Иш толуп жатат, Никонор Васильевич. Качкындар көбөйө баштады. Байлар өздөрү менен кошо кедей-кембагалдарды да азгырып жатышат. Жакындан бери Карамурун деген жапайы жырткычтын кабары катуу угулуп жатат. Убакыт эсептелүү. Иштей турган иштер чачтан көп. Бирок балдарга кайрылбай кетүүгө да болбойт. Александра Жигайловна да келип кетсин деп сураган экен. Сыягы, ошол иш боюнча сүйлөшөйүн деп жатса керек…

Дем алуу убагы бүттү. Никонор менен Сыдык бөлмөдөн чыгып, көпчүлүк кирип жаткан кеңешме залын көздөй каалгый басып жөнөдү.

* * *

…Сыдык балдар үйүнө жакындаганда ар түрдүү улуттун бир кылка балдарынан турган өзүнчө эле бир колонна

аркы көчөдөн ырдап келе жатышты. Аларды баштап келе жаткан күлмүңдөгөн, көздөрү ачык асмандай жайнаган, ак жуумал жайдары аял. Балдардын жалпы чыккан назик үндөрү сыбызгыдай ичке да, тилдери таттуу да. Кээлеринин добушу жалпы үндөн бөлүнүп чыгат. Тилдери анчалык так келбегендери менен анын сөздөрү ар кимисине жат экендиги билинип турат. Балдар менен чогуу дарбазага жакындаган Сыдыктын кабагы жаркырап, аларга маашырлана тиктеп тура калды. Балбылдаган сан көздөр Сыдыкка жоодурай карайт. «Келечектин ээлери!» – деди жигит ичинен. Аңгыча: «Саламатсызбы, жолдош командир!» – деп колдорун чекесине алып, салют берген үндөр абада жаңырды. Короого кирери менен алардын катары бузулуп, кымгуут боло түштү. Сыдыкты ээрчий тиктеген балдардын «Сенин атаң эмеспи?» «Жок, мен таанибайм. Кимге келди болду экен?» деген сыяктуу сөздөрдү айтып, өз ара сүйлөшүп жаткан үндөрү арт жагынан кулагына шак дей түштү. «Менин атамды да, апамды да, бөбөктөрүмдү да бүт бойдон басмачылар өлтүрүп кеткен. Эгер тууганыбыздыкына барып конуп калбаганымда мени да атып салышат болучу. Мага эми эч качан атам да, апам да келбейт. Мен эч кимди да күтпөйм». Тестиер эркек баланын үнү муңайыңкы чыкты. Экинчи бала тигил баланын сөзүн жулду. «Биздин атабыз тирүү болгондо ушул кишиге окшоп келип турат эле. Мен атамды түшүмдө көрөр бекенмин деп уктаар алдында дайыма ойлонуп жатам. Бирок түшүмө такыр кирбейт. Көп ойлосоң түшүңө ата-энең сөзсүз кирет деп Касен мени калп эле алдаптыр». Үчүнчү бала муштумун түйүп, тигил баланын маңдайына тура калды. «Мени калпычы деп коёт. Эче жолу калп айттым эле ыя, сага? Өзүң атаңды жакшы эстеп жатпайсың да, мага асыласың. Менин атам эмне үчүн күндө түшүмө кирет. Мен аларды дайыма уктаарда ойлой берем, ойлой берем. Билесиңерби, атам базарга барганда алма, бадыраң, ашпурт дегендер-

ди курждундун көздөрү менен бир кылып алып келүүчү. Бизге макиси менен алманын кабыгын жука кылып аарчып берүүчү. Кабыгын такыр үзүүчү эмес. Тим эле чубалып упузун болуп калуучу. Биз аны жыйып алып ойночубуз. Кээде жеп коюучубуз. Билесиңби атам да, апам да бизге жалынып эле туруучу. Силердин ата-энеңер да меникине окшоп балдарын жакшы көрүп туруучу беле?» Балдар жандана түштү. Ары карай узап бараткан Сыдыктын артынан бир азга ээрчий карап турушту да, чуркап жөнөштү.

– Агай, кимге келдиңиз? Кимдин атасы болосуз? Балаңыздын аты ким? Биз чакырып беребиз, агай? – Балдар биринен бири суроонун үстүнөн суроо жаадырышып, Сыдыкты курчай басышты.

– Жакшы балдар экенсиңер го. Кам көргөнүңөргө ракмат, айланып кетейиндер. Жакшы окуп, жакшы адам болгула. Менин бул жерде балдарым жок. Карындашым менен иним бар. Анан мен өзүм айтам, ошондо чакырасыңар.

– Аты ким, агай, алардын. Айтсаңыз.

– Биз тааныйбыз.

– Чоңбу?

Балдардын курчоосунда турган Исмаиловдун көңүлүн ары жактан келе жаткан директордун саламы бузду...

Сыдык биринчи жолу келгенде балдарга дем алыш экен. Алар Пишпектин сыртына экскурсияга чыгып кетишиптир. Күтүүгө убактысы тар болгондуктан, келер-кетээр сөздү Козлова менен сүйлөшүп кайта тарткан. Исмаиловдун бул экинчи келиши болучу.

Нурландын чуркап келатканын айнектен көргөн Сыдык, эшик алдын утурлай басты.

– Сыдык бай-ке-е! – Жаздым дедирбей тааныган Нурлан жабыша түштү.

Канатын жайган жигит баланы жерден көтөрө берип, чекесинен чопулдатып өпкүлөп жиберди.

– Адам болуп калган турбайсыңбы. Ракатың чоң кыз болдубу?

Нурлан башын ийкеди. Сыдык колунан жетелей басыш келип

Нурланды табуреткага олтургузду.

– Жок, байке, сиз олтуруңуз. Мен туруп турам. – Сыдык көчүк басты. Баланы олтурууга тизесинен орун көрсөттү. Нурлан олтуруудан жазганып, Сыдыктын ийинине колун койду. – Билесизби, биз энебизди абдан сагындык. Ракат болсо араң эле жүрөт. Күндө эле энемди сагындым, – деп ыйлай берет. Былтыр да барбай калдык. Деги быйыл барабызбы, байке?

– Нуке! Сен жигитсиң да. – Сыдык баланы алдын ала жайкап, алдап-соолап сүйлөдү. – Бала болсоң да бир нерсеге түшүнөт го деп ойлойм. А кыздар болсо кайраты жок, жеринен жашык болушат. Мен сага... – Сыдыктын үнү титиреп, мукактанып чыкты. Ал сөздү токтоп-токтоп бөлүп сүйлөдү. – Энеңден такыр кабар алалбай койдук. Алар ушул жакка барабыз деп өткөн жылы кеткен бойдон...

Нурландын наристе жүрөгү булкуп алды. Өңү сустая түштү. Бир демге кирпик ирмебей, Сыдыктан эки көзүн албай үмүтсүз жалдырады. Эриндери эпсиз кыймылдап турду. Ал бакырып жиберчүүдөй, көздөрүнүн кычыгына толгон мөлтүр жаш уламдан-улам чанагына батпай кылкылдап баратты.

Адамдын жүрөгү чыдап тургус баланын аянычтуу кебетесин көргөндө Сыдыктын көзү тумандап, чекеси кысылды. Бармактай болгон баланын ички дүйнөсүнө дүрбөлөң түшө баштаганын сезген жигит Нурландын көзүнөн көзүн ала качты. Аны чыдап карап турууга адамдык кудурети такыр жетпеди. Сыдыктын оозунан чыга албай турган бөгөт эми быт-чыт түшүп алдында кыйрап жаткандай болду. Исмаилов Нурланды калчылдаган колу менен кыса кармап, өзүнө бурду.

– Ой, армандуу байкушум, сени менен ушунтип көрүшмөк экемин, ээ. Канчалык ыйлап, канчалык күйсөң да байкуш энең келбес сапарга кетиптир, Нуке. Өлгөндү тирилтүү, жоголгонду табуу колумдан келер иш болсо, минтип алдымда сени ыйлатып коюп турбайт элем го. Байкуш Шайымкүл, бала деп жүрүп балдарынын убайын көрбөй өлүп кетти. Мен ошону сага кантип угузарымды, кантип оозумду батып айтарымды билбей, башым айланып, кулагым чуулдап олтурбайбы.

Нурландын жүзү кубаргандан кубарып баратты.

– Энемби? Э-нем, чын эле өл-дү-бү, байке?

– Ооба, Нурлан энең менен Токуш өлдү деп уктум, айланайын.

– Байке! Кагылайын байке, өлдү дебечи энемди. Андай сөздү Ракатым укпасынчы. Ага айтпай эле коёлучу, байке. Э-эн-ем чын эле бизди таштап өлүптүрбү? Бизге: «Силер кетсеңер эле, мени басмачылар өлтүрүп кетет», – деп айтканы чын болгон турбайбы. Олда, энекебайым ай, Токушум ай. Айрылдыкпы силерден. – Нурлан үнүн баспай өксөп жатты. – Басмачылар! Басмачылар! Мыкаачылар! Эмне үчүн, эмне үчүн силер адам туруп адамдын канын төгөсүңөр! Шаш-пагыла-а! – Жаак эттери түйүлүп, тишин кычыратты.

– Нурлан, садага, аларды басмачылар өлтүрбөптүр. Сен мага туура түшүнчү. Шайымкүл Чүйгө келатып ооруп өлүптүр.

– Токуш дагыбы? – деди ый аралаш, Сыдыкка жалт карап.

– Чындыгын билбейм. Менимче, жөө-жалаңдап, ач-жылаңач келатышканда экөөнө тең суук тийсе керек.

Нурлан бир демге Сыдыкты тыңшап туруп, кулундай чаңырып, эки тизесин эки колу менен мыжый кармап, полдо бутунун башы менен тегерене түшүп, үстөмөнүнөн кетти. Сыдык баланы жерден көтөрүп алды.

Бир кезде Александра Жигайловнаны караса, оозун бет аарчысы менен басып алып, шолоктоп ыйлап жа-

тыптыр. Көрсө, Александранын эне-атасы 1917-жылкы кышкы сарайды талкалоодо баатырдык менен курман болуптур. Энеси Анна да көрүнүктүү революционерка экен. Бир чоң үй-бүлөдөн тируу калганы Козлова болуптур. Азыр анын жүрөктөгү каткан жарасын Нурлан тырмап алгандай кансырап кетти.

Оюнда эч нерсе жок ойноп жүргөн Ракат, балдардан Нурланды директор өз кабинетине чакырып кирип кетти деген сөздү угуп, чымын-куюн болуп жөнөдү. Кабинетке шыдыр кире албай, эшиктин чала жабылган жылчыгынан шыкаалап акмалаган Ракат Нурландын чырылдаган үнүн угуп, эшикти бардык күчү менен шарт ачып жиберди. Кыз көргөн көзүнө ишенбегендей, окуянын аяк-башына түшүнбөй турган ордунда таштай катты. Нурлан Ракатты көздөй талпынды. Энеси менен сиңдисинин караанын көзгө сүртүүгө зар болуп, кусаланып жүргөн Ракат «Энем өлүптүр» деген бир тууганынын суук сөзүн укканда чыңырып барып, Нурланды кучактай жыгылды. Анын муңканган ачуу үнүнө Нурландыкы кошулуп, директордун кабинетинин ачык терезесинен кош жебедей атылып чыгып, абага аралаша түшүп, күүлдөп айлана чайпалып жатты. «Энеке! Кагылайын энеке! Бизди сен да таштап кеттиңби? Токуш экөөң жарык дүйнөдөн жадап, өмүрдөн өлүмдү жакшы көрдүңөрбү. Биз экөөңөрдөй асыл эне менен, алтындай бир тууганды кайдан табабыз. Ракат экөөбүздү кантип караан талаага таштадыңар. Эми биз кантип күн көрөбүз. Эне деп кимге эркелейбиз. Кимди эстейбиз, кимди сагынабыз, кимге көзүбүздү артабыз. Оо кудай, ушундай да акыйкаты жок таш боор болорсуңбу?» Балдардын муун-жүүндү бошотуп, дене бойду дүрүлдөткөн муңдуу үнү, алардын көөдөнүн жарып чыгуучудай дүпүлдөгөн кичинекей баёо жүрөктөрү ушинтип сүйлөп, ушинтип жулкунуп жаткансыды.

Короодо бейкапар ойноп жүргөн өспүрүмдөр оюндарын тык токтотушуп, муңканган добуш чыккан жакка

элее карап, кулактарын салып үрпөйүшөт. Айланада аба тынып, теребел сумсайып, Ракат менен Нурландын көз жашын, көкүрөк дартын өзүнө сыйдыра албай демигип тургансыды. Асман менен бой тиреше өскөн байтеректер жетимчелерди аягандай, алар менен кошо муңкангандай коюу көк жалбырактарын төмөн карай самсаалатып акырын онтойт. Асмандагы күн да балдардын күйүтүнө туруштук бере албагандай ачуу демин чыгарып, жер-сууну каарып алоолойт.

Өпкөсү көөп солуктаган Нурлан менен Ракатка Сыдык менен директор убара.

– Айланып кетейин жетимчелерим, силер мени кечирип койгула. Тынч көңүлүңөргө күтүлбөгөн жерден күйүт салдым. Жакшы кабар айтып кубандыруунун ордуна жаман кабар алып келдим. Болору болду. Шордуу энеңдин өлгөнүн жашырып, экөөңдү жалган жеринен жаркытууга кудуретим жетпеди. Ооба, Нурлан, силерди калп айтып алдоого акым жок. Минтип тил албай ыйлай берсеңер экинчи бул жерге, силерди издеп эч качан келбейм.

Экөөнү алдап-соолаганы менен Сыдык балдардын алдында күнөөнүн эң эле оорун, эң эле жаманын көтөрүп тургансыды. Рас эле Ракат менен Нурландын наристе сезимине чок салган Сыдыктын өзү эмей ким. Ал болгондо да эң жаман, эң эле ырайымсыз сөздү айтты. Өлгөндү угузду. Бир эмес, эки бирдей кишини. Алар балдардын өзөгү менен өзөктөш, жүрөгү менен жүрөктөш, каны менен каны бир – эне менен бир туугандар эмес беле.

Александра Жигайловна Ракаттын эки жаагына эки алаканын коюп, анын жүзүн жаш чалган убайымдуу көздөрү менен тиктеп туруп бетин-бетине такап, көздөрүнөн өптү.

– Көзүңдөн кагылайыным, укчу мени, ыйлабачы. Нуке, экөөң эгер минте берсеңер мен бул жерге турбайм. Кетип калам. Мейлиби?

Аялдын ысык жашы Ракаттын жашына аралашып, салаа-салаа болуп куюлуп турду.

– Кетпеңиз, Александра Жигайловна! – Ракат жашын жутту.

– Ыйлабайсыңарбы?

Кыз башын чайкап, ыйлабайм дегендей убайымдуу көздөрү менен аялга телмире тиктеп букулдады…

Эми Нурлан менен Ракатка балдар үйүндөгүлөрдөн башка ыбаа карар күйөр да, сүйөр да жок. Бул жай алардын өз үй, өлөң төшөгү. Учарга уясы, конорго тууру. Экинчи энеси, ардактуу атасы…

## II БӨЛҮМ

Мезгил өз чотун тынбай уруп жатты. Султанбектин кызы мектептин босогосун аттагандан бери Жер эне тогуз жолу толготуп, тогуз жолу жаркыраган жазды, күркүрөгөн күздү, кычыраган кышты төрөдү.

«Асыранды бала боор эт менен тең» дегендей Султанбек менен Зайракандын өзгөчө өмөчөктөп, өзгөчө көзүн карап, көкүлүн сылап өстүргөн баякы кичинекей Токуш көзгө толумдуу, келишимдүү-келбеттүү, оор басырык, акыл-эстүү кыз болуп чыга келди.

Толкун 10-класстын акыркы чейрегин ооруп жүрүп бүттү. Ден соолугуна байланыштуу айрым сабактардан жеңилдик алды. Мугалимдер өткөн бааларына карап жыйынтык чыгарып, аттестатына баа коюуга туура келди.

Курган Султанбек менен Зайракандын көрсөтпөгөн табыбы, окутпаган молдосу, бербеген дарысы калган жок. Бирөөнөн болбосо бирөөнөн шыбаа болор деген ой менен, ким эмне айтса ошону жасап жатышты. Бир молдонун айтуусу боюнча кара улакка көчөт көчүртүп, бир сыйра кийимин башынан тегеретии, үч жолдун айрылышына алып барып таштаршты. Жамандык жерге жатмак беле. Кара улак менен кыздын кийимин молдо

өзү алып кетиптир деген сөз тарады. Бирок Султанбектер буга ишенишкен жок. Молдону көрө албаган адамдардын чыгарган сөзү, айткан ушагы деп ойлошту. Анын оозуна бар тамагын кармап бага беришти. Айлап жатып окуганы менен да Толкундун көзүнө «касиеттүү» эм түшпөй койду. Кыздын көзүнүн оорусу айыкмак турсун күндөн күнгө күчөй бпштады. Ата-эненин айласы кетти.

Күндөрдүн биринде Зайракан талаадан, жумуш жасап жүргөн жеринен дагы бир атактуу молдонун кабарын угуп, үйүнө айтып келди. Анын дегени дегендей, айтканы айткандай келген көзү ачыктык жайы да бар дешти. Ошондуктан анын «су» деген деми текке кетпейт экен. Бал китебин ачып олтуруп, оорунун айыгар-айыкпасын күн мурун билет имиш. «Ак бакшы» айыга турган ооруга гана келет. Ал эми айыкпай турган ооруга өлсө да барбайт. Анын эки ийининде турган касиеттүү периштелери болор ишти алдын ала айтып турар имиш, – деген сыяктуу сөздөр Султанбекти ошол жакка баштап жөнөдү.

Султанбек күндөп-түндөп жүрүп олтуруп, атагы алыска кеткен молдо баякшыны акыры үйүнө алып келди. Ал бал китебин ачып, көпкө чейин күңгүрөнүп, өзү менен өзү сүйлөшүп олтуруп, бир маалда санын чаап алды.

– Ат-а-а, кызыңарда эки дарт бар экен. Биринчиси көзү чекир, өңү кара эркек кишинин көзү тийиптир. Экинчиси арыктагы суудан элүү дарт жабышыптыр.

Толкун бети-колун эртели-кеч такай арыктагы сууга жуучу, Суунун да ээси болот» деген сөздү бала кезинен угуп жүргөн эне селт дей түштү. «Тобо, эл айткандай эле кыйын молдо го. Дарттын суудан тийгенин туура эле таап айтты. Анан калса арыктан башка жакка жуунчу эмес эле бул кыз. Мына, молдо деп ушуну айтыш керек», – деди Зайракан ичинен.

– Э кагылайын олуям, айтыңызчы деги, балабыз сакаяр бекен? – Султанбек менен Зайракан шалдырай түштү.

– Күнү-түнү жети күнү окуйм. Ага болбосо 40 күнү тынбай окуш керек. Окуу деген суук болот. Тамак күчтүү болбосо болбойт. Чыдай аласыңарбы?..

– Кам санабаңыз, молдоке! Кызыбыз үчүн кара башыбыз тартуу.

Ошентип, Султанбек чапкылап жүрүп молдонун аш-тамагын арбын камдады. Кой союлуп, кант-май дасторкондо жайнай баштады. Молдонун ысылыкка жегени жаш эт, суусунуна ичкени кымыз. Атанын түйшүгү арбыды. Ал колхоздон жаздырып алган кымызды алыш үчүн күнүгө түн катып жайлоого барып келип туруучу болду.

Эртең менен Толкундун көздөрү экөө бирдей чычаладай кызарып, коногу алтын карекке жакындап калыптыр. Муну көргөн Зайракан титиреп кетти.

– Шорум ай, баякысынан да чоңоюп калган тура. Айлап окуса да учпаган кандай балекеттүү конок болду. – Эне элтеңдей басып, молдонун үстүнө кирди. Ал эртең мененки багымдатты жаңы бүтүп, жайнамазын жыйнап жаткан.

– Молдоке! Касиетиңден айланайын, молдоке, кызымдын көзү күчөп калыптыр да. Бир чымындай жандан башкасына жок дебейлик. Эмне алсаңыз макулбуз. Шыбаа кылыңыз. Баламдын көзүн көрүп жүрөгүм түшүп калды. Коногу чоңоюп, алтын карекке жакындап калыптыр да. – Зайракан буркурап ыйлап жиберди.

Сакал-мурут койдурганы болбосо молдо жаш болучу. Мүчөлүм өткөн жылы болучу деп айтканына Караганда кырктан жаңы эңкейген киши. Ал сыйда койдурган чокчо кара сакалын сылай сырдуу күлүмсүрөдү:

– Каалаганымдыбы?

– Ооба, молдоке, каалаганыңызды... Калп айтып сизди алдаганча өлгөнүм артык. Бул жалгыз өзүмдүн сөзүм эмес, Султаш экөөбүздүн оюбуз.

– Ушул айтканыңыздын ырастыгына кол алышып койсок кантет?

– Болот, болот, молдоке.

– Кол алышуу деген кудайдын мөөрүн баскан менен барабар. Муну го билерсиз, аяш.

Зайракандын манжаларын молдонун күчтүү колу аттиштей кысты. Аялдын өңү чөптөй боло түштү. – Сиздик оокатты табарбыз.

– Зайраш! Кеп оокатта эмес. Дүнүйө кара жерге кирсин. Көңүл табыш, адам алыш – ал ар кандай кымбат баалуу дүнүйөдөн артык турат. Адам болсоң кыялымды таба бил. Пейилибиз жарашып, жүрөгүбүз жибишсе, бир жумага жеткирбей кызыңызды коорсуз айыктырам.

Аял шашып калды. Бирөө алка-жакадан алып муунтуп бараткансыды. Зайракан молдонун арам оюна дароо түшүндү. Үнү калтырап, бирок өкүм чыкты. Аял молдонун сөзүн түшүнбөгөн киши болуп, аңкоолоно баштады.

– Рахмат, молдоке. Жакшылыгыңызды эч качан унутпайбыз. Султанбек келгенде айтам. Ал сизди ыраазы кылганга эптеп жараар. Тирүү жан турбайбызбы. Мурун кызыбызды айыктырыңыз. Куру аякка бата жүрмөк беле. Өз оюбузда да бар.

– Оо, парвардигер. Сиз бала эле бойдон турбайсызбы. Менин ниетиме кенедей да түшүнбөптүрсүз, бурадар. Мен сизди сүйүп калдым деп жатам.

– Сүйүп калдым?! Э-э кудай айланайын, кандайча сүйүп каласыз? Ак никелүү күйөөм бар. Балдарым минтип бой жетип олтурат, сиз мени шылдыңдап жаткан жоксузбу? Оозунда келмеси, боюнда даараты бар киши да арамдыкка барабы? Жок, жок, мен сиздин бул сөзүңүзгө эч качан ишенбейм. Молдо да ушунтеби? – Ал жакасын муунта кармап, кетенчиктей берди.

Тигил киши кыт-кыт күлдү.

– Молдодо жүрөк жок бекен, Зайраш. Сүйүүнүн тазасын көргүң келсе молдолордон көр. Алар сүттөй таза жүрөктөрү менен шарыят жолуна тууралап сүйөт. Жаштык-мастык дегениңиз илгерки пайгамбарлар менен

сахабалардан, Бүбү, Батмалардан калган. – Молдо кучак жая Зайраканды көздөй жүткүнөт.

Аңгыча эшик шарт ачылып, көзүнө кара көз айнек кийген Толкун баш багат.

– Эне! Сиз мындасызбы? Тышта атам чакырып жатат.

Зайракан шашкалактап чыгып кетти.

Арадан беш-алты күн өттү. Аял ар түрдүү жумуштарды бетине кармап молдодон четтей баштады. Анын көзүнө молдонун дидаары уламдан-улам суук көрүнүп баратты. Бирок молдонун шок көздөрү бирде Зайракандын артынан, бирде Толкундун артынан калбай ээрчип жүрдү. Бирок Зайракан молдонун ниети өзүнө эле эмес, кызына да бузулуп жүргөнүн билген жок.

Бүгүн жуманын түнү. Молдо Толкунду таң атканча окуй турган түн. Эшик-терезени жылчыксыз бекиттирип, үстүнө жан киши кирбесин деп эскертти. Ата-эненин болушуна да шарыят жол бербесин айтты.

Шишелүү бешинчи лампа ортодо жаркырайт. Молдо улам бир сүрөөнү кыраат менен созо айтып келип, «суф-суф-суф» деп дем сала көзүн сүзүп, бирде өбөктөй, бирде чалкалай түшет.

Түндүн бир тобу болду. Толкун кийимчен төшөгүнүн үстүндө бош жууркан жамынып олтурган калыбында үргүлөй баштады. Эс алууга даяр турган жаш дене уламдан-улам бошоп баратты. Толкун жаздыкка кыйшая берип, биротоло уктап да кетти. Тышкы үйдөн шырп эткен дабыш чыкпайт. Молдо кулагын түрө эшикти тыңшайт. Султанбектин коңуругу жайма-жай чыгат. Ансайын молдонун жүрөгү дуп-дуп урат. Анын ач көздөрү Толкундун акактай тунук жүзүнө сугулат. Чыйырчыктын канатына окшогон иймейген кара кашы анда-санда серпиле түшөт. Ботонукундай жайнаган капкара оорукчан көзү алда кимден жашынгандай кош кирпиктин ортосунда билинер-билинбес ачылып жатат. Бир аз дердегейрек келген таноолуу кырдач мурду дабышсыз бат-бат дем алат. Кыз-

гылтым толмоч эрди бирде күлүмсүрөсө, бирде түшүндө эмчек ээмп жаткан наристедей булк-булк этет. Молдонун жүрөгү элжирегенден элжирейт. Шилекейи чубуруп, көзү кыздан өтөт. Ал уламдан-улам алкын ачып, абийирин жоготуп баратты. «Ушул сулуу мага тием десе, атасына малым эмес башымды берер элем. Ачыгын айтып сүйлөшүп көрөйүн». Чөк түшкөн калыбында кыздын баш жагында бир демге кыймылсыз турду. Өз жүрөгүн өзү үйүр алдырып, Толкунга улам жакындай берди. Бешмантынын бүчүлүгүн чечип, төшөккө жакын жанбаштады. Калтыраган колдорун акырын сундуруп жууркандын ичине сойлотту. Молдонун бүткөн боюн ысык жалын каптай баштады. Толкун ойгонбоду. Душман үйүр алып олтуруп, колун кыздын тисирейген кичинекей, ийиктей болгон эмчегине барып такады. Анан манжаларын эмчектин үстүнө жылдырып барып акырын койду. Кыз чукуранып барып, тигинин колун өз колу менен кыса оодарылып жатты. Уйку-соонун ортосунда Толкундун бир билгени өзүнүн кичинекей сиңдиси Чолпон экен деп гана ойлоду. Чолпон дайыма эжеси менен бирге жатуучу. Ал Толкунду кучактап, же колун көкүрөгүнө чыгарып жатып уктоочу. Молдонун жүрөгү жарылып кете жаздады. Төшөккө кандай кирип кеткенин өзү да билбеди. Титиреп-калчылдаган калыбында кызды бооруна кысты. Толкун ойгонуп кетти. Түшүндө көрбөгөн, оюна келбеген укмуштай суук, чоочун көрүнүш. Кыз бакырып жиберди.

– Э-не-е! Эне-ке-е! А-та-а-а!

Молдо Толкунга бир ооз сөз айтууга жарай албай, келмеси оозунан түшүп, шашып калды.

А кыз болсо үнүнүн бардыгынча кыйкырып, жерде томолонуп баратты. Зайракан менен Султанбек көйнөкыштанчан ички үйгө кирип келишти. Молдо сууга түшкөн текедей калчылдап бурчта турду.

– Эмне болуп кетти, балам? – Султанбек эшик алдында селее түштү. А Зайракан болсо жерде томолонуп жаткан

кызына жалынып-жалбарып, бети-башынан өпкүлөп ордунан тургузуп жатты.

– М-е-н, ме-е-н. Толкунду атайын чочутайын деп ырым кылдым эле, жаман оюм болсо тузуңар урсун.

– Энекебай! – өпкө-өпкөсүнө батпаган Толкун энесинин кучагына жыгылды. – Ишенбегиле буга. Жоготкула. Тез жоготкула үйдөн. Менин көзүм ушунун колунда болсо ала кетсин, чөнтөгүнө салып. Көрсөтпөгүлө жүзүн! – Кыз безгек болгон немедей титиреп турду.

Ата-эне окуяга толук түшүндү. Зайракан басып барып молдонун бетине жаба түкүрдү.

– Т-ү-ү, тү бетиңе. Жүзү кара, уятсыз. Султанбектин тиштери кычырап, кош мурутун кайра-кайра сылап, калкая басып молдонун маңдайына келди. Анан керилип туруп жаактан ары коюп-коюп жиберди. Молдо колдун эпкини менен кетти. Ал кайра турайын дегенде кайра жыга койду. Улам башын көтөрүп жер таяна бергенде улам көмөлөтүп, шадылуу, барбайган күчтүү колдорун тынымсыз иштетип жатты. Султанбек колдору эле эмес, буттары менен бел-көчүктөн ылдый телкилеп жатып, ийлеп салды. Молдонун мурдунан кан түтүктөдү. Өөдө болууга дарманы келбей, Суланбектин аяк астында канатын жулган короздой тырпырап үстөмөнүнөн сулк жатты. Ал башы-көзүн калкалаган болуп «жан соога» сурайт. Качан гана колу-бутунун кычуусу канып, бүткөн боюнан кара тер кетип, жедеп чарчап бүткөн кезде Султанбек уруусун токтотуп, чекесинин терин колу менен сыдырды. Анан терезенин үстүндө турган чийилген аят жазган тумарды колуна алып, ошол замат тытып-тытып жерге тебеледи. «Кана, олуя, кусуруң болсо сорбойсуңбу, мени?» Андан кийин канга боёлуп, жерден башын көтөрө албай жаткан молдону желкеден алып, жылаңаяк, жылаңбаш, көйнөк-ыштанчан үйдөн сүйрөп чыкты…

Ушул окуядан кийин гана Султанбек өзүнүн чоң жаңылгандыгын билди. Ал мектептин мугалимдери

менен Зайнидиндин Толкунду доктурга алып барабыз деп кийлигишип, кайра-кайра келишип, кайра-кайра мектепке чакыртканын эстеди. «Ошолордун тили менен эле болсомчу. Эми аларга эмне деп жооп айтам. Шермende болгон мындан артык болобу. Эх, менин акылым, эч нерсеге түшүнбөгөн караңгылыгым». – Султанбек караңгыда, сарайга жөлөнгөн тепкичтин үстүндө, башын кашып, ушунтип ойго батып, санааркап олтурду. «Догдурга алып барбагыла, конокту соёт. Бекер таптаза кызыңарды майып кылып аласыңар», – деп өзүн жолдон чыгарган элди шатырата сөгүп жатты. Бир кезде алда немеге көңүл койгонсуп үн катпай, дем да тартпай жоошуй түштү. «Болуптур, арманыңыз калбасын Султаш аба, догдурду айтса жаа бою түйүлөсүз. Бир аз күнү кыргызча да дарылап көрүңүз. Бала сиздики. Кийин оозуңузду карманып, дарылоого кеч болуп калбаса эле болду!» деген Зайнидиндин сөзү азыр кулагына угулду…

Молдонун окуясы Султанбектин жүрөгүнө басылган тамга болду. Ал басса да, турса да, жатса да молдонун окуясын эстеп келип муруту сербее түшөт. «Ашка чычар акмактын өнөрүн кара». Экинчи молдо аттууну көрсөм, салам айтпаска тобо. Баламдан айланган доңуз. Ка-а-п, бекер кылган экенмин, белин бүктөп койсом сообу жетилмек», – Султанбек ушинтип өкүнөт.

Бул жөнүндө Зайнидинге да, башка мугалимдерге да, кошуна– колоңдоруна да эчтеме айткан жок. Ал эмес догдурга алып бара тургандыгы жөнүндө да бир кишиге сөз кылбады, жардам сурабады.

Эртең шаарга барыш үчүн Султанбек колдо болгон зарыл керектүү шаймандарды бүтүрүп коюп, анан жолго чыгышы керек.

Ушул майлуу-көө болгон жупуну кедей чарбанын иштемчил белдүү кишилеринин бири. Ал артель артель болуп уюшулгандан бери ушул колхоздо уста болуп иштейт. Эки өнөрдүн ээси. Темирге тил киргизсе, жыгачка жан киргизет.

Султанбек көңүлдөнсө «жыгачтан беш атар согот» деп сүйлөшөт айылдаштары. Айтор, дүкөндүн ичи-тышында бош жер жок. Алды толгон карагай, кайың. Үйүлгөн жыгач. Темир-терсек. Султанбек кол өнөрүн, бардык күчүн колхоз үчүн, эл үчүн үрөйт. Бул жерде эмгек дайыма кайнап турганы турган. Өнөр үйрөнүүгө дилгир жаштар устаканадан эртеден кечке үзүлбөйт. Алар Султанбектин жеңилин жерден, оорун колдон алышат. Ооба, алар даңкы таш жарган ушул устанын өлбөс өнөрүн үйрөнүүгө шашышат.

Айылдын аяк-башынан Султанбекке кадыр салып келгендерди айтпай эле коюңуз. Алар түбү тешилген чака, чайнегин, сынган казандарын түптөткөнү келишет. Кандай чарчап-чаалыгып, эс алууну эңсеп турса да Султанбек адамдын көңүлүн ооруткусу келбейт. Эби кеткендерди эптеп, жараксызын жамайт. Эмгекке бышкан анын алибеттүү денеси, чоюндай түйүлгөн чымыр булчуңдары чарчоону дегеле билбөөчүдөй.

Күндөкүдөн Султанбек бүгүн катуу иштеди. Анткени эртең бул жерде болбойт. Толкун экөө шаарга, догдурга барат. Мурда-кийин догдурга иши түшүп көрбөгөн ата көздөп барган жумушунун бир-эки саатта, же бир-эки күндө бүтөөрүн билген жок.

Кеч күүгүмдө дүкөнүнүн эшигин жаап, жаңы эле кулпу салып бекитейин деп жатса, кара жолдун чаңын ызгытып, бурулуш жерден жеңил машина чыга келди. Алды-артында чуру-чуу түшүп, машина менен тең жарышып, ээрчий чуркаган чыт курсак ойноок балдар менен куйругун чагарактатып, төрт аягын тең таштап жанталашып, абалап үргөн иттердин добушу мотордун үнүнө аралашып айыл ичин азан-казан түшүрдү.

Султанбек колундагы ачкычты бурар-бурмаксан болуп, бир паска токтой калды. «Каш карарганда кайдан келген полдомоч болуп кетти. Устакананы көргөнү, айыл чарба шаймандарынын ал-жайын байкаганы жүргөн

неме го», – деп оюн жыйынтыктаганча болбой, алиги машина көздөрүн барпыратып, дүкөнгө имериле берип тык токтоду.

Боюна жарашыктуу кынай тигилген офицердик сургулт гимнастеркасына түспөлдөш материалдан тигилген кара кезеректүү кепка кийген кырктардан ашып калган кара тору киши машинадан түштү.

– Салоомалейкум, – кулпудан ачкычты шарт сууруп алган Султанбек бейтааныш адамды көздөй утурлай басып, озунуп салам айтты.

– Валейкума салам, – тигил киши Султанбекке кош колун сунду. – Колхоздун устасы болсоңуз керек.

– Ооба, устамын. – Башын ийкеп сүйлөдү.

– Оо, ишим оң экен. Эмгиче кетип калды го деп ойлодум эле. Ырас болбодубу. «Баатырдын даңкын алыстан ук, жанына келсең бир киши» дегендей, сизди көргөнүмө кубанычтуумун. Кандай жумуш менен келгенимди билесизби? Кабарыңызды угуп, бир ишке кадыр салып келдим.

«Менин эмнем баатыр болуп кетти экен», – деп ойлоду Султанбек.

– Келгениңиз жакшы. Ошончолук эле колумдан келе турган иш болсо, – деп мукактанды.

– Колуңуздан келген үчүн келип олтурам. Ток этээр жерин айтканда мени «Алга» айыл чарба артелинин мүчөлөрү жиберишти.

– И-и, башкармасызбы? – Султанбек сынай тиктеди.

– Жок, мен анда эч ким деле эмесмин. Болгону ошол колхозго уполномоченмин. Башкармасы келет эле, ал жигиттин колу бошобой калды.

– А-а баса, ошондой дедим эле да... Командир экениңизди көрүп турам. Айта бериңиз.

– Алгалыктар айыл чарба шаймандарынан мүңкүрөп турат. Сизди эгин ташуучу чон-чоң арабаларды өзү жасай алат экен деп, эл дүң кылышат экен. Мүмкүн болсо жок

дегенде бир-эки араба жасап бизге да сый кылар деген үмүттөбүз.

Султанбек башындагы калпагын алып, желкесин кашыды.

– Мен да майда-барат бирдемеби десем... Араба жасап берсе деп келген турбайсызбы. Жок, жок, араба жасоо колумдан келсе да аткарып бере албасмын. Убада берүү кыйын. Ансыз да өз ишибиз өзүбүзгө мобул жерге чейин жетет (Султанбек колу менен кекиртегин кесе көрсөттү). Эртең-бүрсүгүндөн арпага орок салынат. Аштыктын четине орок тийди дегенче, бардыгы бышты дей бериңиз. Орокчуларга орок жетишпейт. Кызылды молоташ менен бастырбаса, ат менен арбыбайт. Караколдон кайта келгенден кийин жок эле дегенде эки молоташ жасаш керек. Башкарма мага ошентип айтты.

– Минтип чачыдыздан ишиңиз көп болуп жаткан болсо Караколго барбай эле койбойсузбу? – Чоочун жигит өкүм сүйлөдү. – Коммунист эмессизби?

– Ооба, коммунистмин. – Султанбек албырып кетти.

– Кыйыктанбаңыз, аксакал. Бардык адамдарга, бардык чарбага тең болуш керек да.

– Тең болгондо жалгыз жаның эмнеге жетет! Мен аларга эчак эле айткамын, эки киши жибергиле. Бирөөнү темирчиликке бирөөнү жыгаччылыкка үйрөтүп берейин деп. Эми минтип. Жок, жолдош полдомоч иним (Султанбек эшик алдында үйүлүп жаткан темир-терсектерге кол шилтеди), мына буларды көрүп турасызбы? Ушунун баары менин жумушум. Ырасын айтсам силерге чоло жок.

– Чолоңуз тийбесе айылчылабайт элеңиз го. (Тигил жигит тамашага чалып сүйлөдү.) Андан көрө кыйыктанып жатамын дебейсизби.

– Айылда атамдын башы бар дейсизби, иним, кызым оору. Ошонун айласынан догдурга алып барайын деп олтурам. Болбосо шаарда мага суутуп коюптурбу. Адамдын шартын билбей туруп, ашык сөз айтуу жарабайт, иним.

– Иним, иним эле дейсиз мени, деги өзүңүз канча жаштасыз?

– Кырк үчтөмүн.

– Мен сизди андан жашпы дедим эле. Менден бир жашча улуулук кылат экенсиз. Болбосо теңтуш эле экенбиз.

Султанбек унчукпай калды.

– Кичинеби кызыңыз?

– Он жетиде.

– Эмнеси ооруйт?

– Көзү.

– Э, кокуй десе, көз ooру да оорубу?! Мен тааныш догдурларга айтып жардам берейин. Алар тез эле сакайтышат. Эртең кызыңыз мени менен чогуу барсын. Өзүңүз ишиңизди иштей бериңиз.

Султанбек мурутун сылап, ойлонуп калды.

– Көз ooру да оорубу дейсиз да. Кудай пендем десе көз ooру бербесин. Адамдын эки чырагынан башка эмнеси бар. Бул көз ooру дегениң кыпын дарт экен го. Эгер тааныш догдурларыңыз болуп жардам кылсаңыз жакшы болор эле. Бирок мен сиздин суроонузду орундатпагандан кийин болбойт го, аксакал.

– Башкармаңыз макул болсочу? Анда да болбойбу?

– Оо, кокуй, өз иши бүтпөй жатса макул боло коёт дейсизби.

– Башкарманы мага эле коюңуз. Сүйлөштүк анда. Олтуруңуз машинага, үйүңүзгө түшүрүп коёлу.

Жигит Султанбекти үйүнө жеткирип келди.

– Сыягы, жалпы тил табыштык окшойт ээ, аксакал. Коркпоңуз, эмгек акыңызды төлөтүп берем.

– Эч кандай акынын кереги жок. Кызыма жардам берсеңиз эле болгону... Жигит Султанбек менен кол алышып коштошту.

Иштин жагдайын уккан Зайракан Султанбекке кобурады.

– «Чоңдон чоң аягыңды аяба» – дейт, абышка. Ал жигит менен таанышканың ажеп болуптур. Толкунума аркасы тийип калар. Догдурлар булардын айтканын укпай коёт дейсиңби. «Айыгар оорунун дарысы өзү табылат» дегендей, кудай айдап келип калганын көр. Олда Султаш ай, ушул колуңдан келип турган ишке кыйыктанбачы. Ал деле колхоз, бул деле колхоз. Экөөнүн айырмасы кайсы. Сага кадыр-колко кылбай эле жаса деп күчкө салса, жасабаска чараң бар беле, өз ишинен бетер өкмөттүн иши үчүн чапкылап жүргөнүн көрсөң бечаранын…

– Ай, айырмасы кайсы дейсиң да, түшүнбөй. Айырмасы мен өз колхозумдун мүчөсүмүн. Ошон үчүн өз колхозум, өз элим үчүн иштешим керек да, же көрүнгөн чарба чакырса эле басып кете берейинби. Жо-о-ок, андай болбойт Закен байбиче…

Устаканада көмүрдүн азайып калганын билген Султанбектин санаасы тынчыбады. Анда иштеп жаткан балдарды көмүр өчүрүүгө жибергенде, устакана жабылып калат. Эмне кылыш керек? Же «түн бакырдыкы» деп өзү барып келеби? Ошентип, Султанбек ары ойлонуп, бери ойлонуп олтуруп, акыры бир тук этип алып көмүргө өзү жөнөп кетти. Көптөн бери көмүр ташып жүрүп ашмалтай болгон көк чолок, кулагын бош таштап, аягын салмактуу иштеп, басар-басмаксан. «Арам өлгүр чу, чу». Султанбек эки буту менен атын өпкөгө нукуп, кайта-кайта теминет. Табылгы саптуу, жумуру кайыштан тилип жасаган сокмоктуу шапалагын үйрө кармап соорuга басып-басып алат. Эти ачынган көк чолок ээсинин өкүмүнө аргасыз көнгөнсүп, жорго басыгын салат.

Таң жээк салган кезде алгууган кургак чегедектердин үймөгү улуу күйүп жатты. Оттун табынан эки бети манаттай албырган Султанбек таңдын эресересин маашырлуу карап үнсүз, көк туланын үстүндө жамбаштап жатат. Анын көз алдында оорудан тотуккан, кийим-кечеси жупуну Толкуну турган эле. Айылдагы майда жашын жашап,

бой жетип калган кыздардын сөлөкөтү биринен сала бири келип. Толкундун жанына тура калып, кайра жок болот. Султанбек кыялында кыздарды сынап жаткан болучу. Маралдай болуп маңкайган, ак мандайынан келген сулуусу да, келбеттүүсү да өз кызы эле. Ал кудум таңдагы чыккан Чолпон жылдыз окшоп нурланып, албырып турду. А берки кыздар болсо кунары жок топ жылдыздай анда-санда күңүрт жылт этип, кайра жок болуп жаткансыйт. Атанын ою кандай гана болбосун ушул сүйкүмдүү кызына тукаба таап, келишкен кемсел тиктирип берүү жөнүндө чабыттап кетти.

Азыр эле айлананы сүттөй жарык нурга бөлөп, соймоңдогон оттун жалыны басаңдай түшкөнүн байкаган Султанбек ордунан ыргып турду. Четинден жаңы кесип жасаган узун көсөө коломтодо ойной баштады. Күйүп бүткөн кыпкызыл көмүрлөр улам бир жагына шиленип, муздак суунун илеби тийгенде күл менен түтүн аралаш чаң ызгыган ысык буу ачык асманга атыла түшүп бир заматта жок болот...

Күндүн мурду жер бетине тегиз чачырап калган кезде желе-жорто бастырган Султанбек экөө тең көмүр жүктөнүп айылга кирип келди. Башкарманын үйүнөн өтө бергенде арт жагынан үн угулду.

– Султаш аба, уктуңузбу теңтушуңуздун сөзүн?

Атчан тизгинин жыя кармады.

– Салоомалейкум. Өтө эле эрте чыккансыз го жортуулга.

Саламга алик алган Султанбек күлүп койду. Башкарма ыраазы болгондой, артында келаткан жигитке кылчая карап, сыймыктуу жылмайды.

– Көрдүңүзбү, Султаш абам камкор, аябаган сарамжалдуу киши. Колхоздун багына жаралып калган адам да.

– Өнөрүңүздөн сатпасаңыз болбойт, аксакал. – Бейтааныш жигит жагалданды. – Атаганат, «өнөрү бар өлбөйт» деген ушул да. Да-а.

– Туура айтасыз, иним, ушул кесибимдин аркасы менен кадыр-баркка ээ болуп, казаным бөксөрбөй келатпайымбы. Өнөрдү сатууга болбойт, иним. Бирок өнөрүмдү үйрөнөм дегендер болсо аянбайм.

– Ушул асыл сөзүңүз үчүн колуңузду бериңизчи...

– Султаш аба, бул иниңиз сизге төркүлөп келиптир го.

Жигит каткырып күлдү.

– Сакал-мурутун кырдырган кишинин баары эле кичүү боло береби? – Өз ээгин сыйпады. – Эгер экөөбүз сакал-мурутту тим койчу болсок ээгибиз эле эмес, бетибиздин баары сакал болмок. Султаш экөөбүз теңтуш экенбиз. Муну билип кой, дос.

– Анда теңтушуң менен өзүң эле сүйлөшпөйсүңбү, мени ортого салып эмне кыласың.

– Мал ээси машаяк дегендей, сен эл атасы эмессиңби. Сенден кеңчилик болбой туруп...

– Султаш аба, уктуңузбу теңтушуңуздун сөзүн?

– Билем. Эгер сизден кеңчилик болсо мейли. Күнүмдүк оокат үчүн күчүмдү үрөп, теримди шыпырып жүргөндө кайда элем. Эми минтип иштеген ишимди силер өңдөнгөн инилериме кадыр-колко кылып олтурам. Алкубаттан тайганча кандай жүк көтөртсөңөр көтөрүп берейин. Иши кылып эмгегимди эл баалап, силер билсеңер болду. Айта турган бир сөз жанакы түгөнгөн темир-терсек деген неме жетишпей мүңкүрөтөт экен. Бирок арабага көбүнчө жыгач материалдар керек. Анан алдуу-күчтүү, колунда жөндөмү бар эки жигит жибергиле.

– Материалдан кам санабаңыз. Аларсыз болобу. Кишини болсо жиберебиз. Мага сиздин оозуңуздан макул деген гана бир ооз сөздү угуу болучу. Рахмат. Он эки аякка бир кары дейт. Убада-убада. Кызыңызды ала кетип, докторго өзүм көрсөтөм. Мен бир аздан кийин барам. Кийим-кечесин кийип, камынып турсун.

«Кийинип турсун» деген сөздү укканда атанын жүрөгүн бир нерсе сайып алгандай болду: – Э кокуй, кызы-

нын айыл-апа, эки жакка чыкканда жаркыратып бирин чечип, бирин кийе турган аттуу-баштуу кайсы кийими бар эле, – ата астыңкы эрдин тиштеди.

Ушундай санаалардан кийин үйүнө сабыры суз болуп келген Султанбек мамыга атын байлап жатып, огород жактан келаткан кызын көрүп күлүп жиберди. Зайракандын эпчилдигине кубанганынан жүрөгү жарылып кете жаздады. Атаганат десеңиз, «катын жакшы эр жакшы» деген ушул. Боюна чыпыйып жарашыктуу олтурган Толкундун кийимин көргөндө жанатан берки көөдөнүн таштай өйүгөн бушайманы күндүн табына койгон муздай эриди да кетти. Атанын көзүнө жуунуп-тарангандан кийин ошондой учурадыбы, айтор, айдалыга төгүлүп, мөлтүрөтө майда өрүлгөн капкара узун чачы, башына кийген саймалуу баркут топу тим эле Толкундун ажарын ачып, куштай кылып салыптыр. Көзүнө кийген алкактуу кара айнек ак жүзүнө жарашып өзгөчө көрктүү. Султанбек Толкундун бой тартып калганын ошондо гана байкагандай, аны алда кимден кызгангандай боло түштү. Зайракан бул кийимдерди Толкундун окуусун бүтүрүүчү кечеге кийет деп даярдаган. Бирок балакеттүү оорунун кесепетинен экзаменге да, кечеге да катышпай үйдө олтуруп калды.

Опурап-топурап, ата-энеси менен бир туугандарынын узатуусунда келаткан кыздын көрүнүшү машинада олтургандарга булуттан чыккан күндөй болуп көрүндү. Алар, балким, Султанбектин ушундай сулуу кызы бар деп ойлоруна да келбеген чыгар. Толкунду кирпик ирмебей чекчее тиктеп калган инисин байкаган жигит, аны капталга нукуду.

– Ай, Самат, көрдүңбү тигини. Бах, перидей кыз экен ээ. Агасынын сөзүнөн мурда эле, эки көзү кыздан өтүп бараткан жигит тамылжый түшүп, шилекейин жутту…

Машина айылдан алыстай берди. Уполномочен менен Зайракан бири-биринен жай сурашып келатты. А Са-

мат болсо бет алдындагы кичинекей айнектен Толкунду тойбой тиктөө менен убара. Жүрөгү машинанын мотору менен үн алышып жаткансып тарсылдайт.

– Зайракан эже, – деди артына бурула берип сүйлөгөн жигит, – сураша келсе карын бөлө чыгат деген ушул да ээ. Сиз маган таеже болуп калдыңыз го. Аныңыз чын болсо кичине таежем экөөңүздөр биздикине барып, эшик-төрдү көрүп, чай-пай ичип олтуруп тургула. Жээн келиниңиз менен Толкундун таанышып алганы түзүк болор. Ооруканада жаткан кишиге да келип-кетээр жакын адамдардын болгону жакшы. Кандай дейсиз?

– Туура, айланайын. Бирок жол-жобосуз эле мурункийин барбаган үйгө качырып кирип барганыбыз уят болор. Аманчылык болсо, Толкунум аман-эсен айыгып чыкканда баралы. Таанышып калдык, келиш-кетиш качпас.

– Жок, жок таеже, анда болбой калат. Касым жээниңиз айткандан кийин бардыгы орундалыш керек. Сатуулашкандай биз соодагер белек. Толкунтайдын айыгып чыккандагы жолу бир башка. Үйгө өзүбүз чыгарып келип, бир-эки кондуруп, башын куттуктап көйнөк-кече кийгизип туруп машина менен жеткирип коёбуз.

Зайракандын көжөлгөнүнө болбой жатып, Касым энелүү-баланы үйүнө алып барып түшүрдү. Тикенектей болгон кичинекей сары аялды Касым – келиниңиз ушул деп тааныштырды. Бирок ал Зайракан менен Толкундун келгенин анчалык жактырбаганы кабагынан билинип турду. Ары жакта отундун үстүндө жайылып турган бир келки таарды бир аз күбүгөн болду да, эшиктин алдын көздөй ыргытты.

– Бутуңду тазараак сүртүп кирчи, бай болгур. Үйлөрдү жаңы эле жууп чыктым эле. Суусу да жакшы тоборсуй элек.

Аялдын сөзү Касымга карата айтылганы менен жаңы келгендерди таяк менен башка ургандай болду. Алар

турган орундарында катты. Толкун энесине «кетип калалычы» деп шыбырады. Аялына алая караган Касым эшик ачып тигилердин үйгө кирүүсүн өтүндү.

Зайракан менен Толкунга эшик менен төрдүн ортосу ат чабымдай көрүндү. Алар ыңгайсыз абалда калды.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин меймандардын үстүнө Касымдын аялы анткор күлүп, кобурап кирди. «Тааныбасты сыйлабас» деген ушул. Кечирип коюңуздар. – Меймандар үн каткан жок.

Зайракан өз ичинде аялдын мүнөзүн, кебете-кешпирин жактырбай олтурду. «Кайран жигит, жарың жарашпай калган экен», деп ойлоду. Бирок Касымдын түпкүрдөгү боор толгоосун ал такыр түшүнгөн жок. Касым менен кошо эки ортодо энелүү-кызга көбүрөөк көңүл бөлүп, таманынан чаң чыгып чуркап жүргөн алиги шофер жигит Самат.

Толкун ошол эле күнү түштөн кийин ооруканага кабыл алынды. Ушул чакан имарат республикадагы жаңыдан баш көтөрүп келаткан көрүнүктүү ооруканалардын бири болучу. Азыркыга караганда койкалардын саны жүз эмес, миң эсеге аз. Адистиги боюнча тейлөөчү медициналык персоналдар жетишсиз. Ал эми врачтардын саны андан бетер саналуу. Оорулардын түрүнө карабай, бардыгын бир гана врач кабыл алып, бир гана врач тейлөөгө да, дарылоого да жетишет. Толкунду ушул кичинекей чакан коллектив өз кучагына алды. Кимиси эле болбосун кызды мээримдүү көз учкунун төгүп эркелете тиктешет. Алар Толкунга түшүнүксүз сөздөр менен жагымдуу жылмайышып, маңдайынан сылашат.

Кыз ооруканага жаткандын эртеси түшкү тамактан кийин бир жаш келин келип, аны менен жандап сүйлөштү. Кыздын чачын көрсөтүп бирдеме деп булдурагандыктан, чачымды кыркканы жатышкан экен деп үрөйү учуп кетти. Толкун башын чайкап, чачын карматпай койду. Аял качан гана халатынын чөнтөгүндөгү тарагын алып

чыгып, өз чачын тарап көрсөткөндө, Толкун түшүндүм дегендей уялганынан күлүп жиберди.

Баякы элдин өөдө-ылдый сүйлөгөнү жалган болуп чыкты. Толкундун көзүнө эч кандай операция болбой эле, дарылоонун алгачкы курсу кабыл алына баштады. Эчен ай, эчен күн көз оорудан жапа чеккен кыз, тез эле сакая баштады. Оорусу жакшы болуп, көңүлү тына баштагандан бери анын сулуу жүзү ого бетер нурланып, чырайына чыга берди.

Ат тезегин кургатпай көп келе бергендиктенби, айтор, Касымдын үй-бүлөсүнө кыз үйүр ала баштады.

Самат Толкун менен бул келишинде көпкө сүйлөшкөн жок. Ал бар болгону жеңеси экөө Толкундун кыштагына барганын, Султанбек менен Зайраканга кезигишкенин, алардын кызына айткан салам дубасын айтты. Анан үйүнөн берип жиберген тамак-ашын тапшырды да, кечинде келип кетээрин айтып, жабышып турган терезеден түшүп кетмекчи болуп жатканда Толкун аны карап күлүп койду.

– Самат аба, убара болуп келбей эле коюңуз, – деди Толкун.

– Эмнеге убара. – Жигит көзүн кысып, кашын серпип сүйлөдү. Анан ал оозун чурмуйтуп, кандайдыр жагымсыз белги менен өз алаканын өпкөн болду да, жок болду. Ал секирип түштү окшойт. Адамдын дүп деген дабышы угулуп калды.

Толкун ордунан туруп терезеге барды. Саматтын жанакы кылыгына таңданган кыз жигиттин карааны үзүлгөнчө, анын артынан дем албай ойлуу карап селейип турду. Жаш жүрөгү жипкирип, көңүлү кирдеди. Бир заматта Саматка ичи таштай муздады. Анын көз кысып, каш серпип ыржайып күлгөнү, оозун чурчуйтуп өз колун өзү өөп берген жагымсыз белгиси айнектин ары жагында дагы эле ошентип тургансып көз алдынан кетпей койду. «Жинди киши окшойт», – деди кроватына отуруп жаткан Толкун камыгып.

Эне-атасы берип жиберген тамак-аштарын алып, тумбочкасына салып жатып, алардын арасынан тумарчасынан бүктөлгөн катка көзү чалдыкты. Конвертти шашып-бушуп ача баштады. Жүрөгү дикилдеп чыкты. Кыздын кареги кагазга кадалды. Өзүнө тааныш эмес башка кол, башка жазуу. Кызык, муну ким жазды болду экен. Кагаздын баш жагындагы чоң-чоң тамгалар менен коолдолуп жазылган «Сүйгөнүм Толкунга» деген сөздү окууру менен бүткөн боюн майда калтырак басты. Анан ал шашкалактап, каттын аягына көз чаптырды. Өзүнүн көптөн бери ойгонсо оюнан, уктаса түшүнөн кетпеген бирөөнүн атын издеп таппай калды. Учкул кыял, жакшы үмүтүн жек көрүү сезими басып кетти. «Сүйгөнүм» деп таамай айтылган мындай касиеттүү сөздү ал ушул күнгө чейин Абастан башка эч кимден уга элек болучу. Толкун өз оюнда бул касиетүү ыйык сөздү андан башка жан киши айталбачудай ойлогон. Анан калса Абастан алган каттар сүйкүмдүү да, уккулуктуу да, жүрөгүнө жакын да болучу. Ал эми бул катчы? Кыз колуна күнөөнүн эң чоңун, болгондо да эң эле жаманын кармап тургансып, корkконунан жаздыгынын астынаката койду. Анан бул айыптуу катты эч ким көрбөдү бекен дегенсип, эки жагын элеңдей карады. Кыз бир заматта айсыз караңгыда чытырман токойду аралап жалгыз баратып, алды жагынан ач карышкырдын улуган коркунучтуу үнүн уккан жолоочудан бетер, өңү жууган чүпүрөктөй кубара түштү.

Жамачылуу, таптаза, эски суу жоолуктун үстүндө жаткан тооктун эти менен майга бышкан нандарды колуна алды да, кат жаткан жаздыгын чочулай карап койду. Аны кимдир бирөө келип сууруп алуучудай туюлду. Элдин баары ал катты ким жазганын, эмне деп жазганын эчак эле билип алгандай көрүндү. Жүрөгүн өйүгөн ушул жаман кат анын эсинен такыр чыкпай койду. Колундагы тооктун санын шашып жеп, колун суу жоолукка сүрттү. Кыз чымырканып, катты колуна алды.

Кагаз кыздын колунда титиреп турду. Баракка толтура жазылган сөз, тартылган сүрөт, сап-сап болгон ыр саптарын көрдү. Укмуштуу сүрөт. Кадим эле кишинин жүрөгү. Бирок анда эмне үчүндүр үстү жагынан да, бир жак капталынан да толтосуна чейин терең баткан курч шамшарлар сайылып турат. Толкун жүрөктөн сызылып агып жаткан кара-кочкул канды да көрдү. Айтор, муну тарткан сүрөтчү жүрөктүн айласын таза кетириптир. Баятан бери жаралуу жүрөккө таңдана карап турган кыз «Акмак, менин жүрөгүм сен үчүн ушунтип жараланып жатат» дегени болсо керек, деп ойлоду. Катты кандай окуп чыкканын да сезбей калды.

Кыздын тынч жүрөгүнө ушунтип дүрбөлөң түштү. Башы тумандап, жүрөгү титиреди. Саматтын күтүлбөгөн катына заарkануу менен телмирди. Булар үй ичи менен ушун үчүн жанталашып чуркап жүрүшкөн турбайбы деп ойлоду...

Ал өзүнүн мектепте окуп жүргөн кезин эстеди. Ата-энелердин жыйналышында Толкун биринчи жолу сахнага чыккан. Анда Абас өз колу менен жазып берип, өзү үйрөткөн декломацияны айттырды. Айтор, ал өзүнөн жогорку класста окугандыгынанбы, же улуулугунанбы, иши кылып Толкундун көзүнө бой жеткен салабаттуу уландардай эң эле сүрдүү сезилүүчү. Аны көргөндө жалтанып кетүүчү. Жигиттин жүргөн-турганы, сүйлөгөн сөзү, күлгөн күлкүсү, бардыгы тең өзүнө жарашып туруучу. Толкундун түшүнүгү боюнча Абасчылап эч бир улан куюлуштуруп кулакка жагымдуу, жүрөккө жеткире сөз таап айталбачудай, эч бирөө антип ырдай албастай көрүнөр эле. Ошондой артыкчылыгынан ал мектептеги комсомол уюмунун секретары, өздүк көркөм чыгармачылык кружогунун жетекчиси болуп шайлангандай ойлоочу. Жигит эч кимге билгизбей, жан кишиге байкатпай көшөгөнүн тигил жагынан же бул жагынан Толкунду ар дайым сыртынан акмалап карап турганын

ойноо секелек билүүчү эмес. Бирок эмне үчүндүр өзү да Абасты көңүлүндө издеп, жалт карай салганда экөөнүн көзү бири-бирине чагылыша түшчү. Толкун уялганынан көзүн ылдам тартып алып, башка жакка карап кетүүчү. Өзүнүн толкундоосун билгизбөөгө аракет кылып, көзүн андан ала качканы менен, эмне үчүндур кареги – аны унуткарып туруп кайра баштан эле Абасты издей берүүчү. Толкун өзүндөгү бул жашыруун сырды, касиеттүү кубулушту Абастын улуулугун сыйлаганымдан ушундай болсо керек деп ойлоочу.

Качан тана Абас онунчу классты бүтүп, мектеп менен коштошуп жатканда кыздын ичи оттой жанып, көңүлү эңшерилди. Ал эмес ыйлагысы да келген. Ошондо өзү менен он жылдыкты бирге бүткөн кыздар менен Абастын чогуу басып баратып, көңүлдүү сүйлөшүп, каткырып күлгөндөрүн көрүп, биринчи жолу кызганган.

Абас райком комсомолдун чакыруусу боюнча, ошол аппаратта иштеп калды. Бирок ал мектеп менен байланышын үзгөн жок. Келгенде Толкунду издеп жүрүп кезигүүчү.

Толкун Абастан биринчи жолу кат алганын ар дайым салтанаттуу түрдө эскерет. Бирок эмне үчүндур жооп берүү ага тозоктой көрүндү. Эмне деп уялбай жооп жазат. Сен сүйсөң мен да сүйөм деп кантип айтат. Эчен жолу кат жазып, кайра тытты.

Бир күнү кечинде мектептен үйүн көздөй келатып, теректин далдаасында турган Абасты байкабай өтүп кетти. Жанында Канатбек бар болучу. Булар өтө бергенде «Толкун!» деген үн артынан чыкты. Кыз Абас экенин таанып, токтой калды. Канатбек эжесин кучактай берип, ыктала түштү. Абас Канатбекти колдон алды.

– Кайда баратасыңар?

– Үйгө.

– Коркосуңар го, мен жеткирип коёюн, макулбу, Канат?

Канатбек көздөрү коюлуп, жүзү албырып Абастан сүрдөнүп турган эжесине карады.

– Мейли, эжеке?!

– Мен эжеңден эмес, сенден сурап жатам.

– Биздикине барасызбы?

– Сен чакырсаң барам.

– Барыңыз. Атам да, энем да үйдө. – Абас Канатбекти имере кучактады.

– Мындан ары экөөбүз дос болуп жүрөлү– Төш чөнтөгүнөн башына кыпчыгычтуу темир кийгизилген сыя карандашты алып балага сунду. – Ме, жоготпой алып жүр. – Бала алтын таап алгандай кудуңдады. Жигит Канатбек менен сүйлөшүп жатканы менен анын махаббаттуу өткүр көзү Толкунга кайра-кайра жалжылдайт. Каректерден атылып чыккан ушул учкун Толкунду жүрөккө уруп тургандай болду. Жүрөгү көөдөнүнө батпай алып учат.

– Киши келатат окшойт, биз кетели, – кыз жазгактай түштү.

Биз эмне, ууру кылып жаттык беле. Келе берсин. Мен өзүм узатып коём силерди.

– Биздикине барам дебедиби, Абас абам. Мейли, барсын, эжеке.

Толкун инисин акырын капталга нукуп койду. Абас аны байкады.

– Тамаша кылам, Канат. Силердикине башка убакта барайын, макулбу? Мен жөн эле силерди үйүңөргө чейин жеткирип коёюн деп жатам.

– Жүрүңүз.

Үчөө катар басышты. Абас сөздү эмнеден баштаарын билбей бир оокумга чейин унчукпай келатып, минтти:

– Толкунтай, сен орто мектепти бүтүрүп, уядан учуунун алдында турасын. Бой жетип адам катарына кошулат деген ушул. Мен бул бактылуу күндү качантан бери күтүп жүргөнүмдү билесиңби. А мен болсом жамандыр-жакшыдыр иштеп жатам. Менимче, экөөбүз тең кичине эмеспиз

го деп ойлойм. Колтуктап басууга мүмкүнбү? – Абас кызды чочутуп албайын дегенсип, колтуктан аста алды.

– Сүйүүнүн алгачкы жытынан сүрдөнүп турган кыз эмне деп айтаарын билбей термеле түштү. Ал инисинен чочулагансып, артына кылчая карады. Канатбек карандаш менен убараланып басар-басмактан болуп тээ артта келатыптыр. Каттын жообун создуктуруп жибердиң го, жаным? Кыз жооп айтпаган калыбында Абастын колун колтугунан акырын тартып бошотту.

– Биз жеттик. Сизге рахмат. Кокустан үйдөн атамдар чыгып калбасын, кош болуңуз.

Абас бирдеме дейин дегенче болбой Толкун жүгүрө басып короого кирип кетти. А жигит болсо аңкайып дарбаза алдында кала берди.

Энеси куюп берген чай Толкундун жүрөгүнө баспай алаптайт. Анын кулагына Абастын дабышы чыгып жаткансыйт, өзүн чакыргансыган жигиттин үнү угулат. Экинчи куюлган чынысын ошол бойдон калтырып ордунан турду. Терезенин түбүнөн бирдеме издемиш болуп, эшикке кез чаптырды. Коюуланып бараткан караңгылыктын арасынан Абасты издеди. Бирок кыздын көзү жакын арадан эч кимдин караанын чалдыктыра албады. Жүрөк кандары дирилдеп, көңүлү сөнө түштү. Кетип калган турбайбы деп ойлоду. Толкун Абастын буйткалуу жерде өзүн издеп, кылчактап турганын билген жок...

Ушул мезгилде Толкун ооруп, эки-жакка чыга албай үйдө олтуруп калды. Эки көзүнө конок конуп, айылдагы эмчи-домчу кемпирлерге үйлөтүп, учпай жатты.

– Толкун ооруган күндөн бери эжесине почточулуктун милдетин аткара баштаган Канатбек Абастан дагы кат алып келди. Айтор, бул күндөрдө Толкун менен Канатбектин ортосунда бир туугандык сүйүүдөн башка бекем достук, жашыруун байланыш түзүлө баштады.

– Эжеке! – деди өспүрүм энеси эшикке чыгып кеткенден кийин, кыздын жанына чуркап келип, шыбырай

сүйлөп, – Абас абам сени көргөнү келем деди. Мейлиби? Ал бир жакка кетип жатыптыр. Мага ошентип айтты. Бир жылда келем дейт. Ойи-ий, бир жыл эң эле көп күн болот ээ, эжеке.

Толкун инисинин маңдайынан сылады.

– Энем үйдө дебейсиңби?

– Жумушка кетет да.

– Болуптур анда. Сен ошентип айт. Энем жокто келгин де, макулбу?

Зайракан үйдөн чыгып узар-узабастан эле Канатбек короодон атылып чыкты. Бир аздан кийин ал Абасты үйгө баштап кирди.

Толкун өз көңүлүндө, өз жүрөгүндө Абасты канчалык жанына жакын, канчалык жакшы көрөрүн билсе да эмне үчүндүр ачылган жок. «Сени сүйөм, сага турмушка чыгууга макулмун», – деп ачык убада берүү Толкун үчүн кыяматтай оор, аябаган уяттуу иш сыяктуу көрүндү. Бирок, оюндагысын айтты.

– Обол мурун ден соолугум жакшы болсун. Окуумду бүтүрөйүн. Сиз келгенче жүрөгүм менен сүйлөшүп, кабыргам менен кеңешип, берер жообумду белендеп турайын деген. Абас Толкундан ушуну эле күтүп тургансып, кыздын колун кыса кармады. «Болуптур, ийгиликтин эрте-кечи болмок беле, Толкунтай. Мен келгенче жакшы болуп сакайып кетсең болду. Менин тагдырдан сураган биринчи тилегим ошол».

– Окушум да керек.

– Ананчы. Бул ар бир жаштын алдында турган биринчи озуйпа. Окубай калат экенмин деп эч бир кабатыр болбо.

Толкундун жанында, төшөктүн үстүндө жаткан ак жибек, сайма бет аарчыны Абас колуна алды. «Мага белек кылчы, Толкун ушуну». Кыз тынчсызданды. Жигиттин колунан жулуп алалбады. «Көзүмдү сүрткөн неме. Таза эмес», – деди Толкун кыйылып. «...Мейли. Ылайым

сенин көз ооруң мага ооп кетер күнү кайда. Эгер бирөө Толкундун ден соолугу үчүн, өзүңдү бер Абас, десе жок дебес элем... Түшүндүңбү ушуну?»

Булар ушунтип жатканда Канатбек шашып чуркап кирди.

– Эжеке, атам менен Камчыбек келатат окшойт, көчөнүн баш жагында.

Абас ордунан козголду. Ал Толкундун тал-тал болуп майда өрүлгөн узун чачын колуна жыйнай кармап, шуу-шуу жыттады...

Бул бактылуу минута Толкундун эсинен эч качан кетпейт. Аны эч ким менен алмаштырбайт да, эч кимге теңебейт. Абас келгенде берер жообун, айтар сөзүн эчак камдап койгон. Кыздын учкаяк таттуу кыялы асманга сермелди.

Анан ал Саматтын жазган барагын узунунан бир нече болуп айрып туруп, кайра аны туурасынан ылдам майдалап, кенедейден тытып кирди. Ошол учурда терезе тырс дегендей болду. Толкун башын жулуп алды. Айнектин ары жагында турган Саматты көргөндө чала бакырып, оозун баса калды. Уялганынанбы же коркконунанбы, айтор, эки бети чоктой жанды. Самат сөөмөйүн кезеди. Ал менин катымды неге тыттың дегендей белги берди. Толкун ага экинчи караган жок. А терезе болсо тынымсыз урула берди...

Саматтын оңой менен кете койбосун билген кыз өз палатасынан чыгып, башка палатага кирип олтурду. Муну көргөн жигит няняларды кайра-кайра киргизип, Толкунду чакыртып туруп алды.

Боюна жуубаган эби-сыны жок чоң халаттын эки өңүрүн кабаттай кымтыланып аргасы кеткен Толкун эшиктин алдына чыкты.

Чачын жаны алдырып, сакал-мурутун кырдырып, үстүнө жарашыктуу жаңы костюм, бутуна жылтылдаган кара өтүк кийип, атырдан өлө себинген Самат Толкунду жаркын мүнөз, жайдары күлкү менен тосуп алды.

– Эмнеге мынчалык чочуладың менден? Жүрү, тигил жерге барып кичине сүйлөшүп олтуралы. – Самат кызды каруудан алып, бактын көлөкөсү түшкөн скамейкалардын бирин көздөй жетеледи. –

– Катты окудуңбу?

Кыз кабагын карыш салып мелтиреди.

– Менин оюма түшүндүңбү?

Толкун манжаларын кайра-кайра кырсылдатып үнсүз. Башы уламдан-улам алдын карай салаңдап баратты.

– Балалык кылбагын. Жакшылап ойлон. Эгерде менин тилегимди кабыл алсаң, кандай киши болоруңду билесиңби. Дүнүйө деген экөөбүзгө жетишет. Ата-бабаң өмүрүндө көрбөгөн асылдарды кийгизип, апаң бербеген тамактарды жедирем. Касымды болсо өзүң көрдүң. Көл өрөөнү гана эмес республика анын ысмын билет. Кыргыздын бир жагын солкулдатып турган ошол менин бир тууган агам. Нике кайып буйруп, багыбыз бакташ, таалайыбыз танапташ болуп калса ата-энең буга сүйүнөт. Мындай өкмөт жерден сөөк күтүү, албетте, оңой эмес да.

Сөз ушул жерге келгенде шылкыйып олтурган Толкун жигитти жутуп жиберүүчүдөй жаман көзү менен бакырая бир карап алып, ордунан улактай секирип турду. Самат аны колдон алды. Ал кыздын нааразылыкты билдирип, жийиркене караган акылдуу кара көзүнө тигилди. Саматтын жүрөгү чалмадагы азоодой туйлады. Толкундун бөйтөйгөн кичинекей толмоч эрдине, ак гүлдөй үлбүрөгөн кебетесине, айтор, анын жаратылышта сейрек учуроочу сулуулугуна тойбогон жигиттин ач көздөрү ойноктоп, оттой күйүп турду.

– Мен сени сүйөм. Сүйүү оюнчук эмес, Толкунтай. Көп менин жүрөгүмдү эзбечи, көгүчкөнүм. – Кыздын алсыз манжаларын жигиттин күчтүү колдору сай сөөгүн сыздатып баратты.

– Колум ооруп кетти, коё бериңиз. Мен Сизден мындай сөздү угам деп ойлогон эмесмин. Уялбай ушунтип

айтуу кантип оозуңузга барды. И-и-й колум! Жаман киши экенсиз. Догдурга айтам азыр. – Кыз терс бурулуп, сол колу менен көз жашын сүрттү. – Уятыңыз жок экен. Коё бериңиз.

– Т-ү, чын эле ыйлап жатасыңбы. – Самат Толкундун колун коё берип эки каруудан алды. – Тилдесең да, урсаң да көтөрөм. Айтчы, мага турмушка чыгасыңбы? – Кызды өзүнө тартты. – Кана, качан жооп алайын? Же сүйгөндүгүмө ишенбей турасыңбы. Жүрөгүмдү тыңшап көрчү. Толкун! Толкун! Мен сени сүйөм деп дүпүлдөп жан алакетке түшүп булкунуп жатат. Ушундай жүрөктү кантип ыйлатасың?

Толкун чыйрала түштү.

– Кетиңиз азыр. Коё бериңиз мени кармабай. Айтып коёюн экинчи көзүмө көрүнүүчү болбоңуз. Мени алдоого көнөт деп турсаңыз керек. Жок, эч качан. Берген жообум ушул. Түшүндүңүзбү?

Кыз бошой түшкөндө жигитти көкүрөккө түртүп жиберип, артына бурулуп чымын-куюн болуп чуркап жөнөдү.

Толкундан үмүтү үзүлө түшкөн Самат үйүнө шалпысы бош, жылдызы өчүп келди. Кайнисине Ракыйма а дедирбей эле какылдай баштады.

– Сүйлөштүңбү? Эмне деди?

– Эчтеке чыгуучудай эмес. Ал дүнүйө менен турмуштун эмне экенин түшүнө элек секелек бойдон экен. Сөзүмдү оңойлук менен угар эмес. Тим эле эликтин чаарчыгындай секирет.

– Э кокуй, адегенде эле кыздар тием деп айтмак беле. – Анан Ракыйма Саматты таңдана тиктеди. – Кудая тобо, сага таң калып олтурам. Толкун эмес токтолуп калган катындарды чүкөдөй калчачу элең. Буга калганда бошогон экенсиң, кайним. Агаңа кыз болбой жатат деп айтпайлы. Макулдашпай туруп, кыздын жанына жакын жолобо деген сөзү эсиңдеби? Эсиңде. Өзүң жакшылап

сүйлөш, көндүрүүгө аракет кыл дегенби? Деген. Кызды агаң жактырабы? Жактырат. Эмесе, мени жакшылап угуп тур. «Кудай уктап жатканда, шайтан эмнелерди кылбайт» дегендей, биз эми бардык ишти Касымга билгизбей туруп, жашыруун иштешибиз керек. Ага макул болду деп бир ооз айтып коёлу. Кийин кыз үйгө келгенде бирдеме деп чатак чыгара турган болсо, мурда макул деп коюп, чын-чынына келгенде кайра ушунтип айнып жатат деп айтпай жаныбыз жокпу. Башына жоолук түшкөндөн кийин туйлап-туйлап тим болор. Кыздын баары эле адегенде ошентип ыйлайт, анан көнөт. Ал ургаачынын башынан берки адаты, садагасы.

Колуңдан келсе ооруканадан чыкканда эле, ушул жерден алдап-соолап туруп ала качып ал. Айылдагылар кызды бүтүндөй мактап жатышат. Ата-энесинин колунда жоксуздугу болбосо, алар да жаман кишилер көрүнбөйт. Аттанып түшөрүңө төркүн-төсү колунда бардар, ага-туугандуу, жээк-жергелүү жер болсо жаман болмок эмес. Болуптур, агаң да оозунан түшүрбөй калыптыр. «Сулуу тозот, бак озот» деген кеп бар, кайним. Эркектерге аялдын өңү эле керек. Ушундайбы, мырза бала. – Ракыйма каткыра баштады.

– Малдуу-жандуу болгондо, атасы теңин бөлүп бермек беле. Эр жигитке сулуу аял сөөлөт эмеспи, жеңе. Атактуу кишилердин сулуу деген кыздарын да алып көрдүк го. Бирок бул кыздын алар чыпалагына да тең эмес эле. Ушуну алып берсеңер абам экөөңө башым жерге жатканча...

– Муну чанбайм дечи.

– Өмүрүм ушул сулуу менен өтсүн. Чапкан сайын көз чыкмак беле.

* * *

Ракыйма менен Самат Жоларыкка келип, кеткенден кийин «кемендирдин» иниси, Султанбектин кызына куда түшкөнү жатыптыр, деген сөз айылдын аяк-башына дуу

дей түштү. Эл ичинде Саматты бала кезинен билгендер көп экен. Алар түз эле Султанбек менен Зайраканга келишти. Ракыйма бул жерге жөнсалды келбегенин, алар жаңы болуучу куда-кудагыйын, келин болуп келүүчү Толкундун ким экенин, кандай киши экенин билгени келгенин айтышты.

Айтымышка караганда Самат сырты бийик, сыны түзүк болгону менен аялга калганда кара мүртөз, туруксуз жигит болуп чыкты. Ал мындан мурун перидей болгон үч аялга үйлөнүп, үчөөнү тең кайра жолго салыптыр. Толкун бул жигитке барса бактысыз болорун ата-энеге алы-жаны калбай түшүндүрүштү.

Мындай жагымсыз кабарды уккан Зайракан менен Султанбектин төбө чачтары тик турду. Таң атканча Толкун жөнүндө уктабай ойлонгон эне эртең менен эрте туруп, жолго камынды. Султанбек көк чолокту токуду. Кызыл ала гүлү бар сатин жуурканды ээрдин үстүнө төрт бүктөп салып, үзөнгүсүн кыскартты. Жанында турган аялын колтуктап аткарып, камчысын колуна берген Султанбек, түз эле дүкөнүн көздөй жөнөдү.

...Толкун болгон окуяны энеси келгенде төкпөй-чачпай айтып берди. Ракыйма Зайракандын алдында эле келип кетиптир.

– Баякы биз үйүнө баргандагы кабагын карыш салган сары катын жок, энеке. Тим эле мээримин төгүп сүйлөсө таңдайынан чаң чыгат. Саматка барсаң жыргайсың. Талашып-тартышаарың жок, бир үйдө өзүң бий, өзүң хан болосуң. Жылуу сууга колунду саласың. Ал сени мойнуна мингизип жүрүп багат дейт. А Саматтын айткан сөздөрүчү.

– Сары мастан сени алдап, алыстан чалма ыргытып жатканы ошол. А Самат деген неме да сени кантип колуна тийгизерин билбей жаткан неме да. Кой, кой, айланайын. «Эсиң барда этегиңди жап» дегендей, өмүрүң тозбосо, алтын жаның аман болуп, ден соолугуң болсо

андай Саматтардын эчени алдында мөгөдөй салбырар. Ошого көңүлдөнүп калдыңбы, э кокуй. Алам деген кызды алып, жулам деген кызды жулгандай илгерки заман жок да, балам.

– Жок, энекебай. Жинди болду дейсизби. Көзүм айыгып, ооруканадан чыксам окууга кетем да. – Бул убакта Толкундун көз алдында Абастын сүйкүмдүү элеси турган болучу. Ошон үчүн ал күлмүңдөп сүйлөдү. Кызынын ички сырына түшүнбөгөн эненин жүрөгү Самат жөнүндө алда немени сезгенсип дүпөйүл болду.

Зайракан кызын коркута баштады.

– Биринчиден жашсың балам. Араң эле он жетиге толуп, он сегизге баш койдуң. Жашы толбой күйөөгө кеткен кыздардын күйөөсүн да, ата-энесин да, өзүн да соттошот экен. Самат дегениң сымаптай мүтүлдөгөн бузуку, аягы суюк неме дейт. Жашабай туруп үч катын чыгарыптыр. Атаң ушул сөздү угуп атайы мени жиберди. Балалык кылып азгырылып кетпесин деп эскерткени келдим, кызым.

– Ох, энекебайым ай, мага ишенбегендей сүйлөйсүз да. Кадырыңыз жан болсун. Ал жагынан кам санабай эле коюңуз. Ооруканадан чыкканда атам экөөңүздөрдүн бириңер келгиле, макулбу? – Кыз энесине ишенимдүү да, чечкиндүү да сүйлөдү.

– Атаңдын көрү ай, өзүм менен кошо ала кетсем эмне сени. Көзүңө куюп жаткан дарысын колубузга берип эле, чыгарып берсе жакшы болбойт беле. Түгөнгөндө чоң доктур Пишпектен келмейин баары бир сени чыгарбайт тура булар. Кудая шүгүр, көзүң айыгып калыптыр, каралдым. Жума күнү атаң бошосо базардан ардаме-бирдеме алганча сага келип кетет. Кокустан андан мурда чыгарабыз деп калса, үйдөн киши келмейинче эч жакка кетпеймин де. Өзүңө өзүң сак бол.

Зайракан кызына билген акыл-насаатын айтып, кайра тартты. Самат менен Ракыйма болсо Толкунга көчөдөй каттап жатышты.

Энеси менен болжошкон жума күнгө жетпей эле Толкундун дарылоочу врачы келип калды. Эки жактан келген оорулууларга орун жетпей, айрымдары коридордо жатып жаткан. Муну көргөн врач сакайгандарды ооруканадан чыгармак болду. Кетүүчүлөрдүн ичинде Толкун да бар.

«Үйүм алыс, ата-энем келгенче жата турайын» деген Толкундун өтүнүчүнө доктор ынанбай койду.

– Билем, үйүң алыс болсо да, бул жерде тууганың бар. Аскер комиссариаты сени карындашым дебеди беле. Алардыкына медсестра жеткирип коёт.

Врачтын үстүндө Толкун ушунтип олтурганда Ракыйма келип, кызды чыгарып жатканын угуп үйүн көздөй жүгүрдү. Үйдөгүлөрдүн бардыгы эртең мененки тамагын ичип, эчак кызматына кетип калышкан. Аял эшик алдынан башка чапкандай кайра тартты...

Толкун не врачтын сөзүнө, не медсестранын сөзүнө жакшы түшүнө берген жок. Анын бардык билгени «Касым Байкожоевич» деген гана бир ооз сөз болду. Ошондон улам догдурдун эмне айтып жатканын так билбесе да түшүндү. Кыз «анда барбайм, алар мага тууган эмес» деп башын чайкап, көзүн жашылдантты. Ошол замат догдур Толкундун оюн билгендей, тыштан кимдир бирөөнү чакыртты. Ал тууганымдын үйүн табалбайм деп жатабы дегендей болжоду. Эшикти жаңыдан ачып, баш баккан няняга кандайдыр тапшырма бергенсип, Толкунду көрсөтө сүйлөдү.

Кыз оорукананын кийимин чечип, өз кийимин кийди. Анан ал жердегилер менен коштошуп, аларга түгөнбөгөн алкышын айтып, алиги аялды ээрчип ооруканадан чыкты. Толкун оюнда ушул аялдыкына барат экенмин деп сүйүндү. Канча айткан менен болобу, элеттен биринчи келген кыз үчүн кичинекей болсо да шаардын иши шаар да. Сап-сап болгон көчөлөр, кыркалаша салынган үйлөр. Бой тирешип көчөнүн өйүз-бүйүзүндө окшош өскөн ак

кайыңдар, мырза теректер суйсалышат. Толкун өзүнүн кайсы тараптан, кайсы көчө менен келгенин эстей албай койду. Ал эмес энеси экөө келип чай ичкен Касым агайыныкы кайсы тарапта калганын биле албады.

Булар ооруканадан чыгып, чыгыш тарапты көздөй бир аз басып келип, тоо тарапты карай оңго бурулду. Эки көчөнүн кесилишиндеги кызыл кыштан салынган, үстү кызыл тунукелуу, терезелери бүт бойдон жумуру темирлер менен каршы-терши бекитилген үйдү көрүп, жүрөгү болк дей түштү. Бул мамлекеттик банк болучу. Толкундун эсинде калганы ушул кызыл үй эле. Качан Касым Толкунду ооруканага алып келатканда акча сактоочу жай ушул болот деп түшүндүргөн. Касымдын үйү мындан көп алыс эместей боло турган.

Жанындагы аялга эмне деп айтарын билбей элеңдей түшкөн Толкун артынан чыккан үнгө жалт бурулду. Арышын чоң-чоң таштап, ылдамдай басып келаткан Ракыйманы көргөн кыздын өңү өчө түштү. Аял энтиккенин басалбай демигип сүйлөдү:

– Чыгарыңды айтып койсоң болмок. Көрөйүн деп барсам кетип калыптырсың. «Силердикине жеткирип кой деп киши кошуп бердим», – деп врач айтканынан, үйдө киши жок эле деп, артыңдан жүгүрбөдүмбү. Өх, жаман күйүктүм. – Аял жоолугун оңдоп байланды.

Капканга түшкөн коёндун бөжөгүндөй, кыздын жүрөгү жулкунуп кетти. Толкун ыңгайсыз абалда калды. Уйгактай жабышкан бул аялдан кантип кутулардын амалын издегенсип, алдына түшкөн билектей болгон эки өрүм узун чачын алмак-салмак кармалап, алардын учун бир жандырып, бир өрүп жатты.

– Жүрү, кеттик.

– Эже, базар кайсыл жерде болот? Айылдан киши-миши келип калса таап, үйгө кетейин.

– Кой, айланайын. Жума базар болбосо, айылдан кайдагы киши келет. Кече Касым агаң силердин айылга

барып, ата-энеңе кезигиптир. Толкун чыгып калса үйгө жеткирип койгула деп суранышыптыр. Сыягы, сенин догдурдан жакында чыгарыңды алар билишсе керек. Бүгүн биздикине конуп алып, эртең деле кетээрсиң. Бир тууган турбайбызбы. Жамандыгыбыз болбосо жаттыгыбыз жок экен го. – Аял кызды колдон алды. Кыз колун тартып бошотту.

– Жо, жок, силердикине барбайм, эже, капа болбоңуз.

– Ушул сен Саматтан чочулап турасың го дейм. Ал бүгүн үйдө жок. Жана агасы экөө бир жакка чыгып кетишти окшойт. Алар бүгүн үйгө келбесе керек. Самат үйдө болгондо да сактана турган эчтеке жок. Өзүң макул болбой, ата-энең менен сүйлөшпөй туруп, азыр эле башыңа жоолук сала койгондой, башыбыз эки деп турасыңбы. Андай ишке Самат барам десе да, Касым ага оңой менен жол бере койбойт. Кыз сатып, кыз ала качканга өзү каршы туруп, эскиликтин тамырына балта чабуунун башында иштеп жатып, инисине жол коёбу. Жүрү, кагылайын. – Аял Толкунду кайра колдон алды. – Талаага түнөмөк белең. Шаардын эли бейбаш келет. Кандай кырсыктуу ишке дуушар болоруңду ким билсин. Кокустан бир жаман ишке учурап калсаң, ата-энең биздин бетибизди карайбы.

Толкун ойлоно түштү. Ракыйманын апкөй тилине жаш неме ишенгендей, азыр эле алаңдап турган коркок көздөрүндө айтса– айтпаса төгүнбү дегендей кубанычтын учкуну ойноп кетти.

– Жүрү эми. Көчөнүн ортосунда тартышып турбайлы. Чунак кыз десе, эси бар киши да ушуну жасайбы.

Толкун аягын солгун таштап, басар-басмаксан болуп Ракыйманын жанында баратты. Алар жаңыдан эле дарбазанын түбүнө жуп жете бергенде, калиткадан кимдир бирөө булак деп көрүнө түшуп жок болду.

– Ай Самат, кызды жеңем ээрчитип келатат. Силер топурабай ары жакка жашына тургула, – деген ун Тол-

кундун кулагына шак дей түштү. Кыздын жүрөгү оозуна келди. Ал окуянын түпкүрүнө эми толук түшүндү. «Жыландын ордосуна өзүм келип берген экенмин да. Алданган турбайымбы», – деп ойлоду. Толкун Ракыймадан дароо четтей берди. «Эч качан торуңарга түшпөйм. Алдай албайсыңар мени». Кыз бул сөздү өз оюнда көчө жаңырта кыйкырып сүйлөп жаткандай болду. Бирок анын апкаарган үнү эч кимге жеткен жок. Эч ким уккан да жок. Корккондуктан үнү буулуп, тамагы кургады. Бар болгону кетенчиктеп, теректен терекке өтүп, далысы менен жылып баратты. Сокур киши жол издеген немече артына сунулган эки алаканы менен аларды жансыз кармалайт, аландап артына жыла берет.

Ракыйма Толкунду көздөй өзүн атты.

– Бул эмнең, эшиктин алдына келип алып, кайра качып.

Толкун калчылдай баштады. Аял анын көзүнө чайнабай туруп жутуучу жырткыч айбандай болуп көрүндү. Кыз теректен терекке айланып өтүп, качып баратты.

– Барбайм, барбайм.

Толкун көчөнүн ортосуна атып чыкканда артынан жетип. билектен алды. Кыз колун шамдагайлык менен жулуп бошотту. Аял Толкундун артынан чуркады. Эми короодо бугуп жаткан жигиттер октой атып көчөгө чыгышты. Алар Толкунду турумтай тийген бөдөнөдөй качырыш сала беришти. Коркконунан бутунан жан кетип, денесин калтырак баскан кыз узай албай калды. Душман бети менен сүрдүгө жыгылган кызды басып жыгылды. Толкун үйрүнөн ажыраган кулундай чыңырды.

– Э-не-ке-е! А-та-а! Өл-д-үүм!

Токтолуп калган кара мурут, узун бойлуу арык чырай жигит кызды кучактап турган калыбында жалына баштады.

– Капырай, Султакемдин кызы эстүү бала болду деп, көрүнгөн жерде мактап жүрсө, бул кылыгың кандай. Секет кетейин карындашым, карачы мени, тааныйсыңбы?

– Тааныйм, Алым таякесиз.

– Анан эмне качасың. Жеңең да мында, Биз дагы ушул короодо турабыз. Айылдан кечээ келдим. Ата-энең жакшы турушат. Жума күнү атаң сага келем деп айтты. Сен бул жерде жалгыз эмессиң, Толкун садага. Мен турам, жеңең турат, бөбөктөрүң бар. Булар сенин көңүлүңө жакпай турган иштерди жасай турган болсо колдоруна өлүп берем. Өх, багыбыз бар экен. Ушунтип жатканда көчөдө кишинин болбогону жакшы болбодубу. Эси жок десе, Касым агайыңдын ким деген киши экенин билесиңби. Аз жерден уят кылып коё жаздадың.

Толкун тааныш кишини көрүп тириле түштү. Ал эми Касымдын атын атаганда андан бетер көңүлүн зор ишеним уялады. Толкун Касымды көргөн күндөн баштап эле ага жүрөгү жылып, балалык мээрими түшүп калган. Анан калса Касым дагы бала көрсө эле жалынып-жалбарып тура турган адаты бар болучу. Көчөдөн өтүп баратып таанымбаган кишинин баласы болсо да маңдайынан бир сылап өтмөйүн коюучу эмес. Ал чөнтөгүнө дайыма бир ууч семичка же майда момпосуй салып жүрүүчү. Аны кезиккен балдарга кичинеден уучтап берип коюучу. Балдар да Касымдын караанын алыстан таанычу. Көргөн жерден чурулдап салам айтып, тура калыша турган. Кээде Касым кандайдыр зарыл иштер менен алаксып, жолдошторунун ортосунда баратып, балдардын саламын байкабай калса: «Салоомалейкум, командир ага», – деп эдиреңдешип, аны ээрчип да алышчу. Касым Толкун менен таанышкандан бери, ага да ушундай агалык мамиле кылды. Эчен жолу барды. Атайы эле акыл-эстүү, токтолуп калган чоң киши менен сүйлөшүп жаткансып, анын жанында аркы-беркини айтып, көңүлүн жубатып олтуруп кеткен учурлары да болгон. Чачтарынан кайра-кайра сылап эркелетүүнү каалоочу. Кыздын турпатына тойбой тиктеп олтургусу келүүчү. «Эмне жегиң келет, кагылайын? Эмики келишимде эмине алып келип бе-

рейин», – деп суроочу. Касымдын мындай мамилесине Толкун чын жүрөктөн ыраазы эле. Ошондой мамилелерден кийин Касымды кыз жакшы көрүп калган. «Жаткан алтын киши экен», – деп ойлогон. Касым ооруканага келбей калса эмне үчүндүр күткөнсүп, ал кишини көргүсү келгенсип кетүүчү. Бул киши жөнүндө ата-энесине бир нече жолу айтып мактаган... Азыр да Толкундун көз алдында Касымдын сүйкүмдүү элеси турду. Ага болгон ишеним күчтүүлүк кылды.

Акыры Толкун Касымдын үйүнө эмес, коңшусунукуна келип кирди. Бул күнү Касым Жоларык айылына, анан «Алга» айыл чарба артелине кеткен. Үй-бүлөсүнүн сөзүне ишенген жигит, калп сөздү кайдан билсин. Ал бүгүн келиндүү болорун, болгондо да ай жамалдуу Толкундун Саматка колукту болуп, үй-бүлө мүчөсүнө дагы бир адамдын кошуларын билет. Муну, эртең менен кызды ооруканадан чыгарып жатканын уккан Ракыйма кайра келип Касымга эскертип кеткен. Ошондуктан, эртеңки үзүр-мазыр сөздөн кутулуш үчүн өз изин жашырып кеткендир. Жоларык Толкундун өсүп-өнгөн, төрөлгөн жери. А балким, кыздын толбогон жашын толуктоо үчүн, айыл аксакалдарына айтып, эскертип коюш үчүн кетип жүрбөсүн. Ким билсин.

...Толкундун эки көзү көрүнбөйт, асты-үстү муштумдай шишик. Эки күндөн бери боздоп-какшап жатып алы аябай куруган. Кайгы-капа, кана уктабаган уйку, тынымсыз төгүлгөн көз жаш кызды алты ай жайы суу ичкенден жаман алсыратып салды. Ичи-ичине кабышып, ичеги-карды туз куйгандай ачышып, от болуп күйөт. Мууну калчылдап, буттары титирейт. Толкун сыртынан бекитилген эшикти алсыз буту менен тээп-тээп жиберди. «Өзүң кудай болбогондон кийин көрөр күнүң ушулда». Оозгу үйдө олтургандар өздөрүнчө уу-дуу. Биринин сөзүн бири коштоп күжүлдөшөт. Кыз эшиктин туткасын кармап, катуу булкулдатып түрткөн болду. Арадан көп

убакыт өтпөй тышкы чагарактын шылдыраганы угулду. Толкун кетенчиктей түштү. Эшик шарт ачылды. Олтургандардын бардыгы сүйлөп жаткан сөздөрүн токтотуп, Толкунду тиктеп калышты. Кыздын көзүнө бир кишиде бир көз эмес үч– төрттөн көз бардай, каректери чыбырап кетти.

– Кана, Толкун, менин үстүмдөн аттап кетүүгө кубатың жетсе, улууну урматтагың келбесе атта, – деди Касым босогону баса кыйшайып.

Кыз качуунун амалын ойлоп, ыкыс берди. Ал ушул эшиктен чыкса эле, эркиндикке чыккан капастагы чымчыктай балакеттен кутулам деп ойлоду. Ошондуктан ал Касым эмес, кудай болсо да уят-сыйытка кайыл болучу.

– О-й-ой, кантет. Атта десе эле аттайт бекен? – Толкунга тааныш үн жанталашып кетти. Алсыраган кыз боюн эшикти көздөй таштай бергенде, өз колхозунун башкармасы аны кучагы менен тосту.

– Абаке, жан соога, арам өлтүрбөгүлө мени. Жардам кылыңыз, деди кыз.

Бирок анын кардыккан добушу буулуп, сөзү шыбырап чыкты. Бул сөздү уккан кыраакы Касым ордунан ыргып турду. Кызды жигиттин колунан сууруп чыгып, жаш балача жерден таптак көтөрүп алып ички үйдү көздөй басты. Толкунга үгүт ишин жүргүзүү эми эркектерге өттү. Кайын ага «келининин» уйпаланган чачтарынан сылады.

– Толкунтай, убал-сообуң менин мойнумда, айланайын. Мен жокто ушундай иш болуп калыптыр. Алдында мөгөдөй салбырап турган ушунча элди жер каратпа. Эл укпаса бир жөн эле. Минтип айыл-апа, ага-тууган бүт билип калды. Эми үйүңө барсаң Толкун күйөөгө барып, кайра чыгып келиптир деген кеп болот. Эгер ошол сасык сөзгө макул болуп бел байласаң, айла канча... Билсең жакшы күйөөгө кез болдуң. Өмүрүм өткөнчө алаканыма салып сыйлайм. Келиним эмес, кызымдай көрөм сени.

Самат эмне, жаман жигит бекен? Мындай болгондо, каалабайм деп мурда айтышың керек эле да. Өзүң келип, өзүң айнып... Башын чайкады.

«Күйөөгө барып, кайра чыгып келиптир» деген сөз Толкундун жүрөгүнө жаанын огундай тийди. Буга чейин ал мындай сөздүн болорун эч ойлогон эмес болучу. Кыздын ындыны өчө түштү. Ал бул сапар эч кимди эстеген жок. Жалгыз гана алыста жүргөн Абас жөнүндө ойлоду. Бул эшикке келип, кайра кеткенимди укса, чын эле ал дагы күйөөдөн чыгып келдиң дейби. Мени күнөөлөйбү? Толкун ушуну ойлоп, эки алаканы менен бетин бекем басып алып кайра баштан өксөп кирди. Кыздын жүрөгү өзүн да, Абасты да башкага кыяр эмес. Эгер ал болбогондо, балким, алдоого көнүп апкөй тилге алданып, Касымдын төрүндө олтуруп калышы да ыктымал эле. Кыздын эркин жапыра албай обого канат серметип, өзүнө чакырып жаткан ошол жигиттин булактай тунук, ыйык махабаты эмес беле. Жанакы Касымдын сөзүнөн кийин колундагы үмүт кушу боосун биротоло үзүп, өзүнөн алыстап бараткандай сезилди.

Кайратынан тая түшкөн Толкундун көрүнүшүн байкаган баамчыл Касым аялына кыйкырды.

– Ракыйма! Толкунга жаңы кийим даярдалган жок беле? Карачы баланын үстүн. Тез алмаштыруу керек.

– Кийим эмес, сөзгө келбей баарыбызды суй жыкты. Кийим кийгизүү кимдин эсине келди дейсиң.

– Жаагыңды жанбай, азыр кийиндир. Алың жетпесе алып кел мага, өзүм кийгизем кызыма.

Толкундун ирип турган көңүлү кантээрин билбей чакчелекей түшүп, толук жыйынтыкка келалбай турду. Азыр кыздын башы мурункудан да катуу иштеп жаткан болучу. Эл «Султанбектин кызы күйөөгө барып, кайра чыгып келиптир», – дейт имиш. Абас дагы. Эми эмне кылышым керек? Эгер макул болсомчу? Жок, жок, эч качан. – Кыз кыйкырып жиберди. Ал кайра баштан

эшикти көздөй далбастай баштады. Касым шамдагайлык менен колдон алды. «Коё бериңиз, Касым аба». – Толкун ага бардык күчү менен каршылык көрсөттү. Жигиттин колунан бошой түшкөн кыз үстөмөнүнөн кетти. Боорун жерден көтөрө албаган Толкун: «Өлсөм өлөм. Бирок Саматка барбайм...» деп өпкөлөп жатты. Касым калтаарган абалда Ракыйма көтөрүп кирген кийимдерди ары-бери аңтарып карады да, Толкундун башын жөлөдү.

– Карачы, садага, мунун бардыгы жаңы. Үстүңдөгү кийимдериң уйпаланып болбой калыптыр. Кана, кетсең да буларды кийип ал. Жок дегенде ушул өтүнүчүмдү кабыл алып койчу, айланып кетейин Толкун. Касым абаңдын көзү тирүү турганда канаттууга кактырып, тумшуктууга чокутпайм сени. Бул менин сага берген антым, офицердик убадам. Түшүнүп жатасыңбы мага. – Ал Толкундун кызыл баркут желеткесин чечтирмек болду. – Карачы жеңиң бүт бойдон сөгүлүп кетиптир!

– Кыз Касымдын колун кайра түрттү. «Кийбейм, кийбейм, Касым аба. Убара болбоңуз».

Ракыйма ачуусуна чыдабай каны ичине тартып турду. Эч нерсеге татыбаган, арзан менен кымбатты ажырата билбеген ушул албарсты Касымдын кадыр-баркын тебелеп, башындагы багына түкүрүп, сыймыгын учуруп, анын алтындай сөзүн кордоп, шылдыңдап жаткандай сезилди. Ал эрине олуна кетти.

– Тур ары, катындардын арасына кыпчылбай өз жайыңа, тигил коноктордун үстүнө бар. Бул эмне, кудайдын курсагынан түшкөн ыйык неме бекен, же эл арытып, журт бийлеген машаяктын кызы бекен? Кечээ жакында эле Жоларыкка тентип келип, журттун жугундусуна семирген Султанбектин эле кызы тура. Эркектин кусуру урган шайтан, көрсөң ой, мунун өнөрүн. Чеч алдагы самтырактарыңды. – Ракыйма Толкунду жулкулдатып, чечиндирүүгө аракет кылды. Жаны кашайган Толкун аялды беттен ары жаба түкүрдү.

– Жүзү кара, тү бетиңе. Ушундай катын экенсиң, ээ. Атамдан айланган канчык, жолобо жаныма. Сени ким кой деп жатат, бай, бардар жерден кыз алба деп. Мени жайыма койгула, жылуу-жумшак жеткирип койгула үйүмө.

Толкундан мындай сөз чыгат деп ойлобогон аялдын деми сууй түштү. Касым аны желкеден алып чалкалата тартты.

– Чык эшикке, желмогуз. Иштин баарын чалмакей чалган сенсиң. Окшошкон гана ата-бабаңдын көрүн урайын иттер. Жок дегенде кечээ айтсаңарчы сырыңарды. Э, айбан, макул болду, ошон үчүн алып келдик дебедиңер беле. Тфу. Дагы уялбай эл чакыртышат. Кайсыл кызматың үчүн күчөнөсүң Толкунга. Тилиңе күйдүргү чыкпады го сенин. – Ачуусу келгенинен Касымдын таноосу кыпчылып, өңү кубарып турду. – Ох, жарып өлтүрсө сени. Биздин сырыбызды билген коноктордун алды кача баштады. Көрдүңбү, Сыдык Исмаилович жалынсам болбой, аялын ээрчитип алып чыгып кетти. Менин кадырымды сыйлап унчуккан жок. Болбосо азыр эле баарыбыздын тополоңубузду тоз кылып, аягыбызды асманга чыгарат эле...

Акыры өпкө-жүрөктөрүн калбыр кылып, беш-алтоо колдон-буттан алып жатып жаңы кийимди бүт кийгизишип, эски кийимдерин алып чыгып кетишти. Кыздын өзүндө калганы кызыл баркут желетке жалгыз. Толкун башындагы ак бөртмө жоолукту кайра алып ыргытты. Жүрөгү жардамга ата-энесин, Абасты, мугалимдерин чакырып жатты. Ооба, Толкундун күткөнү да, жакшылыктан үмүт үзбөгөнү да көбүнчө атасынын деми болуп турду. Эртеңке чейин аларды күтөт. Болбосо уу ичип Касымдын төрүндө өлөт.

Уйку менен тамакта ар барбы. Акыры ачыгып турган кыз Касым өз колу менен көтөрүп кирген бир чыны жаш сорпо менен бир тилим этти жээри менен, олтурган жеринде эриген коргошундай кыйшайган бойдон көзү илинип кетти. Касым кыздын үстүнө төшөк жаап, башына жаздык алып койду. Анан эшикти бекитип, ачкычты өз чөнтөгүнө салып алды.

* * *

Султанбектин кызы Байкожоевдин инисине качып кетиптир деген сөз Жоларык айылына чагылгандан тез жетти. Бул сөз бири-бирине угулуп олтуруп, айылдын аяк-башына жөө тумандай тарады. Бул кабарды укпай дүлөй болгон жалгыз Толкундун ата-энеси.

Эртеңки жумада улактуу эчкисин ала барып сатып, кызына кийимдик кезмал алам деп ойлогон Султанбек ушул күнү базар камын көрдү. Колхоздун чоңдоруна арнап, өзү жаңыдан жасаган дрошманкесинин акыркы дөңгөлөгүн кийгизип бүттү. Аны эртең менен көк чолокко кошуп алып, кичүү кызы Чолпонду эжесине бирге ала кетмек болду. Эртеңки таңдын келишин чыдамсыздык менен күткөн Чолпондун тынчы кетти. Уйкусу да качты. Жатаарда эртең менен кийүүчү кийимдерин да энесине дайындатып, баш жагына койдурду. Уктап калып атасынан калып калбас үчүн, эрте ойготуп коюуну үйдөгүлөрдүн баарынан өтүндү.

– Ойготом, кызым. Догдуру келип калса, эжеңди чыгарып алып, өзүң менен кошо ала келсең ажеп эмес. Силер келгиче сүткө жупка салып турам.

– Кара улакты соёсуңарбы?

– Эжең чыкса кудайга жалынабыз.

– Кудай да келеби, энеке?

– Ок! Антип айтчу эмес. Кудайга шек келтирбе.

– Өзүң кудайга жалынабыз деп жатпайсыңбы?

– Жалынабыз.

– Эмне деп, эжемди үйгө келди деппи? Анда эжеме эле жалынбайсыңбы?

– Тантыбачы, кудайдан айлангыр.

– Мейли, мен кудайга такыр жалынбайм. Ал чоочун киши. Эжекем кудайдан жакшы ээ, атаке?

Зайракан жакасын карманат. А Чолпон болсо кыткылыктап күлөт.

– Энеке, сен кудайдан коркосуңбу? Кудай ачуулуубу? Бизди урушабы жалынбасак. Кудай деген кишинин үйү кайда?

– Укта дөөдүрөбөй, эртең менен уктап каласың... Зайракан эмне үчүндүр көпкө чейин тынч алалбай жатты. Эки эмчеги алмак-салмак зыркырап сайгылашат. Анткен сайын эненин эт жүрөгү опкоолжуп согот. Өзүнөн өзү кирпиги катып, уйкусу келбейт. Санаасы санга бөлүнөт. Толкунду ойлогон сайын улам бир жагына оодарылып, төшөгүнүн тынчы кетет. Бир кезде Султанбек аялын капталга түрттү.

– Сен эмне болуп эле чарк көпөлөк айланып жатасың. Адамды да уктатпас болдуң. Ары жатчы.\

– Ой, түгөнгүр ай, уктай бер. – Экөө унчугушпай калды.

Султанбектин көзү жаңыдан илинип баратканда Зайракан кайра кобурады.

– Эртең мен да барам.

– Кайда?

– Толкунга.

– Ой бай болгур, каалasaң азыр деле бара берчи. Адамга тынчтык бербес болдуң сен.

– Султаш дейм, сен бирдемени билип жатасыңбы? Мен баламдан санаам тынбай жатат. Эмчегим зыркырап, жүрөгүм туйлайт да.

– Сенин көзү ачыктыгыңдан өлмөк болдум. Чымындын көрүн урайын, ыроолобой жөн жатчы. Сенин чымындарыңды суракка алмак турсун, чарчап араң турам.

Султанбекке таарынган Зайракан жууркaнды тартып, ортолорун белген болду да, терс карап жатты.

...Зайракан Толкунду издеп, кайдадыр ээн талаада безип баратты. Күн төбөдө балбылдап, эң эле ачуу тийип турат. Аял маңдай терин кайра-кайра сүртүнөт. Оң жагынан да, сол жагынан да булбулдун мукам сайраган үнү делебени козгойт. Аял токтой калды. Куштардын үнү кы-

зынын үнүнө окшогонсуйт. Кусалуу жүрөгү муштумдай болгон кичинекей чымчыктын үнүнө эргип согот. Булбул да Зайраканга улам жакындап тилин безегенден безейт. Эне бет алдына келген ошол тула бою кереметке толгон боз чымчыкты колу менен сермемекчи болду. Булбул ойт берип, канатын абада Чала ойнотуп, бийиктеп учуп баратып «тигине Толкун, тигине, деп сайрай көздөн кайым болду. Зайракан аңгыча алды жагынан күрпүлдөп жаткан суунун шарына аралаш чыккан кызынын күңүрт үнүн укту. Эне ошол жакка боюн таштады. Зайраканга суунун шары, кызынын үнү эми арт жагынан чыкты. «Энеке! Өлдүм» деген үн эненип эсин оодарды. Добуш кайра-кайра муун-жүүндү калтыратып кайрадан жаңырды. Аял алдастай түшүп артын көздөй чуркады. Ал азат бойду үркүткөн, түбү жок терең дайранын жээгине келип токтоду. Бийик жар. Ичи көрдөй караңгы. Кандуу суу анын эң тереңинде жулкунуп жаткансыйт. Зайракан эңкейип өжөр дайранын түпкүрүнө көз чаптырат. Жардын боорундагы кичинекей тектирчеде жармашып араң турган Толкунду көргөн эне алаканын шак койду. «Кокуй, кокуй, бул жерге кайдан туш болдуң балам», – деп безеленет. Анан эне-бала бири-бирине кол узатышат. Зайракан кызын өлгөн-талганда тартып алды. Кубанычы койнуна батпаган неме кызын чукул коштоп, үйүн көздөй куштай учуп келатты. Балакет дагы башталды. Алды жагынан баякы ырайымсыз суунун шары кайра баштан угулду. Зайракан шашкалактап, кызын артын көздөй ала качты. Алар жаңы гана кадам шилтегенде жер жарылып кетти. Эми анын түпкүрүнөн кан жыттанган чоң дайра жулкуна баштады. Толкундун баскан жери кемирилип, сымаптай куюлган кумдуу топурак аны өзү менен кошо ала кетти. «Эне-ке-е» деген кызынын аянычтуу үнү кайра баштан жаңырды. «Кокуй, кокуй, кулунум кокуй» дегенден башка оозуна сөз келбеген Зайракан, суунун шары, кызынын үнү чыккан жакка далбас уруп,

ээн талаада аркы-терки чуркап жүрдү. «Кокуй, кокуй, кулунум кокуй!»

Аялынын үнүнон чочуп ойгонгон Султанбек Зайраканды тарткылады.

– Ай, ай, Зайраш! Эмне болду сага?

– Ө-ө-х. – Зайракандын демиккени басылбай турду. Уктап жатып жаздыгына аккан жаштан саамай чачы чыпташып, кара терге чөмүлгөн тула бою калч-калч этет. – Оо жараткан, тушум экен ээ. Бар балаадан, жок жалаадан сакта, кудурети кучтуу кудай.

– Албарсты бастыбы?

Жүрөгү түшкөн Зайракан бул жаман түштү Султанбекке ачык айткандан коркту. – Толкунду жоготуп коюп табалбай жүрүптүрмүн, – деп саруулаган аял күңк этти.

– Эстеп жатканыңкы да. Түшкө да киши ишенеби?! Султанбек өмүрүндө түшкө ишенүүчү эмес. Ал аялынын үрөйү учуп турган кейпин көрүп, соороткон болду. Бирок аял күйөөсүнөн сөзүне ишене бербей чайпалды. Төшөгүнүн үстүндө жыланбаш, оозун күбүрөтүп бир топко олтурду.

– Жатпайсыңбы? Көзүңө шайтан-шапат көрүнгөнү ошол. Андан эчтеке болбойт.

– Ошондой эле болсо экен. Кечээ эле барып кел десе тил ал бай койдуң. Ийлеп-ийлеп итке саламбы деп коркуп олтурам. Байкуш балам кырсыктан тышкары болсо болду го...

Зайракан мындан кийин кирпик каккан жок. Бул укмуштуу түштү караңгы түнгө, ачкарын барып агын сууга айтып, ошол караңгы түн, аккан суу менен кетсин деп жорумак болду.

Султанбек уктагандан кийин жүрөгүн өйүгөн бул балакеттен, кызына келүүчү кырсыктан батыраак кутулуш үчүн, ордунан жылып туруп, бутунун учу менен аярлай басып тышты көздөй жөнөдү...

Султанбек эртең менен улуу баласы Камчыбекти эрте тургузуп, огороддун баш жагына тушап койгон көк чолокту кармап келгин деп жиберди.

Зайракан орусча салган кирпич плитага отту чоң жагып, арыдан бери казан асып, жолго чыгуучуларга өлчөп чай кайнатып жиберди. Беш жашар Чолпон болсо торсоюп кийинди да, бети– колун жууп, эжесине арнап тамак-аш салынган жол-жол кызыл куржунду унутуп калбайын дегендей дасторкондун жанына сүйрөп келип койду.

Султанбектин колуна Зайракандын туз татытып сүттөгөн ысык чайы жаңы гана тийген. Сырттан кимдир бирөөнүн тарпылдап чуркап келатканын анчалык этибар албаган үй ээси, чыныны оозуна алып баратып, үңүлдөп ыйлаган Камчыбектин добушунан селее калды. Баланын көрүнүшү бейкапар олтурган ата-эненин көңүлүнө күтүлбөгөн жерден дүрбөлөң салды.

– Эмне кокуй, тынччылыкпы?

Камчыбек өксөп-өксөп ыйлады. Анын болбураган ак саргыл жүзү ого бетер болбурап, кетирекей чолок мурунунун таноолору бат-бат кыймылдайт. Анан ал үстүнө кийип турган атасынын чапанынын узун жеңи менен жаштан суу болгон жүзүн алмак-салмак жанып алды.

– Эжем күйөөгө качып кетиптир.

– Кайсы эжең?

– Толкун.

Ок. Калп айтпа. Зайракандын колундагы кашык ыргып кетти.

Энеге үйдүн ичи бир заматта караңгылай түштү. Сурмалуу кой көздөрү чанагынан чыгып кетүүчүдөй каректери жайылып, кирпиктери тикийип, эки ийни түшүп, бүткөн бою шалдырап, жансыз сөлөкөттөй турду. Султанбек болсо чайын кармаган калыпта Камчыбекти аңкая карады. Чынысы уламдан-улам кыйшайып олтуруп, ичиндеги чай дасторконго төгүлө баштады. Анын колдору калтырап, муруту бара-бара сербейип, жаак эттери түйүлдү. Эриндери дирт-дирт этти.

Ооба, ошондой болду. Ата-энеге муздак аяз туш-туштан уруп жаткандай сезилди. Баштар зың-зың этип, чечекейлер кысылды.

– Эй, сага ким айтты угар кулак? – Султанбек бир оокумдан кийин гана ушунтип үнүнүн бардыгынча Камчыбекке ачуу аралаш бакырды.

– Акматтын баласы Сатарды билесиңби? Ошол айтты. Ал кечээ шаардагы Алым абасыныкына барыптыр. Анан Толкун эжемди баягы Касым деген кишинин шопурчу иниси Самат деген бар го, ошол мындан үч күн мурда ала качып кетиптир. Эжекем өзү макул болгон дейт го.

Бул сөздү уккандан кийин бир заматта үйдүн ичи ызы-чууга толуп кетти. Булар Толкунду өлдү деп уккандан бетер өкүрүп-өксөп ыйлашты. өзгөчө балдардын буркурап-боздогону ата-эненин сай сөөгүн сыздатты. Чолпон менен Камчыбекдики аз келгенсип, жаңы ойгонгон Канатбектин үнү кудайга угулду.

Шаарга жөнөө эстен чыкты. Султанбек менен Зайракан чын-төгүнүн тактап, аныгын билиш үчүн Акматтын уйүн көздөй ээрчише жөнөштү. Эне менен ата таламандын тал түшүндө жолдон адашкан немедей, бет алды басышты. Алар арык-ченек, бийик өскөн чөп-чарга карабай, огороддон огородго өтүп, аттап-буттап жарыша чуркап келатышты. Аркадан ызы-чуу болуп өздөрүн ээрчий чыккан балдарын көргөн Зайракан кылчая карап муштумун түйдү. «Силер кайда? Чөкө таандай чурулдабай үйгө баргыла. Биз азыр эле келебиз». Балдар энесинин сөзүн угуп, үркөрдөй болуп турган орундарында өпкө кагышты.

Акмат адегенде Султанбекке тамаша аралаштыра сүйлөп, жайдары каткырды.

– Кел, Султаш. Күйөөгө менин эле кызым качат экен десем, сенин кызың да качкан тура.

Үй ээси Султанбектин кебетесин көрүп, андан ары эмне деп айтаарын билбей шашкалактап калды.

– Ачуу шайтан, акыл дос, – дейт Султаке. Кызыңарды күйөөгө бербегенде, катын алып берет белеңер. Кудай бет алган жеринен жалгасын де. Башынан бери жети катар сөөкпүз. Бир жолку ачууңарды сурайм Зайраш экөөңөрдөн. Нике кайып, насип кайып деген ошол. Өкмөттөн сөөк күтүптүрсүң, баатыр, кут болсун ылайым. Кыздардын кылары ушул экен, кантесиң. Эмики кыздар эрге өздөрү сүйүп, өздөрү тандап тийуучу болбодубу. Сенин Толкунуң да өкмөт уланды өзү тандап сүйүптүр деп айтышты.

Зайракан көз жашын жоолугунун учу менен сүртө берип, көңүл айтып олтурган Акматты беттен алды.

– Жалган. Менин кызым жигит сүйүп, күйөө тандаар баралына келе элек болучу. Көзүн кайсыл десе мурдун көрсөтүүчү. Жүзү каралар, наристе баламды жолдон чыгарышкан экен да. Ылайым жакшылык бетин көрбөй калсын ошолор. Мен өңдөнүп ботосунан ажырап, боздоп калсын. Зайракан мурутун кайра-кайра чыйратып турган эрине алкынды. (Султанбек бирдемеге катуу ачуусу келгенде ошентип мурутун тынымсыз чыйрата берген адаты бар болучу.) Жүрбөйсүңбү, мурутуңду калп эле чыйратпай. Эрте туруп баруучу жерге бар. Байкожонун балдарынан башка өкмөт түгөнүп калыптырбы. Жашы толо элек баламды алгандыктары үчүн башка жерде жооп берер, алар. Жанакы тикенектей болгон сары катындан кызыма кылайып аткан таң жогун көрүп турам. Саматтын жайын да уккамын, кызымдан айлангыр.

Султанбек колуна мыжый кармаган калпагын оң тетири кылып башына салды.

– Баламдан жараган балам болсочу. Окутуп адам кылам деген тилегимдин ташка чабылганы ушулбу. Бул төкөрдүн колунда эмне бар дейсиң. Ыйлаба, байбиче. Толкунду кайрып алып келбесем Султанбек атым өчсүн. Мен кызымды Самат өңдөнгон көпкөн зөөкур үчүн өстүрүп, тарбиялаган бекенмин. Заман эркек менен ургаачыга тең

болгон. Менин Толкунумдун мээсиндей мээ бул айылдын кыздарынын эч киминде жок. Ал өз каалоосу менен кетпегенин билип турам. Оо, байкуш кучкачым, куураган экен го. Шашпасын Байкожо эмес, олуя кожонун уулу болсо да улуктун алдында жооп берер. Мен алар менен жеткен жерге чейин чарпышып көрөйүн.

Султанбек арыштай басып, аялынын алдында келатты. Булардын артынан аша чыккан Акмат түз эле башкарманын үйүн көздөй аксаңдай басып жөнөдү. Ал барган үйүнөн айылдык советтин катчысын да тапты. «Житкен окту аткан ок табат» дегендей, керектүү кишилерди кудай өзү чогулткансып бир жерден табылганына Акмат сүйүнүп кетти. Катуу чуркап келгендиктенби, же тигилерди көрүп кубангандыктанбы, айтор, анын кара чаар жүзү ого бетер кара көк тартып ылапшыйт. Оо, Акматтын минтип жанталашып чуркап жүрүшүнүн да жөнү бар эле. Тигил аскер комиссариаты болуп иштеген Касым Бойкожоевдин энеси, Акматтын атасы Жанболоттун бир тууган карындашы. Ошон үчүн жээндерине сөз тийгизбестин камын алдын ала ойлогон Акмат Султанбектин чуусун шамшаркыт кылбай, өз айылында басууну таякелик, бир туугандык милдетим деп ойлогон.

Башкарма үйүнө келген мейманды сыпайы тосуп алды. Султанбектин сөзгө келбей опурулуп кеткенинен санаасы тынбай апкаарып турган Акмат чайга ракмат айтты да, дасторкондун үстүндөгү нандын четинен чымчып оозуна салды.

– Ракмат, теңир жалгасын, балам, мага куйбай эле кой, – деп колун чай куюп жаткан келинге жаңсап койду. Чөк түшкөн калыбында үй ээсине кайрылды. – Касым жээниңден эмне кабар бар, уккан жоксуңбу? Келини эмне болуп жатыптыр?

Жигит эткелинен келген чымыр денесин козгой берип, өтүгүнүн кончун кош колдоп чойду.

– Эмне болмок эле, болору болду да.

– Болору болду дегенин, кандай? – Акмат чөк түшкөнүн жазып, олтуруп кетти.

– Туура эмес иш кылышты. – Ал Акматка бурулуп, шыбырагансып акырын сүйлөдү. – Кыз кетем деп дагы эле баш ийбей жатат дейт. Аны алдап үйүнө алып барып, анан зордук менен жоолук салышыптыр. Анын үстүнө өкмөттүн эсеби боюнча Толкундун жашы жетпейт. Эми жашын тез арада тууралап бергиле деп бизге кадыр салып олтурат. Эгер бул жөнүндө билинип калса, кыркабыздан боо түшөбүз го деп коркуп олтурам. Айылдык Советтин төрагасы да, катчысы да «кыздын жашын оңдоого жардам бергиле» десем, асман айдан секирип, ченине жолотпой олтурушат. Кыйын болсоң алдында олтурган катчы менен өзүң тил табышып көр. Бул ак жүрөк комсомол да. Эчтеке чыга турган эмес.

– Самат менен Ракыйма аман турса Касымды там сүздүрө тургандай болуп калды. Султанбек биле элек. Ал бүгүн кызына барамын деп кечээ суранып кеткен. Тигил-бул жумушту шылтоолоп, жибербөөнүн аракетин кылып тамырын тартып көрсөм, колума өлүп бергени турат. Кызың качып кетиптир, барбай эле кой деп айтууга оозум барбады. Башка бирөөдөн угар деп ичимден тынып тим болдум. Султанбек орус мүнөздүү неме. Айтканынан кайра тартпаган, калп айтканды билбеген туура киши. Кокус ал кара беттигине салса Маскөөгө чейин жөө баруудан кайра тартпайт. Эртең, бүрсүгүнкүгө чейин укпай коё турса жакшы болот эле. Толкун макул болуп олтуруп калса, Касым дароо ачуу басарына келип, чуу басты болуп калат беле билинбей.

– «Кенедейинде орустун ичинде жүрүп, орус мүнөздүү болуп өсүп калыптыр. Кыргыздын шартына эми-эми араң түшүнүп келатат. Заң-закунду сүйлөсө ушул сүйлөсүн. Орустарды көрсө атасын көргөндөй жата калып

сүйлөшөт» деген сыяктуу сөздөрдү угуп олтуруп, Акмат чыдабай кетти.

– Ой, айланайындар, орусча өстү деп Султанбекти оюна коё бересиңерби. Же тентип келген бир түтүн саякка Касымды тебелетип коёлу деп турасыңарбы. Мен силерге ошон үчүн келип олтурам. Ал кызынын качканын угуп, катыны экөө биздикине келиптир. Ары айтсам болбойт, бери айтсам болбойт. Касым менен Саматтын күлүн көккө сапырам деп күүлөнүп кетти. Бул чындыгында эле жан коёр шайтан көрүнбөйт. Капырдын түрүнөн жүрөгүм түшүп калды. Тим эле тиштерин кычыратат. Султанбектин кызынан башка кыздын баары кырылып калгансып, ошону көрүшкөн экен. Жанакы көөдөнү жок сылаңкороз акмак сулуулугуна кызыкса керек. Эх, иттин баласы, сулууну көрсө суктанып, кырынан кете турган адаты бар экен. Мунун иттигинен Касым деле жалкотой болгондой болду эле...

Олтургандар чогуусу менен Султанбектин үйүн көздөй агылышты. Устаканадан өтө бергенде булардын артынан мектептин директору Зайнидин кууп жетти. Сыягы, ал Толкундун Саматка качып, кандайча кеткенин толук уккан көрүнөт. Жигиттин өңү адаттагыдан тышкары ачуулуу экенин колхоздун башкармасы дароо байкады. Эки жагына карабаган Акмат Зайнидинди байкабай бакылдап сүйлөп келе жатты. «Жалынып-жалбарып, акеуке деп асты-үстүнө түшүп көрөм. Аа болбосо, жанагы силер айткан Маскөөгө эмес, андан ары Ташкенте чейин барсын. Кызым-кызым деп эле тишин кычыратат кызталак. Бул ит ушул жерге келгенден бери семирип кетти. Кара жиним кармаса кызын кайра жеткирип бергиле деп айтам. Келмеси оозунан түшүп, Каныкейдей кадырлаган кызын кайра өткөрө албай Саматка өзү жүгүрсүн». Башкарма чыдабай, тигил сүйлөп жаткан кишини капталга түрттү. «Болду эми». Зайнидин Акматты каруудан алып, өзүн көздөй булкту. Бул экөө ушул айылда тең өсүп, тең

арып, тең карып дегендей теңтуш адамдар эле. Ошого сүйөндүбү, Зайнидин жаалданып турду.

– Уурунун ана башы сенсиң го ыя, ит. Баятадан бери эмине деп былжырап келатасың. Тилиң тишиңе күбө. Толкунду бүгүндөн калтырбай жээниң экөөң үйгө алып келесиңер. «Жабылуу казан жабылуусу менен калат экен» деп эч качан ойлобо. Убада бер.

– Эмине убада? Биз талоончулук кылып айыл чаап, жылкыңа тийдик беле.

– Эй, макоо баш, мал эмес киши уурдап олтурасыңар. Бул үчүн жээндериң тирсегинен илинет.

– Ыя де, ошондой дечи.

– Ошондой.

– Иле албасаң энеңди ал. – Акмат демите баштады. Зайнидинге асылып, аны жакадан алууга аракет кылды. А директор болсо камаарабай мыскыл күлүп турду. Жакындап келаткан Акматты түртүп жиберди.

– Ооз көптүрмө сөздү экинчи айтчу болбо. Акмат жерден таш ала коюп жулуна баштады.

– Султанбектин кызын сен алат белең доңуз. Тигинден аркы бирөөнүн кызынын качканы менен сен экөөбүздүн жумушубуз эмне. Ийрейген... Касымдын богуна куурай сая албайсың. Ал деген өкмөт кишиси, журт башчысы. Кана, жекеме жеке чыгып салгылашып көрөлү. – Жеңин түрүнө баштады. Жерден таш алды.

– Ур.

Тигинин колундагы ташты кимдир бирөө жулуп алып ыргытып жиберди. Тургандар ортого түшкөнчө болбой Акмат Зайнидинди бир коюп калууга үлгүрдү.

Асыя жеген муштумга жооп бериш керек болду.

– Сыйлаганды билбесең, урган андай эмес, мына момундай болот. Акматты кулак түптөн ары коюп калды. Тигинин колу Зайнидиндин жакасына жетпеген бойдон учуп кетти. Карап тургандар ортого түшүп ажыратты.

* * *

Акматтар келгенде Султанбек менен Зайракан эчак жөнөп кетишкен. Келгендер балдардын сөзүн угуп, кайра тартышты.

Шаарга келгенде Зайракан күйөөсүн түз эле Касымдын үйүнө баштап келди. Касым жаңы эле түшкү тамакка келип олтурган болучу. Ракыйма куда-кудагыйын көргөндө эмне кылаарын билбей эси оой түштү. Салам айтып учурашууга да жараган жок. Чуркаган бойдон үйгө кирип жок болду. Ал Касымга кабарлаганы буту үзүлгөнчө жүгүргөн.

– Бол, кокуй, чаап алуучудай болуп келиниңдин ата-энеси келип калды. Жөсүнү жок, тексиз акмактар десе, саксайышып кызынын аркасынан ата-энеси да келеби? Келин-кесеги жок беле булардын.

Султанбек менен Зайракан эшиктен көрүндү. Касым кыпкызыл болуп тамылжып кетти. Ал жарашыксыз күлгөн калыбында күнөөлүү немедей меймандардын астын тосо басты.

– Секет кетейин таажезде, таежем экөөңөргө тең кулдугум бар. Аз айып, көп күнөөм болсо кечиргиле. Мен бул ишти силерге ишенип жасадым. Көңүлүмдү оорутуп, жүрөгүмдү сыздатпайт го дедим. Чалкамдан жатып берейин, көөдөнүмдү жарып тойгончо жеп, тойгондон кийин каалаcаңар сөөгүм итке салып бергиле, кың десем кудай урсун Толкунтайды өзүм бала кылып алдым. Бирок өз каалоосу менен...

– Калп айтпагын. Толкун өз каалоосу боюнча келген жок. Кана, баатыр, сыйыңар менен баламды алып чыгып колума салып бергиле. Болбосо бул жерден мени тирүү кетет экен деп ойлобогула. Же сенин, же менин каным төгүлөт.

Касым Султанбектин сүрүнөн даай албай, Зайракандын астына чөгөлөдү.

– Он ай көтөрүп, омурткасы сыздап кызды төрөгөн сизсиз таеже. Башым тартуу, малым тартуу. Достон көп душманым бар. Ошолордун алдына бетимди кара кылбагыла. «Коюндан төгүлсө кончко» дейт. Кечирим сураймь, кеңдик кылгыла.

Туурадан Ракыйма оолуга баштады.

– Сен Касым, эр өлтүрүп кунга калган немече мөгөдөй салбырайсың да. Андай кыйын экен, катын болуп эчак бара-чарасы чыккан кызын кайра алып кетебиз десе, кете берсин. Айтпаса адамдын жанын кашайтат. «Ит менен куда болсо, бок менен той болот» деген ушул. Булар сени тирүүлөй жечү немелер го. Алып кетебиз десе, ар жакка колуна салып берип, жанын тындырбайсыңбы булардын. Ушулар сага куда-сөөк болуп чекемди ысытат деп турасыңбы? Көргөн-өскөнү жаман жетесиздер, арзан-кымбатты билеби. (Ракыйма өзү манаптын кызы болучу. Ал эрден чыгып келгенде Касым алардын жылкычысы боло турган. Ошол кезде экөөнүн көңүлү жакын болуп калат. Ракыйманын боюнда болот. 1917-жылы Касым ыктыярдуу отрядга өтүп кетет. Аял ата-эне, ага-туугандыы таштап, жигиттин аркасынан ай-күнүнө жетип калган кезде издеп жөнөйт. Отрядга келери менен эркек төрөйт. Ошентип, тагдыры бала менен байланышкан Касым Ракыйманы аялдыкка алат.) Ай кудагый, куда, кызыңар Самат экөө сүйлөшүп, сүйүшүп алып өзү качып келди. Келген келинди кет демек белек.

Ох. Башкасынан да «катын болуп бара-чарасы чыккан кызыңды» деген сөз ата менен энени ок тийгендей шалдыратты. Зайракан бир убакта Султанбекти караса, мурутун кайра-кайра чыйратып калыптыр. Көздөрү чейчектей болуп, кара сур жүзү бир заматта самандай саргайып кетиптир.

Эстүү аял Султанбектин кебетесин көргөндө эсине келе түштү. «Чын эле балалык кылып Толкун өзү ыктыяры менен келип жүрбөсүн» деген ой, эненин алоолонгон

жаралуу жүрөгүн ого бетер кансыратты. «Ырас эле мына бул сары шайтандын тайманбай чоң сүйлөшүнө караганда Толкундун өзүндө кеп бар болсо керек», – деп ойлоду. Султанбектин ызалуу чыккан үнү бурк этти.

– Канткен менен ата менен энеге бала кымбат. Ичке баткан бала тышка да батат. Тилиңди жыландай соймоңдотпой, кызымды азыр алып чык. Бир эр эмес, он эрден чыксын маа десе, баламды сенин колуңда бир түнөтпөйм. Силер менен сүйлөшчү жерим башка. Тектүү жерден сөөк күткөнүңөрдү мен кой деген эмесмин. Же мен кызымды силерге таңдым беле. Баятадан берки уу тилиң сөөгүмдөн өтүп, чучугума жетти. Касым эмес дөө болсо да агара турган жылуу жерим калган жок, эми. Дагы мага уялбай таңыраңдап коёт, жүзү кара жалакор. Чачыңдан сүйрөп чыгып, тилиңди кесе элегимде Толкунду алып келип көзүмө көрсөт. – Султанбек Ракыйманы качырып сала берди. – Сенден келген ажал болсо акка мойнумду сундум.

«Кокуй, кокуй, жеди, жутту», – деп долулана кыйкырган аял бурчка барып тыгылды. Ал тилин тарткан жок. «Шорум, шорум. Кутулбас куяңга туш кылган экенсиң го, мойнуң үзүлгөн Самат».

Зайракан Султанбек менен убара. А Касым болсо аялын жаактан ары бир коюп, эшикке сүйрөп чыкты.

Мурдакыга Караганда кайратынан жанып, жоошуй түшкөн Зайракан Касымга күчөнүмүш болду.

– Болуптур анда, Толкунду көзүбүзгө көрсөткүлө. Өзү менен бетме-бет сүйлөшүп армансыз бололу.

Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин бутуна кончу узун, бийик така кара ботинка, көк кыжымыдан бешмант, кош этектүү Кызыл жибек көйнөк кийип, башына ак бертме жоолук салынган Толкун эки аялдын коштоосунда бөлмөгө кирип келатты. Ал ата-энесин көргөндө түз жерден бети менен кете жаздап барып оңолду. Кыз башындагы жоолугун алып ыргытты.

– Эне-ке-бай, а-та-ке! Мен силерди чын эле тирүү көрдүмбү. – Толкун андан аркы сөзүн айталбай ата-энесин бакырып барып басып жыгылды. Көз жашы көлдөп, мурдунун суусу булак болуп, ботодой боздоп жатты.

Эне кызынын бетинен өптү. Анын былбырап бошой түшкөн жаак эти оозуна келди. Бүткөн бою дүр дей түшүп, жүрөгү оозуна тыгылды. Ага Ракыйманын жанакы айткан сөзүнүн чындыгы бардай сезилди.

Ачуусуна чыдабаган Султанбек Толкундун жерде жаткан жоолугун бурдай кармап туруп бет алды ыргытты. Анын бир чети жүдөп, бир чети өңүнөн азып шапая түшкөн көрүнүшү ата көөнүн оор кайгыга салды. Кызынын жайнаган айдай жамалын бирөө уурдап кеткендей көрксүз көрүндү. Көздөрүнүн алды көөп, көгөрүңкү. Балбылдаган коймолжун, оттуу көздөрү ойлуу да, армандуу да. Зайракан эки колдоп кызынын маңдайынан, үрпөйүп турган көкүлүнөн сылап, үйрүлө сүйлөдү.

– Айтчы, каралдым, кандайча мындай болуп кетти? – Кыз солкулдай берди, бышактап. Эне суроонун үстүнө суроону жаадырды. – Өз каалооң менен келдиңби, же күчкө салып алып келиштиби? Түшүндүрчү тезирээк, жүрөгүм жарылып кеткени араң турат.

Толкун башын чайкады. Ата чыдай албай кетти көрүнөт, ал колун катуу силке, эшикти кездей эки-үч кадам басып барып, кайра бурулду.

– Жанакы иблис жүрөгүңдүн үшүн алып бүтүргөн го. Тилден калган немедей жалдырап ыйлай бербей айтпайсыңбы? Энең экөөбүз мында тезек тергени келиптирбизби?

– Каралдым атаке ай, эмне айт деп жатасыз. Иши кылып шорум бар экен. Булар мени ооруканадан чыкканда алдап алып келишиптир. Үйүңө өзүбүз жеткирип коёбуз деген сөзгө ишениптирмин. Анан күч колдонуп жатышып, ушул күнгө кирептер кылышты. Толкун мурдагыдан да катуу ыйлады. – Кызын ээрчитип эшикке чыгышты.

– Сени алып кеткени келдик. Кетесиңби же мында каласыңбы? Узун сөздүн кыскасы ушул, кызым. Кетем десең алдагы үстүңдөгү тигилердин кийимин бүт чечип берип, өз кийимдериңди кий. Мындай шайы-шалпарсыз эле оокат кылабыз. Түкүрдүм булардын байлыгы менен чоңдугуна. Иликин өз каалооң менен келген күндө да, жанакы сары канчыктын кемсинткен сөзү үчүн экинчи буларга сенин көйнөгүңдүн этегин карматпайм. Бул үчүн кудай алдында да, арбак алдында да убада берем. О-о, жүзү каралар эй. – Султанбек тишин кычырата чайнады. – Зордукчулар эй. Тфу-у.

Атасынын кайратына кубанган Толкундун көзү чайыттай ачылып, өңү тириле түштү.

– Бул жерге душмандын колуна мүнөт да тургум келбейт. Кетем, атакебай. Силерден бөлүнүп калып, тозокко түшкүм келбейт. Таштабагыла мени.

Зайракандын аккан жашы көкүрөк ылдый куюлуп жатты.

– Шордуу балам ай, мындан көрө бизди өлтүрүп неге кетпедиң.

– Энекебай, мени күнөөлөбөңүзчү. Бардыгын жасаган Самат менен Ракыйма. Касым агада кенедей күнөө жок. Же мен үйгө кайра кетсем, Султанбектин кызы эрден чыгып келиптир деп ушак кылышабы? Булар ушунтип айтышты мага. Атам экөөң айткылачы, мен эми эмне кылышым керек?

– Жүрү кетебиз. Айткан эл айта берсин, деген эл дей берсин.

Кыздын жүзү жадырай түштү.

– Чын айтасызбы? Эл ушактаса эчтеке болбойбу? Кокустан атам экөөңөргө наалат келе турган болсо, караанымды эч кимге көрсөтпөй ушул жерде, ушул үйдө уу ичип өлөм. Эч качан тирүү жүрбөйм.

Бирок Толкунду өлүмдөн арачалап турган бир иш Касымдын камкордугу болду. Ал Саматты Толкундун

жанына баруугa тыюу салган. «Жакшы күндүн жаманы бар. Арты алда кандай болот», – деп ойлогон. Анын үстүнө үч күндөн бери кыздын оозунан үй-бүлө болуп калат го деп ойлогондой бир ооз да үмүттүү сөз чыккан жок. Азыр булардын айласы түгөнүп, эмне кыларын билбей чайпалып турган чагы болучу… Эмне кылыш керек? Же кыздын талабын орундап ага эркиндик берилеби! Оо, анда кантип болсун. Касымдагы бир чоң үмүт айылдагы ага-туугандардын жардамы тийип, Султанбекти көндүрөт деген ишеним эле. Толкунду алып келгендин эртеси жакшы санаалаштарына келиндүү болгондуктарын айтып, тойдун алды деп тамак берип койгондуктары да Касым үчүн кайгы болду. Кокус келини кетип калса өзөк сөз өзүнө калат. Анан ал өкмөттүн алдында да жооп берүүгө туура келет. Ушундай олку-солкулуктан улам Касым капалуу болучу.

Бирок кыз булардын мындай эки анжылыгын билген жок. Анын жаш жүрөгүнүн жалынын жапырып, ындынын өчүрүп турган бир сөз баякыда айткан Касымдын бир ооз сөзү болучу. «Эл сени күйөөдөн чыгып келиптир», – деп айтат. Башынан жаман-жакшы өтпөгөн секелек кыз Касымдын бул сөзүн бекем кармап алган. Ага ишенген. Апийим жеп ууланып өлгүсү келген. Бирок ал ата-энесин күттү. Абастан күдөрүн үзбөдү. Азыр анын ойлонуп олтурганы да ушул жөнүндө болучу. Ата-энесин ээрчип кайра кетеби же чөнтөгүндөгү апийимди жеп жарыкчылык менен түбөлүк кош айтышабы. Кандай кылыш керек? Кыздын алдында чечүүчү мезгил сагалап турду.

Толкун онтоп жиберди. Апийим турган ыптасын мыжый кармады.

– Жүрөк тушуңду эле эмнеге кармалайсың? Же бир жериң ооруп турабы?

Зайракан кызынын жүрөгүн басып көрмөкчү болду. Эненин колу бир нерсеге урунду.

– Бул эмне, төмпөйгөн?

– Эчтеке эмес. Иймегим менен шакектерим эле.

– Салынып алсаңчы, аны эмнеге чыгарып койдуң эле. Кулагың мулуюп жаман көрүнүп калыптыр. Кана, айтчы, эмне кылабыз. Атаң сени алып кетем деп жатат. Ага сенин бир ооз сөзүң гана керек. Өлөм деген жанакы акылсыз сөзүңдү экинчи кулагыма угузба. Анда буларды эмес, атаң экөөбүздүн шорубузду кайнатканың. – Зайракан кызын башка жол менен коркуткусу келди. – Билесиңби, анда эл Толкунду күйөөсүнөн алып кетебиз десе, ата– энесине өчөшүп уу жеп өлүптүр дешпейби.

Кыз сөнө түштү. Титиреп барып энесин кучактай калды.

– Жок, жок, мен антип силерди шерменде кылып өлгүм келбейт.

Султанбек мурутун бирде чыйратып, бирде эрдин кесе тиштеп бактын ичинде аркы-терки тынымсыз басууда. Толкунду эки аял жетелеп үйгө алып киргенден кийин, алар кызы менен ээн эркин сүйлөшүү максатында ушул жакка чыгышкан болучу.

Зайракан өз ичинде кызынын жаш туруп акыл тегереткен эсине бирде кубанып, бирде кайгырып турду. «Бармактай балачалык акылым жок. Ырас эле эл-журттун бетин кантип карайбыз. Андай эле болуп күйөөсү жарашпай баратса көрүшө жатарбыз. Бир гана мунун өлөм деген жаман ниетинен кайра тарттырыш керек». Султанбекке ушул оюн ачык айтуудан айбыккан эне, анын алыбет , залкар денесин ээрчий карады.

Короо жактан бакылдаган үндөр көтөрүлдү. Алар Касымдын машина жиберип алдырган жакын туугандары менен Жоларыктан келген таяке-тайлары эле. Келген кишилер чогуусу менен огородго кирип, Султанбек менен Зайраканга элчиликке келгендерин билдиришкенсип, кош колдорун бооруна алышып мөгдөй салбырап турушту.

– Алдыңа келсе атаңдын кунунан кеч, – дейт Султанбек баатыр.

Алар ата-бабадан берки укумдан-тукумга өтүп келаткан куда-сөөктүк салтты айтып, жер чечегин безей башташты.

Султанбек кез ирмебей тигилерди жутуп жиберүүчүдөй тиктеди.

– Кана, мындан башка да айта турган сөзүңөр барбы?

Биздеги сөз айтылып бүттү, Султаш. Эмики сөз кезегин сенден күтөбүз. Алтын шилекейиңди чачыратып кой. Ата-энеси силер макул болсоңор, кыз туйлап кайда кетет эле. – Ушунтип сүйлөгөн салабаттуу карыя Султанбекти колтуктан алып, үйдү көздөй жетелемек болду. Султанбек колун силкип алды.

– Тургула нары. Силерге эмне жок жабалактап. – Ал ары жакта кызынын жанында кыймылсыз селейип турган аялына опурулду. – Эмне ок тийгенсип турасың. Жүргүлө, кеттик. Элдин тыткынына түшө турган алым жок. – Султанбек жайбаракат басып барып, Толкунду колдон алды.

Минтип атанын дилин мурдакыдан бетер карартып, жүрөгүнө канжардай кадалып турган Ракыйманын жанакы сөзү болду. «Кысталак, ушул жезкемпирдин колуна чолпондой болгон баламды калтырганча, өз колум менен мууздап кетээрмин», – деп ойлоду, ичинен.

Кадам жылдырбай тегеректеп турган аялдар Толкунга асылышты. Көпчүлүк буларды короодон чыгаргысы келген жок. Акыры ары-бери сүрдүгүп жатып, Султанбек элчиликке келер деп ойлошту. Эл мазар да. Элден кантип чыксын, ботом.

Кызын көрүнөө колдон талашып жаткан аялдарды Султанбек түртүп-түртүп жиберди. Элдин орто ченинде кан-сөлсүз самандай саргайып турган Касым Жоларыктан келген колхоздун башкармасына бурулуп бирдеме дегендей болду. Келгенден бери кеп-сөзгө аралашпай четте турган киши Зайракандын жанына көңүлсүз басып келди.

– Эже, Султанбек жездем туура эмес иш кылып жатат. Сиз бирдеме деп көрбөйсүзбү. Өз көзүбүздү өзүбүз чукуганыбыз болбос. Түшүнсөңөр Толкун жаман жерге келген жок эле. Элден чыкпагыла. Уят болот.

– Чыкпаганы курусун, – деди Зайракан, – жанакы Ракыйма деген мастан кайда жүрөт. Дегеле ушул жерде ошонун колуна өлүп берейин дедим эле. Султанбекти ушунчалыкка алып келген ошонун чалкандай тили болду. Жок, айланайын иним, бул ишке өңгө кийлигишсе да, сен кийлигишпе. Ошол катындын сөзү үчүн эл эмес, жасаган кудай келип кулдук урса да, кечирим кылгандай жылуу жерибиз калган жок. Баламдын балакетин алсын, канчык.

– Кызуу кандуулук кылбаңыз, эже. «Ачуу шайтан, акыл дос», – дейт. Үч күндөн кийин алып кеткениңер да өзүңөр үчүн абийир эмес. Ракыйманын сөзү үчүн күйүкпөңүз. Касым аман турганда бардыгы жайында болот. Барыңыз, тажездем менен сүйлөшүп көрүңүз. Айтыңыз.

Келгенден бери ушул сөздү өзү эле ойлоп, эмне кыларын билбей чайпалып турган Зайракан Султанбектин жанына келди.

– Ой, Султаш, жаман айтып элдин назарын сындырбачы. Кызыңдын агарып-көгөрөрүнө жакшы. Балам, бала кезинен каргышка калбасынчы, атасы. Кеңешип көрөлү. Кеңешип кескен бармак оорубайт эмеспи. – Аял Толкунду өзүнө тартты. – Бери болчу, сүйлөшөлү экөөбүз.

– Балага тийбе. Айт. Эмнени кеңешет элең мээси жок. – Султанбек аялын акырая карады. – Түкүргөн түкүрүгүмдү кайра оозума сала албайт экенмин. Айнектей болгон баламды, үч катын кетирип көктөйүндө бузулуп бүткөн акмакка берип, убал-сообун аркалай турган алым жок. Муну оң кулагың менен да, сол кулагың менен да ук, намыссыз.

– Ошондой болсо да ойлоно турган иш болуп турат Султаш. «Чапкан сайын көз чыкмак беле». Толкун бул

эшикке мынча келбесе болот эле. Алдыңда ушунча сакалдуу-көкүлдүү дебей кол куушуруп, ачууңду сурап турат. Жети кишинин бири кыдыр дейт. Алсак алып эле кетебиз, бирок арты кандай болор экен?

Султанбектин күрөө тамырлары адаттагыдан тышкары көөп чыкты. Ал аялын коюп жиберүүгө камынды. Толкун атасын кучактай калып, ыйлап жиберди. Элдин ортосун жара бөлүп баскан Султанбек кызын жетелеп короодон чыгып кетмекчи болду. Эл дүрдүгө түштү. Аңгыча болбой калитка шарт ачылып, ары жактан Зайнидин баш болгон үч-төртөө кирип келди.

Мектептин директору өзү менен оро-пара келе түшкөн Толкун менен Султанбекти биринчи көрдү. Ал Толкундун катарына токтой калып, тургандарга колун кезеди. «Уккула баарыңар, ойлогон оюңар эч качан ордунан чыкпайт». Зайнидиндин көзү Саматка, андан кийин Касымга заарклануу менен кадалды.

Иштин арты жаман жакка ооганын билген көпчүлүктүн ындыны өчө түштү. Ортодон Самат суурулуп чыкты. «Бардык ишке мен өзүм күнөөлүмүн, таяке. Бир сапаркы айыбымды кечиргиле. Бөөдө жеринен өлтүрбөгүлө. Кечирим сурайм. Кеңдик кылыңыздар. Колуктумду таштап кеткиле. Канткен менен бир боор турбайбызбы». Самат чөгөлөй калып бир Зайнидиндин, бир Султанбектин аягына жыгылды.

Колуктум деген сөз атанын жүлүнүн үзө чапкандай тийди. Ал Саматты тепмекчи болду. «Баламдан айланган доңуз. Колуктумду деп энчилеп алган тура бул. Мен сага көрсөтөм колуктуну». Зайнидин Султанбекти далысы менен тосуп, Саматты буту менен түрттү. «Тур өөдө догуңду артпай. Жооп берүүчү жерге барганда айтарсың, сөзүңдү». Анан ал турган элдин ичинде кимдер бар экен дегенсип, аларды айланта карады...

## III БӨЛҮМ

Толкунду кайра алып келиптир деген сөз айыл арасын уу-дуу кылды. Эки кишинин башы бириккен жердеги сөз Султанбектин кара мүртөздүгүн айтып түгөтө алгыс жомок болду. Ал эми эркектер болсо ата-бабанын наркын бузуп, кыргызда жок жорукту баштаган Султанбекке наалат айтышып, жерге түкүрүнүшөт.

Зайнидин жөнүндө болсо таптакыр башкача аңыз тарады. «Толкунду токолдукка алат экен» деген сөз мөндүрдөй жаады. Султанбек жең ичинен Зайнидинден калын алып жүрүптүр деген сыяктуу ушактар айыл ичинде учуп жүрдү. Бул каңшаар күн өтүп, апта айланбай Касымдын үйүнө да жебедей сызып жетти…

Күнөөлүүлөрдүн үстүнөн жүргүзүлгөн иш да аяктады. Тергөө да бүттү, сот да болду. Сотмедэксперттин Толкунга берген справкасы Саматтын ишин жеңилдетти. Ага бир жылга колхоздо иштөөгө, кара жумуш кесилип, штраф салынды. Ал эми Касым болсо партиялык жаза алып тынды.

Намыс деген намыс да. Кектин арты кейиш деп бекеринен айтылып жүрбөгөндүр. Самат колунан келсе да, келбесе да өткөн иштин өктөсүн кантип кыябын таап алууну ойлонуп, жүрөгүнө муздай түйдү. Сот өкүмүн угузган кездеги Зайнидиндин тергөө кызматкерлерине карата айткан сөзү анын көңүлүнө ширелген сары тикен болду. «Аз кестиңер. Бул өңдүү зордукчу, киши уурдагычка берген жазаңар ушул элеби?! Башкаларга сабак болгондой чоң жаза колдонуш керек болучу. Өкүмгө ыраазы эмеспиз». Самат басса да, турса да ушул сөздү эстейт, аны унутпайт. Анын үстүнө кошумча болгон «Толкунду Зайнидин алат экен» деген сыяктуу учурма сөз, уу тилдүү ушак.

Ал эми Зайракан менен Султанбек болсо бардыгына ыраазы. Кызы үйдө, кылыгы түздө. Анын үстүнө Толкунга берилген доктурдун кагазы алардын көңүлүн көтөрүп,

санаасын тындырды. Айткан эл айта берсин, деген эл дей берсин. Кызын кайра алып келип алды деп жаман көргөндөр жармасын бербей койсун дешет. Бирок минтип өз көңүлдөрүн өздөрү сооротумуш болгону менен эне-ата эл ичинде сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болду. «Жашабай жатып жолу катуу болуп калды. Ачкан эшик, аттаган босогосуна өрт койду. Көктөйүндө каргышка калды» деген сыяктуу жагымсыз сөздөр өпкөдөн өттү.

А Толкун болсо үйүнөн карыш басып тышка чыкпайт. Мындай ушак-айың өзү эле актан караланып, элдин бетин тике кароодон айбыгып турган кыздын көңүлүн көтөрмөк турсун көңүлдөгү жараатын улам жаңыртып, капа-кайгысын ырбатты. Балалык шайыр мүнөзү басмырт тартты. Айтылган сөз айтылган жерде калбасына көзү жеткен кыздын көңүлү бирде түтөп, бирде алоолой берди. Абас келсе не учурашарын, не учурашпасын билбейт. Анын алдында өзүн айыптуу сезет. Ууга ширетилген темир тосмо экөөнүн ортосун түбөлүккө бөлүп тургандай, ага эми эч качан жетпөөчүдөй. Богок байлап гүлүн ачууга даяр турган назик, таза махабаты мезгилсиз уядан кулап жерге түшкөн кызыл эт балапандай алсыз үнүн чыйп-чыйп чыгарып, жансерек талпынган болот.

Күндөн күнгө санаага берилип, өңүнөн түшүп бараткан кызын ата-эне айыл ичинен эртерээк алыстатып, эл көзүнөн далдоо кылуунун камында болушту. Зайнидин Толкунду кайра алып келгенден кийин Фрунзедеги айыл чарба институтуна документтерин жиберген. Андан көп узабай кабыл алуу комиссиясынан чакыруу кагаз келди. Зайнидин Фрунзеге Толкунду өзү жеткирип, окууга өткөрүп, жатакана алып берип келмек болду.

Кубанычтары койнуна батпаган үй-бүлөдө бүгүн чоң салтанат. Ооба, Султанбек ата бул күндү көптөн бери эңсеп күтпөдү беле. «Оо жараткан, менин жаман кызалагым да, Макиш эжесине окшоп Султанбекова дедирип, эл арасында кадыр-баркка ээ болуп, атасынын зоболосун

көтөрүп турар бекен» деген сыяктуу жакшы тилек, узун санаа атанын тынчын алат.

Чийнеге чегилген аттарды кечке маал жылкыга кошкону барган Камчыбек Зайнидинге кезиккенин, анан ал «Бүгүн Толкун болуп бардыгыңар биздикинде болгула. Ооруканадан чыкканы атайылап үйгө чакырып тамак бере да албадык» – дегенин айтып келди.

Султанбек чакырылган коноктордун маалкатып кеч келгенин бала күнүнөн эле жактырууучу эмес. Өзү да бир жакка мейманга барарда, же бирөөлөрдү өз үйүнө чакырып калса, үй ээлерин күттүрбөй убагында барууну туура көрүүчү. Тактыкты сүйгөн Султанбек бүгүн да мал-салын башкарып, короо-жайын сарамжалдап коюп, бала-чакасын ээрчитип эрте келди.

Булар келгенде Зайнидиндин зайыбы дасторконун жайып, меймандарга арнап бышырган боорсокту арбын төгүп, сары майды томуруп, каймак менен кант-момпосуйга табак-табак кылып толтуруп салган.

Толкун алыстан келген кастарлуу коноктон бетер төрдүн төбөсүнөн орун алган. Мээримдүү үй ээлери менен ата-энесинин сүйүүсүнө бөлөнүп олтургандыктанбы, же эртеңки күнкү өзүн күтүп турган бактысына алеп-желеппи, айтор, эки бети албырып, көздөрү тим эле кудум ботонукундай жайнайт.

Чай орто ичилип калган кезде тыштан Зайнидиндин уулу Мелис эдиреңдеп чуркап кирди.

– Ата, Абас абам келди.

Олтургандардын көздөрү эшиктен аты чыккан адам кирип келаткансып, баладан өтүп, анан анын арт жагына кадалды.

– Өзү эле бекен? Үйгө кир дебейсиңби? Дагы, бир үйдүн чоң азаматы. – Зайнидин уулуна бурулду.

– Канатбек менен сүйлөшүп жатат. Кириңиз дедим. Болбой койсо кантейин. Сени сурады. Үйүңөрдө ким бар? – дейт.

Зайнидин ордунан ыргып турду. Эшикке чыгып баратып, Султанбекке кылчая берип сүйлөдү.

– Ал баланы өзүм чыгып үйгө кир дебесем улуулардын үстүнө шам-шаркыт кире бербеген жайы бар эле. Комсомолдор аны курска жиберген. Кандайча мезгилсиз келип калды болду экен.

Толкундун өңү өзгөрүп бир башкача болуп, көздөрү жалжылдап кетти. Ордунан улам бир жамбашына канча ирет которулуп олтурганын өзү да сезбей калды. Жүрөгү дубалга илинген сааттын маятнигинен бетер дик-дик уруп, көөдөнөндө үмүттүү удургуйт.

Үй ээси менен ээрчише кирген узун бойлуу, арык чырай жаш улан олтургандардан сүрдөнгөндөй демиге түшүп токтоду. Ага үйдүн ичи куйкаланган аптаптуу ысыктай үп болуп сезилди. Алоолонгон денеси терисине батпай чатырады. Кырдач мурдунун устун чыбырчыктаган майда тер каптады. Ак кагаздай болгон кубакай жүзү албырып турду. Тили буулуп калган немедей олтургандарга бир демден кийин саламга келди. Анын ала чакмак болгон көзүнө Толкундан башка эч ким урунган жок. Балбылдай түшкөн каректер бири-бирине чагылыша түшүп тайыды.

Султанбек козголо берип жанынан орун көрсөттү.

– Кел, айланайын, мындай өт. Мен да кайсы бала десем Узакемдин уулу тура. Кандай, арбай-ачпай ат-көлүң аман келдиңби, чырагым. Сени окууга кетти деп энең айткан эле. Бүтүп келдиңби?

Абас такала түшүп жооп берди.

– Жок, ата, бүтө элекмин. Бир аз келүүгө шарт болуп суранып келдим. – Ал Султанбекти эмне үчүндүр ата деп айтты. Мурда Султанбек аба дечү эмес беле. Оозунан ата деген бул кымбат сөз кандай чыгып кеткенин Абас кийин байкады. Ушул бир ооз сөздөн айыбы ачылып калгандай шектенди.

Келгенден бери чай ич деп жатып, чакырып киргизе албаган Канатбек азыр үйдө, Абастын жанында олтурат

шынаарлап. Ал бирде эжесин, бирде болочок жездесин кубанычтуу түр менен күлүңдөп алмай-термей карайт.

Оо, чиркин ай десең, мындай кысталыш жерде жүрөктүн түпкүрүндөгү катылган сүйүүлөрдү, айтылбаган сырларды, көздөн учкан кусалык менен тээ тереңде теминип жаткан жүрөк күүлөрүн бири-бирине жеткирген да көз, түмөн элдин ичинен бири-бирин издешип тапкан да көз, сагынганды билдирип, санаадагы оюңду айткан да көз. Ооба, көздөр ошондой курч, ошондой көрөгөч. Ал айланадагы элден канчалык сактанып, канчалык жашырганың менен сенин ички дүйнөңдү байкатпай туруп ортого төгүп салат эмеспи.

Бул жерде олтургандардын ичинен жалгыз гана Зайнидин бирдемени байкады. «Кайран жалындуу жаштык, кереметтүү сүйүүлөр ай», деп ойлоду ичинен дем алып. «Жалжылдап жылдыздай жанган көздөрүңдөн айланайындарым. Абасты бул жерге тартып кирген магнит, сенин кумарлуу көздөрүң беле, Толкун. Же мен жөн гана ой жооруп, калжырап жатамбы?» Ушинтип ойлогон Зайнидин эмнеси болсо да балдарга жолтоо болбоюн дегенсип бурулуп олтурду.

Баятадан бери Канатбекти карап олтурган Султанбек уулуна суроо берди.

– Канат! Сен бул абаңды качантан бери билесиң?

Бала башын кыйгач буруп, эжесин бир карап алып, мукактана түштү.

– Тааныйм.

Зайнидин сөзгө аралашты.

Ээ, Султаш аба, билесиңби, тааныйсыңбы деп да киши сурайбы балдардан. Окуган булар эмес, менин тетигил кичинекей кара тентегим кээде мен билбеген, мен таанылбаган адамдардын аттарын айтат. Абас ушул жерде, ШКМдан окубадыбы.

– Аны билем го. Бирок агасына жабышып, сагынышып калган немедей дердеңдеп олтурганынан эле сурай калдым.

Абастын денесине ток тийгендей болду. Ал чөнтөгүнөн жаңы алган, төрт бурчуна гүл түшүрүп, кырка чекесин таңдайлаштырып кайып, чебер сайылган ак жибек бет аарчысын силке салып чекесинин терин сүртүп келип, Толкунга көз учкунун чачыратып, мурдун басып бир демге toktoй калды. Абас кол жоолугун кусалуу искеп, андан Толкундун атыр аралаш жытын издеп жаткандай туюлду.

Зайракан баланын колундагы бет аарчыга көзүн кадады. Алда немеден шек санагандай ою капкайда чабыттап кетти. «Же мен бул бет аарчыны жалган таанып жатамбы? Жок, жок, ошонун өзү. Капырай, бул кандай табышмактуу көрүнүш. Мен сени бүгүнкө чейин Чолпонумдай эле кичинекей бойдон деп ойлоп жүргөн турбайымбы. Бой тартып, минтип жигиттерге белек берүүгө жарап калганыңды кайдан билдим. Наристеги кенедей неме кантип аял болсун деп Саматка кеткениңди укканда өлүп кала жаздабадым беле. Зайракан астыртан Абасты тиктеп, анан талмоорсуп бешенеси жарылып олтурган кызын шектене карады. Толкун тим эле нуруна чыгып укмуштай сулуу, укмуштай көрөшөм болуп кетиптир. – Булардын байланышы болду-болбоду Зайнидиндер аркылуу деп болжолдоду эне.

Мында эч нерсени элебеген жалгыз гана Султанбек болду. А Зайракан болсо кызы бүгүн түндөн калбай ушул сымбаттуу жигит менен качып кетүүчүдөй көңүлүнө кайра баштан дүрбөлөң түштү. – Кантейин. Кимге барсаң да өз теңинди, кор болбой турган жериңди тапсаң болду. Экинчи көз жашыңды, көкүрөк дартыңды көзүмө көрсөтпөсө экен, жараткан. – Эне Абасты сынап да койду. Эгер Толкунума күйөө болуп калса жарашчу бала экен. Атасы байкуш Султанбекке окшогон жылаңач баатыр, кара таман кедей. Байлыгы балдары. Муну укса Султаш кубанар эле... Эне кызынан сыр сурамак болду...

* * *

Фрунзедеги айыл чарба институтунун ичи-тышы шайыр күлкү, шаңдуу обонго мелт-калт болуп, казандай кайнап, фонтандай атылып турган демейдеги күндөр. Мезгил деген кандай тез. Кечээ бул жерге жаңы келгенге окшогону менен Султанбектин кызынын биринчи курсту бүтө турган акыркы сааттары да канат сабап кирип келди.

Кошумча лекцияга келаткан топ жаштардын ичинде жакут таштай жаркырап көзгө токтомдуусу да, көрүнүктүүсү да, сулуусу да Толкун. Анан калса көрүнгөндүн көз жоосун алып маралдай маңкайып, көөдөнүн кере таштап, мойнун созо койкоюп келбеттүү басат да, чиркин.

Булардын аркасынан жете келген боз улан Толкундун жанындагы кыздарга тийише кетти.

– Жибекке жамаган курмушудай болгон байкуштар, калп эле керилимиш болосуңар. Антсеңер деле бутуңардын ийриси, мойнуңардын жогу жикирейип, адамдын көңүлүн айнытат. Баргылачы, Толкундун айдай жамалын булуттай тоспой алысыраак, көчөнүн тээ аркы өйүзү менен баскылачы.

– Кайран неме айе, бака майрыгын билбей, жыланды ийри дейт имиш. А өзүң кимсиң?

– Өзүм кишимин. Кантип эле силерден түзүгүрөөк болбоюн. Дагы өлүп-тирилип, артыңардан жигиттер чуркайт ов.

– А-а, байкуш, сен деле текирең-таскакка түшүп, эч кимибизге жете албай, суй жыгылып жүрбөйсүңбү, же жалганбы? – Кыздар жарыша сүйлөдү.

– Кудай сактасын. Баарыңарды кыркасы менен жолума көгөндөп койсо да карап өтпөсмүн.

– Ыя де.

– Бардыгы тамаша, бийкечтер. Бирок менин бир чоң арманым ушул Толкундун кандай жигит менен сүйлө-

шүп, сүйүшүп жүргөнүн биле албагандыгым да-а. Аркасынан чуркагандар көп. Бирок кимиси экенин билалбай күйүтүм күчөп жүрөт.

– Күйүп кетээр күнүң кайда?

– Коё тургулачы жарылдабай. Толкундун өз оозунан да сөз чыгабы же силер эле сүйлөй бересиңерби?

Толкун жылаажындай шаңкылдап күлдү.

– Кези келип, мезгили жеткенде сени суратып убара кылбай эле өзүм айтам. А балким, өзүңдү жактырып жүргөнүмдү кайдан билесиң?

Кыздар айлананы жаңырта каткырышты.

– Толкун сүйөт экен деп, жүрөгү жарылып өлүп жүрбөсүн бул жел өпкө.

– Эй, байкуштар, мен өлсөм бирөөбүз жесир калдык деп эсептей бергиле анда. Он жыл эрте өлгөн менен он жыл кеч өлгөндүн эмне айырмасы бар. Баары бир өлөсүң да. Бирок мен силер үчүн өлгүм келбейт…

Булар ушунтип шатыра-шатман болуп келатышып, институтка кандай жеткенин да билбей калышты. Жүргөн жерин, баскан изин шаңга бөлөп, көркүнө чыгарган жаштар жеткенде окуу жайынын алдындагы кеңири аянтта адамдар адаттагыдан көп болучу. Толкундун көзүнө бул эл тим эле кумурскадай болуп көрүндү. Кыздар тобу менен дем албай, тунжурап турган көпчүлүктүн четине келип токтоду. «Бир шумдук бар го», – деп ойлоду, үрөйү учкан адамдардын кебетесин көрүп жүрөгү оозуна тыгылган Толкун. Өзүнүн жанында турган бирөөдөн сурайын деп ойлоду эле, ал «ч-и-и-ш» деген белги менен унчукпа дегендей колун жаңсап койду.

Ачык терезеге коюлган репродуктордон чыккан диктордун калтаарган, сүрдүү үнү дымый түштү. Кыз айланасында тургандарга жалжылдай карады. Бардыгынын кабагы салыңкы. Аза күткөн немедей жылдыздары жерге түшүп, маанайлары пас. Эрдин кесе тиштеп, институттун директору жылаңбаш ортодо турат. Толкун чыдабай

адамдарды аралай басып, ошол кишини көздөй бет алды. Институт боюнча Жогорулатылган стипендия менен окуган бул кызды бардыгы таанып, бардыгы сыйлашчу. Директордун суркуну качып турган кебетесин көргөн кыз каргылданган үн менен кыйкырып жиберди. «Агай, айтыңызчы, эмне шумдук болуп кетти?» – деди кадалана тиктеп. «Согуш» деген жагымсыз үн туш-туштан угулду. Суук кабар анын көөдөнүн көзөп өтүп, жүрөгүнө ийнедей сайылып, анан ал шал болгон немедей титиреп сокту. Алдында көпчүлүктөн бөтөнчөлөнүп, бардыгынан бийик турган тараз бойлуу, кебете-келбети келишимдүү директордун демейдеги ачык-айрым шайыр жүзү ачуулуу да, капалуу да. Ал Толкундун сөзүн уккан да, аны көргөн да жок. Бир оокумга чейин маңдай жагындагы терезеде турган репродуктордон көзүн албай тиктеп туруп күрсүндү.

Кезектеги чабуулга даяр турган жоокерлерге команда берген командирге окшоп, башын көтөрө берип заңк этти.

– Ата Мекендин башына оор кайгы түштү. Гитлердик жүзү каралар элибиздин тынч өмүрүнө өлүм коркунучун алып келди. Алар жерибизди өрттөп, шаарыбыз менен айылдарыбыздын күлүн көккө сапырып, адамдарыбыздын кичинесинен чоңуна чейин кырып жок кылууга ниеттенип жатат. Өз жерибизди, өз өмүрүбүздү, бакты-таалайыбызды каракчылардын огунан коргоп калууга даяр турушубуз керек.

Тургандар чайпала түшүп, бирин бири караашты. Шыбыр-күбүр, бышактаган үндөргө аралаш уландардын бирдиктүү чыккан үндөрү көтөрүлдү.

– Ата Мекен үчүн дайым даярбыз!

Директордун көзү жашылданып кетти. Ал ушул үн ушул турган жалын жүрөк жаштар азыр эле согуштун алоолонгон демин басып жибергендей, алп денеси ымыр-чымыр тартты.

– Ракмат, демилгеңерге, жолдоштор. Мекен керек десе, бардыгыбыз согушка аттанууга даярбыз. Кана,

сөздөн ишке өтөлү. Кабагыңарды карыш салбай, кайраттуу болгула. Бардыгыбыздын зор сыноодон өтө турган чечүүчү мезгил жетти...

Толкун турган ордунда таштай катты. А адеп укканда «согуш» деген сөзгө анчалык маани берип, түшүнүгү толук жеткен эмес. Бир жерде бирөөлөр тим эле урушуп жаткан экен деп ойлогон болучу. Анын көз алдына студенттердин арасынан чыккан чатак тартылган. Окуянын түпкүрүнө түшүнгөндөн кийин гана көңүлү бузулуп турду. Анын көзүнө айлананы кара туман каптап, кайдан-жайдан келгени белгисиз, адамдын кебин кийген жапайы жырткычтар тиштерин шакылдатып, мылтыктарды сундуруп, туш-тарабын өрттөп, өзүн курчап келаткандай туюлду.

– Султанбекова! Сага эмне болду кызым? Толкун бул мезгилде ыйлап турган болучу.

– Эркектердин бардыгы согушка кетеби, агай? Атамды алып кетсе, көрбөй калат экенмин да. – Кыз жалгыз эле атасын эмес Абасты да, бой тартып калган иниси Камчыбекти да ойлоп турган болучу.

– Кой, айланайын, анчалык жашык болуучу эмес. Кантебиз. Көп көргөндү көрбөскө айла канча. Жалгыз сенин атаңдын башына түшкөн иш эмес, бул калайман, калайык калкка келген кырсык. – Директор жакшы окуган, жайдары мүнөз сүйкүмдүү студенткасынын көз жашын көргөндө, мындан башка эмне деп айтып соороторунун айласын билбей калды.

Толкундун өпкөсү жарылып кетүүчүдөй көөп чыкты. Чын эле атасы менен Абасты катуу ойлонгондуктанбы, же элдин үрөйүн учуруп ар бир адамдын башына бактысыздыкты алып келе жаткан согуштун соккусунанбы, айтор, шамалга ыргалган жекендей теңселип, көзү караңгылап, буту чалыштап, жатаканага зорго жетти...

* * *

Толкун каникулда Абасты узаткандан кийин, үйүнө аз эле туруп кайра тартты. Анткени институт студенттерди башка жерге, башка колхозго жардамга жиберип жаткан болучу.

Ооба, Абас согушка биринчилерден болуп кетти. Байкуш кыз бардык күчүн көз жашына чыгарды. Мурда айтпай жүргөн сырын, бербей жүргөн убадасын ошондо, Абас узап жатканда айтпадыбы. Демейдеги тарткынчаак, уяң мүнөздөр отко салган болоттой чыңалып, коргошундай эриди. Түңгуч махабаттар чың толгонгон комуздун кылына окшоп көөдөндөрдө муңдуу күү чыгарып тарсылдап сокту. Эл туят, ата-эне билет деп жазгактоочу эки жаштын көзүнө эми эч ким көрүнбөдү. Акыркы жолу кол алышып коштошкон мүнөттөр, бири-бирине тиктеше калган жаштуу көздөр «сен мени күт, мен сени күтөм», – деп арбашты. Толкунду Абас кучагына алды. Пароходдун акыркы гудогу жүрөк кандарын үркүтүп, дене бойду калтыратты. Кыздын кучагынан кучагы бөлүнө түшкөн Абас артын кылчандай карап, пароходду көздөй жүгүрдү. Кеме бир заматта жээктен алыстай баштады. «А-ба-а-с! А-ба-ас!» деп кыйкырган кыздын үнү кайра-кайра жаңырып, жигиттин артынан ээрчий түшүп, теребел солкулдап, аба жаңырды. Абас ак жибек бет аарчысын желпип, каютада селейип турду. Жигиттин махабатка толуп, сыздаган жүрөгү тигил көлдүн жээгинде, Толкундун колунда калды. Ал эми кыздын жүрөгү Абасты издеп, Абасты чакырып пароходдун артында ак чардактай кош канатын сабап, кошо учуп баратты. Толкун Абас менен ушунтип коштошкон, ушунтип бөлүнгөн. Ал аны эч качан унутпайт, өмүр бою күтөт.

Эртеден кечке эркек балдар кызылча казуу менен алек болсо, кыздар аны уламкысын улам чогултуп, сабагынан ажыратышат. Айтор, эч кимисинде тыным жок.

Эмгек менен алпурушуп жүрүп, күндүн кандай өткөнү да билинбейт. Башкаларга караганда Толкун санаачыл экен. Кажы-кужуну анчалык каалабайт. Көп сүйлөгөндү жактырбайт. Ал Абасты өзүнчө ойлоп, өзүнчө кыялданып жүрүүнү не бир кымбат нерселерден жогору баалайт. «Менин Абасым, менин алтыным, мен сени кандай сагынып жүргөнүмдү билесиңби? Алты саның аман, тирүү келер бекенсиң. Согуш бүттү, душманды жеңдик. Жакында үйгө барам!» деген катыңды окуур күнүм болор бекен, – деп күңгүрөнөт. Абасты кошуп ырдаган болот. Ага арнап өзүнчө ыр чыгарат. Анан анын кыялы бир заматта согуш талаасынан, Абасынын жанынан, закымдап учуп олтуруп Жоларыкка, өзүнүн өсүп-өнүп бойго жеткен бир тууган айылына келип токтойт.

Бир кезде ошол жерден өз көзү менен көргөн эмгек талаасын, өз үйүн, өз мектебин, Абасын көз алдына элестетет. Энеси Зайраканга азык жеткирүүнү шылтоолоп, жумуш жасап жаткандардын үстүнө барууну сонун көрүүчү. Ошондогу ышкыбоз уландар менен кыз-келиндер, Толкундун көзүнө кудум эле биринен бири өтүп, клубдук сахнага чыгып жаткан чыгармачыл чоң коллективге окшоп көрүнүүчү. Жүрөктү толкутуп, делебени козгогон ошол күлкүлөр, ошол ырлар, ошол обондор Толкундун кулагына бекем сиңип калгандай, кайра баштан угулуп, алардын ар биринин элеси көз алдынан тартылып өтө берет. Жазыгы жок жаш жүрөк ошентип өмүрүндө бир келип кеткен ажайып күндөрүн кумарлана ойлоп олтуруп өзүн башка дүйнөгө келгендей сезет. Эненин сүйкүмдүү, мээрбан элесичи?! Ана, Зайракан кубанычы койнуна батпай, дүнүйөсү түгөл болуп албырып олтурган кызын элжирей тиктейт. «Кана, кызгалдагым, эми сен бирдеме деп шыдыр айтып жибер», – дейт ал. Толкун энесинин сөзүн эки кылуучу тартынчаак кыздардан эмес. «Забойщикти», «Кызыл атчандарды», «Кызыл жоолукчанды» таза шаанисине келтирип ырдап берет. Анын сыбызгыдай

ичке, балалык назик үнүнө башкалардыкы кошулуп, айлананы магдыратып, ачык асманды көздөй канат күүлөп, күмүш кирпик күндү көздөй фонтандай атылат.

Ооба, анда эч кимдин кулагы да, көңүлү да, өзү да ырдап ырга, күлүп күлкүгө тойбогон укмуштай бир доор белем. Анан калса ошол согуштун алдында өсүп, бойго жеткен жигиттер менен кыздардын сонуну ай. Же алар чындыгында эле сүйүү менен күлкүдөн ширелишип, эмгек менен адамкерчиликтен баар таап, жазгы көктөмдө гүлдөгөн жоогазындын гүлүндөй дүркүрөп текши ачылган бир учур белем. – Эки алаканынын оту менен бетин басып Толкун токтой калат. – Кайда ошол гүлдөр, кайда ошол жигиттер?! Согуш башталгандан берки аз эле күндүн ичинде эмне деген эр азаматтар жок болуп кетти!..

Кыз көз жашына ымдашкан алаканын жалбыраккa сүртөт. Өзүнөн өзү бакырып ыйлагысы келет. «Согушка жөнөп жатабыз» деген бойдон Абастан кат келе элек. Бирок кыз Абасты башка үчүн эмес, өзү үчүн өлбөй тируу келүүчүдөй сезет. Ал Толкун үчүн жашап, Толкун үчүн от аралап, кан кечип, ажалга моюн бербей, бакыт үчүн салгылашып жүрсө керек. Кыз ушунтип ойлойт.

* * *

Зайнидин кырктын кырына барып калган, кара торусунан келген сулуучумак жигит эле. Ал бир жагына кыңырайып басуучу. Кедей жаштарынын тобуна кошулуп, байларды тап катары жоюуга катышкандыгы үчүн өз жазасын душмандан ушунтип алган. Алар бир жак кабыргасын талкалап кетишкен. Ошондон кийин эки кабыргасын алдырып салып жаны тынган. Кебете-кешпирине, өңү-түсүнө караганда жаш жигиттей көрүнүүчү. Анын эмгекке бышкан темирдей чың денесин, али бырыштан кабарсыз чырымталдуу жүзүн көргөн киши отуз, отуз бештен ашыкты берүүчү эмес. Ал адамга жакшылыктан

башканы ойлобогон, боорукер, анча-мынча ишке оңойлук менен жеңиле бербеген токтоо, оюбаган калың жигит эле.

Согуштун экинчи жылында аны облОНОнун башчысы кылып дайындашты. Эмгекти ичкен ашындай жогору баалаган, иш десе эт бетинен кеткен Зайнидиндин мойнуна дагы бир залкар жумуш жүктөлдү. Азыр ал кол айланасындагы эл агартуу ишинен тышкары бир районду бүтүндөй шефке алган уполномочен.

Бүгүн Султанбек устаканадан кабагы бүркөө, маанайы пас келди. Ал үй-бүлөсүнө күтүлбөгөн суук, жаман кабар угузду. «Зайнидин бир жумадан бери эч жерден табылбай жатыптыр. Не өлүүсүн, не тирүүсүн билген киши жок, деп айылда дүрбөлөң түшүп жатат», – деп мурутун чыйратып, кабагын карыш салып олтурган Султанбекке, Толкун менен Зайракан сөнө тиктешти. Зайнидин өткөн дем алышта Толкунга келип учурашып, ал-абалын сурап бир чай кайнамча олтуруп кеткен. Эгин төгүү кампаниясына карата жүргөнүн айтып, шашып аттанган.

Атанын уккан сөзүнө караганда, түн жарымы ченде эгин тарткан арабакечтер жолдон көргөн имиш. Зайнидин аларга Сарыкамыштын оюнан кезигишиптир. Ал атчан, шаарды көздөй кетип бараткан болуучу деп айтышыптыр. Султанбектин үй-бүлөсү Зайнидиндин жок болушун Саматтан да шек кылышты. Бирок көз менен кербегенден кийин, кулак менен уккан этер имиш сөздү чындыкка чыгаруу кыйын эле. Бирме бир жигитке бой бербөөчү Зайнидин кантип эле Саматтан өлүп кетсин. Балким, ал өз жумуштары менен башка жакта жүргөндүр. Ылайым ошондой болуп, аман-эсен келип калар күнү кайда.

Жамандык жерге жатмак беле. Зайнидиндин жоголушу бардык жерге чуу түшүрдү. Жеке эле райондун эмес, областтык, шаардык ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлери жер-жерлерди кыдырып, Зайнидиндин артынан изилдөө салып жүрүштү. Жоларыкка келип

Саматтын таякелеринен баштап, Султанбектердин үй-бүлөсүнө чейин түшүнүк кат жаздырды. Бирок бул аракеттерден эчтеке чыккан жок. Зайнидин бул жерге убактылуу келип кеткен келгин куштан бетер өлүү-тирүүсү билинбей, ың-жыңсыз жок болду. Уламдан-улам иш аяксыгандан аяксып, жоголгон кишинин изи сууп баратты...

* * *

Айылдан келген каттар жалпы жонунан бир түрдүү жазылат. Жердештери кимдерди аскерге узатышканын, канча кара кагаз келип, кайсыл кишилерди угузганын, баласынан ажыраган ата-эненин кайгы-касыретин, жесир калган аялдардын муң-зарын, жетим калган балдардын түгөнбөгөн көз жашын, анан дагы толуп жаткан эмгектеги оор түйшүк, орчундуу иштер жөнүндө жазышат. Толкун каникул аяктап, окууга келгенден бери жүрөк эргитип, көңүл көтөрө турган бир дагы кат ала элек. Дагы бир келген каттан Зайнидиндин ошол бойдон дайынсыз жоголгонун билди...

Институтта окуу менен практика тең жүрүп жаткан кез. Студенттер Фрунзеге жакын бир колхоздо практикада жүрүп, кечээ келишкен. Бүгүн алардын группасы лабораториялык кабинетте иштешмек.

Жогорку окуу жайына келгенден бери эрте туруп, кеч жатып көнгөн эмгекчил, сарамжалдуу Толкун үрүл-бүрүлдөн туруп кирдеген кийимдерин жууп жайган. Ал мончодон келгенде курдаштары толук туруп бүтө элек болуучу. Коңур кургак кылып майга кыурулган карындагы талкандан эки чоң кашыкты кружкасына салып, кайнак суудан үстүнө куюп, туз татытып ичти да, малдардын оорусунун анализин чыгаруучу лабораториялык кабинетке кетти. Бул Толкундун лабораториялык ишке кадам шилтеген биринчи күнү болучу.

Кабинетте жандуу кыймыл өкүм сүрөт. Үстүлөрүнө ак халат, баштарына кагаздай аппак такыя кийген лаборанткалар, практиканттар менен мугалимдер.

Кичинекей сүйрүсүнөн келген төрт бурчтуу айнекке тийгизилген уйдун канын карап жаткан лаборантка колундагы лупаны катарында олтурган Толкунга сунду.

– Кара муну.

Кыз бир көзүн жуумп, бир көзү менен лупаны кадала тиктеди.

– Ой, то-бо-о, палочкалар кадимкидей кыймылдап жүрөт. Кара буларды, жайма-жай жылып баратышат.

– Сен бруцеллёз менен ооруган уйдун канындагы палочкаларды көрдүң. Эми ага кайсы дары кандай таасир берерин байкап тургун. Бул оору дегениң мал менен адамда бирдей өнүгөт. Туура берилген дарылар адамдар сыяктуу эле малга да укмуштай таасир берет. Демек, кандай гана болбосун, малды дарылоодон мурда, анын оорусун алдын ала табыш керек. Андан кийин дарылоону ошого жараша жүргүзүү талапка ылайык болот. Мен сага кайсы суюктуктун, башкача айтканда, кайсы дарынын кайсы ооруга кандай таасир берерин практика жүзүндө көрсөтөйүн. – Лаборантка жанындагы чоң бутылкага куюлган боорунда латынча жазуусу бар тунук суюктуктун оозун ача баштады. Ушул мезгилде ары жактан эшикти жарым ачып: «Султанбекова ким? Чакырып коюңузчу?»– деп кимдир бирөө баш бакты.

Толкун орто жашап калган ак жуумал, орто бойлуу бейтааныш аялга бүткөн бою менен бурулду.

– Султанбекова менмин. Кандай жумушуңуз бар эле?

– Кол коюп берип, мына бул повестканы алыңыз.

Кыз таңдана түштү. Столдон туруп баратып сурады. – Повестка дейсизби? – Ал ийинин куушура берип, эшик алдында өзүн күтүп турган аялды көздөй ылдамдай басып жөнөдү. – Бул кагаз кайдан, апа?

– Республикалык прокуратурадан!

– Прокуратурадан? – Таңдана түштү. – Кызык. Прокуратурага чакырылгандай менин эмне күнөөм бар экен?

– Сенин оюңча жалгыз эле күнөөлүү кишилер чакырылат деп турасыңбы, кызым. Ар кандай иштер боюнча чакырууга мүмкүн. – Повестка алып келген аял Толкундан көзүн албай кадала тиктеди. Ал кандайдыр тааныш кишисин көргөндөй күдүктөнүп турду. Эмне үчүндүр кыздын жүзү жылуу да, тааныш да учурайт.

– Кол коюш керек дедиңизби?

– Ооба, мына бул жерге. – Китепченин ичиндеги Султанбекова деген фамилиянын тушун сөөмөйү менен басып көрсөттү.

– Бул өз фамилияңызбы, айланайын?

Кол коюуга камынып, жаңыдан үңүлүп бараткан Толкун башын ылдам көтөрдү.

– Өзүмдүкүнөн башка дагы кандай фамилиям болууга мүмкүн? – Бир чети таңдана, бир чети чочулай сурады.

– Кечир кызым, жайынча эле сурай калдым. Сен биздин прокурорго өтө эле окшош экенсиң. Оо, ал абдан матур жигит. Балким...

Толкун аялдын сөзүн жактырбагандай кыртыштай түштү.

– Коюңузчу, апажан, жер жүзүндө окшош кишилер менен окшош фамилиялар азбы? – Китепченин бетин жаап, ээсине берди. Ал машинкага басылган кагаздын бүктөөсүн ачып, окуп бараткан калыбында артына кылчайды.

Аял баякы турган жеринде кыймылсыз дагы эле Толкунду ээрчий тиктеп турган болучу.

– Кош, кызым.

– Кайыр, саламатта болуңуз.

Толкун прокурордун фамилиясы менен менин фамилиям окшош болсо керек деп ойлоп, жылмайып койду. Бирок прокуратурага чакыруудан да алиги аялдын көз карашы Толкунга кооптуу болду. Кыздын оюна күтүлбө-

гөн жерден коркунучтун үстүнө коркунуч келе баштады. Кайсыл жагынан күнөөлүү болуп калдым экен деп өзү жөнүндө ойлоно берип эч нерсе таппады. Акыры анын шектенүүсү Саматка, анан Зайнидинге келип токтоду…

Кыз эртеси онго жакын республикалык прокуратурага орношкон мекемеге барып кирди. Бир эшикте «Юридикалык тергөөчү», экинчисинде «Прокурордун жардамчысы», «Тергөө бөлүмүнүн башчысы» деген жазуулар илинип турат. Анын бет маңдайындагы «Граждандык иштер боюнча прокурор» деген жазуудан өтүп, аябаган чоң-чоң тамгалар менен бадырайта жазылган «Прокурор» деген жазууга көзү кадалды. Кыздын жүрөгү опкоолжуй баштады. Бир заматта эки бети кулагына чейин оттой жанып чыкты. Алакандары менен ысыган бетин басып-басып койду. Анын көзүнө бул жер коркунучтуу, суук болуп көрүндү. Арт жагынан адамдардын дабышы чыкты. Толкун үрпөйгөн калыбында бир жагына обочолой берди. Ал милициянын формасын кийген лейтенанттын бир жигитти алып келатканын көрдү. Алар эч жакка буйдалбастан, түз эле прокурордун үстүнө кирип кетишти.

Толкун жанакылар кирип кеткен эшиктин алдына жакын келип токтоду. Ичкериден тыкылдаган машинканын үнү чыккансыйт. Анан ага кирсемби, же эч кимге көрүнбөй эле ушул жерден кайра кетип калсамбы дегендей, тышка чыгуучу узунчасынан кеткен коридорду бир карап коюп, дендароо боло түштү. Кыз ушинтип чайпалып турганда, алдындагы эшик ачылып, андан бир топ кагаздарды кармаган, чачы кыркылган жаш кыз чыга келди. Кыз Толкунду бир карап алды да: «А, саламатсызбы? Сиз кантсе да Нурлан Чокоевичке келсениз керек?» – деди жакын кишисин көргөн адамдай жайдарылана.

Толкун сөз айтпай колундагы повестканы суна берди. Секретарша кагазды окуп сустайды. Өзүнүн ойлогон ою айкашпай калганына өкүнгөнсүп, сөөмөйү менен эрдин басып, Толкунду бир демге тиктеп турду.

Толкун кыздан каргылданып сурады:

– Мени мында эмнеге чакырышканын билбейсизби? Келгеним жарым саатча болуп калды. Айтыңызчы, бул кагаз боюнча кимисине кирем?

– Сизди прокурор өзү чакырыптыр. Кирип олтуруп туруңуз. Ал кишинин үстүндө адамдар бар. Бошогондо келгениңизди айтам.

– Рахмат. Мен ушундай эле туруп турайын.

Алиги кыз кайра чыкканда Толкундун дагы бир аз күтөөрүн айтып коюп кирип кетти. Прокуратурага келген адамдар көбөйө баштады. Бири тигил эшикке кирсе, бири бул эшикке кирип жатты. Санаасы тынбай, өзүнөн өзү чочулаган кыз, скамейкалардын эч бирин байкабаган немедей аркы-терки басып жүрдү. Ал өзүн ушул жерден эле күнөөлүү киши катарында кармап, кайдадыр алып барып камап коюучудай болду. Бара-бара өзүнөн өзү ыйлагысы келип, жүрөгү туйлай баштады. Бүткөн бою калтырап, көңүлү чөктү. Султанбекова жанакы келген лейтенант менен берки кишинин качан чыгып кеткенин да байкаган жок. Алиги кыз тыпылдай басып, эшикти ача берип минтти:

– Сизди прокурор сурап жатат. Кириңиз.

Толкундун жүрөгү уруп, бүткөн бою калтырап кетти. Секретаршицанын артынан ээрчий кирип, буйдала түштү. Өзү кире турган кабинеттин эшигин бир карап алып, прокурордун үстүнө шыдыр басып кирүүдөн жалтанды. Жоолугу менен пальтосун илип, күзгүгө каранып боюн түзөгөн болду. Коркунуч улам ага жакындап келаткандай туюлду. Боюнун калтыраганын басмакчы болуп, бир азга буйдалып калды. Акыры өзүн өзү токтотуп, эшиктин туткасын кармады.

Эки кабат бүктөлмө эшиктин бирөөнөн сала бирөөнү ачып өтүү Толкунга ок эле чоң түйшүктөй сезилди. Ал мурда мындай эшикти эч качан көрбөгөн адамдай буйдалды. Эшиктердин аралыгындагы секунддук ала көлөкөлүү

түнттүктөн өлгөн-талганда суурулуп чыккандай болду. Ичкерки эшик ачылганда прокурордун таза, жарык бөлмөсү көзүнө сүрдүү да, жылуу да учурады. Оң колундагы таякка салмагын сала, сол колу менен терезенин кичинекей форточкасын ачып жаткан узун бойлуу, кең далылуу, түндөй кара чачы уюлгуган жигиттен башка бул жерде дымыр эткен жан жок эле. Жаңы ачылган айнектен керимсел соккон чыкыроон аба бөлмөгө алкынып кирди. Жигит таза абадан аптыга жутуп жаткандай, энтиге түшүп, көөдөнүн кере дем алды. Толкун да унчукпай, анын артынан телмире тиктеди. Жигиттин бир бутунун майып экенин байкады. «Бечара, бул дагы согушка барып, бир мүчөсүнөн ажырап келген экен», – деп ойлоду. А жигит болсо алыска, Алатоонун ак кар, көк муз баскан бийик чокуларын издеп жаткансып, мүрүсү сынган жаралуу алгыр бүркүтчө кызга далысын салып тура берди. Бир оокумда ал төш чөнтөгүнөн кичинекей күрөң таракты алып, коюу кара чачын бир нече ирет артын көздөй тарап туруп, кайра аны үйлөп тазалаган болду да ордуна салды. Телефондун шыңгыраган үнү жигитти уйкудан ойготкондой болду. Ал бурулуп телефондун трубкасын ала берип, эшик алдында үнсүз селейип турган Толкунду көрөр замат, трубка колунан ыргып кете жаздады. Жигит телефондон чыккан үндү укпаган керендей трубканы рычагка шак илди да, акыл-эсин жоготкон оорулуу адамдан бетер өңү кубулду. Прокурордун бакыракай коймолжун кара көздөрүнүн агы канталагансып, чанагынан чыгып кетүүчүдөй болуп турду. Карегине бирдеме туруп калгансып, кол жоолугу менен көзүн кайра-кайра сүрттү. Толкундун бүткөн боюн муздак тер басты. Эмне кыларын билбей турду. Жигит кызды көздөй таягын салмактуу таштап, бутун алдыга шилтеди. Аны ач көздүк менен бушүркөй карады. А кыз болсо коркууну да билбей, жигиттин сүрүнөн апкаарып, прокурордун жүзүнө кадала карап дел болуп турду.

– Ра-ка-т! – жигит далбастай түшүп, кандайдыр олку-солку өңдөнүп, үнү буулуп чыкты. Кыздын көзүнө тигил кишинин бүткөн бою калч-калч этип титиреп тургандай туюлду. – «Сенсиңби, боорум. Оо, мен эмне деп жатам. Сен Рахатым эмессин го. Анан мен кимди көрүп турам, тобо», – деп ойлоду жигит чайпалган денесин зорго токтотуп.

Толкун эшикти көздөй аста жылып кетенчиктеп баратты.

– Мен Ракат эмесмин. Сиз эмне деп жатасыз жолдош прокурор.

– Ыя. Ошондойбу? Оо, жараткан, чын эле башка кызсың ээ. Нурлан сендиректей түштү. Ал мандайынан чыбырчыктай түшкөн майда терден көтөрүлгөн ысык бууга думугуп бараткансып, эки колдоп галстугун ылдам бошотту. Бет аарчысы менен өңүн желпип, чекесин сүрттү. Эз болгон немедей Толкунду тиктеп, бир орунга жансыз турду. Кыз столдун үстүнө титиреген колу менен повестканы таштады. Прокурор көргөн көзүнө ишенбегендей бирде Толкунга, бирде өздөрү жиберген кагазга алмак-салмак тигилди. Анан чайпала түшүп ордуна барып олтурду. Салаалаган кош колу менен ээгин жөлөп, эки чыканагы жазуу столуна кадалган бойдон кызды бир далайга тунжурай тиктеп олтуруп, оозун кыбыратты:

– Олтуруңуз. Фамилияңыз ким?

– Султанбекова!

Кыз орундукка коомай олтуруп жатып сүйлөдү.

– Атыңызчы?

Кыз эчен-эчен тигил повесткада бардыгы жазылып турбайбы деп айтмакчы болуп, оозун камдап баратып, кайра унчукпай сураган суроосуна, прокурорду карабай туруп жооп берди.

– Атым – Толкун.

– Канча жаштасыз?

– Он сегизде.

– Ата-энеңиз барбы?

– Бар.

– Кайда турушат?

– Колхоздо.

– Эче бир туугансыз?

– Төрт.

– Сиз Султанбектин өз кызысызбы?

Кыздын көзү alaңдай түштү.

– Эмне үчүн минтип сурадыңыз? Атам да, энем да өзүмдүкү. Мен алардын карачечекей, болгондо да тун баласымын.

Нурлан Толкунду кусалуу, армандуу көздөрү менен шектене карап, бүшүркөй берди. Ал карындашы Ракатка союп каптагандай окшош эле. Ал эми өзүнөчү? Толкун Нурланга да коёндой окшош болучу. Сүйлөгөн сөзү, жылаажындай чыккан назик үнү кадим эле Ракатдыкындай. Толкундун үнү чыккан сайын Нурландын жүрөгү Ракатты уккандай сызыла түшүп жатты. Анын шырыктай болгон мүчө түзүлүшү да ушул алдында күбө катарында чакырылып олтурган бейтааныш кыздыкындай эмеспи. Өз карындашынын сүйкүмдүү сөлөкөтү бет маңдайында турду. Коймолжунунан келген бажыракай сурмалуу көздөрүнө жарашып, кулакты көздөй сызылып кеткен көөдөй кара каштары, жазы маңдайы, бир аз таноолуу келген кырдач мурдун анан анын жылдыздай жайнаган жайдары мүнөзү көз алдына тартылды. Толкун менен жанаша турган Ракаттын ушул окшош портрети жүрөгүн толкундатып жатты. Бул, мен эчак өлдү деп түңүлгөн кичинекей Токушум болуп жүрбөсүн. Анын алгыр, кыраакы көзү Толкунду тиктегенден тиктей берди. Жүрөгүнөн оолактап, көңүлүнүн көмүскөсүндө эчак унутулуп калган кичинекей бир ишти жигит эсине даана түшүрө албай буйдалып жаткансыды. «Токуштун калы бар беле?» Нурландын кулагына карындашын алдейлеп олтурган энесинин

сөзү угулду. «Атасы, карасаң Токушуңдун калын. Анан калса кол менен жасагансып, бетинин отунун алдына түшүптүр. Кийин айнектин үстүндө жаткан кожогаттай болуп, чырайына чырай кошуп турар бекен дейм. Атын Калбүбү койсок болмок экен. Кыямат кайым болгондо адамдар эмне болгонун эстей албай, же бирин бири тааный албай убара болор имиш. А мен болсом элчилеп убараланбай эле Токушумду калынан таанып алам го...» Нурлан башын мыкчый кармады. Ал андан ары айылдан кетип бараткан биринчи күнүн эстеди. Никонор Васильевич менен Сыдык Исмаиловду да көрдү. Эч нерседен бейкапар ойноп олтурган кичинекей Токушту жерден көтөрүп ала коюп, көкөлөтө айландыра берип, анан бооруна кысып-кысып алды. Эки бетинен алмак-салмак өптү. Тамагынан кумары тарабай, ичи элжиреп жыттагылады. «Мени сагынбай жүргүн, жарайбы?» ...Анан дагы баякы балдар үйүндө карындашы Токуш менен энеси Шайымкүлдү өлдү деген сөз... Же энеси өлгөндөн кийин Токушту бирөөлөр багып алды бекен. Анда Сыдык агай тирүү карындашымды өлдү деп билбей туруп кантип жалган айтты? Жок, жок, алар эчак өлгөн. Сыдык байкем эч качан калп айтпайт. Кантип эле ач бел, куу жондо энеси өлүп, кызы тирүү калсын.

Жигиттин оюу туруктуу жыйынтыкталбай, санаасы сандап жатты. Анын көзүнө кандайдыр бир белгисиз кишинин элеси тартылды. Ал энесинен ажырап, өлүм алдында солуп жаткан кичинекей Токушту чапанынын этегине ороп, бооруна кыса кучактап алып желдей сызып келаткандай сезилди... Ушунтип өлүм менен өмүрдүн ортосунда кантээрин билбей салгылашып жаткан учкул кыял Нурланды улам бир жакка үмүткөр жетелеп жатты.

Толкун Нурландын табышмактуу кебетесин таңдануу менен эси оой карап олтуруп, айсыз караңгыда баратып, жолдон чыгып белгисиз жакка бет алып, туюкка капталган адамдай болду. «Ракат дегени ким болду экен?»

– деп ойлоду. – Деги бул кишинин дени сообу? Кыз бул жерден эптеп чыгып кеткиси келди. Уктаса түшүнө кирбеген шумдуктуу сөздөрдү айтып олтурган ушул табышмактуу сулуу жигиттен көз далдоо болууну ойлоду. Толкун ордунан турду... А Нурлан болсо башка жерде, башка үйдө, мындан көп жылдар мурун алыста калган кичинекей карындашын издеп жүрдү.

Эшикти этият ачканга болбой каалга кыйч эте түштү. Кыз босогого бутун уруп алды. Нурлан ордунан октой учуп турду.

– Сиз кайда?

– Кетем.

Жигиттин көзү чайыттай ачылды.

Токтоңуз. Сиз менен иш боюнча али эч нерсе сүйлөшкөн жокмун.

– Кандай иш боюнча дейсиз?

Тфу. Башыма эч нерсе түшпөй турганын көр. – Жигит ойлоно түштү. Анан ал кайра келип олтурган Толкундун жанына таягын жумшак такылдатып жакын келди. Кыз үрпөйө түшүп, орундугун артка жылдырып бүжүрөдү.

– Менден коркуп жатасыңбы? – Нурлан эми сиз дебей, сен дегенге өттү.

Кыз үн катпай башын жерге салып, столдун үстүндөгү жашыл жабуунун четин кармалады. Нурлан анын маңдайынан сылап эркелеткиси келди. Учтарына кызыл лентадан бант байлаган эки өрүм узун кара чачы билектей болуп, орундуктун арт жагында бүктөлүп жатты.

– Жолдош прокурор! Окууга баруучу мезгилим болуп калды. Мүмкүн болсо кетүүгө руксат этиңиз? – Ал муну калп айтты. Сабакка барууга али эрте болучу.

Ушул маалда секретарь кыз эшиктен баш бакты.

– Нурлан Чокоевич, Сизге кирүүгө кишилер келип сурап жатат.

– Азыр эч кимди кабыл алалбайм. Үстүндө киши бар де. Түштөн кийин келишсин...

Бир жагынан телефондун үстүнө телефон шыңгырап, Нурлан алагды болуп, сөздөр улам үзүлүп жатты. Карап олтуруп кыз тажап да кетти.

Нурлан Толкунга кайсы сөздөн баштоону билбей эңгиденги болуп турду. «Экөөбүз бир тууганбыз. Сен менин жоготуп таппай жүргөн, жок, жок, андай да эмес, качандыр тентип жүрүп ачкадан өлгөн карындашым Токушума окшош экенсиң деп айтамбы? Мындай жагымсыз суук сөздү айтууга кандай акым бар. Башка, такыр башка, атабабам таанымбаган чоочун кишинин кызы болуп олтурса. Эмне деп айтсам? Чын эле бөтөн эл, бөтөн кызбы? Анан эмне үчүн менин Ракатыма окшош?!» – Прокурор кызды чачынан сылап турганын байкабай калды. Толкундун жүрөгү алып учту. Бейтааныш жигиттин жумшак колдору тийген сайын кыздын денесин кандайдыр белгисиз күч бир эсе толкутуп, бир эсе дүркүрөттү.

– Жолдош прокурор, мен кетишим керек. – Ал Нурланга кылчая карап, кайталап өтүндү. Ордунан турмакчы болуп козголду.

– Олтур, олтур, азыр кетесиң. Атым Толкун дедиң беле?

– Ооба.

– Мен сенден улуумун, туурабы Толкун. Улуулук иретинде бир сөз сурасам капа болбойсуңбу, садага?

Кыз Чокоевдин оозунан кандайдыр жагымсыз сөз чыгып кетеби дегенсип мостоё түштү. Ал ушул секундда Абасты эсине түшүрүп турган. «Жок, мен сени эч кимге алмашпайм. Согуш бүтүп аман-эсен келсең ушул прокурордой болуп бир столду кучактап олтурарыңа ишенем. Эх, алтыным Абасым, экөөбүз көрүшө турган бактылуу мезгил качан болор экен. Мен сени сагындым. Сен да мени сагынып жүргөн чыгарсың...»

– Кагылайын, эмнеге унчукпайсың? Мен сенден сөз сурап жатпайымбы.

Кыз көзүнө көзү чоктой кадалып турган прокурордон тайсалдап, терезе жакты карамыш болуп күңк этти.

– Айта бериңиз, угуп жатам агай!

– Э көөбүз мындан ары ушундай сүйлөшөлү Толкун. Мен сени сиз дебей, сен деп жүрөйүн. А сен болсоң мени жолдош прокурор дебей Нурлан байке деп жүр, жарайбы?

– Нурлан байке деп жүр дейсизби?! – кыз таңдана сурады.

– Ооба, байке деп жүр деп жатам. Эмне болуптур, улуусун кичүүлөрү ошентип айтат да. Же силер жакта андай эмеспи.

Толкун буйдала түштү. Ал ичинде «Нурлан байке деп койгондун эмне жамандыгы бар экен. Улууларды урматтап, байке, абаке деп айтуу кичүүлөрдүн милдети да», – деп ойлоду.

– Ма-ку-л.

Анда ошон үчүн кол алышып коёлу. – Экөө кол алышты. – Менин атым – Нурлан, унутпайсыңбы? – Кыз күлүп жиберди. Анын эки ууртундагы чыпалак басым кичинекей чуңкуру чыга түштү. Нурлан кыздын күлкүсүнөн дагы бир жанга жагымдуу, жүрөгүнө жакын, өзүнө тааныш белгини көрдү. Жүрөгү алып учту. Эмне кыларын билбей кыздын колун кармаган бойдон эз болуп турду. Кыз колун Нурландын колунан акырын сууруп алды. Бул капысынан учуп келген көгүчкөн, эмне эле мынчалык жүрөгүмдөгү эски жаранын тагын жаңыртып турат. Нурлан түзөлө берип, ордуна барып олтурду. – Кудая тобо, – деди ичинен, – же адамдар бири-бирине ушундай өңүнө өңү, боюна бою, үнүнө үнү окшош болуп жарала береби? Кызык картина! Эске келбеген табышмак. Нурлан өзүн бул жерде, кыздын алдында өз даражасын унутуп, аргасыз, алсыз адамдай чайпалып, эмне кыларын билбей турду. Нурлан башы менен асманды тиреп, алтын түркүк болуп турса да, ал да адам да. Анын көрөгөч, кыраакы көзү, кусалуу жүрөгү, бир уядан учуп, бир курсактан чыккан сүйкүмдүү карындашын уламдан-улам өзүнө жакын сезип, магниттей тартылып,

өзөгү өрттөнүп баратты. Бирөө келип: «Ушул кыз сенин адашып калган карындашыңдын өзү», – дебеспи. Анда Нурлан кызматка да, дөөлөткө да, байлыкка да ыраазы болуп, бул кыз үчүн бардыгын берүүгө даяр эмес беле. – Колундагы ручканы ары-бери ойнотуп, ойлуу олтурган Нурлан бир демден кийин: «Эртең сабактан кайсы убакта чыгасың? – деп сурады.

– Жетиде.

– Сабактан кийин ушул кабинетке келгин. Жарайбы?

– Кечиндеби?!

– Биз иштейбиз. Сүрөтүң болсо бирди ала келгин. Делого чаптаганга керек.

– Кандай делого?

– А-а, аны кийин айтам. – Нурлан сүрөттү тим эле шылтоолоп сураган. Ал өз оюнда аны Ракаттын сүрөтүнө салыштырып көргүсү келген.

Толкун прокурордун өзүн бул жерге эмне чакырганын да даана билбеди. А прокурор болсо Толкунду көргөн минуттан баштап, иш боюнча сүйлөшүүнү унутуп койду.

Кыз бая күнү бирөөнү Абаска, бирөөнү үйүнө жиберген сүрөттөн калган экөөнү өзүнө алып калган. Прокурордун сүрөт сураганынан улам, балким, ошол жарар деген ниет менен колундагы сумкасынан кара конвертке салынган бир топ сүрөттү алып чыкты.

– Бул сүрөт жарайбы, жолдош прокурор?

– Эми эле сүйлөшүп, макулдашпадык беле. Кайта эле жолдош прокурор дей бересиңби, айланайын. – Нурлан мээримин төгө бажырайып күлдү. Толкун жигиттин маңдайкы тиштеринин экөө алтын экенин эми гана даана байкады. Аппак жүзүнүн ажарын ачып турган бул тиштер Чокоевди мурдагыдан да сулуу, эң эле көрөшөм кылып көрсөттү. Кыздын ичи ысып, жүрөгү жарылып кетүүчүдөй дикилдеди. Ушул саамда жигит көзүнө ушунчалык ысык, сүйкүмдүү көрүнүп кетти. А Нурлан болсо колуна жаңы алган сүрөттү тиктеп турду.

– Жарайт экен садага, мага дал ушундай сүрөт керек болучу. Жаңы түшкөнсүң го?

– Бөбөктөрүм сүрөтүмдү сурап кат жазышыптыр. Ошого түшкөм. Мени сагынып жүрүшкөн окшойт үйдөкүлөр.

Нурландын көзү Толкундун колундагы башка сүрөттөргө түштү.

– Тигил кимдер?

Кыз колуна кармап олтурган топ сүрөттүн ичинен Абасты бөлүп алып, калганын Нурланга берди. Анан алар менен бир баштан тааныштыра баштады.

– Бул – Чолпон. Көлөкөм, жакшы түшүптүр. Карасаңыз кадим эле өзү.

– Эмнең болот?

– Сиңдим. Баарыбыздын кичүүбүз ушул, жаман кыз. Нурлан сүрөт менен Толкунга алмай-термей карады.

Жакшынакай ажарлуу кыз. Бирок эжесине эч бир жерин окшото албай убараланып жатты. Экинчи сүрөттү көргөн жигиттин жүзү өзгөрө түштү. Жана олтурган баланын бирөө Толкунга окшогонсуп кетти. Иниси болду бекен деген суроо көңүлүнө кылт этти.

– Бөбөктөрүңбү, Толкун, булар?

– Ооба, бөбөктөрүм. Ал эми бул биздин ортобузда олтурган атам менен энем.

Нурлан бейтааныш адамдарды көпкө тиктеди. – Атаңдын көрү дүнүйө ай, жок дегенде ата-энемден ушул өңдүү бир эстелик болсочу. Мен алардын кандай адамдар экенин да эске жакшы тута албай баратам. Оо, анда минтип сүрөткө түшүү кайда-а, – деди ичинен. Анан Нурлан атасы Чоконун сүрөткө жолдоштору менен түшкөнүн, аны өз көзү менен көргөнүн эстеди. Бирок аны чаң жугузбай ардактап сактоочу энесинин да сөөгү сөпөт, устуканы упат болгону качан. – Кайрандарым! – деди кабагы карыш түшүп, көмөкөйүндө шыбырап.

– А бул ким? – Жалгыз сүрөттү көрсөттү.

– Зайнидин агай. Менин биринчи мугалимим эле.

– Зайнидин?! Зайнидин деген облОНО ушул жигитпи? – Прокурордун түрү дароо өзгөрдү. – Согушка чейин мектепте директор болуп иштеген да ээ.

– Сиз аны кайдан билесиз? Же тааныйсызбы? – Толкундун деми буула баштады. – Байкуш агай, сонун киши эле. Азыр ал жок. Өзүнөн өзү эле өлүү-тирүүсү белгисиз жоголуп кетти. Өзү эмес, бир тал чачын жерге калтырууга кыюучу адам болсочу.

– Значит Зайнидин Буланбеков деген ушул жигит дечи. Да– а... Жаш экен ээ, бечара. Сени менен чыныгы жумуш боюнча эми анык сүйлөшө турган болбодумбу...

Булар ошентип олтуруп сөздөн ишке өтүп кетишти. Нурландын суроосуна кыз кыска жана так жооп берип олтурду. Ал Самат жөнүндө өзү канча билсе ошону айтты...

– Кыскасы, Самат Зайнидинди сени өзүнөн тартып кетүүгө жардамдаш болгондугу үчүн жаман көрүүчү экен да. Ушундайбы?

– Ошондой болуш керек. Анткени агайым менин таламымды талашып, башыбызга күн түшүп турган кезде атама жөлөк болду. Аны соттотту. Окууга келишиме да ошол киши жардам берди. Ата-энем мени окутууга өздөрү да аябай ынтызар болушчу. Алар Саматтын байлыгына да, бийлигине да карашкан жок.

Толкун сүйлөп да, ыйлап да жатты. Ырас эле минтип Зайнидиндин дайынсыз жоголуп кетээрин ал кайдан билди. Эгер аны Саматтын өлтүргөнү чын болсо, Зайнидиндин канына ортоктош, өлүмүнө себепкер болгон менин өзүм эмей ким болмокчу деп ойлоду. «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» деген ушул. Кенедейимден тарбия-таалим берип, окутуп адам кылган адамдардын ичкен ашына, көрөр күнүнө уу болуп тамгандыгым үчүн эмне кылышым керек?..

– Айтчы, Толкун, Зайнидинди өлтүрүү Саматтын колунан келет деп ойлойсуңбу?

Кыз тунжурай түштү.

– Ким билет...

– Самат Жоларыкка, силердин айылга барганда Зайнидин ошол жерде экен да ээ. Анан жигит ошол түнү жоголобу?

– Ооба.

– Бул жөнүндө сенин тушүнүк катың иш козгоого жардамчы документ болот. Мурдагы өзүң жөнүндө болгон иштин баарын кыска, так, түшүнүктүү кылып кошо жазгын, жарайбы? Качан алып келесиң?

– Эртең сабактан кийин... Руксат этиңиз, мен кетейин эми.

– Барагой. Сени көпкө кармадым окшойт. Бирок эшикке чыккандан кийин эле Нурлан байкеңди унутуп койбо, Толкун. Тез, тез келип тур, макулбу. Мен сени көрбөй калсам сагынып кетүүчүдөй болуп турам да. Анан ал кызга муктаждыктарын, болсо уялбай айт, жардам берип турам, – деп айткысы келсе да айталбады. Анын жупуну кийимин баштан аяк караган калыбында узатты.

Толкун Чокоевден чыгып, үйдү айлана берип, форточкасы ачык турган терезени жалт карады. Ал айнектин ары жагында ойлуу тиктеп, өзүн ээрчий узатып тикесинен турган жигитти көрүп жылмайып койду.

Прокурордун мүнөзү эмне үчүндүр Толкунга жагып калды. Ал буга чейин сот, прокурор жөнүндө таптакыр башка пикирде жүргөн эле. Алар ачуулуу, орой, адамга жамандыктан башканы ойлобогон кара мүртөз, таш боор адамдар деп түшүнүүчү. Толкун жолдо келатып мындай деп ойлоду. Булар адамдар менен сүйлөшүүнү гана эмес, күлгөндү да, боорукерликти да билишет экен. Чындыктын түбүнө жетиш үчүн ийне менен кудук казгандай изденишет көрүнөт. Анан Самат менен Зайнидин жөнүндө башаламан санаага батты. Көзүнө чоң кара жолдун боюндагы бийик өскөн шыралжын, коко тикен, эрмен аралаш өскөн куурайлардын арасында көзгө сайса

көрүнгүс караңгылыктын ичинде ит жыгылыш болуп жаткан эки кишинин караанын көрдү... Анын ою боюнча Зайнидиндин сөөгү ошол куурайлардын арасында жаткандай болуп сезилди...

Республикалык прокуратурага барып келген күндөн баштап, эмне үчүндүр Толкундун жүрөгүндө экинчи бирөө пайда боло баштады. Анан калса Нурландын жаркыраган жайдары мүнөзү Толкундун эркин жетелеп, жүрөгүн бийлеп алгансып эсинен кетпейт. Анын балбылдаган коймолжун акылдуу кара көздөрү басса да, турса да артынан калбай, жанынан чыкпай ээрчип жүргөндөй, маңдайында карап тургандай сезилет. Кызык. Эмне үчүн мен аны көп эстөөчү болуп баратам? Же Нурлан байкени сүйүп калып жинди болгону турамбы. Кыз селт этет. Өзүмдөн көп улуу кишиниби? Жок, жок, кантип эле Абасымды башка кишиге алмаштырайын. Прокурор эмес падыша болсо да, чачынын талына теңебесмин аны. Бирок Толкун өзүн өзү минтип көңүлүндө бекиткени менен Нурланды жаман көрүп иренжигиси келбейт. Аны ойлосо жүрөгү жалындап согот. Кыз үчүн бул учу-түбү жок керемет болду. Анан калса жарашыктуу алтын тиштерин жаркырата күлүп, көз алдынан кетпеген Нурлан Толкунду өзүнө чакырып тургансыйт. Ага учуп жеткиси келет. Сагынат.

Прокурор Султанбекованын түшүнүгүн алгандан кийин Саматтын үстүнөн топтолгон документтер тиркелген делону прокуратуранын башкы тергөөчүсүнө тапшырды. Күнөөлүү деп эсептелген шектүү адамдардын үстүнөн иш козгоо максатында тергөөчү Ысык-Көлгө жөнөп кетти.

Республикалык прокуратурадан келген жигит, ишти Жоларык айлынан баштады. А дегенде эле Самат менен Зайнидин ошол айылдан кимиси кайсыл убакта, кандай мезгилде чыгып кеткендиктерин тактады. Андан кийин согуштан жарадар болуп демобилизацияланып келген

жигиттин үйүнө барды. Жоокердин көрсөтүүсү боюнча чындыгында эле Саматтан шектенүү туулду. Зайнидин жарадарга атын түшүп бергенде түн ортосу чен экен. Жоокер дайынсыз жоголуп жаткан бейтааныш, боорукер жигиттен бөлүнүп, бир чакырымдай узаган кезде шаарды көздөй бир полуторканын өткөнүн корүптүр. Шофердун жанында кимдир бирөө олтургандай болгон деп көрсөттү. Айтор, тергөөчү Саматтын сары изине чөп сала баштады. «Социализм» колхозуна барганда Ракыйма менен сүйлөшүүгө туура келди. Ал адегенде кайнисин үйгө таңга маал келди деп түшүнүк берди.

Эртеси Ракыйма тергөөчүнүн артынан барып, кечээки түшүнүгүнө кошумча түзөтүү киргизип кетти. «Бир кыргыздын кулуну турбайбызбы, кагылайын иним. Агасы тиги кан күйгөн каргашалуу согушка кетпегенде мындай иштин болорун бир кудайдын өзү билет эле. Ылайым убалыбыз герменге жетсин. Корккондумдан туура эмес жазып бериптирмин. Колдо саат болбогондон кийин, уктап ойгонгон киши түнкү убактынын кайсы маал экенин кайдан билсин. Ал келгенде эшикке да чыккан жок элем. Самат үйгө эл орунга олтурганда эле келген экен, кийин ойлосом. Ошол түнү ар кайсы жерим ооруп эрте эле жатып алган болучумун...

Ал эми Саматты жек көргөн Алыйканын кайнатасы сакалы ылдый көз жашын агызып олтуруп сүйлөдү. Самат аппак бүлөсүн, жалгыз баласынын колуктусун жолдон чыгарганын айтты. Зайнидиндин жоголгон күнүн болжолдоп олтуруп, ошол түнү келининин пристанга эгин ташып жүрүп таң аппак атканда келгенин жөн салды сөз катары кобурады.

Топтолгон иштин жагдайына, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүнө караганда Самат шектүү киши болуп чыкты. Тергөөчү күнөөлүү деген кишилерди камакка алууга санкция сурап Чокоевге кайрылды...

* * *

Кайсы күнү Толкунду көргөндөн баштап Нурландын көңүлүнө энеси Шайымкүл менен кичинекей карындашы Токуш кайра баштан түшө баштады. Ата мээримин унутуп, эне жыты эсинен чыгып, өлүмдөн суунуп бүткөн жигиттин мундуу жүрөгү үйрүн издеген жабагыдай аркы-терки удургуп, Толкундун айланасында тегеренип жүрдү. Ооба, Нурландын бүткүл ой-санаасын ошол бир-эки сапар көргөн бейтааныш кыздын элеси ноктолоп, артынан жетелеп алды.

Ал Пржевальскидеги областтык милициянын начальниги Сыдык Исмаилов менен байланышты. Телефондо адегенде иш боюнча сүйлөшүштү.

Сыдык Нурландын бир чети атасындай, бир чети агасындай болгон киши. Ал атасы Чоко менен совет бийлигин курууда каруусунан кан кечип, бир катёлдон аш ичип, чалгынга чыкса бир чыгып, чабуулга кирсе бир кирип, жарты буудайды жара чайнашкан жолдоштор эмес беле. Сыдык Нурланга Шайымкүл менен Токуш жөнүндө каңырыгы түтөп олтуруп эчен жолу айткан, эчен жолу эскерген. Эми ошол ачкадан өлдү деген карындашынын бүдөмүк этеримиш кабарын укканда Исмаилов сүйүнгөнүнөн кыйкырып жиберди.

– Иттин баласы, анан сүйүнчүлөбөйсүңбү? Айтканыңа караганда жөндүү сөз өңдүү. Бирок балам, өпкөңдү азырынча көптүрбөй өзүңдү карма. Ким билет, ошолбу, башкабы. Мен азыр эле кылмышкерлерди изилдөө бөлүмүнө тапшырам. Кап, ал кызды өзүм көргөн болсом, Токушпу, Токуш эмеспи, бир көргөндө эле тааныйт элем.

– Мага ишенип коюңузчу. Ракатты көргөнүңүз, аны көргөнүңүз– Тим эле биринин кебин бирине кийгизгендей.

– Институтта окуйт экен дедиңби? Болуптур, балам, ары кетсе бир жума, бери кетсе үч-төрт күндүн ичинде жообун аласың.

– Байке! – деди Нурлан жүрөгүн өрөпкүтүп, – Сизден өтүнөрүм, муну ата-энеси билбегендей кылып иштеш керек. Кыздын сөзүнө караганда алар өз ата-энеси. Ал эми өңү менен жашына караганда менин карындашымдын өзү.

– Эгер карындашың болуп калсачы, анда айтыш керекпи?

– Жо-жок. – Нурлан эмне деп айтарын билбей карбаластап калды. – Такыр антүүгө болбойт.

– Анан эмне кылыш керек?

– Аларды ыйлаткым да, сыздаткым да келбейт, байке. Кызды кандай өстүрүшкөнүн, өз көзүңүз менен көргөн болсоңуз түшүнөр элеңиз. Күн мурун көлөкөгө тон бычпайлы, байке. Эгер чындап эле Султанбектин асыранды кызы болуп чыкса, башка жол менен… Аны чогуу кеңешебиз да сиз менен…

– Аларга оор болот деп жатасың го.

– Оор болгондо да кандай дейсиз! Бирөөнүн эмгеги менен да эсептешиш керек го дейм.

– Жарайт, Нуке, менин милдетим ата-эне менен кыздын кимдигин билүү. Ушундайбы?

– Ооба, ооба, ошол гана. Ал кыздын аты Токуш эмес, Толкун экен. Алиги силердин мурдагы областтык аскер комиссариаты Байкожоевдин иниси ала качып барып, кайра ата-энеси, мектептин директору болуп тартып кеткен ушул кыз да. Толкун азыр Саматтын ишине күбө катары катышып жатат. Жоголгон жигит жөнүндө өзүңүз бизге көмөк көрсөтүп жатпайсызбы.

– Ошол кыз дечи. Мм. – Исмаилов эрдин кесе тиштегендей болду.

– Болуптур, байке, ишиңиз ийгиликтүү болсун. Жакшы калыңыз. – Сүйлөшүү ушуну менен бүттү.

А Исмаилов болсо Чокоев менен сүйлөшкөндөн кийин дароо ишке киришти. Начальниктин тапшыруусу боюнча ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери Жоларыкка жө-

нөп кетишти. Бирок алар бул изилдөөдөн эчтеке таппай кайтышты. Айрым ишенимдүү кишилердин билдирүүсү боюнча Толкун Султанбек менен Зайракандын өз кызы болуп чыкты. Султанбектин сары мурут кошунасы органдын кишилерин акырая карады. Ал айылдык Советтин конторасынан буларды акелерин окута сөгүп туруп кууп чыккысы келди. Бирок анте алган жок. Ачуусуна чыдабаган бул киши: «Укмушту силерден угуп олтурабыз, баатыр акелери. Бирөөнүн өз баласын өгөй деп кайсы акмактын оозуна күйдүргү чыгып жүрөт. Бул сөздү кыздын ата-энеси укса колуңарга тирүүлөй өлүп берип жүрбөсүн. Мындай катын ушакты экинчи кулагыбызга угузчу болбогула», – деп колун силке салып, тышка чыгып кетти.

Ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлерин үмүттөнткөн бир сөз айылдык Советтин председатели айткан Султанбектердин бир кезде башка жактан көчүп келгендиги гана болду.

Бул кабарды уккан Сыдык Исмаилов Жоларыктан жолу болбой келген кызматкерлерин эми Балыкчыга барууга путевка берди...

## IV БӨЛҮМ

Командировкадан Нурлан Толкунду ойлоп, аны сагынып кайтты. Чокоев кызды баякы Самат менен Зайнидин тууралуу түшүнүк кат жазып берип кеткен бойдон көрө элек болучу.

Чоң кесеге мелтилдете куюлган лагманды Айнур эки колдоп көтөрүп келип, Нурландын астына койду.

– Мынчалык эмне үйдүң? – Астына оңдоп койду.

– Ич. Лагманды жакшы көрөсүң да. Бир чыныны түгөтпөй эмне болуптурсуң. – Айнур күйөөсүнөн артынан келип, мойнунан кучактады.

– Мен сени сагындым, Нуке, сенчи?

– Мен дагы. – Нурлан айрысы менен лагмандын камырын сүзүп жаткан калыбында, бурула карап колуктусун өптү.

– Бүгүн түнкү ишке барбай эле койчу. Чарчап да келдиң. Балдарың да сагынды. Үйдө эле болчу эс алып.

– Жок жаным, барбай коюуга болбойт. Алар кайда баса?

– Ырысбек уктап жатат. Таалайды кошунанын балдары ойнотобуз деп ээрчитип чыкты.

Нурлан колун сүртүп, ордунан турду.

– Ракмат, лагманың укмуштай жегиликтүү болуптур. Баарын жедим.

Айнур күйөөсүнүн пальтосун кийгизип, мойнуна шарфын салды. Жакасын оңдоп жатып оозунан өптү.

– Эрте эле келсең. Түнкү саат он экиден өтмөйүнчө үйдү эстөөчү эмес элең.

– Өзүм да чарчап турам, келем бат эле.

Кечки суук Нурландын бети-колун тызылдатып жиберди. Таяк кармаган колу сене түшкөндөй болду. Мээлей кийбей чыкканын эстеп үй жагын кылчайып карап койду. Тумагын баса кийип, жакасын көтөрдү.

Көчөнүн аркы бетиндеги тротуарда бир аял, бир эркектин каалгый басып келатышканын көрдү. Алардын артынан дагы бир эркек бир аял менен колтукташып алып ылдамдай басып келатышат.

– Султанбекова! – деди, артында келаткандардын эркеги, – токтой тургула.

Нурландын жүрөгү оозуна тыгылды. Султанбекова деген фамилия кандайдыр кулагына эң эле жагымдуу да, жакын да угулду. «Султанбекова! Кызык. Бул Толкундун фамилиясы беле? Күүгүм талаш жигиттер менен сүйрөшүп бул жакта эмне кылып адашып жүрөт!» Нурлан аларды карап токтоп калды. Толкун экенин эми даана тааныды. Ошонун үнү. Кажы-кужу болуп туруп калиткадан кирип кетишти. Нурлан эмне кыларын билбей турган

ордунда тоңуп турду. – Ветврачдыкына келген экен деп ойлоду. – Бойдок жигит. Эркек баласы менен аялын кетирип жиберип, ушул үйдө өзү жалгыз турат деп уккан. Каржайып эң эле арык. Нурлан сыртынан көрүп, учук оорулуу неме болсо керек деп ойлогон. Айнурга аялы «күйөөм ичкиликти көп ичет» деп айтыптыр. Анысы аз келгенсип мас болуп келгенде тынч жатып албай, жок жерден чыр чыгарып, идиш-аягын талкалап, катын-баласын уруп-согуп күн көрсөтпөйт имиш. Ушундай сөздөн кийин аласа-бересеси болбосо да Чокоев аны жаман көрүп калган. Нурлан ветврачтын эшигинин алдына обочо келип токтоду. Эмне кыларын билбей ойлонуп турду. Же ички иштер бөлүмүнө телефон чалып, милиция алып жазасын колуна берсем бекен деп ойлоду.

Чокоев мекемеге баргысы келбей айнып калды. Ветврачтын эшигинин алдынан үйүн көздөй кайра тартты. Эшикти ача берип, Айнур күлүп жиберди.

– Барган жоксуңбу? – Күйөөсүн кучактай калды.

– Ветврачтын үйүнө милиция чакырайынбы?

Ачуусу келип, кабагы карыш түшүп, өң-даалаттан кетип турган күйөөсүнө келин таңдана карады.

– Эмне үчүн милиция чакырасың? Күнөө кылдыбы?

– Бир жаш кызды үйүнө ээрчитип кирип кетти. Бул, ал үчүн күнөө эмес бекен? – Нурлан папирос күйгүздү. – Айтчы, Айке, эмне кылайын? Ушул бузулган итти… Кыз болгондо да кандай кыз дейсиң. Тим эле периште.

– Балким, карындашыдыр. Же жигиттин бойдок экенин билип тийип алайын деп жүргөн немедир. Бирөөнүн үйүнө кыз келди деп мынчалык неге каныңды буздуң? Периште болмоктон андан аркы болсун маа десе. Ошол да кеппи, милиция чакыртам деген.

– Жакшы кыздардын жаман жолго түшүүсүн каалабайм. Өзүң билесиң го, Ракат эмне болду эле. – Ойлонуп турду. – Папиросунун калдыгын пепельницага басып өчүрдү. – Эски каттарды салган кичине чемодан кайда?

– Аркы үйдө турат. – Айнур плитага жаңыртып көмүр салып жатты. Тыштан жаңы кирген орто жашап калган аял плитанын түбүнө жүйүртө басты. – Жогору өтүңүз, апа.

– Жок, балам, ушул жерден эле кетем.

– Тамак ооз тийиңиз. – Айнур салып келген лагманын столго койду. – Келиңиз, апа. Эти жок эле чөп-чардан жасагам. Ичсеңиз.

Аял Айнурга шыбырады.

– Мен ичпей балакет ичейин, бөбөктөрүңө алып барып берейинчи.

– Жарыктык, өзүңүз ичпейсизби. Балдар сиздей болгончо ичээр далайды.

– Антпечи, астыңа кетейин Айнур. Бөбөктөрүңө берейин да. – Аял чыгып кетти.

Колуна кичинекей кара чемоданды көтөрүп, аркы бөлмөдөн Нурлан чыкты. Анда Айнур менен Нурландын интернатта окуп жүргөндөн берки сакталган каттары бар болучу.

– Келген Алиман жеңемби? Ой шордуу ай, балдарым, балдарым деп жүрүп өзү да арыгынан өлө турган болуптур. Энени кудай ушинтип бала үчүн жараткан тура. Тамак-аштын артышы болсо кайрылыша жүрсөң, Айнур.

Нурлан ушул кезде өз энесинин балдары үчүн тарткан азап-тозогун ойлоп, ачкачылыктан алсырап турган мезгилдерин эстеп кабыргасы кайышып, каңырыгы түтөп кетти. «Токчулук болгондо энем өлбөйт эле, анда Токуш да өзүбүз менен чогуу өспөйт беле», – деп ойлоду Нурлан. Ушуларды ойлоп көңүлү чөгө түшкөн Нурлан столдун үстүнө чемодандагы каттарды төгүп жиберди.

– Айке, издешчи?

– Эмнени? – Айнур Нурландын жанына келип токтоду.

– Эмнени дейсиң да. Ракаттын баякы мага жазган күнөөлүү катын.

– Аны эмне кылат элең?

– Керек. Эртең Толкунга окутам.

– Эмне? Толкунга? Кайсы Толкунга?

– Тапчы, бай болгур. – Нурлан ар кайсы конвертти өзүнчө алып көрүп, башка коюп жатты.

– Таппайм.

– Э болуптурчу таппасаң. Өзүм деле табам. Бар Ырысбек ыйлап жатат.

– Ыйлай берсин.

Нурлан аялын карап күлүп койду.

– Айтчы, Толкун деген ким ыя?

– Жанакы ветврачтыкына келди деп мен айткан кыз.

– Аны кайдан тааныйсың?

– Иш боюнча, кемпушка. – Ракаттын катын колуна кармап ордунан туруп баратып, колуктусунун мурдунан чымчып койду. – Кийин бир жаңсыл болгондо айтам.

Айнур тескери бурулду.

– Айтпасаң андан ары кой. Мага иш боюнча бирдемени качан айтчу элең. Менин кызыкканым ал кызга бул каттын кандай тиешеси бар дейм да. Уят эмеспи өткөн ишти жаңыртып, көрүнгөнгө окутуп ортого салганың. Карындашың укса эмне дейт?

– Эчтеке да дебейт, эчтеке да болбойт. Бул кыздарга сабак болуучу кат. Сен ушуга түшүнөсүңбү?

– Ага түшүнгөнүм менен сага түшүнбөй турам.

Оозгу үйдө бутун чечип жаткан Таалайбек Нурландын күрөң шабро пальтосун көрүп кыйкырып жиберди.

– А-там келдиби, апа? А-та-а!

Нурлан Таалайбектин үнүн угуп, алдын тозо басты. Эшик ачылары менен экөө кучакташып калышты. Нурлан уулун көкөлөтө көтөрүп айландырды.

– Гүү-гүү, гүү-гүү. Үшүп кетиптирсиң, балам. Оо, мурду жаман десе. Кайрадан бооруна кысты. – Кана, мени карап турчу, Таалай. – Таалайбек кыткылыктап, кичинекей колу менен атасынын жаагын сылады. – Сен кимге окшошсуң?

– Сага.

– Жок, мага эмес, эжеңе окшойсуң го.

Ракат эжемеби?!

– Ооба, эжеңе окшош турбайсыңбы? – Нурлан Таалайды Толкунга да окшотуп турду.

– Санаасы сандап, бул түнү Нурлан уктай албай чыкты. Толкундун ветврач менен алардыкына кирип кеткенин эстеген сайын көңүлү бөксөрүп, жүрөгү дүпөйүл болуп иренжий түшөт. Бир гана Айнурдун «ветврач көлдүк, балким, тууганыдыр» деген сөзү кызды актап тургандай болду...

Эртең менен кабинетине кирер кирбестен эле Чокоев институттун директоруна телефон чалды. Султанбекованы кызматтын аягында прокуратурага жиберип коюусун өтүндү...

Толкун жолдо келатып бая күнү Нурландын өзү менен окшоштурган Ракат деген кыз жөнүндө ойлонду. – Ал Нурлан байкенин кимиси болду экен? Кызык окуя. Анан калса ал кыздын маган окшоп калганы укмуш. – Толкун Чокоевден Ракат жөнүндө сурамакчы болду.

Нурлан кызды эшик алдынан утурлай басып канатын жайып тосту.

– Саламатпы, Толкунтай? Сен чакыртмайынча келбейт экенсиң го. Кана, көрүшүп коёлу?

Кыз жылмайып койду. Нурлан Толкун менен кол алышкан жок. Эки колу менен эки каруудан кармап турду.

– Ишенесиңби, мен сени сагынып кеттим. Ракатымдын ордуна чекеңден өөп коёюнчу, Толкун.

Кыз жоодурай түштү. Нурлан чекесинен өптү. Пальтосун чечинтип, аны өзүнүн кийими илинип турган шкафты көздөй алып басты.

– Үшүдүңбү? Кечинде чакырат деп капа болгон жоксуңбу?

– Жок, байке, үшүгөн деле жокмун, капа да болбодум.

Нурлан кабинетинин ортосунда колдорун ушалап, кыймылсыз турган Толкунду колтуктап келип, орундукка олтургузду. Жигит кыздын чачынан жыттагысы келип турса да жыттай алган жок. Үндөккө келе элек бул татынакай жапайы кушту кокус чочутуп алып, учуруп жиберемби деп коркту. Нурлан светти күйгүзүп, ордуна барып олтурду.

– Сүйлөчү, садага. Эмне жаңылыгың бар? Окуу жакшыбы? Турмуш ал-жай кандай? Үйүңдөн кат алып жатасыңбы?

– Түзүк эле, байке. Үйдөн кабар ала элекмин. Окуу болсо жакшы.

– Аа, баса, окуу демекчи, сен жогорулатылган стипендиантка турбайсыңбы? Молодец. Директоруңдан угуп, аябай кубандым.

Кыз столдун үстүндөгү жашыл ноотуну алаканы менен сылагылап басмырт олтурду. А Нурлан болсо кечээки ветврачдыкына Толкундун кирип баратканын ойлоп турса да, кыздын ажарына көңүлү көлпүп кетти. Кокустан кыялына жакпай турган кенедей эле кеп чыкса Толкун Чокоевдин чоңдугуна түкүрүп баса берүүчүдөй көрүндү. Ал кызды сүйлөтүп сөзүн, күлдүрүп күлкүсүн уккусу келет. Моокуму канганча карап, маңдайында олтурууну каалайт. Ал Толкундун өзү жөнүндө жакшы ой, жакшы пикирде экенин билген да жок. Каны бир, танабы бир жүрөктөр бирин бири чакырып жаткансып түрсүлдөйт. Жигит олтурган жок. Ал Толкундун жанына столун имериле басып келди. Ай далыда төгүлүп турган түндөй кара чачын колуна алды.

– Айтчы, Токуш, сен бул чачты кантип мынчалык өстүрдүң? – Ал жаңылып Толкундун атын бутташтырды.

– Кимдин атын айтып жатасыз? Менин атым Толкун эмеспи, байке!

– Ой садагасы, кечирип кой, мен сени Токуш дедимби? Нурландын бүткөн бою ымыр-чымыр болду. «Жаңыдан

гүл ачып келаткан роза», – деп ойлоду кызды тиктей берип. «Нариcте бойдон экен. Жаман жолго түшкөн бала мындай болбойт. Эх, Толкун, Толкун, сен экөөбүз кандай бактылуу күнү көрүштүк эле. Менин алдыма сени кудай өзү айдап келди окшойт. Тал чыбыктай буралтып кандай эне төрөп, кандай эне өстүрдү экен сени». Нурлан көөмөйүндө ушинтип ойлоп, ушунтип сүйлөп, ушунтип кубанды.

– Чачымды сурадыңызбы? Мен өзүм өстүргөн жокмун. Төрөбөй кечигип жүрүп мени төрөптүр энем. Жеринен кызды атам экөө тең жакшы көрүшчү экен. Сонуркап чачымды эрте коюшуптур. Анан калса бул чачта энемдин жарым өмүрүнчөлүк эмгеги бар. Күндүз колхоздун жумушунан колу тийбей калганда, түн ичинде жууп, түн ичинде өрүүчү. Жазда үздүксүз айран менен жууй турган. Ал эми кыштын күнү ар дайым жылкынын сөөгүнүн бир кетигин кайнатып алып, ошону менен чачымды самындап жууп кайра таза суу менен чайкачу. Ошонукубу дейм, ушул убакка чейин чачымда бир тал сабдал жок. Коюу, калыңдыгына жараша чатышып да койбойт. Тарасам тим эле өзү эле тал-тал болуп шуулдап турат. Бул жакка кетеримде да чачыңды кара, кызым. Чач кыз баланын көркү, жакшы бага көр деп какшап калган. Чач ырас эле энем айткандай кыз баланын көркү тура, Нурлан байке. Мен чачымды жуусам да, өрсөм да ар дайым энем эсиме түшөт да турат. Байкуш энекем ай.

– Жакшы көрөсүңбү?

– Ата-энесин жаман көргөн кайсы баланы көрдүңүз эле?

– Да-а. Аның туура. Ата менен эне баланын тууру да, туусу да тура. Бирок мен ата-эненин арзан-кымбатын жакшы билбей калдым. Эх, армандуу дүнүйө.

Кыз Нурланды боору ооруган калыбында жалооруй тиктеди. Ал мурда бул жигиттин ичинде мынчалык күйүтү бар деп ойлогон эмес. Тескерисинче, телегейи тегиз,

дүнүйө капар адамдын бириндей сезген. Анын үстүнө ушунчалык жооптуу кызматта турган кишинин кантип арманы болсун деп ойлогон. Ал эми Ракат жөнүндө айтканы анчейийн гана адамдын окшоштугунан улам бирөөнү эске түшүрүү деп эч нерсени этибарга алган эмес. Толкун Нурландын сөзүн бөлүп жиберди.

– Нурлан байке, сиз бая күнү, экөөбүз биринчи көрүшкөндө мени Ракат деп кимдир бирөө менен чаташтырдыңыз. Ал ким болот сизге?

Ракатты эсине түшүргөндүгү үчүн Толкунга ракмат айткандай, эрдин тиштеп, сөөмөйү менен чекесин басты. Көздөрү күлүңдөп кетти. Анан шашып-бушуп столдун бир жак канатын ачып, суурмасынан көлөмү Толкундукундай бир сүрөттү алып, кыздын алдына койду.

– Таанычы? Бул сен эмессиңби?

Толкун сүрөттү илип алды.

– Менин сүрөтүм го… – Кирпик какпай тиктеп калды. Көздөрүн бажырайтып бат-бат ирмеди.

– Жакшы кара.

Толкун сустая түштү.

– Кызык. Бул чын эле менминби? Кийимим башка болуп калыптыр да. Чачы да… Жок, жок, мен эмес экенмин, байке.

Нурлан экинчи сүрөттү берди. Бул Толкундун өз сүрөтү болучу.

– А мунусучу?

Кыз эмне айтарын билбей делдейип, колундагы эки сүрөткө алмай-термей тигилди.

– Тигиниси азыр сен сураган Ракаттын сүрөтү. Сага окшош бекен? Муну ал так сенин курагыңа, 10-классты бүткөндө түшсө керек.

– Тобо. Окшош болгондо да кандай дейсиз? Тим эле укмуш. Жаратылышта ушундай да бири-бирине окшогон адамдар болот экен ээ. Бул чындыгында эле шумдук го, Нурлан байке.

Нурлан эки сүрөттү тең колуна алып көз айырбай карап туруп, анан маңдайында олтурган Толкунду шалкая тиктеди.

– Бул кыз азыр кайда?

– Нурлан байкең эмнеге мынчалык караан талашып олтурат дейсиң. Ракаттан башка менде эч ким жок. Ал мага карындаш эле эмес, каргылуу кара тоо. Өөдө чыксам өбөк, ылдый түшсөм жөлөк. Элим да, журтум да, жерге жээк ага-тууганым да жалгыз Ракатым. Экөөбүздөгү таржымал түгөнбөгөн жомок. Мен сенден чындыкты сурап жатам. Айтчы деги, менин Ракатыма окшош бекенсиң, Толкун.

– Ооба, окшоорун окшойт экенмин. Бирок мен сизге эч ким болбойм да.

– А балким, экөөбүз бир тууган болуп калсакчы? Анда эмне болот?

Толкун мыскыл күлүмсүрөп акырын сүйлөдү.

– Кантип эле ошондой болсун. Окшош кишилердин бардыгы эле бир тууган боло бермек беле? Бул жөнүндө ойлогум да келбейт чыны. – Кесе жооп берди. Нурланды карагысы келбей көзүн башка жакка, тамдын бурчуна кадады.

Кыз Ракат менен өзүнүн сүрөтүнө бир демден кийин кайра үңүлдү. Сүрөттөргө тойбой тандана тиктей берди.

– Ата-энеңердин өлгөнүнө көп болдубу?

Ушул кезде Нурлан Толкунга башынан өткөндөрүнүн баарын айтууну ойлоду. Ал болгондо да чабылып-чачылып, чилдей тарап жок болгон өз үй-бүлөсү, өз уясы жөнүндө айтат. Мындан кийин Толкундун кичинекей наристе жүрөгүнө бир кездерде элес-булас кандуу изин калтырган бүдөмүк күндөр аздап болсо да эсине түшөр деген үмүт жигиттин жаралуу жүрөгүн бийлеп турду...

Кыздын боорукер, жумшак жүрөгү сыздап, көз жашына ээ боло албай муунду. Ал саймалуу кичинекей колжоолугу менен көз алдын кайра-кайра сүртүп, Нурландын сөзүн кунт коюп тыңшап олтурат.

Жигит сөзүн уланта берет...

– Бала болсо да эркек эркектик кылбай койбойт экен. А кыздар болсо жеринен ыйлаак, күйүткө жакын келишет тура. Чынын айтсам өлүм деген кара ниет акыры жүрөгүмдү суутту. Ата-энеден биротоло түңүлдүм. Ал эми Ракатчы? Олда көлөкөм ай, энем менен Токушту эч унутпай да, өлгөнүнө ишенбей да койду го. Ыйлап жүрүп онунчуну бүтүрдү да, ыйлап жүрүп бой жетти. Өкмөт менен партия бизди түбөлүккө төбөсүнө көтөрдү. Канатыбызга канат байлады, акылыбызга акыл кошту. Тарбия -таалим берди. Жакшы адамдардын көз алдында билим алып бой жеттик.

Адеп биз балдар үйүнө келген жылдары балдар үйүнүн коллективи, Ракатты төртүнчү классты бүткөндөн кийин Ленинграддагы хореографиялык окуу жайына жиберебиз деп даярдап жүрүштү. Бирок карындашым ботодой боздоп, менден ажырабай койду. Экөөбүз ажырашсак эле, ал мени бул жакта өлүп калчуудай ойлоочу. Жаштайынан жүрөгү жараланып, бармактай кезинен ата-энеден ажырап армандуу болгон кичинекей күйүттүү кызды эч ким күчкө сала алышкан жок. Өзүм да андан бөлүнүп калууну каалабадым. «Ажырашпай чогуу жүргүлө» деген энемдин сөзү мага аманаттай туюлду. Ошентип, жашым улуу болсо да Ракат экөөбүз окууну бирге бүтүп, уядан тең учтук. Балдар үйүнүн коллективи менен мугалимдер кесипти бизге өздөрү тандап, өздөрү узатышты.

Ракаттын мүчө түзүлүшү менен бирге үнү да бир укмуш болучу. Карындашым Москвадагы театралдык институтка кыргыз кыздарынан биринчи болуп бармак болду. Экөөбүздүн оюбуз оңунан чыкты. Мен дагы Москвадагы университеттин укук факультетине кетмек болдум.

Орто мектепти бүтүргөндөгү салтанатты сураба. Александра Жигайловна баш болгон мугалимдер, тарбиячылар, нянялар, ашпозчулар, айтор, бардыгы тең өз балдарын уядан учургандан бетер кубанычка толуп,

дүрбөлөңдөп жүрүштү. Бүтүрүүчүлөр үчүн уюшулган салтанаттуу кечеге көп кишилер чакырылды. Алардын ичинде сүйүктүү агайларыбыз Никонор Васильевич менен Сыдык Исмаиловичтер аялдары менен келишти. Алар ушул күнү да өлгөн ата-энебиздин ордун жоктотушкан жок. Ракат экөөбүзгө бир сыйрадан кийим алып келип кийгизишти. Кече аяктагандан кийин мектепти бүтүргөн балдарды тууган-туушкандары өздөрү менен алып кетет имиш деп угуп калдык. Ракат экөөбүздө андай мүмкүнчүлүк жок эле. Бир кезде тышта балдар менен Ракат менин жаныма чуркап келди. Азыр эле жадырап турган кубанычтуу жүзү убайымдуу, кабагы бүркөө. Узун кара кирпиктери ымдалышып, жаңы эле ыйлап басылгандай кебетеси бар. «Нурлан байке! – деди ал, санааркап, – экөөбүздөн башкалардын баары салтанат бүткөндөн кийин үйлөрүнө кетишет экен. Биз кайда барабыз? Же ушул жерде дагы калабызбы?» Мен Ракаттын сөзүн угуп, айтса айтпаса төгүнбү, – деп ойлоно түштүм. Ичим уйгу-туйгу болуп, жүрөгүм сайгылашып кетти. Санаам санга бөлүнүп чайпалдым. Жалгыз гана ата менен эне күйүп – бышып жүрүп ага-тууганды кадыр-баркын мурда ойлобогон жаным, артыбыздан издеп келер жакыныбыздын жогун эми гана эстеп, аларды жоктоп, кабырыла түштүм. Өпкөм көөп, өзөгүм өрттөндү. Бирок карындашымдын көңүлүн чөктүрбөс үчүн жооткотуп, аны калп эле алдай баштадым. Анткен менен көңүлдөгүнү айттым. «Он жыл тарбыялангандан талыбаган балдар үйүнөн аз күнгө, экөөбүз окууга жөнөп кеткенче орун табылбай калат деп турасыңбы. Мында калууну каалабасак Сыдык байкем менен деле кетип калабыз. А болбосо Никонор Васильевич деле турбайбы. Сени кыз кылып багып алайын деген сөзүн уккан жок белең», – дедим. Ырас эле Ракат менин сөзүмө ынанып калды. Ошентсе да анын жүрөгүнүн тереңинде эне деген бир кубанычтуу күч күңгүрөнүп, улам күчтүү теминип жатканын билип

турдум. Энем жөнүндө дагы бирдеме деп айтып ыйлап жибербесе экен деп чочуладым. Ракаттын көз жашынан жалкотой болуп, үшүккө чалдыккан жүрөгүм опкоолжуп турду... – Жүрү, балдарга баралы. Меймандарды кабыл алууга кол кабыш керек болуп жүрбөсүн. – Ракат менден көз албай көпкө чейин телмире тиктеп туруп, оор үшкүрүп алды. Билбейм, карындашым ошондо мени эмне үчүн анчалык ойлуу тиктеди экен. Же энем менен Токушту эстебей калдың, аларды таптакыр унуттуң, акылсыз Нурлан, дедиби ким билсин. Анын ошол көз карашын эми ойлосом да көңүлүм караңгылап, карындашымды аяп кетем. Анын үстүнө Ракат энем менен Токуштун өлгөнүнө анчалык ишене берүүчү эмес. Элге барууну ушунчалык эңсөөчү. Ал жерде энебиз экөөбүздүн жолубузду тосуп, күтүп жүргөндөй ойлой турган. – Нурлан унчукпай калды. – Билесиңби, Толкун, – деди паузадан кийин. – Бирөөнү каргаса эле, энең өлүп жетим кал дей турган экен. Менин билишимче мындан оор, мындан өткөн каргыш да, жаза да жок го деп ойлойм. Кайран асыл энем, кайран атам. Ушул күндү, балдарынын убайурматын көрсө эмне. Экөө бирдей жапжаш бойдон көзү ачык өлүп кетишти.

Толкун Чокоевди жалооруй тиктеди. «Энеси байкуш ачкасынан балдарына жетпей талаада арманда өлгөн экен го», – деп ойлоду.

– Силер кайда кеттиңер? Же балдар үйүндө калдыңарбы, байке.

– Ракат экөөбүз жанагинтип өзүбүзчө балдардан бөлүнүп обочо турганбыз. Бир оокумда Никонор Васильевич менен Сыдык Исмаилов экөө биздин жаныбызга каалгый басып келишти.

– Биз силерди тигил жактан издеп жүрсөк, – деди Никонор Васильевич, – бул жакта турган турбайсыңарбы. Кана, бир жерге барып отуралычы. – Бактын көлөкөсүнө коюлган скамейкаларды көздөй бет алдык. – Кана, бал-

дар, экөөң менен ата-балача ачык сүйлөшөлүчү. Силер бизге туура түшүнгүлө, айланайындар. Бул жерге тамак ичип, курсак тойгузуп, жан жыргаталы деп келген жокпуз. Туурабы, Сыдык Исмаилович.

– Туура, Никонор Васильевич.-

– Мен сүйлөй берейин. Катасы болсо Сыдык сен кийин түзөтүү берерсиң, – деди Никонор.

Сыдык байкем ыраазы болгондой күлүп койду.

– Анда мындай балдар. Бир аздан кийин салтанат аяктайт. Силер бул жер менен түбөлүк коштошуучу минут улам жакындап келатат. Сыдык экөөбүздүн экөөңө мындан он жыл мурда берип, он жыл бою орундалбай келаткан бир ыйык убада бар. Ал биздин эсибизден али чыга элек. «Үйрүн сагынбас жылкы болбойт, элин сагынбас эр болбойт» деген кыргыз элинин алтын сөзү ушул жерде эске ала турган сөз болуп олтурат. Сыдык экөөбүз силердин атаңар, өзүбүздүн жакшы көргөн жолдошубуз Чоконун биздин мойнубузга жүктөп кеткен карызынан, энеңер Шайымкүлгө берген убадабыздан аздыр-көптүр кутулдукпу деп ойлойбуз. – Никонор бир демге унчукпай, мени тиктеп туруп кайра эле Сыдык байкеме бурулду. – Жанакы макал кандай эле?

– Кайсыны айтасыз «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн».

– Во-во-во. Кандай акылман сөз. Көрдүңөрбү «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн...» – дейт ээ. Биз Александра Жигайловна болуп олтуруп сүйлөштүк. Экөөңө кирени балдар үйүнөн алмак болдук. Балким, салтанатка келген жетекчилер менен сүйлөшсөк, машина таап каларбыз. Тигиндей болсо да, мындай болсо да Сыдык силерди жеткирип берет.

Ракат орундуктан секирип турду.

– Кайда барабыз, байке?

– Элиңерге. Киндик кесип, кир жууган жерге. – Ракат сүйүнгөнүнөн адегенде алаканын чапкылап, анан бир

Никонор Васильевичти, бир Исмаиловду алмак-салмак өпкүлөп жатты. Анан мени келип кучактады.

– Байке, үйгө барабыз! – Ракат менден бөлүнө түшүп кайра баштан Никонор Васильевичтин мойнунан орой кучактады. Анан улактай секирип Сыдык байкеме асыла кетти. – Бул акылды кантип ойлоп таптыңар, байке. Оо кудай, балким, энем тирүүдүр ээ! Токушум да чоңоюп калса керек.

Ракат ошентип өз терисине өзү батпай төгүлүп-ташып жатты. А мен болсом өз эл, өз жеримди канчалык көрүүгө ынтызар болуп турсам да, элиңерге барасыңар деген сөздү угуп бөксөрө түштүм. Бир заматтын ортосунда оюм онго, санаам санга бөлүндү. Жүрөгүмдү титиреткен бир чоң кайгы алдымда касабадай болуп жолумду тосуп турду. – Кимдикине барып түшөбүз, биздин ал жакта күтүп алуучу кимибиз бар эле, – деп тегерендим. Ушундан кийин көңүлүмө дагы бир санаа кылт этти. – Ракат экөөбүздөн булар биротоло кутулалы деген экен. Ал жакка барсак талаада калабыз. Жок, жок, мен азыр буларга ачык айтам. Ракат экөөбүз окууга жөнөгөнчө бул жерден эч жакка кетпейбиз. Эгерде бизди күтүп алар күйөрүбүз болсо, он жылдан бери бир ирет издеп келип кетпейт беле. Жок, жок, Ракат экөөбүз бул жерден эч жакка кетпейбиз... – Мен тунуп кетиптирмин. Бир саамдан кийин Сыдык байкемдин:

– Ай, Нуке, сен эмне болуп турасың? – деген сөзү оюмду бузуп жиберди.

– Байке, биз элге кимди издеп барганы жатабыз? – Көзүмдүн жашы чанагына толо түшкөнүн жашыра албай алысты тиктеген болдум. – Кайра бизди бул жерге ким жеткирет? Окууга кандай кетебиз? Менимче, барбаганыбыз эле оң болгону турат го.

Менин сөзүмдү уккан Ракат бозала болуп томсоро түштү.

– Сенин ушинтип ойлоп жатканыңды билгенмин, – деди Сыдык байкем. – Бардыгы ойдогудай болот. Кайра

Фрунзеге да келесиңер, окууга да кетесиңер. Отпускам аяктаганча экөөңдү алып барып келүүгө үлгүрө аламын го деп ойлойм. Бет алды талаага таштап кетет экен деп санааркаба, Нуке.

Анда машинанын өтө эле аз сандагы кези. Агайларыбыз менен балдар үйүнүн директору Александра Жигайловна баш болуп, кечеге келген наркомдордун өкүлдөрү менен сүйлөшүп олтуруп, наркомпростун Тяншань жакка командировкага баруучу машинасына руксат алышыптыр.

Балдар үйү менен коштошор алдындагы учур жүрөгүмдүн башынан эмдигиче кетпейт. Күлкү аралаш төгүлгөн көз жаштар, жакшы каалоолор, өбүшүүлөр, жүрөктөрдүн түрсүлдөшүн арбытып бардыгыбызды бир бешикке салып, акыркы жолу терметип жаткандай балдар үйүнүн ичи-тышы бөтөнчө шаңданып, чайпалып турду…

Машинага олтурарыбыз менен балдар үйүнөн бөлүнүп, шаардан алыстай баштадык. Ракат экөөбүздүн балалык жүрөгүбүз да, алгачкы сүйүүбүз да, кубануубуз да балдар үйүндө калды.

Кочкорго кетүүчү жолду Ракат эмес, мен унутуп калыптырмын. Менин көзүмө жер да, жол да, эл да бөтөнчө бир өзгөрүп кеткендей көрүнөт. Оо, турпагыңдан айланайын тууган жер ай, көзгө улам ысык, улам жакын көрүнүп, жүрөгүмдү удургута баштады. Кызыл эт балапан кезде алыска бакыт издеп кеткен уул-кызын көптөн бери чыдамсыздык менен күткөндөй айлана шаңданып, айлана ырдап жаткандай туюлду.

– Ракат, бул жерди таанып жатасыңбы? – деди уполномочен жигит. Карындашым берилген суроону жоопсуз калтырды. Ал айланадан алда кимди издеп, алда немени эсине түшүрө албай убараланып жаткансып, бакыракай коймолжуган кирпиктүү көздөрүн алыска кадайт. Мен аны тиктеп калдым. Ракаттын эки бети эндик сүйкөгөн-

дөй албырып агы ак, кызылы кызыл тартып, көздөрү балбылдап, мурдагыдан сулуу болуп кетиптир.

– Мына Кочкорго да кирип келдик. Силердин үй тетигил бөксөнүн этегинде болсо керек эле. Азыр ал жакта эч ким жок. Бардыгы бир жерге отурукташып колхоз болушкан.

– Эми кайда барабыз, байке! – дедим.

– Колхоздун конторуна барып түшүп калалы. Машина кете берсин. Кайра келатканда бизди ала кетишет. Ал жерден Сарбандыкы кайда болду экен, сураштырып көрөбүз.

Машинадан түшкөндөн кийин Сыдык байкем бизди колхоздун контору орношкон үйгө баштап кирди. Ичи чамбылала болуп, уй жалагандай болуп акталымыш аты болгон асты жер, эки бөлмөдөн турган жапыс там экен. Тышкы үйүндө эки-үч киши кагаз жазып, чот кагып олтурушат. Үстүндө жабуусу жок, сырдалбаган эски столдор, жапыс скамейкалар. Кишилер бизди көрүп, аңкая тиктеп туруп, биринин артынан бири орундарынан турушту.

– Салоомалейкум, – Сыдык байкем оң колундагы шинелин сол каруусуна которду. Тигилер менен бир башынан кол кармашып учурашты. Ракат экөөбүз чемодандарыбызды көтөргөн бойдон туруп калдык.

Сыдык байкем бизге бурулду.

– Силер эмнеге учурашпайсыңар? Чемоданыңарды коюп койгула. – Ракат экөөбүз уялып калдык. Бейтааныш кишилер менен учурашып, Сыдык байкемдин жанында турдук. Биздин үстүбүзгө дагы кишилер кирди.

– Башкарма кайда?

– Мына менмин, аксакал, – деди биздин артыбызда тургандардын бирөө. Башкармамын деген киши орто жашап калган чилетир, кичинекей сары киши экен. Бизди өзүнүн бөлмөсүнө кирүүнү сурады. Сыдык байкем токтой калды.

– Киминңердин атыңар бар? Сарбан деген жигитти билесиңерби? Ал барбы, аман-эсен?

– Бар, бар, аксакал. Тээтигил, айылдын четинде турат.

– Үйүндө болсо барып чыкырып келгилечи бирөөң. Сыдык Исмаилов деген киши чакырып жатат десеңер, өзү билет. Чоконун балдары келди дегиле.

Үйдүн ичи кымгуут боло түштү.

– Кайсы Чоко? Биздин революционер Чокону айтып жатасызбы? Э, секет кетейиндер, силер Чоконун «детдомдогу» балдарысыңарбы?

Дуулдаган үндөр, бакылдаган сөздөр бөлмөнү көтөрүп кетти.

– Чокого Сарбандан мен жакынмын. Балдарды мен алып кетем, аксакал. Чоко менен Шайымкул өлгөн эмес турбайбы. Секет кетейин жетимдерим, жетилип азамат болгон турбайсыңарбы? Бир сакалдуу киши Ракат экөөбүздү өпкүлөп, жалынып-жалбарып ыйлап жиберди..

– Эй, аксакал, мен тирүү туруп сага бербейм балдарды. Ушул эки жаманды көрүп өлсөм дечү элем. Кудай тилегимди берип олтурат. Сен балдарга ээ болот экенмин деп ойлобой эле кой. – Башкарма деген киши, тигил кишини алая карады.

– Э-хе-е, муну көр ой. Башкарма болсоң өзүңө башкармасың. Тапкан экенсиң талаада жаткан балдарды. – Мурунку бизге тууганмын деген кишинин баласы окшойт, жаш жигит мени колдон алды.

Ой, мындай тургулачы, Чоконун балдары келди дейби биз деле көрүп, учурашалы.

– Кокуй күн киши экенсиң, жол берсең боло. Кайда жүрөт байкуш жетимдер.

– Аа, шордуу арамдар, кимди издеп келди болушту экен? деген сыяктуу сөздөр ортодо турган биздин кулагыбызды кезеп өтүп жатты.

Сыдык байкем таламайга түшүп жаткан бизди тигилерден ажыратып, эшикти көздөй алып чыкты. «Тууга-

ныбыз жок десем, ага-тууганыбыз көп турбайбы. Анан эмне үчүн ушулардын бирөө бизди он жылдын ичинде бир жолу издеп барган жок экен», – деп ойлодум чыгып баратып.

– Ракмат, силерге туугандар, «Берерге бешөө болсо аларга алтоо» деген ушул. Мен мурда Чоконун мынчалык жакын туугандары жок го деп ойлогон элем. Маркум Чоко өзү бир атадан жалгыз боло турган эле. Мурда Сарбан келсинчи, анан сүйлөшөлү, кайда барып, кайда түшөрдү. Мен билгенден Сарбан менен Чоконун ымаласы абдан жакын эле.

Ээ, айланайын балам, сен түшүнбөй жатасың бизге. Сарбан ким, биз ким. Ушул тургандардын баары эки атанын баласыбыз. А Сарбан дегенибиз Чоко менен кайнаса каны кошулбайт, кокуй.

Туугандын үстүнө тууган кошулуп, сөздөн сөз көбөйүп жатты. Аңгыча болбой тээ төмөн жакта, айылды аралап өлөр-тирилерин билбей кимдир бирөө чапкылап келе жатты. Көпчүлүктөн обочорок келип алиги жайдак атчан киши аттан секирип түштү. Ал атынын чылбыр-тизгинин коё берип, калдактай басып жыйылып тургандарды көздөй чуркады.

– Оо-о эл, оо айланайын журт, Чоконун балдары келди дейт, кайда алар?

Мен жаздым дедирбей тааныдым. Сарбан байкем экен. Атам Чоко тирилип бизди көздөй чуркап келаткандай бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп эрип бараттым. Алдын тосо чуркадым.

– Сарбан бай-ке-е!

Экөөбүз кучакташа түштүк. Бирибизден бирибиз бөлүнө албай өкүрүп-өксөп, кайра-кайра жытташып, кайра-кайра өбүшүп жаттык. Бир оокумда көзүмдү ачсам Ракат жаныбызда кезек күткөнсүп, өпкө кагып туруптур. Дароо Сарбан байкемден бөлүнө бердим.

– Мына байке Ракат. Чоң кыз болуптурбу?

– Ракат! – Кучагын жайды. – Ракат болгон атыңдан тегеренсин Сарбан байкең. – Карындашымды бооруна кысып, өпкүлөп да, ыйлап да жатты. – Чоң кыз болгон турбайсыңбы.

Көпчүлүк дымып турду.

Сыдык байкем Сарбанды көздөй басты.

– Сарбан, саламатпы?

– Оо, Сыдык Исмаилович! – Экөө кучакташа түштү. – Жетимдериңизди жетилтип алып келиптирсиз го. Ракмат сизге. Кандайсыз? Оо, канча жыл, канча айдан бери көрүшкөн жокпуз. «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген ушул. Ден соолуктарыңыз жакшыбы? Үй-бүлөңүз аман-эсенби? Баса, Никонор Васильевич кандай? Ал киши кайда?

– Мени болсо өзүң көрүп турасың? Никонор Васильевичти түштүккө которушкан. Ошол бойдон ошол жакта иштеп жатат. Ракат менен Нурландын бүтүрүү кечесине чакырып, экөөбүз тең келгенбиз. Мен балдарды алып бул жакка жөнөдүм. А Никонор болсо бизди узатып коюп кайра кетти.

– Кайран киши, жакшы адам. Аман болсун. Мени кечирип коюңуздар, балдарды издеп барууга шартым болбоду. Айла жок. Жыл эсептеп, ай эсебин алып жүрдүк. Экөө тең бой жетти деп кеп салуучубуз. Жакшы окуп жатышканын сурамжалдап укканбыз. Калган сөздү үйгө барганда сүйлөшөлү. Кана, кеттикпи. Чоң энеңер карып калды. Силерди күтүп тургандыр жолдо.

– Саке, сен токтой турчу. Бул жерде балдарга туугандар көп чыгып жатат. Кана, Нурлан, айткылачы, кимдикине барасыңар? Экөөң чечкиле!

– Туугандар капа болбосо, бүгүн Сайкал чоң энеме баралы! – дедим.

...Биз барганда сыныгында кадоосу бар бир эски чай чыныга суу кармап, алдыбызды тосо баскан кары эне өзүнчө сүйлөп кимдир бирөөгө алыстан жалынып,

түз жерден бети менен кетүүчүдөй бөкчөңдөп келатты. «Кайран киши картайып калган экен», – деп ойлодум ичимден.

– Оо, сербейген секет кетейиндер, эл издеп келаткан эсиңерден тегеренсин чоң энеңер. Нурлан менен Ракатпы чын эле, – деп коюп, кайра биздин ата-энебизди жоктоп, аларды айтып, бышактап келатты. – Менин кербеним кокуй Шайымкүл, кырчыным Чоко кайдасыңар. Оо, балдарыңар келатат. Эненин а дерге алы калбай бирде кошуп, бирде бизге жалынып үңүлдөйт.

Ракат энемдин өлгөнүнө эми анык ишенгендей кулундай чыңырды. Бизди тосо баскан эки аял жалынып-жалбарып, Ракатты колдон алды. Анын бири Сарбан байкемдин аялы экенин тааныдым.

– Кагылайын энекебайлар, секет кетейин жеңекелер менин асыл энем Шайымкүл кайда? Кайда кеткен энебиз? Энемди көргөн жоксуңарбы? Мен энем менен Токушту тирүү экен деп түңүлбөй жүрбөдүм беле? – Ракат Сайкал энеге жакындаганда бети менен кетти.

– Чоң э-не-е!

Байбиче калтаңдап колундагы сууну аялдардын бирине карматты.

– Балдардын башынан айландыргыла. – Оо, армандуу байкуш жетимдер, аа айласы кеткен жетимдер. – Чоң энем Ракатты кучактап алып дагы эле кошуп жатты. – Куураган Шайымкүлдү ушул жерден күт балдарыңды, кетпе десек тил албай койбодубу. «Ракатымды сагындым. Нурланымды сагындым» – деп, шору шорподой кайнабадыбы, анын. Силердин ушинтип тал чыбыктай буралып, бой жеткениңерди көрсө эмне. Олда шору калың Шайымкүл ай, эки балам деп жүрүп ажалдан мурда өлүп жаны тынды. Келберсиген келин кезинде кетпедиби, кеткенде да. А Токушчу? Баланын чолпону эмес беле. Орду толбос жоготуу деп ушуну айтыш керек. Эми ошолордун өмүр-жашын силерге берсе экен. – Эне эмшеңдеп

эки колун мага сунду. Тартайган балакетиңди алайын кулунум. – Жанына жүйүртө басып олтура калдым. Мойнумдан кучактап, бети-башымдан туш келди өөп-жыттап жатты. – Так эле Чоконун өзүнө окшоп чоюлган жигит болгон турбайсыңбы. Шайымкул менен Чоко өлбөптүр, балам. Жанакы Ленин атаңарга ракмат да. Ал болбосо мындай болуу кай-да-а. Атаңдын көрү дүнүйө, жумурай-журттун камын ойлогон ошол киши да өтүп кетти. Ой опасыз жалган ай. Жетимге да, жесирге да, бей-бечара, биз окшогон алсыздарга андай кайрымдуу, боорукер адам дүйнөгө кемде кем жаралат болсо керек. Лениндин арбагына күндө үч убак жалынып, күндө үч убак дуба кылып олтурам. Бул өкмөт болбосо силерди ким деген адам ушинтип бөпөлөп өстүрөт эле...

Эл бизди үйгө алып киришти. Адамдардын кандай, бизди угуп чогулуп кеткенин да билбей калдым. Эл көп. Айлана ыйга тунуп турду. Үйдүн ичинде аялдардын жүрөктү титиретип, муун-жуунду бошоткон үндөрү созолонот. Алар биздин ата-энебизди жоктоп жатышты. Аксарбашылга бир тай союп, айылга тамак беришти. Сыдык байкемди кетирбей үч кондурушту.

– Өкмөтүңдөн да, өзүңдөн да айланайын, Сыдык балам. Ылайым кем болбо кагылайын. Ракатың менен Нурланыңды бир аз күнгө таштап кет. Сагынычыбыз жазылганда Сарбан кире таап, Балыкчыга жеткирип, андан ары кемеге салып жиберер. Сайкал эне бирде Сыдык байкеме, бирде бизге жалына берет. Бир жерибизди атабызга, бир жерибизди энебизге окшоштурат. Үйдө олтурууга чолобуз да жок болуп калды. Туугандар биринин артынан бири чакырып тамак берип жатышты.

Баарыдан да бир кызык иш болду. Сарбан байкемдикинде жүктү карай олтурсам, көзүмө эки-үч жууркан уруна түштү. Бирөө атам менен энемдин жамынып жүргөн жууркан ына окшосо, бири мен жамынып жүргөн кара атлас жуурканга окшоп кетти. Дагы бирөө биз-

дики сыяктуу. Кайдан ошол жууркандар ушул убакка жүрсүн. Тим эле окшош материалдар болсо керек, – деп ойлодум ичимден. Бирок ошол мага тааныш жууркандар көңүлүмдөн да кетпей кайра-кайра каратып, көзүмдүн жоосун алып туруп алды. Мен өзүмдүн антип алагды болуп, жүктөн өзүмдү бөлө албай турганымды Сайкал чоң энем дароо байкаптыр.

– Э, Нуке, эмне эле жүктү карайсың жалдырап. Балакетиңди алайын, таанып жатасыңбы?

– Кечиресиз, чоң эне, тетигил бейкасам жууркан атам жамынып жүргөн жуурканга окшойт экен, ээ.

– Ии, окшобой эле ошонун өзү балам. Унутпаган эсиңден, таанып көргөн көзүңдөн секет кетейиним ай. Куураган Чоко менен Шайымкүлдүн ушул жаман чүпүрөкчөлүк өмүрлөрү болбой койбодубу. Энең Чүйгө кетээрде оокат-кечесин биздикине салыкка салып кеткен. Төшөнчү, орунчуңарды жылыга жайып, күнгө кургатып кайра жыйып коюучумун. Өгүнчөрөөк жаяйын деп алып чыксам, бакиси кирдеп кетиптир. Эмнеси болсо да жууп-тазалап коёюнчу, кокус Нурлан менен Ракатым келип калып жүрбөсүн деп, сөгүп, ичи-тышын жууп, жүнүн кайра сабап, төрт жууркан, бир төшөктү селбип каптаган элем. «Балдар келип калабы» деп кудай оозума сала берген тура. Минтип ойлогон ой, тилеген тилегим ордунан чыгып келип калдыңар. Акжолтой жууркан болбодубу. Килтийген куш жаздыктан үчөө. Атаң жандуу, энең эпчил киши эмес беле. Ургаачынын узу, адамдын тазасы эле маркум Шайымкүл.

Байкал чоң энем ошондой адамга боорукер, адамкерчилиги күчтүү киши болучу. Ракат экөөбүз ошентип ата-энебиздин көзү көрүп, колу тийген жуурканга жаттык. Барган түнү мен эле уктабай чыктымбы десем, тан; атканча Ракат да кирпик көзүн какпай чыгыптыр. Оо, кайран адамдар ай. Жакшынын жаттыгы жок деп ошон үчүн айтышат тура. Азыр Байкал чоң энем жок.

Ал киши биз Москвада окуп жүргөндө кайтыш болду. А Сарбан байкем менен ата-баладай катышып турабыз.

Биз баргандын экинчи күнү Ракат экөөбүзгө эки ат мингизип алып, Сарбан менен Сыдык байкем экөө бизди эски кыштоого чейин алып барып келди. Атама ок жаңылган жерди көрдүк. Бизди энем узаткан жерди карадык. Атамдын мүрзөсүнүн үстүн чөп басып топурактары басырылып, жер менен жексен болуп калыптыр. Энем маркум кийин чоңойгонуңарда атаңардын жаткан жерин таппай каласыңар деп чоң-чоң таштарды үстүнө алып келип койгонун эстедим. Мен да, Ракат да энемдин көрсөткөн таштарын ташыганбыз. Бизди туурап Токуш да бир кичинекей топтой болгон ташты көтөрүп келатып чөпкө чалынып-жыгылып ыйлаганы көз алдыма келди. Ошондогу менин көзүмө көп көрүнгөн көп таштар жер жутуп кеткенсип азайып, ар кайсы жерде томолонуп жатат. Ракат экөөбүз болгонун кайра чогултуп, энемдикиндей кылып үйүп койдук. «Кийин атамдын өзүнүн теректей бою менен тең кылып эстелик тургузсам», – деп ойлодум ичимден. Ал оюм да орундалды. Ата-энеге кылган кызматыбыз болсун деп Ракат экөөбүз иштегенден кийинки жылы келип эстелик тургузуп кеттик.

Нурлан дагы унчукпай калды. Бөлмөдө кайра баштан тынчтык Ал Толкунду телмире тиктеп турду.

– Сен менин Ракатыма да, ошол балдарым деп канатын каккылап бизди издеп жүрүп талаада тентип жүрүп көзү ачык өлгөн байкуш энеме да окшошсуң, Толкун. Ооба, Токуштун өзү да Ракатка окшош болсо керек эле. Анын да сеникиндей, так эле ошол жеринде капкара болгон таруудай калы бар болучу. Аны мен толук билем. Эгерде ал тирүү болгон болсо, дал эле сеникиндей болуп, өзү менен кошо калы да өсөт эле.

– Менин ата-энем бөлөк да, Нурлан байке, – деди көзүнүн жашын сүртө берип. – Таржымалыңыз татаал экен чындыгында эле. Бирок сиз бекер эле шектенип жатасыз.

Кантип эле атамдын асыранды, өгөй кызы болуп калайын. Андай болгондо жок дегенде шек-шыбаасын кулагым чалат эле го. Эгер мындай болсо, экинчи сизге такыр келбейм. Жанга жагымсыз, үч уктаса түшкө кирбеген, ойдо жок сөздү сизден биринчи угуп олтурам. Окшош экенимде талаш жок. Карындашыңыздын сүрөтүн деле көрдүм. Бирок Султанбек менен Зайракандын бакма кызы деп сизден башка эч ким айткан эмес. Үйгө барганда ушунун баарын айтам. Ата-энемден сурайын. Мен мындай олку-солкулукту көпкө көтөрүп жүрө албасмын.

Нурлан эрдин кесе тиштеди. Карындашым болуп жүрбөсүн деп олтурган бул шектүү кыз, минтип эч кимди өзүнө жакындатпай асман айга түйүлүп, мойноп олтурса жигит дагы эмне деп айтмакчы. Өзүнүн кансыктап турганы аз келгенсип, өзүнө тааныш эмес башка бир бактылуу үй-бүлөнүн, ата-баланын, эне менен кыздын ортосуна от жаккысы келген жок. Ал Исмаиловдун жообун күтүүнү ойлоду.

– Оо, жолуң болгур десе, өз ата-энең экени чын болгондон кийин эмнеге минтип жеңилдик кылып жатасың. Уккан уккан жерде, көргөн көргөн жерде калыш керек эмеспи. Ата-эне болсо да айта турган сөз бар, айтпай турган сөз бар. Укканды учуруу, көргөндү көчүрүү бул ачык ооздукка жатат. Экөөбүздүн сүйлөшкөн сөзүбүз ушул жерде, ушул кабинетте калыш керек. Артык баш сөз айтып, көңүлүңдү ооруткан болсом мени кечирип кой садагасы. Бирок сураганым болбосо, сени Султанбектин асыранды кызысың деп айткан жокмун го.

– Айтпасаңыз да, сөзүңүздүн күүсү мага ошондой угулуп жатат. Катуу кетсем сиз да мени кечириңиз, Нурлан байке. Айтыңызчы, анан эмне болду? Окууга кандай кеттиңер?

– И-и баса, биз Кочкордон түз эле Сыдык байкемдикине кеттик. Кийин окууга да ошолор узатышты. Пишпекке чейин жеткирип келишти. Оо, алар ушундай боорукер,

мээрбан адамдар. Азыр ал киши Пржевальскиде турат. А Никонор Васильевич болсо Сталинградды коргоодо баатырдык менен курман болду. Кайран киши.

Адамдын асылы эле. – Нурландын каңырыгы түтөп, кабагы түйүлө түштү. – Ах, оңбогон согуш!..

– Балдар үйүндө Сизди тарбиялагандардан дагы эле барбы?

– Бар. Александра Жигайловна менен үймө-үй катышып турабыз. Ал киши бизди өз балдарындай, биз ал кишини өз энебиздей көрөбүз. Тарбиячылар, мугалимдердин бизди билгендери менен келиш-кетиш кадимкидей. Бирок көптөрү башка жакка которулуп да кетишти, согуштан кайтпай да калышты.

Жигит сөзүн токтотуп ары-бери баса баштады. Анан тамеки күйгүзүп, ачык турган форточканын алдына келип токтоду. Кечээки кечте ветврачтын эшигинин алдынан көргөн Толкундун элеси Нурландын көз алдына келди. Кайра баштан ошол окуя, ошол көрүнүш жүрөгүн өйүп кирди. Турмуштун ачуу-таттуусун али татып көрбөгөн ушул татынакай секелекти ошол бузулган, ыплас ветврач азгырып түбү жок орго түртүп жиберчүдөй ичи тарыды. Кайра басып келип кыздын жанына токтоду. – Айтсамбы, айтпасамбы? Жок, айтыш керек. Айтканда эмне деп айтам, эмнеден баштайм, – деп ойлоду Нурлан. Мурунку папиросун калтырып, жаңысын алды. Зажигалкасын жандырып, жатып көзүнүн алды менен Толкунду карады.

– Сени мен калп айтпасам, биздин көчөдөн көрдүмбү, кечинде. Сенби деп эле ойлодум. Карап турсам ветврач менен ошолордукуна кирип кеткендей болдуң? Тууганың болобу ал?

Толкундун эки бети манаттай жанып, кулагынын учуна чейин кызарып чыкты.

– Мага таяке болот, – деп акырын ооз бош күңк этти.

– Жакын таякеби?

– Өтө деле жакын эмес. Иши кылып тууган болуп жүрөт энеме. – Столдун четин кармалады.

– Күндө келесиңби анда?

Жаңыдан эле тарай баштаган кандын толкуну кайра баштан дуу койду.

– Кечээ эле...

Кыздын кебетесин байкап турган Нурландын кош кареги кадала берди. Чыга албай турган сөз оозунан төгүлүп кетти.

– Сен менин сөзүмө капа болбо, айланайын. Кыз баланын андай бой-бойдок кишилердин үйүнө барышы ылайыксыз болот. Туругу жок жигит дешет экен эл. Байкабасаң бактысыз болуп калышың мүмкүн. Анын үстүнө бир туугандык жайы жок неме тура. Түндө таң атканча сени ойлоп уктабай чыктым.

– Ал кишинин туулган күнү экен, барбайм десем болбой ээрчитип келди. Кайта бат эле жолдошторум менен кетип калдым.

– Туулган күнүндө жолдошторун чакырбай, студенттерди чакырат бекен?

– Билбедим аны.

– Билишиң керек, кичине эмессиң да. Эчен-эчен киши киргизейин десем жеңең болбой койду.

Нурлан тамекисин күйгүзүп жатып, кайра сүйлөдү.

– Сени карындашым Ракат менен тааныштырайынбы?

– Тааныштырыңыз. – Кыздын үнү ындыны өчкөндөй, уялыңкы чыкты. – Карындашыңыз бул жердеби?

– Жок, бул жерде эмес. Мына бул ошол карындашымдын каты. Окуп көрчү. – Нурлан костюмунун ички чөнтөгүнөн, четтери жыртылып, эскилиги жетип саргарып бүткөн бир калың конвертти сунду. – Балким, сага да сабак болуучу жерлери бардыр.

Чокоев кепкасын баса кийип, пальтосун желбегей жамынды да эшикти көздөй бет алды.

Толкун: «Мунун мага эмне тиешеси бар болду экен»,

– деп арсарсыган ойдо, ыңгайсызданып олтурган калыбында катты көңүлсүз ачып окуй баштады:

«Ардактуу байке! Кандай, практикаңыз ийгиликтүү өтүп жатабы? Дениңиз сак, жакшы жүрөсүзбү? Сизге мындан мурда да кат жаздым эле, алган чыгарсыз. Бүгүн эртең менен сиздин катыңызды алып, чоң кубанычта болдум. Бул менин ошол катыңызга жазган акыркы жообум. «Ооруну жашырса, өлүм ашкере кылат» дегендей сизге айтпай да, жазбай да коюуга акым жок. Сизден мен эч нерсени жашырган эмесмин, жашыргым да келбейт. Ооба, бул күтүүсүз окуя сизге канчалык оор болорун түшүнөм. Ата менен энеден ажыраганда эле экөөбүздү бирдей бутубуздан кармап туруп шорго бирөө малып алса керек. Сиз менден көп жакшы нерселерди күтүүчүсүз. Ал эми Сыдык Исмаилов менен Александра Жигайловна, Никонор Васильевиччи. Көп кишилер мени адам болот деп үмүт кылуучу. Анын баарын чотко салып, кайсы бирин жазып олтурайын.

Бул катты мен жатаканада жалгыз калып жазып олтурам. Биздеги кийинки жаңылык дипломдук спектаклге Шекспирдин «Отеллосун» даярдап жатабыз. Мага Дездемонанын ролун беришкен. Укмуштуудай, кайгылуу, оор пьеса. Бирок ошого карабастан, ошол ак жеринен, эки жүздүү бузуку Ягонун жалган чагымына өрттөнүп, өзүнүн сүйүктүү жары Отеллонун колунан жан берген ак пейил, жүрөгү таза сулуунун образын сахнага алып чыгууда кандай чыгармачылык күч жумшабадым дейсиз. Жакында генеральный репетиция болду. Ийгилик жаман болгон жок эле. Айрым көрүнүштөрдө али жеткире иштеле элек камкөш образдарды кайра баштан иштеп чыгууга кээ бир актерлорго туура келип жатат. Институтту бүткөндөн кийин киноактриса кылып калтырабыз деген сөз бар. «Мосфильмдин» башкы режиссеру биздин репетицияга келип, баштан аяк катышып олтурду. Ал киши акыркы көшөгө жабылганда менин жаныма келип,

алгачкы чыгармачылык ийгилигим менен алдын ала колумду кысып куттуктады. Кинодо калуумду сурап, кеңешин айтты. Эгерде театрда иштесең союздун масштабынан алыска кете албассың. Ал эми кинодо болсо сени бүткүл дүйнө таанып эле деген сыяктуу жакшы сөздөрдү айтты.

А мен болсом Сиз менен кеңешпей туруп макулдугумду бере албай тургандыгымды айткамын.

Арман ай, ушундай да өзүмдүн аткарган ролума шайкеш келген окшош окуя болорбу. Бирок мен өзүмдүн мындай ишке дуушар болорумду кайдан билдим.

Эки-үч күндөн бери табым жок, байке. Эч нерсеге көңүлүм чаппайт. Балким, чын эле ичер суум, көрөр күнүм түгөнүп баратса керек. Мендей акылсыз карындашыңыздын күнөөсүн кечирип коюңуз. Ырас эле сизге акыркы катымды керээз катары жазып жаткан жокмунбу. Муну ойлосом ичим уйгу-туйгу түшүп көңүлүм караңгылайт, демим кысылат. Сизди таштап кетүү канчалык оор. Жарыкчылык, өмүр, бир тууган. Ушул үчөөңдү ойлосом башым айланып, асман кулап, тоо урап, жер жүзүн топон суу каптап келаткандай болот. Жашагым келет, байке. Канткен менен жарычылык менен коштошуу оңой эмес көрүнөт. Жана эртең менен дүкөнгө барып, бир бутылка уксус эссенциясын алып келдим. Ал тиги жанымда, кроватымдын астында, өткөн жылы 8-мартта мага белек кылып өзүңүз сатып берген чемоданымдын ичинде турат. Бул катты жазып бүтүп, жатакананын алдындагы почта ящигине салам да, кайра келип андан ичем. Андан кийин бактысыз тагдырымдын эмне болорун, кандай аяктарын өзүңүз түшүнөрсүз. Бул жерде өзүм аткарып жаткан Дездемонанын өлүмү улам жакын жерден мени акмалап күтүп тургансыйт. Орто кылымда жашаган, байыркы Рим республикасынын эң жогорку мамлекеттик Советинин мүчөсү, сенатор Враванционун кызынын тагдыры менен менин тагдырым окшобосо да ошондой

трагедиялык өлүмгө дуушар келгени отурамбы чын эле. Ар адамдын жашоосу да, сүргөн өмүрү да, көргөн күнү да бири-бирине окшобогон сыяктуу, өлүмү да ар башка болот белем. Ак кишинин канына себепкер болгон Ягодой арамза адамдардын али да болсо эл ичинде билинбей жашап жүргөнүн кайдан билдим.

Мынча болду бардыгын жазайын. Өзүңүз жакшы билесиз, мени мугалимдер эле эмес, студенттер да сыйлашат. Бардыгы жакшы көрүшөт. Анткени менин эч кимге жамандыгым жок да. Окуя мындай болду. Жаңы жатакана пайдаланууга берилгенде бир тобубуз ошого көчүп кирдик. Мен мурда чогуу жашап жаткан жолдош кыздарымдан бөлүнүп калдым. Анткени мага бардык ыңгайлуулугу бар өзүнчө бөлмө беришкен. Мени менен катарлаш бөлмөдө кийинки курстун кыздары жашап калышты. Алар эмне үчүндүр мени менен учурашпай, сүйлөшпөй, сырттарын салып, өздөрүнчө эле менден кыйынсынып, өөдөсүнгөнсүп жүрүштү. А дегенде буларга акылым жетпей жүрдү. Андан дагы мага келгендердин ким экендигин билиш үчүнбү, айтор, аңдыгансып калгандарын байкадым. Бирөөлөрдүн дабышы мен жаткан бөлмөнүн алдынан чыкты дегенче, чуркап чыгып эшиктерин ача коюп карашат. Айрым сабактар, же жаңы даярдалып жаткан спектакль же көпчүлүк жумуштар боюнча келген студенттерди көргөндө, аларды жактырбай, аларды жаман көздөрү менен карап ич тарлык кылып жүргөндөрүн сездим. Атымдан айтпай Ракат Чокоевна дешип урматтап жер-сууга тийгизбей көтөрө чалышып, мени ар дайым мисалга алып сүйлөшкөн директор менен мугалимдердин сөздөрүн укканда мурундарын чүйрүп, көралбастык кылып жүрүшкөндөрдүн кээ бирөө ошол мени менен коңшу жашап жаткан кыздар экенин билдим. Ал сулуу, ал активистка, ал окуунун отличниги дешип кейкеңдешет. Мына кызык, алардын оюнча эмне кылышым керек эле. Бирок мен өз артымдан айтылган

мындай сөздөрдү уксам дагы этибарга алуучу эмесмин. Айта берсин, дей берсин дечүмүн. Өзүмө өзүм ишеничтүү болгондон кийин эмнеге күйүгөм. Ошентип камаарабай жүрүп эмненин үстүнөн чыктым?!

Астыңа кетейин жалгызым байке, мени өлүмдү көздөй жетелеп турган бир аябаган чоң уяттуу иш болуп олтурат. Алматы шаарынан келген Сатыбек деген жигиттин мени менен жолдоштук байланышы жакшы болучу. Ал мага көп келүүчү. Бара-бара ал экөөбүздүн жөнөкөй жолдоштук мамилебиз чиеленишип кетти...

Менин ушул ат көтөргүс күнөөмдү канткенде кечирээр экенсиз? Жок, жок, бул чектен чыккан айыбымды эч качан кечирбессиз, сөгөөрсүз, наалат айтаарсыз, каргаарсыз. Өлгөнү сооп болуптур дээрсиз. Анткени менин айыбым ошончолук да. Мен Сатыбектин апкөй тилине алдандым, жаштык кылдым. Аны сүйүп калдым. Сүйгөндө да кандай сүйдүм дейсиз, байке. Анын баарын айтып олтурууга тилим да, кудуретим да жетпейт. Оо, акылсыз мен. Эгер анын акмактыгын, өзүмдүн ушундай абалга дуушар болорумду башта билгенде мындай окуя болбос беле, ким билсин. Ал менин жалган жалаага калышыма себепкер болду. Анан Сатыбек ошого карабастан, башыма кыйынчылык түшкөн оор күндө таштап кетип олтурат. Сен экөөбүздүн ортобузду кылыч менен кессең бөлүнбөйбүз деген сөзү кайда? Эл алдында жүзүмдү кара кылды. Кайда барам эми? Сизгеби? Жок, байке, антүүгө кубатым жетпейт. Аттиң ай, Сатыбектин туруксуздугуна мурдатан кыраакылыгымдын жетпегенин карасаң.

Оюмда эч нерсе жок лекцияда олтурган жеримден мени шашылыш чакырып кетишти. Мен жатаканага келгенде комендант баш болгон, участкалык милиционер, студенттер, баякы менин катарымда коңшу жашаган үч кыз болуп менин келишимди күтүп турушуптур. Менин бөлмөмдүн алдында турган адамдарды көргөндө, окуянын баш-аягына түшүнбөдүм. Жатаканадан чатак чык-

кан экен деп гана ойлодум. Комендант мага жалтаңдай карады да, жаныма жакын басып келди. Ал киши мага бирдеме дегенче болбой, милиционер жигит чөнтөгүнөн «Ички иштер бөлүмүнүн кызматкери» деген удостоверениясын алып чыгып мага сунду.

Эшигиңизди ачыңыз, бөлмөңүздү, чемоданыңызды обыска кылууга уруксат этиңиз. Бул жолдошторуңуз жоголгон буюмдарын сизден көрүшөт экен десе болобу. Мындай жамандыкты угам деп ойлобогон менин денем өлө түштү. Актыкты көпчүлүктүн алдында көрсөтүш керек болду. Эч сөз айтпай бөлмөнүн эшигин чемоданды алып тургандардын алдына таштадым. Мына, баарын аңтаргыла. Бөлмөнү да тинткиле, чемоданды да карагыла, – дедим муунум калчылдап. Анан: «Уятсыздар, мени ууру деп ички иштер бөлүмүнө билдирүүгө кантип дитиңер барды», – дедим кыздарга бурулуп. Мен силердин бөлмөңөргө кирип ууру кылмак турсун кимиңердин кроватыңар кайсы жагында, кандай жайгашканын да билбеймин. Мага силердин этиңер тийген эски көйнөгүңөр эмес, алтыныңардын кереги жок. Анткени мен чындыкка, ак ниеттүүлүккө, достукка, адамкерчиликке, боорукердикке тарбияланганмын. Ооба, чын айтам. Мындай сапатка мугалимдерим, агайларым, эжейлерим, мектебим, балдар үйү үйрөткөн. Кана, эмнеге токтоп калдыңар. Издегиле! Тинткиле! Тапкыла! Соттогула мени! – дедим кызууланып. Мендеги бир ой, чемоданды обыска кылып бүткөндөн кийин гана беттерине жаба-жаба түкүрүп, тигил мени ууру туткан кыздарды кууп чыгайын деп ойлодум. Чемодан ачылды. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, бир заматта көңүлүм караңгылай түштү. Таң каларлык окуя. Көргөн көзүмө ишенбей эз болдум да калдым. Чемодандын алды жагынан бир кыздын косынкасы, экинчи кыздын ич көйнөгү, үчүнчү кыздын жаңы тигилген жибек юбкасы, дагы-дагы майда барат бир топ немелерди кызыл-тазыл кылып сууруп чыгышса болобу.

Ал эле дейсизби, мындан эки-үч ай мурда жоголгон Сатыбектин чөнтөк сааты да менин чемоданымдан чыкты. Аны мен өз саатым бузулуп калганда убактылуу пайдаланууга алып, анан уурдатып жиберген болучумун. Ал кезде бул жатаканага келе элек болучубуз. А дегенде көзүмө көрүнгөн жалгыз гана Сатыбек болду. Ал өңү өзгөрүп, мени жеп жиберүүчүдөй карап туруптур. «Өңүң жалтырак, ичиң калтырак турбайбы. Балдар үйүнөн мактангандай эле тарбия алган экенсиң!» – деди да, чаап жиберүүчүдөй муштумун түйүп маңдайыма жакын келип тура калды. «Тфу, бетиң курусун. Эми жооп берип жат буларга», – деп бетиме жаба түкүрүп, бөлмөдөн чыгып кетти. Мурун-кийин мындай жамандыкты көрбөгөн мен, эмне кыларымды билбей, айран таң, сүт кымыран болуп калтырап турдум. «Жалаа, акмын. Булар мага атайын жасашты. Акыйкаттагыла. Жүзү кара, жалакорлорго колтук ачпагыла!» – деп үй жаңырта кыйкырдым. Ыйладым. Бирок менин сөзүмдү бул сапар тургандардын ичинен эч ким колдободу. Балким, өлгөнүмдөн кийин ак менен караны ылгашар. Мени акташар. Акыры акыйкат жеңерине көзүм жетет. Бирок анда кеч болуп калат да. Милицияга бир сутка жатып калдым. Эртеси колумдан расписка алып, институттун кийлигишүүсү боюнча убактылуу бошотушкандыгын билдирип, КПЗдан чыгарып жиберишти.

Көчөгө чыга албай калдым. Студенттердин алдында өзүмдү күнөөлүү адамдай сездим. Мени деканыбыз чакыртып жибериптир. Кеч барыптырмын, күтүп олтуруп кетип калыптыр. Таппай кайра тарттым. Менин «уурулугум» жөнүндө укпаган киши калбаган көрүнөт. Студенттердин арасы шыбыр-күбүр. Өзгөчө мени менен салмакташып жүргөн кыздарга ок эле жага бербей калыптыр. Мен жакындай бергенде «тигине ууру кыз, көрдүңбү?» дешип бири-бирине сөз ыргытып, мага угуза сүйлөп, каткырып күлүшөт.

Сатыбек тигил мени ууру туткан кыздардын бирөө менен мурда сүйлөшүп жүрүп, кийин мени менен таанышкандан кийин аны карабай таштап койгон имиш. Ал мага мындай деп кат жазыптыр: «Ракат, мени жолдошторумдун алдында шерменде кылдың. Сыягы, сен жакшы кыз эмес экенсиң. «Эне көргөн кыз эмес, эндик тийген бет эмес» дегендей, ата-энесиз жетим жүрүп, жедеп уурулукка берилип, бузулуп бүткөн кыз турбайсыңбы. Алиги сен юбкасын уурдап алган кыз менин туңгуч махабатым болучу. Сенден алган соккудан кийин гана ал кыздын ким экендигин билдим. Ошон үчүн мурунку сүйгөнүмө кайрылгандыгым үчүн мени күнөөлөп, ич тарлык кылба. Бир сөз менен айтканда, мындан аркы бактыңды эми менден эмес, башкалардан изде.

Эртең комсомолдук жалпы жыйналыш болот экен деп уктум. Сыягы, сенин ишиңди соттошкону жатышса керек. Мен сени ошол айыбың ачылган күнү уялганынан өлүп калат го деп ойлодум эле. Бирок өлбөптүрсүң, тирүү кайра келиптирсиң. Кол менен кылган күнөөңдү моюн менен көтөрүүгө бел байлаган сыягың бар. Менимче, бул жерден тез арада кетип калсаң түзүк болор эле деп ойлойм.

Кош. Акыркы саламым менен Сатыбек».

Ойлочу байке, ушундай соккудан кийин менин тирүү жүрүшүм кимге таңсык. Бирок акыйкатчыл коллектив акыйкатташар. А балким, акыйкаттабас. Кээде акыйкат дегенибиз аба менен аралашып, асманга учуп кетет да, чындыктын бетин калдайган кара туман каптап кара өзгөйлөр үстөмдүк кылып да кетет. Ошол, байке, өлүүгө татыктуу иш болуп жатканын өзүңүз да салмактарсыз. Мына, ажал да колумдагы сааттын жебеси менен тең айлана чуркап, уламдан-улам жакындап келе жатат. Эл көзүнө экинчи көрүнбөй, комсомолдук жыйналышка түшпөй тезирээк жок болушум керек.

Мен Сизге кунумду кууп ал деген ниеттен алысмын. Бирок болгон окуяны болгондой жаздым. Кош, байке,

биз эми эч качан көрүшпөйбүз. Ооба, түбөлүккө. Сиз мени сагынбаңыз да, ойлобоңуз да. Күйүткө күйүп, өзүңүздү жоготуп албаңыз. Ойлосоңуз сиз күйө тургандай жакшы иш кылган жокмун мен. Жолдошторду тандоону билбептирмин. Бир гана сизден акыркы жолу сурарым күнөөмдүн чоңун да, жогун да кечирип коюңуз. Мен сүрбөй калган өмүрдү, мен бүтпөй калган окууну, мен иштебей калган залкар иштерди сиз окуп, сиз иштеңиз, сиз сүрүңүз. Акыйкат менен чындыктын ээси болуңуз. Оо, менин көзүмдү ачып көргөн, оозумду ачып өпкөн, уктап жатсам ойготкон, ыйлап жатсам сооротkon, сүйүктүү уялашым, кош. Акыркы жолу бетиңизден өбө, колуңуздан кыса кармап, кучактап РАКАТ».

Толкун катты кыйналып, жүрөгү сыздап, кээде өзүнө өзү ээ боло албай солуктап олтуруп окуду. «Сыртынан бир көргөн киши Чокоевдин ичи толгон мынчалык оор кайгысы бар деп кантип ойлойт. Барып турган арманы арылбаган, күйүткө чөккөн, бактысы тайкы адам деп ушул жигитти айтыш керек. Гүлдөп турган кезинде мезгилсиз солуп жок болуу кандай аянычтуу, ээ. Же жанакы кичинесинде энеси менен чогуу дайынсыз талаада өлгөн Токушу сыяктуу эрте өлүп калса эмне!» – деп ойлоду. Нурлан киргенде ага боору ооруп, ичи ачып, жүрөгү күйүп турган калыбында жалооруй карады,

– Окуп бүттүңбү?

– Бүттүм, байке. Жаман кеп болгон экен да.

Ордуна жаңыдан олтурууга камынып бараткан Нурлан токтой калды:

– Эмне жаман болуптур?

Кыз өңү түктөйүп, ордунан козголо берип, оңдонуп олтурду. Ракатты Нурланга жаңы угузуп жаткансып, оозунан сөз араң чыкты.

– Карындашыңыздын ууланганы.

Нурлан жадырап күлдү.

– Ракат өлгөн жок, ал тирүү кагылайын.

Толкун сүйүнгөнүнөн ордунан тура калды.

– Чын айтасызбы, байке!? Ох жаным, өлүп калган экен деп ойлободум беле. Ылайым тирүү болсун.

– Ракаттан кечээ жакында эле кат алдым. Бул жерде суурмамда турат. Түш көргөн имиш, ошону жазыптыр мага. Энем Токушту ээрчитип келиптир дейт. Экөөбүз кучакташып алып аябай ыйлап жатыптырбыз. Бир сени сагындык энеке, балдарыңды таштап кайда кетип калдың дейм. Мына эми, Нурлан экөөңдү издеп келбедимби. Эми эч жакка кетпеймин, ажырашпай чогуу болобуз мындан ары. Бирок экөөң бир жакка чыкканда ажырашпай чогуу жүргүлө. Кокустан адашып кетип шорумду кайнатасыңар, – деп баякыда балдар үйүнө бизди узатып жатканда айткан сөзүн айтат. Токуш баякыдай эле кымындай бойдон экен. Энем да картайбаптыр. Бирок бизди таппай ыйлап жүрүп эки көзү көрбөй калган имиш. Энемди Токуш жетелеп жүрөт экен. Биз балдар үйүнө кирип кайра чыкканча экөө тең кетип калыптыр. Эч жерден издеп таппай калдым. Ары-бери жүгүрүп издейм. Үнүмдүн бардыгынча кыйкырып: «Эне, энекебай, Токуш!» – деп чакырам. Таппай калдым. Анан экөөнү издеп бет алды кете бердим. Бир кезде энем мени көздөй кайра келаткан болуп калат. Баякы кичинекей Токуш эми чоң кыз болуп калыптыр. «Тобо, бат эле чоңоюп кетиптир», – деп таң калам. Эми экөөң Нурланды таап алсаңар коркпойсунар. Силер ушул жерде калгыла. Мен атаңарга барайын. Тынччылык экөө жол карап калды го! – дейт энем. Энемдин кеткенине ушунчалык кайгырып, ичек-боорум эзилгенче күйүп-бышып, тим эле эзилип жатыптырмын. Ыйлап жатып ойгонуп кеттим. Көздөн аккан жашыма жаздыгым чыланып калыптыр, – деп жазыптыр карaлдым.

– Ойлосо керек. Ошон үчүн түшүнө кирген да. Энени бала, баланы эне унутпайт тура. Мен атам менен энемди сагынганда канатым болсо учуп жетким келет. Айла жок.

Бардык балага ата-эне бирдей ысык, бирдей ыйык да. Баса, байке, анан эмне үчүн карындашыңыз жанакыдай кат жазган?

– Да-а, ошондой кайгылуу мезгилдер да өткөн.

Толкундун көздөрү акылдуу жоодурады.

– Эх, Нурлан байке, ырас эле өзүңүз айткандай жаштарга сабак болуучу кат экен. Каттын акыры эмне менен бүттү? Сиз бардыңызбы?

– Мен ошол кезде өзүбүздүн республиканын бир областында практикада жүргөн элем. Ракаттын оорусу катуу деп институттан мага телеграмма келди. Аны мага телефон аркылуу билдиришти. Фрунзеге жетип келгенимче бир-эки күн өтүп кетти. Жолдошторум мен келгендин эртеси эртең менен поезд менен узатууга чыгышты. Паровоздун жөнөөгө берилген акыркы гудогу жер-сууну бузуп, кара кочкул түтүн буртулдап асманды көздөй атылды. Поезддин дөңгөлөктөрү шарактай түшүп кыймылга кирди. Бири-бирине чиркешкен вагондор шарактай түшүп алдыга жүткүндү. Кол булгалашкан жолдоштордун тобу бир заматта менден алыстай башташты. Поезддин жүрүшү ылдамдады. Артта калган жолдошторду терезеден кылчайып карадым. Бир мезгилде таманы жерге тийбей чымын-куюн болуп вагондон вагонго өтүп чуркап келе жаткан республикалык прокуратуранын секретарь-машинисткасын көрдүм. Колунда бийик көтөрүп алган пакетти көзүм чалды. Мен турган терезеге жанаша түшүп, поезд менен тең жарышып келатты. «Нурлан! Нурла-а-н! Ракаттан кат!» – деп энтиге сүйлөгөн кыйкырыгы кулагыма шак дей түштү. Мен шашып калдым. «Поездге урунасыз!» – дедим. «Эчтеке эмес, карма», – деди ал. Мен колумду сундум. Конверттин учу тийгендей болду. Тигил артка чегине берди. Кат кудай жалгап менде калды. Бүткөн боюм ысып чыкты. Ракат конверттин ичинен күлүп тирүү чыга калчудай көрүндү. Бирок мен ойлогондой болгон жок. Катты окуп чыгып кара көзүм

кашайып, жалгыз карындашымды жутуп алган экенмин деп гана ойлодум. Алдагы сен окуган кат ошол болучу. Эх, ошондогу күйгөнүм ай, Толкун. Өлүп кетемин го дедим эле. Бирок өлгөнүм жок. Поезддин астына өзүмдү таштоону да ойлодум. Эгер күйүткө чыдабай өз жанымды өзүм кыйып өлүп кеткен болсом, карындашым ошондо анык өлмөк экен. – Нурлан папиросту эмне үчүндүр үстөкө-босток уламдан-улам көбүрөөк тартып жатты. Бөлмөнүн ичинде аркы-терки жай басып жүрүп сүйлөдү. Илеп тартып кайра үйлөп чыгарган тамекинин көгүлтүр түтүнү Нурландын оозунан үйдүн шыбын көздөй жүлүндөй сызылып чыгып, айланага каалгыган бойдон жай тарап, каңылжаарды өрдөп, көөдөндү уруп турду. – Жок дегенде байкушумдун жүзүн көрүп коштошпой, же топурак салбай калдым деп жолдо катар өкүнүп да, өксүп да бараттым. Эчак коюп койгондур деп ойлодум.

Иш мен ойлогондой болбой чыкты.

Ракат катты мага жиберип коюп, уксузду жаңыдан иче баштаганда институттун мугалимдери келип үстүнөн чыгыптыр. Сыягы, аз ичип калган көрүнөт. Ажалынын жоктугун кара, эшик илинбей ачык бойдон калыптыр. Кокус илип алып ичкенде, дароо бүтмөк иши. Мен барганда карындашым ооруканада экен. Олда көлөкөм ай, студент болсо да институтка кадыры мынча экенин мурда байкоос алган эмес экенмин. Анын узун өмүрүн тилеп, менден кыйын камкордук кылып жаткандар көп экен.

Мени театралдык институттун директору баш болгон мугалимдер менен Мосфильмдин башкы режиссеру, мен өзүм окуган университеттин коллективи, Ракат экөөбүздүн курбу-курдаштарыбыз гүл менен поезддден тосуп алышты. Алардын жаштуу көздөрү, күнөөлүү адамдардан бетер калтырап чыккан басмырт үндөрү көзүмдөн да, кулагымдан да эмгиче кетпейт. Анткени кыздын абалы ошол, мен келген мезгилде өтө оор экен. Ал эмес киши таанбай жатыптыр. Адам болобу, болбойбу деген суроо

ар кимисинде бар экен. Тосууга чыккандардын баары эле жалжылдап мени эле тиктеп, аяп тургандай сезилди. «Ракат өлдү. Биз аны эчак көөмп салганбыз. Күнөө өзүн өзү өлтүргөн ууру карындашында, кечигип келген өзүңдө», – деп ойлоп жаткандай туюлду. Поезддин тепкичин жаздым басып алып учуп кетиптирмин. Мени жерге жеткирбей жолдоштор кучагы менен тосушту. «Ракат тирүү. Эмне сен минтип өзүңдү жоготуп жатасың» деген сөздөр, жашоосун аяктап, муздай түшкөн жансерек жүрөгүмө кайра баштан кан жүргүздү.

Элден, коллективден айланса болот. Мен барганча эле иштин бети ачылып калыптыр. Ракаттын өз жанын өзү кыйып өлүш үчүн уу ичкени институтка ошол эле замат дуу коюптур. Эгер Ракатты издеп деканы келбегенде болору болуп, боёгу канып бүтмөк экен. Кудай жалгап ооруканага өз убагында жеткирилип, ажалдан аман алып калышыптыр...

Нурлан токтоп-токтоп, ойлоно калып, кээде күлүмсүрөй түшүп, жай сүйлөп жатты. Ал өзүн ушул мезгилде карындашы Ракаттын тирүү калганына канчалык сыймыктанып турса да, дагы бир кымбат нерсеси жетпей, өмүрү бир эли бөксөрүп тургансыган бир күчтүү агым маңдайында олтурган бейтааныш Толкунду жүрөккө атып жаткандай болду.

– Карындашыңыз азыр кайда? Иштейби бир жерде?

– Иштейт, иштейт. Мурда Москванын өзүндө Мосфильмге актриса кылып калтырышкан. Азыр театралдык институтта сабак берет. Бала-чакалуу болгондугуна байланыштуу фильмде иштей албай калды. Мурда күнү Сочиге учуп кетиш керек эле. Мага ошентип телефон чалган болучу.

– Күйөөсү барбы?

– И-и, бар. Бар үчүн акар-чакар болуп олтурат да. Жолдошу врач. Мыкты хирург. Азыр ал военный госпиталда иштейт. Мен ошол күйөө баламдын колунан

сакайып чыктым, Толкун. Өзү силердин көлдөн. Сенин жердешиң. – Нурлан унчукпай калды. Бакыракайынан келген сурмалуу коймолжун окшош көздөр бири-бирине кадала түштү. Жүрөгү дүпүлдөп, ичи ысый түшкөн Толкун көзүн ылдый түшүрдү...

* * *

Толкун Саматтын ишине күбө катары чакырылды. Ал айылга келгенде күн кечтеп калган болучу. Күнү-түнү тынбай жаап, чайыттай ачылган күндүн суугунан тү деген түкүрүк жерге түшпөйт. Темир аяз чыкылдап бети-колду каарыйт. Али абдан таптала элек тоңголок кар аяк астында кычырайт. Там үйлөрдүн морлорунан бозомтук түтүндөр созолонот. Айлана күйгөн тезек жыттанып, кыздын мурдуна алда немедей жагымдуу жыт берет.

Айылга кире беришиндеги узунчасынан салынган боз тамдын көчө жак терезесинен жарыктын бүлбүлдөгөн бүдөмүк шооласы чыгат. Имаштын үйү деп ойлоду кыз. – Абас экөө жакшы жолдош эле. Баатырдык менен курман болду деп кагаз келген. Жаркылдаган кайран жигит. Анан кыз бир күнү Абас менен Имаштын ушул үйдөн чыкканын, алардан уялып, өзүнүн жашынып калганын эстеди. Экөөнүн дүнүйө капар жадырап-жайнап басып келаткан жерин карап келатып маңдайындагы жалгыз түп терекке жөлөнүп бышактап ыйлап турган өспүрүмдү көрдү. Кыз токтоп калды. – Үйдө бирөө кошок кошуп жатат окшойт, – деди Толкун өзүнүн титирегенин токтото албай. – Имаштын күйүтү аз келгенсип дагы кимисин угузган. – Каныш эненин улуу баласы Болотбекти эстегенде Толкун коркуп кетти...

Көчөнүн ортосу менен келаткан аял Толкундун жанынан өтө берип кайра бурулду.

– Э, кагылайын, сен кайсы баласың? – Толкун селт этти.

– И жеңе, мен эле, тааныбай жатасызбы?

– Астыңа кетейин, Толкунсуңбу. Боронзодон келаткансың го. Суукта бул жерде эмнеге турдуң үшүп? – Аял кызды бетинен өптү.

– Каныш энемдин үйүнөн ый чыгып жатабы?

– Аа арман күү-н, уга элексиңби. Болотбекти да угузган. Эртели кеч балдарын ушинтип жоктойт шордуу. Келининин да эси жок неме экен. Каныш энеге таарынымыш болуп, төркүнүнө кетип келбей койбодубу. Небереси экөө эптеп күн көрүп жүргөндө жаман иш болду. – Аял терекке жөлөнүп турган баланы карап шыпшынып алды. – Кагылып кетейин ай, ыйлап турат окшойт ээ. Оо, окшошкон шордуу жетимдер, убалыңар пашиске жетсин... Сенин ата-энең да келишти эле. Качан кетишкенин көрбөй калдым. Менден беш бетер бырбыңдап Зайракан да жашык неме тура. Ыйлап жатып болуп калды окшойт. Шордууларды карап эсим ооп олтуруп, кеч киргенин да билбей калыптырмын. Эми келатам. Байкуш балдарым тиштеринин кирин соруп куурады го ачка.

– Кайда бардыңыз эле?

Тигил Асанбай карыянын жанарак эле эки баласын бир угузбадыбы. Кара кагаз көп келиптир деп жатышат. Канчабыздын шорубузду кайнатар экен бул согуш. Энеси баш болуп, кыз-келиндери тим эле беттерин чарыктай тытып салышыптыр. Мындай күндү адам баласына бербесин. Тим эле кызыл чийге түшүп жатышат. Эчтекеден капарсыз эртең менен эле кенже уулун аскерге узатып, пристанга барып келишиптир. Кагылайын Толкун ай, кандай заман, кандай күн болуп кетти? Ырас сенин атаңды аскерге албай өкмөт өзү калтырган тура, өнөрлүү өлбөйт деген ушул кагылайын. Ырыстуу балдар экенсиңер.

Аял арт жагына кылчайып кулак тосту.

– Өкүрүк чыгып калды. Асанбайдын келиндеринин төркүндөрү келе элек деп жатышты эле... Ошолорбу, же башка үйгө келген немелер болду бекен. Бир күнү

соо калган күн болсочу. Күндө ый, күндө өкүрүк. Тобо, кудай, ушул күндүн кенемтесин чыгара турган күндү көрөр бекенбиз. – Аял жакасын кармады. – Минтип олтурса журттан тукум калбайт го, кагылайын. Оо, кудай Гермендин түп орду менен өрттөнүп өлгөнүн уксак ээ!

Толкун аялдын оозун тиктеп аңкайып, үнсүз турду.

– Астыңа кетейин, ушуп кеттиң окшойт. Барагой эми... «Кокустан атам уста болбой калганда, шорубуз биздики да катмак экен. Түү-ү атасыз калуу кандай жаман. «Эр азаматтын баары кетип мен каламбы. Мени да жөнөткүлө, дегеле тылда калбайм. Катын-бала, карга-сагызгандын ичинде өз теңдүүлөрүмөн ажырап коколой башым калабы», – деп аскер комиссариатына атасынын үйүндөгүлөргө ээ бербей барганын эстеди. Бирок албай койду. Кызык киши, – деди кыз, – аскерден кээ бирөө калуунун аракетин кылып жатса, атам өзү жанталашты догурунуп». Толкун дарбазага жеткенде билди үйүнө келип калганын.

Кичинекей калитканы аяр кармап ачып, короого кирер-кирбестен эле, баатадан алы-жаны калбай ичип-жеп жулкунуп үрүп жаткан Кумайыктын сүрдүү үнү Толкунду көрүп кан буугандай басылды. Көптөн бери көрбөй көзүнөн учуп сагынган дөбөт өз кишисин көргөндө куйругун шыйпаңдатып, боору менен жерге жата калып кыңшылап жиберди. Анан кайра ордунан кош аяктап тикесинен тура калып кызды көздөй каргыды. Толкун чемоданын эшик алдына коё коюп, Кумайыкты көздөй жүгүрдү. Колундагы сумкадан бөбөктөрүнө деген пряниктин бирөөн алып, иттин алдына таштады. «Кумайык! Кумайык! Байкушум, сен да мени сагындыңбы?» – Жонунан сылап эркелетти. А Кумайык болсо алдындагы пряникти лап эттирип бир сугунуп коюп, Толкундун колдорунан жалап-жуктап эркелеп жатты. Үйдөн дүрбөп чыккан бөбөктөрүнүн ызы-чуусу кызды шаштырды.

– Кудай, э-же-кем!

– А-та-а, эжекем келди.

– Сүйүнчү энеке, эжекем келди. Кудай, кудай эжекем келди.

Толкунду короонун ортосунда жылаңаяк, жылаңбаш, көйнөк-ыштанчан чыккан бир туугандары ортого алып, кучактап жыгылышты. Бутунан орой кучактап, өзүн карап эжелей күлүп турган Чолпонду Толкун жерден көтөрүп алып бооруна басып, сыга-сыга кучактап өпкүлөп жатты.

Балакетиңди алайын кулунум, аман-эсен келдиңби? Дени-кардың сакпы? – Зайракан кызынын бети-башынан туш келди өпкүлөп жатты. Аялынын көрүшүп бүтүүсүн күтүп, топусун желкесин көздөй жылдыра берген Султанбек барк этти.

– Ой байбиче? Бала үшүп кетпедиби? Калганын үйгө киргенде деле өпчү бай болгур. Секет кетейиним менен мен деле учурашайын да.

– А-а түгөнгүр, сен да бар белең. Мына учураш эми. Очойбой кел бери. – Зайракан көз жашын башындагы жоолугунун учу менен сүртө берип, Чолпонго умтулду. А кыз болсо эжесинин мойнун орой кучактап, бетин бетине тийгизди.

Сени келет деп угуп үч күндөн бери жолуңду тособуз. Өлүктөн келип, кара жолду карап олтуруп үшүгөнүмдөн жаңы эле кирип чечиндим эле. Кайсы тараптан келип калдың? – Султанбек кызынын маңдайынан кор жыттады. – Тосуп баралбай калдым. Куурадың го жөө.

Кара аякка суу куюп чыккан эне эшик алдынан Толкундун башынан тегеретти.

– Түкүр.

Толкун өзүнөн көз албай, дем тартпай тиктеп турган бөбөктөрүнө карап коюп, күлүмсүрөп оозун булк эттирди.

– Капырай, көңүлдөнүп эле жакшыраак түкүрсөң.

– Мына, тү-тү-тү. Болдубу? – Зайраканга карап жарк этти.

Айтыңызчы энеке, Сиз молдосузбу? – Камчыбек энесин ээрчий басты. – Молдолор сууга мурда өздөрү түкүрүшөт. А сиз эжемди түкүртүп жатасыз? Кайсынысы туура, ыя энеке?

Султанбек ортодон чыкты.

– Бакшыныкы туура.

– Ким бакшы? Баякы биздикине эжемди дарылаганы келип, Сиз урган молдобу? – Канатбек нурданып турду.

– Молдо кара жерге кирсин. Зайракан бакшы. – Балдар кыт-кыт күлүштү.

Бардыгы кубанычтуу кожурашып үйгө киришти. Толкун сырт кийимин чечери менен Канатбек, эжесинин колунан алып илгичке илди.

Бутуңду чеч, балам. Алдагы булгаары өтүктүн канча жылуусу бар дейсиң, аягың аяздан каарылды го каралдым. Деги чулгооң барбы? Галош тапкан эмес экенсиң ээ эмгиче. – Эне тынчсызданды.

– Таппадым. Жаны галош колдо абдан кымбат болот экен. Эскини алгым келбеди. Мындай деле бутум үшүбөйт. Бир жаман жери тим эле тамany муздай тайгак.

– Байка катыгүн, кокус бутуңду кокустатып алба жыгылып. Мен сени алды го дебедимби. Калаада бир кызыл кулакта бар экен галош. Эчен-эчен алайын деп албай койбодумбу. Ка-а-п, кара баскан жанымай. Эми ан үчүн калаага барыш керек. Кой, сен кеткенче жөө болсо да өзүм барып алып келип берейин. Шалбыраң келсе өтүгүң түшүп калат.

Султанбек башын чайкады.

– Тим эле кыйратчу киши. Жөө барам деп коёт.

– Жөө барбасам, сен алып бар.

– Каңкуулабай эле ошентпейсиңби. Жумуштан кийин Толкундун өтүгүн ала барып, кийгизип көрүп алып келебиз. Анын эмнеси бар экен.

– Сага айткандан жазганып жатпайымбы, колум бошобойт деп кыйкырат экен деп.

– Балдарым үчүн кыйкырбай калайын.

– Ата, менин өтүгүмө бардыгы кызыгат. Булгаарысы да жакшы экен, сулуу да тигилиптир дешет.

– Кебинен кетирбей кийиш үчүн галош керек кагылайын, – деди Султанбек мештин оозунда оттү үштөп жагып жатып. – Сенин бул өтүгүңдү кандим болгон чебер өтүкчү тиккен да. Тааныштын иши тааныш тура, балам. Бүттү го деп алганы барсам, калыптан чыгара элек экен. Дагы эки-үч күндө келиңиз Султаке, калыпта канчалык көп турса өтүк ошончолук сындуу болот. Кебинен да кетпейт. Бул өтүктү кызыңыз кеминде үч-төрт жылы тепкилеп киет, – деген эле.

Зайракан кызына плитага жакын калыңдап төшөк салды. Толкундун буттарын кармалап көрүп капааттана сүйлөдү.

– Кагылып кетейиним ай, байпактарыңдын башы түшүп калган тура, кокуй. Бутуң муз менен таш да. Чулгоону да жука оронуптурсуң.

– Калың оросом тултуюп батпайт.

– Бул жип байпагыңдын башын кесип салып, жаңы жүн носки менен баштап берейин. Мындай, отко жакын олтурчу. Ысык чай ичсең жылып кетесиң.

– Кенедей да үшүгөн жокмун. Баскан киши үшүбөй эле ысыйт экен. Анын үстүнө ичимде өпкө тонум бар да. Мен айылга келгенде үшүдүм. Астымдан Кагаз жеңе чыгып, ошону менен сүйлөшүп туруп калчылдап кетиптирмин.

– Капырай, алыстан келаткан баланы кармап, эмне сөзү бар экен сенде?

– Эмне сөзү болмок эле, айылдагы эле өлгөн-житкендерди сүйлөп атып...

– Энеке, токок соёбузбу? – Камчыбек эшик алдынан үн катты.

– Мен талканды алып келем! – Чолпон эжесинин астынан ыргып турду.

– Сен билбейсиң, кызым, өзүм алып келем азыр. Андай эле иштерге иш таппай турсаң, дасторконду сала бер.

– Эжеме деп каткан майыңды дагыбы, энеке! – деди кыз көздөрүн балбылдатып.

– Ооба, майды дагы. Олда, тактаган балакет ай.

– Май дейт. Ал кошкон май да, – Канатбек Толкундун сөзүнө түзөтүү киргизди.

– Энеке, бизге даココ бересиңби?

– Берем тегеренейиндер.

Зайракан ичпей-жебей кызына сактаган талкан-талканын алып кирди. Көптөн бери мындай кеңиричиликти көрбөгөн балдар Толкунду тегеректеп, дасторкондун үстүндөгү кошкон майды карап шилекейин жутушуп, моюндарын созушат.

Эне балдарына кичинеден бөлүп берди.

– Болду эми, эчтеке көрбөгөнсүбөй кийин олтургула. Тигини эжеңер жесин. Силер үйдөсүңөр го. Окуймун деп ичсе-ичпесе жок жүрүп шапайып арыктап алган тура каралдым. Жок дегенде кеткенче беш күн болсо да карды бөксөрбөй турса экен. Ала кеткендей азык камдап бере алар бекенбиз.

Балдар туш-туштан чыгышты.

– Энеке, ушундан башка такыр кошкон май жебейбиз. Бардыгын эжекем жесин, макулбу. Биз жарма эле ичебиз.

– Коюңузчу, эне! Ошол кантип акыйкат болсун. Мен эмне, Мекеден таш көтөрүп келдим беле? Тең эле жейбиз. Ач болсок да чогуу, ток болсок да чогуу бололучу. Алагой Чолпонка, кана баарыңар тең.

Чолпон энесин жалт карап алып, жазгактай сүйлөдү.

– Жо-о-к, мен тойдум. Сиз ачкасыз да.

– Ким айтат мени ачка деп, тоюп эле жүрөм. Кабырылып ичи ичине катып турган Толкун колундагы ысык кымыранды, сүйлөп жатып байкабай чоң ууртап алып көзүнөн жаш ыргып кетти. Маатай болуп кызара түшкөн кыз чынысын жерге коё койду.

А кыз болсо эжесине жасакерлене сүйлөп, божурай берди.

– Сен билесиңби эжеке, энем кампадан эгин тазалап жатып өтүгүнүн кончуна буудай катып келген. Биз ошондо бадырак жегенбиз. Сизди атам деле, энем деле айтып жатышпайбы, ачка жүрөт дешип. Кызым келгенде жесин деп мөөнгө май куюп катып койгон. Анан жумуртка да чогулткан. Атаке дейм, энем эжемди сагынып ыйлаган ээ. Билесизби, эжеке, энем сизге жүндөн, – Чолпон колун жая салып кулачын кере көрсөттү, – момундай, эң эле сонун чо-о-оң жоолук, анан мээлей, анан дагы байпак согуп койгон. Көрсөтөйүнбү, ишенбесеңиз. Сандыкта ээ, энеке.

– Жашабагыр, жарылдаган, мунуңар эжеме тамак ичирбес болду. – Канатбек Толкунга көрсөтпөй, колун далдалап туруп, Чолпонго муштумун көрсөттү.

– Карачы, эжеке, Канатбек мени урамын деп жатат?

– Кой, кой Канат абасы, Чолпонумду урба. Кызга тийсең томаяк болуп каласың.

– И-и, кантесиң. Эжем сени уруштубу? Льа-льа-льа...

Балдардын төшөгүн салып жаткырып коюп, Зайракан менен Султанбек кызы менен жарптары жазылганча сүйлөшүштү. Уйкусу келгенге карабай Толкундун тизесине башын коюп, Чолпон үргүлөп жатат. Эл арасы муңдуу го, энеке. Кара кагаз көп келип жаткан окшойт ээ.

– Айтпа, балам. Тим эле жан кулактын учунда. Анысы аз келгенсип жокчулук жондон басып турат элди. Дагы биздин жаман кара уй ишке жарап, балдарга аш катык болуп жатты эле, байып калды. Тооктордун жээр жеми жок, ачкасынан кырылганы турушат. Көрдүңбү, тим эле көк жашык. Жарытып жумуртка да бербей калды. Атаңдын арыгын кара. Силерди ачка болуп калбасын деп, куу кекиртектин айынан жарым чыны талкан чыга турган жер табылып, жумуш чыкса, таң атканча узанат уктабай.

– Байкуш атам, – деп ойлоду Толкун куркуюп мойну узарып, тартайып эти кетип, бетинин чүкөсү чыгып картая түшкөн Султанбекти жалооруй тиктеп. – Согуш бүткөнчө биздин тамагыбызды таап, кийимибизди бүтөйм деп жүрүп куурайт экенсиң го?

– Сенин ал жакта экениңди ким билип чакырыптыр?

– Прокурор өзү.

– Пуркорол!..

Толкун Нурландын өзү жөнүндө шектенгенин эстеди.

Ушуну ата-энеме айтсамбы деп кыялдана түшүп, кайра иренжип кетти.

«Ушул да оозго алуучу сөзбү. Кантип эле өз ата-энем өгөй болуп калсын. Кой, кой, кой, ошондо эле бул жагымсыз жаңылыкты көңүлүмдөн өчүрүп салайын дебедим беле. – Анан өз кыялында ата-энесин тиктеп туруп: «Окшошкон каралдыларым», – деп ичи элжирей жалынып койду».

– Иниң айттыбы сага, оюнкеметке чакырганын.

– Ыя?! Эмнеге чакырыптыр? Кичинекей немениби? – Ал мага эчтеке айткан жок.

– Тим эле бирдеме деп сүйлөйт десе, сүйлөй берет экенсиң да. Сурап кайра коё бериптир. Жаңылыш чакырса керек.

– Жок, ата, жаңылыш эмес. Чарба книгада, балким, жашы чоң жазылып калып жүрбөсүн.

Зайракан Султанбекти жактырбаган кейипте карады.

– Эмненин жаңылышы болмок эле. Айылдагы Канатбек менен жашташ балдардын баарына бабиске келиптир.

– Аа, ошондой бекен?

– Олда, балам ай, анын эмнесине үрпөйдүң мынчалык. Өкмөт өзү керек десе алар, керек дебесе калар. Маңдайга жазганды көрөбүз да. Кантебиз. Биз эмне, элден башкача белек. – Султанбек оюндагысын айтты.

– Ооба, атаң ушунтип камаарабайт. Баса десең, камаараганда кантет эле. Чындыгында менин коркконум Камчыбек

эмес, сенсиң балам. Деги шумдук, – деди кичирейип бараткан чыракдандын билигин оңдоп жаткан Зайракан демин ичине тартып. – Мындай болот деп ким ойлоптур. Кайран Зайнидин. Эгерде аны Саматтын өлтүргөнү чын болсо эмне болор экен? Тегеренип кетейин төл башым ай, өзүңө залакасы тийбесе эле болду го. Менин коркконум атаң экөөңсүң.

– Бизди эмне кылмак эле? – деди Толкун бүркөлө түшүп.

– Эй, макоо баш, өкмөт деген өкмөт, акты кара, караны ак деп бирөөнүн отуна бирөөнү күйгүзүүчү мезгил өтүп кеткен. Көп болсо Толкунду күбө катары сурар. Самат деген айбан жөнүндө эмне билсе ошону айтып берер. Андан башка эмне...

– Эмнеси курусунчу. Ылайым Саматтан башкалар колдуу болор күнү кайда. Самат олтурду дегенче биздин башыбызга да кайра баштан балакеттер үйүлдү дей бер, Султаш. Зайнидиндин ичине бычак салалбай турган туугандары сени бир балакет кылабы деп корком. Эмитеден эле бизди каргап-шилеп жатат дейт.

– Мен кызымды Саматтан тартып келип бергенге жардамчы бол деп Зайнидинге асылыптырмынбы. Бардыгын өз адамкерчилиги, өз жүрөгү, өз башы менен иштеген.

– Ошондой болсо да энем туура айтып жатат, ата. Бул иш эл ичинде унутулбай айтылып жүрө турган сөз болуп калды го. Самат түрмөдө жалгызбы? – Толкун Чолпондун башын сылап олтурган калыбында улутунду.

– Баякы Алыйка деген келинди да камаптыр деп жатышат. Ошол экөөлөп өлтүргөн имиш го.

– Жүзү каралар, кантип колдору барды экен. Байкуш Зайнидин агай, же бир көп кишинин бир киши болсочу. Ой, кудай ай, ушундай да шумдук болот экен ээ. – Толкун жашып барып токтоду.

Кыз ата-энесинен Саматтын киши өлтүргүч айыбы кандайча ачылганын укту. Бирок кантип, кайдан, эмне кылып өлтүрүшкөнүн али ачык билишпейт экен.

Эгер имиштерге караганда иштин башы мындай болуптур. Самат менен Алыйканын ортосундагы «жаштык махабат» бара-бара отко салган темирдей чыңалып, бензинге ширенке тийгендей дүркүрөп алоолой берет. Колхоздун жумушун бетине кармаган Алыйка үй-бүлөсүнөн оолактай баштайт. Кээде талаага конуп-түнөп да калат. Муну көргөн абышка-кемпир бири-бирине сыр билдирбей ичтеринен сызат. Күндөрдүн биринде чал кемпирине опурулган имиш «Элдин келиндери ишин иштеп, жумушун жасап келип эле, үйлөрүндө жүрүшөт. Алыйкага айтсаң боло, тизгинин тарта-тарта жүрсүн. Күйөөсү тигинтип кудай жолунда канын көө-көрлөп, башын канжыгалап өрт кечип жүрүп Акинайлап, өпкөсүн калбыр кылып кат жазат. Колтугуна суу бүркүп, желиктирип жүргөн бирөө бар окшойт муну. Качан болсо эле Самат экөөнүн бирге жүргөнүн көрөм. Ушунчасында келиниңдин басыгын оңдоп, оң жолго сал. Жолго салуу колуңдан келбесе ачыгыңды айт. Алыйкага сен айта албаган сөздү мен айтамын» дептир. Кемпирдин ою абышкасынын сөзүн жөндүү көрүп турса да ажылдап коё берет. «Кайын эне болбой калганыңа тобо. Күнү-түнү куурап жумушта жүрсө, ушул сөзүңдү сакалдуу башың менен кантип уялбай айтып олтурасың. Уят кокуй, менден башка киши укпасын катыгүн, бул сөзүңдү. Иши кылып жаман күйөөсү аман-эсен келип, акжолтой келин болсо Самат менен бирге жүргөнүнө мынчалык эмнеге жаның кашайып кетти. Талаа жери кең дегендей, теңтуш немелер күлсө күлөр, сүйлөшсө сүйлөшөр, ошондон бирдеме болуп кетет бекен. Жумуш деген жумуш да. Бирге басып, бирге туруп иштебесе, кандай иштешет көпчүлүктүн ишин. Иштей берсин колунда күчү, жүрөгүндө оту барында. Же экөөбүздү тиктеп маңдайыбызда олтурса дейсиңби». Кемпир этек-жеңин кагынып ордунан турат. Абышка байбичесин эликтеп, мыскыл күлдү да: «Акылдуу кайын эненин тарбиялаган келини», – деп күңк этти.

Ушунтип жүрүшкөндө Алыйка кош бойлуу болуп калыптыр. Мурда-кийин курсак көтөрүп, бала төрөп көрбөгөн тажрыйбасыз аял боюнда барын кеч байкайт. Самат аны алмак болот. Бирок айылдын шарты, ага-туугандык өтмө катар байланыштар бул ишти жүзөгө ашырууга бөгөт болот. Эмне кылып ачыкка чыгуунун айласы табылбай дендара болуп жүргөн кезде Саматты аскерге чакырып калат. Анан ал боюнда бар келинди алдап-соолап төркүнүнө жөнөтүп жиберет. «Аскерге кетпөөгө аракет кылам. Ишим бир жаңсыл болгондо өзүм барам артыңдан. Ага чейин атаңдыкына барып туруп тур» деген имиш. Бирок Самат бул сапар калууга аракет кылган жок. Ал, тескерисинче, аскерге кетүүгө өзү сурап, кабат-кабат арыз жазса да албай коюшту. Анткени Саматтын оорусу бар экен.

Күндөр өтө берет. Бирок кийин Самат убадасы боюнча Алыйканын артынан издеп барбайт. Күндөрдүн биринде келин каттоочудан кат жазып жиберген болот. Кат алып келген киши Саматтын тоодо карагай даярдоодо жүргөнүн угуп, келгенде берип коёр деп, аялдын катын колхоздун бухгалтерине таштап кетет.

Чатактын башы ошол каттан башталыптыр. Бухгалтер жигит Жоларык айлынан «Социализм» колхозуна келип иштеп жаткан Ата Мекендик согуштун инвалиди болучу. Кат жигитти кызыктырды. Ал камыр менен бекем чапталган, чакмак кагаздан колго жасалган конвертти ачып жиберет. Каттагы сөздөрдүн ичинен жигиттин жүрөгүн опколжутуп, көңүлүн шектенткен бир гана сөз болду. «Самат! Эгер мен сенин кылмыштуу иштериңдин бетин ача турган болсом өмүр бою түрмөдө чиририңди билесиңби?» дептир. Бухгалтер ойго батты. Зайнидиндин каны Саматтын мойнунда тургандай болду. «Өмүр бою түрмөдө чирий тургандай» киши өлтүргөндөн башка дагы кандай күнөөсү болууга мүмкүн. Ата Мекенди коргоодон качты дейин десе, качмак түгүл, өзү суранып арыз жазып да

аскерге кетпей, ден соолугуна байланыштуу калып калды деп ойлоду. Эмнеси болсо да Саматты текшерип көрүш керек деген пикир анын эсинен чыкпайт.

Ошондон кийин арадан көп убакыт өтпөй бухгалтер атайы шаарга барат. Ал прокуратуранын конторасына барып, ал жерден башкы тергөөчүгө кирип, болгон окуяны айтат. Анан ошол жерден күбө болгон катка кошуп арыз жазып калтырат. Бирок ал арыз суна турган кишиден жаңылат.

Анткени тергөөчү Ракыйманын бир тууган иниси болучу. «Карга карганын көзүн чукубайт» дегендей, ушунтип Саматтын чырагына май тамганын бухгалтер кайдан билди. Ошентип, жазылган арыз прокурордун өзүнө жетпей жок болду. Бара-бара каттын изи ың-жыңсыз изи сууй баштайт. Ушул арада Самат: «Ден соолугум начар болсо да Ата Мекенди коргоого баргым келет. Мен өңдүү эр азаматтар эл-жерин душмандан коргоп, кан майданда жүрсө, мен оорумун деп четте калгым келбейт. Согушка жөнөтүүңүздөрдү суранам», – деп аскер комиссариатына дагы арыз менен кирди. Бирок бул сапар дагы анын өтүнүчү орундалган жок.

Арыздын ээси прокуратурага келгенде баякы тергөөчү жигит прокурордун убактылуу милдетин аткарып калган кези болучу. Иш таптакыр терс жагына айланды. Прокурор Саматтын ишин билгендигин айтат. Анын берген справкаларына караганда Самат сүттөн ак болуп чыгыптыр. Бухгалтер Зайнидиндин иши боюнча ары чапкылап, бери чапкылап жүрүп жедеп чарчайт. Акыры бухгалтер булардан эчтеке чыкпасына көзү жеткенден кийин, өзү берген Алыйканын катын кайтарып берүүнү талап кылат. Бирок тергөөчү «прокуратурага түшкөн арыздар кайра кайтарылып берилбейт» деген шылтоо менен бербей койгон имиш.

Ушундан кийин бухгалтер болгон окуяны баштан аяк толуктап жазып Саматтын үстүнөн иш козгоо өтүнүчү

менен республикалык прокуратурага, болгондо да прокурордун өзүнө кайрылат. Самат жөнүндөгү иш ушунтип чиеленишет.

Уккан сөзгө караганда Фрунзеден келген тергөөчү Самат менен Алыйканы бирине бирин көрсөтпөй сурак кылып жаткан имиш. Саматты сураганда тергөөчү: «Зайнидинди Самат өлтүргөн. Көмгөн жерин да билем. Беттештирсеңер баарын мойнуна коюп беремин, – деп айтып жатат Сарбанова», – десе, аялды сураганда: «Самат баарын мойнуна алды. Алыйка экөөбүз өлтүргөнбүз», – деп жатат Бакожоев. Кимиңердин сөзүңөр чын экенин билбей калдым. Ал сизди аламын деп алдап оозун басып жүргөнмүн дейт го. Сиз Саматты сүйгөнүңүз менен, Самат Сизди сүйүүчү эмес тура. Анын артынан өзүңүз чуркап жүрүп максатыңызга жеткениңизди айтып жатпайбы. Ишиңиздин жеңил болорун кааласаңыз чындыкты гана айтыңыз дептир. Анан Алыйка корккону нан, менден мурда Самат мойнуна алып коюптур деген ишеним менен бардыгын төкпөй-чачпай, билгенин билгендей, көргөнүн көргөндөй айтып бериптир. Бирок Самат дагы эле мойнуна албай танып жатыптыр, – деп бир даары айтса, бир даары «Зайнидиндин Самат колдуу болгону төгүнгө чыгып жатыптыр. Жакында тергөөчү түрмөдөн тигил экөөнү бошотуп, алардын үстүнөн жалган арыз жазгандыгы үчүн Аманды камайт экен» деген сыяктуу сөздөрдү айтышат

«Шамал болбой чөптүн башы кыймылдабайт» дегендей, элдин этер имиш сөздөрүнүн көбү чындык болуп чыкты. Алыйка ырас эле бул убакта Саматтын айыбын ачып салган болучу...

Аялдын айтуусу боюнча Зайнидиндин сөөгү Акжардан табылды. Сотмедэксперттин чыгарган корутундусуна караганда анын айткандарынын баары далилдүү болуп чыкты. Тергөөчүнүн столунда экинчи күбө катары деп эсептелген адамдын канына боёлгон брезент-шалча жатты. Күнөөлүү Саматтын үстүнөн топтолгон материалдар

көктөлгөн делого кошумча документ болуп «Социализм» колхозунун башкармасы менен кампачысынын колу коюлуп, мөөрү басылган справка тиркелди. Анда «Заготзернодон» колхоз убактылуу он даана брезент-шалча алгандыгы көрсөтүлгөн. Башка колхоздуку менен алмашып кетпес үчүн бардыгынын четтерине «С» деген тамгалар басмаканадан алынган кара боёктор менен даана жазылган. Мамлекетке төгүлгөн кызылдар машинанын ачыктарынан чубуруп калбас үчүн Саматка бирөө берилип, ведомостко кол койгондугу айтылган. Кийин Самат брезент-шалчаны уурдатып жибердим деген шылтоо менен экинчи жолу кол коюп, дагы бир шалча алып кеткендиги справкага жазылган болучу.

Тергөө жүрүп жатты.

– Зайнидин менен кандай чыр-чатагыңар бар эле? – Тергөөчүнүн үнү сүрдүү чыкты.

Жаак эттери шимилип, көздөрү ичине кирип, суу ичкендей кубарган Самат селт этти. Бакалоору бүлкүлдөп, деми буулуп, жансыз боло түштү. Буттары титиреп турду. Кеберсиген эриндерин анда-санда жаланып коёт. Кулактары делдейип, кудум өлгөн кишиникиндей кансөлү качып купкуу. Күнөөлүү эки-жагын корко карайт.

Тергөөчү буйра сүйлөдү.

– Туруңуз ордуңуздан?

Саматтын башы өзүнөн өзү калчылдап кетти. Ал ордунан өзүн көтөрө албай жаткансып, зорго козголду.

– Суроого жооп бериңиз?

– Эмне деп сураганыңызды эстей албай жатам. Тергөөчү суроосун кайталады. Самат мукактанды.

– Аны менен эч кандай байланышым жок эле, жолдош тергөөчү.

– Достук жайыңарчы?

Ырасын айтсам досум да, касым да эмес болучу. Көрүшкөн жерде саламдан башка бири-бирибизге карызыбыз жок эле.

– Арак ичесизби?

– Ичем. Бирок шарты келгенде.

– Зайнидинди машина менен урдурганда, балким, мас болсоңуз керек?

– Соо киши кантип ушундай ишке барсын.

– Жок, жок, жолдош тергөөчү, мен аны ал күнү дегеле көргөн эмесмин.

– Мурда урдуруп өтүп, андан кийин атайын өлтүрүү максатында машинанын арты менен тебелеткен эмесмин дечи.

Тергөөчүнүн көздөрү сүрдүү жалындады. Калчылдаган Самат андан көзүн ала качты.

– Ошентип, танамын дечи?

– Жарабаган сөз. Аны көрбөсөм кайдан жүрүп тебелетем.

Тергөөчү обочо столдо жаткан брезент-шалчаны узун жыгач сызгыч менен түртүп көрсөттү.

– Муну тааныйсызбы?

Баятадан бир бүшүркөп, бир бүшүркөй албай, эки көзү кайра-кайра ошол жакка түшө калып, үрейү учуп олтурган Саматтын көздөрү коркконунан тунарып, кулагы туна түштү.

– Ал эмне? – деди бир оокумдан кийин.

– Эмне экенин көрбөй турасызбы? Зайнидиндин сөөгүн орогон таарыңыз да.

– Жок, жок, мен мындай таарды көргөн эмесмин. Бул меники эмес. Меники машинада калган.

– Колхоздон канча брезент-шалча алдыңыз эле?

– Бирди.

– Бирди дейсизби? А ведомост боюнча экини алган турбайсызбы?

– Экини?! А-а, туура-туура алган экенмин. Эми эстедим. Биринчисин уурдатып жиберип...

– Мында Сарбанованы келтиргиле, – деди жигит туура тушундагы эшикке бурулуп.

– Саматтын өңү кан ичине тартып кумсарып турду.

Арадан көп убакыт өтпөй акчыл жүзүн бузуп, кичинекей кырдач мурдунун үстүн октолой тартып, эки бетинин отун көрсөтпөй кара сепкил баскан орто бойлуу, мойну кекиликтей болуп арыктаган, тотуккан келин бөлмөгө чалыштай басып кирди. Курсагы чердейип, чемирчеги кайкалап, ай күнүнө жетип калган Алыйканы көргөн көзүнө ишенбегендей, Самат оозун ачкан калыбында үнсүз турду. Ал аялдын ичи чоңойгондон бери көрө элек болучу. Иштин терс жагына айлангандыгын көргөн Саматтын денесин майда калтырак басты. Тергөөчүнүн кыраакы көзү аял менен Саматка алмак-салмак тигилди. А Самат болсо ойлонуп жатты. «Эх, шерменде, ичи да чоңоюп алган тура. Акыры менин түбүмө жетүүчү сен экенсиң да». Күнөөлүү жигит Алыйканы зааркануу менен теше тиктеди. Аял менен эркектин көздөрү бири-бирин жыландай арбашып жатты.

Баятадан бул экөөнү байкап, унчукпай олтурган тергөөчү Саматка кайрылды.

– Бул аялды тааныйсызбы?

– Жердеш катары билем.

– Айтыңызчы жолдош Сарбанова, Зайнидинди ким өлтүрдү?

Келин Саматты карабай, башын жерге салып күңк этти.

– Самат өлтүрдү.

– Жал-га-а-н! – Күнөөлүү кыйкырып жиберди. – Эй жүзү кара шерменде, качан? Жалтанбай айтып турган сөзүн? Кана, кайсы күнү, кайсы жерде, ыя? Мунун сөзүнө эч кандай ишенбеңиз, жолдош тергөөчү. Бирөөнүн тили менен ак безертпеңиз мени. Бул өзү бузулган ыплас аял. Ич күйдүлүк менен айтып жатат. Башкалар менен кылган кылмышын мага жалаа жаап…

Мойнуна алды деген Саматтын оозунан мындай жагымсыз сөздү укканда аял бети менен кете жаздап барып

оңолду. Ал тергөөчүгө айткан мурдагы сөздөрүн танууга даяр турду. Бирок ал болгонду болгондой айтып, иштин бетин ачып салгандыгын эстегенде эмне кыларын билбей кетти. Ал эми күтүүсүз жерден уккан эмелеки Саматтын бети каралык жагымсыз сөзүнөн ичи оттой күйүп, өз кулагынан өзү үркүп, төбөсүнөн ылдый муздак суу куюп жибергенсип сене түштү. Анын өзү жөнүндө берген бул мүнөздөмөсү бүткөн боюн үркүтүп барып кайра чыйралтты. «Акмактын айтканын көр. Мен бузулган, ыплас аял болуп калган турбайымбы, буга. Ириген ооздон, чириген сөз чыгат деген ушул. Же мени айтып койду деп бет тырмаарлык кылып жатабы. Мунун минтип танып жатканын кайдан билдим. Ай мейли, өлмөктөн доңуз копсун. Болору болуп, боёосу канды. Шумдук, тергөөчү десе кандай болот дечү элем. Көрсө, ушундай жиги жок иштеген амалдуу адамдар болот тура. Бирибиздин сөзүбүздү бирибизге билгизбей, кан чыгарбай мууздаган тура булар. Эми танууга кантип болсун, сөз эмес, сөөгүнө чейин сууруп чыгып олтурам. Зайнидиндин каны кантип узатсын, муну. – Аял Саматты ушунтип чайпалып карап туруп, – эх, азыткы, киши өлтүргүч» – деди жипкирип.

– Кандай ич күйдүүлүк, кандай жалаа менен дейсиз? – Тергөөчү башын көтөрдү.

– Ичиндеги баласын мага догуруп…

Аял кызууланып, Саматтын сөзүн бөлдү.

– Ит экенсиң ээ, Самат. Жылуу ордумдан суутуп, шаарымды бузган сен эмес белең, өңгөнү тансаң да баланы кантип танасың?

– Эмне? Мен сеникин алаканым менен басып жүрдүм беле?

– Ошентип, кара өзгөйлүккө салсам ишим жеңилдейт деп турасыңбы? Зайнидин агайдын арбагы урар сени.

– Бас жаагыңды. Башкалар менен жасаган кылмышыңды мага таңуулаба. Уктуңбу?! Сенин мага окшогон жолбун эрлериң толуп жатат. Башка бирөөлөрдүн отуна

күйгүзүп жоготоюн деген экенсиң ээ. Энеңди урайын талпак…

– Тарт тилиңди. (Тергөөчү баятадан Саматты сиз деп сүйлөп, сиз деп сурап жаткан. Ал ачуусуна чыдабай сен деп кирди) Кайда олтурганыңды билесиңби? – Жигит ордунан тура калды. – Жолдош Сарбанова, Саматтын Зайнидинди өлтүргөнүн кандай далилдейсиз?

– Менин көз карашымда ушул эркек сымал сөрөй Зайнидин менен башынан эле жаман болуш керек. Анын атын укканда, же бирөөлөр мактап калса, тим эле тишин кычыратып, муштумун түйүп, өлүп кете жаздачу. Зайнидин менин биринчи душманым дечү.

– Жал-га-а-н! – Самат кыйкырып ордунан тура калды.

– Тынчтаныңыз. Сизге сөз тийгенде ошондо сүйлөңүз. Тергөөчү кайра баштан Алыйкага кайрылды.

– Эмне үчүн душманым дечү эле, билбейсизби? Саматка бурула карап сүйлөдү Алыйка.

– Менин колуктумду бузуп, кайра алып кеткен Зайнидин болучу. Аны өзү алганы жүрөт деп айткан жок белең. Барып турган бузуку, материалчы, ичи тар киши деп айтчу элең го аны. Мени соттоткон, милицияга каматкан ошол дебедиң беле.

– Ыйманыңды жебей сүйлө, Алыйка, – Самат кайра тура калды. Тергөөчү столду муштады. Аял жигитти жаман көзү менен бир карап алып сөзүн улантты.

– Кырман маалы болучу. Бул машинасы менен эгин тартуучу пристанга. Бир күнү Жоларыкка таякемдикине барып келели деп калды. Бат эле келебиз дегенинен оюмда эчтеке жок жаным, мейли деп кошо кеттим.

– Күндүзбү?

– Кеч бешим болуп калган.

– Анан мен жолдо бир таанышымдыкына түшүп калдым. Самат таякесиникинен көптө келди. Зайнидиндин ушул жерде жүргөнүн айтты мага. Экөөбүз жөнүндө ал ушак таратып, элге жайып жүрүптүр деди. Сени менен жүрмөк турсун, алып алсам эмне кылат экен.

Мен Самат айтып келген сөздү угуп кыжалаттана түштүм. Элден-журттан уялдым. Чындыгында эле бул экөөбүздүн топурагыбыз асманга учуп, даңкыбыз таш жарып жаткан кез болучу. Зайнидин агайсыз эле улуу элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетип калганбыз. Зайнидин агай антип айтчу киши эмес. Эмне кереги бар бирөөнүн күнөөсүн көтөрүп. Ушактын чыгышына ал киши эмес, өзүбүз кунөөлүбүз да. – Мен Саматка ушул сапар чынымды айттым. – Ушакка ууктурбай, алчу болсоң албайсыңбы. Кош бойлуу да болуп калдым, – дедим.

– Анда Самат эмне деди? Аламын дедиби?

– Аламын деди.

– Сен ошого ишенип, макул болдуңбу?

– Өзүм сурап жаткандан кийин макул болом да. Макул болбоско кантип болот эле. Эмне үчүндүр ошол кезде Саматты жакшы көрүүчүмүн. Анын үстүнө мен жогоруда айткандай элге билинип калган элек. Күйөөм келген күндө да баары бир үй-бүлө болбосубузга көзүм жетип калган.

– Жоларыктан чыкканда кайсыл жолго түштүңөр?

– Шаарга кетүүчү чоң кара жол менен.

– Айта бериңиз андан аркысын. Мезгил кеч беле?

– Биз айылдан кеч чыктык. Жолду теңдеп калганыбызда алды жактан машинанын жарыгынан кимдир бирөөнүн карааны көрүндү. Ал биз жакындай бергенде колун көтөрүп калды. Самат токтобой өтүп кете турган болду эле, мен болбой машинаны токтоттурдум. Машинага чукул келген кишини карасам Зайнидин агай экен. Ал Саматтан шаардагы үйүнө жеткирип коюуну сурады. Самат ага башка жакка барарын айтып, түз жооп берген жок. Зайнидин кайталап сурап туруп алды. Минип келаткан атын согуштан демобилизацияланып жарадар болуп келаткан жоокерге түшүп бергенин айтты. Самат агайдын суроосуна, ыргылжың болуп туруп макул болду. Бирок азыр тигил орус селосуна бара турган иши бар

экенин билдирди. Күтсөң кайра келатканда ала кетейин деп убада беримиш болду. Менимче, бул ойдо жок жерден табылган Саматтын куру шылтоосу болучу. Анын мурда орус колхозуна бара турган жумушу жөнүндө уккан эмесмин. Бул Зайнидинди албастын гана шылтоосу болучу. Биз Зайнидинден бир аз өтө берип, тоо тарапка бурулдук.

Самат ал жердин коён жатагына чейин билет көрүнөт. Селого кире бериштеги четки көчөнү бойлоп, бир аз жүрүп келип, үстү балык жон кылып жабылган эски үйгө токтодук. Үй ээси бизди ала күү тосту. Көрсө, булар самогон кайнатышат экен. Ары-бери караганча Самат экөөбүздүн алдыбызга оозу тар, карапа кумарага куюлган сасык арак келтирилди.

Самат мас болгон абалында кайра рулга келип олтурду. Түн. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы. «Мастын колдогону бар» деген сөз чын окшойт. Арык-чөнөккө карабай урдуруп келе жатты. Мен Зайнидин агайдын эмдигиче, араба-параба же машина чыгып калса кетип калгандыр деп ойлодум. Ырас эле менин оюм туура чыкты. Ал баякы биз көргөн жерде жок экен. Биз бир топ жүрүп келгенибизде машинанын фонариги алдыда жөө кетип бараткан адамдын сөлөкөтүнө чагылды. Көрсө, Зайнидин анчалык көп узай алган эмес экен. Ала кетели дедим мен. Самат мени бир карап алды. Машина шалдырап катуу келе жаткан. Тигил жөө киши жолдон чыга берип, кайрадан кол көтөргөндөй болду. Машина ага чукул калды. «Акырындат», – дедим Саматты каруудан кармап. Машина кандайдыр жолдон чыга түшкөндөй ойт берип кеткендей болду. Көз боочудай болуп, бир заматта алиги адамдын караанын эч кайдан көрүнбөй калды. Коркуп кеттим. «Токтот, токтот машинаны» – деп рулду Саматтан талаша кеттим. Машина токтогондо учуп түшүп, артымды көздөй чуркадым. Зайнидин агай чалкасынан жыгылыптыр. Ал турууга аракет кылып, кимдир бирөөнү сөгүп жатыптыр. Мен агайдын башын көтөрө койдум.

– Эмне болуп кетти? Амансызбы? – дедим шашкалактап.

– Аманмын, – деди кейиштүү үн менен.

Аңгыча Самат каалгый басып, менин артымдан келди.

– Эх, Самат, Самат! Мас болсоң керек ээ иттин баласы! – деди. Анан мага карап: – Сен кайсы келинсиң, айланайын, – деди мага кыйналган үн менен сүйлөп. Мен үндөгөнүм жок. – Карыптын колуктусу эмессиңби? Жаштыгың... – деп, дагы бирдеме айтайын деп баратып, кыймылдай берип, үнүн бардыгынча катуу кыйкырып жиберди.

Зайнидиндин онтоосу уламдан-улам күчөп, ооруган жерлери эми даана билинип, жанын көзүнө көрсөтүп жаткандай болду. А Самат болсо жарадарды карап мыскыл күлүп, эки колун чөнтөгүнө салып, табалап тургандай болуп көрүндү көзүмө. А балким, караңгыда мага ошондой күлүп тургандай туюлдубу, билбейм. Самат чындыгында эле Зайнидинди тиктеп кыймылсыз, селейип турган болучу. Балким, ошол саамда эртеңки күнкү жоопкерчилигин эстеп, эмне кылардын амал-айласын ойлоп жаттыбы, ким билсин. «Эмне карап турасың, тезирээк догдурга жеткирбейсиңби? – деди Зайнидин бир кезде эрдин кан чыгара тиштеп. – Эки бутумдун тең жиликтери кычырап жаткансыйт, сынса керек». Ал сөзүн үзүп-үзүп кыйналуу менен зорго сүйлөп жатты. «Ох, жаным ай. Кандай кырсык болуп кетти а...»

– Тур мындай, – деди мени түртүп. – Шашпаңыз, азыр бардыгы жайында болот! – Зайнидиндин башын менден алып, жерге койду. Анан мени өзүнө чакырды. Самат машинанын кабинасына кирди. «Олтур!» – Мага буйра сүйлөдү. Таң кала түштүм. Ачуум да келди. «Эмне, жарадар кишини таштап, жардам бербей качканы турасыңбы?» – дедим жүрөгүм коркконумдан оозума тыгылып. «Баары бир жоoптуу да, соттуу да болдум. Сени да таанып калды. Ошон үчүн мен анын көзүн биротоло тазалайм»,

– деди. Саматтын бул ырайымсыз суук сөзү Зайнидинге жетпесе экен деп коркуп кеттим. Бирок айтканына ишенгеним жок. Тек гана мени кантээр экен деп сүйлөп жаткан сөзү болсо керек деп ойлодум. Самат машинадан кайра түштү. Көзүмө масы эчак тарап, таптаза боло түшкөндөй көрүндү. Артынан мен да томолондум. Зайнидин агайдын жанына барайын деп ойлодум. Аңгыча, колума баллондон жасалган резина челекти берип жатып минтти: «Чурка тээтигил жерде суу бар. Чуркап барып тезирээк сүзүп келе кой. Тигиге суу жуткузуп алалы. Мен астына салып жаткызгыдай чөп жулуп келейин. Анан муну тезирээк догдурга жеткирели. Кокус талаада өлүп калып балакетине калбайлы» – деди кишисинип Самат.

Мен сүйүнгөнүмдөн, колума берген резина челекти алып жыгылып-туруп суу бар деген жакка чуркап бараттым. Эсимди кудай алганда бул тегеректе аккан суунун жок экенин да билбей калыптырмын. Бир топ жерге узай бергенимде машинанын мотору күрүлдөп иштей баштады. Эмне болуп кеткенин билбей эз боло калдым. Менин жаман оюмда: «Самат качканы жаткан экен», – деп гана шаштым кете түштү. Артыма кайра жүгүрдүм. Кулагыма «Самат, айланайын, жан соога» деген Зайнидиндин аянычтуу үнү угулду... «Өлтүрбө мени. Бутум гана сынды. Жакшылыгыңды эч качан унутпайын. Эмне шумдук кылганы жатасың» деген үнгө удаалаш, Саматтын ырайымсыз сөзү чыкты. «Көрбөй турасыңбы, эмне кыла турганымды, – деди кабинадан башын чыгарып. – Акыры ажалың менден экен. Келмеңди келтирип, керээз-мурасың болсо айтып кал». Зайнидин жанталашып, таза кишидей сүйлөдү. А машина болсо күрүлдөп, артын көздөй жылып баратты. Менин бир көргөнүм Зайнидин агай таза кишидей ордунан тура калып кайра жыгылгандай болду. А мен болсом эки көзүмдү катуу жумган бойдон машинага жетээр жетпестен бетим менен кеттим...

Самат бул кезде эси эндиреп, эки колдоп башын мыкчый кармады. Ал мурункудай Алыйка менен жаакташып айтышпай да калды. Тек гана мойнуна ысык сорпо төгүлгөн немедей кыймылсыз өлүк-салык болуп олтурду.

Чыканактай болгон жаш тергөөчүнүн кубакай жүзү кер сары тартып, жылдыздуу жазы мандайы жыйрылып турду. Тиштери кычырап, жадыраган кой көздөрү ала чакмак болду. Каны кайман, каары бетине чыкты. Өңү түктөйүп жаак эттери түйүлүп турду. Саматты көзүндө огу болсо атып жиберүүчүдөй бир демге тиктеп туруп: «Эх, мыкаачы, ошентип өлтүрүүгө кантип гана жүрөгүн даап, колуң барды экен жүзү кара. Сен адам эмес эле фашист турбайсыңбы». – Жигит жийиркеничтүү жерге бир түкүрүп алып, ордунан туруп бурулуп кетти. Саматтын арт жагында олтурган милициянын сержанты менен лейтенант демдерин ичине алып, дымый түштү.

Күнөөлүүлөрдүн скамейкасында шалдайып олтурган Самат ордунан козголо берип, чөнтөгүнө колун салды. Анан ал тамеки тартып алууга тергөөчүдөн руксат сурады. Эби жок айрылган кагаздагы махорка Саматтын калтыраган жансерек колунан чачылып кетип жатты. Балчайта оролгон махорка текши тутанбай, бир жак капталынан «түтөп күйө» баштады.

Бөлмөгө тергөөчү кирип келатканда Самат колундагы тамекини калдыгын полго таштап, буту менен тебелеп өчүрдү.

Суроо дагы эле Сарбанованын адресине берилди. Алыйка сүйлөй баштады.

– Самат шашып калды, – деди аял. Машинанын үстүндөгү брезент-таарды алып түшүп, өлүктү орой баштады.

– Зайнидиндин жаны чыгыптырбы?

– Жок, тирүү экен. Түшүнүксүз бирдемелерди сүйлөп жатканга окшоп үнү алсыз, эң эле акырын чыкты. Самат кокус машинагабы же жергеби кан тамбасын деп сактанды окшойт. Тим эле кийиз түргөнсүп, таарга томолотуп

жатып бир нече кат кылып ороду. Андан кийин машинанын кузовун ачып, экөөлөп көтөрүп салдык. Андан кийин Зайнидиндин жерге аккан канын тазалап туруп, үстүнө кум аралаш топурактан төктүк.

– Силер минтип жатканда жолдон эч ким өткөн жокпу?

– Өткөн жок. Анткени эл аягы эчак басылып, түн ортосу эчак ооп калган кезек болучу

.– Анан эмне болду?

– Анан алып келип көмдүк. Ал жердин кандайлыгын өзүңүздөр көрдүңүздөр го. Укмуштай жар экен. Суусу башка нукка ооп кеткен эски өзөндүн ичи менен жүрүп олтуруп, бир кезде суу жеп, жемирилип калган жерге токтоп машинанын бортун ачып, өлүктү ошол жээкке такай коюп туруп, кайра чыгып үстүнө жарды көчүрүп жибердик.

– Ал кезде Зайнидин өлгөн бекен?

– Тирүү болсо керек. Биз машинадан түшүрүп, жардын астына коюп жатканда жаны бардай сыяктанган. Ой, кудай ай, адамдын жаны чыгыш оңой эмес окшойт...

– Сиз эмне үчүн ушул убакка чейин мунун кылмыштуу иштерин жашырып келдиңиз?

Аял мукактанып, унчукпай калды. Ал күнөөсүн кандай жол менен жашыруунун амалын ойлоп жаткандай туюлду. Колдору менен алмак-салмак бешмантынын бүчүлүгүн тынымсыз кармалап, үйдүн дубалдарын кыркалата тиктеди. Анан көздөрү акырын жылып олтуруп, Саматка келип токтоду...

Милициянын узатуусунда аял чыгып кетти.

Тергөөчү Султанбекованы чакырды.

Самат кызды көргөндө жинди болгон немедей титирей түшүп, ордунан ыргып турду.

– Толкун! Сен да келдиңби?

Кыз Саматты зорго тааныды. Баякы агы ак, кызылы кызыл болуп, бетинен кан тамган Саматта кырып алар кызыл жок. Анын бүткүл касиетин бирөө уурдап кет-

кендей, жайнап турган жылдыздуу, көпкөлөң жигиттин ордунда бир бечара мусапыр олтургандай сезилип кетти. Жыл бою суу ичип, катуу ооруган немедей мойну узарып, жаак эттери шылынып, мурду коңкоюп, көздөрү ары кирип, өлөр өңү чыгып калыптыр.

Толкундан көз албай дагы эле тикесинен жалдырап карап турган Саматты олтур дегендей, тергөөчү карандашынын арты менен столду тыкылдатты. А Толкун болсо катырган немедей, Саматтан көзүн албай мисирейип, үнсүз турду. Таманынан өөдө карай дүрүлдөп жылып бараткан муздактыкты сезди. Ал уламдан-улам көөдөндү көздөй өрдөп олтуруп, жүрөк тушуна келип токтогондой болду. Кыздын уйгу-туйгу болгон жүрөгү кагуусун токтотуп, тоңуп бараткансып тыптынч боло түштү.

– Жолдош Султанбекова, Саматты тааныйсызбы?

Байкоосуздан берилген бул суроо кызды кулак түпкө ийне менен сайгандай туюлду. Эмне деп жооп бериринин баш-аягын таппай аптыкты. Тааныйм деп айтамбы? Анан тергөөчү кайсыл жагынан, кандайча тааныйсың десечи. Толкун өз башынан өткөн, Саматтан көргөн күндөрдү кайра баштан эстегиси да, аны уккусу да келген жок. Эстемек турсун ал жөнүндө бирөөнүн оозунан аты аталып кетсе, жүрөгү оозуна тыгылуучу. Аны эстетип, ал жөнүндө сураган адамдарды Толкун өлгөндөй жек көрүүчү.

Олтургандардын көзү да, көңүлү да Толкундун өзүндө тургандай көрүндү. А тергөөчү болсо берген суроосунун жообун күтүп жаткансып кызды кадала тиктеди. Толкун бир топтон кийин башын акырын көтөрдү. Каректери жылдыздай балбылдап жигиттин көзүнө чагылышты. Тергөөчүнүн жүрөгү опкоолжуй түшүп, тез-тез урду. Кандайдыр өзүнө тааныш, көңүлүнө жакын кишисин ал экинчи жолу кезиктирип олтурат. Бул айдай болгон периштени мурда кайдан көрдүм эле? – деп ойлоп жатты көңүлүндө. Жигит оңдонуп олтурду. Кара терге түшкөн Толкундун оозу бүлк этти.

– Тааныйм.

Тергөөчү кыздын сөзүнөн жыйынтык чыгарып жаткансып аркы-терки баса баштады. Кайра келип ордуна олтурду.

– А Зайнидинди тааныйсызбы?

– Кантип таанубайын. Тааныйм. Ал мени биринчи класстан баштап, онунчу классты бүтүргөнгө чейин окуткан.

Толкундун мууну бошоп, көз жашы мөлтүлдөп турду. Колдорунун манжаларын кайра-кайра кырсылдатып, айтайын деген сөздөрүнүн бирөө да оозуна келбей сүрдүктү.

Самат өзүн кандай жол менен ала качканын, анан ата-энеси менен Зайнидиндер келип, кайра кантип алып кеткендерин айтты.

– Түшүнүктүү. Айтңызчы, Сиздин оюнуз боюнча Зайнидиндин өмүрүнө Саматтын кол салышы мүмкүн деп ойлойсузбу?

– Актай албайм.

Кыз өз сөзүн айтып бүттү.

* * *

Толкун менен Камчыбек экөө эртең менен шаарга, прокуратурага кетишкен. Үйдө Чолпон менен Зайракандан башка киши жок. Эне-бала кампадан үйүнө алып келген үрөндүк арпаны үйдүн ортосуна таар жайып алып, чар-чабырын терип олтурушкан. Тыштан Канатбек энтигип чуркап кирди.

– Эне! Эшикке машина менен бир чоочун киши келди.

– Кайдакы неме экен?

– Билбейм, милийса го.

Зайракандын өңү бузулду.

– Милийса? Милийса экенин тааныдыңбы? Ал мында эмине кылып жүрөт? – Аялдын колундагы тазаланып табакка салынган арпа каптын оозуна жетпей жерге тө-

гүлдү. Энесинин калтаарыган кебетесин көргөн Канатбек сестее түштү.

– Жок, жок, энеке, милийса эмес, ошого окшогон киши. Ким экенин билбейм.

– Эмне деп тамтаңдап жатасың?

– Кудай урсун, тамтаңдабай эле. Султанбек атамдын үйү ушулбу деп сурады. – Ооба,– дедим. – Үйүңөрдө ким бар дейт. Энем бар дедим. Мени кучактап өптү. Ошол. – Канатбек терезеден эшикке көз чаптырды. – Энеке! Тигине, ишенбесеңиз, ошол киши өзү да келатат. Бизди тааныган неме болсо керек.

Заматта Зайракандын санаасы санга болүндү. Кантсе да Зайнидиндин өлгөнүнө байланыштуу Султанбек менен Толкунду алып кетүүгө келген милиция кызматкерлери болуп жүрбөсүн деген коркунучтуу ой эненин көңүлүн чакчелекей түшүрдү.

Бейтааныш кишинин төбөсү короо жакты караган терезеден көрүндү. Ал буйдалбастан түз эле үйдү көздөй келатат. Эшик ачылды. Зайракандын көптү көргөн кыраакы көзү, жигитти кайдан, кайсыл жерден көрдүм эле дегенсип бүшүркөдү. Жүрөгү опколжуп, көздөрүнөн чаар чымын учту. Мууну бошогондон бошоп, оозу батташты.

Жигит жылдызын чачып, энени көздөй умтулду.

– Айланайын ардактуу эне, саламатсызбы? – анын оозуна ушундан башка сөз кирбей, Зайракандан беш бетер калтырап кетти.

– Са-ла-а-мат! – Зайракан сөздү сөзүп, муунга бөлүп сүйлөдү.

Үнү алсыз чыкты. – Тааныбай жатам, сен өзүң кайсы баласың кагылайын? – Аял тоңгон немедей кыймылсыз турду.

– Менмин эне, уулуңузмун!

– Уулуңузмун?! Кандайча?! Жок, жок, менин сендей уулум жок. Калп айтпа, чырагым. Балким, бирөөнү издеп жүрбө, мага окшоштуруп.

Жигит балалык таза мээрими менен бакырып барып эненин кучагына жыгылууга даяр эле. Бирок Зайракандын салкын сөзү, купкуу болуп турган коркунучтуу иреңи жигиттин көңүлүн кайнап жаткан сууга бир кесек муз таштап жибергендей дымытып барып, кайра көтөрдү.

– Айланайын мээрбан эне! Антип айтпаңызчы, уулум эмессиң дебеңизчи. Мен Сиздин балаңызмын. Жоголгон апамды, жоодон өлгөн атамды, сагынып таппай жүргөн бир туугандарымды издеп келдим. – Ал коргошундай эрип бараткансыды. Канатын күүлөп, алыска учуучу барчындан бетер кучагын жая талпынды. – Мен Нурланмын, апа! Алтын шилекейиңизди чачыратып коюңуз, мендей мусапырга. Атам экөөңүздөргө өмүрүм өткөнчө, башым жерге жатканча карыздар болоюн. Балам деңизчи мени. Ысып келген дилимди суутпаңызчы. Эне! Энекебай! – Нурландын тамагы жашка муунуп, кардыгып чыкты.

Аял бул күтүлбөгөн окуяны өңүндө эмес, түшүндө көрүп жаткандай, акыл-эсин жыя албай дел болуп турду. Анын көзүнө жүдөп, азып-тозгон, узун бойлуу, бакыракай, коймолжун көздөрүнүн чарасы бөксөрүп, жедеп арыктап бүткөн, мойну укуруктай узарып, сүйрөлө баскан Шайымкулдун сөлөкөтү жигиттин жанында, анын катарында тургандай болуп көрүндү. Ал үнүн кубануу менен толкундуу чыгарып, жадырап сүйлөдү: «Бул менин баякы өзүңө айткан Нурланым эмеспи, курдаш. Тааныбайм дебегин. Көрдүңбү, кандай азамат болгонун. Сага Токуш менен Нукенин айырмасы эмне, ыя Зайраш», – деп жаткан сыяктуу бир күчтүү үн кулагынан сызып өттү. Зайракан калтырап-титиреп бир кадам алга басты. Жүрөгү кабынан суурулуп ылдый түшүп бараткансып, үзүлүп кетүүчүдөн бетер дүпөйүл жулкуп алды.

– Нур-ла-а-н! Чын эле сенсиңби? – Аял өзүнүн эмне болуп жатканын, кубанганын же кайгырганын билген жок. Тек гана өлүп бараткан адамдан бетер акыл-эсин жоготуп турду. Зайракан ыйлап турганын да сезбеди.

Жигит өз жашына өзү ээ боло албай болкулдап турган энени кучактап, боюн токтото албай, эт жүрөгү эзилип кетти. – Оо жараткан, сен бизди кантип таптың, балам? – Эне ушул сөздү кыйналып айтып, жигиттин чачынан сылап, маңдайынан өптү…

Нурландын көзү улага тарапта эч нерсеге түшүнбөй, жаңыдан табышкан эне-баланы жалдырай тиктеп, ооздорун ачып, аңкайып турган Чолпон менен Канатбекке түштү.

– Окшошкон каралдыларым, канат-бутактарым, мен силерди чын эле көрдүмбү? – Ал Канатбекти таяктуу колу менен орой кучактап, Чолпонду сол колу менен эңип алды…

Зайракандын башы эңги-деңги. Анын оюна Султанбек гана түштү. Толкундан биротоло ажырагандай үйдүн ичи аңгырап, өпкө-жүрөгүн бирөө чеңгелдей кармап сууруп бараткандай көңүлү бөксөрүп, көзү караңгыланды.

Аял өлөр-тирилерин билбей чуркап келатты. Көчөдөн өткөн адамдар кычыраган кышта көйнөкчөн, жоолугу желкесине түшүп дагдактап чуркап келаткан Зайракандын кебетесин токтой калып «Тобо, Султанбектин катынына жин тийгенби» дегенсип, аңкая карашат.

Аялы киргенде Султанбек жалгыз болучу. Ал дөөшүсүнө оттон жаңы чыккан чоктой кызыл темирди сол колундагы кычкач менен кабыштыра кармап келип коюп жаткан. Зайракандын кебете-кешпирин көргөн ата колундагы оор балканы асмандата көтөрүп бараткан калыбында токтой калды. Зайракан эшиктен кирер кирбестен эле күйөөсүн көрүп өңгүрөп коё берди.

– О, кокуй, кара көзүбүз кашайды атасы. Толкундан айрылдык экөөбүз. Кызыл гүлдөй кулпунган кайран балам ай. Оо, кокуй, ушундай да шумдук болобу кудай. Кайран гана эмгегим кокуй, – Зайракан мурдунун суусун алып ыргытты. Султанбектин колундагы балка ыргып кетти.

– Кокуйлаган ит, эмне болду?

– Эмне болгону курусун, шорубуз катты. Өмүрүмдүн теңинен көбү кетти эле ушул кызга. Бактысыз башым, таалайсыз башым. Кагылайын жылдызым, Толкун, ушунтип мени томсору... Зайракан сөзүнүн аягына чыкпай өз башын өзү уруп-уруп алды.

– Эй, кандай сүйлөйсүң, сен. Бала аманбы?

– Аманы курусун, ажырадык. Акыры ушундай шумдук болмок турбайбы, кудай.

– Мен сенден сөз сурап жатам. Жооп бербейсиңби? Толкун кайда? Калаадан келди беле? Эмне шумдук болуп кетти?

– Ой, айтып жатпайымбы, андан кол жуудук. Биротоло ажырадык андан. Оо, шор. Ушунтип күймөк экенмин го. Өзөгүм өрттөнүп, жатыным жалбырттап бара жатат да, Султаш.

Маңдайынан куюлган терди жеңи менен сүртө берип, Султанбек аялына жакын келди. Сөөмөйү менен Зайраканды чекеге түрттү.

– Эй, куда урган, эмне деп тамтаңдап жатасың? Айтпайсыңбы, адамдын жүрөгүн түшүрбөй.

– Нурлан келди. Толкундун баякы, энеси айткан детдомдогу агасы. Түшүндүңбү эми.

Султанбек колундагы кычкачты темири менен кошо отту көздөй ыргытты. Жанында турган дөңгөчкө өзүн салмактуу таштады. Эрди-катын үнсүз телмирип бирибирин тиктеп турушту. Ата аялы өңдөнүн кызууланган да жок, өкүрүп-бакырып бейжайлык кылган да жок. Бирок анын алгыр бүркүттүкүндөй бийик, жазы кабагы уламдан-улам түнөрүп, жылдызы өчүп баратты. Мурутун кайра-кайра чыйратып турду. Ал тээ далайдан кийин далбыраган кең көйнөгүнүн этеги менен мандай терин сүртүп, ордунан туруп бара-бара мындай деди:

– Кантебиз. «Ээси келсе бээсин бер», – дейт. Же биздин багып алганыбыз жалган беле. Нурлан деги

кандай жигит болгон көрүнөт? Эмне деп келди? Эче киши экен?

– Эч ким менен келген жок. Шопуру менен өзү эле. Чоң кызматта иштегендей кебетеси бар. Барганда көрөсүң да. Анан өңүнүн окшоштугу кадим эле Толкун, көздөрү жайнап. Мен анын Нурлан эккенин киргенде эле тааныдым. «Мен Сиздин балаңызмын, апа! Атам бар, энем бар деп издеп келдим!» – деп кучактап калса болобу. Кантсин анан, ата-энеден көзү каткан куу тумшук.

Султанбектин кабагы жазыла түштү.

– Анда кудай бериптир, байбиче, бизге. Баякы күнү түшүмдө «Тапталган бир барчын учуп келип конуп жатыптыр колума» дебедиң беле. Сен аны Толкунум жакшы күйөөгө барат экен деп жоругансың. Ал Толкунду алуучу күйөө эмес эле, Нурландын өзү турбайбы. Акылы жок жаман неме болсо, «ата-эне издеп келдим» дебей эле «карындашымды издеп келдим, алып кеткени» деп опурулуп-жапырылып келет болуучу. Айтымына караганда адам болгон экен ал бала. Кой, Закен байбиче, капааттанбай барып, шек алдырбай конок камын же. Толкун бизде турганда ал кайда кетет эле. Баса, Нурлан айткандай алардын сенден башка энеси, менден башка атасы бар беле.

– Айтчы, Султаш, Толкунумду чын эле алып кетпес бекен?

– Албайт. Алам деген күндө да Толкун макул боло коёбу? Баарыбызга калайманды ошол кыз салабы деп турам, кеткенди мындай кой.

– Оозуңдан айланайын абышкам, келчи өөп коёюн, – Зайракан Султанбекке жакындап кучактамак болду.

– Куда урган, турчу нары тамаша кылбай.

– Өптүрчү эми, Толкунум үчүн.

– Сары желимдей чапташкан неме экенсиң го, мына өп. – Султанбек түзөлүп тура калды. Ойноо кыздарга окшогон, бала кыял Зайракан жерде жаткан кичинекей

стулду оңдоп, анын үстүнө чыкты. Эки колу менен Султанбектин мойнунан орой кучактаган аял абышкасынын оозунан чопулдатып кайра-кайра өпкүлөдү.

Зыңгырап көздөрүн жуумп турган Султанбек: «Ыраазысыңбы?» – деди сүзүлө күлүңдөп.

– Ыраазымын атасы. Карасаң сенден мен канча чоң болуп кеттим? – Күлүңдөп кучактап турду мойнунан. – Сен каласыңбы? Балаң менен барып учурашпайсыңбы?

– О, кокуй чын эле...

Зайракан эринин артында жетээр-жетпес болуп абелектеп учуп келатты. Элдин баарын өзүндөй ойлогон ак пейил Султанбектин деми көөдөнүнө батпай өрөпкүйт. Нурланды көрүүгө шашат. Кандай жигит болду экен деп ойлойт. Агасы менен Толкун кантип көрүшөр экен. Ага Нурлан жөнүндө кантип угузаар экенбиз деген санаа көңүлүн эзет...

...Нурлан Зайракандын тышка кандай чыгып кеткенин балдарга алаксып жатып байкабай калды. Анын көзүнө өлгөн кишинин өңүндөй кан-сөлү качып, көздөрү жашылданып, муун-муунуна тийбей титиреп турган эненин сөлөкөтү көрүнүп турду. Эмне кыларын билбей дендароо болгон жигит үмүтсүз тунжурады. Анын булар үчүн болгон ой-максаты, тилеги деңиз үстүндө мезгилсиз кыйраган жел кайыктай быт-чыт болуп жатты. Үй ичине максатсыз карап турду. Бир кезде Нурландын көзү капысынан эки терезенин ортосунда илинген эски рамадагы сүрөттөргө түштү. Толкундун сүрөтү бар бекен деп ойлоду. Алысыраактан бир демге кирпик какпай тиктеп туруп, таягын ошол жакка ылдам шилтеди. Жигит дем албай калды. Өпкөсү көөп, жүрөгү тарсылдап сокту. Мурдуна атасы Чоконун кан аралаш жыты бур дей түшкөнсүдү. Жигит көргөн көзүнө ишенбеген сыяктуу бакырая карады. Анын ушул көз карашында эң күчтүү кыял, укмуштуудай образдуу ой жүгүртүү бар эле. Нурландын маңдайында өзүнө тааныш, жүрөгүнө жакын,

бардык дүйнөдөн кымбат, көп жылдан бери көксөп, караанына зар болуп, көзүнөн учкан эң жакын кишиси турган болучу. Жигит аны жаздым дедирбей тааныды. Атасы да уулуна ыраазы болгондой күлүмсүрөп турду. Экөө тиктеше түштү.

Бул сүрөттү атасы Чоко өзүнүн жолдоштору менен шаарга барганда түшкөнүн эстеди. Ортодо Никонор Васильевич Самарцев турат. Бул кишини көргөндө экинчи атасын көргөндөй жүрөгү опкоолжуй түштү. Согушка наалат айтып турду. Атам экөө тең Ата Мекен үчүн душмандын колунан курман болушту... Сүрөттүн бир жак бурчу кара кочкул тартып киргил. Ал маркум атасынын өз каны болучу.

«Оо, дүнүйө, чиелешкен тагдыр ай, сен ушундай экенсиң ээ?» – Нурлан оозун кыбыратты. Бул ыйык сүрөткө энеси Шайымкүлдүн касиеттүү, мээрбан колу тийген деп ким айтат. Байкуш эне бул сүрөттү суусу бүтүп, өмүрү өчкөнчө жүрөгүнүн тушуна катып сактаган эмес беле. «Чын эле атам, Чокосуңбу? Баланды таанып жатасыңбы? Мен Нурланмын, ата! Сенин кандайлыгыңды жакшы эсиме түшүрө албай, арманда жүрүүчү элем. Ушул кез, ушул курагың сенин толуп турган жигиттик чагың экен го, ата! Мен сенден колго урунар, төөнүн көзүндөй белек да, белги да калбады го деп өкүндүм эле. Көрсө, уулуңдун маңдайын жаркытып, көңүлүн көтөрүп, ай-ааламга жар салып, үнүн бийик чыгарып мактана турган укмуштай залкар эстелик бар турбайбы. Сен өлбөптүрсүң, ата!

Чоко жанакы бойдон Нурландан көз албай тиктеп турган калыбында: «Сен Токуш экөөбүздү эми араң издеп келдиңби, балам» дегендей угулду. Нурлан өзүнүн ыйлап жатканын сезген да жок. Ал бир оокумда бетаарчысы менен бетин бекем басып алып буулугуп, катуу солуктап жатты. Жигит эсин бир далайда жыйды. Ал атасы Чоко өлгөндө да мынчалык кейип, мынчалык ыйлаган эместир. Нурлан аккан жашын сүртө берип, кайра баштан

сүрөткө, атасына тигилди. «Мен сени менен көрүшкөндүгүм үчүн бактылуумун, ата!»

Нурлан Султанбектер жөнүндө эстеди эми.

«Ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп олтурган ушул асыл адамдарга Токуш экөөбүздүн берер белегибиз, кылар кызматыбыз эмне? Охо, мен эмне деп жатам?! Жок, жок, жолдош Нурлан, Токуш булардын өзөгү менен өзөктөш, кан-жаны бирге өз кызы. Сен эмне, ата менен баланын ажытын ажыратканы келдиң беле? Эй акылсыз, андан көрө өзүң жөнүндө ойлосоңчу… Туура. Эгер булар болбосо мен Токуштун топурагын көрөт белем. А атамдычы? Төх, жараткан ай, жер жүзүндө ушундай ак пейил, жүрөгү таза, адамдык сапаты жогору турган ак дил жакшы адамдар да болот экен ээ. Бул адамдарга эмне кызмат кылсам эмгегин актай алар экенмин. – Сен айтчы ата, башым менен кудук казып, тишим менен таш чаксам арзыйбы кызматым?

«Жок, Нурлан балам, ал аздык кылат», – деп жооп бергендей болду атасы. «Султанбекти атам де, Зайраканды энем де уулум. Көңүлдөрүн оорутпай уул ордуна урмат менен сый көрсөт. Бул миң кудук казганыңа караганда жогору болот. Биз силерден көрбөй кеткен ракатты да, кызматты да эми ушул Султанбек менен Зайракан көрсүн. Энеңдин эмне болуп өлгөнүн, кандай көмүлүп, кайда коюлган сөөгүн ушулар билет. Сен баарын ушулардан сура». – Жигит Чоконун сөзүн жактыргандай, сүрөттүн алдына башын ийип, ага убада менен ант берип жаткандай оозун кыбыратты…

Нурлан дубалга жөлөнүп, өзүнөн көз албай, эч нерсеге түшүнбөй таңыркап карап турган Канатбек менен Чолпонду көрүп, көз жашын дагы бир сыйра сүртүп алып, аларга агалык мээрими менен жаркырай тиктеди. Жигит аларды дагы бир сыйра кучактап, эриген жүрөгү менен сүйгүсү келди. Ал ошентти. Экөөнү алмак-салмак өөп, алмак-салмак жыттады. «Түшүнүп жатасыңарбы,

мен силердин бир тууганыңармын. Эң улуу абаңармын». Бала менен кыз жүрөктөрүндөгү кубанычтарын жашыра алышпай күндөй күлүп, айдай жаркып турду. Нурлан атасынын сүрөтүн дагы бир жолу карап алып, балдар менен жетелешип эшикти көздөй басты.

Эненин карааны жакын арада көрүнбөйт. Аялдын жанакы абалананан дагы эле болсо тынчсызданган Нурлан машинанын ичинде Чолпонду алдына алып, тамеки тартып, сабыры суз олтурду. «Капырай тобо, карышкырдан үрккөн эликке окшоп, бул киши кайда житип кетти. Күтүш керекпи же кетиш керекпи?» – деп эмне кыларын билбей айласы кетип, санаасы сандап турду. Ушул кезде ата-энесинин караанын алыстан көргөн кыз: «Атам келатат, тигине энем», – деп кыйкырып жиберди. Нурландын жүрөгү көөдөнүн жарып чыгуучудай түрсүлдөдү. Чолпонду өз ордуна олтургузуп, машинадан суурулуп түштү. Ал таягын тоң жерге этият кадап, атанын алдынан утурлай басты. Жигит менен Султанбектин ортосундагы аралык уламдан-улам жакындап, магниттей тартылышып баратты.

А-та-а! – Нурлан биринчи үн чыгарды. – Өлгөн жанды тирилткен ата, алсызды асыраган ата. Мени да өз каныңыздан чыккан, өз балаңыздай кабыл алар бекенсиз?!

Нурлан эки колун бооруна алып токтой калды. Султанбек калтаңдап, эмне айтарын билбей, адегенде эле ыйлап жиберди. Бир заматта жигит менен атанын колдору бири-бирине айкалыша түштү…

Дасторкон үстүндө Султанбек жигитти сынай тиктейт. Кымырынып-кымтынбай, өз үйүндө, өз атасынын төрүндө олтургансып, жыргап-куунап, ээн-эркин жарпы жазыла, чечиле сүйлөп олтурган Нурланды байкап, алда немеден көңүлү тынгансып терисине батпайт.

Ата! Келиниңиз менен неберелериңиз шаарда калды эле…

– Э катыгүн кудай, чогуу эмнеге келген жоксуңар?

Мен силерди табамбы, таппайымбы деп ойлодум. Тапкан күндө да ата-эне менен алгачкы ирет өз алдымча, эч кимди аралаштырбай көрүшүүнү ылайык таптым. Анын үстүнө суукта жаш бала менен жол жүрүш кыйын экен. Алар бул эле Пржевальскиде, областтык милициянын начальнигининин үйүндө калышты. Сыдык Исмаилов деп уккан жок белеңиз. Өзүңүз окшоп эл арасында сейрек кездеше турган алтындай болгон киши. Менин адам болушума алгачкы чыйырды салган ошол. Сиз, энем экөөңүздөр руксат этсеңиздер, шофер барып аларды да кошо ала келсин. Антпесе, ата-энесине өздөрү эле кетип калышты деп ойлоруна кетиши мүмкүн. Жакшы адамдардын бири-бири менен таанышкандары жаман болбос дейм, атаке!..

– Жакшы болот, келсин-келсин, балам. Каалаган кишилериң болсо бизден жазганбай чакыра бер, чырагым... Чайдан кийин шофер шаарга жөнөп кетти.

Султанбек менен Нурлан бири-бирин өз ичтеринде жактырып олтурушту. Уюткулуу бул үйдүн абасы жигиттин көңүлүн көтөрүп гана тим болбостон, ал өзүн ушул үйдөн өнүп-өскөндөй сезди.

Нурлан Султанбектерди кандай жол менен тапканын сүйлөп олтурду. Ал мурда Толкунду Ракат деген карындашына окшотконун айтты. – Бирок кызыңар жүз үйүргөн жок. Сыр билгизбей чекмелеп көрдүм. Анын эсинде биз жөнүндө, ал эмес өлгөн энеси жөнүндө эч нерсе калган эмес экен, -деди Нурлан.

Эне бул сөзгө көз жашын шыпырып, күлүмсүрөгөн болду.

– Олда көлөкөм ай, асыранды кызмын деп кайдан ойлосун. Биз ушул кыздын айынан көл аягынан көл башына көчүп келгенбиз да.

– Э-э-й байбиче, куданын мунусуна да каниет кылыш керек. Дайны жок асыя ыйдан эмне чыгат. Мындан артык кубаныч болобу. Минтип кызыңдын үстүнө кыздуу, уулуңдун үстүнө уулдуу болуп олтурабыз. Мындай бакыт

көрүнгөн кишинин башына эле келип коно бербейт.

– Атаке, айланайын алтын эне, айттым го силерге, ичер суум, көрөр күнүм бүткөнчө ар дайым силердин кызматыңардамын. Эх, эмне деген жоомарт адамсыздар. Кыскасы, тетигил өзүңүздөр сактап жүргөн атам Чокону, өз колуңар менен ак кепинден аруу жууп көмгөн энем Шайымкүлдү кандай көрсөм, силерди да ошондой көрө тургандыгыма ишенип коюңуздар. А Толкун жөнүндө айткым да келбейт. Ал силердин өз кызыңар. Меники деп ээ болууга эч кимибиздин акыбыз жок. Силерден суранарым да, өтүнөрүм да, Толкун кызыңарды кандай көрсөңөр, мени да, Ракатты да ошондой көрүп, ата ордуна ата, эне ордуна эне, таянарга тоо, конорума туур болуп бергиле. Көңүлүңүздөрдү калтырып, жүрөгүңүздөрдү оорутпаймын го деген ниетим бар.

Султанбек бир топко ойлуу жер тиктеп олтуруп башын салмактуу көтөрдү.

– Ээ, балам ай, бул дүйнөдө кемчиликсиз, зымга тарткандай, телегейи тегиз адам жаралбайт тура. Ошон үчүн адам экенбиз да. Энең экөөбүз, калп айткан менен болобу, бул сырды өлгөнчө жашырып келдик. Силер жөнүндө эчтеке айткан жокпуз. Кокус балакет болуп бакма экенин бакан ооз чыгып айтып коёбу деп, Толкунду ала качып ушул жакка көчүп келгенбиз. Секет кетейин сексегим ай... – Ата жашып, каргылданып барып токтоду. – Асыранды кыз экенин билбей жүрүп бой жетти эле. Мейли, атасынын көрү, ал жаман кучкачым бир аздан кийин атасы Султанбектин, энеси Зайракандын, ал аз болсо Чоко менен Шайымкүлдүн өлгөнүн чогуу угуп жатсын.

Нурландын жүрөгү солк дей түштү. Көңүлүндө айтса айтпаса төгүнбү деп ойлоду.

Эрдин кесе тиштеп тунжурай түшкөн Султанбек сөзүн кайра улады.

– Бирок мен кызыма чындыкты айтпаганымдын да бир себеби болуп калды. Эгер эжеси менен агасынын бар

экенин билген болсо Толкун сары санаа, сары убайымда жүрүп куурабайт беле. Анда эки жүздүүлүктү да, арамзалыкты да, кытмырлыкты да, кекчилдикти да ушул өз үйүмдөн, өз колумдан үйрөнүп чыгат болучу. Бул бир де, балам. Экинчиси болсо, өзүң жөнүндөгү олку-солкулуктар. Нурлан ким болуп өстү? Ушул суроо ушул күнгө жүрөгүмдүн башында жүрдү. Адамдар ата-бабадан бери жакшы-жаман болуп, эки жагдайга бөлүнүп келе жатат, балам. Кокустан ошол көп жамандын бир жаманы болуп көзүмө көрүнүшүңдү, кызыма ээ чыгып, ага болушуңду каалаган жокмун. Жан бакты, жаман чыксаң карындаш издебесиңди да билдим. Кокустан эл арытып, журт карыткан эстүү-баштуу, акылдуу жигит болуп чыкса, Толкунду эсинен чыгара койбогондур деп ой жооруп да жүрдүм. Эртедир-кечтир келериңди билдим. Тигил Чоконун сүрөтүн энең менен атаң бекер жеринен сактап жүрдү дейсиңби, балам.

– Сиз энем экөөңүздөр адамдын адамы, алптын алпы иштей албай турган зор ишти иштедиңиздер. Мен сиздерге ыраазымын, ата. Ак пейилиңиздерге, ак эмгегиңиздерге көлөкө түшүрүп, акарат келтирбөө бирибиз эмес, баарыбыздын милдетибиз. Мен балдарыңыздын бирин эмес, баарын ошого чакырам, ошондой болууга үйрөтөм...

Султанбек кубанганынан тамылжып олтурду. Нурландан бир нерсе сурайын деп сурай албай тунжурай түшөт. Тээ бир оокумда батынып минтти:

– Баарын айтып, бир нерсени айтпадың го, балам?

Нурлан жарк этти:

– Эмнени, ата?

– Иштеген ишиңди?

– Жигит жылмая күлүп минтти:

– Прокурормун, ата.

Султанбектин көзү бакырая түштү. Ал Нурланды мынчалык жоопту у кызматта иштейт деп ойлогон эмес болучу.

– Оо, прокурормун де. Жакшы, жакшы. Кайсы жерде?

– Республикада, ата.

– Жакшы экенсиң, балам. Ылайым жамандык көрбө. Өмүрлүү бол. Ата-бабаңдын арбагы колдосун.

– Ракмат ата, айтканыңыз келсин.

Аңгыча эшик алдына машина келип токтогондой болду. Үйдөгүлөр дүрбөп тышты көздөй жүгүрүштү. Канатбек Ырысбекти көтөрүп алдыга кирди. Анын артынан Нурландын келинчеги, Сыдык Исмаиловдор кирип келатышты.

Колуна чемодан кармап токтоп калган аялына Нурлан минтти.

– Айнур, мен ата-энемди таптым. Эмне токтоп калдың жалдырап, учурашпайсыңбы?

Келиндин колундагы чемодан өзүнөн өзү түшүп кетти. Ал: «Атакебай, энеке!» – деп тигилерди көздөй далбас урду.

– Биздин да ата-энебиз болот экен ээ кудай! – Айнур көргөн көзүнө ишенбегендей Султанбек менен Зайраканды алмак-салмак кучактап, эки ийини солкулдай берди.

Нурлан ата-энеге Сыдык менен анын аялын тааныштырып, аттарын айтты. А Айнур болсо кубанычтан өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап жатты. Бул бечара келин да балдар үйүндө бир кезде Нурлан менен чогуу тарбияланган ата-энесиз жетим кыз экен. Исмаилов болсо Султанбек менен эзелтен берки эски тааныштардан бетер кучакташып көрүштү.

– Мындан артык да кубаныч болобу, Сыдык байке. Ата-энемди таптым, инилүү, карындаштуу болдум. Бүгүнкү күн мен үчүн шаттык менен бакытка мелт-калт толгон унутулгус күн болду. – Нурлан келгендерге айтарга сөз таппай турду. – Сыдык байке, сүйүнчү ала келдиңиздерби?

– Бар-бар, ала келдик Нуке. Бүгүн эмне кааласаң бардыгы орундалуучу күн. – Келгендер дүүлдөй түшүштү.

Нурландын келинчеги болсо олтургандардын арасынан кимдир бирөөнү таппай жаткансып, үй ичин тегерете карайт. «Кызыбыз кайда. Токуш бул жерде жокпу?» – деп жаткандай, тургандарды суроолуу тиктейт.

Айнур ата-энеге арнаган белек-бечкектерин алып чыгып алардын алдына коё баштады.

Бул кезде байкуш Зайракандын эси-дарты белекте эмес, Толкунда болуп турду. «Сени биз багып алганбыз» – Ушунтип айтамбы? Жок, жок, ушул да сөзбү. Мындан башкачалатып, жумшартып айтууга болбос бекен?» «Сен биздин багып алган асыранды кызыбыз элең» деймби. Кызына бул жагымсыз, ырайымы жок суук сөздү айтуу, өлгөн адамды угузуудан да жаман болду. Зайракандын дени өлүп, шалдырап олтурду. Меймандар көзүнө жагымсыз көрүндү. Айтылган сөздөр кулагынын сыртынан кетип жатты. Нурлан Зайраканга көйнөк, чапан эмес, каптап алтын алып келип үйүнө тирелтип жыйып койсо да татыр эмес. Энеге кызынан башка дүнүйөнүн эмне кереги бар эле...

Тышка кулак түрүп, сак олтурган эне, төмөнкү айылдын иттери ызы-чуу түшүп калганын угуп, эшикти көздөй жыла басып жөнөдү. «Болду болбоду, ушул келатышкан Толкун менен Камчыбек», – деп ойлоду.

Асман чайыттай ачык. Кечки суук чык-чык этет. Зайракан чанага чегилген аттын каңыртын алыстан угуп, ортоңку көчөнү көздөй чуркап баратты. Үстүн ак бубак басып, таноолору дердеңдеген көк чолок уйду көргөндө эки аягын тең таштап, желе-жорто ылдам келаткан болучу. Зайракан чананы жандай түшүп, атты суулуктан алды.

– Аман-эсен келдиңерби? Эмнеге мынча кечиктиңер, суукка калып?

– Ох, энем тура. Мен дагы коркуп кеткенимчи. Барып келгенибиз эле ушул болду. – Толкун сөзүн оозу бош айтып, бир аз токтой калып, кайра энесине жагалдана

сүйлөдү. – Энеке! Мен чыны сурактан эрте чыккам. Эгер чындыкты айтсам урушпайсызбы? – Кубанычын жашыра албаган кыз, чананын чекесине тура калып, адатынча эркелеп энесинин мойнунан кучактады.

– Урушуп жүрүүчү белем?

– О шентсе да… Сизге салам айтты.

– Саламат болсун. Ким?

– Абастын энеси. Шаарга барыптыр. Биз менен чогуу келди. Үйүнө жеткирип койдук. Ошон үчүн бир аз кечигип, кечки суукка калып калдык, энеке. Атама Зынданга барыптыр деп айтпай эле коюңуз, ээ.

– Оорусунан абдан жакшы болуп кетиптирби. Байкушту ырас кылыптырсыңар жеткирип. Силерге жолукканы жакшы болгон тура. А-а акылы жок, андайды атаңа айтып жинди белем. Баласынан кат келип жатыптырбы?

– Кечээ эле кат келиптир. Билесизби, энеке, Абас жакында отпускага келет экен. Госпиталдан аз күндө чыгам дептир. – Толкун энесинин капалуу экенин, эмне үчүндүр көңүлү жайында болбой турганын, үнү ыйга буулуп, денеси титиреп турганын эми гана байкады. – Ой энеке, эмне болду Сизге? Ооруп турасызбы? Капалуусуз го дейм, ыя? И-й, такыр жеңил чыккан турбайсызбы? Сиздин мындай жүргөнүңүздү байкабаганымды кара, бабыргандай болуп? Алдымдан эмнеге тосуп чыктыңыз? Деги тынччылыкпы?

– Тол-ку-у-н! Карал-д-ы-ым…

Зайракан ыйлап жиберди. Кыз коркконунан чанадан ыргып түшүп, энесин кучактай калды.

– Энекебай, Сизге эмне болду?

– Сүйүнчү, балам! – Эне эчкирип жиберди.

– Болсун. Ал кандай сүйүнчү?

Эненин оюна түшүнбөгөн кыз мостоё түштү.

– Кызык. Сүйүнчү деп коюп кайра ыйлаган эмнеңиз? – Зайракандын ачык турган жакасын кымтылап, жоолугун оңдоп байлады. Ой кудай ай, үшүп да кетиптирсиз.

Деги суук тийбесе экен. Олтуруңуз эми кетели. – Калп эле сүйүнчү дейсиз, сүйүнө турган иш эмес го, түрүңүзгө караганда.

Кыз чанага олтурмакчы болду. Зайракан аны жеңден тартты...

– Шашпай коё турчу, балам. Энең жерге кирсин, суук өтүп кош өпкөсүнөн кагынып өлүп кетээр күнү кайда. Шордоп турганымды биле элексиң, кулунум. Сен мени кечир. – Өпкө өпкөсүнө батпай шолоктоп ыйлап жиберди. Аял ый аралаш сүйлөп жатты. – Атаң экөөбүз сенден жашырып келгенбиз. Се-е-н... Се-е... се-е-е-н биз-дин асы-ран-ды кызыбыз э-лең...

– А-ай, э-не-ке! – Толкун үнүнүн бардыгынча кыйкырып барып Зайраканды эки каруудан аткый кармап силкилдетти. – Калп. Калп айтпа. Сен эмне деп дөөрүп жатасың. Чыныңбы же ойнуңбу?.. Жок, жок, жок, жок, ишенбейм. Такыр ишенбейм, калп айтып жатасың.

– Калп айтып тамаша кылчу сөзбү ушул. Чындыкты...

– Сүйүнчүлөгөн сөзүң ушулбу мага. Мени сүйүнөт дедиң беле? -Ушунтип айтсам.

– Анан эмне дейин, сүйүнчү дебегенде. Кенедейиңден куштай бөпөлөп, кош алаканыма салып жан кишиге билгизбей, жакыныма сыр айтпай, койнума катып, мойнума көтөрүп жүрүп баксам да акыры өгөйлүгүм билинди. Кантсе деп турасың мени каралдым, Нурлан агаң ат арытып алыстан издеп келиптир бизди.

– Нурлан! Нурлан издеп келиптирби?

– Ооба, Нурлан! Эмне тааныйсыңбы аны? – Зайракан аңкая түштү.

– Жок, мен мурда тааначу эмесмин. Баякыда Зайнидин агай тууралуу прокуратурага чакыртканда көргөмүн аны.

– Жүрү эми, олтур чанага. Алар күтүп калышты бизди.

– Энекебай, сиз жөөлүп жаткан жоксузбу? Жок, тартпаңыз мени, барбаймын үйгө. – Толкун арты менен кетенчиктеп, баратып тоң музду жаздым басып алып, чалкасынан кетти. Жыгылган жеринде эки алаканы менен карды таканчыктап турган калыбында Зайракандан көз албай жарым эс тиктеди.

– Кантет, тур өөдө. Сенин күйүтүңдөн менин күйүтүм жеңил деп турасыңбы, жылдызым.

– Жок, жок мен үйгө барбайм, кечирип коюңуз энеке. Силер эмне, бирөө келип бир тууганым десе эле ишенип калдыңарбы? Же сиз кызыңызды он ай көтөрүп, омурткаңыз сыздап тууганыңыз жалган беле? – Толкун сөздү акыл токтотпой, оюна келгенин сүйлөп жатты. Ал азыр Абастан биротоло күдөрү үзүлүп турду. Султанбектин асыранды, бакма кызы болгондугу үчүн өзүнөн айнып, кайрылбай кетүүчүдөй ойлоду. – Олда жасаган ай, эл-журтка эмне деп айтабыз. Кантип мен өзүмдү Султанбектин өгөй кызымын деп көчөдө уялбай басам. Теңтуштарыма эмне дейм. – Кыз жоошуй түштү, кайра чыңырды. – Ой, ой, андай болууга эч качан мүмкүн эмес… Өз ата, өз энемди кантип танам, кантип силерди өгөй деп башкага сатам? Кетиргиле Нурланды, көзүмө көрсөтпөгүлө.

Булардын жанына антаңдай басып, Султанбек жетип келди.

Кыз атасын көрүп ордунан учуп турду.

– А-та-ке!

– Секет кетейин королум! Атакең айланып кетсин сенден. – Мууну титиреп, үнү дирилдеген ата кызынын чекесинен сүйүп, башын бооруна кысып, жоолугунун сыртынан төбөсүн жыттады. – Жүрү, үйгө меймандар келди, алар менен учураш, балам.

– Айланайын атаке, Сиз айтыңызчы жашырбай, чын эле мен силердин бакма балаңар белем?

Султанбектин добушу буулуп, мукактана түштү.

– Ким айтат ошону?..

Баятадан тынч алып олтура албай, жүрөгү алеп-желеп болуп, бир тышка чыгып, бир үйгө кирип, кайта-кайта тамеки тартып Нурлан ойлуу. Көчөдө болуп жаткан «жаңжалдын» чет-бучкагын үйдөгүлөргө көңүлсүз айтып кирди.

– Кыз чатак чыгарып жатат окшойт. – Тамекисинин калдыгын плитанын оозун ачып күйүп жаткан оттун жалынын көздөй ыргытты. – Бирөөнү сүйүнтүп, бирөөнү күйүнткөн дүнүйө ай.

Нурландын сөзүн угуп бардыгынын ындыны өчө түштү. Баякы кубанычтуу сөздөр токтоп, күлкү ойногон жүздөр бир паста мостойду.

...Бир оокумда кызын ата-эне үйгө күч менен алып киришти.

Нурлан өзүн кармай албай кетти. Ошол замат жигит Толкунду көздөй умтулду. Үйдөгүлөр дүрдүгө түштү.

– Толкун! Көлөкөм! – Ал алтын тиштерин жаркырата күлүп, ак маңдайы жарылып, кубанычка жүрөгү мелт-калт болуп толуп турса да, ачык туруп жааган жайкы күндөй көз жашы салаа-салаа болуп өзүнөн өзү куюлуп жатты. Нурлан карындашы менен ыйлабай туруп көрүшөйүн деп өзүн катуу бекитип турган. Бирок... – Жылдызым, уялашым, акыры сен экөөбүз бир тууган болуп чыктык го. Же сен дагы эле мага ишенбей турасыңбы? Бүгүн менин жүрөгүм кубанычтан кабына батпай, көөдөнүмө сыйбай жарылганы турат, Толкунтай. Мен бул бактылуу үйдөн ата-энемди, бир туугандарымды, сени таптым. Мындан чоң кубанычтын, мындан чоң бакыттын кереги эмне мага. Кана эми, ата-эненин алдында көрүшүп койсок кантет?

Толкун эз болуп турду. «Ата-энемди таптым» деген сөз ага кандайдыр табышмактай сезилди. Аландаган бакыракай көздөрү менен бирде Нурланды, бирде жарданып өзүн жалооруй тиктеп турган бейтааныш кишилерди,

бирде ата-энесин, бирде болкулдап өздөрүнөн өздөрү ыйлап турган бир туугандарын жалжылдап айланта карады. Ал кайтадан энеси менен атасын көздөй ыктады. А жигит болсо көз жашын төгүп, кызга уламдан-улам жакындап, канатын жайып келатты.

Душманынан коркуп, ага куру айбат көрсөтүп жаткан күрптүн балапаныңдай үрпөйгөн кызынын кебетесин байкаган Султанбек ага буйра сүйлөп барк этти:

– Тартынба секет кетейин. Учураш абаң менен. Бул сенин бир тууганың.

– Ыя! Чын эле ошондойбу?

Толкун калтырап барып, Нурландын кучагына өзүн таштады.

## ЖАПАЙЫ РОЗАЛАР

*(Повесть)*

Эми ойлосом ал энем экен. Мен аны аялдар киринтип жаткан экен дептирмин. Көрсө сууга алып жатышкан турбайбы... Ооба, энемдин өлгөнүнө үч жылдан ашса да атам үйлөнгөн жок. Мен алтыдан өтүп жетинин тамагын ичип калган кезим болсо керек эле. Бир күнү кыздар менен бактын көлөкөсүндө алачык жасап, куурчак ойноп жатсам кошунабыздын Батма деген кызы биздин жаныбызга келип калды. Аны айылдагылар өз атынан такыр чакыруучу эмес. Бардыгы эркелетип Батыш дешчү. Эмне үчүндүр ошол Батыш эжем мени жанындай жакшы көрүүчү.

– Мыкатым кыздар менен жакшы ойноп жаткан турбайбы. – Эжекем көкүлүмдөн сылады. Анан чөп алачыктын ичине жүйүртө басып эңкейип карады. – Булар кимдин куурчактары? О-о-у-у, канча деги? – Төргө жы-

йылган кичинекей жүктүн алдында кыркалата олтургузуп койгон куурчактарды бирден колуна алып, кайра коюп жатты.

– Бул меники эжеке! – Айгүлдүн көзү эжемди тиктеп жоодурайт.

– Ии, сеникиби? Татынакай кыз тура.

Эжем экинчи куурчакты алганда «иа» деген үн чыкты.

– А бул ыйлаак куурчак кимдики?

– Меники!

Кыздардын бардыгы Батыш эжеге өз куурчактары менен мактанып жатышты. Батыш эжем «Сенин куурчактарың кана?» дегендей мага карады. Мен колумду оозума салып, көңүлүм пас тартып турган. Атам мага куурчак менен оюнчук алуудан кыя өтпөсүн баары билүүчү. Тим эле үйдүн бир жак капшыты толо куурчактар боло турган. Артүрдүү канаттуулар, жапайы, айбандар менен машина, самолеттордун макеттерине шаа жетчү эмес. Кыздар менен ойноп, көрүнгөн жерге көтөрүп жүрүп бардыгы бириндеп жок болгон. Атама айтсам «жоголсо куурчак деген дүкөндө толуп жатат. Шаарга барсам куурчак да, өзүң мингендей кичинекей велосипед да сата келип берем» деген. Бирок, атам андан бери шаарга бара элек.

– Мыкаттын куурчагы жок. Биз аны тим эле ойнотуп жатабыз. Энеси жок жетим да, биз такыр урушпайбыз. – Кыздар быдырап кетти.

– Ойнотуп урушпаганыңар го жакшы. Бирок, жетим дебей жүргүлө, Мыкаттын энеси келип, кызымды таап келгин деп мени жибербедиби…

Мен да, кыздар да оозубузду ачып, Батыш эжемди тиктеп калыптырбыз. Энс деген сөздү угуп эреркеп кеттим окшойт, көзүмө жаш айлана түштү. Батыш эжем өзүнө жарашып, ичке белине кыналып, этеги көпөлөктүн канатындай жайылып турган ак жибек көйнөгүн делбиретип ордунан турду. Астына түшүп кеткен бир өрүм

узун чачын колу менен акырын артына таштады. Эжем мени өзүнө каратып, жеңинин учунан алган бет аарчысы менен жүзүмдү аарчыды.

– Карачы, бетиңдин баары кир, колдоруң топурак. – Резинасы бошоп ылдый түшүп кеткен көк тор шымымды өөдө көтөрүп, туфлимди чечип ичиндеги чаңдарын күбүп, таманына жабышып кургап калган баткактарды ташка уруп түшүрдү. – Жүрөгой, тигил суугa барып бети-колуңду жууп берейин.– Колумдан жетеледи.

«Энең келди» деген сөзгө ишене бербей, бутумдун башын туфлим кысып оорутуп бараткaнынан аксаңдай басып илмиңдеп келаттым. «Энемди жерге көөмп салышпады беле» деп ойлодум.

Анан мен энемдин эски чапанын атам бирөөгө бергенин зстедим. Эртели-кеч чапанды барбы-жокпу дегенсип карап коёр элем. Аны көргөндө энемди көргөнсүп, энем келип аны кайра кийүүчүдөй болуп туюлчу. Бир жолу адатымча чапан илинип турган оозгу үйдөгү кийим жапкычты келип ачтым. Өз көзүмө өзүм ишенбегендей көздөрүм чекчее түштү. Чапан жок болуп чыкты. Жерге олтура калып ыйлап жибердим. Энемден эми биротоло ажырагандай, ал эми такыр келбөөчүдөй болуп сизилди. Эшиктен кирип келаткан адамды да байкабаптырмын.

– Эмне болду кызым? Неге ыйлап жатасың? Атамды көрүп көз жашымды колумдун сырты менен жанып алдым.

– Энемдин чапаны кайда?

– Бурулкан чон, энеңе бердим. Анын эмне кереги бар сага?

– Энем келсе кийбейби?

Атам мени жерден көтөрүп алды... Ошол күнү атам мени өзү менен бирге кош айдап жаткан жерине өңөрө кетти.

– Атаке, чымылдык көппү? – дедим жолдо.

– Толуп жатат. Тим эле айдоонун бетин бербейт.

– Мен чоңойгондо сага окшоп тракторист болом атаке!

– Койчу балам, менин тракторист болгонум деле жетээр. Догдур бол, мугалим бол, учкуч бол толуп жатпайбы.

– Учкуч деген эмне? Учабы?

– Самолет айдайт. Айрыпланды билесиңби?

– Жо-о-к атаке, айдагандан корком. Догдур болгонду да билбейм. Укол куя албайм да кишилерге. Сенчилеп жер айдаганды жакшы көрөм. Тракторист эле болоюнчу атаке!

– А болуптур, тракторист болсоң тракторист болчу. Ырас трактористтер жетишпей жатты эле!...

Мен атамдын кара май жыттанган чапанынын өңүрүн алмак-салмак ачып тумшугумду колтугуна катып жыттаган сайын жарпым жазыла түшөт. Атам менен күнү-түнү чогуу болууну каалайм. Өңөртүп жүргөндү жакшы көрөм..

Анан дагы энемдин жыл ашын берип күмбөз көтөргөндөгү сүйүнгөнүмдү эстедим. Атам эртең менен көргөн түшүн айтты. «Шаршекан тору бээни минип алып келип жатыптыр» деди. Мен түшкө түшүнбөй, чын эле энем келип кеткен экен деп ойлодум. «Эмне үчүн мени ойготуп койгон жоксун? Энемди кетирбей ыйлап жатып алып калат элем» деп атамдын мойнуна асыла кеттим. – Эртең энеме барганда үйгө ээрчитип келем, көрөсүң го. Силер энеме деп май токоч жасап, эт бышырып алып, кайра өзүңөр жеп аласыңар?..

Ушинтип оозума келгенди оттоп атамдын алдында олтурат элем. Ал тумшугун чачыма катып дем албай калганын сезип башымды жулуп алып чалкалай тиктедим. Атамдын мурду ылдый жорголоп келаткан бир тамчы жаш чекеме таамп кетти. Мен күлүп баратып мостоё түштүм.

–Ыйлап жатасыңбы?..

– Мыкат, бетинди жуучу! – деген Батыш эжемдин сөзү оюмду бөлүп жиберди. Биз суунун жээгине келип калыптырбыз...

Биздикине кирип-чыгып жүргөн катын-калач көрүндү. Батыш эжем мени ички үйгө жетелеп кирди. Капшыт жакта эрди түйрүгүрөк келген кара аял олтуруптур. Тизесине жөлөнүп олтурган мени менен теңчамал арыкчырай кара тору кыз айланасына чочулай тиктейт. Кийген кийимдери көзүмө биринчи чалдыкты. Аялдын үстүндө көк тубар көйнөк, тизесине келген кара дукаба кемсел, кызыл ала гүлдүү бир байлап ак шалы жоолук. Кызы болсо кулагын жаба тегиз кыркылган суйдан, кара чачына жараштырып сайма топу кийип алыптыр. Бутунда кончтуу кара ботинка, кызыл капрон көйнөк, кичинекей кара чыптама. Мен энелүү баланы карап калдым. Аялдын сумсайыңкы жүзү мага жагымсыз көрүндү. Төрдө алардан башка дагы бир чоочун аял.

Мен өз энеме окшош ак жуумал, субагай жүздүү, шыңга бойлуу жайдары аялды издеп томсоруп турдум. Бул жерде энемдин, энеме окшогон аялдын жогун көрүп ыйлагым келди. Батыш эжемди карап тизесинен орой кучактадым.

– Эжеке, энем канакей?

– Тигине энең. Кана, жанына барып өптүрүп койчу.

Мен басар-басмаксан болуп Батыш эжемдин коштоосунда жыйрылып баратып ый аралаш сүйлөдүм:

– Бул менин энем эмес. Өптүрбөйм. Коё бергиле мени…

Алиги семиз кара аял сумсайган калыбында күлүмсүрөдү.

– Ии, Жайнак айткан жалгыз кызы ушул го. Тим койгулачы ыйлатпай. Эл кеткенден кийин өзүбүзчө таанышып аларбыз…

Ошентип мени жаңы энем өппөй койгон. Мен өгөй энемден сүрдөдүмбү, же аны күнүлөдүмбү билбейм. Эми ойлосом күнүлөгөн экенмин. Ал да мени күнүлөптүр.

Эшикке чыккан бойдон экинчи үйгө киргеним жок. Ошол учурдан тартып өз үйүм өзүмө эмнегедир суук

көрүнүп жатыркай баштадым. Бир кезде атам эшикке чыгып, менин дубалга сөөнүп ыйлап турганымды көрүп чочуп кетти.

– Энелүү болгон киши да ыйлайт бекен! Жүрү, үйгө кир.– Атам көз жашымды сүртүп, үйдү көздөй жетеледи. Мен мурункудан да күчөп букулдадым.

– Барбайм үйгө.

Атам мени көтөрмөкчү болду. Мен буттарымды тыбыратып, колдон суурулуп түшүүгө аракет кылдым. Атам экөөбүз ошентип жатканда биздин үйдөн Алмадай чоң энем чыкты. Атам экөөбүздү көрүп токтоду.

– Э ботом, сен Жайнаксыңбы? Кызың экөөң бул жерде эмне кылып турасыңар?

– И, Махабатты үйгө жүрү десем болбой жатат.

– Э кокуй десе, ошол да кеп болот бекен. Атасынын тилин албаганы эмнеси? Антпе балам, атаңды капа кылбай сөзүн ук. Минтип энелүү болуп олтурасың. Эстүү бол айланайын...

Биздикине келген эл тарап, орун салуу башталды.

– Мыкаттын төшөгү кайсы? – Эки бети тамылжып турган атам мени жетелеп турду.

Энем жалгыз салынган бурчтагы кичинекей төшөктү көрсөттү. Эки кишилик кроватта дагы бир төшөк салынып турат. Ал тигил жаңы энем менен бирге келген чоочун аял, чоочун кыздыкы экенин түшүндүм. Мен энем өлгөндөн бери такай атамдын койнуна жатуучумун. Үч жылдан бери атам мага кудум эне сыяктуу болуп калыптыр. Азыр да атам менен бирге жаткым келип турду, Жалгыз жаткандан коркуп жүрөгүм титирейт».

– Ата, сен кайда жагасың?

Атам менин суроомо буйдала түшүп жооп берди.

– Апаң менен!

– Ал апам да, энем да эмес. Чоочун катын. Жаткырбайм сени менен.

– Антпе балам, энең укса таарынат. Кана бысмылда деп жатып алчы.– Мени төшөгүмө көтөрүп жаткырды. Эки жагымды кымтып көзүмдөн өптү.

Үстүмдөгү жууркнды ыргыта тээп томолонуп турдум.

– Мен сени менен жатам атаке! ...

– Сен жакшы кыз эмес белең. Мага эне алып келип бер деп өзүң айтпадың беле. Эми мен жокто жалгыз калбайсың. Турсунай экөөң ойнойсуңар. Энең ар дайым жанында болот.

– Ооба, алдап жатасың, бул энем эмес. Мен аны жакшы көрбөйм. Кетсин кызын алып өзүнүн үйүнө.

Бизди карап тикесинен турган жаңы энем атамды алая карады.

– Жайнак сен убара болбой кызың менен жат. Мен да кызым менен жатам. Болбосо аны ырсактатып ою менен болбой такымын тарата чаппайсыңбы? Кудай ургандын тажаалын. Жашабай жатып атасын коруйт.

Атам тайсалдап, энемди карап ыржайып күлүмүш болду.

– Ой байбичеси, баланын иши чала деген ошол. Сени менен жатам дегеним кулагына өөн учурап жатпайбы. Үч жылдан бери ата эле эмес, эне да болуп калдым. Көнөт да. Андан көрө бооруңа тартсаң...

Мен башымды атамдын колтугуна катып алып күчөп ыйладым. Аял ушул саамда мурдагыдан да көзүмө жаман көрүнүп кетти. Атам мени ыйлаткан бойдон көтөрүп ордунан турду.

– Болуптур кызым, ыйлаба, мен сени менен жатам... Атамды кучактайм. Уктап калбоого тырышам. Денем бошоп көшүп баратып чочуп кетем. Ошентип жатып уктап калыптырмын. Эртең менен ойгонсом жалгыз жатыптырмын. Көзүмдү ачар ачпастан ордумдан томолонуп турдум. Тышкы үйдү көздөй «Ата-ке-е!» деп ич көйнөкчөн бакырып жөнөдүм. Атам жаңы энем менен кучакташып уктап жатыптыр. Денем дүрүлдөп, көзүм

тумандай түштү. «Ата, атаке!» деп ыйлап жибердим, Экөө тең ойгонушту...

Экинчи күнү да ушундай болду. Жаңы энем менен жаткырбай атамды беймаза кылдым. Үчүнчү күнү атам мени уруп койду. Өмүрүмдө атамдын таягы эмес, катуу тилин укпаган мен эми андан тез эле оолактай баштадым. Катуу үнү чыкса кирерге жер таппайм. Тагдыр менин нaристе башымды ушунтип катуу түлүккө, ысылуу-суукка көнүктүрө баштады.

Баарынан да өгөй энемден жеген биринчи таяк эсимден кетпейт. Ошол күнү жаңылып, төшөгүмө сийип коюптурмун.

– Ай кыз, туруп уйду бадага кошуп кел! – Өгөй энем мени жулкулдатканда ойгоо жаткан болучумун. Ордумдан учуп турдум. Үйдөн чыгып кетсем төшөккө сийгенимди билбей калат экен деп ойлодум. Уйду бадага кошуш үчүн айылдын четине чейин айдап баруучубуз. Көчөдө уй айдаган эч ким көрүнбөйт. Бададан кечигип калган экенмин деп чолок мүйүз кызыл уйду алдыма салып алып өкүрөңдөтүп колумдагы чыбык менен сабап бараттым. Мен келгенде бада чогула элек экен. Башкалардын келишин күттүм.

Мен кайра келгенде өгөй энем сааган сүтүн машинага тартканы Бердалы абамдыкына көтөрүп баратканын көрүп, бактын далдасына токтоп калдым.

– Сен ал жерде эмне кылып турасың! – Энем мени көрүп калыптыр.– Бар, кечээки мен көрсөткөн огороддун четине музоону арканда. Көзүңдү жакшылап кара. Кокустан бедеге жетип калып ичи жарылып өлбөсүн. Күрмөгөндү жакшы үйрөндүң беле? Темир казык ордунда турат. Уктуңбу?

– Ооба.

Мен музоону чече албай көпкө убараландым. Ары-бери жулкунуп мени улам жыга коёт. Эптеп жатып жибин жаңы эле чечип бүткөнүмдө жутунуп, жылаңаяк бутум-

дун бешманжасын сый басып кетти. Музоо колумдан чыкты. Бутумдун башы кабарып кан-сөлү кача түшүп барып, кайра бир заматта кара көк тартып тыталанып көөп чыкты. Ооруган бутум жанымды көзүмө көрсөтүп, жер бастырбай калды.

– О-о, бу-ту-ум. Бу-тум-а-а-й, бу-ту-у-м. Бутумду кармап алып ыйлап жаттым.

– Маха-ба-а-ат! О мамыраӊ калгыр, музоо бедеде жүрбөйбү, э кокуй. Өлдү ээ ичи жарылып. Бул змнеси ботом арканда десе агытып ийип, Ма-ха-ба-а-т

Короого кире берип, казыктын түбүндө ыйлап олтурганымды көрүп, чакасын жерге коё коюп мени көздөй ачуулу басты.

– Э, эмне болуп кетти сага?

– Бутумду музоого бастырып алдым. Ооруп жатат. Ой, бу-тум-а-й.

Сөөмөйү менен чекеге сайды.

– Кана, сынып калган жокпу, көрсөтчү мага. Атамдын үнү огород жактан бакылдады.

– Музоону эмнеге бедеге агытып жиберген. О-Аныйпа!

Энем атамдын үнүн угуп дароо өзгөрдү.

– Тур эми кечке ыйлабай.– Жашымды аарчыды.– Чебердебейсиңби. Бутунду талкалай баскан тура арам өлгүр...

Атам көрүндү.

– Бул баланы эмнеге таӊ атпай тургузгансыӊ? Уйкусу канбаган бала – бала болобу?

– Мен муну уктаба дептирминби. Таӊ атпай турган өзү.

Атам тору быштысын мамыга байлап жатып мени карап калды.

– Эмне аксаӊдайсыӊ? Ыйладыӊбы? Жыланаяк да экенсиӊ.

Жаныма келип, мени астына алып көк кыртышка олтура калып бутумду көрө баштады. Ар жактан энемдин актанган үнү чыкты.

– Мен муну музоо арканда дегенсип, алы жетпеген немеге асылганын кантесиң. Кой дегенде коюп калган жакшы экен го…

Атамды жалдырай тиктедим. Ал көздөрүмдөн өптү.

– Көзүңдөн секет кетейин, Турсунай турганда туруп жүргүн деп канча жолу айттым. Ал музоого сенин эмес менин алым жетпейт. Карачы бутуңду, ушул кантип болсун. Куураган турбайсыңбы.

– Энем өзү бадага уй кошкун деп ойготкон,

Атам селт этти. Ичинен дем алып токтоду. Өңү өзгөрүп, эрдин кесе тиштеди. Мага «бутуңду кий, жылаңаяк жүрбө, эрте турба» деп эскертти да, энем менен сүйлөшпөстөн, эртең мененки тамагын да ичпестен атын көздөй басты. Атам короодон чыгары менен энемден коркуп Батыш эжемдикине качып кеттим…

Алмадай чоң энем буту-колумду жууп, кесилген жерине каймактан сыйпап, эски көйнөгүнүн этегинен айрып .жарылган тырмагымды таңып койду. Уйкум келип кирпиктерим илинише түшөт. Кайра-кайра эстейм. Эртең мененки чайы даяр экен.

– Турчу Батыке, түш болду. Үйдөгүлөрдүн жумушка кеткени качан. Баятадан бери Мыкаттын бети-колун жууп жаттым. Жанакы булкактай болгон музоону аркандайм деп бутун талкалата бастырып алыптыр. Энеси жарашпай калды го курган баланын.

Чоң энем кызынын чекесинен өөп, маңдайынан сылаганын ачык эшиктен көрүп турдум. Батыш эжем менин атымды укканда ордунан секирпп турду. Эшикке чыгып жуунуп кирген эжем, менин жаныма жакын олтуруп, алдыма каймак, кант салынган тарелкаларды жакындатып койду.

– Өз кызы кайда?

Бутумдун башын тиктеп олтурган калыбымда үн чыгардым:

– Уктап жатат.

– Уктабай өлүп кетсин.– Эжем башындагы ийри таракты алып менин чачымды тараганы баратып, кайра башына сайды.– Анан тарап берейин.

Биз чайды ичип бүтүп калган кезде Турсунай кирди.

– Ай Махабат, сени энем чакырып жатат. Батыш да, энеси да кызга зааркана карады.

– Үйүңөрдө ким бар?

– Энем.

– Мыкат деле сага окшогон бала да. Бадага уй кошконго сени эмнеге жумшабайт?

Кыз эшик алдында мисирейип кыймылсыз турду.

– Бул эмнени билет. Тигил-бул деп эмне кыласың, айтып барса абийирди кетирет.– Чоң энем мага дагы чыны сунду.– Ичегой.

– Айтам эле. Атайы айтып барсын деп айтып жатам. Чоң энем кызын жактырбагандай кабагы түйүлө түштү. Анан Турсунайга мээримин төгө сүйлөдү.

– Келегой Тукап, чай иччи. Эжеңдин айткандарын энеңе айтпа балам. Анда сен ушакчы болосуң.

- Айтпайм,– деди кыз уялынкы.

– Ошент айланайын. Мыкат экөөң ынтымактуу болгула балам...

Турсунайдын аркасынан ээрчип келатып биз жаткан төшөнчүлөр короонун ичиндеги отундун үстүндө турганын көрүп коркуп кеттим. Энемдин айбатынан денем дүрүлдөдү. Колундагы чыбыгы кыймылдап, беттери диртилдеп тургандай туюлду мага.

– Тетигил төшөк эмне? Өлтүрөйүнбү сени? Кир үйгө.

Үйгө жүгүрүп кирдим. Артымдан ээрчий кирген энемдин колундагы көк чыбык бутума ороло түштү. Балтырым тилинип кеткендей сыздады.

– Энекебай, экинчи төшөккө сийбейм, урба мени.– Жыгылып кеттим. Энемдин буту дал ортомо тийгенде жүрөгүм үзүлүп кеткендей өзөрө түшүп, мурдум түтүктөп канап кетти...

Кечке ооруксунуп, көңүлүм ачылбай, жеген таягымды эстеген сайын муунум бошоп жүрдү. Ойногон да жокмун, көчөгө да чыкпадым. Энем көрсөткөн уйдун жампасын жаңы эле чогултуп, тыпын кошуп ийлейин деп жатсам Турсунай улактай секирип келип алдыма тура калды. Жыгачтын учуна илип алган уйдун жампасын оозума жакындатты. Мен жыйрылып башымды буйтадым. «Ме, жейсиңби?». Колун кагып жибергенимче болбой оозума шыбап кетти. Үйдөн чыккан апамды көрүп даттандым. «Апа, карачы Турсунайды, уйдун богун оозума сүйкөп кетти, чампалатпай жатат!» Ал мени укпай калды окшойт.

Апам кечки тамактан кийин идиш-аякты чогултуп алдыма койду.

– Талкалап алба. Абайлап жуу....

Эшиктин чала жабылган жылчыгынан Турсунайдын үнү угулду.

– Мен Махабат менен жатпайм энеке!

– Макул ырысым, аны менен жатпай эле кой.

– Мага тетигил атлас жуурканды салып бер, маакулбу?

Турсунай энесинин мойнунан кучактап, эркелеп жатты.

– Махабатка кайсы жуурканды жабасың? Ага да атластыбы?

Энемдин эмне дегенин укпай калдым. Мага да атлас жуурканды жапты го деп ойлоп, ичимден кымылдап, эшиктин алдына келип токтодум. Байкасам менин төшөгүм жерге салыныптыр. Үстүндө атамдын эски пальтосу жабылып турат. Көңүлүм чөгө түштү. Турсунай болсо кийимдерин чечип туш келди ыргытып жиберип, кыткылыктап керебеттин үстүнө чыгып, шайы жууркандын ичине кирди.

– Энеке!

– Энең секет кетсин.

– Ушул тукаба, шайы жууркандардын баары меники ээ.

– Сеники каралдым.

– Күзгү, гордиробчу?

– Алар дагы.

– Ушул үйдөгүлөрдүн баары меникиби?

– Сеники.

– Махабаттын эчтекеси жок ээ. Энем унчукпай калды.

– Энеке дейм?

– Уктачы балам.

Энем ордунан турду. Эшикке чыгып келатып, босогонун түбүндө, оозгу бөлмөдө ыйлап турган мени көрүп каалганы тарс жапты.

– И-и, дагы эмне болуп кетти? Көзүңө ак түшкүр, жаман жоро баштап караңгыда эмне ыйлап жатасың?

Мен ички бөлмөгө киргенимде Турсунай суналып жаткан калыбын жазбай мага тилин көрсөттү.

– Ии, ии, сенин эчтекең жок. Мунун баары меники. Кантесиң?

Ичим күйүп кетти. Анын жамынып жаткан жууркаңы да меники болучу. Мен бардыгын тартып алгым келди. Чуркап жанына бардым.

– Келе, бул менин жуурканым, менин керебетим. Турсунай тура калды. Экөөбүз кармаша түштүк. Ал менин үстүмдөгү жекетти талаша баштады.

– Чеч, бул меники.

Тиземе тээп жиберди. Мен жыгылып кеттим. Турганымча болбой басып жыгылды. Үстүмө минип алып чачтарымды жулмалап, башка-көзгө койгулайт. Колдорум бош эле. Оңтоюма келе түшкөндө мен анын бетин аймап алдым. Бардык күчүм менен каршылык көрсөттүм. Колун тиштегилеп, чачына асылдым. Турсунай кыйкырып жиберди.

– Э-не-к-е-е, карачы Махабатты, мени уруп жатат. Энем киргенде экөөбүз эки жерде турганбыз. Турсунай энесин көргөндө мени башка дагы бир муштап калууга

үлгүрдү. Анан даттана баштады. Ал кызынын бетин жарыкка салып карады.

– Э кокуй күн, баламдын бетин чарыктай тытып салган тура. Сен муну аягансың го. Көзүн чукуп алууң го.– Мен тиштеген колдорунун сыртынан өөп-өөп алды.– Тишине келсин.

Энем мени жаакка чуу-чуу тартып жиберди. Санымдан катуу чымчып туруп толгоп алды. Чыдабай кеттим.

– А-так-е-е! А-т...

Энем мени колу менен катуу тумчуктурду.

– Ма-ха-ба-а-т! О-о кызым! Ту-ка-а-н!

Тыштан атамдын үнү ушунтип угулду. Эмне кыларымды билбей сүйүнгөнүмдөн эреркеп, үнүмдүн бардыгынча кыйкырып жибердим.

– А-таке! Карачы буларды, Турсунай менен энем экөө мени уруп жатат.

Энем шашып калды.

– Болду эми басыл. Тигине Турсунай деле ыйлабай калды.– Көз жашымды сүрттү.– Өзүң тийишпедиңби. Таң атсын, Анын жазасын колуна берем.

Атам кирип келди. Ал бизди карап сестейип калды. Өпкөм көөп, кайра-кайра солуктап, ыктытып жатып толук эчтеке айталбай койдум.

– Ата-ке! Ме-н-и...

– Бул кандай?...– Атам дагы эле ирегеде турду.

– И, тетигил бетпак экөө урушуп, ботом араң ажыраттым шайтандарды. Бул анын бетин тытып алыптыр.

– А-та-ке, Турсу-най...

– Каралдым, каралдым, эмне талаштыңар, урушпай ынтымактуу болбойсуңарбы?

– Жуурканымды алып алды. Анан мени Турсунай да, энем да урду.

Атам бетимден сүйүп, чачымдан сылады.

– Антип бириңдин бетиңди бириң тытпай жүргүлө. Бир туугандар да урушат бекен! Эл укса уят болбойбу.

– Өзү урду, анан...

– Ой ыймансыз, ал качан урду сени. Чатакты өзүң баштабадыңбы?

Энем менин төшөгүмдү көздөй басты. Сыягы атамды бүгүн да келбейт деген көрүнөт.

– Алдагы мунун төшөгү го?! – Өзү салып алган тура.

– Өзү салып алган экен да ээ. Тфу. – Жерге катуу түкүрдү. – Ушунча жуурkандан буга тиешелүүсү жокпу? – Атам менин төшөгүмдү ыргыта тепти.– Алып кел тетигил энесинен калган жууркандарды...

Ошол күнү атам менен энем урушуп калышты. Бирөө кетем десе, бирөө кет дейт.

– Эртең мен келгенче үйдү бошотуп кой,– деди атам.– Сен тойсоң мен да тойдум. Кетем дедиңби, кетип жогол көзүмө көрүнбөй.

Бирок, энем кетем дегени менен эч жакка кеткен жок. Мага болгон энелик мээрими да өзгөрбөдү... Эртең менен энемдин үнүнөн ойгонуп кеттим.

– Тур, уйду бадага кош.

Денем коргошундай эрип, уйкудан көзүм ачылбайт. Көзүмдү кайра-кайра ушалап, кайра-кайра эстеп жатып, ордумдан зорго козголдум. Атамды ойлоп турдум. Ал эки күндөн бери үйгө келе элек. Талааны сагынам. Тракторго түшкөн күндөрүмдү! Оо, анда кандай сонун эле. Чымылдыктын гүлдөрүнөн терип алып какым аралаштырып тажы жасоочумун. Трактористтерге тамак бышырган Сулпукан энени көргүм келет. Казанга жапкан нанын сагынам. Атам мени өңөрө барып ошол кишинин жанына көп калтыра турган. Биз баратканда астыбыздан утурлай баскан аял: «Оо кагылайын, менин жакшы көргөн кызым келаткан тура» деп бакылдап аттан көтөрүп алуучу. Мен ал кишинин жанында калганда атамды да эстебей калуучумун. Бир күнү атам мени кайра өңөрүп келатып: «Минтип өңөрүшүп жүрбөй, сага эне таап берсем бекен ыя!» деген сөзүн угуп сүйүнүп кеттим. «Атаке, Сулпукан

энемди эле эне кылып алайын да». Атам бырс күлдү. «Ал сага эне болбойт балам. Өзүнүн балдары, кыздары бар. Жаш кезинде эрге тийбеген, эми тиймек беле!»... Мен атамдын сөзүнө түшүнө берген эмесмин. Балдары мага бербейт тура деп гана ойлогомун. Азыр да ошол Сулпукан энени эстеп, ошонун жанына, атам иштеп жаткан жерге кетип калгым келип турду...

***

Өгөй энемдин келгенине эки жыл болуп калды. Мен сегизге чыктым. Мурдагыга караганда кол арага жарап калдым. Энем эгиз эркек төрөгөн. Биринин аты Асан, биринин аты Үсөн. Ушул эки бөбөгүмдү көргөндөн бери атам энеме мурункудай болбой, баш ийгендей, кетирген кемчиликтерин этибарга албагандай, көзүн карагандай кебетеси бар. Энем Асан менен Үсөндү, Турсунай менен мени сууга түшүрөм деп сууга жиберди. Эки чака сууну көтөрө албай майышып келатсам Батыш зжем алдымдан чыкты.

– Э катыгүн кудай, бөксө эле көтөрсөң боло?!–Батыш эжем колумдагы чакаларды алды...

Мен үйгө киргенде энем Асанды ороп-чулгап жаткан калыбында мага бурулду.

– Эшикте үнү чыккан ким? Бирөө келдиби?

– Батыш эжем.

– Эмне дейт?

– Мени мончого түшкүн деп чакырды. Сууну көтөрүп келип берди. Чакаларга топтолтура.

Энем мени суу колу менен жаза-буза бир чапты.

– Э көгөрбөгөн бетбак, өзүңдү жибербедим беле мен. Же сууга жиберди деп даттандыңбы ага. Бар, ошондо барып кирип ал. Мончосуна түшөсүңбү шайтанына түшөсүңбү өзүң бил. Тигине ич кийимдериң...

Алмадай чоң энем мончого келгенимди көрүп аябай сүйүндү. Буту-колума текши вазелин жапты. Анан ыкчам сууга чүпүрөктү нымдап келип буттарыма ороп

туруп өзүнүн чийбаркут кемселин тиземден ылдый жаап койду.

– Эжең чакырганча кыймылдабай олтуруп тур. Куураган шордуу балам, буттарыңды кычы басып, туурулуп кеткен тура. Кантип гана чыдап жүрдүң экенсиң.

Мен кабагымды чытып, буттарымдын башын кыймылдаттым.

– Эмне ачышып жатабы. Эптеп чыда балам, жибисин. Анан ушул бойдон барып мончого түшсөң жакшы болот. Ага чейин буту-колуң жумшап калат.

Батыш эжем агаларынын балдарын жуунтуп жатыптыр. Мага бир далайдан кийин кезек келди. Кийимдеримди чечинтип, ысык таштын үстүндөгү аптапка салбыратып илип койду. Чылапчынга суу чабыштырып келип башымды жаңы эле жууганы жаткан эжем кетенчиктей түштү.

– Э кокуй Мыкат, этиңде тамтыгы жок көгала да байкушум. Эмне болду эле мынчалык? Ким урду сени?

– Билбейм. Өзү эле ошондой.

– Кантип эле өзү ошондой болсун.– Айландырып карады.

– Энем мени эркек балдар менен сууга түшөсүң деп урган. Бирок, мен алар менен сууга түшкөн эмесмин.

Биз менен чогуу мончого түшүп жаткан Жаңыл жеңем көгаламды көрүп чыйпыйы чыкты.

– Кайран Шаршекан өлбөй кал. Жаман катын экен го Аныйпа. Элдин көзүнчө жалынып калат экен. Анткор десе. Жайнак келсин. Ага бир токмок турулуу деп кой. Ушул күнөөсүз наристе үчүн кандай гана тукурар экенмин...

Жаңыл жеңем атама эмне дегенин билбейм. Айтор мончодогу сөзүн орундатыптыр. Ошол күнү биринчи сентябрь болучу. Турсунай экөөбүз Батыш эжем менен мектепке чогуу бардык. Биринчи күнү сабак дегендей сабак деле болгон жок. Мугалим эжейибиз ар бирибиздин шартыбызды, турмушубузду бирден сурап чыкты. Атта-

рыбызды айттык. Эжейибиз өзү жөнүндө сүйлөп берди. Тартип, тазалык жөнүндө түшүндүрдү. Кайсы убакта окуй турганыбызды билдирди. Анан класстагы эки партага эки тазалык шайланды. Бирөө мен болуп калдым. Эжейибиз биздин балдардын арасында иштей турган ишибизди түшүндүрдү. А өзүбүз болсок тартип-тазалык боюнча окуучуларга үлгү болушубуз керек экен. Андан кийин китеп, дептерибиздин, калемдерибиздин толук же толук эмес экендигин текшерип чыкты. Ар бирибизде экиден калем болуп, алардын бирөө ар дайым класста, экинчиси үйдө сакталарын айтты.

Мен тазалык болуп шайланганыма кубанычым койнума батпай, үйгө чейин чуркаган бойдон келдим. Класста болгондун баарын ата-энеме айтып сүйүнчүлөгүм келди. Бактын көлөкөсүндө байланып турган атамдын атын көрүп сүйүнүп кеттим. Окууга барганымды, тазалык болуп шайланганымды айтам деп ойлодум. Короого кире берип, ата-энемдин чаңырган үндөрүн, балдардын ыйлаганын угуп жүрөгүм атып кетти. Алар көптөн бери мындай уруша элек болучу.

Энем үйдөн качып чыкты. Башында жоолугу жок, чачтары саксайып кетиптир. Эсим чыккандан дарбазага ыктала түштүм. Энемдин артынан удаа колуна камчысын сүйрөй кармаган атам көрүндү. Ал мени көрүп делөөрүгөнүн токтото албай демиге кыйкырды.

– Мыкат, бери кел. Мен ыйлап жибердим.

– Эмне ыйлайсың? Бас бери. Көрсөтчү көгаланды. Атам менин жаныма келип колумдагы портфелди алып жерге ыргытты. Дароо фартугумдун топчусун чечип көйнөгүмдүн этегин далыма чейин кайрып, ич көйнөгүмдү тартты.

Э атаңдын этин жеген канчык, бул эмне? Урбаганың ушубу ыя? Мынча болду өлтүрүп салбайсыңбы? – Атам мени бооруна басты. Өзүнөн өзү буулугуп ыйлады. Мен анын ыйлаганын биринчи жолу энем өлгөндө көргөмүн. Азыр атамдын экинчи жолу ыйлашы болучу.

– Эмне үчүн Турсунай экөөнү бирдей көрбөйсүң ыя? Же мунун мурду бучук, көзү сокур беле? – Сөөмөйүн кезеди.– Бала тууп салдым деп Асан менен Үсөнгө чиренбе. Бала эмес Манас тууп берсең да... Билсең ушул кыз үчүн жашап жүрөм.

Атам салмактуу, токтоо, көтөрүмдүү киши болучу. Бир кыялы кармаса өзүн өлтүрөм деген киши жанында чогуу жүрсө да, жан кишиге айтпастан бардыгын ичине салып унчукпай жүрө берүүчү. Бүгүн атамдын оозунан арактын жыты келип турду. Ал кызуу болгондо гана айтайын дегенин ачык сүйлөөчү. Чечен болуп кетүүчү.

Энем эки баласын эки тизесине алып, там үйдүн түбүндөгү жыгач скамейкага олтуруп алып буркан-шаркан түшүп жатты.

– Турсунай келсин, Асан менен Үсөндү алып кетип жаныңды тындырбасам элеби, Аныйпа атым өчсүн. Сени менен сүйлөшүүчү жерим башка. Түрмөнүн түбүндө чирите албасам элеби...

Энемдин Турсунай келсин, кетебиз деген сөзүн угуп ала-сала сүйүнүп кеттим. Дагы айнып калбай кызын ээрчитип алып батыраак эле үйдөн чыгып кетишсе экен деп ойлодум. Бирок, Асан менен Үсөндү эстегенде жүрөгүм тыз дей түштү.

Атам энемди бир демге тиктеп туруп менин жанымдан секирип турду.

– Сени биротоло жайлап, каныңды ичип туруп түрмөдө чирийин анда.– Атам чуркап барып сарайдын алдындагы жарыла элек жумуру карагайда чабылып турган ак балтаны жулуп алып жалаңдатып энемди көздөй басты.

Энем ордунан турду. Эки бала эки колтугунда чырылдап, айлана чууга толгонсуп кетти. Атамды көздөй жүгүрүп баратып үстөмөнүмдөн кеттим. Боорумду жерден көтөрө албай жатып кыйкырдым:

– Өлтүрбө, атаке! Кагылайын атаке, энемди өлтүрбө...

Көчө жактан атчан кишинин үнү чыкты. Ордумдан будаланып турдум. Карасам Абакир абам экен. Атам өңдаалаттан кетип сарайдын жанында туруптур. Колундагы балтасын кемегени көздөй ыргытып жиберди.

– Ит, эмне кылып жатасың? Балдардын жүрөгү түшпөдүбү ыя?

– Мына бул катын канымды бузуп бүтүрдү. Ушунча үй, ушунча жайга кымындай болгон кызым батпады.

Энем ыйлап коё берди.

– Кагылайын Абакир, ишенбе мунун сөзүнө. Өзүң көрүп турасың, келип алып баарыбызды кырып сала жаздады. Бул үйдө кантип турам?

– Өзүңүз да кокуй киши экенсиз. Минтип шаар болуп, бала-чакалуу, акар-чакар болуп отурасыңар. Бул кандай бүтпөгөн чатак. Ырасын айтсам бардык күнөөнүн баары сизде. Мыкаттын канын келгенден бери сүлүктөй соруп жатасыз. Бага албасаңар ачыгыңарды айткыла, интернаттан окусун. Бул эмне деген шумдук ыя? Тфу

Абакир абам атын моюнга чаап, кайра тартты...

Ошол түнү атам Асан менен Үсөнгө да, энеме да, Турсунайга да караган жок. Эч ким менен сүйлөшпөстөн өзүнчө төшөк салып, тамак ичпей мени койнуна алып жатып алды. Сүйлөшкөн сөзүбүз болбосо да көпкө чейин уктаган жокпуз. Мен бир туруп атамдын мойнунан кучактайм, бир туруп эмчегинин үрпүнөн кармалайм. Башымды көөдөнүнө такап, төшүнөн жыттайм. Атам да мени үнсүз эркелетет. Аркамдан сылайт. Төбө чачымдан мурдун албай шуу-шуу жыттап коюп үнсүз... Эртеси эртең менен Турсунайдан кийин ойгонуптурмун.

Турсунай илмийип чилетир эле. Мен андан бир жаш кичүү болсом да андан бойлуу болучумун. Кол арага толук жарап, бой тарткансып калдым. Бара-бара бардык үй ичиндеги жумуштар энчиме басылган сыяктуу болуп кетти. Кийинки күндөрдө энем мага угузбай Турсунайга күңкүлдөп калганын кулагым чалып калат.

– Сен киши болбойсуң. Эмитеден сыланып күзгүнүн алдынан кетпейсиң. Карачы Махабатты, казан-аяк кармап, катуу-түлүк жумуш иштеп жүрсө да колунан китеп түшпөйт. Кирпигине чаң жукпайт, жүдөгөндү билбейт. Сенчилеп түзөнбөй-этпей эле өз өңү өзүнө жарашып турат. Аны сен өңдөнтүп көтөрмөлөп, күкүктүн балапанындай күпкөлөп турсам канат байлап Айга учканы араң турат. Мектептен үйрөнүп анын тиккен көйнөгүн кара, сенин тиккен көйнөгүңдү кара. Карап олтуруп арданганымдан өлгүм келет...

Анан эмне болду эле? Ооба, мен эс тартып чоңойгон сайын чынчылдыкка, ак ниеттүүлүккө, бетке айтууга үйрөндүм. Андай артыкчылыктарды мага тартуулаган биринчи иретте өз башымдан өткөрүп жаткан турмуштун, жашап жаткан күнүмдүн сабактары болсо, экинчиси өз мугалимдерим, өз мектебим, Алмадай чоң энем менен Батыш эжемдер болду. Мектептеги комсомолдук уюмга секретарь болуп шайлангандан тартып экинчи дүйнөнү көрүп, экинчи мектептен окугандай болдум.

Бетке айткан мүнөзүм энеме такыр жагуучу эмес. «Сен тайбассың» – дечү. Мени мурункудай уруп-сокпогону менен заар тилин алдыртан соймоңдотуп туруучу. «Турсунайын оорукчан, мажүрө» деген шылтоо менен аны чырпык башын сындыртпай өстүрдү. Турсунай барам деген жагына барбай, коном деген жагына конбой калган учур дегеле болуучу эмес. Ал балдарды көргөндө ойсоңдоп, кабак-кашын серпип өзгөрө түшүп сүйлөгөнүн көргөнүмдө таң калуучумун. Анда Турсунай экөөбүз тең 9-класста окуп жүргөн кезибиз эле. Балдардан катты көп алуучу. Алар Турсунайга ыр жазышчу.

Эки кыз ички бөлмөдө жатуучубуз. Бак жакты карап турган кош терезе бар болуучу. Бир күнү таңга маал терезенин шарактай түшкөнүнөн ойгонуп кеттим. Огород жактан кандайдыр бирөөнүн башы кирип келатканын көрүп, төшөгүмдөн секирип турдум. Турсунайды ойготоюн деп ойлодум.

– Бул ким? – дедим эшикти көздөй кетенчиктеп.

– Чид-и-и-ш, менмин, акырын.

Турсунай экенин таанып, жүрөгүм ордуна келе түштү.

– Жети түндө терезеден түшүп эмне кылып жүрөсүң? Жана эле төшөгүңдө эмес белең?

Турсунай мени кучактай калып өпкүлөп жиберди. Оозунан винонун жыты бур дей түштү. Башымды буруп кеттим.

– Билесиңби, жигиттер мага уже ашык боло башташты. Турат шофер болгону менен сонун жигит, Мен өзүм да аны мурун эле жактыруучумун. Ал мени өлгөндөй сүйөт экен. Мага чын сырын айтты.

Жүрөгүм иренжий түштү. Жийиркендим.

– Эмне дегениңе түшүнбөй калдым.

– Ой жинди баш, Турат менен болдум дегенди уккан жоксуңбу. Ал мени парторгдун машинасына салып ойнотуп келди.

Турсунай мени дагы кучактаганы келатканда түртүп жибердим.

– Тур нары. Уятсыз. Мурда Абыкай менен сүйлөшүп жүрөм дечү элең. Эми...

– Бирок, мен Абыкай эмес Туратка турмушка чыгарымды түшүнүп кой.

– Болуптур, бактылуу бол!

Мен Турсунайдын түз жолдон адашып баратканын билип, кандайдыр жардам бериш керек экен деп ойлодум ичимден.

Эртеси дем алыш болучу. Атам огородду сугарып жүрүп терезенин тушуна жол түшүп калганын, тамдын боору буттун изинен акиташы түшүп, оюлуп калганын байкаптыр. Атам энеме кыйкырды.

– Эй, тарбиячы, бери бас. Мына бул эмне? – деди атам.

– Ал эмне болуптур?

– Атаңдын башы болуптур. Эмне болгонун көрбөй турасыңбы? Терезеден «бөрү» кирип жүргөн турбайбы!

Энемден жооп болгон жок. Эси ооп калды го деп ойлодум.

– Айт азыр, кайсы кызың бизге көрсөтпөй түн ичинде үйгө «ууру» киргизип жүрөт? Бизди уктатып коюп кылгылыкты кылып жүргөн турбайбы булар...

Коркконумдан эмне кыларымды билбей калдым. Үйгө энем ачуулу кирди. Биринчи эле балдардын бөлмөсүндө көйнөктөрүн үтүктөп жаткан өз кызынын үстүнө өзүн атты.

– Э кокуй Турсунай, терезеден үйгө бирөө кирип жүргөн го. Чыныңды айтчы балам, сенби же Махабатпы?

– Эмне терезе? Эмне киши? Кызык сүйлөйт экенсиң. Мен эч кимди көргөн да жокмун, эч кимди киргизген да жокмун. Кудай урсун, энеке, жаш жанымдын күнүн көрбөй калайын.

– Баса ошондой дейм да, Жаным эми өзүмдүкү болбодубу. Баарын былыктырып жүргөн...

Сөзүнүн аягына толук чыкпаган энем менин жаныма чыкты. Мени жутуп жиберүүчүдөй тирмийе карайт.

– Кана, эми сен айтчы, тигил терезеден киминер эриңерди киргизип алыш жүрөсүңөр. Турсунай мен эмесмин дейт.

– Эмне, Турсунай билбегенди мен билет бекемин. Турсунай үйдөн чуркап чыкты. Менин маңдайыма келип эки колун бөйрөгүнө алып тура калды.

– Кана, эмне деп айткың келип турат?

Кыздын кебетесин көрүп жарылып кете жаздадым.

– Актанам деп турасыңбы? Турат...

Турсунайдын колу шалдая түштү. Энемдин деми буулду. Эриндери кыймылдап, муундары калчылдап турду.

– Турсунай менен салмакташканыңды качан коёсуң ыя? Качан болсо эле Турсунай, Турсунай!

– Турсунай дебегенде эмне дейм.– Колумдагы казан жуугучту кострюлдун ичин көздөй ыргыттым.– Терезеден чыккан Турсунай болсо, Терезеден кирген Турсунай болсо, бул үчүн мен жооп береминби? Тураттын машина-

сына түшүп түн катып сейилдегенди билген киши жооп бериштти да билер.– Мен Турсунайга жакындадым.– Эмне мелтирейсиң? Же энең экөөң мени ак жеринен дагы кансыктатайын деп турасыңарбы? Жетишет, эми силерге тебелетпеймин. Чоңойдум, акыл-эсим толду. Мени экинчи ортоңорго кыпчыбай өзүңөрчө сүйлөшкүлө...

Терезеге сүйөнүп турган атамды бир карап алып эшикти тарс жаап чыгып кеттим...

* * *

Жаз жадырап, күн жылымдаган кез. Көк кылтыйып, жоогазындар дүркүрөйт. Кош айдоо да жаңы чыккан. Мектепти быйыл бүтүрүүчү өңчөй комсомолецтер түн ичинде колхозго жардам берип, кош айдоо ишине кол кабыш кылуу маселесин көтөрүп чыктым. Бардыгы макул болушту. Комсомолдук жыйналышта мүчө боло элек жаштар да силерден четте калбайбыз деп чуу турушту. Окуучулардын шартына, убакыттарына жараша жумуш бекитип берүү жагын колхоздун жетекчилеринен сурап кайрылдык. Ал эми бүтүрүүчү класстын балдар-кыздары болсо айдоо жеринен өздөрүнчө бөлдүрүп алмак болушту.

Атама бул жөнүндө мурда эле айткан болучумун. «Мугалимдериңер, директор-завучтар эмне дейт экен.

Быйыл экзамен бересиңер. Окушуңар керек. Бардыгын өз мойнуңарга алып, агайларыңар ошого көнсө өзүңөр билгиле. Мен каршы эмесмин» – деген. Ошондо атамдын каршы болбогонуна төбөм көккө жеткен. А мугалимдерибиз болсо адегенде бири көнсө бири көнбөй жатып, өтүнүчүбүздү педсоветте карап чыгышкан. Ошондон кийин колхоздо он күнгө иштөөгө мүмкүнчүлүк алдык. Атамды уктабай күтүп олтурган болучумун. Коридордо ток-ток баскан салмактуу дабыш чыкканда ичти-тышты светтерди күйгүзүп чуркап чыктым. Байкуш атам, кара

майга түшүп чыккансып тиши менен эки көзүнүн агынан башка көзүмө эч нерсе көрүнбөдү.

– Эмне кеч келдиң? Же тракторуң бузулуп калдыбы?

– Э балам ай, механизаторлордун жумушуна түшүнөсүң да өзүң. Бузулган тракторлордун ремонтуна жардам берип жаттым. Жуунайын, жылуу суу бар бекен? Бүгүн душу да иштебей калыптыр.

– Бар атаке!

Билегимди мойнуна ороп тура калдым. Жылтыраган көздөрүн бир демге тиктеп туруп, мурдунун учунан өөп алдым.

– Кара май болгон жаман атаңдын эмнесин өбөт экенсиң. Көздөрүң киртийип калыптыр, бүгүн да ашык окугансың го.

– Окуган жаманбы?

– Өтө көп окуган мээге-зыян деп жүрүшпөйбү. Каданбай эс алып-эс алып оку дебедим беле? Колхозго жардам берүүгө мугалимдер руксат бериптир деген сөздү угуп жакшы болгон экен дедим. Талаада иштеп башың бир жакшылап эс алып алсынчы кызым.

– Жумуш иштегенде чын эле адамдын башы эс алат ээ атаке! Сен баарын билесиң!

– Ооба кызым, кара жумуш адамды өстүрөт, такшалтат...

Ошентип биринчи класс менен онунчу класстын ортосундагы аралык бир заматта кабыша түшкөндөй болду. Бардыгы кечээ эле болуп өткөн сыяктанып, окуган он жылыбыз бир күнчөлүк көрүнбөгөндөй болуп калды. Акыркы коңгуроо деп күткөнүбүз менен чын-чынына келгенде өлүп кала жаздадык. Биздин балалык сүйүүбүз, балалык күлкүбүз, балалык күндөрүбүз ошол акыркы коңгуроо менен бир катуу шаңгырап алып көздөн кайым болгондой болду. Бүтүрүүчүлөрдү куттуктоого келген октябряттар, пионерлер ар бирибиздин кучагыбызды гүлдөргө толтуруп жиберишти. Колдор чабылып, сурнайлар бапылдайт.

Класс жетекчибиз менен директор эжейибиз сүйлөп бүткөндөн кийинки сөздү окуучулардын атынан мага беришти. Демейде кыздар менен балдар «сенин оозуңа шайтан түкүрүп кетсе керек» деп жүрүшкөн болсо, азыр айтканга жалгыз ооз сөз таппай, эмне деп айтаарымды эстей албай кирпиктерим ымдалышып турду.

– Кана Мыкат, сүйлөбөйсүңбү? Оо жаман кыз десе, мен дагы эмнеге токтоп калды десемчи. Бир кезде биз дагы силерге окшоп мектеп менен биротоло коштошордо өлөрүбүздү санаганбыз. Эчтеке эмес, унутуп да кетесиңер.

Мен тамагымды жасадым…

Ошол күндөн баштап жалгыз гана экзамен берүүнүн аракетинде болуп калдык. Кошумча лекция, кошумча сабактар биринин артынан бнри келе берди. Ооба, мен биринчи сабакты бешке, Турсунай үчкө өткөргөн. «Алыбек алына жараша» дегендей анын кубанычы да айтып бүткүс мелт-калт болучу. Математикадан баабызды уккандан кийин өз кубанычыбызды өз үйүбүзгө, өз ата-энебизге жеткирүүгө шашыла баштадык. Мен да өз кубанычымды кимдир бирөө менен бөлүшкүм келет. Жаштык кыял, балалык эреркөө обого сермелет. Өз энемдин элеси көз алдыма тартылат. Ал канча жыл, канча айдан бери мени күтүп тамдын боорунда турганы турган. Үйгө киргенде эле биринчи өзүм жатуучу бөлмөгө чуркайм. Энем мени тиктейт, мен энемди тиктейм. Ары бассам аркамдан, бери бассам бет алдымдан ээрчий карайт. Энемдин сүрөтү жаш эле, сүйкүмдүү эле. Кээде мен бир нерсеге өтө капа болгонумда же кубанганымда энеме келүүчүмүн. Алдында туруп ыйлоочумун, зарымды, кубанычымды айтуучумун. «Эмне үчүн мени жат кишинин колуна таштап кеттиң. Атамды башка аялга калтырып, үй-жайыңды, жыйган-тергениңди башка бирөөнүн аяк астына таштай бердиң. О-о кагылайын эне, мени өзүң менен кошо эмне үчүн ала жаткан жоксуң. Сенсиз мага бардыгы көңүлсүз». Азыр да мен өз энемди эстеп келдим.

Үйгө кубанычтан кандай жетип, кандай киргенимди билбейм. Турсунайдын кайда калганын да байкабаптырмын. Мен атамдын үйдө боломун дегенин ойлоп ичимден толкундайм. Эшикти ача берип өгөй энем менен оро-пара боло түштүм. Энемди көргөндө эмне кыларымды билбей чачылып кеттим. Энеге болгон балалык махабатым менен аны көздөй өзүмдү таштадым. Канатымды жайдым.

– Энеке!– Кучактай калдым.

– Эмне болуп кетти?

– Сүйүнчү, биринчи экзаменден беш алдым. Энем мени мостоё карады.

– Сүйүнчү десе мен дагы башка бирдеме болуп кеткен экен десе... Мурда эле бештериң көп эле го. Анын эмнесине...

Колдорум ийнинен түшүп, баш ылдый муздак суу куюп жибергендей, денем чыйрыга түштү.

– Бул экзамен да!

– Билип жатам экзамен экенин. Турсунай эмне алды? Өттүбү?

– Ортого тапшырды...

Энем заматтын ортосунда чачтарынын түбүнө чейин чиедей кызарып кетти. Сыягы кызын тапшыра албай калабы деп кабатыр болуп турган окшойт...

Атам менен Турсунай короого чогуу кирди. Мен көөдөнүм толгон кубанычымды азыр эле бирөөгө уурдатып жиберген немедей терезеде жансыз сөлөкөттөй, таштай катып жөлөнүп турган болучумун. Атамдын үнү бакылдап көңүлдүү чыгат.

– Кыздарым азамат. Экөө тең сыноодон өткөн тура. О-о Мыкат. Секет кетейин сенден, Махабат болгон атыңдан айланайын. – Атам ушунтип алыстан кучагын жайып келатты. Эзилген үнгө эреркеп кеттимби, көзүмө жаш айлана түштү.– Атасынын кызы да, өзүмдү жазбай тартыптыр. Келчи алган бешиң үчүн беш өбөйүн.

Кара май жыттанган комбинзонунун көкүрөгүнө башымды жөлөдүм...

– Директорун, баш болуп мугалимдериң мектептеп чыгып келатышыптыр. Мени көрүп токтоп калышты. Жан-алы калышпайт бечаралар. Сени алтын медалга татыктуу болобу деген ойдо экен бардыгы. Кокустан ошол мугалимдериң айткан медалды алуучу болсоң той берем кызым. Той...

Көзүм энемдин көзүнө уруна түштү. Ал бизди карап эликтеп туруптур. Жазылып бараткан денем кайра чыйрыкты.

– Эми кайсы сабактан бересиңер?

– Орус тилден!– Турсунай жооп берди.

– Жакшы даярданып, жакшы окусаңар эле жакшы деген баа аласыңар.– Атам маңдайымдан сылап, чекемден, мурдумдан, көзүмдөн өөп, чачымдан жыттады. Анан Турсунайды эркелетти.– Жаман атаңар силердин аркаңар менен ата-энелер комитетине мүчө болуп келди эле. Жыйналыштарда президиумга чалкалап олтуруп коюучу элем. Экөөң жок, эми мектептин босогосунан ары өтөрүмдү кудай өзү билсин.

– Жок ата, кааласаң ата-энелер комитетинен чыгарышпайт.

– Пы-ы-ы-ш, чоң кызматтан түшүп, зарпулаттан куру калчудай болгон бечара.– Энем дагы эликтеди.

Атам аялын алая карады. Бирок, Асан менен Үсөн төрөлгөндөн бери атам энеме баш ийгенсип калганын билем. Эки бөбөгүм чындыгында эле баарыбыздын кубанычыбыз, эрмегибиз болучу. Экөө тең мени үй-бүлөнүн ичинен жакшы көрүшчү.

Эки бөбөгүмдү эки колума жетелеп алып, биз жаткан бөлмөнү ачар-ачпастан эле энемдин портретинин ордунда жок экенин байкадым. Чуркап барып терезеге ары каратып жөлөп койгон раманы айландырып карадым. Энемдин сүрөтү ошол экен. Бет аарчым менен айнектин бетин сүртүп энемдин чекесинен өптүм. Боорума такай кармап, көздөрүмдү жуумп жибердим.

– Онунчу классты бүтүрүп жатканымды билип жатасыңбы? Эгер мен бүгүнкүөй биринчи экзаменден беш алып келгенимди көрсөң эмне болуп кетер элең? Сен сумсайбайт элең ээ?!

Раманы көтөрүп алып атам менен энемдин жанына бардым.

– Бул сүрөттү ордунан ким алып койгон? Асан менен Үсөн жарыша сүйлөдү.

– Энем чыгарган эжеке, энем...

Тигил энем илгичте илинип турган кара көк бостондон жаңы тигилген жайкы пальтосун алып кийип жатты. Турсунай да, балдар да дым чыкпай үйдүн ортосунда турат. А атам болсо чыканагына койгон жаздыкты эки колдоп мыжый кармап астын көздөй ыгырды. Көздөрү бир менден өтүп, бир энемден өтүп экөөбүздү алмак-салмак карайт. Мен кайталап сурадым.

– Сүрөттү эмне үчүн алдыңыз?

Үстүнө кийген чапанынын жакасын кайрып, жоолугун оңдоп салынып жаткан энем ылдам бурулду.

– Алып койсо эмне болуптур?

– Бул эмне деген сөз болуп кетти. Сүрөтү тирилип келип атамды тартып алат деп корктуңузбу, же жеп коёт деп чочудуңузбу?

– Энеңдин арбагы күчтүү болуп күйүп жүрсө атаңды жээр, менде эмне акысы бар.

– Бул жерде арбак менен атамдын аралаша турган кандай шарты бар? Мен сизден сүрөт жөнүндө сурап жатам.

– Булардын тирүүсү эмес өлгөн өлүгү да машаяк болду мага. Билсеңер, атаң экөөңдү адам катарына кошкон менмин. Мен келгенде чириген беш жуургандан башка кайсы үй тиреген дүнүйөңөр бар эле?!

– Мага дүнүйөнүн кереги жок, энем керек болучу. Бирок, азыр энемдин ордуна Сиз эне болуп олтурасыз. Ушул эшикти аттап киргенизден бери жеңилиңизди жерден, ооруңузду колдон алгандан башка жамандык кыла элекмин. Аз калды, эптеп чыдаңыз.

– Эмне, мени жулмалайын деп турасыңбы? Кана өлтүр. Өлтүрөсүңбү? – Энем башын тосуп жөөлөй баштады.

Атам ордунан тура калып энемди түртүп жиберди.

– Эмне, сен жазыгы жок балага асыласың? Тилиңди кесип салайынбы? Сүрөт сени жеп баратабы? – Чачынан кармап чалкалата тартты.

– Чириген чирик, жулуп салдың чачымды? Тарт дейм колуңду. Эмнеге мурдатан кызыңды алып албай мени алдың эле. Али да кеч эмес...

Турган ордумда өлүп бараткан немедей бүткүл денем жансыз болуп баратты. Энемдин портрети салынган рама колумдан кандай түшүп кеткенин билбейм. Шарак дегенде көзүмдү ачсам полдо айнектери таруудай талкаланып жатыптыр... Балдар ызы-чуу...

***

Институтка медаль менен келгендигиме байланыштуу бир гана сабактан экзамен берип, калган сабактарымдан жеңилдик алдым. Турсунай мен үйгө кетейин деп камынып жатсам келиптир. Мурдагыдан чыйралып, жайдары болуп кеткен Турсунайды тиктедим,

– Мен үйгө кетпей калдым. – Турсунай шаңкылдап күлүп, мойнумдан кучактап өпкүлөп жиберди. – Сен бактылуусуң Мыкат.

– Окууга өттү деп ошентип жатасың го. Бөксөлөрү толуп жатпайбы. Анын ордун эч качан толтура алмак эмесмин.

Турсунай мени коё берди.

– Ооба, толбогон кол жеткис бактың энең экенин билем. Акылдуу кыз экенсиң. Чын эле Мыкат, бардыгын ойлондум. Эсиңдеби баякы жылкы окуя? Мен ошолорду ойлоп өкүнүп жүрөм. Бирок, сага азыр айтып жатам. Акмак экенмин. Кеч болсо да кечирип кой.

– Эмнени айтып жатасың? Эчтеке эсимде жок. Мен керебеттин четине келип көчүк бастым. Турсунай колдорумду кош колдой кармап келип алдыма жүйүртө басты.

– Баткак болгон бут кийимдеримди тазалап койбойсуң деп эки туфлимди эки колума кармап алып сени башка койгулаганым...

Турсунай мени сөз менен эмес, таяк менен төбө талаштыра чаап жибергендей, мурдума кан жыттана түштү.

– Сен өзүң айтпаганда андайларды ойлоюн деген оюм, эстейин деген ниетим жок эле. Таякеңдикине жатып акылдуу болуп калгансың го. Көңүлүң да ачык.– Ордумдан турдум. Графинден стаканга жаңыдан куйган сууну оозумду көздөй көтөрүп баратып Турсунайды карадым. Ал сүйлөп жаткан болучу.

– Мен Казан университетине кетип жатам. Таңдана түштүм.

– Казанга дейсиңби? Кандайча? Биринчиден кечиктиң, экинчиден ал жакта конкурс жок деп турасыңбы?

Кыз каткырып жиберди.

– Экзаменден өтпөй калат экен деп кайгырбай эле кой. Казан университетине конкурссуз кабыл аларын башынан билем.

– Э койчу, келесоо кишинин сөзүн сүйлөбөй. Мени эмне башы жок деп турасыңбы?

Турсунай мени чекеге сөөмөйү менен түрттү.

– Эй макоо баш, казанга да экзамен болмок беле?

Анын төрт эле кулагы бар. Кайсы кулагынан кандай кармап асарды эптеп үйрөнөрмүн.

– Эмне күйөөгө кетесиңби?

– Көрөсүңбү? Во, момундай жигит. - Баш бармагын көрсөттү.

– Тураткабы?

– Кайдагы Туратты эстеп жатасың. Ал экөөбүздүн ажырашып кеткенибиз качан. Кечээ кечинде таякемдикине кудай айдагансып бир волгалуу жигит келип калса болобу. Кыскасы мен аны бир көргөндө эле сүйүп калдым...

– Бир көргөн жигит менен эле кете бересиңби?

– Качан кетээрим али белгисиз.

– И-и, ошондой десең.

– Кайдан экен ал жигит?

– Аны кетээримде гана айтам. Ага чейин секрет.

– Аа болуптур, секрет болсо секрет бойдон туруп турсун. Шашылыш жок.

Колумдагы кыйшайган стакандан суу жерге шорголоп жатыптыр. Муздак суудан аптыга бир жуттум да ортодогу столго койдум. Экөөбүз тең унчугушпай калдык. Ордунан шайдоот турган Турсунай күзгүнүн алдына барып чачын оңдоп, каштарын сылап, боюн түзөп тура калды.

– Мен кеттим Мыкат. Калган сөз болсо кабарлашып турарбыз.

– Жарайт.

Турсунай тыкылдай басып чыгып кетти.

Мен короого кирип ачык терезеден дуулдаган аялдардын үнүн угуп эки жагымды карап токтодум. Асан менен Үсөн жүгүрүп келип мени кучактап калышты.

– Э-не-е! Махабат эжекем келди.

– И, жакшы болгон тура, келсин.– Энемдин үнү ашкана жактан чыкты.

Бөбөктөрүм мени карап экөө эки жагымдан божурай башташты.

– Эжеке, Турсунай эжем  күйөөгө кеткен жатат.

– Күйөөсүнүн машинасы бар дейт. Аялдар көп жууркан каптап жатат.

Энем ашканадан чыкты.

– Ырас келген турбайсыңбы. Үйгө кир, эмне туруп калдың? Тамак да  бышып калды. Калганын өзүң даййындап жиберчи.

Жууркан каптап жаткан аялдар мени көрүп  кубанып кетишти.

– Алдыңа кетейин, Мыкат келген тура. Кандай дениң сакпы?

– Окууга өттүңбү? – Алмадай чоң энем бетимден өптү.
– Зээниңден секет кетейин.

– Өттүм апакебай...

– Жол жүрүп чарчап келгендирсиң. Олтуруп эс ал. Биз ушинтип Турсунайдын себине кол кабыш кылып жатабыз балам.

Менин артымдан удаа кирген энемдин үнү шаңкылдап көңүлдүү чыкты.

– Жаш эмеспи ботом. Мындай кезде чарчаганды ким билиптир. Бол кийимиңди алмаштыра коюп, кесменин камырын жууруп жибер...

Тамак үстүндө Турсунай экөөбүз жөнүндө сөз болуп кетти.

– Аныйпа, билсең ырысың төөдөй аял экенсиң. Минтип эки кызың биринен бири өтүп шырыктай болуп бой жетип турат. Турсунайым күйөөгө кетет деп көпөлөктөй жаныңды көлгө уруп камынып-чамынып жатасың. Айтышыңа караганда күйөө болуучу уулуң тирикарак эстүү бала көрүнөт. Эми Турсунайыңдан кийин Махабатың кетет. Анан уулдарың ары-бери караганча бой жетип колукту алып учуңду узартат.

– Айтканыңар келсин. Турсунайымдын күйөөгө баруу оюнда жок болучу. Буйрукка айла жок тура. Күйөө бала Туканды бир көрүп эле жактырып калган имиш. «Асылган оору албай койбойт» дегендей, аркасынан сая түшүп жүрүп акыры ушундай иш болуп калды. Кантейин балам бактылуу болсо болду.

– И-и, ошентип азыркы жаштар өз тагдырларын өздөрү чечип, өз жарын өздөрү тандоочу болбодубу.

Турсунайды эстеп териме батпай кубанып олтурдум.

– Иштин башы ишемби деп ушул ишембиде шырдагын ойдурайын деп жатам. Биздин айылда ким бар жакшы ойгон.

– Ээ катыгүн өз кошунаң Алмадай энем турганда алыстан оймочу издейсиңби?

Алмадай чоң энем оңдонуп олтурду.

– Жок айланайын, шырдак кармабаганыма көп болду, көзүм да жакшы көрбөй калды. Азыр жаш келиндерден чыгып жатпайбы оймочу-чиймечилер.

– Билем да, Алмадай байбиче башканыкын ойсо да биздикин ойбойт.

– Бузуп салам деп жатам. Ооздон жел чыга электе эле ушундай чалып турмайың жаман.

Эл кетип өзүбүз калгандан кийин энемден минтип сурадым:

– Турсунай күйөөгө ушунчалык эле тез кеткени жатабы?

Энемдин чечекейи чеч болуп бул күнү абдан көңүлдүү болуучу.

– Кеткени жатканы ошол да балам. Окуугa да өтпөй калды. Далактап үйдө жүргөнчө барсын. Атаң экөөбүзгө күйөө бала атайы киши жибертиптир, Турсунайдын колун сурап. Кеңешип туруп макулдугубузду айттык.

– Бизди институтка баргандан кийин тез эле жумушка алып кетет окшойт. Кайсы күнү кетээрин угуп кетсем экен.

– Күн болжошо элекпиз. Айтышат го. Не бар не жок камынып коёюн деп жатам. Машиналуу немелер экен. Келип калса Турсунай сенсиз кетмек беле. Киши жиберип алдырып алабыз балам, Эл, кыздары күйөөгө кетеби, балдары колукту алабы, элден жашырып-жабат экен. Мен антпей эле, абысын-ажынга ачык айтып камынып жатам.

– Ишенимдүү болгондон кийин эмнесин жашырасыз. Турсунай эмне ууру кылып жатты беле...

Мен келгенден кийин Турсунай үйгө бир жумадан кийин келди. Кабагы карыш түшүп бүркөө. Экөөбүз өз бөлмөбүздө олтурганбыз. Энем үстүбүзгө кирди.

– Тигил келин келген жокпу? Кудалардан эмне кабар бар?

– Кечинде тажеңем келет. Эмне болгонун келиниңизден угуңуз.

Энем күлдү.

– Эмитеден эле мени менен сиз-биз дешип сүйлөшүп калган тура. Күйөөгө кетээриңди билбей кечээ эле улактай секирип жүрдүң эле. Чын-чынына келип, иш машагына жакындаганда кетүүчү кыздын каадасы кылып сыйлай баштагансың го балам. И-и, ошондой болот балам. Кыздын атанын төрүнөн чыкканы, анын сөөгү чыкканы менен бирдей. Эмне, энеңдин санаасы эле бир жерде дейсиңби, алда кандай жерге барар экен деп ичкеним ирим.

Бул күнү да атам келген жок. Мен ал кишини күтө берип чарчагандан кийин жатууга камына баштадым. Мен киргенде Турсунай кийимчен эки колун төбөсүнө алып кроватта жатыптыр.

– Махабат! Сен жигит сүйүп көрдүң беле? – деди Турсунай шыпты тиктеген калыбында.

– Эмне? Жигит сүйүп дейсиңби? Жок, мен андай түйшүккө түшө элекмин. Мага караганда бул жагынан аздыр-көптүр тажрыйбаң бар го?

– Мурда сүйүү деп калп эле өөдө-ылдый болуп жүрүптүрмүн. Мына, анык сүйүүнүн азабын эми тартып жатам.

– Алиги бара турган жигитиң жөнүндө айтып жатасыңбы?

– Менин багыма аны Фрунзеге бир жылдык курска жиберип жатышыптыр. Азырынча тоюбуз болбой калды. Эртең-бүрсүгүндөн мен да кетем. Бул жерде жүргөндө кылар ишим эмне. Баягы Турсунай эрге тием деп ата-энесин тойго камынтып коюп барбай калыптыр деген элдин сасык сөзүн, энемдин жемесин укканча көздөн далдаа жоголгонум жакшы болуп турат.

– Тоюң бүгүн болбосо эртең, эртең болбосо келеркиде күйөөң окуусун бүтүп келгенде болор. Эмне үчүн энең түшүнбөсүн. Эл укса күйөөсү окууга кетиптир, тою кийин болот экен деп тим болушат. Андан көрө жигитимден бөлүнүп калгым келбей жатат десең.

Турсунай ордунан туруп терезенин форточкасын ачты.

– Жигитиңдин аты ким ыя? Кайда иштейт?

– Ким экенин, кайда иштегенин эмне кыласың. Укпай эле койчу. Убагында таанышып, убагында билерсиң.

Ичимде Турсунайга таарынып калдым. Эмне үчүн бардыгы менден жашырышат деп ойлодум. Сүйлөшкүм келбей тескери карап жатып алдым.

Эртеси шаарга барып келем деп кеткен бойдон Турсунай үйгө экинчи келген жок...

Энем кызынын Фрунзеге кеткенин угуп кечке ыйлап жүрдү. Бирок, аны сооротуп турган бир иш Турсунайдын күйөөсүнүн окууга кетиши болду. Тойду эки бала аман-эсен келсе кийин өткөрөбүз деп өзүм токтотуп койдум деп энем кайра жар сала баштады.

Турсунай Фрунзеге кеткен бойдон келген жок. Анын күйөөгө барам деп үй-бүлөнү камынтып, айылдын аяк-башына чейин угулуп дүңкүлдөп жатып дым болушунун себебин чече албай ойго түшүп калдым. Бирок эч кимден да сурабадым. Айылдык мектепте окуп жүргөн кезимде ойлогон оюм азыркыдай эмес болучу. Кээ бирлерде орто мектепти бүтүргөндөн кийин күйөөгө качып кетким келип делөөрүп да жүрдүм. Анан калса акыл-эсимди жыйдырбай тилинен бал тамган жигиттердин саны күн өткөн сайын көбөйүп бараткан болучу. Айылыбызда Айдар деген колхоздун зоотехниги бар эле. Ал мага кат жазып, ар кимден сөз айттырып, турмушка чыгууга макулдугумду сурап жүрүүчү. Бирок, мен аны эмне үчүндүр жакшы көрүүчү эмесмин. Көзүмө шайкелең сезилүүчү.

Атам жумушта эле. Энем кечээ эртең менен кайра шаарга кеткен. Балдар да үйдө жок болуучу. Эртеңки окууга кетүүнүн камын кылып кийим-кечемди иреттеп, жууганын жууп, үтүктөгөнүн үтүктөп чемоданга кынаптап салдым. Башымды жууп күнгө бир аз тоборсутуп туруп үйгө кирдим. Аба кирсин деп эшиктерди бүт ачып коюп, төркү үйдөгү кош терезенин ортосуна коюлган трюмонун

алдында туруп чачымды маңдайымдан адатымча артыма чогуу тарап бир өрдүм. Күзгүдөн өзүмдү карайм. Жүзүм адаттан тышкары туптунук болуп мөлтүрөйт. Эки бетимдин оту эндик сүрткөндөй тарам-тарам болуп кызгылт. «Жашабай туруп бетиңе боёк сыйпайсың, жуу самындап» деген энемдин качанкы бир сөзү кулагыма кайра угулду. Ошондо эмне үчүн ошентти экен? Өзү карап туруп жуудурган болучу. Муздак суу тийген сайын беттеримдин каны кайра сыртына тээп ого бетер албырып чыкканын эстедим. Эриндерим да бетиме окшоп боёк сүрткөндөй экен. Эмне үчүн мындай? Жада калса энем менин көзүмдү да жактырбайт. «Көзү чоң жашка, оозу чоң ашка» дейт. Солдоктоп боюң эле чыгып баратат. «Теректей бой бергенче теменедей акыл берсин. Эмитеден далактап эмчегиң көкүрөгүңө батпайт. Жашырып-жапканды, билгизбей тартып алганды да билбейсиң»... Күзгүдөн боюмду, анан көкүрөгүмдү карадым. Чын эле мен энем айткандай көрксүзмүнбү? Кызылым бир аз эле өчүңкү болсо кубакай болмок экенмин деп ойлодум. Ошол кезде күзгүнүн тээ ары түпкүрүнөн кимдир бирөө суурулуп мени көздөй жылып келаткандай болуп көрүндү. Айнектен көрүнгөн көз менин көзүм менен тиктеше түштү. Айдар жылмайды. Жүрөгүм селт этти. Эшик жакка жалт бурулдум.

– Эмне келдиңиз?

Айдар күлдү.

– Кетиңиз. – Мен аны көздөй үч-төрт кадам басып токтодум.

– Кубалайсыңбы?

– Кубалайм.

– Болуптур, кетем азыр. Кечинде жакшы кино болот экен. Ошого чакырып келдим, барасыңбы?

– Жок. Барбайм.

– Барасың. – Айдар мени көздөй жакындады. – «Суранам сенден, макул деп койчу. Киного чогуу киргендин эмне жамандыгы бар экен. Билесиңби Мыкат, эгер сен

мага колукту болгон болсоң кандай сыйлар элем. Айдакең анда төбөсүнө көтөрүп гана жүрмөк.

Колумдан кандай кармаганын билбейм, эки каруумдан куушура кысып келип өзүн көздөй тартты. Ал ушунчалык карылуу экен, камынтпай мени бооруна сыга кучактады. Айдардын өбүүгө аракет кылып оозун жакындатып келатканынан мойнумду буруп, жүзүмдү андан ала качып, бошонууга аракет кылып жаттым.

– Коё бериңиз?

– Сүйгөнүм.

– Уятсыз экенсиз. Коё бер деп жатам.

– Махабат! –Аялдын үнү кулагыма шак дей түштү. Айдар мени коё берди. Эшиктин алдында турган Батыш эжемди көрүп уялганымдан өңүм бузула түштү. Оозума сөз да, салам да кирбей калтырап кеттим. Шаардан качан келип калды экен деген суроо көңүлүмдү чарпып өттү. Ооба, Батыш эжем күйөөсү экөө тең институтта иштөөчү. Алар менин окууга өткөндүгүм жөнүндө чоң кубанычта калышкан болучу. Эми минтип эжемдин көз алдында ак жеринен Айдардын отуна күйүп олтурганыма өкүндүм. Болгондо да ал мени кучактап алып өпкөнү жатканын көрдү.

– Мыкат, биздикине келип кетчи!– Тез бурулду. Батыш эжем чыгары менен кайра баштан Айдар мени көздөй жакындап келатты.

– Жолобо жаныма!

– Болуптур, жолобой эле коёюн. Кечинде клубка барасыңбы?

– Барайын. – Калп айттым…

Батыш эжеме көрүнүү мен үчүн кыямат болду. Чындыкты айтууну ойлодум. Ал кыраакы аял болучу. Адамдын оюн айттырбай көзүнөн билүүчү. Короодон чыксам Батыш эжем эки жагын карап көчөдө туруптур. Кебетеси мени акмалап турган сыягы бар. Жанына келип токтодум. Мен аны карабай туруп эле, менден көзүн албай

тиктеп турганын сездим. Аялдын өткүр, тегерек кара көздөрү денеме ток ыргытып жаткандай калтыратат.

– Жүрө гой! – Ал дарбазанын калиткасын ачты. Батыш эжем экөөбүз унчукпаган калыбыбызда ээрчише басып келип бактын көлөкөсүнө, огороддун ичиндеги какум аралаш өскөн көк майсандын үстүндө салынып жаткан шырдакты басып көрпөнүн четине олтурдук.

– Айдар менен көптөн бери сүйлөшүп жүрөсүңбү? Шырдактын оюуларын алаканым менен сылай берип, акырын үн чыгардым.

– Кечириңиз эжеке, мен аны менен сүйлөшкөн эмесмин. Ортобузда эч кандай байланыш жок.

– Башка бирөөдөн уксам ушак дейт элем, өз көзүм менен көрдүм го.

– Ишениңиз эжеке, сөзүм болсо эмне дейсиз. Мага турмушка чыккын деп асылып жүрөт. Киного чакырып келиптир. Тартипсиз жигит көрүнөт, капысынан эле... Мен сиздин ушунтип ойлоруңузду билгем.

– Чынбы?

– Кудай урсун!

– Карганба. Сабырлуу жетер мураска, ашыккан калар уятка, деген сөздү өзүң да уккандырсың. Ар нерсеге токтоолук, эстүүлүк, кыраакылык керек. Турсунайды угуп абдан кейидим. Ага турмуш жөнүндө, келечек жөнүндө балким эч ким кеңеш берип, жол көрсөткөн эмес чыгар. Эркеликке жеңдирип жибергендей көрүнгөн. Селкилдеп жеңилип кетиптир болучу. Турсунайды айтпаганда да, кээ бир жеңил ойлуу кыздар орто мектепти бүтүрсө эле болду, жигит сүйүүнү, күйөөгө чыгууну өздөрүнүн милдети катарында ойлошот экен, Мен кыздарды сүйүүдөн, турмушка чыгуудан өмүр бою так өтсүн деп жаткан жерим жок. Сүйгүлө, күйөөгө да чыккыла. Бирок, сүйүүнүн да сүйүүсү, сүйүүнүн да чындыгы болот. Кыз жигиттин бирин-бири жакшы көрүп калышынын баары эле сүйүү боло бербейт. Жүрөгүң каалап, чын сүйгөн кишиң, таза

махаббатың табылмайынча күтүп жүрө бер. Ал сага эртедир-кечтир келбей койбойт. Мен өзүмдү эле мисалга алып көрөйүнчү. Мага айылда окуп жүргөндө эле жигиттер сөз айта баштаган. Бирок, мен аларды каалаганым жок. Алдыга койгон биринчи максатым күйөө эмес – окуу болду. Окуунун артына түштүм. Институтка өттүм. Анда да ашык болдум деген бозойлордун саны күндөн күнгө көбөйүп жатты. Ошонун баарына сабырдуулук кылган ушул эле Батыш эжең болучу. Өз алдыма койгон биринчи максатыма жетип, институтту бүтүп алып анан турмушка чыктым. Сүйгөнүмдү ал жерден эмес, башка шаарда, башка окуу жайында окуп жүргөндөрдүн арасынан таптым. Элеман да ошол кезде мага окшоп өз сүйгөнүн издеп, кыздан кыз жакпай тандап жүргөн кези экен. Көрүшкөн күндөн тартып жылдызыбыз жарашып калса болобу. Ошентип жездең экөөбүз аспирантураны чогуу бүттүк.

Мени менен бирге окуп орто мектепти бүткөн кээ бир кыздар турмуштун оор сыноосунан өтө алышпай арабек калышты. Бардык кыйынчылыкты турмушка чыгуу менен жеңемин деген кыздар казан-аяк менен алышып, бала басты болуп, илим-билимден четтеп кете берди. Азыр алар кандай өкүнүп, оозун карманып жүргөнүн билесиңби?

Мен Батыш эжемдин көп сөзүнүн ичинен катуу кармап, эсиме сактап калганым «бардык кыйынчылыкты турмушка чыгуу менен жеңемин деген кыздарды да көрдүм», «Бирин бири жактыруу, бирин бири жакшы көрүүнүн баары эле сүйүү боло бербейт» деген сөздөрү болду. Көңүлүмдө көптөн бери ойлоп, өзүмдөн өзүм уйгу-туйгу, болуп чече албай жүргөн купуя сырымды айттырбай билип, көзү ачык олуядай сүйлөп олтурган салабаттуу жаш аялдын акылдуу кара көздөрү менин ички дүйөнөмө тинтүүр салып, улам тереңге сүңгүп бараткандай денемди дүүлүктүрүп, оюмду обого көтөрүп,

акылдымды бир жерге топтогопсуп баратты. Карегин менден албай тиктеген эжемдин сүрүнөн тайсалдап, ачык асманды телмире карадым. Көзүмө жаш айлана баштаганын билдирбөөгө аракет кылдым.

– Айдар жаман деле жигит эмес. Бирок, сен окушуң керек да.

– Мен анын сунушуна макул болгон жокмун. Жакшы да көрбөйм.

– Ишендим Махабат. – Эжем шадылуу аппак манжалары менен маңдайымдан сылады. – Сени менен ушул темада сүйлөшүүнү көптөн бери ойлоп жүргөн элем. Сага окуу гана керек. Али балтыркан бойдонсуң. Келечегиң алдыда.

– Макул эжеке, айткандарыңыздын бардыгын кабыл алдым. Түз жолдон адашпаска аракет кылам. Ушул үстүмдөгү арзыбаган чүпүрөк үчүн сүйбөсөм деле, өзүм кор болбой турган бирөөнү таап кетип калсамбы деп да ойлоп кетүүчү элем кээде. Бирок, ал ой Сиздин азыркы акылман кеңешиңизден кийин бир заматта астын-үстүн түшүп кетти. Институтка барганда кийүүчү түзүгүрөөк туфлим да жок. Көйнөктөрүм да ылайыксыз. Энеме айтсам, кийимиңди жарабайт деп институтка киргизбей койсо кайра кел деп какшыктайт. Атама тигиним жок, мунум жок деп эчтеке айткан жокмун. Өзү да түшүнүп жатса керек. Байкуш атам, баш аманында акча саман деп коёт. Таалайым тайкы, шорум калың экен эжеке, энем өлбөгөндө эмне...

Батыш эжем кол жоолугу менен көз жашымды сүрткөндө гана ыйлап жатканымды билдим.

– Сага эми түшүндүм. Буга чейин билбептирмин. Укканым жакшы болду. Д-а-а, бойго жеткен, анын үстүнө жогорку окуу жайына барган ар бир кыз баланын ойлогон оюнун бардыгы ошол. Кымбат баалуу болбосо да айлана-чөрөсүнө ылайык, өз боюна жарашыктуу кийинүүнү каалашат. Мунун баары убактылуу Мыкат. Эртең эле

бир күнчөлүк көрүнбөй калат. Төрт жыл чыдасаң бардыгы жайында болот. Сен биз менен кет. Жайнак абамды деле көп кыйнаба. Калганын үйгө барганда сүйлөшөлү. Институтта да бул жерде окугандай окусан. жаман боло койбоссуң. Стипендия аласың,– деди Батыш эжем мени имере кучактап.

Дасторконду биз олтурган жерге алып келип салышты. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бала-бакырадан башкасы бүт келип бут кийимдерин көк чөптүн үстүнө калтырышып, носки-байпакчан биздин жаныбыздан орун алып жатышты. Теке маңдайыбызда ак билек атлас көйнөгүнүн этегин көлпүтүп, намыркан маасысын кычырата оңдонуп олтуруп жаткан Алмадай чоң энем сөз баштады.

Мен жөнүндө сөз болорун такыр ойлогон эмесмин.

– Бери карачы Эламан балам, – күйөө баласын тиктеди. – Мына бул Махабатым, Батыш экөөңдөн окуганы баратат. Жамандыгыңар болбосо жаттыгыңар жок. Көз кырыңарды сала жүргүлө. Окуусун эптеп бүтүп алса адам болуп кетээр.

Батыш эжемдин күйөөсү кыз жибектей болгон токтоо жигит болучу. Көздөрү балбылдап, кубакай жүзүнүн ажарын ачып сүйкүмдүү. Эламан жездем жалгыз гана Батыш эжем үчүн, Батыш эжем Эламан жездем үчүн гана жаралып калгандай. Оюмда бул экөөнө тең келүүчү башка бирөөлөрдү издейм. Салыштырып өзүм билген ургаачы-эркектерден эч кимди таппайм. Жер жүзүндө бул экөөнө тең келүүчү эч ким жоктой сезилет.

– Сен эмне үчүн ойго батып кеттиң Мыкат. – Батыш эжемдин сөзүнөн башымды көтөрдүм.

Эки жагымды карасам Алмадай чоң энем өзүнчө сүйлөнүп эки жеңи жок жашыл дукаба желеткесинин ички чөнтөгүн аңтарып жатыптыр. Анан ал бет аарчысынын четине түйүлгөн он сомдук эки кагазды алып бүктөөсүн жазып ишенбегендей карады.

– Он сомдуктан экөөбү? Абакир абам каткырып күлдү.

– Ой жарыктык десе, карыганча эчтеке билбейсиз. Алдагы колуңузда турган эки эле сом.

– Койчу балам, кантип эле эки сом болуп калсын. Эртең менен эле почточу жыйырма сом деп эки кагаз акча берген, Ал дайым майдалап бир сомун өзү алып калуучу. Бул жолу толук бердим деген. – Акчасын кайра шыкаалап бирде көзүнө жакындатып, бирде алыстатып карады.

Батыш эжем күлүп жиберди. Калгандар да күлүштү. Олтургандардын бардыгы чоң энемди карашат. Күкү жеңем жаңылап кайын энесине чай сунду. Эне колуна алган чынысын капалуу дасторкондун четине түртүп койду. Жадыраган Батыш эжем энесинин кыйшайып турган чынысын оңдоду:

– Абакир абам сизди тамаша кылып жатат. Алдагы жыйырма сом.

– Ии ошондой десең, ботом. Баса кантип эле алдатып жибердим экенмин дейм да. – Чоң энем дасторкондун үстүнөн эңкее берип мага сунду. – Алмадай энеңдин пенсиясынан балам. Аз болсо да бирдемеңе тыгынчык кыл. Абакир абаң менен Күкү жеңең да куру койбос сени. Кысыла түштүм.

– Эне, тим эле коюңузчу. Туш-туштан жаалап кетишти.

– Алагой. Тим кой деген да кеп болобу... Ушундан кийин Абакир абам энеси жөнүндө согуш мезгилинде болгон бир окуяны айтып баарыбызды күлдүрдү.

– Биз кичинебиз. Атам согушка кеткен. Байкуш энем балдарын кантип, эмне кылып багып жатканын ким билсин. Айтор бирде ач, бирде ток болуп дегендей күнүбүз өтүп жатты. Бир күнү окуудан келсем отуз сомдук чоң-чоң көк кагаз акчаларды ар кайсы жерге койгон энем санатын чыгара албай олтуруптур. «Э Абакир, бери келчи балам»,– деп чакырды мени. «Мен ар бирин жыйырма сомдон он тал саттым эле. Бул акча жети эле

экен. Кулкунуна келип үч талдын акчасын жеп кеткен көрүнөт», – деди энем кабагын карыш түйүп. Анда мен биринчи класста окуп жүргөн кезим болучу. Энем экөөлөп жатып талдын акчасын эсептеп чыгара албай башыбыз айланды. Биздин көчөдө колхоздун бухгалтери туруучу. Энем экөөбүз акчанын санын тактатып алыш үчүн ошол кишиге бардык. Ал чотко салып чыгарды да, тал сатып алган киши он сомду ашык бергенин айтты. Бирок, энем бухгалтердин айтканына ишене бербей көпкө чейин бушайман болуп жүрдү.

Айлана кайра баштан күлкүгө толду. Чоң энем кызарып кетти.

– Ким билет ботом, он талдын акчасы он бөлөк болот экен деп ойлогон турбайымбы. А-а атаңдын кө-р-ү-ү, кат таанybаган киши да курусунчу. Өңгөнү унутсаң да ушул тал сатканды унутпайсың го  балам. Мындан башка да билгениң барбы?

– Эне, баякыда базарга алып барган койду акчага саттык беле же заемго саттык беле?

Чоң энем уялгансып мыйыгынан күлдү.

– Агаңдын сөзүн уктуңбу Махадат. А деген арипти, эки деген эсепти билбей минтип өзүңөргө шылдың болуп олтурам. Билим адамдын канаты тура. Жанакы күйөө деген немени жаныңа жолотпо. Оку балам.

Алмадай чоң энемдин сөзүн тыңшап олтургандардын бардыгы огородго кирүүчү кичинекей калитканы карап калышты. Оо кудай, атам келатыптыр. Батыш эжем ордунан секирип турду. Эламан жездем утурлай басты.

– Колум май эле! – Атам манжаларын ары-бери оодарып карады. Анан колун эмес билегин сунду.

– Эчтеке эмес, берекенин баары ошол майда. Кана, жогору өтүңүз. – Эламан жездем атамды каруудан алды.

– Махабатты издеп кире калдым эле.

– Келгениң жакшы болбодубу.–Тамак да бышып калды эле. Буларды чай ичеби деп самоор койдурсам

ичишпейт. Жумуштан келатсаң керек, курсагың ачтыр, ичсең чайдан.

Атамдын эки көзү жалжылдап менден өтөт. Эмне ойлоп жатат болду экен. Батыш эжемди, Эламан жездемди тиктеп калат. Кээде менин үстү-башымды карап коёт. Анткен менен көрүнүшү көңүлдүү, кабагы жарык. Колундагы чыныны бошотуп дасторкондун четине коюп, алаканы менен үстүн басты. Анан тамагын жасап, калпагын желкесин көздөй жылдырып чачын сылады.

– Батыке садага, Махабат сиңдиң окуусуна кетип жатат. Эламан экөөңө аманат айланайындар. Көз кырыңарды сала жүргүлө. Тышка чыга элек неме...

– Мыкатыңыздан кам санабаңыз Жайнак аба. Маркум Шаршекан жеңем өлөр алдында ушул кызын оозунан түшүрбөй энеме кайра-кайра табыштап жатып көз жумган. Унута элекмин. Кантип көз салбай коёлу. Сиздин келип калганыңызга сүйүнүп олтурам. Махабат биздин үйдө туруп окусун аба. Сизге кезигип ошону сүйлөшө кетсем деп турдум эле.

– Эмне кылсаң да өз колуңа өттү го айланайын. Эламан экөөнө кантип ишенбей коёюн. Эжекесиникине жатып, эжесинен тарбия көрүп чыкса жаман болмок беле. Санаам да тынгылыктуу болот...

* * *

Шаарга, Батыш эжемдикине келгендин эртеси эле, ал мени ательеге ээрчитип барып бир сыйра кийим заказ берди. Түштөн кийин жездем үчөөбүз дүкөндөрдү кыдырдык. Аялдардын сырткы кийимин сатуучу магазинден плащ-пальто алып берди. Андан чыгып бут кийим сатуучу дүкөнгө кирдик. Жапыс така, венский така, бийик така туфлилердин беш-алтоон тандап алышып алдыма коюшту.

– Кийип көрчү. Өз көңүлүңө жакканын тандап ал.– Эжем улам бирин алып көрүп жатты. Мынчалык бут кийимди көргөнүмдө эмне дээримди билбей апкаарый

түштүм. Бардыгы тең эле көзүмө биринен бири жакшы көрүнөт. Кайсынысын тандаарымды билбей кармалаймм. Жездем мени карады:

– Эмнеге карап турасың, тандай бер тартынбай. Мен мойнумдан байлаган немедей ийменип туруп жапыс така ак туфлини колума алдым. Жездем алганымды акырын алды да кайра койду.

– Тандаганың ушулбу? Сен тандаганды билбесең анда мен тандайын.

Жездем ортодо турган койкойгон орто така лактуу кара туфлини ары-бери карап туруп мага сунду.

– Сага ушунусу ылайык. Кана кийип көрчү.

Мен Батыш эжемди карадым. Ал күлүмсүрөп күйөөсүнүн жөн билгилигине ыраазы болгонсуп туруптур.

– Көрдүңбү, жездең кандай тандайт! Тигил жапысын да ал. Ара-чолодо алыш-коруш кылып кийерсиң...

Заказ берген кийимдер да тез эле даяр болду. Мен буга чейин заказ берип көргөн эмесмин. Тим, эле укмуш, тиктиргенибиздин бардыгы боюм менен бой, чапчак. Жарашыктуу. Кубанычым койнума батпайт. Ошол күнү кечинде бүтүндөй жаңы кийимдеримди кийгизип алып эжем менен жездем мени киного ээрчитип бармак болушту. Эжем чачымды мурдагыдай эле бир өрүп артыңа таштап койгун деп кеңеш берди.

Өзүм жаткан бөлмөгө кирип буйдалып калдым. Кийимимди кийип, чачымды кайта өрдүм. Кайра-кайра күзгүгө каранам. Көңүлүмдү көккө сермеп айнектин ары жагында сургулт жука лапсан аралаш шерстен тигилген костюм-платьяны кийип, ак капрон блузкалуу, чачы узун, кара торусунан келген жылдыздуу кыз мени карап бактылуу жылмаят. Өз денем өзүмө өзгөрө түшкөнсүп боюмда кандайдыр башка бир келбет пайда болуп чыга келгендей сезилет мага.

Батыш эжем эшикти акырын ачып кирип келатып сүйлөдү:

– Мыкат, даярсыңбы?

Жаныма келген эжемди кучактап чекесинен өөп-өөп алдым.

– Рахмат, жездем экөөңүздөргө.

Эжем чачымдан сылады. Жакамды оңдоду…

– Кана эми, ары карап тигиндей басып көрчү. И, кайра мени көздөй. Көрктүү кыз болуп калыптырсың садага. Кийимиң морт болсун, жаның бек болсун. – Мени айландырып костюмдун тигилишин дагы бир сыйра карап чыкты.– Жакшы тигилиптир. Эч жеринде өөнү жок. Бир гана оң жак жеңиңдин боору болор-болбос тартышкансып турат. Аларда кандайча байкабай калдым экенмин. Жүрү, калганын жездең сындасын.

Менин көңүлүмдө костюмдун эч бир жеринде өөнү жоктой, бардык тигиши да, тигилиши да сыдыргыга салгандай көрүнгөн болучу. Бирок, Батыш эжемин жок жерден кынтык таап турганына таңдандым. Жеңинин ич жак тигишин эле ким шыкаалап карап туруптур деп ойлодум. Биз үйдөн чыкканда жездем короонун ортосунда тамеки тартып туруптур.

– Мына, мына, кийим да жарашкан кишиге жарашат. Кут болсун. Эжең өзүңө да, өңүңө да жарашыктуусун тандаган тура. Кана, алдыга басчы…

Мен уялган калыбымда башымды жерге салып аягымды солгун таштадым. Жездем бир демге артымдан карап туруп мага жете келип каруумдан кармап токтотту.

– О-хо-о, мени менен тең турбайсыңбы? Карасаң Батыке сиңдиңдин боюн?

– Сиңдим өзүмдү тартып чалыш турбайбы. Жездем колумду коё берди. Мен эжем менен жездемдин ортосунда келаттым…

Кинодо экрандан көзүмө биринчи урунганы бой жетип калган жигит менен кыз болду. Жаш жигит көчөдөн өтүп баратып алдынан чыккан бейтааныш кызга урунуп алды. Кыздын колтугундагы бош кыскан китеби ыргып кетти.

Кыз жигитти ачуулу карады. Жигит күлүмсүрөйт.

– Атың ким?

Кыз жооп бербестен мисирейип, көздөрүнөн от чачып турду.

– Атың ким деп сурап жатам? – Ал жерде жаткан китепти алып, кол жоолугу менен сүртүп, артына кармайт.– Атыңды билмейинче бербейм. Таанышып жүрөлү. Менин атым болсо Арамис… Кыз жумшара түштү.

– Менин атымбы? Атым Эмма!…

Эки жаштын ортосундагы алгачкы тааныштык, алгачкы сүйүү мына ошентип башталат…

Экөөнүн өбүшкөнүн көргөнүмдө көңүлүм иренжий түштү. Кызык экен, эмне үчүн тез эле ай айланып апта өтпөй «элжирешип» калышты деп ойлодум жездемден уялганымдан башымды көтөрбөй. Картинанын орто ченинде Эмма менен Арамистин ЗАГСка барып никелешип жатканын бир билем…

– Мыкат, уктап жатасыңбы? – Эжем акырын сурады.

Картинанын канчасын өткөрүп жибергенимди билбейм, көзүмдү ачып жаш колукту сотко арыз көтөрүп барганын көрдүм.

– Бул эмнеге арыз көтөрүп жүрөт? – Шыбырап сурадым.

– Күйөөсү таштап кетпедиби? Кызды баланын атаэнеси кабыл албай койду. Эми минтип же окуудан жок. же күйөөдөн жок арабөк калды.

– Кыздын ата-энеси бар бекен? Үйүнө кетип калбайбы?

– Такыр эчтеке көргөн эмес турбайсыңбы? Алар кызынын күйөөгө чыкканын да, окубай калганын да билишкен жок да. Эмма мурункусундай эле күйөөгө барганын жашырып, окуп жатам деп кат жазып жардам алып жатпадыбы.

...Эмма соттун үстүнөн ыйлап чыкты.

Ал көчөнүн жээгине коюлган бир скамейкага олтуруп алып, ары-бери өткөн кишилердин эч кимисине назар

салбай, кош алаканы менен бетин бек басып алып тынымсыз солуктап өпкө кагат...

Бул чет элдик киного мени эжем атайын ээрчитип келгенин түшүндүм. Сыягы сабак болор деп ойлогон окшобойбу. Чынында эле жаштарга тарбия берүүчү картина экен...

Институтка келгенден бери эжем жөнүндө студенттердин арасында ооздон түшпөй айтылып жүргөн жакшы сөздөрдү көп угуучу болдум. Анын окуган лекциясы, берген сабагы ар дайым көңүлдүү өтөт. Батыштын сабагында аудиторияда чымын учса угулгандай жымжырттыктын өкүм сүргөнү сүргөн. Эмики пар Батыш Иманалиевнаныкы дешип студенттер алдын ала бир сыйра дуулдап алышат. Анан алеки саатта бөлмөнүн ичин тартипке салып, жасап-түзөп жиберишет. Өз бойлорун түзөгөн ар бир студент менин эжемдин алдында өздөрүн салабаттуу кармоого тырышышат. Өңгөчө кыз балдар каш-кирпиктериндеги боёкторун сүртүнүшүп, прическаларын оңдоп, табигый өңдөрүнө чыга келишет. Батыш эжем окуган лекциясын арасында студенттердин жүлүнүнө тие турган күлкүлүү сөздөрдү кыстара сүйлөп, көңүл көтөрүүнү да унутпайт. Көпчүлүктүн көөдөнүнөн фонтандай атылып бир заматта чыккан күлкүнүн күчтүү эпкининен аудиториянын чоң терезелери шарактай түшүп басылат. Кайра баштан Батыш эжемдин кулакка сиңип калган коңур үнү бөлмөнүн ичинде каалгый баштайт.

Студенттердин бардыгы тең эжемди төгөрөгү төп келген акылдуу, жайдары аял дешет. Батыш Иманалиевна менен Эламан Орозович издешпей табышыптыр. Ушундай жакшы жарга туш болгон жигиттердин арманы болот болду бекен дешип суктана сүйлөшөт.

Бирок, Батыш эжем алган билими, иштеген иши, адамкерчилиги, акылдуулугу жагынан жогору бааланып, турмуштан өз ордун тапканы менен, анын түпкүрдөгү жашыруун өкүнүчүн эч ким билүүчү эмес. Анын жетпе-

ген кемчилиги, толбогон дүйнөсү башка аялдарга окшоп бала төрөп, бала сүйбөгөндүгү болучу.

Кошунабыз бала-чакалуу, жаш аялмет адамдар болучу. Он бир бала бир казандан аш ичип, бир кишинип көзүн карайт. Эгер өкмөт жагынан жардам берилбеген болсо кантип күн көрүшөр эле, билбейм.

Биринчи жарым жылдыкты аяктап, каникулдан кайра келип окуу башталардын алдыңкы күнү болучу. Үйдөн келгени жездемди көрө элек болучумун. Мончодон келип ирегеден эркектин өзүмө тааныш болуп калган кышкы ботинкасын көрүп, өтүгүмдү акырын чечип өз бөлмөмө өтүп кеттим. Жаңы эле күзгүнүн алдына жеткенимде «Мыкат!» деп чакырган эжемдин үнүн угуп шашып калдым. Суусу тоборсуй элек узун чачымды тарабай туруп ыгы менен бир өрүп, бир байлам кызыл ала гүлдүү штапель жоолукту артыма байлап бөлмөдөн чыга келатсам бак жактагы терезенин ачык форточкасынан аялдын жаны ачыган ачуулу үнү бөлмөнүн ичин аралап өтүп, диванда сүйлөшүп олтурган эжем менен жездемди селт эттирди. Мен токтоп калдым.

– Кырылып кеткен топ мололор ай. Бир жагынан жыйнасам бир жагынан үйдүн ичин үч кетирет да турушат. Силер чоңоюп мени жыргатканча, карыбастан мурда карып, жоголбостон мурда жоголом го. Жок дегенде бир-экөөңөр кыз болуп калсаңарчы.– Балдар ызы-чуу түшүп ыйлап жатышат.

Эжем окуп жаткан китебинин бетин жаап, шалдая түшкөнүн ачык турган эшиктен байкап калдым.

– Баланын бары да балаа, жогу да балаа деген ушул экен да. Ушул бечарага берген көп баланын бирөөнү мага берсе эмне болот?– Эжем терезе жакка мойнун созуп улутунуп алды. Эламан жездем эжемдин көзүнө айлана түшкөн жашын байкап калды окшойт, мукактана сүйлөдү.

– Сага бала эле керекпи? Алып келип берейин.

– Кайдан? Балдар талаада жаткансып сүйлөйсүң да...

– Балдар үйүнө барсаң...

– Мага балдар үйүнөн эмес, сенин каныңдан, өз курсагымдан чыккан бала керек. Түшүндүңбү?

Жездем унчукпай калып, эжемди бир демге тиктеп ийнине колун арта салды.

– Картайып кеткен жокпуз. Али убакыт бар, Батыке. Буйруктуу бала болсо аны көрөрбүз, буйругу жок бала болсо дагы көрө жатарбыз.

Колдон келбей турган иш үчүн көңүлдү бузуп санаркоонун кереги эмне. Жакшы адам бир жеринен кем болорун билбейсиңби?

– Ким жакшы? Менби?– Эжем жездеме жүзүн бурду.

– Албетте сен.

– Тапкан экенсиң.

– Тапкан үчүн сан кыздардын ичинеи сени алгамын да. – Жездем аялын бооруна кысып өөп жаткандай болду. – Мен сени төрөбөйсүң деп көңүлүңдү ооруткан жерим барбы?

Батыш эжемдин үнү ыйга муунгансып каргылданып чыкты.

– Эгер мен төрөбөсүмдү билсем күйөөгө такыр чыкмак эмесмин.

– Акылы жок,– деди жездем, колуктусун кучагынан коё бербей. – Экинчи мындай сөздү сүйлөбөй жүр. Өзүң айткандай балалуу болуу албетте жаман эмес дечи...

Балалуу болбой калуу да бир азап экен го дедим ичимден. Эгер мен күйөөгө барып балалуу болсом биринчи эле баламды Батыш эжеме алып келип берер элем. Бирок, эжеме асыранды бала эмес, өз курсагынан чыккан бала керек тура. Менин берген баламды алмак беле, деген сыяктуу ойлор учуп келип жүрөгүмдүн башына тура калды. Өз оюмду өзүм кайтадан эсиме түшүргөндө бүткөн боюм чымырап, эки бетим албырып чыкты. Эчтекеден эчтеке жок туруп тилеген тилегимди кара, дедим уууртумдан жылмайып.

Бөлмөдөн жездемдин үнү угулду:

– Мыкат!

Кичүү кишилер улуулардан турмуштук багыт алуу деген сөз келечектен өз жолуңду табуунун ачкычы болот тура. Бул күнгө чейин Батыш эжеме окшоп эч кимден акыл-насаат уга элек болучумун. Өткөндөгү күндөргө кайра кылчайып Турсунай жөнүндө, турмуш жөнүндө көргөн-уккандарым жөнүндө ойлогонум болбосо, бардык багытым окуу менен көпчүлүк иштер болуп калды. Күндөн-күнгө ойчул болуп баратасың, – дейт жездем менен эжем. Бирок, өзүмө бул жөнүндө эч нерсе сезилбейт. Оюмдун баары окуу. Математикалык оор маселелер мээмдин ичине тереңдеп кирип, бүтүндөй каныма сиңип алгандай. Өзгөчө комсомолдун шаардык комитетине мүчө болуп шайлангандан бери иштей турган иштерим көбөйүп кетти.

Түндүн бир оокумунда институтта өткөн комсомолдун ачык жыйналышынан жаңы эле чыгып швейцар аялдан плащымды алып жатып, студенттердин кимдир бирөөгө жол бошотуп, сыпайыкерчилик көрсөтүп жаткандарын байкадым.

– Жыйналышыңар тим эле аябай узак болду го. Бүттүңөрбү? Эмне, Махабат чыга элекпи? – деген жездемдин үнүн угуп жалт бурулдум.

Студенттер жооп бергенче, столдун үстүндө жаткан портфелимди ала коюп, озунуп үн чыгардым.

– Жезде!

Жездем жалт бурулду.

– Оо, жолдош секретардын орун басары, бошодуңузбу? – деди жездем мени эркелете сүйлөп, алдымдан утурлай басып. – Орчундуу маселе карагансыңар го.

Шаршембиеванын арызын да текшердиңерби?

– Күйөөсүн комсомолдон чыгардык. Ал эми институттан алыстатуу маселесин сиздерден сурап чечим чыгардык. Эртең таанышасыңар. – Жездем менен катарлаш бастым. – Бекер эле убара болуп келиптирсиз.

– Эмнеси убара. Жанараак келсем дем алыш жасап, кайра киришти дегенинен кетип калдым. Сен кечиккенде эжеңдин тынчы кетерин билесиң го...

– Түшүнөм жезде.

– Үйгө меймандар келди. Болгондо да жездеңдин жанындай көргөн жакын досу, тууганы.

Биз дарбазадан киргенде короонун орто ченинде турган мала «Волганы» көрүп, жанынан өтүп баратып эңкейип номерин карап өттүм.

– Аны эмнеге карап жатасың? – Жездем өтө берип сурады.

– И-и, сиздин машинаңыз бекен десем...

– Жети түндө менин машинам бул жерде эмне кылып турсун. Үйдөкү коноктордуку.

Батыш эжем биздин дабышыбыздан коридорго жүгүрүп чыкты.

Эми араң бошодуңбу? Чарчадың го?

– Чарчаганым жок, курсагым аябай ачты. – Эжем күйөөсүнө карады.

– Ой бай болгур, керилбей үйгө кирчи. Эламанды таап кел деп Акылбек жанымды сууруп ала жаздады. Мен Мыкатка тамак берейин. Колума тийген бир чыны чайды ортолоп ичип келгенимде меймандардын үстүнөн жездем көңүлдүү чыкты.

– Э Батыке, балдызың менен тааныштырбайсыңбы деп меймандар сурап жатат. Кандай дейсиз хозяйка! Руксатпы?

– Коё тур эми чайын ичсин.

– Тигинден деле ичет да. Жүрү мени каруумдан кармап жогору көтөрдү.

– Уят эмеспи, меймандардын үстүндө эмне бар мага.– Салмагымды стулга сала жыйрылдым.

– Болуптур, жездең каалап калыптыр, кирип учурашып чык. Жана сен жөнүндө сөз болгон.

– Мен жөнүндөбү? Кандайча?

– Мына бул өпкөсүн колуна кармаган жездең менин мындай балдызым бар, тигиндей балдызым бар деп мактанып жаткан.

Күлүп жибердим.

– Жарайт.– Колумду сүртүп ордумдан турдум. Бөлмөгө киргенде көзүмө биринчи эле бейтааныш жигит урунду. Акылбек агайды да тааныдым. Мени менен өзү туруп келип учурашты. – Жогору өт.

– Жок мен ушундай эле...– Диванга олтура кеттим.

– Столго кел. Эмне үчүн бул жерге олтурдуң? Акылбек агай мага жол бошотуп, жанындагы стулду оңдоп койду. Меймандардын ортосунан орун алдым. Акылбек мени кайра-кайра карайт. Мени таанып жатабы же таанып жатабы?

– Эмне үчүндүр балдызыңдын өңү жылуу учурайт. Кайдан көргөнүмдү эсиме түшүрө албай койдум.

– Күзүндө силердин колхозго жардамга... Башкарма жездемдин сөзүн аягына чыгарбай колун көтөрдү.

– Коё турчу... И-и, эми эстебедимби.– Жигит мага бурулду.– Во, во, во. Ушундай бир унутчаак итмин. Кээде өз айлымдын жаштарын тааныбай калып да уят болом. Өзгөрүп кетиптирсиң. Рахмат, окуудагы ийгиликтериңди угуп кубанып олтурам. Батыштын сиңдиси турбайсыңбы?..

Жездем тигил мен тааныбаган бейтааныш жигит менен тааныштырууну да унуткан жок.

– Махабат! Бул жигит менен да таанышып кой. Мага ини болот. Бир айылдыкпыз. Аты Майрамбек!

Башымды ийкедим. Жигит мени карап тамылжый түшүп күлүмсүрөп койду.

Мен улуулардан уурдана өзүм менен оро-пара теке маңдайымда олтурган Майрамбекти сынай тиктедим. Ошол замат Майрамбектин жылдыздай жанган кош карегинен атылган ысык жалын мени бир серпип өттү. Бири-биринен жалтана түшкөн кош каректер ошол замат тайгаланып жерди көздөй төгүлдү.

Олтургандардын көп-сөзүнө аралашпаган жалгыз гана Майрамбек экөөбүз. Анын оттуу көздөрү көзүмө чагылыша түшкөндө жүрөгүм солк дей түшөт.

Сөз бир кезде Майрамбек жөнүндө болуп кетти.

Акылбек агай анын Жогорку Советке депутаттыкка кандидат кылып көрсөтүлүп жаткандыгын сыймыктануу менен сүйлөп олтурду.

– Жүн менен төлдөн областта үч жылдан бери алдына эч кимди сала элек. Өткөн жылы Ленин орденин алды. Быйыл минтип депутаттыкка көрсөтүлүп жатат. Эр эмгегин эл жебейт деген ушул...

***

Мен өзүмө келген кат-кабарды такай институттун өзүнөн алуучумун. Батыш эжем экөөбүз студенттер менен фойеде турсак артыбыздан өтүп бараткаи студенттин үнүн угуп кылчайдым.

– Махабат сага почтада телеграмма бар экен алдыңбы?

– Телеграмма?! Магабы?

– Ооба, сага.

– Кызык, мага кимден телеграмма келет?! – дедим эжемди карап.

– Алганда көрөсүң да. Анын эмнесине тынчсыздандың? 8-марттың менен куттуктап курдаштарың жибергендир.

– Жок эжеке, алыста андай телеграмма жиберүүчү эч кимим жок.

Батыш эжем мени карап жылмайып койгондо көздөрү сүзүлө түштү. Институттан чыгып үйдү көздөй бет алдык.

– Кат жазган да эч кимиң жокпу?

Күлдүм.

– Жок.

– Кат жазган эч ким жок дегениңе Батыш эжең ишене койбос. Кат жазгандар бар дечи. Бирок, көңүлгө толгону көптүн ичинен көрүнбөйт десең жөнү бир башка. Ачылып турган роза гүлүнө ким эле назарын салбасын. Жигит-

тердин сугун алып суусатпаган кыз да кызбы. Ошондой артыкчылыгы үчүн кыз кыз болуп, жакшы жакшы болуп дүйнөгө адам болуп жаралат окшобойбу. Туурабы?

– Туура эжеке.

Жолдун кайчылашына жеткенде эжем каруумдан кыса кармап койду.

– Мен бара берейин. Сен телеграммаңды алып кел... Батыш эжемден бөлүнүп жолдо келе жатканда өзүм жөнүндө ойлодум. Ай эжекем ай, чыны менен эле сиңдиме назар салган эч ким жок болсо керек деп күдүктөнөбү, же мени кантер экен деп сынап жатабы. Ушул акылман аял болбогондо беш эмес жыйырма бешке окусам да мындай болбойт элем деп ойлоп келаттым. Анан өзүмдүн 23-февралда Майрамбекке башка фамилия менен жиберген открытканы эстеп кызара түштүм. Адамдын оюна келбей турган иш. Кимден деп ойлоду экен. Аны мен кандайча эстеп, эмне үчүн куттуктоо жибергениме да толук түшүнүгүм жетпеди. Кыздар укмуш экенбиз деги. Мени ушундай ишке барат деп кимдин оюна келсин. Ошол мезгилде кимдир бирөө мени катуу жөөлөп өттү. Оюмду бирөө жулуп кеткенсип сынган айнектей бычырап кетти. Ачуум келе түшүп, көзү жок кандай неме деп айтканы артыма бурулуп карадым. Менден анчалык алыс эмес жерде күлө карап турган Сандарбекти көрүп күлүп жибердим.

– Мен да ким экен десемчи!

– Алдыңда келаткан кишини көрбөй, өзүңдү жогото кимди ойлоп бараттың эле?

– Сени ойлоп бараткамын. Жигит шыйпактап тийише сүйлөдү.

– Шылдыңдайсың ээ.

– Эмнеси шылдың? Ырас айтып жатам.

– Жездең турганда биздей майда-чүйдө кишилерди көзүңө илмек белең?

– Эмне, жездем жаман кишиби?

– Жаман деп жаткан ким бар?

– Коё бер колумду. Жездеңди айтсам ачууланасыңбы?

– Кызык. Эмне эле кайта-кайта жездең-жездең дейсиң?

– Деги жездеңди жакшы көрөсүң ээ?

– Ооба, жакшы көрөм. Дагы айтарың барбы? - Жок.

– А болуптур жок болсо...

Мен почтага кирип кеттим. Сегизинчи март майрамына карата чыгарылган ак роза гүлдүү бланкага жазылган телеграмманы колума алып ичин шашып ачтым. «Майрамбек» деген сөз көзүмө биринчи чалдыкты. Колумда турган кагаздан от чыгып кеткенсип, андан урган ысык жалын удургуй түшүп жүрөгүмдү аралап барып, анан бүткүл денемди каптап өттү. Бул кайсы Майрамбек болуп кетти дедим көргөн көзүмө ишене бербей. Майрамбек аттуу өзүм тааныган кишилерди эсиме түшүрө баштадым. Бирок, мен өзүм билген Майрамбектен башка бир да кишинин атын канчалык издесем да табалбай койдум. Үйгө келгенде эжеме эчтеке дебесем да өзү сурады.

– Телеграмма кимден келиптир?

– Ким жибергенин өзүм да билбейм.

– Таанымбаган киши жибериптирби? Аты-жөнү жок бекен?

– Бар.– Майрамбек деп айтуудан даай албай, телеграмманын өзүн сундум эжеме.

– Майрамбек дейби? Охо, Жети-Өгүздөн жиберилиптир.

Жети-Өгүз деген сөздү окуган эмес экенмин. Эжемдин айтканынан улам Майрамбектин телеграммасы экенине эми анык көзүм жетти. Чындыгында андан мындай телеграмма алам деп ойлогон эмесмин. Батыш эжемдин алдында айбым ачылып бараткансып жаңы байланган фартугумдун этегин чогулта кармап кош колдоп мыжый бердим. Эжем биздин жаныбызга, бир газетаны жаа кармап келаткан жездеме кайрылды.

– Эламан, сен билесиңби, Жети-Өгүздө канча Майрамбек бар?

Жездем көз айнегин чыгарып колуна алды.

– Канча Майрамбек деген эмнеси? Мен бир эле Майрамбекти билем. Өзү деле биздикине келип-кетип жүрбөйбү. Гүлай абысыныңдын инисин билбей калдыңбы?

– Ии аны билем дечи. Андан башка Майрамбек жок дедиңби?

– Мына, бул баланы таанычу белең? Жездем газетаны эжеме сунду. Эжем сүрөткө тигилди.

– Ии катыгүн, Макеним турбайбы! Мен дагы ким экен десем.

Тамак ичип жатып көзүмдүн кыйыгы менен столдун үстүндө жаткан газетадагы Майрамбекти эжем менен жездеме байкатпай уурдана караймпа...

Ал түнү тамактан кийин эчтеке окугум да, эчтеке жазгым да келбеди. Эс алуудан башка иштей турган иш жоктой сезилет. Телевизор да көрбөдүм. Бөлмөмө келип төшөгүмдү салып жатууга камындым. Халатымды чечип жарыкты өчүрдүм. Ой, бул эмнеси! Үйдүн ичинде ары-бери жылып мени ээрчий тийген шооланы көрүп, жалт бурулдум. Жарык мага таамай түшүп турду. Ары бассам ары, бери бассам бери ээрчийт. Эжем менен жездеме айтсамбы деп ойлодум. Эшикке жаңы жеткенимде терезе акырын чертилди. Айнектин ары жагынан «Махабат» деген эркек кишинин үнү кулагымды сайып өттү.

– Сиз кимсиз?

– Мен, Айдармын Мыкат! Сенде бир эле ооз сөзүм бар эле. Ал терезенин ачык форточкасына жете көтөрүлгөндө далдайган зор дене айнекти бүтүндөй жаап калды. Ачуууга буулдум.

– Эмне болгонсуз, түн жарымында бирөөнүн терезесине асылып. Кетиңиз азыр сыйыңыз менен. Болбосо эжем менен жездемди ойготом. Милицияга биздин үйдүн жанында бир хулиган жүрөт деп телефон чалам. Сизге жагабы ушул?

– Адамдын убал-сообунан коркпосоң каматып сал азыр. Же Айдарга убал жок деп турасыңбы. Кечтен бери сени сыртка чыгар бекен деп күтө берип тоңуп калмак болдум.

– Эмне келдиңиз? Күдөрүңүздү менден үзүңүз деп канча жолу айттым. Же эр жигитте ар-намыс болбойбу?

– Кийин бекер эле аша чаап катуу айткан экенмин деп өкүнүп жүрбө, кечирип кой байкеси деп суранып калба.

– Аны убагында көрө жатармын.

Эжемдер жаткан бөлмөнүн эшиги ачылгандай болду. Чуркап барып төшөгүмө кирип чүмкөнүп калдым.

– Ким менен сүйлөшүп жатасың? Эжем лампочканы күйгүздү.

– Айдар!

– Айдар? Ал кайда жүрөт?

– Терезенин ары жагында турат. – О-о-й куураган бала десе. Түңүлбөгөн кандай неме эле катыгүн. Көрсөң жети түндө темтеңдеп. Кеттиби?

– Билбейм.

– Жатып эс ал эми. Эртең эрте турасың. Саат да бирге жакындап калды. Э кокуй, терезенин пардасын тартып койбойсуңбу анан.

Батыш эжем парданы тартып, жарыкты өчүрдү.

Мен көпкө чейип уктай албай жаттым. Көзүм илинип баратса эле терезе чертилип кеткенсийт. Айдардын үнү угулгансыйт. Мени чакырат. Чочуп ойгоном. Айдар терезе менен терезе болуп дагы эле баякы жерде тургандай болот. Уйку-соонун ортосунда кулагымды басып жууркандын жакасын тартып башымды катам…

Эртең менен Батыш эжемдин муздак алаканы маңдайыма тийгенде ойгонуп кеттим. Ордумдан учуп турдум…

Институтка жаңы жетип эшикти ача бергенимде арт жагымдан мени чакырган үндү угуп, колумдагы каалганын туткасын кармап токтодум. Сандарбек экен. Менде кандайдыр зарыл жумушу бар немедей тепкичтен чуркап

чыгып келатканын көрүп, эгер жумушу болсо келер деген ой менен ичкери кирип кеттим.

– Саламатпы Мыкат!

– Саламатчылык. Кол алыштык.

– Эмне көзүң киртийип калган?

– Киртийип калыптырбы? Кеч жаттым эле.

– Актанбай эле кой. Чыныңды айтчы, жезденби же Айдарбы?...

– Эмне деп жатасың? Ириген ооздон чириген  сөз чыгат.

Колун силкип жибердим. Пальтомду чечип, башымдагы кубанкамды гордировкага өткөрүп, бет маңдайымда турган чоң күзгүнүн алдына келип жакаларымды түзөп, прическамды оңдогон болдум. Сандарбек ыржаңдап күлдү:

– Тамашаны билбейсиңби?

– Тамашанын тамашасы бар. Бирок, жездем сага тамаша эмес да. Мындан ары ойносоң да ойлоп сүйлөп жүргүн жолдош.– Бурулуп бастым, Сандарбек мени колтуктан алды.

– Кечирип кой, бардыгы тамаша. Айдар сага записке берген. Ошону берейин деп эле.

– Тарт колуңду.

– Урушпачы деги.

– Кана Айдардын каты?

– Мынакей бийкеч.

Ошол замат колума тийген конвертти үч-төрт бөлүп ортосунан айырдым да, урнага ыргытып жиберип басып кеттим. Сандарбектин оозу ачылды. Ар жактан колтугуна китеп кыскан жездем кабинетинен чыкты.

– Эмне кечиктиң?

Саатымды карадым.

– Кечиктимби?

Экөөбүз катарлаша бастык. Кылчайып артымды карадым. Сандарбек залдын ортосунда бизди тиктеп туруптур.

«Акмак» дедим ичимден жийиркене. Аудиториянын эшигин жездем ачып, мага жол берди. Студенттер орундарынан дүр деп турушту.

* * *

Кыз бала бойго жеткенде анын азабы да, асылы да көп болуучу неме окшобойбу. Айдардын ала качам деген сөзүн укканбы же башка бирөөлөрдөн шек санайбы, айтор эжем менден тынчсызданып жүрдү. Институтта түнгө чейин кармалып калган учурларымда эжем келип, өзү келалбаса жездемди жиберип мен чыкканда күтүп алыша турган болду. Жездемдин келишин каалабайм. Сандарбек айткан ушактан корком. Бирок, бул жагымсыз сөздү канчалык чынчыл, канчалык ачык болгону менен эжеме оозум батып айталган жокмун. Эстеген сайын ичимден сызып, купуя кайгыга түшөм да турам. Бул үйдөн кетип калууну да ойлойм. Бирок, эмне деген шылтоону таап өзүмдү бул жакшы адамдардан оолактатуум керек эле? Кантип? Же турмушка чыгып кетишим керекпи? Бир кезде ойлоп жүргөн опасыз ойлор кайра баштан көңүлүмдү бороондой сапырат. Мага сөз айтып жүргөн жигиттерди көз алдымдан өткөргөн болом, аларды сынайм. Мага кимиси ылайык болор эле деп ойлойм. Жар болууга жарай турганын издейм.

Майрамбек эсиме түшкөндө шыбактын арасынан жаңы ачылган көктөмдөгү жалгыз түп жоогазынды көргөн сыяктуу көңүлүм эргий түшөт. Эмне үчүндүр бардык адамдан бийик тургандай, андай жигит кыргыз жергесинде жоктой болуп сезилет мага. Анын оттой күйгөн сурмалуу кой көзү көз алдымда жалдырайт да турат...

Агитпунктта эртеңки шайлоого карата акыркы даярдыктар көрүлүп жатты. Эки күндөн бери тынымсыз чуркап жүрүп толук эс албагандыктанбы, иштен бошой түшкөндө диванда олтуруп көзүм илинип кетиптир.

– Махабат,– деп ийнимден тарткан округдук шайлоо комиссиясынын председателинин үнүнөн чочуп кеттим.– Сиз катуу чарчадыңыз окшойт. Түнкү саат үчкө чейин бошсуз. Үйүңүзгө барып эс алып келиңиз.

– Чарчаган деле жокмун, Николай Семенович, силер иштесеңер мен кетип калсам жакшы болмок беле?

– Сиз жасай турган эч нерсе деле калган жок. Дежурныйлар бир сыйра алмашкандан кийин баарыбыз кетебиз. Сиз бара бериңиз...

Тышка чыксам Зайра, Бермет, Эркингүл баш болгон бир топ кыз институттун алдынан жолугушту. Алар менен кажылдашып олтуруп үйдөн өтүп кетиптирмин. Бирок, эч кимге айтпаганым менен Майрамбек деген бир күч мени почта жакка жетелеп бараткан болучу. Шатыра-шатман болуп почтага чогуубуз менен кирдик. Кыздар менен кезекке турдум. Алдымда турган Турсун мага бурула карап күлүп койду.

– Сен кат-кабарды институттан алуучу эмес белең. Же довостребованиеге кат жазуучу алыстан жигит күткөнсүңбү?

– Күтсө эмне экен?– дедим студенттик книжкамды кат берүүчү кызга узатып.

Эми эле көөдөнүмдө жан алакетке түшүп, чабактай туйлап жаткан жүрөгүм «Сизге кат жок» деген жоопту угуп солгундай түштү.

Кыздар менен тышка чыкканымда коштошпой кетип бараткanымды байкап почтанын алдында токтоп калдым. Жолдошторумдун жапырт мен жакты карап турганын көрүп оң колумду көтөрүп, манжаларымды кыймылдатып койдум. Жолдо келатып эртең өтүүчү шайлоону эстеп көңүлүм жайлана түштү. Денемде кандайдыр бир белгисиз кубанычтын зери ойноп турганын билдим. Ырдагым келет. Кимдир бирөөнү сагынгансып, алда кимди күткөнсүйм. Ушул таңдын атышы менен көптөн күткөн бакыт кушу учуп келип колума конуучудай болом. Сүйүнөм, кубанам.

Көчөнүн бурулушуна жеткенде эсиме күтүүсүз жерден бир ой түшүп токтоп калдым. «Ах, мен жинди,– дедим эрдимди тиштеп, эмне үчүн Майрамбекке куттуктап телеграмма жиберген жокмун?!». Артымды кылчайып карадым. Почтадан кыйла узап кеткенимди билип кайра барсамбы, жиберсемби же жибербесемби деп эки анжы болуп турдум. Ансыз деле үйгө чукул келип токтоптурмун. Эламан жездем пиджамачан, жылаң баш дарбазанын алдында турат. Жанында атам. Сүйүнүп кеттим.

Чуркап келип мойнуна асылып, чекесинен, анан мурдунун учунан өптүм. Атам саамайымдан шуу жыттады. Экөөбүз көрүшүп бүтүп бири-бирибизди тиктешип токтодук. Көздөрүнөн да, уурттарынан да кубанычтын толкуну төгүлөт.

– Сени сагындым атаке!– Башымды ийнине жөлөдүм

Кичинекей королум.– Атам сол колу менен жаагымдан сылап, төбөмдөн жыттады.– Сенсиз мага өмүр да, жашоо да көңүлсүз экен. Эки жылдан бери көнө албадым го кызым...

Пальтомду чечип жатсам атам аркы үйгө кирип баратып кылчая карады.

– Эжеңди жалгыз күйпөңдөтпөй жардамдашып жибер садага.

Эжем, жездем экөөбүз жакшы көргөн мантуну түйүп жатыптыр. Биринчисин эчак касканга салып отко коюп коюптур.

– Эжеке, калганын мага бериңиз.

– Бүттүм садага. Тарелка, вилкаларыңды коюп даярдай бер.

Тамак алдыга келгенде эки-жагымды карабай туруп эки-үч мантуну катары менен жеп жиберип көөдөнүмө тиреле түштү. Эжем табактагы мантудан алып атамдын алдындагы тарелкага, анан меникине үйө салды.

– Жей кой, ашкабак мантуну жакшы көрүүчү эмес белең. Жайнак аба алсаңыз.

Атам чалкалап көөдөнүн кере дем алды.

– Мантуң манту экен айланайын, ыкыя түштүм. Бара турган жер калбай калды...

Тамактын артынан малинадан кайнатпай тартылган варенье менен бир-эки чыныдан чай ичтик. Атам дасторконго рахмат айтып, эжем менен жездемден уруксат сурады.

– Качан болсо эле шашып жүрөсүз. Конуп кетиңиз.

– Махабатымды көрөйүн дегенмин, көрдүм. Анын үстүнө эртең шайлоо.

Байкуш атам ар дайым мени көргөнү, мени менен учурашканы келет. Чын эле сагынат окшойт. Атамды үчөөбүз тең узатып чыктык. Кайра келип жездем экөөбүз шахмат ойноого олтурдук.

– Атаң өтө баласаак киши ээ Мыкат. Бир сөз айтсам капа болбойсуңбу?

– Айтыңыз, капа болбойм.

– Капа болбосоң ал кишиден акча алып эмне кыласың. Жаш балдары бар, өздөрү оокат кылсын.

– Албайм десем болбойт...– Жездемдин сөзүнө жыгылып калдым.

– Өз стипендияң өзүңө жетет.– Жездем колундагы пешканы жылдырды.– Атаңдын айтканын уктуңбу? Кызым Лениндик стипендиантка болгондон бери боюм өсүп, төбөм менен көк тиреп тургансыйм. Эл ичинде бараандуу өңдөнүп калдым дейт.

Пешканы кол учум менен басып, кандай көчөрүмдү ойлонуп тургам. Жездем унчукпай калды, Мен атамды ойлоп алагды болуп кетиптирмин. Жездем дагы жүрдү.– Ырас эле атам мурдагыдан ачылгансып, жашаргансып да калыптыр. Ушунун баары мен үчүнбү?!..

– Кана көчпөйсүңбү Махабат?

– Азыр...

Уктаганы жатып да Эламан жездем менен Батыш эжемди ойлойм. Деги ушулар эрди-катын өңдөнүп чаң-чуң

болушат болду бекен? Ушунча убактан бери бирге жашап жатып бири-бирине кабак бүркөгөнүн көрбөйм. Мени өз кызындай көрүшөт. Бой көтөргөндү да билишпейт. Экөө бирдей адамга жакшылыктан башканы ойлобойт. «Жетим жүрүп жетилгемин» деп калат жездем. Ушунтип жатып өз айылыбыздагы Төрөбай деген аганын сөзүн эстедим. Эрди-катынды бөлүштүрүп жатканда «Бир жаманга бир жакшы, бир жакшыга бир жаман» деп эркек менен ургаачыны жаманын жакшысына, жакшысын жаманына чабыштырат имиш. Тагдырды таразалап жаткан олуя катуу чарчап кеткендиктен «Бир жакшыга бир жакшы» же «бир жаманга бир жаман» деп оозунан чыгып кетер имиш. Ошон үчүн эки жакшы кемде-кем баш кошот деген сөз айтылып калган дейт. Эжем менен жездем ошондой кемде-кем кезигүүчү асылдардан болсо керек. Мезгил жетип турмушка чыгып калсам ушулар сыяктуу ынтымактуу жашасам деп ойлойм. Күйөөмдү Батыш эжеме окшоп сыйлап турууну эңсейм. Адегенде түшүнбөй Батыш эжем жездемден коркот экен деп ойлоп жүрүптүрмүн. Көрсө сыйлагандыгынан, сүйгөндүгүнөн көзүнүн агы менен тең айланат тура. Эжемдин кызматтагы мүнөзү менен үйдөгү мүнөзүн ажырата албайсың. Кызматташтары менен студенттерге жасаган мамилеси да жибектей жумшак. Чоңду чоңдой, кичүүнү кичүүдөй сыйлайт. Ар дайым бир калыпта токтоо жүрөт. Башкалар сыяктуу орду жок жерден шаңданып да кетпейт. Ашык сүйлөгөндү да каалабайт. Шарты келгенде маңызын чыгара, көңүлгө түшүрө сүйлөйт. Ал эми эжемдин үйдө жездемдин жанында тургандагы мүнөзүн карап олтуруп ичиңден элжирей бересиң. Кыргыздын карапайым келиндеринин жакшынакай сыпайкерчилиги, тарткынчактыгы, кичи пейил, элпектиги, жаракөрлүгү эжемдин жүзүнөн да, мүнөзүнөн да жаркырап көрүнүп турат. Көшүп кетиптирмин.

...Майрамбек экөөбүз жетелешип Көк-Жайыкта бараттык. Бет маңдайыбызда бир кичинекей дөбөчө турат.

Жигит колумду коё берип кыйма-чийме жыш өскөн кызыл-тазыл гүлдөрдү жапыра басып мага жапайы ак розаларды издейт. Майрамбек жаңыдан эле бүр байлап келаткан бир түп жапайы розанын жанына келип эңкейди эле, гүлдөр анын колуна өзү үзүлүп, чогуусу менен келди. Анан бардыгы жан кирген немедей көз ирмемде туш-тушунан чанактар пайда болуп, андан жарылган ак розалар бажырай түштү. Мен буга чейин мынчалык ачылган сулуу, жыттуу розаларды көрө элек болучумун. Тоого да розалар өсөт экен ээ дейм жигитке.

– Сага берейин деп атайы айдап койгомун ушул Жүрөк-Тоого.

– Жүрөк-Тоо дейсиңби? – Тоолорду таңдана карадым.

– Ооба, жүрөккө окшош бекен? Менин жүрөгүм да ушул тоолордо! – Майрамбек гүлдөрдү мага сунат. Алгын Махабат, ал. Мен сени гана сүйөм. Ушуга түшүнөсүңбү?

Окуудан кечиккенимди эстей коюп, кетейин деп ойлодум. Тоодон жерди карасам башым айланып кетти. Жигитти кош колдоп кармай калып жанымдын бардыгынча корккონумдан кыйкырып жибердим.

– О-о-о-й, жыгылд-ы-м, жы-гыл-д-ы-м... Чочуп ойгондум.

...Ошол күнү мен Майрамбекке баатырдык кылып өз атым менен жазылган биринчи телеграмманы жибердим.

Шайлоо участкасындагы ызы-чуусу көп тополоңдуу сааттар мага өзгөчө жагымдуу да, көңүлдүү да. Бул күнү мен жалгыз гана Майрамбек үчүн иштеп, Майрамбек үчүн күлүп, Майрамбек үчүн жашап жаткандай сыяктанам. Аны менен кошо бактылуу болгондой сезем өзүмдү...

Биз бюллетендерди саноону аяктап жыйынтыктоо баракчасына колубузду коюп бүткөн кезде кимдир бирөө эшикти ачып кайра жапты.

– Эламан Орозович!– деп жанталашып кеткен председателдин үнүн угуп селт эттим. Мени күтүп келген экен деп ойлодум. Жездем кайра кирди.

Бардыгы орундарынан тура калып учурашып жатышты.

– Балдызыңызга келсеңиз керек. Азыр бүтөбүз. Олтуруңуз Эламан Орозович.

Жездем жалын дал ортосуна келтирип кыска тигилген кулун тонун кийип алыптыр. Башындагысы да кулундун терисинен тигилген окшош тумак. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көздөрү жездемден мурда үстүндөгү тону менен тумагына түштү.

– Эламан Орозович, тонуңуз мыкты тон экен. Жаңы алгансыз го– деди олтургандардын арасынан бирөө.

– Өзүм да жаман болбосом керек.

– Албетте.

– Ушул жердеги дүкөндөргө түшүптүрбү? Баасы канча экен?

– Жыйырма үчүнчү февралда аялым тартуу кылган. Ал киши өзү тигиптир.

– О-х-о-о, Батыш Иманалиевнанын ушундай да өнөрү бар беле?! Жакшы, жакшы. Тим эле заказ менен тигилгендей Эламан Орозович.

– Ушундай жакшы аялга да арман кыларсыз ээ?! Жездем каткырып күлдү.

– Чын эле менин аялым жакшы кишиби?

– Жакшыны жакшы деш керек. Көрүнгөн аялдын баары эле Батыш Иманалиевна боло бербес. Эмне үчүн антип сурадыңыз?

– Ажырашсамбы деп жүрдүм эле.– Күлүп желкесин кашыган болду.

– Оо коюңузчу. Батыш Иманалиевнадан артык аялды жер шарын жети айлансаңыз да таба албассыз.

Жездемдин тамаша сөзүнө түшүнүп турсам да ичиркене түштүм. Сандарбек өңдүү чуу кулактар укса чын эле ректор аялын кетиргени жүрүптүр, өз оозунан уктук деп айтары да балким бышык эле.

– Койдум, койдум,– деди жездем менин жаныма келип токтоп.

– Өмүрүм Батышым менен эле өтсүн. Балдызым мени жаман көзү мснен карап, ыйлап жибергени турат. Бардыгы тамаша. – Мага эңилип көзүмө карады. – Чарчаган түрүң, жок го. – Баса шайлооңор кандай өттү? – Жездем түзөлө калып председатель жакка карады.

– Жаман эмес. Жараксыз, каршы чыккан бюллетендер жокко эсе.

– Куттуктайм.

– Рахмат Эламан Орозович.

– Мыкатка руксат бересиздерби, же...

– Руксат, руксат, кете берсин. Балдызыңызга шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн атынан алкыш айтып коюуга руксат этиңиз. Эмгегин баалабай коюуга болбойт. Эжеси Батыш Иманалиевна эмеспи...

Эртең менен саат ондон өткөндө ойгондум. Ордумдан туруп кыңылдап ырдаган бойдон барып терезенин пардасын тартып, форточканы ачтым. Колумду желкеме алып муздак абадан көөдөнүмдү кере дем алып тура калдым. Анан спорт костюмумду кийип, төшөгүмдү жыйнап коюп ачык абага чуркап чыктым. Биринчи эле короонун ортосунда турган турникке келип асылдым. Гимнастикадан кийин короонун ичинде чуркап жүрдүм... Душка киргенде жамгырдай нөшөрлөгөн муздак суунун алдында денем муздаганча бирде бетимди, бирде көөдөнүмдү, бирде далортомду тосуп ырахаттанам.

Суудан чыккандан кийин гана кардымдын катуу ачып турганын билдим. Тамакты газга коюп, кайсандап буфеттин ичин аңтара баштадым. Бир колума стакан, бир колума бутылкадагы каймакты алып столдун жанында тикемден туруп иче баштаганымда терезе чертилди.

Бурул экен. Чуркап чыгып дарбазаны ачтым. Кучакташып өбүшө кеттик.

– Батыш эжемден сурасам сени үйдө эс алып жатат деди. Шайлоодон кутулганга боюнан бошогон аялдай боло түшсөң керек ээ.

– Боюнан бошонгон аялдын кандай абалда болорун сен билбесең, мен биле элекмин. Шайлоонун ийгиликтүү өткөнү жеке эле мен үчүн эмес бардык адамдар үчүн жакшы болду.

Бурул мостоюп, мени тиктеп турган болучу.

– Мен эмне, тууп жүрүптүрмүнбү. Кызык сүйлөйсүң...

Мойнуна асыла кеттим.

– Тамаша кылууга болбойбу. Деги акыры төрөйбүз го досум,

Бурул шаңкылдап күлдү.

– Төрөрүмдү эстесем күйөөгө такыр чыккым келбейт. Сенчи?

– Ал жөнүндө ойлоно элекмин. Бирок, ургаачы болгондон кийин балалуу болуу да керек го дейм.

– Сенин эжең төрөбөйт ээ. Баласы жок болсо да бактылуу да, эстүү да аял. Мен эжени абдан жактырам.

– Жактырбаган ким бар дейсиң. Акылдуулук жагынан Батыш эжемдей болсом деп ойлойм.

– Сен да так эле менин оюмдагыны айтпадыңбы. Баса Махабат мен сени конокко чакырып келдим. Батыш эже руксат берди.

– Баралбайм. Сабактан артта калдым. Окушум керек.

– Барасың.

– Барбаймын.

Биз ушинтип жатканда эжем да келип калды. Бурул алдындагы тарелкасын ары жылдырып, даттанып кирди.

– Мыкат барбайм деп жатат эжеке.

– Эжемди бетиңе кармабай эле кой. Ансыз да чарчап турам.

– Үйүң кайда эле Бурул? – деди эжем колундагы сумкасын коюп.

– Бул эле жерде, «Өрнөк» колхозунда.

– Кайсы, Жети-Өгүздүн «Өрнөгүбү?»

– Ооба, ошол.

– И, кокуй өзүбүздүн айыл тура.

– Мен Эламан байкемди, сизди жердеш катары билем.

– Сен билгениң менен мен биринчи угуп олтурам. Байкең кайдан билет, айылга анда-санда барабыз. Жакын туугандары жок эмеспи.

– Ооба, уккамын. Акылбек агайдыкына барып каласыздар кээде.

– Жакшы, жакшы, Эламан агаңа карындаш болот турбайсыңбы? Мурда эмне үчүн айткан жок элең. Мындан ары келип-кетип тур.

Акылбек агай менен «Өрнөк» колхозунун кабарын укканда менде бир башкача толкундоо пайда болду. Эмне үчүн барбайм деп айттым. Мен Буруддун үйүнө барсам эле Майрамбекти көрүүчүдөй болуп турдум.

– Эжеке, Махабатты бар десеңиз. Эртең менен эрте биринчи автобус менен жүрө беребиз.

– Барсын. Бирок, жалгыз-жарым болуп өзүңөрчө ээн баш баса көрбөгүлө.

– Кадырыңыз жан болсун. Ал жөнүндө ойлобой эле коюңуз.

– Мыкат, барып кел кагылайын. «Чакырган жерден калбагын, өзүң басып барбагын» деген сөз бар эмеспи. Букендин бөбөгүнүн жашка толгон күнү экен. Мына бул сумкада алып баруучу белегиң бар. Өзүң да шайлоо деп күнү-түнү чуркап жүрүп чарчап бүттүң. Абага чыгып кичине сергип келсин деп жатам.

Макулдугумду билдиргенсип күлүп койдум.

Жолдо катар Буруддун оозунан Майрамбек жөнүндө сөз чыгар бекен деп канчалык күтсөм да, андай болгон жок. Кыздын өзү жөнүндө, өз үй-бүлөсү жөнүндө сүйлөгөн сөздөрү тузу жок боткодой болуп мени тажатып да жиберди. Чыдабай өзүм сурадым.

– Силердин айылдан бир чабан депутат болду ээ? Буруддун сөзүн ушунтип буздум.

– Ооба, ооба. Майрамбек деген чабан жигит депутат болду. Биздикине келсе көрсөтөм сага. Сонун жигит...

Коноктор көп чакырылыптыр. Жаштар өзүнчө бир үйдө уу-дуу. Мен Майрамбекти күттүм. Бирок, ал келген жок. Көпчүлүктүн ичинде үйүрүнөн бөлүнгөн жабагыдай бейтааныш кишилерден жатыркап көңүлсүз олтурган жалгыз мен. Комуз чертилип, сармердеп кызый баштаган кезде эшикке чыгып кетүүнү ойлодум. Ордумдан козголуп турайын деп баратсам, жанымда мени менен келгенден бери тийишип сүйлөп олтурган ак жуумал, арык чырай жигит колумдан кармады.

– Кайда барасыз? Эшикке чыгууга руксат жок. – Коё бериңиз эми, чыгарбасаңыз чыгарбаңыз. Менин бет маңдайымда олтурган боз бостон костюмдун ичинен көгүш нейлон көйнөк кийген кара каш жигит экөөбүз тиктеше түштүк.

– Кана Түлкүбек баатыр, заулдат,– деди ал жанындагы жигитке көз кысып.– Жүрөгүң жок немесиң го ыя?

Ар жакта олтургандар сөзгө аралашып кетишти.

– Төө тукумун берүүчүдөй болгон бечара десе. Бол эми.

– Ырдоочуларга кезек бересиңби же чыныны кармап олтура бересиңби? Кызык экенсиң.

Тигил мени менен оро-пара олтурган жигиттин сөзүнөн улам ырдай албай жаткан жигиттин аты Түлкүбек экен деп ойлодум. Эгер мага кезек келсе эмне деп ырдайм. Билген ырларымдын ыңгайлуусун эстей албай жаттым. Жигиттин коңур үнү угулду:

Ак жибек сенин көйнөгүң,
Айлымдан сендей көрбөдүм...

– Бали! Бали!– Сүрөөн дүүлдөй түштү. Жигит ырынын калган эки сабын тыныгуудан кийин кайра улады:

Көл үстүндө көп аккуу,
Көңүлүм келбейт башкага.

Үйдүн ичи кыраан-каткы күлкүгө толду. – Ой бали, ушундай эле дейм да.

– Быйылкы ырдын алды болду сеники.

Манаттай кызарган Түлкүбек дасторкондун үстүнөн ыр чыныны биз тарапка сунду.

– Кимге берип жатасың? – деди жигиттердин бирөө.

– Алдагы чоочун карындашка.

– Андай болсо туруп кайра ырдап сун.

Менден жогору олтурган жаш келин Түлкүбек ары караганда эликтеп койду:

– Булоолонгон байкуш колго түшкөнсүгөн. Тим койгулачы кыйнабай.

– Майрамбек келбес болдубу эми? – деди кимдир бирөө.

– Жибербей коюшту. – Улага жакта олтурган өткөөл кара жигит калпагын желкесине жылдыра берип, жооп берди.

– Кап, Майрамбек болгондо эмне, олтурушту көркүнө чыгарат эле. Эсиңерде болсун, эртең чогуубуз менен барып куттуктап коёлу. Сунуш киргизген кыздын сөзүн коштогон үндөр угулду.

Эң эле назик сүйлөгөн неме экен. Анан калса жаз алды менен бүрүн ачкан жаш чырпыктай болгон келбетине жарашып кийген кийими да нары кымбат, нары таза. Коюу кара чачын желкесине асемдеп түйгөн калыбында жылаңбаш олтурганы ак жуумал жүзүнө да, өзүнө да жарашып сындуу. Күлмүңдөгөн тегерек кара көздөрү мага сырдуу туюлат. Ал ушул учурда Майрамбекти эстеп көлдөй толкуп, бакытка балкып, аны сагынып олтургандай өз ичимден кооптоном...

Түлкүбек ордунан туруп жаштардын арасынан мени көздөй ырдап келатканын түшүмдө, уйку соонун ортосунда көрүп жаттым. Күлкү аралаш үндөргө аралашып жигиттин ыры алыстан угулгансыйт. Мен бул учурда Майрамбек менен Жүрөк-Тоого чыгып жапайы розаларды таңдана карап турган болучумун. Колдор шатырап чабылганда артымдан ийилип чынысын кош колдоп сунуп турган жигитти көрүп кыялым бытырап кетти...

Жалпы тыныгууга чыккан бойдон мен тышта калдым.

– Бурул,– дедим жанаша басып келаткан курдашымдын ийнине колумду коюп. – Алиги төрдө олтурган жашыл жемперчен сулуу ушул айылдык кызбы?

– Кыз эмес ал. Азыркы сага чыны сунган жигиттин келинчеги. Күйөөсү экөө тең мектепте иштешет.

Бурулдун сөзүн угуп жеңилдене түштүм. Огородго кирип баратып тоо тарапты карап токтой калдым. Айдын аппак нуруна бөлөнгөн Жети-Өгүздүн бийик аскалары ала буурул тартып алда кайдан заңкаят. Тетигил жылдыздуу ачык асмандын алдында уузга тойгон кулундай терең уйкуда жаткан Көк-Жайыктын атыр жыттуу түндөрү Майрамбектин өзүнө гана таандык сыяктуу элестейт. Баякы түшүмдө көргөн Жүрөк-Тоо кайсыл жагында болду экен деп ойлодум.

– Түн сонун болуп турат ээ?– Бурул менин суктанып турганымды билгендей жымыят.

– Жүрөк-Тоо деген тоо барбы ушул жакта?– деп сурадым мен.

– Кайсы? Алиги курортко кире бериштеги Кызыл-Жарды айтасыңбы? Аны Жүрөк-Тоо дебейт, «Жарылган-Жүрөк» деп айтышат.

– Аны билем. А Жүрөк-Тоо деген өзүнчө тоо жокпу?

– Уккан эмесмин. Баса Мыкат, Майрамбекти көрөсүңбү?

– Келиптирби?

– Активдер менен тигил чоң үйдө олтурушат. Жүрү терезеден көрсөтөйүн.

Экөөбүз бутубуздун учу менен дабыш чыгарбай басып келип терезенин тушуна токтодук. Бурул мага айта электе эле сан кишинин ичинен көзүмө биринчи урунганы Майрамбек болду.

– И-и кудай жалгап Майрамбек биз жакты карап олтуруптур. Тигине, тетигил ак көйнөк, кара костюм кийген жигит. Көрдүңбү?

– Көрдүм,– дедим аптыгып. Жигиттин ак нейлон көйнөгүнө жарашып кара кочкул галстугу лампочканын жарыгына чагылышып тынымсыз кубулуп жалт-жулт этет. Ден соолугу ашып-ташып, жадырап-жайнап

турган жаш жигиттин көрүнүшү мурдагыдан бир далай сыймыктуу, салабаттуу өңдөнүп көрүндү көзүмө. Мен көргөндөгүдөн толугурак тартып калыптыр. Субагай жүзү тегерек өңдөнүп, көздөрү оттой күйүп, бийик кабагынын астында тынымсыз балбылдап сүрдүү. Шадылуу чон колдору менен алдындагы комуздун бирде кылын, бирде тепкесин кармалап олтурган калыбында үнсүз. Бир кезде Майрамбек башын салмактуу көтөрүп терезе жакты карай бергенде биз айнектен боюбузду тартып алдык.

– Биздин Майрамбек жакшы жигит бекен, жактыбы көңүлүңө?

– Түзүк көрө албадым.

– Кантип эле.

– Кокус олтургандар байкап калбасын деп жалтандым окшойт.

– Жүрү анда кайра баралы.– Бурул мени билегимден кармап кайра тартты. Биз терезеге жеткенде Майрамбектин ордунан туруп эшикти көздөй басканын көрүп жалт бердик. Огороддон чыгып калиткага жеткенибизде Майрамбек бизди көрүп бурулуп кетти.

Сол каруумдан эки колдоп орой кучактап мага кыналып келаткан Бурул башын өөдө көтөрдү.

– Токтой турчу. О-о-й шумдук, жүрөгүң дайым ушундай согобу?

– Эмне экен?

– Билбейм, жаман коркуп кеттим. Менин жүрөгүмдү басып көрчү, эчтеке билинбейт.– Кыз менин колумду жүрөгүнүн тушуна алып барып басты.– Кандай экен?

– Ким билет.

Ал кайра менин жүрөгүмдү басты.

– Карасаң ай сокконун. Соо жүрөк мынчалык катуу согот деп уккан эмесмин. Оорубайбы?

– Азырынча сопсоо. Кийинкисин билбейм.

– Карасаң карасаң тим эле колумду сыртка тээп дүпүлдөгөндөй болсо бир укмуш...

Эмнеси болсо да шаарга көнүлдүү кайттым. Ал эми Бурул болсо ушул күндөн баштап көзүмө ысык, жүрөгүмө жакын сезилип, ага боор толгой берүүчү болдум. Бул менин Майрамбектин жердеши катары ага жакшы санаалаштыгым болуу керек эле.

Турсунайды көп эстей турган болуп кеттим. Аны ойлогондо жүрөгүм шуулдайт. Энемди да ойлойм. Ал мени жаман көрсө да, туубаса да тутунган эне. Атамдын аялы, түбөлүктүү жолдошу. Ал эми Асан менен Үсөнчү! Турсунайды да эл Жайнактын кызы деп айтышат. Ушундай ойлор эсиме түшкөндө Майрамбекти экинчи эсиме алгым келбейт. Бул сыяктуу адепсиз оорудан оолак болгум келет.

Кокустан Майрамбек экөөбүз бири-бирибизди сүйүшүп калдык дейин. Анан баякы Турсунай турмушка чыгам деп жатып жигитиненби, же өзүнөнбү, айтор орто жолдо ташжалак калганын ойлосом башым айланат. Кокустан мен жаңылсам Жайнактын кыздары жаман чыкты деген наалат атама калат. Майрамбек менен тим гана таанышып жүрүүнү ойлойм. Жакшы жолдош катары мамиле түзүүгө кантип болбосун. Мен ушинтип Майрамбектин сыртынан көлөкөгө тон бычууга өзүмдү-өзүм аргасыз кылып жаттым.

* * *

Жайкы каникул күндөрү эле. Окуу жылы башталарга саналуу күндөр калган. Колхоздо жумушта жүргөн жеримден алдырып келишти. Анткени, менин сыртымдан, өзүбүздүн институт жаштардын республикалык слетуна делегат кылып шайлашкан экен. Шаарга келсем эжемдер самолетко билет алып коюшуптур...

Үйдөн чыгаар алдымда Батыш эжем Гүлай абысынынын үйүнүн телефон номерин берип жатып мындай деди:

– Менин ошол жердеги № 1 ательеге заказ берген пальтомдун квитанциясы Гүлайдын атына жазылган. Эмгиче эчак бүткөндүр. Өгүнкү барганымда акыркы примеркасынан өтүп келгемин. Барганда «Кыргызстан» мейманканасына түшөсүң. Ар бир номерде телефон бар. Ошол жерден звонить эт. Батыштын сиңдисимин, эжемдин пальтосу даяр болсо ала кетем де. Бизден салам айтып кой. Кечинде алар менен өзүм да байланышам.

– Жакшы болот эжеке!

Көңүлүмдө Майрамбектин врач эжесин көрөт экенмин деп ойлодум...

Мен мурда Фрунзеде боло элек болучумун. Борбордун бир эсе коздугуна, бир эсе тазалыгына суктанып басып эле жүргүм келет. Жаштар катуу даңазалап ырдаган Дзержинский бульварын көрүүгө ынтызарланам. Мен өзүм менен бирге конок үйүндө жаткан кыздар болуп ошол жакты көздөй бет алдык. Мейманканадан бир аз узай бергенибизде «Махабат!» деген үн кулагыма шак дей түштү. Артымдан арышын кере таштап ылдамдай басып келаткан Айдарды көрүп:

– Бул дагы слетко келген экен деп ойлодум. Мончого түшүп чыккан немедей тердеп алыптыр.

– Саламатпы Мыкат, эртеден бери сени издеп жүрүп...– Жигит колун биринчи мага сунду.– ЦК комсомолго барсам регистрациядан өтүп кетиптирсиң. Уйкаш фамилия менен бутташтырышкан окшойт «Ак-Сайда» дегенинен «Ак-Сайга», андан таппай «Киргизияга» бардым. «Кыргызстан» мейманканасы такыр эсимде жок. Көрсө ошондо түшкөн турбайсыңбы.

– Слетко келдиңизби?

– Жок... И-и баса слетко келдим.

Жок деп коюп, кайра слетко келдим дегени эмнеси деп ойлодум. Сөзүнүн чын-төгүнүн текшерип жаткансып көзүнө тигиле карадым. Ысык аптаптан көздөрүнүн агы болор-болбос канталап, каректеринен от бүркүп турган

Айдардын сулуучумак жүзү мага кунарсыз көрүндү. Анын бизден ажырабасын билип турдум. Чогуубуз менен мороженое сатуучу ларекту көздөй бастык. Айдар чөнтөгүнөн акча чыгарганча болбой колумдагы кичинекей намияндан тыйын алып сатуучунун алдына таштадым.

– Мен төлөйүн дебедим беле?

– Сиз болор-болбос нерсеге жаманатты болбой эле коюңуз,– деди кыздардын бири.

– Мен анчалык сараң жигиттерден эмесмин. Керек болсо кара башымды сайып коюудан кайра тартпайм.

– Марттыгыңызды көрсөтөм деп көрүнгөн кыздарга башыңызды сая берсеңиз баркыңыз баалуу болор бекен?– Экинчи кыз каткырып күлдү...

– Көрүнгөн кызга башымды саямын дегеним жок карындаш. Мен Махабат үчүн айтып жатам.

Кыздар унчукпай калышты. Алар Айдарды менин жигитим деп түшүнүшкөнүн дароо билдим... Ошол күнү Айдар мейманкананын алдынан кеткен жок. Орун сураса, бош орун жок деп бербей коюшуптур. Жигит болгон окуяны жашырбастан, менин артымдан кандайча келгенин айтып залга коюлган диванда катарлаш олтурат.

– Автобустан түшсөм жездең бирөөлөргө кеп салып жатыптыр. Балдызымды узатып келатабыз деп. Слетко кеткениңди угуп, сенден кийинки самолетко олтуруп келе бердим. Туура кылыптырмынбы?

– Эмнеси туура. Мен сизди артымдан келгин деп чакырдым беле?

– Кой эми ачууланба. Жүрү киного барып келели?..

– Барбайм. Өзүңүз бара бериңиз.

– Сен барбасаң мен да барбайм. Мен сен үчүн келдим бул жерге, түшүнсөң. Сен деп жүрүп жинди болуп кетеминби деп жүрөм. Эгер өз ыктыярың менен макул болбосоң күч колдоном го.– Айдар азыркы сөзүн тамашага чалып сүйлөгөнү менен мага чындай туюлду.

– Күч колдонуп, кыз ала качуучу мезгил алыс калган.

– Колуңдан келбейт деп турасыңбы? Кел мелдешели?

Каткырдым.

– Көңүлү жок кишини эч ким ала кача албайт. Көңүлү бар кыз туйламыш болуп туруп тузакка өзү түшүп берет. Анан зордуктап ала качып келиптир деп чуу түшүп калышат.

– Сен ала качтырбайм дечи!

– Ооз кесири болбосун.

Ары-бери өткөндөр экөөбүздү көздөрүнүн кыйыгы менен карап өтүшөт.

– Келе колуңду, мелдешели.

– Мелдешели...

Эртең менен Айдар мени мейманкананын алдында күтүп туруптур. Тамактанууга чогуу кирдик. Буфеттен чыккандан кийин опера-балет театрына чейин келди.

...Айдардан, ойлоп олтуруп чочулай баштадым. Аны менен мелдешкениме өкүндүм. Санаага баттым. Президиумга шайлангандардын тизмеси окулуп жатканын бир билем. Бирок, кимдердин шайланганы кулагыма кирбей, бүт ой-санаам башка жакта болуп туруп алды.

– Пржевальский techinstitutунан Жайнакова Махабат барбы? – деген эркек кишинин үнү чыкканда ордумдан учуп турдум.

– Мен! – дедим эчтекеге түшүнбөй. Залда олтургандар дуу күлдү.

– Президиумдан орун алыңыз.

Мен өзүмдүн президиумга шайланганымды эми түшүндүм. Башкалардын бардыгы олтуруп калышыптыр. Уялганымдан килем төшөлгөн түз жолдон жыгылып кетүүчүдөй аярлай басып сүрдөнүп келаттым.

Бир кезде блокноттон айрылган бир баракча кагаз колдон колго өтүп олтуруп мага келип жетти. Бир демге өз фамилияма тигилип туруп кагаздын бүктөөсүн ачтым.

«Саламатпы Махабат! Мен сенин келгениңди азыр билдим. Өзүм да сени келип калар бекен деп ойлогон элем.

Кайда түштүң? Мага «Кыргызстан» мейманканасынан орун берген имиш. Бирок, үйүм бар да. Келгеним бир саат да боло элек. Самолеттон түшүп түз эле бул жерге келдим. Анан чыкканда кездешели!».

Кат келген тарапты бир карап алдым. Ойдо жок жерден Майрамбектин бул жерде олтурганын билип жүрөгүм опкоолжуй түштү. Мен караган убакта Майрамбек да мени тиктеп туруптур. Анын маңдайкы тамыры көбө түшүп, жүзү алоолоп, көздөрүнөн ысык жалын учкундап чыкыйыма чыга атылды.

Кызык. Көрө электе көрсөм деп, көргөндө минтип... Аны эмне үчүн эстеп, эмне үчүн күтүп, эмне үчүн сагынып жүргөнүмдү ойлодум. Менин алдымда чечүүчү мезгил сагалап тургандай туюлду. Турсунайдын квартирасына барып, мейманканага чакырып записка калтырганымды эстеп, ага Майрамбекти айтсамбы, айтпасамбы деген ойду чече албай жаттым. Бул кезде Турсунай фабрикада иштеп жаткан кези болучу. Мен барганда ал кызматында экен. Иштеген жерине издеп бардым.

Фабрикага кире бериштеги кичинекей үйдө күзөтчү аял олтуруптур. Ал колундагы окуп жаткан китебин жанындагы столдун четине коюп, көз айнегин чыгарып, мени бурулуп карады. Саламдашкандан кийин Турсунайды чакырып берүүсүн өтүндүм.

– Кайсы цехте, фамилиясы ким?

Турсунайдын иштей турган ишин да түзүк билүүчү эмесмин.

– Фамилиясы Мукамбетова. Кайсы цехте иштерин билбейм эже.

Ал өз атасына жазылуучу. Аял ийнин куушуруп баратып:

– Мукамбетова дейсиңби? Биздин Турсунай эмеспи? Аялдын сөзүн угуп кубанып кеттим.

– Ооба, ооба, Турсунай.

– Аны тышта илинип турган портреттердин ичинен көргөн жок белең? Кайсы цехте иштегени жазылуу. Ал

фабрикадагы көрүнүктүү алдыңкы кыздардан. Завцех болуп иштейт бизде. Эгер, Турсунай эжең болсо эмне үчүн билбейсиң?

– Кечиресиз, Пржевальскиден келдим эле,

– Аа ошондой де. Бирок, эжеңди табалбайсың го. Азыр эле сенин алдыңда шаардык комитеттен телефон чалып издетип жатышкан. Калп айтпасам парткомдун секретары экөө ошол жакка чыгып кетишкендей болду...

Кетип баратып дубалдын бетине илинген плакаттарды, ураандарды, чакырыктарды, ушул жерде иштеген эмгек азаматтарынын портреттери илинген Ардак тактаны көрүп толкундай түштүм. Келатканда көңүл бурбагандыгыма таң калдым. Мен биринчи эле Турсунайдын сүрөтүн карадым. «Т. Мукамбетова, фабриканын алдыңкы жумушчусу, эркектердин сырткы кийимин тигүүчү цехтин башчысы». Кайра-кайра окудум. Турсунайга ыраазы болгондугумдан жүрөгүм толуп турду...

– Жайнакова, Сиз сүйлөйсүзбү? – деген суроо угулду. – Тизмеге жазып коёюнбу? – Алды жагымда олтурган жигит кылчая карады.

– Сүйлөймүн, – дедим ордумдан козголо берип.

– Жарыш сөз башталганда бирден кийин чыгасыз. Сиздин сүйлөгөнүңүздү Пржевальскиде комсомолдун областтык конференциясында уккамын. Жакшы сүйлөгөнсүз.

Кызарып кеттим. Мен жарыш сөзгө чыгып сүйлөөнү мурда эле ойлогон болучумун. Колумда атайын жазылган материалым болбогону менен блокнотумда сүйлөй турган сөзүмдүн томосу бар болучу. Мен ар дайым ролун күн мурун жаттап алган сахнадагы актерго окшоп айтайын деген оюмду жыйынтыктап шар сүйлөөчүмүн. Уккандар ушундай жөндөмдүүлүгүмө суктаныша турган. Майрамбек экөөбүз антракка тыныгуу учурунда кездештик. Мен анын жанында жаш денем жалындап, бардык олку-солкулукту унутуп койгондой болуп толкундап турдум. Ушул жерде өзүм башта эч качан даамын татып көрбөгөн ырахаттын

кучагында термеле бердим. Төшүндөгү Ленин орденинин катарына кадалган депутаттык значегуна карегим кадала түштү. Майрамбек менин оюма дароо түшүнгөндөй, алда немени эстегендей толкундап турганын байкадым.

– Рахмат сага Махабат, куттуктоо телеграммаңды алып аябай ыраазы болдум. Башка бардык кубанычымдан да сенден алган кубаныч артык болду. Ишенесиңби?

– И баса, жогорку наамыңыз менен дагы бир жолу куттуктап коюуга руксат этиңиз. – Уялыңкы колумду сундум. Жигит серпиле түшүп манжаларымды шашыла кармады.

– Рахмат...

Биз президиумга кайра келгенде Майрамбек өз ордун алмаштырып менин жаныма келип олтурду. Жарыш сөз башталды. Биринчи кишинин атын атагандан кийин слетту алып бараткан киши «Даярдансын Жайнакова» деп үнүн көтөрүңкү чыгарды. Майрамбек мага ыктала берип шыбырады.

– Даярдандың беле? Башымды ийкедим...

Трибунага кичинекей блокнотумду кармай чыктым. Айлана жымжырт. Бул жерде менден башка жан киши жок сыяктуу үнүм бирде көтөрүңкү, бирде каалгый түшүп жай чыккансып жатты. Мен өзүмдүн институтум жөнүндө, студенттер жөнүндө, комсомолдук уюмдун айрым орчундуу жумуштары жөнүндө сүйлөдүм. Окуусун бүтпөй күйөөгө чыгып кеткен кыздар жөнүндө айттым. Мисалдарды келтирдим. Жаштардын жалпы орто билим алуусуна, өндүрүш менен чарбаларда иштөөдөн качып арабөк калып жаткан айрым жаштарга токтолдум. Бир кезде колдор чабылып айлана күүлдөп кетти. Мен токтоп калдым. Тамагымды жасап стакандагы суудан ууртадым. Залдын ичин кайра баштан тынчтык басты...

Мен сөзүмдү сүйлөп бүтүп ордума келип олтурганда да колдор тынымсыз чабылып жатты. Майрамбек колумду кысты.

– Куттуктайм. Жакшы сүйлөдүң. Мен мындай болот экен деп ойлогон эмесмин.

– Рахмат.

Биздин алды-артыбызда олтургандардын бардыгы мага көңүл бөлө карап жатышканын байкадым.

– Карындаш, оратор турбайсызбы. Өлбөй турган жакшы артыкчылыгыңыз бар экен. Фактыларды келтирип, цифралардан жаңылбай адамдын аттарынан тартып жаттап алгандай сүйлөдүңүз. Бекеринен лениндик стипендиантка болбоптурсуз.

Рас эле мен ушунчалык жакшы сүйлөдүмбү деп ойлодум. Майрамбекти карасам анын жүзүнөн да, көзүнөн да кубанычтын, ыраазы болгондуктун кумарлуу учкуну чачырап, талмоорсуй тиктейт мени. Биз слеттон чогуу чыктык. Айдардын келем деп айткан сөзү көңүлүмдө миң кайталанып жатты. Эки-жагымды чочуй тиктейм, Майрамбекти сүйсөм да, сүйбөсөм да ушул жерден иренжитип албасам экен деп жүрөгүм дүпөйүл согот. Элдин арасы суюла түшкөндө эки жагын элеңдей карап турган Айдарды көрүп өңүм өзгөрө түштү. Ал мени акмалап турганын дароо билдим. Элдин шарданы менен бул жерден тезирээк узап кетүүнү Майрамбекке кантип билдиреримди билбей муунуп турдум.

– Кайсы жерге барып тамактансак болот? Же мейманканын ресторанына кирелиби?

– Ресторанга да кирбейм, тамак да ичпейм. Рахмат.

– Ал эмне дегениң? Экөөбүз жакшы күндө, жакшы жерде кезиккендигибиздин урматы үчүн да тамактанбайбызбы? Ресгоранга кирбесек башка жакка деле барабыз.– Экөөбүз жаңыдан эле театрдан узай бергенибизде арт жагыбыздан бирөө келип мени токтотту.

– Мыкат!

Мен анын Айдар экенин билип жүрөгүм оозума тыгылды.

– Сени чыга элек экен деп тура бериптирмин. Кайда баратасың? Бул жигит ким? Жүргүлө, чогуу эле тамактаналы.

– Рахмат. Убара болбой эле коюңуз. Биз башка жакка баратабыз...

Майрамбек экөөбүз басып кеттик. Айдар турган жеринде таштай катты. Бир далай жерге унчугушпай келдик. Мен Майрамбекти сүйөмбү чын эле деп ойлойм ичимден. Эгерде, жөнөкөй эле жакшы көрүүнүн азап-тозогу адамдын баарына ушундай таасир берсе чын сүйүү дегени кандай керемет болду экен деп өзүмө-өзүм суроо берем. Айдардын артыбыздан ээрчибей калып калганына сүйүнгөнүм менен Турсунайдын мейманканада күтүп турганын ойлоп тынчсыздандым.

– Деги мен жолтоо болгон жокмунбу? – деди бир оокумдан кийин Майрамбек.

Жигитти жалт карадым.

– Эмне үчүн антип айтыңыз? Тескерисинче Сизге мен жолтоо болуп жаткан болбоюн?

– Ошентип ойлойсуңбу? Сени менен кезигүүчү мезгилди канча күндөн бери күтпөдүм дейсиң. Токточу ушул жерден сүйлөшүп алалы. Жакын жерден тамактанып алып шаар көрөлү. Ары-бери басалы. Каршы эмессиңби?

– Мейли...

Биз ресторанга кирип, столго олтурар олтурбастан эле жаныбызга колуна блокнот кармаган официантка жетип келди. Жигит менюну мага сунду.

– Эмне жейли. Сен тандачы Мыкат...

– Жок, сиз тандаңыз...

Майрамбек заказ бере баштады. Карапайым чабан деген бул жигиттин бир жерине таң калдым. Мен билбеген укмуштуудай тамактардын атын билет экен. Анан заказ кабыл алып жаткан кыз менен орус тилинде эркин, кичи пейил сүйлөшүп жатканына кубанбай коё алган жокмун.

– Ичкиликти бекер заказ берип жатасыз?

– Эмне үчүн бекер, көп болбосо да аздан ооз тийип олтуралы.

Бир заматта столдун үстү тамак-аш менен жер-жемиштерге толуп кетти.

– Суусадым деп жаттың беле, Махабат! Бир минут чыдасаң мен сага кымыз жасап берем. Майрамбек эки бокалга тең минералдык суудан толтуруп, бирөөнө каймак куюп аралаштыра баштады. Жигиттин колундагы дары суу бокалдан аша баржактап кетти.

– Аябай чаңкап турган окшойсуң, Мыкат. Кана, ак жалгасын деп ушуну көтөрүп коёлу…

Анын көзү мени караган сайын балбылдап жүрөгүмдүн тереңине от ыргытып жаткансыйт. Көөдөнүмдөн ысык аптап көтөрүлүп демим буулат.

– Такыр ичкилик ичпейсизби? – деп сурадым мен, колундагы рюмкадагы коньякты болор-болбос бөксөрткөн бойдон кармалап олтурган жигитке карап.

– Шарты келгенде ушинтип ууртап-татып иче коём… Бир демге унчукпай калды. Салаңдап ойго чөмө түшүп башын кейиштүү көтөрдү.– Ичкиликтин зыянынан башка пайдасы жок да. Анын ушул сөздү айтып жаткандагы үнү кандайдыр көөдөнүнүн тереңинен күч менен сыгылып чыгып жаткандай кулагыма алсыз угулду. Ошол саамда Майрамбектин өңү адегенде албырып барып, кайра бозоро түштү. Анан ал кайра кызарып чекесинен тер чыпылдап чыкты.

Майрамбек чөнтөгүнөн бет аарчысын алын терин сүрттү.– Сени Эламан байкемдикинен көргөн жерде эле ойдо жок жерден көңүлүм да, жүрөгүм да сен жакка ооп кеткендей болду. Мен мурда издеп таппай жүргөн бактымдын ачкычы сенде экенин ошондо билдим. Чындыкты жашырганда эмне, жашырбаганда эмне, айтор өзүңдү көргөн секунддан тартып жүрөгүмдүн башы күйө турган бир ооруга чалдыкты да калды.

Мен ойго түшүп кетиптирмин. Майрамбек жөнүндө көргөн түшүм көз алдыма тартылды. Чанагынан ачыла жаздаган жапайы розалар айланама толуп кеткендей байчечекейдей жайнап, дуу коюп биринин артынан бири ачылып жатты…

– Чыныңды айтчы, мени көрсөм деп ойлоочу белең?

– Өзүңүзчү?

Майрамбек талмоорсуй түшүп, карегин аты жогумдагы мала кызыл таштуу шакекти оң колум менен ары-бери тынымсыз жылдырып жаткан манжаларыма жылдырып келип токтотту.

– Ойлогондо да кандай ойлоду дейсиң. Мен өзүм жөнүндө сага кандай деп айтып түшүндүрөрүмдү билбей олтурам. Көзгө көрүнбөгөн, кулакка угулбаган көңүлдөгү бороон санаамды самандай сапырып өзүңдү көздөй үйлөйт да турат. Бирок…

– Айтыңыз, эмне бирок! Сөзүңүздүн аягына чыкпай токтоп калдыңыз!

– Көңүлүңүз жылдыздабы дейм да.

– Кызык. Эч нерсеге түшүнгөн жокмун.

– Мисалы, билимдүү, окумушу бар киши менен карапайым кишинин ортосунда айырма болобу?

Мен токтолбой жооп бердим:

– Албетте болот.

– Мен сенден ушундай жооп угарымды билгем.

– Анан кандай жооп беришим керек эле? Ийнимди куушурдум.– Майрамбек столго жабылган дасторконду сылап жаткан оң колумдун үстүн жазы алаканы менен басты.

– Мына көрдүңбү, чабан менен студент бири-биринин тилин да, дилин да түшүнбөй жатышат.

Мен жигиттин сөзүнөн кандайдыр бүдөмүк түшүнүк менен аны карайын десем, ал дагы ушул саамда мени көзүнүн үстү менен суроолуу тиктеп туруптур. Экөөбүз тең күлүп жибердик.

– Карапайым чабан, же жөнөкөй жумушчу менен билимдүү адамдардын ортосундагы айырманы сурап жаткан жоксузбу?

– Ооба, эми таптың. Ошону сурап жаткамын. Балким мени менен олтурганыңызга ыраазы эместирсиз.

– Кызык суроо!– дедим Майрамбектен көзүмдү албай.– Азыркы малчы, азыркы жумушчу, азыркы механизатор мындан 20–30 жыл мурдагы муундагы адамдар эмес да. Азыркы кайсы гана кесиптин ээлери болбосун колунан баары келет. Окуйм десе окушат, иштейм десе иштешет. Мен өзүмдү сизден өөдөмүн деп эсептесем биерге келбейт элем да...

Биз тышка чыкканда күн кылкылдап өзүнүн чоктой кызыл нуру менен асманды алоолонтуп уясына батканы баратыптыр. Майрамбек асманды айланта карады.

– Эртең күн ачык болот экен. Азыр жаан-чачындын деле анчалык кереги жок. Чөп чабык учуру.

– Астрономдук жайыңыз да бар беле?

– Анча-мынча. Кааласаң үйрөтөм. Карачы, аба да сонун болуп туруптур. Бүгүн менин көзүмө дүйнө күлүп, дүйнө ырдап жаткансыйт.

Ооба, бул күнгө чейин ичим мынчалык ачылбагандай, көөдөнүмдү Майрамбек айтып сукtанып жаткан салкын аба жууп, тазартып таштагандай шоолдойт. Түз жолдо алдымдан келаткан бирөө менен жөөлөшүп алдым. Мени четти көздөй колтуктап, каруумдан кармаган жигит жарк этти.

– Троллейбуска олтурабызбы же...

Бир топ жерге келип калганыбызды мен ошондо билдим.

– Басып кетсек деле болот го. Майрамбек айтарга сөз таппайт.

– Капа болбойсуңбу, Мыкат! Кокустан өзүңдү сыйлоодон, өзүмдү алып жүрүүдөн кемчилик кетирсем кечирип кой. Канча кылган менен тоолуктун иши тоолук,

койчунун иши койчу да. Сенин алдында маданияттуураак болоюн дегеним менен оңчулуктуу окшобой жатат көрүнөт бейм.

Мындан артык дагы кандай болгусу бар, деп ойлодум ичимден. Малчынын баары Майрамбектей болсо, шаардыктардын маданиятынан тоолуктардын эмне айырмасы бар экен. Менин көзүмө жигиттин тула боюнда кемчиликтин кемтиги жоктой болуп көрүнөт. Анын сүйлөгөнү да, күлгөнү да өзүнө жарашып турат. Баскан-турганы шайдоот. Кичипейил. Сүйлөгөн сөздөрү орундуу. Жигитти карап олтуруп кыздардын жүрөгүнө чок сала турган көп жакшы жактары бар экенин байкадым...

Биз мейманканага жакындаганда скамейкада олтурган эркек менен аял орундарынан туруп, обочо барып токтошту. Биз бош скамейкалардын бирине келип олтурдук. Алиги эркек менен аял бизге алыстан көз чаптырып турганын байкап Майрамбекке карадым.

– Тигилер эмнеге бизге карашат?

– Кимдер?

– Ак-Куу фонтанынын аркы бетинде тургандар. Жигит башын көтөрүп эки жагын кайдыгер карап келип алиги экөө турган жакка жүзүн бурду. Алар Майрамбек карап келатканда башка бир нерсеге алагды болгон сыяктанып калышты.

– Ой, менин эже-жездем тура. Кечирип кой Мыкат, мен алар менен телефон менен гана байланышкан элем, учураша элекмин. Барып келсем капа болбойсуңбу...

Ордунан учуп турду. Майрамбектин эжеси да, жездеси да инисин көрө замат күлүп жиберишти. Сыягы атайын чыгышкан көрүнөт. Үчөө жай баракат басып меймандар үйүнүн алдынан узап баратышты. Мен Майрамбекке, Батыш эжемдин Гүлай эжеге айттырган аманатын айтпаганыма, кечээтен бери алардыкына телефон чалбаганыма өкүндүм. Гүлай эже ушул болду бекен же Майрамбектин башка эжесиби?– деген ойдо алардын артынан аңкая

карап кала бердим... Эмне үчүндүр Майрамбек кечиге баштады, Айдарды ойлойм. Ал азыр ушул жерге келүүчүдөй болуп туюлду. Майрамбекти көпкө күтүүдөн корко баштадым.

Комнатага кирсем бирге келишкен кыздар жасаныптүзөнүп киного барууга камынып жатышыптыр.

– Кечигип жүргөндүгүң үчүн сага штраф жолдош Жайнакова! – Баары тең бир үндөн жарыша сүйлөштү. – Же жигиттүү киши эле курдаштарына карабай калабы.

– Кечиресиздер! – деп эки колумду көтөрүп тура калдым.

Кыздар күлүп калышты. Алар менен киного барганым жок. Майрамбекти күтүшүм керек болду. Жолдошторум чыгып кетишти. Эшикти ичинен бекитип алдым. Кийим которуп албасам күндүзгү кийимим менен кантип басууга болот. Жаңыдан эле шифонерден алган көйнөктү мойнума салганы жатсам эшикти бирөө тыкылдатып калды. – «Ким?» – «Айдармын!» Жүрөгүм атып кетти. Ачпай койдум. Чертти-чертти. Анан эшиктин туткасынан кармап катуу жулкулдатты. Ар жактан аялдын үнү чыкты.

– Ал комнатада кыздар жатат. Ким керек сизге?

– Кечирип коюңуз, ушул номерде карындашым жашоочу эле.

Майрамбек келип күтүп турганын билип турсам да сыртка чыга албай камалып жаттым. Ал муну көрсө эмне деп ойлоду экен? Бир топтон кийин Айдардын дабышы чыкпай калды. Жука көк шерсттен тигилген жеңи кыска поездүү түз көйнөгүмдү кийген бойдон чачымдын прическасын бузуп, бир өрүп артыма таштап койдум. Бийик така кара лактуу туфлимди кийгенде сыныма чыгып, көйнөгүм да, чачым да өзүмө жарашып калгандай болуп көрүндү. Күзгүгө карап кашымды колум менен чогулта сыладым...

Бул күнгө чейин Майрамбекти күткөнчөлүк эч кимди күтүп көрө элек болучумун. Айдардын Пржевальскиден

Фрунзеге чейин артымдан кубалай келгени Майрамбектин бир көз карашына да татый турган эмес. Көөдөнүмдүн башын Майрамбек деген бир күч тээп тургандай болот. Кыздар кинодон келгенге чейин же жатпай, же олтурбай, же сыртка чыкпай үйдүн ичинде аркы-терки басып жүрдүм. Эми мага бардыгы көңүлсүз боло баштады. Ичим күйүп, өзөгүм өрттөнөт. Ыйлагым келет... Жайсыз уктап турдум.

Ордумдан турарым менен Батыш эжемдин тапшыруусу боюнча трубканы колума алып номерди тере баштадым.

– Алло, квартира угуп жатат,– Жаш кыздын үнү чыйылдады.

– Гүлай эже барбы?

– Бар, бар. Азыр чакырам.– Кыздын энесине айткан сөзү трубкадан угулуп турду.– Мама, ма-моч-ка! Сени телефонго чакырып жатат!

– Алло, мен угуп жатам. – Саламатсызбы эже!

– Саламатчылык. Бул ким?

– Мен, Батыштын сиңдисимин.

– А-а, Махабатсыңбы? Жакшыбы айланайын.

– Сизге эжекем салам айтты эле. Анан ательедеги... Сөзүмдүн аягына чыгарбай сөзүмдү бөлдү.

– Пальтосун үйгө алып келип койгом. Сенин слетко келгениңди ошол эле күнү айтышкан. Кабарың болбогондугунан бүгүн издеп чыгайын деп жаттым эле. «Кыргызстан» мейманканасында турбайсыңбы. Болуптур, кечинде өзүм таап алам...

Эртең мененки гимнастиканы терезени чоң ачып коюп комнатада ойноп, муздак душка түшүп кийинип алып залга чыктым. Ал жерде иштеген аялдар менен учурашып, ачкычты берип кайра бурулуп, лифтини көздөй бастым. Артымдан үн чыкты.

– Пай-пай-пай, жигиттер сени эмдигиче ала качып кетпей кантип жайыңа койду экен? Түндө бир жигиттен

өлгөн-талганда кутулсак, таң атпай дагы бирөө келип калыптыр. Анык жигитиң экөөнүн кайсынысы, бийкеч?– Тамашага чалса да өз оюндагысын айтып жаткандай туюлду мага. Администратор эже жеринен тамашакөй, жайдары, ачык-айрым аял болсо керек. Чынымды айтсам Майрамбектин келгенин угуп териме батпай чатырап турдум.

– Эжеке, айтыңызчы, сиздин көңүлүңүзгө экөөнүн кайсынысы көбүрөк жагат?

– Мага жакканы сага да жагабы?

– Айтсаңыз.– Кайра келип токтодум.

Аял ордунан көтөрүлө берип кулагыма шыбырады.

– Менин жактырганым тышта сени күтүп турган депутат жигит.

Каткырып жибердим. Аял мени колумдан жетелеп терезенин жанына келип токтоду. Бешинчи кабатта турсам да Майрамбектин залкар денеси көзүмө күндөй чагылышты. Ал түндө Айдар олтурган скамейканын бир жак четинде олтуруп жанында бош жаткан газеталардын улам бирин алып ары-бери оодарып көз жүгүртөт... Мен чыкканда Майрамбек газеталарын баш-аламан жыйыштырып мени көздөй басты.

– Кандай, жакшы жатып жайлуу турдуңбу.– Кол алышты.

– Жаман эмес. Өзүңүз?

– Сака-чүкө аралаш. Менин келгеним качан?

– Көргөм.

– Кайдан?

– Терезеден.

– Мен сени телефондон сурасам уктап жатат деди. Качан ойгонор экен деп күтүп олтурам. Биротоло чыктыңбы?– деди ал. Башка жактан барып тамактаналы. Азыр эле ушул жерден кечээки Айдар деген жигитти көрдүм. Мейманканага кирип кеткендей болду. Түндө ал да келиптир. Бири-бирибизди ушул жерде букача

тоорушуп калганыбыздан кетип калдым. Ал калган. Пржевальскиде иштейби?

– Биздин колхоздо зоотехник. Колхозчулар өз ишин жакшы билет дешет. Айыл ичинде кадыры бар.

– Сыртынан түзүк эле жигит сыяктанат. Сүйүү деген адамды дөө болсоң да жинди кылат окшобойбу. Анын ысык-суугун, азап-тозогун ар ким өз башынан өткөргөндө билгендей. Сыягы мага окшоп көлөкөгө тон бычып, жүрөгүнүн азабын тартып жүргөн бечаранын бири көрүнбөйбү.

– Болсо болор. Бирок, анда менин кандай жумушум бар?

Сөз ушуну менен токтоду. Экөөбүз тең ал жөнүндө кеп жаңыртканыбыз жок. Тамактан чыгып слет башталганча ары-бери басып жүрдүк.

– Ак көйнөк сага жакшы жарашат экен. Бүгүн ак куудай болуп эле койкоюп калыптырсың Мыкат...

Күлүп койдум. Саат онго жакындаганда опера-балет театрын көздөй бет алдык...

Слет бүткөн күнү Майрамбек экөөбүз чогуу келип мейманкананын бешинчи кабатына көтөрүлдүк. Эшикте кыпчылып турган катты көрүп ачкычты колума кармаган бойдон токтодум. Турсунайдын колу экен. Бүктөөсүн шашып ачтым. «Мыкат! Сен келгенден бери колум бошоп кезиге албадым. Кечирип кой. Азыр атайын чыгынып чыксам жок экенсиң. Кайра келем. Эч жакка кетпе. Турсунай».

Бул убакта Майрамбек менин колумдагы ачкыч менен эшикти ачып жаткан болучу.

– Кат кимден экен?– Столдун үстүнө койгон записканы колуна алды.

– Тур-су-най!– Майрамбек селт этти.– Кайсы Турсунай?

– Ал менин эжем. Кааласаңыз тааныштырам.

– Жок, башка убакта таанышалы.

– Кетесизби?

– Мен сени тыштан күтөм.

Жигит чыгып кетти. Майрамбектин дабышы узап баратты. Бир заматта мага бардык сулуулук абага учуп, айланам ээн калгандай аңгырай түштү. Ойго түшүп, көпкө отурган көрүнөм. Бир маалда эшик тыкылдап калды. Турсунай келген экен деп ойлодум. Эшикти ачып жибердим. Санитарка экен.

– Сени тышта бир айым чакырып жатат.

– Азыр.

Мен чыкканда залдын ортосунда сүйлөшүп тикесинен турган биздин колхоздун парторгу менен Айдар көзүмө чалдыкты.

– О-х-о-о, Махабат!– Парторг мени көздөй басты. Айдар мени кайдыгер карап койду. Кабагы карыш түшүп, көңүлү жайында эместей. Экөөбүздүн бая күнү мелдешкенибизди эстеп күлүп койдум. Малик агай эртең кетээрин айтып, чогуу кетели деди. Дароо «самолетко белет алып койдум» деп калп айтып жибердим.

– Анда капа болбогун.

– Рахмат. Эмнеге капа болом. Мен Турсунайды күтүп жаттым эле.

– Болуптур анда, эртеңке чейин дагы көрүшөрбүз... Эки жагымды карап туруп мен тааныган эч кимдин жогунан сурайын деп алиги санитарканын жанына басып келдим. Балким биринчи кабаттадыр.

– Айтыңызчы, мени ким чакырды эле? Тигил жигиттер эмеспи?

– Жок, жок, булар эмес. Бир кыргыз келин чакырган болучу. Азыр эле ушул жерде турбады беле? Көз боочудай кайда учуп кетти. И-и тигине, өзү да келатат.

Мен бейтааныш аялды таңдана тиктедим.

– Батыштын синдиси сен эмессиңби садага?–Арык чырай, орто бойлуу, бутуна жапыс така ак туфли, үстүнө ак чулоктон кыска жеңдүү көйнөк кийген жаш аял менин жаныма келип токтоду.

– Ооба эжеке, менмин. Сиз Гүлай эжесизби?

– Батыш менен азыр эле сүйлөшүп чыктым. Сени звонит этсин деди. Эламан эртең Москвага учат экен.

– Көпкө кетип жатыптырбы?

– Анысын сурабадым. Үйгө барганда өзүң сүйлөшүп угасың да. Кеттикпи?

– Эжеке, мен ушул жерде иштеген эжемди күтүп жаттым эле. Келем деп записка калтырып кетиптир. Кетип калсам болбойт го.

– Күт, күт, айланайын. Мен олтуруп турам. Турсунайдын келем деп болжогон саатынан өтүп кеткен болучу. Акыркы кабатка түшкөнүбүздө Гүлай эже эки жагын карап токтоп калды. Анан тышка чыктык.

– Э ботом, менин иним ушул жерде турмак эмес беле! Кокустан жолдоштору кезигип калып, ошолор менен бир жакка басып кеттиби? Ресторанга кантип кирсин менин келгенимди көрүп туруп. Сен ушундай туруп турчу, тааныган бирөө болсо издетейин.

Гүлай эже сумкасын мага берип ары басты. Ошол замат артымдан бирөө каруумдан кармады. Кылчая карасам Майрамбек.

– Мен силердикине баратам. Эжең чакырып келиптир.

– Чогуу конок болот экенбиз го. Баса эжең келдиби?

Башымды чайкадым.

– Анан эмнеге мынча кечиктиңер?– деди эки жагынан бирөөнү издегенсип,– эжекем кайда кетти?

Гүлай эже ар жактан эле сүйлөнүп келатты.

– Э Макен садага, кайда жүрөсүң издетип?

– Ушул эле ченде тургамын. Сизди мен ресторанда жумушу бар экен деп ойлоптурмун.

– Тапкан акылын.– Гүлай эже күлүп койду.– Жалгыз мага ресторанда суутуп коюптурбу?

Колумдагы сумканы Майрамбек алды. Жүрөгүм дүкүлдөйт. Менин келеримди Гүлай эженин үй-бүлөсү да күтүп турушкан окшойт. Звонокту үнү чыгар-чыкпастан эле балдар дүбүрөп калышты.

– Мамочка, Махабат эжеке ушулбу?– деди тестиер кыз энесин кучактап.

– Ооба, Махабат эжең ушул.

Балдар мени жылмая карашат. Жол бошотуп адеп көрсөтүшөт.

– Апа тамак даяр болду.

– Апа, чай кайнап жатат.

Балдар ашкана менен биз олтурган үйдүн ортосунда тынымсыз чуркап жүрүштү. Карап олтуруп бактылуу аял экен деп ойлодум. Жапжаш туруп төрт баласы бар экен. Анан дагы заказ менен төрөлгөнсүп экөө кыз, экөө эркек. Батыш эжемдин балам жок деп басынышынын да жөнү бар экен да. Ал үйдө да ушундай булбулдар сайрап турса көркүнө чыкпас беле.

Айыл чарба институтунун сырттан окуучу студенттеринин жаңы программасы жөнүндө Майрамбекке түшүндүрүп жаткандыгына караганда жездеси зоотехникалык бөлүмдүн кафедра башчысы болсо керек деп түшүндүм.

Айланамда олтурган үй ээлеринин көздөрү кичинесинен чоңуна чейин мага тигилгенсийт. Кайра-кайра карашат. Мени сынап, мени байкап жаткандыктарын түшүнүп олтурдум. Эч кимисине карагым келбей чайыма бир чакмак кант таштап коюп тынымсыз аралаштыра берем. Мендеги сүрдөө менен толкундоо тең жарышат. Келгенден бери Майрамбекти тик багып биринчи жолу даап карадым. Баарынан да анын өз өңүнө жарашып турган кызгылтым калың ээрди мага көбүрөк жагат. Жүрөгүм сызыла түшүп кандай бактылуу кыз ушул эринди өбөр экен деп ойлодум.

Гүлай эже төркү бөлмөдөн чыгып менин жаныма келип токтоду.

– Махабат садага, төшөгүңдү салып койдум. Саат бир болоюн деп калыптыр. Жатып эс алгыла.– Чачымдан сылап бир демге токтоло калып өрөпкүй түшүп сүйлөдү.– Сени келин кылып алып кетирбей койсом эмне болор эле, же Макенимди койчу деп чанасыңбы?

Жүрөгүм болк дей түштү. Аялды мостоё тиктедим.

– Макениме жарашыктуу колукту болор элең?

– Гүлай, сен эмне деп баланы чочутуп жатасың.–Барыктабас жезденин сөзүн угуп ордумдан козголо берип башымды акырын көтөрдүм.– Тамашанын да тамашасы бар.

Майрамбекти карасам кыпкызыл болуп кетиптир. Гүлай эже каткырып жиберди. Мени чачымдан дагы сылады.

– Махабат эмне тамашаны түшүнбөгөндөй макоо кыз бекен. Жакшы көрүп, ичим элжирегендиктен эмне деп эркелетеримди билбей айткан бир сөз да.– Колумдан тартты.– Жүрү төшөгүңдү көрсөтүп коёюн...

Мага туш-туштун баары эле эшик өңдөнүп көрүндү. Майрамбектин кайсы үйгө жатарын да билген жокмун. Жүрөгүмдүн дүпүлдөгөнү өз төшөгүмдү көргөндөн кийин гана басаңдаган өңдөнүп, көңүлүм жай боло түштү.

* * *

Уйкум ачылып кетти. Убакыт өтпөй, түн бир жерге байланып калгансыйт. Жалгыз гана азоо тайдын дабышындай дүпүлдөп соккон жүрөгүмдүн урушу жанымды жай алдырбай күчөгөндөн күчөп удургуйт. Кулагыма дабыш угулгансыйт. Бирөө дем алгансып сезилет. Ана, эшикке жакындап калды дейм ичимден думугуп. Башымды жаздыктан көтөрө берип дабышты элее тиктейм. Алда кимден коркконум же күткөнүм экени белгисиз бир күч тынчымды кетире баштады. Азыр эле кулагыма угулуп жаткан дабыш кайра баштан тымтырс боло түшөт. Коңшу бөлмөдөн кимдир бирөөнүн керебетти кычыратып тынымсыз оодарылып жатканын угуп Майрамбек ушул бөлмөдө, менин катарымдагы эшикте жаткан экен деп ойлойм. Керебет мурункусундай көп кычырабай калды. Уктап баратат, дейм башымды жаздыкка кайра коюп.

Бир кезде мен жаткан бөлмөнүн эшиги болор-болбос кыйч эткендей болуп калды. Башымды көтөрүп дабышты кайра тыңшайм. Үйдүн светин кимдир бирөө жарык кылып жиберди. Башымды жулуп алдым. Көзүмө эшик алдында турган Майрамбек көрүндү. Секирип туруп керебеттин үстүндө олтуруп калдым. Колунда журнал. Анын али жата электиги көрүнүп турду. Анткени ал кийимчен бойдон болучу. Эмне үчүндүр калтырай баштадым.

– Мыкат!– деген ички сезимден чыккан алсыз үн угулду.

– Мен сени менен кичине сүйлөшүп олтурайын десем жатып алган турбайсыңбы?

– Кетиңиз!

– Эмне болду? Же мени түн жамынган каракчы деп коркуп турасыңбы.

– Антип деле ойлогон жерим жок. Эртең деле убакыт бар го.

– Жаныңа беш эле минут олтуруп кетейин. Сен кийингенче мен чыгып турайын. Ушуга макулсуңбу?

Сүйүнүп кеттим. Кандай акылдуу, тартиптүү жигит деп ойлодум, баякыда Айдардын камынтпай туруп кучактап күч менен өбүүгө аракет кылганы кылт эсиме түшүп. Майрамбек чыгып кетти. Мен ордумдан секирип туруп кийине баштадым. Чачтарымды оңдоп, күзгүгө карандым.

Майрамбек кайра киргенде бир жакка баруучудай болуп толук кийинип алган болучумун. Ал мени кумарлуу тиктеп туруп, колумдан жетелеп келип креслого олтургузду. Жигиттин мага урунган колунун титиреп, майда калтырак басып турганын билдим. Биз бири-бирибизди күлүмсүрөп кароо менен үндөшпөй бир топко олтура бердик. Менин билгеним, мага туюлганы күч менен дөшүгө тийген болот балканын үнүнө окшогон бир күчтүү дабыш бүткүл үйдү солкулдатып, жаткандай болду.

Мен аны өз жүрөгүм же Майрамбектин жүрөгү экенин ажырата албай эки магниттин ортосунда калгансып манжаларымды кайра-кайра кырсылдатып, өз колумду өзүм кармалай бердим. Бир кезде Майрамбек ордунан салмактуу козголду.

– Ишенесиңби Мыкат, мен өз тагдырымды, өз жүрөгүмдү, өз сүйүүмдү сага бердим. Ал, баарын ал сен...

Майрамбек мени өзүн көздөй тартты.

– Эмне кылып жатасыз? Коё бериңиз мени. Жөн сүйлөшөлү.

– Коё бербейм. Оозуңдан сүйөм деген бир ооз жакшы сөз укмайынча таң атканча, күн чыкканча ушунтип кучактап олтура берем.

Эмне деп жооп беремимди билбей ойлонуп жаттым. Эгер мен анын ушул сунушунан баш тартсам эле Майрамбектен ажырап калуучудай, ал эртең эле Фрунзенин сулуу кыздарынан бирди сүйлөшүп алып кетүүчүдөй көрүндү. Менин бардык жакшы ой, жакшы тилегимди кыйратып жаткан жалгыз окуу болду. Менин жаман оюмда Майрамбекке сүйөрүмдү билгизсем эле ал мени эртең эле өзү менен кошо ала кетүүчүдөй туюлду. Атам менен Батыш эжемдин, өз кызындай өмөчүктөгөн Эламан жездемдин ишениминен ажырап калуучудай болдум. Ал эми Майрамбектен ажыроо андан да оор болорун билип турдум. Менин жанымда олтурган бул сүйкүмдүү жигитти өзүбүздүн үйдөн биринчи көргөндө эле жактырып калганымды өз жүрөгүмдөн башка жан киши билүүчү эмес. Алдымда келечек тагдырымдын чечүүчү мезгили сагалап турду. Ушул жерге келгенде катуу онтоп жибердим. Ооба, бул жашоо да. Жашоодо турмуш оюнчук эмес да.

Эмне кыларымды билбей башым маң болуп, санаа самандай сапырылат.

– Махабат!

– Ии.

– Эмне мынчалык үшкүрдүң?

– Үшкүрбөй турган иш болуп жатабы? Унчугушпай калдык.

– Ойлонуп көрчү, сен экөөбүздүн тилегибиз бир жерде болсо, бардыгы жайында болот.

– Кантип? –Майрамбектин колдорун өзүмдөн бошото албай жаттым.

– Сен деп соккон жүрөгүмдү жерге тепсебе...

– Мени жайыма койчу Макен. Обол мурун окуумду бүтүрөйүн. Бул сөз ошондон кийин болсун...

– Мен сени окууңду ташта деп жатамбы? Окуй бересиң. Мен сырттан окуйм. Экөөбүздүн бүтүшүбүздүн ортосунда 2–3 жылча айырма болот. Андан кийинки турмуштун баары каалашыңча өтөт.– Майрамбек дагы эле калтырап, үнү дирилдеп чыгып жатты.– Макулдугумду алып өзүнө жардамчы чабан кылып алат деп турасыңбы? Жок, жаным, такыр андай болбойт.– Анын жүрөгү менин жүрөгүм менен үн алышкансып угулат. Өзүң айткандай эле болсун. Он жыл күт десең он жыл, он беш жыл күт десең он беш жыл күтөйүн. Макулмун деп койчу.

– Чынбы?

– Өлүп кетейин, карыганча күт десең да күтөм. Майрамбектин сөзүнө ишендим. Окуумду бүткөндөн кийин дагы көрө жатарбыз деп ойлодум. Унчукпай калдым. Эки колун эки жаагыма коюп, оозун оозума жакындатып келатканын байкап башымды буруп кеттим. Мен Майрамбектин жүрөгүнүн согушу мурдагыдан да катуулап баратканын билдим. Коркуп кеттим. Ушул жерде кокус жүрөгү жарылып кетпесин деген ой көңүлүмдү чагылгандай аралап өттү. Мен буга чейин мынчалык катуу соккон жүрөктү биле элек болучумун. Ал эми муунунун титиреп, бүткөн боюнун калчылдаганычы. Ушунун баары мага бир укмуш керемет, жадаганда жок жаңылыктай болуп туюлду. Баякыда Бурулдун айтканын эстедим. Ошондо менин жүрөгүм да ушул Майрамбектин жүрөгүнө окшоп соккон экен.

Деги жүрөктөр кызык болсо керек. Жакшылык менен жамандыкты өзүңдөн мурун сезип, өзүңдөн мурун түйшүгүн тартат. Жер жүзүндө жүрөктөй жүк көтөргөн баатыр болбосо керек.

– Мыкат, жаным, таалайым, жооп берчи батырак. Макул дечи.

– Айтпадымбы.

– Эмнени айттың? Эчтеке укканым жок. Айтсаң эми сүйөм деп. – Жигит мени өпкүлөп жиберди.

Сүйөм деген сөздү жүрөгүмдө миң кайталап, оюмда кыйкырып жатсам да Майрамбектин алдында төгө албай турдум. Өпкөм көөп, беттерим чыңалып чыкты. Оозумдун ичи батташып, демим буулду. Көөдөнүмдөн чыккаи бир наристе үн дүйнөгө жаңы көз ачып, жумурткадан жаңы чегилип жаткан жансерек балапандай алсыз чыкты.

– Сү-й-өм...

Майрамбектин денеси отко салган темирдей денемди каарып, жаагыма тийген бетинен тер төгүлүп жатканын сездим.

– Өмүрүм өткөнчө, күчүмдүн жетишинче төбөмө көтөрөм. Рахмат. Сүйгөнүм, сүйүнтөрүм. Сүйөм деген оозуңдан...

Эриндеримден, беттеримден аймалап, чачымдан жыттагылап жатты. Ооба ушул түнү мен биринчи жолу жигитке өптүрдүм, жигиттин кучагында термелдим...

Майрамбек өз бөлмөсүнө кетүүгө турганда таң аппак атып үйгө жарык түшүп калган болучу. Мен чечинип төшөгүмө жаттым. Майрамбек өпкөн жерлерим ысып-күйүп өрттөнүп жаткансыды. Жүрөгүмдүн оту мурдагыдан бетер алоолойт. Туура иш жасадымбы, жокпу, өзүм да ажырата түшүнбөдүм...

...Биз кете турган күнү дем алыш болучу. Мейманканага келсем Турсунай күтүп олтуруптур. Сүйүнүп кеттим. Анын көзүнө көрүнүп, кулагына угулуп бүткүл денемдин баары Майрамбек деп ырдап, Майрамбек деп сүйлөп өз

сүйүүмдү жарыя кылып жаткандай болуп туюлду. Менин көзүмө Турсунай кадимкидей токтолуп калгандай болуп көрүндү. Сүйлөгөн сөздөрү орундуу. Мүнөзү коймайрек тартып токтоо. Көздөрү ойчул тартып мени сынай тиктейт. Анда-санда акырын улутунуп коёт. Экөөбүз бир топко чейип сүйлөшүп олтургандан кийин минтип сурады:

– Энем жакшыбы? Эмне деп жүрөт мени?

– Эмне десин. Кызымдын тоюна аз калды деп күтүнүп жүрөт.

– Мамилеңер кандай, жакшыбы?

– Жакшы,– дедим көңүлсүз.

– Ошондой эле болсун. Менин ойлогонум да энем экөөңсүңөр. Баласы болуп калбадыңбы, өөдө-төмөнү болсо кечирип коюп жүрсөң.

Ал өзү деле түшүнүп калгандыр. Бирок, мен жөнүндө той берем деп ойлобой эле койсун. Сага кетээрде эчен-эчен айтайын деп оозум барган эмес. Мен ал жигитти сүйгөн кызы менен баратканын көрдүм. Кантейин, бактылуу болушсун.

– Турсунай, айтсаң, эмне жигиттер сүйүүгө туруксуз болобу?

– Туруктуу үчүн мага кылчайбай койбодубу. Балалыгым менен жаштыктын  да, сүйүүнүн да арзан-кымбатын билбептирмин. Сыягы көргөн-өскөнүм ошол болсо керек. Турмуш көзүмдү ачты го. Эл-журтка, бирге иштеген жолдошторго ыраазымын. Баса Асан менен Үсөн чоңоюштубу? Атам кандай жүрөт? Дени сакпы деги?

– Атам өзүң көргөндөй. Асан менен Үсөнтай болсо адам болуп калышты. Тим эле жакшынакай балдар болду. Үйгө качан барасың? Эч кимибизди сагынган жоксуңбу? Дем алышта барып келсең боло?

Турсунай бир серпилип алып, тунжурай тушту. Колундагы Расул Гамзатовдун «Менин Дагестаным» деген китебин ачып барактап койду.

– Кантип сагынбайын. Мына ушул китептеги «Капастагы чымчыкка» окшоп баарыңарды сагынам. Элди, жерди, Ысык-Көлдү көргүм келет. Бирок...

Турсунай сөзүнүн аягына чыкпай, көздөрү жашылданып кетти.

– Сен бүгүн коносуңбу же?

– Кетишим керек. Окууга да аз калбадыбы?

– Өзүң бил анда, чогуу кете турган жолдошторуң да бардыр, балким.

– Жолдоштор бар. Алар автовокзалдан күтүшмөк эле. Билет алып да койгонбуз.

– Таксиге олтурсаңар кечке кирип барасыңар. Жүрү анда ресторандан болсо да өз колумдан даам ооз тийип чык.

Макул болдум. Турсунай экөөбүз тамактанып алып тышка чыктык. Ал менин чемоданымды, а мен болсом майда-чүйдө салган сумканы көтөрүп троллейбус токтоочу жерге келип жеткенибизде ар жактан машина көрүндү. Майрамбек күтүп калгандай, мен өтө кечигип бараткандай шашам. Ал экөөбүз Вокзалдан кезигишмек болучубуз. Мен жаңы келип токтогон машинанын арткы тепкичин бастым.

– Кош Мыкат, мен ушул жерден эле калайын. Энем менен атама салам айт, Асан менен Үсөндүн бетинен өөп кой.

– Барбайсыңбы? Жүрү, азыр эле кайра келесиң да. – Көңүл уладым.

Турсунай башын чайкады.

– Бактылуу бол!

Колубузду кыса кармаштык. Мен троллейбуска кирип бараттым.

Майрамбектин кайдан-жайдан жүгүрүп келип машинанын алдыңкы эшигинен секирип киргенин көрүп көзүм алая түштү. Турсунай колун булгалады...

* * *

Фрунзеден келгенден кийин жездемдикине бир түнөп алып айылга кеттим. Энем менин шаардан ала келген базарлыгымды көрүп кубанды.

– Ырас болбодубу. Турсунайды көрдүңбү? Кандай, дени сак, жакшы бекен?

– Жакшы экен эне. Салам айтты. Мен кетээр күнү мейманканага келиптир. Узатып койду. Иши да жакшы экен.

Энемдин жүзү албырып чыкты. Кубанычтан көздөрү жашылданып турду.

– Мейнетиңди алайын каралдым, келсе боло. Энең сагынып жүрөт деп айттыңбы?

– Айттым. Баарын айттым. Келгин деп чакырдым.

– Күйөөсүнө качан чыгат экен, ал жөнүндө сөз кылдыбы?

– Күйөөгө чыкпайм дейт. Сыягы сүйлөшкөн жигити менен ажырашып кеткен окшойт. Энем тойду ойлобой эле койсун деди.

Энем селейип калды. Бир оокумдан кийин гана:

– Балалыгың да, жаштыгың да курусунчу. Андан чоң күнөө кылган кишилер деле жүрбөйбү. Киши өлтүрүптүрбү? Айткан эл айта берсин, деген эл дей берсин. Ким менен кимдин жумушу бар. Келе бербейби. Куурады го сагынып. Олда мейнетиңди алайын каралдым ай. Күйөөгө чыгам деп чыкпай калган эле күнөөсүбү? Анын баарын кылган жанакы менин өз келиним. Тузум урсун жүзү караны. Же Турсунай элчилеп элдин эрин талашпаса же бирөөнүн үйүн бузуп жаманатты болбосо. Бирөөнүн ашын ичип, кадырына түкүрүп жүргөндөр деле басып жүрбөйбү.

Энемдин ушул акыркы сөзүн укканда жүрөгүм зырп дей түштү. Сүйлөшкүм келбей калды. Ордумдан туруп баратсам минтип кошумчалады:

– Турсунай го Турсунай болду эле. Ал азыр өз күнөөсүн өз эмгеги, өз акылы менен жууп жатат. Сен жөнүндө бир сөз уктум.

– Эмне сөз?

– Эгер ошол чын болсо Батыштын тузу урар сени.

– Эмне? Эмне деп жатасыз?

– Эмне дегенимди укпай калдыңбы? Элеман сага ким болот?

Оозума сөз кирбей калды. Энемди керсары боло тиктедим.

– Мени жалдырап карабай эле кой. Өлсөңчү мындан көрө. Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп...

– Айтпайсызбы ачык?

– Ачыгын атаңдан уккун. Мен айтсам өгөйлүгүнөн ушунтип жатат дээрсиң.

Энем ушуну айтып, булкуна туруп тышка чыгып кетти. Анын сөздөрү этимден өтүп, сөөгүмө жетип, чучугумдан бери сыздатты. Колуна өлүп берейин дедим. Артынан атып чыктым. Ошол саамда биздин үйдү кылчактап кимдир бирөө басар-басмаксан болуп өтүп баратканын көрүп токтоп калдым. Ал мени көздөй басты. Айдар экенин дароо тааныдым.

– Махабатсыңбы? Качан келдиң?

– Бүгүн. – Кол алыштык.– Мени тирүүлөй өлтүрдүң ээ.

– Эмнеге? Өлбөй эле коюңуз.– Күлгөн болдум.

– Бая күнкү убада жакында күчүнө кирет.

– Кайсы?

– Унутуп калдыңбы?

– Эсимде жок, – дедим энемдин сөзүнө алагды болуп.
– Айтыңыз?

– Айтпайм. Унутсаң убагында эстээрсиң.

– Айтпасаңыз катып алыңыз.

Короого кирип кеттим. Төшөгүмө барып үстөмөнүмдөн түштүм. Көз жашым өзүнөн өзү куюлат. Атамдын жоктугуна өкүнөм. Бул ушакты атама да жеткирген экен деп

каным тескери айланат. Атам акыйкаттайбы же жокпу анысын да билбейм. Эламан жездем менен Батыш эжем уксачы? Анда эмне болот? Уялганымдан өлгүм келет. Сандарбектин сөзүн эстейм. «Жездең кыйнаганбы же Айдар кыйнаганбы?» Сыягы бул ушактын башталышы ошондон мурда болсо керек. Эми алар менен канткенде бирге туруп, бирге жашайм? Майрамбек укса эмне болот? Ишенеби же ишенбейби? Мындай сөздү таратып коюп кантип эл аралап басып жүрөм. Уккандар жерге түкүрөр, бузуку кыз экен дешээр. Же өлүп берип бардыгынын жанын тындырсам бекен?

Ушул кезде атамдын үнүн уктум. Кызымтал окшойт. Энем экөө адегенде күңкүлдөп акырын сүйлөшүп жаткан. Бара-бара үндөрү катуулап кажылдаша баштады.

– Акмак. Түн ортосунда адамдын тынчын албай ичкен жериңе жатып албайсыңбы?

– Жатса жатып алат болучумун. Бирок, мен кызым келди бекен деп келдим. Биздин бригаданын механизаторлоруна сыйлык беришти. Азырак жутуп койдум. Анын эмнеси жаман.

– Ормоке көк башыга кезиктиңби?

– Жок. Эмне болду?

– Эмне болмок эле. Баякы эле сөз. Уулу Турдубек жөнүндө сени менен сүйлөшөмүн деп келиптир. Жумушта десем кеткен. Жайнак кызынын калыңына мал эмес баш алам десе да макулмун дейт.

Атам кыжырлана сүйлөдү.

– Акмак. Кызын малга сатат деп ойлосо керек. Мен башымды көтөрүп ата-энемдин сөзүнө кулак төшөдүм.

– Турдубек эмне жаман бала бекен? Билими жок болсо да бирме бир жигитке бергис. Уй фермасында журттун башчысы деп эле чанбасаң кызың экөөң.

– Аны жаман деп жаткан ким бар.

– Жаман дебесең кызың ошол Турдубекке ылайык. Берсин калыңын. Окуса окуур, окубаса...

– Эмне?

– Махабатты ушунчасында көзүн тазала деп жатам. Болбосо аягыңды асманга чыгарат. Эламан Батышты кетирип сенин кызыңды алат экен деп айттым беле. Айткамын. Ошон үчүн кийбегенди кийгизип, ичпегенди ичирип алчаңдатып олтурат. Батышты да кудай жараткан. Эл айтпаса да барып мына мен айтам. Анын да убал-сообу бар. Ушунчасында эринин тизгинин тартсын. Кайран неме аййе, бирдеме болсо эле сенин тарбиялаган кызың деп Турсунайды бетиме баса каласың. Ата тарбиялаган кызды да көрүп жатам. Эмне, Эламанга тийип алса өлтүрөсүңбү? Өлтүрө албайсың. Ар кимдин баласы ошондой.

– Ушул сөздөрүңдү кайра айтчы?

– Кулагыңа жабыша калып жатабы?

– Бар, азыр барып айтып кел. Сен шерменде болор бекенсиң, же күнөөсү жок менин кызым шерменде болор бекен. Батыш сага окшогон акмак эмес. Акмак. – Атам энемди тээп жибергендей болду. – Бузуку канчык. Тилиңе тишиң күбө. Эгер кызым чындап эле ошондой ишке барчы болсо... – Тишин кычыратты. – Ажалы менден. Өз колум менен өлтүрүп салам. Анан өкмөткө өзүм барып берем. Ушундай күнөөсү үчүн мууздап салдым деп айтам. Бирок, кызымдын да, Эламандын да андай ишке барышына эч ишенбейм. Махабатты ал өз кызындай көрөт. Уктуңбу? Эгер ушул сөздү жалган айтып ичиңден чыгарган болсоң тилиңди түбүнөн кесем. Түшүндүңбү, тилиңди кесем, Тилиңди.

– Мен чыгарыптырмынбы? – Энем жоошугансып сүйлөдү. – Ошол сөздү биринчи ким чыгарса ошонун тилин кес. Менде эмне жумушуң бар.

– Мен башка кишиден укпай сенден уктум. Ошон үчүн эң биринчи сенин тилиңди кесишим керек.

– Күчүңдү менден чыгарбай, кызыңа айт Турдубекке барсын.

– Баламдын теңи Турдубек болуп калыптырбы?..

– Ошондой дечи.

– Ошондой. Кызым өзү жактырганына барат.

– Анда Эламанга барса сүйүнөт турбайсыңбы? Билдим, билдим, акылдуу атанын айтары ушундай эле болот дейм да.

Дабыш чыкпай дым болуп калышты. Атам энемди басып алып муунтуп жаткандай болду. Эшиктин алдына келип токтодум. Атам энемди далайда коё берди.

– Чирик, тамагымды эзип салды. Кутула албай жүрсөң өлтүрбөй эле кетирбейсиңби?

– Кечтим сендей карооздон. Жогол көзүмө көрүнбөй.

– Жоголо албайт деп турасыңбы?

– Жоголсоң түп ордуң менен жогол. Адатыңча кайра келүүчү болбо. Уктуңбу?

– Кеткенди көрүп ал. Жөн эле кет десем кетип калат деп турасың го ээ. Балдарымды алып, күлүңдү көккө сапырып, журтка олтургузуп кетем.

– Балдарда акың жок. Кетсең өзүң кет.

– Балдарым жакшы, мен жаман экенмин да ээ. Көрөбүз...

...Эртең менен мен турганда күн али чыга элек экен. Бел курчоосуна чейин чечинип чоң алышта жуунуп жаткан атамды көрүп жүрөгүмдүн бир тамыры чырт үзүлүп кеткенсип, көөдөнүм думуга түштү. Атам мени көрдү окшойт. Шашкалактап чала-була сүртүнгөн бойдон көк чөптүн үстүндө жаткан көйнөгүн кийип мени көздөй басты.

– Э каралдым, качан келип калдың?

– Кечээ.

– Кечээ! – Менин сөзүмө ишенбегендей суроолуу карайт. Жаныма келип чекемден өптү. Бырышы жок кызылдуу, кара тору жүзү түктүйүп, көздөрү чарчаңкы.

– Акча-тыйының жеттиби?

Башымды ийкедим. Түндөгү сөздү кандай баштаар экен деп ойлодум.

– Окууң башталганча үйдө болосуңбу? Мен бир топко келбейм го. Эгиндер текши бышып кетти. Талаа станына жатып иштеп жатабыз.

– Билбейм атаке, мен жалгыз гана өзүң үчүн келем. Сен кетсең мен да кетем. Энем... – Сөзүмдүн акырына чыга албай ыйлап жибердим.

– Энең кара жерге кирсин, ошонун сөзү да сөзбү.

– Сөз дебей чыдап келдим го. Заар тилин эми койсо боло. Канымды сүлүктөй сорду го бул катын. Асан, Үсөн болбогондо...

– Ошол балдар деп... Эки бала гана жолумду кесип турат.

– Жашай бериңиз. Балдарды тарбиялаш керск. Өз энеси да.

Атам катуу үшкүрдү.

– Балдар деп олтуруп, оңолот деп жүрүп чачым агарып кетти...

Эки-жагын карады. Жылдызы өчүңкү шалбырайт.

– Жүрү олтуралы. Өзүң менен ата-балача сүйлөшөйүн. – Илкий басып келип бактын көлөкөсүнө коюлган буту бар тактайга келип олтурдук. Атам колундагы кичинекей чыбык менен жерди ары-бери чиймелейт. Көңүлүн өйүгөн дартты өзүнөн алып таштай албай жаткансыйт. Жаактары кыймылдайт. Мусапырдай кебетесин көрүп ичим сыздады. Уккан сөзүнүн чын-төгүнүн менден даап сурай албай жатканын билип турдум. Сөздү ачкым келип чыдабай кеттим.

– Атаке, мага эмне айтайын дедиңиз эле? Айтпайсызбы? – Тиземде жаткан колдорун кармаладым. Баш бармагын эмнеге алдырып алганын билбейм, тырмагынын түбүнө чейин көгала. Анан калса эти менен эт, териси менен тери болуп сиңип калгансып алаканына чейин кара майдын тагы.

– Бул жериң эмне болгон?

– Куруп калсын, байкоосуздан темирге кыпчыттырып алдым. Жакшы болуп калды. Адегенде билегиме чейин

шишип кеткен.

– Оорубайбы эми?

Башын чайкап койду. Мен атамдын манчаларынын бир-экөө чыгып ордуна кирбей ийрейип, алакандарынын чор басып калганып азыр биринчи сездим. Эмне үчүн мурун байкаган эмесмин! Кара май жыттанып барбайган колдоруңдан тегеренейин атам ай. Жаныңды бакпайсың. Өзүңдү өзүң сактабайсың. Асан менен Үсөн дебесең, отуз уул, кырк кызың багылбай жатты беле?! Өлбөй турган оокатың бар. Анан калса колхоздун жумушу өзүңсүз бүтпөөчүдөй жайды жай дебей, кышты кыш дебей көк темирди минип алып жан тынымын албай чапкылап жүргөнүң жүргөн. Ушуларды ойлоп ичимден сыздап жаттым. Манчаларын айландырып карадым. Күрөктөй болгон жазы алаканын оозума алып барып өөп койдум. Ыйлагым келет. Өзүмдөн өзүм буулугам. Атам башын салмактуу көтөрдү.

– Балам, сенден чындыкты сурайын деп олтурам. Өз энең болсо өзү сүйлөшөт эле. Ушунча жылы бирге жашасаңар да бул энең экөөңдүн отуңар күйүшпөй койду. Айла жок кызым, ата айта турган сөз эмес. Бирок, айтпай коюуга да болбойт.

Өз атамдын токтоолугун ошондо биринчи көрдүм. Мен анын мынчалык терең, мынчалык ойчул экенин билген эмес болучумун. Өз алдынча орчундуу бир нерсени чече албайт го дечүмүн. Түндөгү энемдин сөзүнөн кийин иштин ак-карасына жетпей сөөгүмдү сыздатар бекен деген элем. Бирок, такыр андай болгону жок. Мен атамдын оозун тиктеп калыптырмын.

– Мен сен жөнүндө жаман сөз уктум кагылайын. Ооба, эң жаман сөз. Чын болсо чын де, жалган болсо жалган де. Балким балалык кылып койгондурсуң. Менден жашырба кызым.

– Макул атаке, чындыкты сүйлөшөлү. Бири-бирибиздин сөзүбүзгө ишенгендей бололу. – Мен ордумдан ылдам туруп атамдын мойнунан кучактадым. Чекесинен

өптүм. Атамдын башы мага өзүнөн өзү калтылдап тургандай болуп сезилди. Үнү каргылданды.

– Сени Батыш эжеңдии шаарын бузуп Эламанга турмушка чыгууга сөз берип, азгырылып жүрүптүр дегендери кандай? Тайсалдатпай так жооп берчи.

Бул сөздү атамдын айтаарын билип турсам да кулагым бүтөлө түштү. Тилим оозума батпай шишип чыккандай куудурап, шилекейим кургады. Атамдын мойнунан кучактап турган калыбымда салмагымды салып далысына ыгырыла түшүп, боюмду зорго көтөрдүм. Жанында бир демге сенек болгон немедей калтырап турдум. Атам менден жооп күткөнсүп, же мени сынап жаткансып суроолуу көзү менен бурула карады.

– Мени жаман көзүң менеп карабай эле кой. Бардыгы жалган атаке. Кайдагы бир ойго келбеген жаман сөздү айтып жатасың?! – Бет маңдайына чөгөлөй калып эки колум менен эки тизесин бастым. – Ушак. Ишенбегин буга. Ким чыгарса да ниети кара, мени көрө албаган неме чыгарыптыр. Ооба, атаке көрө албаган бирөө. Түшүнүп жатасыңбы? Алар мени өз кызындай көрөрүн билүүчү элең го өзүң. Мени ошондой жакшы кишилерден жат кылайын дедиңерби? – Көзүмдүн жашы төгүлүп жатты. – Айтчы, кызыңа ишенеби же душмандын сөзүнө ишенеби? Мен Эламан жездемди сендей, Батыш эжемди энемдей көрүүчү эмес белем. Такыр сен уккандай эмес атаке!

– Болуптур балам, ишендим, ыйлаба. – Атам дароо өзгөрдү. – Тур өөдө. – Төбөмдөн жыттап, жанына тартып олтургузду. – Андай болсо сенин сөзүңдү мен бүт бойдон кабыл алдым, ишендим. Эми менин сөзүмдү сен кабыл ал.

– Макул! – Илбериңки жооп бердим.

– Макул болгонуң чын болсо, мындан ары Эламан жездеңдикинде турба балам. Жакшы көрсө да, жаман көрсө да жанакыдай сөздөр чыкпаса болот эле, чыккандан кийин…

Ойлонуп калдым. Атам да ойлонуп жатты. Эмне кыларымды билбей башым эңги-деңги болду. Бул чындыгында эле жакшы сөз эмес болучу. Бирок, чын-чынына келгенде атамдын акыркы сөзүнүн жүйөсү бар эле. Мендеги тоскоол, ошол кош алаканына салып алпечтеп олтурган үйдөн кандай шылтоо таап чыгып кетүү болду. Жылан чакпай, жылкы теппей эжем менен жездемди таштап башка үйгө чыгып кетүүдөн оор эч нерсе жоктой болуп төбөмдөн ылдый сансыз санаа басып турду. Атамдын бул сөзүнө ойлонуп туруп жооп бермек болдум...

Ошонун эртеси шаарга кетмекчи болуп камынып жатсам үстүмө Бердалы абамдын аялы келип калды. Ал төркүнүнө барып келмекке башкарманын «Волгасын» сурап алыптыр. Ошону айтканы келиптир мага. Мен алар менен шаарга чейин чогуу кетмек болдум. Бирок, алардын машинасын күтүп олтуруп күүгүм кирди. Эмне болгонун билейин деп Бердалы абамдардыкына баратсам, алдымдан Алмадай чоң энем чыкты.

– Кагылайын Махабат, бери келчи балам. Ырас кезикпедиңби? – Кары эки-жагын элеңдей карайт. – Сен эчак эле кетмек эмес белең?

Алда кандай сөз айтат деп коркуп кеттим. Эсимде эжем.

– Ажаркан жеңем шаарга барат экен. Ошону күтүп...

– Оо кокуй, Ажаркан жерге кирсин. Ошону киши деп ишене турган канчык эмес турбайбы. Азыр эле бир сөз угуп сага айтайын деп ашыгып келдим. Ажаркан аркылуу сени Айдар бүгүн түнү ала качат экен. Сак болчу кулунум. Беймазага кабылганы турат окшойсуң.

Алмадай чоң энемди кучактай калдым.

– Кагылайын энекебай, эмне шумдукту айтып жатасыз. Кантем эми. Же башка айтар акылыңыз барбы?

Биз ушунтип жатканда Бердалы абамдын үйүнүн алдына колхоздун «Волгасы» келип токтоду. Машинанын үстөкө-босток берилген сигналы чыкты. Ошол замат

Ажаркан үйүнөн октой атып чыгып, түз эле биздин үйдү көздөй чуркады. А Алмадай чоң энем экөөбүз болсок калың өскөн дубалдын түбүндөгү кара жыгачтын далдаасына келип тыгылдык. Чоң жолдун биз жаккы жээги менен эки эркек өтүп кетти. Алардын аста шыбырашып сүйлөшкөн сөздөрү угулат.

– Айылдан узай түшүп жол тосмок болбодукпу. Машинаны көрүп кол көтөрүмүш болуп калгыла дебедиби шофер. Кыздын макулдугу жогунан коркуп жатам. Болбосо…

– Макулдугу болбосо мелдеши бар.– Айдардын үнү экен.

Эми билбедимби, кечээ ошону айткан турбайбы. Фрунзедеги мейманканада болгон сөз эсиме түштү.

Жинди экенмин. Ошондо эмне үчүн мелдешип, эмне үчүн кол алыштым экен. Анда мен өз көңүлүм болбой туруп кантип эле ала качтырып коёюн деп ойлогон турбайымбы. Эми минтип ала кача албайсың деген Айдар өмүрүмө кол салганы камынып жатат. Корко баштадым. Жигиттердин андан аркы сөзүн уга албай калдым. Чоң энем мени чукул коштоп дубалдын түбү менен бөжөңдөп бара жатты…

* * *

Эртеси эртең менен күн чыга электе Абакир абам алып келген мотоциклдин люлькасына олтуруп колхоздун механиги менен шаарга жөнөп кеттим. Окуу оюмдан чыгып кеткендей. Ушул жерден, ушул шаардан биротоло көз далдоо болууну ойлойм. Менде элдин оозун басыштын, Айдардан кутулуштун бир гана жолу калган сыяктуу көңүлүм уйгу-туйгу. Ал жол өзүм сүйгөн бирөө менен кол кармашып кетип калсамбы деген бүдөмүк ой эле. Ректордун балдызы, Батыштын сиңдиси болуп туруп, алардан бөлүнүп чыгып жатаканадан орун суроонун өзү да мен үчүн оорудан катуу жумуш эле. Анда жалгыз өзүм

эмес эжем менен жездемдин кадыр-баркын бүтүн институттун алдында бутум менен тебелеп, жакшылыгына жамандык менен жооп берген болом. Мотоцикл дарбазанын түбүнө келип токтогондо гана үйгө жеткенимди билдим. Саатымды карасам араң эле бештен өтүптүр. Калитканы түртүп көрсөм бек. Кеч жатышса керек деп ойлодум. Эжем менен жездем өтө кеч жатышканда гана саат жетиге чейин уктай тургандыгын билүүчүмүн. Жанакы биздин артыбыздан келаткан машинабы же башкасыбы, айтор Майрамбектикине окшош «Волга» Ленин көчөсүнөн бурулуп, суу проводунун жанына келип токтоду. Машинадан түшкөн жигит да узун бойлуу неме экен. Бирок, ал таң атпай жүздөгөн километр жерден короо толгон коюн таштап кайдан келмек эле. Окшош машинадыр. Анын үстүнө Майрамбек экөөбүздүн болжошкон күнүбүз бүгүн эмес, эртең саат он эки болучу. Ал мени көлгө алып бармак.

Баятадан бери машинасынын маңдайкы айнегин сүртүмүш болуп, биздин үй жактан көзүн албаган шофер, мен түшкөн мотоциклдин карааны көрүнбөй калган кезде гана кабинага кайра кирип эшикти тарс жапты. Өтө эле жай жүрүп келатканынан үй издеп жүргөн немеби деп ойлонгончо болбой, ачык терезеден башын жарым чыгарып бажырая караган жигиттин көзү көзүмө чагылыша түштү.

– Махабат!

– Майрамбек! – Машинанын эшигин ачып жиберген жигитти көздөй өзүмдү аттым.

Сунган колумду кыса кармап өзүн көздөй тартты.

– Жакшысыңбы? Олтур. Деги аман-эсен барсыңбы? Ох, жүрөгүм эми ордуна келбедиби?

Мени эле күтүп тургансып орундукка көчүк басарым менен машина зуу койду. Сол колу менен рулду кармап, оң колу менен мени далымдан имере тартып, саамайымдан жыттады.

– Сагынып кеттим. Бүгүн келет деп ойлогон эмес чыгарсың.

– Эртең түштө келмек эмес белең.

– Күтө алган жокмун. Койду Туратбекке таштап жүрүп кете бердим.

– Эмне үчүн?

– Сени көргүм келди…

Шаардын четине чыгып, жолдун жээгине машинасын токтотту. Мага жакындап олтурду.

– Деги сени чын көрдүмбү?

– Эмне болду?

– Мен шаарга кечээ кечинде келгемин. Эламан байкемдикине келсем, алар тышка конокко кетиптир. Сени кошунасыныкынан сурасам келе элек дешти.

– Анан!

– Анан силердии айылга бардым.

– Кимдикине?

– Казыбайдыкына? Тааныйсыңбы?

– Ал экөөбүз интернатта чогуу окуганбыз. – Мен жөнүндө айттыңбы?

– Айылда жакшы кыздар болсо тааныштырсаң боло дедим.

– Тааныштырдыбы?

– Бир кыз бар деди.

– Ким экен?

– Махабат!

– Тамаша кыласың да.

– Чын. Зоотехник ала качам десе, билип калып шаарга кетип калыптыр деп айтты. Артынан кууп эч жерден таппай койдук дейт. Айдар менен тууган экен.

– Кайда кондуң? Ошондобу?

– Сени издеп кайра шаарга келдим. Сурасам үйгө барбаптырсың. Байкемдер да келе элек экен. Анан кайра силердин айылга бардым. Казыбай үйгө жат дегенинен болбой, машинаны көчөгө коюп, ичине жатып алдым.

Мотоциклдин үнүнөн башымды көтөрсөм, аркы көчөдөн сага окшогон бирөөнү салып алып шаарды көздөй бурулду. Ким болсо ошол болсун деп артынан жөнөдүм.

Болгон окуяны айтып бердим. Майрамбек менин сөзүмдү кабагы бүркөлүп, ойлуу олтуруп укту.

– Артыңдан сүрө түшүп жүргөн зөөкүрлөр окутпайт го сени.

– Өзүм каалабасам делеби? Майрамбек мыскыл күлдү.

– Каалаган, каалабаган менен эсептешсе, түндөгүдөй болбойт эле.

Мен жер тиктедим.

– Кайда баралы? – Ал бир колу менен рулду кармалады.

Ийнимди куушурдум. Экөөбүз тең орду ордубузга оңдонуп олтурдук. Машина жолго чыкты.

– Көлгө барып келелиби? Чабак билесиңби? – Билем. Бирок, купальнигим жок да.

Майрамбек эңкейип жаагымдан жыттайын дегенде, мойнуна колум ороло түштү. Алды жакта келаткан автобустун сигналын угуп колумду тартып алдым. Биздин машина жолдун четине чыга түшүп, кайра асфальтты көздөй ойт берди. Өтүп бараткан автобустун шоферу бизге айнектен муштумун көрсөттү. Жүргүнчүлөрдүн баары бизди сөгүп жаткандай орундарынан тура калышып бизди узата караштыˆ... Майрамбек машинаны мурдагыдан да катуу айдап келатты. Мен кайсы жерге келгенибизди төрт жолдун кошулушкан жеринен Жети-Өгүз селосун көздөй бурулганда байкадым. Майрамбекти билектен алдым.

– Кайда баратасың?

– Жети-Өгүздөн купальник албайсыңбы?

Күлүп жибердим. Жигиттин далысына колумду арта салып алды жагымды, бийик тоолорду карадым. Бир кезде ушул жол менен кой төлдөтүүгө жардам бергени колхозго келгенимди эстедим. Анан ушул сүйкүмдүү,

карапайым жигиттин кумарлуу өткүр көзүн Бурулдун бөбөгүнүн тоюнда айнектен көргөндө жүрөгүм солк дей түшкөн болучу. Анда мен Майрамбек менен өз тагдырымдын минтип чиеленишерин кайдан билдим. Дагы канча жол жүргөнүбүздү билбейм. Майрамбек мени кучактай калды.

– Махабат!

Ойдон чочуп, эки жагымды карасам машина токтоп туруптур.

– Жеттикпи?

– Өтүп кеттик.

– Койчу. Эмне үчүн?

– Эмне үчүн экенин өзүм да билбейм.

Алды жагымды карасам курортко чукулдап калыптырбыз.

– Кайра тарт десең кайра тартайын. Сен эле билчи, эмне кылайын? Баары бир Айдар сени торуна түшүрбөй койбойт.

Айдарды ойлогон да, андан корккон да жокмун. Менин көңүлүмдү удургутуп турган катуу бороон Эламан жездем болду. Ушактан жүрөгүм бөксөрүп, ичим эңшерилип турду. Аларды ойлогон сайын кайрылып эже-жездем менен беттешким келбейт. Алдыга койгон бардык пландарым, максатым да астым-үстүм түшүп Майрамбектин жанында быркырап баратты.

– Кайра окууга жибересиңби? – дедим муунуп. Жигит колумду кош колдоп кармады.

– Калп айтсам ачык асман, аскалуу тоо урсун. Эртең эле кайра...

– Коё турчу Майрамбек, ушунтип жылаңбаш, жылаңаяк барамбы? Эртеңкиге калтырсак эмне болот. Дагы бир сыйра кабыргам менен кеңешип көрейүн. Баары бир мен сендик болмок болбодумбу.

– Жок жаным, аның шылтоого жатпайт. Кабырган менен эмнени кеңешет элең? Макул деп койчу эми.

Экөөбүз бири-бирибизди Лайли менен Мажнундай болуп жүрүп табышпадык беле. Санаамды биротоло тындырчы, жаным. Суранам сенден.

Көздөрүм, алаңдап, менден жооп күтүп, колумду кыса кармап маңдайымда турган Майрамбекти чочулай тиктедим.

– Эмне мынчалык жалдырайсың? Кана, ойлонуп бүттүңбү?

– Толук жыйынтыкка келе албай жатам Макен. Сыягы туура эмес жолго түшүп кеткен окшойм. – Кош колдоп башымды кыса кармадым.

– Антпечи. Бардыгын тобокелге салып койчу. Сени көрсө энем да, бир туугандарым да сүйүнөт. Эл да кубанат. Ишенип койчу мага. Бардыгы жайында болот. Кана, кеттикпи Махабат!

Эламан жездем жөнүндө чыккан сөздү кайра эстегенде кайратыма келе түштүм.

– Болуптур, айдай бер. – Көзүм жашылданды. Майрамбек мени бооруна сыга кучактап өөп-өөп алды. Калтаарыды.

– Ыйлабагын ээ?

– Эмнеге ыйлайм? Күч менен бараткан жокмун да...

Капчыгайды өрдөй бергенибизде эми эле так төбөдө турган күн бир заматта кечтегенсип, батыш тараптагы бийик зоокага жетээр-жетпес болуп, тоо койнун ала көлөкө каптады. Эки тоонун ортосундагы кууш капчыгайды как жарып Жети-Өгүз суусу күрпүлдөйт. Тоо боорунан жарышып аккан көк кашка мөлтүр булактар туш-тараптан шылдырап күн нуруна чагылышат. Машинанын ачык терезесинен айланага көз чаптырдым. Көйкөлгөн көк туланды кучактап үстөмөндөп жаткым келет. Айдагандай жыш өскөн кызгалдактар, жапайы розалар, сан түркүн гүлдөр делебемди козгоп көзүмдү кызартат. Ох, эмне деген сулуулук. Тигил карагайлар канча жашты жашап, канча жылдан бери көөнөрбөй ушинтип асман мелжип турушат болду экен. Кудая

тобо, карасаң, төбөгө кулап түшүүчүдөй салаңдаган ушул үйдөй таштар кантип кана омкорулуп кетпей аска менен аска болуп бири-бирине жармашып турат?

Капчыгайдан кантип суурулуп чыкканыбызды да билбей калыптырмын. Алдыбыздан мелтиреген түз талаа созулуп сала берди. Азыр эле өңгүл-дөңгүл тартып, машинанын дөңгөлөктөрүн улам ыргыта өкчөп жаткан таштуу жол көк жашыл тартып ыргалган гүлдүү тулаң менен алмашты. Көк жайыкка жеткенибизде күндүн танабын бирөө артка тартып жылдыргансып кайра баштан табактай болуп ачык асмандын ортосунда балбылдай түштү. Алдыбызда жуушап жаткан койлор дыр дей түшүп басылды.

Бул жердеги боз үйлөр чачкын экен. Бир короо менен бир короонун ортосу кеминде бир чакырым келе турган. Машина түз эле алты канат ак үйдүн жанына чукул келип токтоду. Мотордун үнүн уккан иттер абалап алдыбыздан тозо чуркашты. Алардын артынан толгон балдар көрүндү. Жүрөгүм жарылып кетчүдөй дүкүлдөйт. Эки жагымды элеңдей карайм. Мамыда байланып турган чабдар бышты биз тарапты карап окуранып койду. Көзүмө боз үйдүн көлөкөсүндө жаткан ак улак чалдыкты. Койдун кыгы аралаш малдын жыты мурунду өрдөйт.

Майрамбек мени машинада калтырып үйүн көздөй арыш керди. Арадан көп убакыт өтпөй орто жашап калган аял машинаны көздөй бир кичирээк ак табакты көтөрүп бети менен жыгылчуудай болуп элтендей басып жүгүрүп келатты.

Эне мени көрүп ыйлап жиберди. Эмне кыларымды билбей калдым. Энесинин артынан келген Майрамбек машинанын эшигин ачты.

– Балакетиңди алайын, балакетиңди алайын. Үйдө келин-кесек да жок эмес беле. Бери чык, секет кетейин. Олда каралдым ай, мурдараак келинчек алып келериңди айтып койсоң эмне. – Кубанычтан жүзү жаркып, көздөрү бактылуу күлүңдөп турган уулуна карады.

– Ийне-жиптен жаңы ак кыжымы жоолукту колтугуна кысып, колуна конфет менен печенье салган табагын калтырай кармайт. Аял табагын жанында турган тестиер кызга кармата коюп колтугундагы жоолугун башыма салды.

– Ак жоолугуң башыңдан түшпөй сүйгөнүң менен тең кары кулунум. – Мойнумдан кош колдой кучактап өптү. – Мейнетиңди алайын, Макениме окшоп тартайган неме тура.

Эне менин жылаң баш, жылаңаяк байпаксыз келгенимди да эрөөн алган жок. Ал тигил кызынын колундагы табакты алып конфет менен печеньени мени көздөй чачып жатты.

Майрамбекти карасам энеси экөөбүзгө алмай-телмей карап туруптур. Менин көзүмө көзү урунуша түшкөндө күлүп жиберди.

Биздин жаныбызга жетип келген бир аял Майрамбектин энесин капталга нукуду.

– И-и катыгүн, күйөөгө качканды билген кыз бутуна байпак, башына жоолук, карындан май алуучудай шымаланбай жеңи узунураак көйнөк, үстүнө чапан кийип келбейби?..

Эне аялды алая карады.

– Сенден кийим сурап жаткаң киши барбы? Какшанбай ары турчу кагылайын. Ушул жаман кыздын кабарын мурун эле угуп жүрүүчүмүн.

Кудай колума чын тийгиздиби деп көргөн көзүмө ишенбей дел болуп жатсам байпак менен жоолукту кеп урат. – Эне менден кийин өз уулун өптү.– Рахмат сага балам. Колуктуң өзүңө кут болсун. Бактылуу болгула балдарым.

– Ой мен ата-бабанын салтын айтып жатам. Анын эмнесине куйкаң курушуп кетти. Мага десең түбөлүккө жылаңач кой.

Бизди үйгө чала-була киргизип коюп Сыпайы эне эшикке чыгып, кимдир бирөөлөргө кыйкырып жатты.

– О-о-у-й, келгиле, келгиле биздикине. Батыраак. А-а-й Жаңыл, аркы биздин балдарга сүйүнчү айтып кой. Макен колукту алып келди...

Эне жүктү алып ыргытып сандыгынын оозун ача албай жанында тургандарга күчөнө сүйлөйт.

– Ой айланайындар, ачкылачы мына бул самыран болгон сандыкты. Жабышып калганбы дейм. – Ачкычын ары-бери бурап, өзү менен өзү урушат...

Үйдө чарк көпөлөк айланып казан-аяк менен алек болуп жүргөн энесин Туратбек чакырып чыгып кетти. Аял кайра бир далайда кирди. Чач мончогун шылдырата басып келип, мен олтурган көшөгөнүн бир жагын жыя кармап, маңдайыма жүйүртө басты.

– Астыңа кетейин каралдым, сенин бул жакка кеткениңди эч ким билген эмес тура. Шаардан Батыш менен Эламан, айылдан ата-энең жок издеп калабы деп, бирэки киши барып келсе деп жатабыз. Окуусун бүтө эле кызыбызды алып кетти деп чыр-чатак чыгарышпаса эле болду го. Сен кандай дейсиң?

– Эмнеге чатак чыгарышсын. Кандай кабар берерди өзүңөр билесиңер да.

Аңгыча боз үйдүн түрүлүү турган эшигинен кайын агам Кадыркул менен Акылбек көрүндү. Энем колуна кармап турган көшөгөнү коё берип, ордунан турду.

– Келинден акыл болобу десем.

Аялдын сөзүн башкарма бөлдү.

– Олда жеңеке ай, ал баладан кандай кеп, кандай акыл чыксын, Кадыркул экөөбүз Элеман менен Батышка барып келели. Канча кылса Элекемдин кайын журту эмеспи. Алар менен сүйлөшөлү, кеңешели. Эмне дешээр экен?

– Баланын окуусу да болуп калды. Балким кызын жок издешип жатышкандыр. Бардык күчүңөрдү, бардык акылыңарды сала көргүлө. Окуусунан калтырбайбыз деп айткыла. Тиги эжелерине да дилгирем ура келгиле.

Ошентип Кадыркул менен Акылбек агалар шаарга

жөнөп кетишти. Менин күйөөгө кеткенимди эжемдер угуша элек экен. Үйүндө деп ойлоп жатышыптыр. Ойдо жок жерден күйөөгө, болгондо да Майрамбекке качып кеткенимдин аныгына көздөрү жетпей, ишенбей экөө бирдей дел болуп калышты дейт. Ошентип олтуруп Эламан жездемди өздөрү менен бирге алышып бул жактан баргандар биздин айылга жеткенде түз эле Бердалы абамдыкын көздөй бурулушуптур. Атамды машина жиберип талаада комбайн чаап жүргөн жеринен алдырып келген көрүнөт. Мурун-кийин таанып билбесе да Жайнак келатат болуп калганда Акылбек менен Кадыркул экөө бирдей орундарынан учуп туруп, атамдын алдынан утурлай басышыптыр.

– Кулдугубуз бар Жайнак аба!

– Эмне кулдук?! – Эч нерсеге түшүнбөгөн атам селейип туруп калган имиш. Менин Майрамбекке турмушка чыкканымды айтышканда бир чай кайнам башын жерге салып дудук болуп калыптыр. Ортодогу тынчтыкты Бердалы бузуп, агасына минтип айткан экен.

– Эмне салаңдайсың? Же күйөөгө качкан жалгыз сенин кызыңбы?

Атам бир кезде эч нерсе укпаган кереӊ адамдан бетер башын зорго көтөрдү дейт.

– А-таң-дын к-ө-р-ү-ү, кыз деген ушул экен го. Силер Мыкатты Майрамбек деген чабан балага качып кетиптир деп жатасыңар. Болору болуп боёгу канган тура. Эси жок эмес, эси бар балам эле. Кандайча мындай иш болуп кеткенине көзүм жетпей олтурат. Өз каалоосу менен барыптыр деп жатасыңар. Э катыгүн кудай, өзгө болсо да Турсунай экөө бир үйдө чоңоюшпады беле. Бир тууганга окшоп бири-бирине өлөк-жөлөк дечү эмес белем. Эжеси күйөөгө кете электе, сиӊдиси кетет деген кайсы элдин мыйзамында бар. Өзүңөр эле калыс боло койгулачы балдар. Аныйпа укса намысынан тирүүлөй өлөт тура.

Бердалы абам агасынын сөзүнө ачуусу келип минтиптир:

– Ушул да сөз болдубу. Андай болсо Турсунай күйөөгө беш жылда кетсе беш жылга, он жылда кетсе он жылга күйөөгө барбайсың деп катыныңдан корксоң, Махабатты кайра алып келели анда. Ушуга макулсуңбу?

Атам чочуп кетиптир.

– Кайра алып келген эмнеси?

Атам калчылдап өң-даалаттан кетип туруптур. Акылбек сөзгө аралашыптыр.

– Кеңешип кескен бармак оорубайт дейт Жайнак аба. Өзүңүз менен кеңешели деп ууруларча түн жамынып келип олтурабыз. Оюңуз менен бололу. Балдар бири-бирин сүйүн үйлөнүп жатса кыянаттык кыласызбы? Мындан ары эмне кылалы? Күйөө балаңыз азыркы шарт боюнча ата-энемди чакырып комсомол тоюн өткөрөм деп камынып жатат.

– Камынса камына берсин. Бирок, мен үчүн убара болбосун, айтып койгула экөөнө. Бир айтарым кызым окуусун таштабасын.

Ачуусуна чыдабай муруту сербейип өң-даалаттан кетип, таноолору кыпчылып олтурган атамдын көңүлүн кандайча кылып тындырууну билбей Акылбек агай мындай дептир.

– Махабаттай кызды тарбиялап өстүргөн ата-энеге ыраазыбыз. Бирок, эжесинен мурда кетти деп балаңызды күнөөлөп олтурасыз. Менимче бул шылтоо эмес. Улуусунан мурда кичүүсү колукту албасын, кыздар күйөөгө чыкпасын деген кантип болсун. Майрамбекке колукту болуп баруудан Махабат жаңылган жок. Жакшы жерге, жакшы күйөөгө туш болду. Өзүңүз деле Махабаттын энесине кызыл кыргын, кара сүргүн менеп баш кошкон турбайсызбы. Эки жаштын тунгуч сүйүүсүнөн бүткөн балабыз деп кызыңыздын атын өзүңүз Махабат деп койгон экенсиз. Же жалганбы? Багына каршы чыгып

олтурганыңыздын себебине түшүнбөй олтурабыз аксакал. Балдарга эмне деп жооп айтып баралы.

Атам дасторкондун четин бир далайга кармалап үнсүз олтургандан кийин ээгин көтөрүп, күндө калган эски бөздөй болуп каны качкан жүзүн олтургандарга буруп оозун бүлк эттириптир:

– Айта турган сөзүм, бере турган жообум түгөнүп башыма түн түшүп турганын өзүмдөн, аялымдан башка эч ким билбейт. Ойлонуп көрөйүн. Ары кетсе он күн, бери кетсе бир жумада мына бул Бердалы менен Ажаркандан жообун айтайын. Болсо-болгонун, болбосо болбогонун угарсыңар…

Атама баргандар ушуну айтып келишти. Атамдын эмне үчүн баргандарды капа кылып узатканына түшүнүгүм жетпеди. Майрамбекти койчу деп чанабы? Он күнгө чейин ким менен кеңешет болду экен? Кызык. Күйөөгө кеттиң деп балалыктан кечип кетеби? Же эрден чыгарып алам дейби? Ушундай санааларды ойлой берип башым маң болду. Эмне үчүн Турсунайдан мурда күйөөгө кеткенимди күнөөлөйт? Атам да акылынан адашкан экен деп ойлойм. Чын чынына келгенде айлам кетип калды. Мага сыр беришпегени менен Майрамбек да, кайын энем да капа. Айтор биздин үйдө кабагы ачык, көңүлү куунак жүргөн киши жок сыяктуу. Бардыгы мени алдашат, мени сооротушат.

А Майрамбек болсо жалынып-жалбарып, өөп-жыттагандан башка мага берери жоктой. Үйдө турганда имерчиктеп жанымдан чыкпайт. Үйдөгүлөрдөн жазгырып кандай кысталыш мезгил болсо да бир өөп алмайын кумары таркабайт.

– Жүрөгүм жүрөгүң менен, боорум бооруң менен чогуу бүтүп калса керек. Көргөн сайын көргүм, өпкөн сайын өпкүм келет да турат. Чын ашыктар баш кошушпайт дешет экен. А экөөбүз кантип табышып калдык ыя Махабат! Атың да Махабат, өзүң да Махабатсың, – дейт Майрамбек.

Күйөөм жанымда турганда өзүмдү телегейи тегиз, өмүрүндө кемчилик көрбегөн толтура адамдай сезем. Кайын энем биз уктап жатканда ойготпостон койлорду кээде өзү чыгарып кетет. Анан калса Майрамбек экөөбүздүн оңойлук менен сөзүбүз бүтүп, сүйүүбүз таркар эмес.

Кайын энем бир күнү эртең менен койлорун короодон чыгарып, үйдөн эчак алыстап тоо таянып кеткен уулунун караанын эмне үчүндүр кадала тиктеп турганын көрүп ууртумдан жылмайып койдум. Эмне ойлоп турат болду экен? Же баласын малдын артынан жүрүп куурады дейби, дедим газ толтурулган баллонду боз үйдүн босогосунан ичкери тоголотуп баратып. Кайын энемдин үнү артымдан ээрчий кирди.

– Э, Махабат!

– Ии. – Түзөлүп тура калдым.

– Тигил Макендин көзү койдо эмес эле үйдө болуп баратат. Барчы балам, сенин жасаганыңды мен деле жасайм. Күйөөңдүн кой жайган жерин кошо барып көрүп кел.

Айталбай турган сөздү угуп сүйүнүп кеттим. Майрамбектин артынан жемперимди колума кармаган бойдон үйдөн жүгүрүп чыктым. Бир заматта өр таяна бердим. Күйүккөнүмө карабай учуп келаттым. Демим көөдөнүмө батпай жүрөгүм дик-дик согот. Барган сайын тоолор да, жолдор да бийиктегенсип чарчай баштадым. Маңдайымдан тер чыпылдайт. Койлор жайылып бараткан белести карап токтодум.

– Майрам-б-э-э-к! Май-рам-бээ-э-к!

Күйөөм турнабайды көзүнө салып мен тарапты аң-таң болуп карап турганын билдим. Эмне болуп кетти деп чочулайбы, бир орундан жылбайт. Анан мени чакырыш колун булгалай баштады.

– Ма-ха-бб-а-а-т! Ма-ха-бб-а-а-т! Майрамбектин үнүн туурагансып капчыгайлардын ичи да «Ма-ха-бб-а-а-т! Ма-ха-бба-а-т» деп кошо жаңырат. Ал мени көздөй, мен аны көздөй жүгүрөм.

Жайдын толуп турган кезиндеги жайлоонун көркү кандай болду экен деп ойлойм. Чөп-чардын өзөгү катайын деп, эрте ачылган гүлдөр күбүлүп, кеч ачылуучулары чанагын жаңы жарып жапайы розалардын кээ бир гүлсүз жалбырактары болбосо, бул мезгил да өзүнчө кооз, өзүнчө март. Көзүмө бул жердин суусу эмес ташына чейин сүйүү болуп көрүнөт. Айланадан кандайдыр бир жагымдуу жыт келип мурунду өрдөйт. Көрсө кумкайрак таштуу жерге өскөн, кар бир түшкөнчө жапжашыл бойдон жашаган «Аркар от» деген майда жалбырактуу жыттуу чөп болот экен. Ошондон тутамына толтура терип келген күйөөм:

– Жыттачы, сенин жытыңа окшоп кетет. – Мурдума жакындатты.

– Бах, сонун экен. – Кайра-кайра шуу-шуу жыттайм. Экөөбүз көптөн бери көрүшпөгөнсүп кайра баштан кучакташабыз, кайра баштан өбүшөбүз. Болор-болбос кыярып бараткан жашыл тукабага окшогон бетегенин үстүндө сулк жаткан мени бооруна сыга кучактаган күйөөм эки эмчегимдин ортосунан кумарлана жыттайт.

– Сүйүү адамды жашартып, өмүрүн өмүргө улап турат деп айткан экен бир акылман. Кандай туура айтылган сөз а. Мен сени менен бактылуумун жаным!!

– Мен дагы, Макен!...

Анын чачтарын кош салаалап артын көздөй тарайм. Майрамбектин алдында ар дайым Батыш эжем сыяктуу назик да, абийирдүү да болгум келет. Ушинтип бардык ишке, ысылуу-суукка бел байлатып, тобокелге салып турган Майрамбек экөөбүздүн ортобуздагы балтыркан сүйүү. Качып кеткенимди уккандын эртеси биринчи болуп келген Батыш эжем. Өзүбүздүн үйдөн Ажаркандан башка киши каттай элек.

Акылбектер баргандын эртеси атам эч кимге айтпай, кайдадыр бир жакка кеткен бойдон келе элек деген. Энеме кимдир бирөө менин Майрамбекке качып кетке-

нимди айтып коюптур. Ошондон тартып кабагы карыш түшүп, жоодон жеңилип, душмандын торуна түшкөн туткундан бетер тилсиз олтуруп калган имиш. Мен буга чейин энемди кишиден жеңилет экен деп ойлогон эмес болучумун. Азыр да энем жөнүндө, Турсунай жөнүндө ойлоп, журөгүм сыздап турду.

– Асканын башын алая тиктеп эмне мынчалык ойлонуп кеттиң? – Башын тиземе коюп чалкасынан жаткан Майрамбек колумдан кыса кармап жүзүмө жоодурай тигилди.

– Эчтеке!– Чекесинен сыладым.

Экөөбүз тең ордубуздан турдук. Алды жуушай баштаган койлорду сууну көздөй имердик. Жезбилек ушуну эле күтүп тургансып койлорду өзөндү көздөй күргүчтөтүп айдап жөнөдү.

– Жезбилек! – Майрамбек кыйкырып жиберди. Ээсинин ачуулу үнү чыкканда куйругун шыйпаңдатып келип бир жалпак таштын үстүнө чочоюп олтуруп калды. – Чоң тойгон койлорду эмнеге үркүтүп жатасың? Өрөпкүтпөй акырын айда. Угуп жатасыңбы? – Сөөмөйүн кезеди.

Жезбилек кулагын тикчийтип Майрамбекти бир демге тиктеп туруп жаагын кере ачып каңшылаган болуп таштын бетин алдыңкы эки буту менен тырмап койду.

– Жөнө, кокустан койлорго ит-куш кабылып калбасын. Суу ичип жатканда шаштырбай алыстан көзөмөлдөп тур, кана ичишсин. Мына биз да артыңдан кеттик.

Ит ордунан боюн кере козголду. Артын жалтаңдай караган дөбөт мурункудай чагарактабастан куйругун булгалап бөрү желишке салып койлордун артынан кетип баратты.

– Итиң акылдуу ит экен ээ, – дедим Жезбилектен көзүмдү албай.

– Буга тапшырма гана керек. Айтып койсоң короосу менен койду жайытка өзү айдап барып, кечинде кайра айдап келет. Бирок, иттин иши ит да. Ар дайым мени менен ысык-суукту бирге көрөт. Көзүн ача элек кезинде

окуудан тарап жайлоого кетип баратып бадалдын түбүнөн таап алгамын. Ошондон бери достугубуз бекем.

Жезбилек бизден узап баратып, шоңшоюп олтуруп калды. Ой тараптын абасын тумшугун көтөрүп, мурдун кыймылдатып искеп-искеп алып борс этип койду.

– Бирөө келатат деп жатат окшойт. Кана көрөлүчү! Майрамбек асынып жүргөн дүрбүсүнүн боосун оңдоп көзүнө кармады.

– Мына, айтпадым беле, Болотбек келаткан тура.

– Берчи мен да көрөйүн. – Майрамбектин кармап турган дүрбүсүн алмакчы болуп, боосунан кармадым. Ал турнабайды мойнунан чыгарып мага сунду.

Карагайлуу капчыгай, жалама зоолор бет алдыма келди. Төмөнкү кыяда карагердин оозун жыя кармап шайбырлай бастырган жаш улан үзөнгүсүн чирене теминет. Жогорку бетте кара комоктой болуп бир үйүр жылкы жайылып жүрөт. Сүмбөдөй болгон эки бышты моюн алышып жалдарынын түбүнөн жытташат. Анын бери жагында жүнү жерге тийген топоздор тобу менен асканы көздөй чубап баратат. Кимдир бирөө киши бою келген жаш балаты менен катар өскөн калың түп четиндин ортосунда атын оңдоп токунуп жатканы көрүнөт. Алыста-алыста укуругун сүйрөткөн бирөө салган бойдон тигил жылкылардын туура тушунан чыга келди.

Жаратылыштын сулуулугуна тойбой айланага кыдырата көз чаптырам. Эмне деген ажайып жер деп ойлодум. Эгер мен художник болсом ушунун баарын өзүндөй кылып кагаз бетине түшүрө алар белем. Адам! Жаратылыш! Жайылган төрт түлүк! Жомокто айтылып жүрүүчү бейиштин өзү. Ооба, бейиштин өзү. Адам баласынын сүрөттөөгө сөзү жетпей турган ушул сыяктуу ажайып жерди мекендеп жүргөн кишинин да арманы болор ээ. Садагаң кетейин кыргыз жергеси ай. Карасаң Макен.

Майрамбек сулуулуктан өзүн бөлө албай менсинип тургансыйт.

«Жылкычынын» күүсүн ышкырыкка салып сыбызгыдай толкуган үн туура жагыбыздан угулду. Дүрбүнү көзүмдөн жулуп алып ошол жакты жалт карадым. Болотбек бизге жакын келип калыптыр. Ал Кадыркул аганын баласы болучу. Бизди чакырып келиптир. Койго аны таштап, Майрамбек экөөбүз үйдү көздөй бет алдык. Койду такай жөө жаят экен. Кол кармашып алып эңкейиште жүгүрүп келаттык. Түзгө түшүп боз үйлөр көрүнгөндө жоолугумду салынып, Майрамбектин колундагы жемперимди алып кийдим. Биз жакындаганда энем алдыбыздан утурлай басты.

– Ажаркан кудагый келди.

– Ким менен келиптир, өзү эле бекен? Майрамбек энесинин далысына жабышкан чөптү алгандан кийин, жоолугунан чыгып турган саамай чачын колу менен ары киргизди.

– Мыкаттын инилери дейт, жанында эки бала бар. Асан менен Үсөндүн келгенин укканда сүйүнүп кеттим. Кантип жиберди экен деп ойлодум энем жөнүндө. Биздин дабышыбызды уккан бөбөктөрүм үйдөн октой атып чыгышты. Үчөөбүз кучакташып калдык... Үйгө кирип жеңем менен учурашып болуп, атамды сурадым.

– Акем кечээ келди, Фрунзедеги кызыныкына барыптыр.

Кызык. Турсунайдыкына эмнеге барды экен деп ойлодум. Майрамбек экөөбүз бири-бирибизди карадык.

– Акылдуу кишиге айла жок экен Сыпайы кудагый. Менин кайын агам телегейди тең санаган теңиз киши. (Атам жашына жетпей алжый баштаган экен деп ойлодум. Он күндө жооп берем дегени Турсунай менен кеңешейин дегени го. Мунун эмнеси акылдуулук, теңиздиги кайсы?). – Эл орунга олтура ушул жерден түшкөн такси менен түз эле Турсунайдын үйүнө барып түштүм дейт. Ошол күнү кызынын кубанычы чоң экен. Кечки университетке кабыл алыныптыр. Атаң өз оозу менен айтып олтурду бизге.

«Ойдо жок жерден мени көргөн Турсунай «А-та-к-е-е!» деп бир бакырып алып кучактап жыгылды. Алда ыйлады, мен да ыйладым. Экөөбүз тең ыйладык. Жакшы эле бек элем, кандай жашык болуп кеткенимди билбейм, өзүмдү не кармай алайын.

Бир заматта алдыма дүйүм тамакты төгүп салды. Үстүмө үйрүлүп түшүп чарк көпөлөк айланат. Тамак үстүндө бир суу жоолукту астыма жаап, бир суу жоолукту жаныма койду. Атайын эле кагылып адам болуп калыптыр. Мен аны мындай болот экен деп эч ойлогон эмес элем. Тез өзгөрүп кеткен экен. Тамак ичип бүткөндөн кийин экөөбүз көпкө сүйлөшүп олтурдук. Атайлап барган жумушум Махабат жөнүндө болсо да, оозума ал жөнүндө сөз кирбеди. «Мыкат кайда ата? Дени сак жакшы жүрөбү?» деп Турсунай өзү сурады.

Эмне деп жооп беремимди ойлонуп бир аз олтургандан кийин минтип айттым.

– Махабат куруп кетсин, күйөөгө качып кетиптир.

– Күйөөгө дейсизби? – Шалдая түштү. – Кап, жок дегенде окуусун бүтүп алып чыкпай шашып кеткен экен. Кантебиз, бактылуу болсун.

– Ой, ошонун багы менен жерге кирсин. Ал бактылуу болгондо канча кишини жан сактатат эле.

– Деги дайынын ашыңызчы, кайда кетиптир?

– Майрамбек деген койчуга.

– Ыя? Чын эле ошого кетиптирби? Турсунайдын башы шылк дей түштү. Жүзүнө тик багып карай албай турдум. Ал бир топтон кийин башын көтөрдү.

– Болуптур ата, барса жакшы болуптур. Майрамбекке кетерин мурун эле билгем.

(Сөз ушул жерге келгенде эч нерсеге түшүнбөй оозум ачылып калыптыр. Турсунай Майрамбекти кайдан таанып болду экен? – деген суроо чыкыйыма чыга түштү.)

– Билгем дейсиңби? Андай болгондо мурдарактан эмне үчүн айткан жок элең бизге?

– Эмне деп айтам, кызык сүйлөйсүз.

Үндөшпөй калдык. Бул жерге, Турсунайдын өзүнө эмне жумуш менен келгенимди унутуп калгандай алдымдагы лимон салынган чайдан көзүмдү албайм. Кызымдын үнү чыкканда кашым серпиле түштү.

– Орун салып койдум, жатып эс алыңыз. Калган сөздү эртең сүйлөшөлү.

Махабаттын жайын укканда мен Турсунайды мындай кабыл алат экен деп ойлогон эмесмин. Баякы камгактай учкан шайкелең бойдон го дечүмүн. Өкүрүп-кыйкырып төрт айламды түгөтөр бекен дегенмин. Бирок андай болгон жок. Керебеттин башы менен тең кылып керилтип төшөк салып, ак шейшепти жайып салыптыр. Кызымдын кайсы убакта жатып, кайсы убакта турганын да билбейм. Эртең менен турсам таң атпай тамак жасап жатыптыр.

– Жата турбай эмне үчүн эрте турдуңуз?

– Эртерек кетейин, мени узат балам. Кызымдын кабагы түйүлө түштү.

– Бүгүн эле кетип каласызбы? Эртең кетпейсизби?

– Болбойт айланайын. Колхоздо «кан күйүп» жаткан учур. Эч кимге айтпай да, суранбай да чыктым эле. Бул жакка кеткенимди башкалар эмес энең да билбейт. Бир жакка барып өлүп калган экен деп тополоң түшүп жатышпаса эле болду.

– Баса, эгин чабуу башталбадыбы? Аштыктын түшүмү кандай?

– Жакшы балам. Атаң алты метр узабай эле бункерди кызылга толтуруп алып, машина кичине кечиксе эле комбайндын гудогун озондото берет. Быйылкыдай түшүмдү өмүрүмдө көргөн эмесмин. Ташыганга шоферлордун шаасы жетпейт. Шаардан жардамга дагы машина келет деп жаткан. Кишиден машина көп. Тим эле кара таан. Бир эле комбайндын артында беш алты машина. Механизаторлордун суусун жутарга убактысы жок. Ушул абалды көрүп туруп шерменде болдум го.

Шартымды уккандан кийин кызым жумшарып калды. Ошол эле күнү эртең мененки тамактан кийин жолго чыкмак болдум. Махабат жөнүндөгү сөз түнкү боюнча жаңыртылбады. Эмне деп айтаарымды билбей ордумдан туруп баратып, стулдун четине кайра көчүк бастым. Турсунай ички үйдөн бир калың конвертти алып чыгып колума берди.

Майрамбектин энесинин эки көзү чекчейип жеңемди тиктеп турган. Ал ортодо болуп жаткан сөздү жактырбагандай колунда кармап турган чайын же ичпей же жерге койбой таңдана сурады:

– Кагылайын Ажаркан кудагый бизге башка айтар сөзүң жокпу? Келгенден бери эле Турсунай, Турсунай эле дейсиң. Ал эмне болгон Турсунайыңар эле. Ал кыздын Майрамбек менен Махабаттын турмушуна кийлигише турган кандай жөнү бар неме.

Мен Майрамбекти карадым. Эмне үчүндүр анын өңү бузулуп көздөрүнөн зил чачып турганын көрүп жүрөгүм дүпөйүл тартып бир нерседен шектенгендей бүткөн боюм жыйрыла түштү.

– Кудагый, – деди жеңем кайненеме тигиле, – баланын өзүн тууган менен анын кыял-жоругун кошо туубайт тура. Махабаттын энеси көз жумгандан кийин кайнагам ушул азыркы кудагыйыңарга үйлөнгөн. Турсунай ээрчите келген кызы эле.

– Ээрчите келгенин эчак эле укканбыз. Кудабыз улуу кызынан мурда кичүү кызым кетти деп баргандарга тыңгылыктуу жооп бербей узатса, эми сен анын үстүнө кат деген балакетти кошуп алыптырсың. Сөздү чоё бербей ошол олуя кызыңар жазган каттын жөн-жайын айтчы... И, Турсунай кат алып чыгып берди атасына. Анан эмне болду?..

Ажаркан сөзүн улады:

– Мен кудаңыздын сөзүн айтып жатам. Шашпаңыз, азыр баарына түшүнөсүз.

– Ушуну энеме алып барып бериңиз, – дептир кызы.

– Катпы? Эмне деп жаздың?

– Махабат жөнүндө эле ата!

– Махабат жөнүндө дейсиңби? Башын ийкеди.

Катты колума коомай кармап турдум. Эмне деп жазганын сурай албай дендароо болдум. Мени түшүнгөндөй Турсунай колума кармап турган катты кайра алып, костюмумдун топчулугун чечип, алиги катты ортосунан бир бүктөп теш чөнтөгүмө салды.

– Энеме айтыңыз, шашпай түшүнүп толук окусун... Үйгө жеткенче эси-дартымдын бары-жогу жанымдагы катта болду, – дейт атаң.

– Үсөндү жибергенинен Бердалы экөөбүз барсак ушулар жөнүндө айтканы чакыртышыптыр. Угуп алып аябай сүйүндүк. Бул жакка кетээрде столдун тартмасында турганынан муну окутайын деп чөнтөгүмө салып алдым эле. Турсунайдын катын окугандан бери энең баякы эне болбой момун болуп калды. Мен туйлаганым менен кызым кеңдик кылып кечирип жатса айлам барбы. Барып айтып кел, кечтим күнөөсүн. Келебиз дешсе келе беришсин деди. Атаң эртең менен жолго чыкканы жатсам биздикине келиптир. Жалгыз кызымды малга сатпасымды күйөө балам менен кудагыйым эсине алсын деп эскертти. Өз малым өзүмө, өз оокатым өзүмө жетет. Керек болсо менден алышсын. Шарттары келсе, кыйналып-кысталышпаса, келип, тели-теңтуштарын чакырып, ага-тууганга үйлөнүү салтын жасап кетишсин. Биз да камыналы, өздөрү да камынышсын. Ата-баланын да сеники-меникиси болобу. Мынча болбосо болот эле, болгондон кийин тапкан-ташынганым ошол экөөнүкү, – деди атаң. Сыягы энең экөө ушунтип кеңешишсе керек. Баса Турсунайдын каты мынакей, окучу Мыкат.

Мен катты алып, ичимден купуя окуй баштадым.

«Энеке, кандай жакшысыңбы? Ал-жайыңды атамдан уктум. Махабат жөнүндө капалуу экениңерди билдим. Эмесе мындай:

Ал экөөбүз бир үйдө жашап, бир казандан аш ичип, бир эненин көз алдында чоңойсок да, эки башка тарбияда, эки башка мамиленин алдында өстүк. Бул сөзүмдү кандай дейсиң энеке, же жалганбы? Мен билгенден Махабат оозу кубанып аш, ийни кубанып кийим, кулагы кубанар сөз уккан жок эле. Менден калганды ичип, менин эскимди кийип жүрүп эс тартты. Аны үй жумушка, түгөнбөгөн көр оокатка салып, түйшүктөн көзүн ачырган жоксуң. А мени болсо оюм менен ойнотуп, барган жагыма баргызып, конгон жериме кондуруп эрке талтаң кылдың. Анда мен сенин ошентип жүргөнүңдү акылдуулук катарында эсептептирмин. Ал кезде мен балалыгым менен ойлосом, сен чының менен эле Махабатты өспөөчүдөй, өзгөрбөөчүдөй, бактылуу болбоочудай ойлоп жүргөн окшобойсуңбу. Чынымды айтсам мен да сага окшоп ошондой болот экен деп жүрүптүрмүн.

Жалгыз кызымды эркин өстүрөм, эрке өстүрөм деп жүрүп багымды байлап, таалайымды тартып салганыңды балким али да болсо түшүнө элек чыгарсың. Чөптүн бүрүнөн башканы кийгизип, бөдөнөнүн сүтүнөн башканы ичирип чоңойтсом да кем акыл болуп калды деп мага доомат коюп жургөнүңдү кантип түшүнбөйүн. Айтор далай-далай эле иштер өтүп кетти. Кайсы бирин айтып түштөн кийин жакшы киши болуп олтурайын. Ошентсе да бир мисал келтирип кетким келет.

Анда үчүнчү класста окуп жүргөн, эне сүтү ооздон кете элек наристе кезибиз болучу. Сенин жаман көргөнүңдөн пайдаланып Махабатты жамандагым, сага тилдетким келди. Ал мектептен кичине кечигип калса эле «кайда калды?» деп сурарыңды билүүчүмүн. Анткени аны сенин бүтпөгөн оокатың күтүп туруучу да. «Махабат, кана?» дедиң ошол күнү да адатыңча. «Эне-ке! Үйгө жүрү десем болбой койду. Эркек балдар менен каналга барып сууга түшөмүн деп болбой кетип калды» десем болобу. Ошол айтканымды эми эстесем да төбө чачым тик турат. Мен

Махабатты ойлогондо ошолорду кошо ойлойм, бардыгын эстейм. Уялам. Сен ошондо эмне кылдың эле? Чын-төгүнүнө жеткен эмессиң. Жылаңачтап алып сууга салып өлөрчө сабагансың. Турсисин чечип алып башка-көзгө койгулагансың. Андан дагы догдурга алып барып тазалыгыңды текшертем деп наристелигине карабай маскаралагансың. Мен сен ошентип тилдеген сайын, урган сайын күлкүм чыгып, душманымдан өч алып жаткансып табалап тургамын. Энесин тарткан бузуку дечү эмес белең. Бирок, мен Махабаттын энеси жөнүндө ар дайым жакшы сөздү, мактоолорду угуучумун. Айылдаштары акыл карачач дешчү. Анан дагы эки сөзүңдүн, бирөө «сен төрүмө тууп кетпесең эле мурдумду туурасынан кесип берийин» болор эле. Мыкатка такыр ишенүүчү эмессиң. Ал эми мага болсо кудайдай сыйынып, курандай ишене тургансың. Мен бойго жеткен кезде да баскан-турганыма, жүрүш-турушума башка энелерге окшоп көз салбадың. Көрсө сенин энелик кыраакылыгың, энелик тажрыйбаң тайкы турбайбы. Келечекке карай туура багыт берүүнү билген эмес экенсиң. Сага окшоп кызын кыздай, уулун уулдай тарбиялай билбеген энелердин күнөөсүнөн оор жер жүзүндө орчундуу кемчилик жок болсо керек деген жыйынтыкка келип, эрдимди кесе тиштейм.

Өткөндөгү ошол күндөр эсиңден чыга элек болсо керек эне. Теңтуштарыбызды, классташтарыбызды, айтор ким эле болбосун Махабат экөөбүздү ит өлө турган жерге вечерге чакырабы, туулган күнүн белгилейби, аны жибербей мага руксат берүүчү эмес белең. Мени ошентип жүрүп өзүң талкалап, өзүң бузуп алган турбайсыңбы. Ага шор тилеп, мага бак тилегениңди айтпасаң да билүүчүмүн. Кайда ошол бак, кайда ошол таалай!

Атам байкуш өз кызы Махабатты кандай көрсө, мени да ошондой ала-куласыз көрүүчү. Бирок, сен ал кишидей кең пейил, ак, адил боло албадың. Ырасын айтсам атасын тартып кызы да көлдөй кенен экен. Сени атам эчен жолу

кызына кылган мамилеңе чыдабай кетирем деп көгөргөндө, дагы эле кетирбей алып калган ушул эле Махабат эмес беле. Ал сенден көргөнүнүн көбүн жашырып атасына айтуучу эмес. Сен экөөбүздү кектегенин билесиңби деги? Ошон үчүн биз да аны кектешибиз керек эмес. Анын сага жакпаган бир кемчилиги бетке айткандыгы болучу. Мен азыр ошолордун бардыгын бирден талдап ойлоп олтурсам Махабат чынчыл экен. Көрсө ал адам турбайбы.

Чын сырымды мурда айтпасам да сага эми айтайын эне. Мен таякемдикине жатып институтка экзамен бергени келген кез. Күндөрдүн биринде эки жолдошу менен Майрамбек келип калса болобу. Жигиттер машинасын анда калтырып киного барабыз деп чыгып кетишти. Көңүлүмдө күтүүсүз жерден келип калган бул жигиттер менен киного чогуу барып келгим келип турду. Бирок алардын эч кимиси мени киного чакырышкан жок. Ойдо жок жерден шашып кийине баштадым.

– Сен кайда? – деди таякем алая карап.

– Махабатка! – Оозума ушул сөз кириптир. Бирок мен Махабатка эмес тигил жигиттердин аркасынан барганы жаткамын. Максатым Майрамбек менен таанышуу эле.

Көчөгө чыксам алар экинчи көчөгө жетип калыптыр. Түз эле «Ысык-Көл» кинотеатрын көздөй бурулушту... Кассада эл жокко эсе экен. Анткени билет да калбаптыр.

– Азыр эле үч жигит билет алып чыгышты го, – дедим көжөлүп.

– Алардын абонемонттик китепчелери бар экен бийкеч.

Тигилер байкап калышкан көрүнөт. Майрамбектин жанындагы жапалдаш бойлуу сары чийкил жигит кинотеатрдын теке маңдайындагы скамейкадан туруп менин жаныма басып келди.

– Сиздин киного келериңизди билбей калыптырбыз. Жанынан абономенттик китепчесин алып кассирге сунду. Биз киного чогуу кирип, үйгө чогуу келдик. Майрамбек үйгө кирбестен машинасын от алдыра баштады.

– Кетесиздерби? – дедим менин жанымда турган алиги мага билет алып берген жигитке.

– Эмне бизди кетиргиңиз келбей турабы? – деди жолдошунан мурда озунуп жооп берген Майрамбек машинанын терезесинен күлүмсүрөө менен. – Кааласаңыз келип-кетип сизди киного киргизип туруууга кудуретибиз жетет.

– Чын эле келесизби? – дедим ага жакындай берип.

– Бирок, мен жалгыз келе албасмын. Көрдүңүзбү, тигил экөөнү. Мага сөөмөйлөрүн кезеп жатышат. – Каткырып күлдү.

Майрамбек экинчи жолу келгенде шаарга жакын бир колхоз менен социалисттик мелдешти текшерүүчү комиссия менен келиптир. Бул жолу ал экөөбүз кадыр эсе эски тааныштардай сүйлөштүк. «Киного барып келели, андан кийин кетээрсиз» деп суранып туруп алдым. Ыргылжың болуп туруп макул болду. Кинотеатрдан чыгып түз эле үйдү көздөй келаттык, Ал да унчукпайт, мен да унчукпайм. Ичим бышып кетти.

– Майрамбек, сиз кимдир бирөөнү сүйүп көрдүңүз беле? – дедим.

Жигит мени жалт карады.

– Жок, эч кимди сүйүп көрө элекмин. А өзүңүзчү?

Мен жакындан бери бир жигитти сүйүп жүрөм. – Кыткылыктап күлүп Майрамбекти колтуктан алдым. Бирок, ал кандайдыр жыйрылгансып колумду өзүнөн акырын бошотту.

– Колтукташкандын шартын билесизби?

– Жок.

– Кыз жигитти колтуктаса, бул менин сүйгөн жарым деген маанини берет.

Уялганымдан колдорум шалдая түштү...

Арадан күндөр өтүп жатты. Күткөнүм Майрамбек.

– Жаның болсо жакшы жигитти колуңдан чыгарба, – дейт таженем бир жагынан сүрөп.

Майрамбек келген күнү экзаменден өтпөй калып маанайым пас, кабагым бүркөө болучу. Жигит кирери менен «чай коёюн» деген шылтоо менен тажеңем тышка чыгып кетти. Таякем да, балдар да үйдө жок болучу.

– Саламатпы Турсунай!

Мен тескери караган калыбымда учураштым.

– Сизге эмне болду? – Жаныма келип колумдан алды.
– Урмат салам айтты. «Саламат болсун» дедим түнөрүп.
– Тынччылыкпы? – Майрамбек жүзүмө эңиле карады. Мен ушуну эле күтүп тургансып Майрамбекти кучактай калып, башымды көкүрөгүнө коюп ыйлап жибердим.

– Экзаменден «кулап» калдым.

– Жаман болгон экен,– чачымдан сылады. Тажеңемдин үнү чыкканда Майрамбектен оолактай бердим.

– Эми эмне кыласыз? Даярдоо курсуна кириңиз...

– Эч жакка кирбейм да, окубайм да.

– Анда күйөөгө бар, – деди тажеңем Майрамбектен эмне сөз чыгар экен дегенсип.

– Жээн кызыңызды күйөө изде дегени турасызбы?
– Майрамбек күлдү.

– Окууга өтпөгөндөн кийин күйөөгө барсын, – деди да тажеңем үйдөн бир нерсе алып кайра чыкты.

– Турсунай, чабанга турмушка чыгасыңбы? Жеңең күйөөгө кетүүңүздү каалап жатыптыр. Эгер макул болсоңуз жолдоштор менен келип машинага салабыз да кетебиз.

Менин жаман оюмда өзүн айтып жатат дептирмин.

– Чабан киши эмес бекен! – дедим күлүп.

– Келе колуңду – Майрамбек «сиз» дегенден түз эле «сен» дегенге өттү.

Экөөбүз кол алыштык. Ошол замат тажеңемди кыйкырдым.

– Та-же-ң-ее-е!

– Эмне болуп кетти кагылайын. – Кирип келди.

– Колубузду көрүп турасызбы?

– Көрүп турам. Эмнеге мелдешип жатасыңар?

– Сүйүнчү, мен чабан күйөөлүү болмок болдум. Таженем көргөн көзүнө ишенбегендей бизди алмак-салмак карайт.

Жигит колумду кыса кармап турган калыбында:

– Ала качканды каалайсыңбы же ата-энеңдин колунан узайсыңбы?

– Ата-энемдин колунан узайм де. Туугандан көп душман бар. Эл көзүнө көрүнүп коюш керек да.

Таженем албырып турду.

– Анда ата-энемдин колунан кетейин.

– Убада убада, койчуну чанбайсың да.

Майрамбектин көздөрү ойноктоп турду. Анда, ал эч кандай атак-даңкы чыга элек көп чабандын бир чабаны болучу.

– Чанбайм дедим чанбайм. Колубузду таженем ажыратты.

Сүйүнгөнүмдөн жүрөгүм жарылып кетүүчүдөй түрсүл согот.

– И-и баса, Турсунай, мына бул рецепти сага таштап кетейин. Аптекада бул дары азырынча жок экен. Экиүч күндө келип калыш керек деп айтышты. – Акчасын кошо сунду. – Мен келгенче унутпай алып койгун. – Анан таженеме карады. – Жээн кызыңызды ошентип күйөөгө узатмак да болдуңуз...

Таженем Майрамбектин колун кармады.

– Уулубуз Казакбай аскерге кеткенден кийин сени каттабайт го дечү элек. Рахмат кагылайын.

– Ал экөөбүз интернатта он жыл бир класста окуп, бир төшөктө жатып бой жеттик эле... Эми минтип куда башы болуп биздин айылга өзүңүз барганы жатасыз.

– Ал эми той качан болот? – деди таженем.

– Турсунай болсун деген күндү күтөбүз да жеңе...

Бул жаңылыкты силерге айтканы эртеси эле таженем айылга жөнөп кетти. А мен болсом күйөөгө кетмек болдум деп Махабатка барып «сүйүнчүлөдүм».

Тажеңем барганда, адегенде «чабанга бербейм» деп асман айдай түйүлүп барып келиниңдин мактоосу боюнча макул болгонуңду уккан жок белем. Күйөө баланы көрөм деп эки-үч курдай келип кезикпей кетпедиң беле.

Ошентип биздин, үйдө үйлөнүү тоюнун камы көрүлүп жатты. Ичиңе эчтеке жатпаган сен айылдын аяк-башына: «Кызымды колум менен күйөөгө узатканы жатам» деп жар салып жүргөнүңдү али унута элекмин эне.

Анан, баса менин колумду сурап качан кудалар келди эле. Бул дагы өз ичиңден чыккан сөз эле го.

Таякем түнкү сменге жумушка кеткен. Тажеңем сага жардам берип айылда болучу. Мен терезенин түбүндө көчөдөн көзүмдү албай ары-бери өткөн машиналарды карап, Майрамбек келип калабы деп күтүп олтургамын. Биздин дарбазаны, көздөй мала «Волганын» бурулганын көрүп эшикти көздөй жүгүрдүм. Машинадан жаңы түшүп жаткан Майрамбектин бет алдына барып тура калдым.

– Турсунай, күйөө келди, – деди ал жайдары.

– Күйөө келсе кыз даяр. – Тамашасына тамаша менен жооп бердим. Чарк көпөлөк айланып жолдошун үйгө баштап кирдим. Биздин артыбыздан келаткан экен деп ойлосом Майрамбек тышта калыптыр. Кайра жүгүрүп чыктым. Аны менен тышкы үйдөн беттеше түштүм. Ошол замат кош билегимди мойнуна артып көзүнөн өөп алдым.

Майрамбек селт дей түштү.

– Тигил жигитти эмнеге ээрчите келдиң?

– Сага күйөө болуучу чабан Урматты таанıбай калдыңбы? – деди Майрамбек мостоюп.

Уккан кулагыма ишенбей денем калтырап чыкты.

– Мен сени өзү алат деп... – оозума ушул сөз кириптир. – Ата-энем тойго камынып жатышпады беле.

Майрамбектин көздөрү алайып кетенчиктей баштады.

– Дениң соо кыз эмессиң го, мен сени качан алам дедим эле.

– Мен сени гана сүйөм.

– Кыз башың менен ушул сөздү кантип уялбай айтып жатасың. Эсиңе кел Турсунай. Урмат да жаман жигит эмес. Ал сени сүйгөндө да кандай сүйөт дейсиң. Анын бир кемчилиги кыздар менен сүйлөшө албаган мококтугу. Мен ошон үчүн чапкылап жүрсөм, а сен өзүм үчүн келип жүрөт деген турбайсыңбы. Бул сөздү экөөбүздөн башка киши укпасын. Өзүңөр сүйлөшүп, байкашып көргүлө.

– Байкап бүттүм. Жоголгула! – дедим кыйкырып.

Менин үнүмдөн берки мага күйөө болчу жигит үйдөн октой атып чыкты. Эки колум менен бетимди баскан бойдон жерге олтура калып өксөп жибердим. Майрамбектердин кетип баратканын билип турсам да ордумдан козголбой өпкө кагып жаттым...

Таженем келгенде болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып бердим. Бирок, сенин жаалыңдан коркуп ал да чындыкты өзүңө ачык айта алган жок. «Майрамбекти колхоз шашылыш Фрунзеге курска жиберди. Үйлөнүү тою Майрамбек келгенден кийин өтмөк болду» деп жалган сөз менен сенин жемеңден кутулдук. Алгач өзүң укканда «сасыган койчуга кызымдын этегин карматпайм» деп сен чанган Майрамбекке жар болууга татыктуу болбой калганымды ойлосом эмгиче от жутам.

Азыр ойлосом Майрамбекке барсам да, берки жолдошуна барсам да баары бир түбөлүктүү үй-бүлө боло алмак эмес экенмин. Канча айткан менен болобу, кыздын кыздай өскөнү, кыздын кыз бойдон күйөөгө барганы сүйүүнүн да, үй-бүлөнүн да данакери болучу неме окшобойбу. Тарбиялуу кыз менен тарбиясыз кыздын ким экендигине эми түшүнүп жүрөм. Майрамбекке болгон махабат оту жүрөгүмдөн али өчө элек. Ал сымбатына жараша акылдуу жигит болучу. Мен аны узак аралашып билбесем да сүйүп калган турбаймынбы. Майрамбек деген атты азыр эстесем да уктап жатсам умачтай көзүм ачылат. Деги кайсы арманды айтайын. Кыскасы сенин кызың эркеликке жеңдирип, «өзүн,

өзү билип, өтүгүн төргө илип» жүрүп гүлгүн кезинде күмүрөн болгон тура.

Сен мага эмгиче түшүнбөй, дагы эле болсо Майрамбекке барат деп түңүлбөй жүргөнүңдү атам келгенден кийин билдим.

Мен турмушка эми гана түшүнүп, өткөнгө эми өкүнүп жүргөн кезим. Бул жерде Махабаттын көзү жок. Ойлоп-ойлоп олтурсам ал кызга энелүү-бала – сен экөөбүз карыздар да, күнөөлүү да экенбиз го, энеке?!..

Махабат кызың Майрамбекке турмушка чыгууну менимче атайлап эле сага же мага карата кастык менен жасаган жок. Ал Майрамбекке жар болууга татыктуу кыз. Эгер кызың биздин жашыруун сырыбызды билип туруп ушул ишке барса жөнү бир башка эле. Бирок, ага кимибиз чындыкты айттык?!

Өгүнү Махабат Фрунзеге келгенде меймандар үйүнө чакырып мага кат жазып кетиптир. Ал күнү бошобой эртеси издеп чыктым. Кеч кирип калган эле. «Кыргызстан» мейманканасын көздөй тротуар менен ылдамдай басып баратсам алдымдан кыз-жигиттин сөөлөттөнө басып бараткандарын көрүп аягым өзүнөн өзү солгундай түштү. Экөө тең жаңы ачылган кызгалдакка окшоп биринен-бири өтүп шыңкыйышат. Жаштык илептери адамды жүрөккө урат. «Атаңдын көр-ү-ү, – дедим ичимден тынып, – мен эмне үчүн сүйүүнүн кадырын башкаларга окшоп баалай албадым. Эмне үчүн сүйгөнүм менен ушуларга окшоп жанаша басып сөөлөттөнө албадым. Башкалардан эмнем кем эле? Же кыз балага тиешелүү артыкчылыктар менде жокпу? Тигил экөөнө карегимди кадай берем. Ышкындай солкулдап турган кездери экен деймн. Бет алдынан өңдөрүн көргүм келет. Ылдамдай басып алардан өтүп кетмекчи болдум. Экөөнө улам жакындап жетээр-жетпес бараттым. Капысынан кулагыма кыздын үнү Махабаттыкына окшоп кетти. Сүйлөшкөн сөздөрү кулагыма чалдыкты. Өздөрү катышып

жаткан республикалык жаштардын слету жөнүндө сөз болуп бара жаткансыйт. Кубанычтан жүрөгүм алеп-желеп боло баштады. Ал чачын мурункусундай эле бир өрүп туруп артына бош таштап коюптур. Жанындагы жигитин көрүүгө мурдагыдан көбүрөөк дилгирлигим артып баратты. Мен алар менен катарлаша түштүм. Шыпылдай басып экөөнөн саал-паал узай түшүп кылчайдым. Дене боюм дүркүрөп, көздөрүм тумандай түштү. Кулагым дүңгүрөп, мээмдин ичине жел толуп кеткенсип шуулдап, чекем кысылып баратты. Махабаттын жанындагы жигит Майрамбек экенин дароо тааныдым. Буттарымдан жан кетип, тушаган тооктой болуп калдым. Алар мени байкабай калышты. Тротуардан кандай учуп чыкканымды билбейм, машинанын сигналынан селт эттим. Желдей учкан «Чайка» этегимди шуу коюп сылап өттү. Аңгыча кимдир бирөөнүн күчтүү колу далымдан чапчып ыргыткандай болду. Карасам жолдун жээгине чыга түшкөн экенмин. Машинанын алдында кала жаздаганымды эсимди жыйганда гана билдим...

Мен экөөнү ошондо көргөм. Махабат Майрамбекке турмушка чыгып кетээр бекен деп ойлогом. Бир-эки күнү санаадан кайра баштан нес болуп жүрдүм. Махабатты көргөндө да сыр билгизген эмесмин. Аны кетээрде да узаткан жокмун. Майрамбекти экинчи көрүүнү каалабадым...

Эл сени да, мени да, Махабатты да билет. Баарыбызга түшүнөт. Өгөйлүгүнөн дагы ич тарлык кылып жатат деген сөз болбосун. Сүйүү деген балакет тоодой тоскоолдук болсо да жүрөгү менен бузуп өтөт окшобойбу. Атамды капа кылбагын. Өзү да санааркап өңү өчүк болуп калыптыр. Менин күнөөмдү күнөө дебей кечирген сен, Макабатты да кечиришиң керек. Же мен Майрамбекке барып кайра ажырашып келдим беле? Келебиз дешсе келишсин, күтүп ал. Чакырса барып сыйын көргүлө. Бир кезде бир иш болуп кетти эле деп сап кармай берген жарабас. Ма-

хабатка акыркы жолу өз энесиндей болуп көрүүгө аракет кылып көргүн. Атамдын Асан, Үсөн менен Махабаттан башка эмнеси бар чынында. Баланын баркын өз балдарыңды ойлосоң деле биле тургансың.

Ошол эне. Өз ал-жайым болсо жаман эмес, иштеген болуп жүрөм. Коллективдин арасында аздыр-көптүр кадырым бар. Партиянын мүчөлүгүнө кандидаттыкка өтүүгө даярданып жатам. Бирге иштеген жолдоштор рекомендация беришти. Анан дагы ушул бешинчи күнү радиодон өз ишим, өз жолдошторум, өз фабрикам жөнүндө чыгып сүйлөймүн. Уксаң болот. Ой энекебайым, чапкан сайын көз чыкмак беле. Бөксөнүн толуусу да болор.

Өткөндөгү эркеликтер да, кемчиликтер да азыр мага сабак. Өз күнөөмдү иштеген жеримде адамкерчилигим менен, ак эмгегим менен жуусам экен деген гана жалгыз аракетим калды. Өгүнү бир жазган катыңда «Кайдакы бир Майрамбек деген өтү жарылган немени күтпөй, ылайыктуу неме болсо жалгыз жүрбөй турмуш күтүп алсаң жакшы болор эле» дептирсиң. Азырынча күйөө жөнүндө капарыма да, оюма да келе элек. Мен теңдүү кыздар эр дегендин эмне экендигин билбей даң салып бир жагынан иштеп, бир жагынан окуп жүрүшөт. Мен дагы ошол кыздарга окшоп билимдүү-илимдүү болууну каалайм. Эл алдында жүзүм жарык болсо экен дейм. Мен оңдонүп түз жолдон адашкандар бул чөйрөдө көрүнбөйт. Жашы да, карысы да турмушка акылдуулук менен алыстан кыраакы карашат экен.

Мен атамдан Махабаттын жайын алгач укканда Майрамбек менен Махабаттан, атамдан, эл-журттан уялганымдан бузулуп барып оңолдум. Сенин эми ал жерде кылар ишиң жоктой, сен ал үйдө ашык киши сыяктуу болуп көрүндүң. Бул жакка түн түнөтпөй көчүрүп алууну ойлоп кыялымда бузулуп турдум. Бирок, ал оюм да акылсыздык болуп чыкты. Кайра баштан ойлонууга туура келди. Мени сүйбөй койгон жигитке Махабат чыкты

деп ошентемби? Асан, Үсөн бар эмеспи. Алар да атасынан ажырап тирүүлөй жетим өсөбү. Эки бала эр жеткенде эмне дешет экөөбүздү. Жазыксыз наристелердин уясын бузуу шаар бузган менен бирдей эмеспи. Атама да боорум ооруду. Ал киши мени да балам деп бакпады беле. Балам экен дебесе ат арытып алыстан атайылап келеби. Бузулганды түзөйт, сынганды бүтөйт деп ойлоду го. Мага келбей койсо, айтпай койсо чаап алат белем.

Баякы өзүң көргөн, өзүң мактап кеткен кошуна аялга өзүм жөнүндө бардыгын айткам. Экөөбүз чогуу бир цехте иштейбиз дебедим беле. «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» дегендей, көптү көрүп, көптү билсең турмуштук жактан чоң тажрыйбасы бар эстүү киши экен. Жашы улуу болсо да жаныбыз курбу теңтуштай болуп калдык. Ыйлап жатсам сооротту, уктап жатсам ойготту дегендей, мага эмнелерди гана айтып, эмнелерди гана үйрөтпөдү дейсиң. Сенден укпаган акылман энелик кеп-кеңешти мен ошондон уктум. Бул жолу да Екатерина Башковская менен сырдашууга, андан кеңеш угууга туура келди. Бул катты андан келгенден кийин жазып олтурам. Ал аял сенден да, менден да Махабатты кечирүүбүздү өтүнөт. Сүйүү адамды андан да чоң күнөөлүү ишке кириптер кыла тургандыгын айтат. Сүйүүнү маскаралоого, аны күнөөлүү деп соттоого эч кимдин акысы жок, дейт Екатерина Башковская. Чындыгында эле Махабаттын эненин сүтүндөй ууз сүйүүсүнө уу болуп төгүлүшүбүз адамкерчиликке сыйбай турган иш экен. Ал эч кимдин турмушун бузуп, бирөөгө кыянаттык кылып жаткан жери жок да.

Коңшумдун айткан акылы, берген кеңеши өз оюма шайкеш келгенине аябай кубандым. Буга сен да кубанарсың. Эмесе, балдарың бактылуу болсун энеке.

*Кош. Кат жазган Турсунай».*

Катты окуп бүттүм. Көз жашым төгүлүп, жүрөгүмдөн бороон чыгып жаткансып, бир күчтүү куюн көөдөнүмдө удургуйт. Ал менден алда канча акылдуу болгон экен деп ойлодум. Эмгек, коллектив, турмуш, айлана-чөйрө аны кайрадан төрөп, кайрадан тарбиялап чыкканын билдим. Турсунайдын Майрамбекти сүйгөнүн окуп нес болдум. Мен эми атамдан да, энемден да, элден да уялбастан, жалгыз Турсунайдан уялып, Турсунайды аяп турдум. Экөөбүз кандай шартта кезигишээр экенбиз деп, кантеримди билбей өзүмдү жоготуп убайымга чөгүп бараттым...

Колумдан бошоп жерге түшкөн катка Майрамбек колун узатып келатты...

## МАЗМУНУ

ЗУУРА СООРОНБАЕВА ........................................ 3
САТИНА .......................................................... 7
АК ЧАЧ АЯЛ .................................................. 40
АСТРА ГҮЛҮ ................................................. 134
ЖЕТИМДЕР ................................................... 252
ЖАПАЙЫ РОЗАЛАР ...................................... 496

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

24-том

# ЗУУРА СООРОНБАЕВА

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөндөр: *Сардарбекова Э., Мусаева А.*
Тех. редактор: *Тилекматова Н.*
Корректорлор: *Сардарбекова Э., Мусаева А.*
Компьютердик калыпка салган *Өмүров Б.*

Терүүгө 04.02.17 берилди. Басууга 26.05.17 кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$.
Көлөмү 40 б.т. Нускасы 500.

"Кут-Бер" ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68